82.3(2=Ки)кыр
М 23



МАНАС

Тоголок Молдо – Байымбет Абдыракман уулунун вариантында

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«Манас» сериясы

МАНАС

Баатырдык эпос

ТОГОЛОК МОЛДО – БАЙЫМБЕТ АБДЫРАКМАН УУЛУНУН ВАРИАНТЫНДА

«Манас» үчилтигинин 1-бөлүгү 1-китеп

Академик Абдылдажан АКМАТАЛИЕВдин
жалпы редакциясы боюнча

Араб арибинен азыркы кыргыз тамгасына көчүргөн, компьютерге терген, китеп кылып түзгөн жана баш сөзүн, түшүндүрмөлөрүн жазган
Омор СООРОНОВ

«Турар»
Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)
М 23

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатынын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы (2014-ж., 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмтүнүн Токтомунун (2015-ж., 6-июнь, № 151 б.) негизинде жарык көрдү.

Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун
Окумуштуулар кеңешинин чечими менен сунушталды.

Редколлегия:

Акматалиев А. – башкы редактор
Жайнакова А.
Көлбаева М.К.
Кыдырбаева Р.З.
Сооронов О.

М 23 «МАНАС». Баатырдык эпос. «Манас» эпосунун биринчи бөлүгү: 1-китеп/ Т.Молдонун варианты б-ча бас. даяр. О.Сооронов. – Б.: Турар, 2017. – 744 б.

ISBN 978-9967-15-677-7

Жазма акын, жазма манасчы Тоголок Молдо (Байымбет Абдыракман уулу) өткөн кылымдын отузунчу жылдарынан өмүрүнүн аягына чейинки мезгилин «Манас» үчилтигин жазып, Академиянын Кол жазмалар фондусуна өткөрүүгө жумшаган. Улуу эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрүн жазууну 1934-жылдан 1941-жылдын 24-апрелине чейин улантып, 1942-жылы о дүйнөгө кете берген.

Улуу эпостун экинчи бөлүгү болгон «Семетейди» жазууда Тоголок Молдо өмүр бою топтогон ой-корутундуларын, поэтикалык кудуретин б.а. баардык таланын жумшаган. Ошондуктан «Манас» үчилтигинин 1958-1960-жылдар аралыгында жарык көргөн кыскартылып бириктирилген варианттын «Семетей» бөлүгүнө экинин бири катары пайдаланылган.

Бул басылышта улуу жазма манасчынын вариантындагы «Семетей» менен «Сейтек» баштан-аяк араб арибиндеги кол жазмадан азыркы тамгага көчүрүлүп, биринчи жолу толук бойдон жарыяланып атат.

М 4702300500–17

ISBN 978-9967-15-677-7

УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)

© Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2017.
© «Турар» басмасы, 2017.
© О. Сооронов, 2017

ЖАЗМА ВАРИАНТТЫН ЖАРЫККА ЧЫГЫШЫ

ТОГОЛОК МОЛДО – ЖАЗМА МАНАСЧЫ

Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталып турган «Манас» эпосунун жетимиштен ашык манасчыдан жазылып алынган тексттерин териштирип көргөндө, эпопеянын үч бөлүгү тең жазылып алынган манасчылардын ардактуу тизмесинде Тоголок Молдо (1860–1942) да бар. Бул кол жазмалар коруна («Манас» казынасына) зор салым кошкон манасчы катары өзгөчө баага татыктуу дегенди түшүндүрөт. Ошону менен катар Тоголок Молдо текстин өз колу менен жазган жазма манасчы катары да башкалардан айырмаланып турат.

«Жазма манасчы» дегенге (илимде мындай термин буга чейин болбогондуктан) айрымдар каршы болушары да мүмкүн. Мен муну Тоголок Молдого тиешелүү эпостун тексттерин жана ага байланышкан башка материалдардын баарын окуп чыккандан кийин колдонуп атам. Тоголок Молдонун жазма манасчылыгын китептен жаттап алганына карабастан, аянга шылтоолоп манасчы болуп калгансыгандарга, алар чыгарган китептерге чаташтырууга болбойт. Ошондой эле сөзгө алынып аткан жазма манасчынын варианты акын Кубанычбек Маликов тарабынан кыскартылып, бириктирилип түзүлүп, 1958-жылы жарыкка чыккан 2 томдуу «Манастын» үлгүсүндө бир нече манасчылардын тексттерин кыйыштырып профессор Бексултан Жакиев түзгөн (Б., «Бийиктик», 2011) канондоштурулган вариантынан да башкача экенин эске тутушубуз керек. Ал сөзүбүздүн мындан аркы жүрүшүндө белгилүү болуп отурат.

Кыргыз эл оозеки адабиятынын классиги, жазма акын жана мурда кеңири белгиленбей, билине бербей келген, эми (тексти жарыяланган соң) жазма манасчы катары кеңири жайылууга укуктуу болгон Байымбет Абдыракман уулу «Тоголок Молдо» деген кошумча ысымды атактуу Тыныбек манасчынын сүймөнчүлүк менен эркелете айткан сөзүнөн улам алып калганы белгилүү. Ислам илими менен анчейин тааныштыгы жок Түндүк кыргыздары мурда

кат тааныгандардын баарын «молдо» деп аташкандыктан, Тыныбектин «Манасын» угуп, бир жылдай үйүндө жүрүп калган Байымбет Абдыракман уулун улуу манасчы: «Бул уйдун таз карынындай болгон томолонгон тоголок молдом ишке жарайт!» – деп кубанган экен. Улуу жомокчунун мактоосунан кийин кичинекей Байымбет Тоголок Молдо аталып калат» («Кызыл Кыргызстан», 1940, 9-июнь) – деп жазат алгачкы кыргыз илимпоз адабиятчы Тазабек Саманчин. Демек, бала кезинен сабаты ачылган Байымбет (Тоголок Молдо) кийинки өмүрүн кыргыз эл оозеки чыгармаларын кагазга түшүрүп, үчилтик улуу «Манас» эпопеясынын «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүн өз вариантында жазып чыгат. Тоголок Молдонун тибиндеги жазма манасчыларга Ыбрайым Абдыракмановду, кытайлык кыргыздардын улуу манасчысы Жусуп Мамайды кошсо болот.

Тоголок Молдо жөнүндө Кыргыз Эл акындары: «Кубанычбек Маликов жазма манасчынын жүз жылдыгына карата «Акын жашынан «Манас», «Семетейди» көп угуп, өзү да бир аз ал жомоктордон айта койгон» («Заман-даштарым жана каламдаштарым». – Ф., 1964, 28-б.) дегенине Абдырасул Токтомушев жазма манасчыбыздын сексен жылдык торколуу тоюна карата жазган «Жаркырап эсиме түшөт» («Ала-Тоо», №6, 1960) деген макаласында: «...бир учурларда «Семетей айтып берип, угуучулардын көңүлүн ачып жүрдү» – деп, Тоголок Молдону айтуучу манасчы катары көрсөтүүгө аракеттенгендерине карабастан, Тоголок Молдо жазма манасчы боюнча эле калган. Аны Тоголок Молдонун академиянын Кол жазмалар фондусундагы: «Өзүм жазуучулук жөнүнө түшүп, ашта, тойдо ырдаганым жок»(Инв.№1468,74-б.) дегени тастыктап турат. Анын жазма вариантына устаты Тыныбектен, дагы башка манасчылардан уккандарын жазып алгандары, анан акындык кошумчалары, элден жыйнагандары киргени жарыяланып аткан тексттерден көрүнөт.

ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ АТКАРУУДАГЫ ЖАНА ЖАЗУУДАГЫ УСТАТ МЕНЕН ШАКИРТ МАСЕЛЕСИ

Жашоо жолундагы иш-аракеттерден байкалгандай, кесипкөй (профессионал) акындар менен төкмө акындардын устат-шакирт маселелеринде бир топ айырма бар. Кесипкөй акындар устаттарын (эгер устат күтсө) төкмөлөр-

чөсүнөн жандап, ээрчип жүрбөйт, чыгарма жаратуу ыкмаларын устаттары басмадан чыгарган китептерин окуу менен өздөштүрөт. Демек, кесипкөй акындардын устаттары, негизинен, китеп болсо, төкмө акындардыкы тигил же бул дасыккан акындын (устаттын) оозунан чыккан ыр саптары болот.

Манасчыларда устат-шакирт маселеси төкмөлөрдүкүнөн да тереңге кетип, шакирт устатын жандай жүрүп, улуу эпостун эпизоддорун, анан жалпы мазмунун өздөштүрүп, ошого катар аткаруу ыкмаларын, музыкалык ыргактарын, баатырларын, алардын минген аттарын, тарыхый жерлердин ж.б. сүрөттөрүн тарткан ыр түрмөктөрүн үйрөнөт. Эпостун тексттери басма бетине жарыялана баштагандан тарта булардын да устат күтүү жол-жобосу өзгөрдү, китепке баш коё башташты. Ал эми ыр жаратуу техникасын өздөштүрүүсү кесипкөй жана төкмө акындардыкы менен бирдей эле, эң алгач ошону өздөштүрүү керек. Шык болсо каны менен кошо келээри айтпаса да түшүнүктүү.

Ошондуктан жазма манасчылардагы устат жана шакирт маселесине келгенде бир жактуу сөз айтыш кыйын. Маселен, Ыбрайым Абдыракмановдун манасчы болуп калуусуна ал Ат-Башыда мугалим болуп жүргөн жеринен атактуу фольклор жыйноочу Кайым Мифтаков алып келип, улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунан эпосту жазып алууга отургузганы, анан ал алп манасчыдан улуу эпостун биринчи бөлүгүн бүт бойдон жазып алуусу, дагы Саякбай Каралаев ж.б. манасчылардын тексттерин жазып алуу кызматы негиз берсе, Жусуп Мамай агасы Балбай жазган, жыйнаган жана кийин-соң элден топтолгон эпостун тексттеринен өз вариантын жаратканы айтылып жүрөт.

Тоголок Молдого келсек, ал бала кезинде улуу манасчы Тыныбек алардын айылына келип, «Манас» айтканын угуп, мурда учкай айта кеткенибиздей Тыныбексиз, анын «Манасысыз» күнү жоктой сезилгени, улуу манасчынын үйүндө бир жылдай укканларын жазып жүргөнү (Сабаттуу, анүстүнө жомокко ынтызар адам жазбай коё албайт да), кийин-соң да бир нече манасчынын айтканын укканы (мүмкүн, алардан да жазып алгандыр), эң акырында (эң негизгиси) XX кылымдын жыйырманчы жылдарынын аягынан баштап, элдик оозеки чыгармаларды жыйноо СССРдин ар бир республикасында кызуу башталганы, айрыкча улуу манасчы Сагымбайдын (мектептешинин) вариантын кагазга түшүрүү (Ыбрайым Абдыракманов жазып алган деп айтпадыкпы) Тоголок Молдого «Манас» эпосун жазууну күчөтө улантуусуна негиз берген десек болот.

Тоголок Молдо улуу манасчы Тыныбек Жапы уулунун чыныгы шакирти экенин эки манасчынын варианттарындагы баатырлардын, алардын курал-жарактарынын, минген аттарынын, жер-суу көрүнүштөрүнүн сүрөттөлүштөрүндөгү окшоштуктардан көрүүгө болот. Ага Үргөнчтүн боюнда наркы жээкке дүрбү салып аткан Семетей ал жактан бир топ адам чыкканын көрүп: – Ал ойноп чыккан кыздарбы, кербенчилерби, же жообу, билип кел, – деп Күлчорону жөнөтүп жаткандагы дүрбүнүн, курал-жарактардын, Тайбуурулдун сүрөттөлүштөрүн эки вариантта салыштыра караганда ынанабыз. Ошондогу Семетей салып аткан дүрбүнүн көрүнүшү улуу манасчы Тыныбектин китебинде (Жыйнаган Арабай уулу. Тыныбек жомокчунуку. Семетейден бир бөлүм. Бастыруучу Кыргыз Билим кемесыясы, Маскөө, 1925, 86–88-беттер) мындайча айтылат:

«Ичи өрттөй кызарган,
Тартып койсо чоң дүрбү
Кулач, карыш узарган.
Айнектин оозу кирдейт – деп,
Алыскы жолго жүрбөйт – деп,
Ак кадекке орогон.
Алыскы жолго жоруган,
Атын укkан душмандар
Айдыңын угуп кулаган.
Тегерегин тегиздеп,
Кылган экен кооздоп.
Жакут менен учтатып,
Кобул салып чаптырган,
Алтын менен күмүштү
Аркы-терки кактырган...

Бул 33 саптан турган дүрбүнүн сүрөттөлүшү бүт бойдон бир сөзү да өзгөрүүсүз Тоголок Молдонун «Семетейинде» (Академиянын Кол жазмалар фондусу, Инв.№753, 20–21-беттер) кайталанат. Ошондой эле улуу устаттын китебинин 98–99-беттериндеги 12 саптан турган Айбалтанын, 99–100-беттериндеги 18 саптан турган Наркескендин, 100–101-беттериндеги 21 саптан турган Ак келтенин, 100–102-беттериндеги 12 саптан турган Ак олпоктун, 102–103-беттериндеги 27 саптан турган Сыр найзанын, 104–106-беттерин-

деги 42 саптан турган Тайбуурулдун сүрөттөлүштөрү да Тоголок Молдонун «Семетейинин» кол жазмасында сапма-сап окшош (Инв. №573, 28–33-беттер). Булардын баары менин архивимде да бар (Архив №27, 38–44-беттер, №26, 132–137-беттер).

Даяр тексттерден көчүрүп алгандай туюлган мындай учурлар айтма манасчыларда көндүм көрүнүш, айтылганда угулат да, ошерде кала берет. Жазма манасчылардын тексттери кагазда дайыма өзгөрбөстөн сакталып тургандыктан окуганда эки анжы ойлорго түртүшү мүмкүн. Эпостун жаралуу, таралуу, өздөштүрүлүү закондорунан кабардар эместер, а дегенде эле жаман ойго кетип, экинчиси биринчисинин тексттерине ээ болуп алган экен дегендей түшүнүккө кабылса, дагы бирөөлөр жогоруда келтирилген мисалдарыбызды атадан балага оозеки түрдө өтүп келген, бир манасчыдан экинчисине өтө берген улуу эпосубуздагы баатырларды, жер-сууларды, курал-жарактарды ж.б. сүрөттөгөн салттуу саптар катары кадыресе эле түшүнүшөт. Тоголок Молдонун варианты ушундай эки түрдүү кабыл алууга жол берет. Манастаануучулар тарабынан алиге текстологиялык иликтөө тиешелүү деңгээлде жүргүзүлгөн эмес. Ушул иш колго алынса, тигил же бул манасчынын вариантын устатына же андан мурда өткөн манасчылардыкына салыштыра изилдөө манасчынын нагыз же жасалмалуулугун ашкерелейт эле, ошол көп элес алынбай келет. Бул «Манас» изилдөөдөгү кемчилдик, зарыл, зарыл эмес маселелерди ажырата билбегендик.

Тилекке каршы, биздин манастаануучу окумуштууларыбыз үчилтиктин «Манас» бөлүгүн, манасчылардан Сагымбай менен Саякбайды айланчыктап туруп алышты. Өлчөй келгенде жазылып алынган тексттеринин көптүгү жагынан үчилтиктин басымдуу бөлүгүн түзгөн «Семетейди» изилдөөгө алгылыктуу кирише элек. Улуу эпосубуздун монументалдуулугу айкөл Манас баштаган баатырлардын, Кошой, Бакай, Канықей баштаган акылмандардын, жалпы эле катышкан каармандардын образдары, коюлган идея үчилтикти кош бирдикте карамайынча толук жүзүн көрсөтө албайт. Бир эле «Манастын» тегерегинде бийлей бергенибизден, баатыр катары Манасты гана айтып, анын баатырдык конкреттүү иш-аракеттерин чечмелеп бере албаганыбыздан, жаштарыбыз анын «чоң жиндилик» жагын көбүрөөк кароолго алып, «Жаман айгыр үйүрүнө тап» болуп баратышкандай сезилет. Жаштарыбыз китеп окуганды, акыл кеп укканды коюп, интернетти марап же жөн эле көчөдө бекер басып калган жаштарыбыз эпостогу маңыздуу жерлерди андагандын ордуна, Манас баатырыбыздын «Көкөтөйдүн ашында» Үрбүгө

камчы чапканын, «Кумайыкты жакшы бакпайсың» – деп Каныкейди тээп жибергендей опсуз, одоно жерлерин кармап алышат эмеспи. Уйкучулары Манастын уйкусун салабыз дештери да мүмкүн.

Окурмандарга сунуштап аткан Тоголок Молдонун ушул вариантында жазылып ж.б. варианттарда айтылгандай, Бакай баштаган бир нече аксакалдар, Алмамбет, Чубак сыяктуу эң жакын кишилер «Кой, барба!» дегенине болбостон, Коңурбай алдап чакырып, Шоодайдан берип жиберген катына ишенип, кырк чоросунун көбүн, миңдеген жоокерлерин кытайга кырдырып, өзү жарадар болуп өлгөн жерин улуу баатырыбыздын чыгармадагы кейипкерлик кемчилдиги катары көрсөтүп, андай болбоого чакыруунун ордуна, эпосту элибиз ардактап, ыйык тутканынан пайдаланып, Кудайдан да жогору коюуга, мамлекетибиздин идеологиясы кылганга чейин барып атканыбыз, биринчи кезекте, илимпоздордун күнөөсү деп билем. Экинчи кезекте, ар кандай наамдарды берип, орден-медалдар менен төштөрүн толтуруп, чоң маяна чектеп берип аткан ошол илимпоздордон жемиштүү продукция талап кыла албаган тиешелүү мекеме башчылары да күнөөлүү экенин айтар элем.

Манастын образындагы өңгүл-дөңгүлдүктөрдү туура түшүнүп, оң пайдаланбай атканыбызды айта кеткендигим үчүн азыр курулай күргүчтөп, Манастын образын түшүнүүдө жасалма жолдо баратканын билбей, курулай кыйкырыктар менен жашап аткан айрым улутташтарым мени сүйбөшү белгилүү. Кыргыз легендаларында, жөө жомокторунда арыстан же жолборс жолдо баратып эле өзүн жерге бир уруп, адам болуп тура калгандай, б.а., кайдан-жайдан аян берилип, анан эле манасчы болуп чыга келгендей, манасчылыкты жалган, жасалма жолдо туюнтууга аракеттенген жаш манасчылар андан бетери жактырбашын да бөркүмдөй көрүп турам. Ошого карабастан сексенге жакын жашаган өмүрүмдө жарык дүйнөдө бир гана чындык болоорун билип, бирөөгө (мүмкүн көпкө) жаман көрүнмөйүнчө коомдун тилегин, эл мүдөөсүн аткарууга таптакыр болбой турганын, ошол жалгыз чындыкты сактап калууга да мүмкүн эмес экенин өз каным-тагдырым менен билип, ушул жобону жашоомо негиз кылып алгам. Өзүмдүн улуу академик устатым Болот Мураталы уулу Юнусалиев, көзүн көрбөй калган устатым Мукай Элебаев, замандаш жашаган, азыр маркум болуп калган устатым Салижан Жигитовдор да ушундай принципти карманышчу. Демек, узарып кеткен ушул сөздөрүм да устат-шакирт маселесине аз да болсо мисал-толуктоо болот, деп ойлоймун.

Тоголок Молдонун ушул сунушталып аткан «Манасы», анан «Семетей», «Сейтеги» басылып чыкса, улуу манасчы Тыныбектин жогоруда аталган «Семетейден бир бөлүм» китебиндеги тексттерге салыштыра караса, устат жана шакирт маселесине, жазма манасчылыкка байланышкан зор текстологиялык эмгектер жаралууга тийиш. Жазма манасчынын мектептеши (Тыныбек манасчыдан чыккан) Сагымбай Орозбак уулунун вариантына салыштыра караган «Чоң казат», «Кичи казат» эпизоддору боюнча окшоштуктар менен айырмачылыктар биздин «Манас» үчилтигиндеги эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү» (Ф., «Илим», 1981) деген китебибизде бир топ майдалап айтылган. Тилекке каршы, бул эки манасчынын тең устаты болгон Тыныбектин тексттери анда айтылган эмес, ага устаттан эпопеянын «Манас» бөлүгү жазылып алынбаганы кедерги болгон. Жогоруда келтирилген текст «Семетей» бөлүгүнөн болгондугунда.

Илгерки төкмө акындар ырдаар алдында устаттарын мактай чалып, эскерип кетчү, азыркыларда да андай касиет анча-мынча бар экенин угуп жүрөбүз. Бирок кенже эпосторду айтып жаздырган улуу муундун төкмөлөрү (Калык Акыев, Алымкул Үсөнбаевдерди эстеп атам) устаты тоо булбулу Токтогулду айткан эпосторунун башында же аягында эскере кеткенин көргөн жокмун. Академиянын Кол жазмалар фондусунан Токтогул туурасында жазып калтырган жүздөн ашык информаторлордун жазмаларын окудум, дээрлик баарында Токтогул «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Кожожаш», «Саринжи-Бөкөй», «Кедейкан», «Нарик ханды» айтчу дешет. Кээлери «Манас», «Семетейден» да айтып жибергенин эскеришет. Бирок, тилекке каршы, бармактайынан барып таалим алган Калык да, Алымкул да жаздырган эпосунда Токтогулдан үйрөнгөнбүз деп айта кетишпегендери таң каларлыктай. Тоголок Молдонун «Манасынын» бир жеринде да Тыныбек же мектептеши Сагымбай жазылбайт. Үчилтиктин «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүнөн да мындай маалыматты көрө алганым жок. Эпикалык жанрдын спецификасы ушундай дейин десек, айрым эпизоддордун аягында чарчаган-чаалыккан, атүгүл канча жашка барганына чейин ырга салып кеткен учурлар бар. Бул жанрды аркалагандардын устатын эскербөөсү, ошол айтып жаздырылган тексттин башы кимисине таандык экенин билдирбөөгө байланышса керек деген да шек бар. Муну улуу Токтогулдун мисалы ырастайт го деп ойлойм.

Бүгүнкү жаш манасчылардын көпчүлүгүнүн устаттары жок деңизчи, бирок кимдин вариантындагы китепти окуп, кимдин айтуусундагы пластинканы коюп же лентаны айлантып (бурап) угуп, алгачкы кадамды баш-

таганын айта кетсе, өзүнө деле зыян болмок эмес, кайра чындыкка сүйөнүп, манасчылыгы ишеним алмак. «Өзүн жерге бир уруп, эртеси манасчы болуп калдым» деген жомоктун жолу, «аян келип, эртеси манасчыга айландым» деген өтүрүктүн өрдөгү экенин эс-акылы жайында адам билип эле турат, фантазияга минип, өзүн асмандатып учуруп алган пенделерди аяп (андайлар көбөйүп баратат, бир алдын алардын түшүнбөстүгүнөн, айтканды кабыл албастыгынан чочуп) унчукпай коюшат. Жаш манасчылардын көпчүлүгү деле чындыкты көрүп, ошол эле учурда аянчылардан чыга албай, башын ийкеп турушат.Устатты урматтоо парз. Ислам ааламында устаттан улуу адам болбосун эстеп койгон жөн.

КИТЕПТИН КЕЧИГИП ЧЫГЫШЫНЫН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА КАНТИП ДАЯРДАЛГАНДЫГЫ ТУУРАЛУУ СӨЗ

Тоголок Молдо жазып калтырган «Манас» эпопеясынын үч бөлүгү тең өзүнчө китеп түрүндө жарык көрө элек. Анын ичинен «Семетей» бөлүгү гана өткөн кылымдын 1958–60-жылдары чыккан төрт томдукка бириктирилген варианттардын бири катары пайдаланылганы айтылып жүрөт, бирок варианттын кайсы бөлүгү китептин кайсы жерине кийирилгени эч кимге маалым эмес.

Жазма манасчы Тоголок Молдо калтырган тексттердин «Манас» бөлүгү тууралуу биздин жогоруда аталган эмгегибизде айтылгандардан башка кеңирээк сөз боло элек, эл кулагына жакшылап жете да элек. Ошондуктан мында «Манас» эпосуна салттуу болгон «Алмамбеттин окуясы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көз камандар окуясы», «Көкөтөйдөн ашы» сыяктуу негизги эпизоддор («Көкөтөйдүн ашы» Толтойдун айтуусу аркылуу «Семетейде» берилет) жок экенин кайра эскерип, бирок вариантка кирген эпизоддордун ичинде айрымдары эскерилээрин айта кетебиз. Ушунча эпизод кирбей калса, Тоголок Молдонун «Манасын» вариант деп атоого болбойт го дегендей ойлор болуп калышы да мүмкүн. Мен вариант деп атоого болот деп айтаар элем, анткени бул баатырдык эпостун эң негизги бөлүгүн «Чоң казат», «Кичи казаттар» түзөөрүн эстесек, Манастын кан болгонго чейинки балалык чагы бар болсо, дагы кошумча Манастын ашы айтылып атса, толук кандуу вариант болору түшүнүктүү да. Кирбей калган эпизоддорсуз

эле негизги идея чагылдырылып, көркөмдүк бийиктик сакталып, Манас баатырдын образы ачылганы көрүнүп турат.

Тоголок Молдо эпопеянын бул бөлүмүн кагазга баштан-аяк ырааты менен түшүргөн эмес. Эпостун башталышы болгон «Түрк балдарынын Алтайга барганы», «Манастын балалык чагы» деген эпизоддор 1937-жылы жазылып бүтсө, «Чоң казат», «Кан казат» («Кичи казат»), «Манастын ашы» сыяктуу эпизоддор качан жазылып бүткөнү көрсөтүлбөгөн, бирок 1937-жылдан мурда жазылганын Тоголок Молдо «Манастын балалык чагы» эпизодунун аягында кейиш менен төмөнкүчө айта кеткен:

«Баатыр Манас төрөнү
Байымбет айтып күтүндүм.
Бала чагын баяндап
Башынан айтып бүтүрдүм.
Тарых болду билгенге,
Тайдырбай сөзүн илгенге.
Талыкшып калдым карганда,
Тарыхка муну чийгенде.
Жетимиш жети жашымда,
Жолдошум жок кашымда,
Бел байлап бого олтуруп,
Мээ калбады башымда» –

деген саптардан баамдалып турат. Мындай божомолубузга эпопеянын «Семетей» бөлүгүн «Манас» бөлүгүнөн мурда 1934, 1936-жылдары жазганы далил берет. Демек, эпопеянын бир канча бөлүгүн жазып, чарчап-чаалыккандан кийин жогорку саптарды жазган деп түшүнүш керек.

Ушул «Манастын балалык чагы» жазылыш формасы (кагазга түшүрүлгөн сүрөтү) боюнча ыр түрүндөгүдөй көрүнгөнү менен кара сөз, жорго сөз менен жазылганын манасчы өзү эпизоддун башында: «Манастын туулган жери, даража тапканына чейин кара жомок менен айтылат» – деп дааналай кеткен. Мен жогоруда аталган китебимде «Манастын балалык чагы» кирбесе «Манас» толук болбойт деген тейде Тоголок Молдо Сагымбай Орозбаковдун вариантынан алып кара сөз түрүндө жазып чыккан окшойт – деп жазган экемин. Антейин десең «Чоң казатты» да, өзү айткандай, кара жомок менен араб арибинде жазып чыккан (тексттери толук эмес) дептерлери бар экен. (Академиянын Кол жазмалар фондусундагы Инв.№2, Инв.№3 тү карасаңыз

болот.) Булар азыркы тамгага көчүрүлө элек. Көрсөтүлгөн калың дептерлердеги тексттерди окуп чыккандан кийин, Тоголок Молдо «Манасты» эки түрдүүчө – жорго сөз менен (өз айтуусу боюнча кара жомок түрүндө), анан салттуу ыр саптары менен жазганын көрдүм.

Бул айтылгандар түшүнүктүү болуш үчүн кол жазмалардын кагаздагы көрүнүшүн дагы кошумча айта кетели. «Манастын балалык чагын» (Инв.№1) ачсаңыз (Араб арибиндеги түп нускасын айтып атам) текст түрмөктөргө (куплеттерге) бөлүнүп, болгондо да өткөн кылымдын элүүнчү жылдарына чейинки ырды кагазга түшүрүү ыкмасы менен, биринчи куплет оң жакта турса, экинчисин сол тарабыраак жайгаштырып, үчүнчүсүн кайра оң жакка жылдыра жазган, ушинтип кете берген. Бирок ошол биринчи түрмөгүн (куплетин) окусаң: «Эсет, досот, эштек, кыпчак, катаган, нургунан деп кыргыз уругу алтыга бөлүнгөндө, бул Манас кыргыздын нургунан» деп бүтүп, экинчи түрмөгү: «Деген уругунан атактанып чыгат. Түмөн кан, анын уулу Бөйөн кан, анын уулу Чаян кан, анын уулу Кара кан. Бул Кара» – деп бүтүп, андан ары ушундай жол менен текст кара сөз, кагазда көрүнгөн формасы (сүрөтү) ыр болуп жүрүп отурат. Бул окугандарды алгач будоолонтушу мүмкүн, кийин көнүп кетилет. Автордун укугун бузууга болбогондуктан, өзгөрткөн жокпуз. Анүстүнө кара сөз формасына айландырууга көп убакыт кетет, анан дагы кайрадан жазылган эсеп болуп калат. Ошондуктан Тоголок Молдонун өзү жазганы боюнча калтырдык.

Түп нусканы латын арибине көчүрүп машинкалагандар андан да өтүп, бир түрмөк болуп турган текстти, б.а., төрт сапты сегиз, андан да көп сапка жайылтып машинкалашкан. Мындай көрүнүш менен түп нусканын 90-бетинен нары таанышсаңыздар болот. Бул го түшүнүктүү, акчага байланышса керек. Манасчы эмне үчүн куплет кылып жазганы намаалым. Мүмкүн, эпостун калган бөлүгү ыр формасында болгондон кийин, «Манастын балалык чагын» да ыр формасына келтириш керек дегенби? Кантсе да араб арибиндеги түп нускасына салыштырып көрөбүз дегендерге оңой болсун үчүн түп нусканын 90-бетине чейинкисин өз формасына салып (куплеттердин жайгашышы азыркыча болду), түп нускадагы беттерин да кошумча көрсөтүп койдум.

Тоголок Молдо «Манастын балалык чагы» эпизодунун 280 бетин араб арибинде жазса, 280ден 367-бетке чейинкисин (87 бетин), б.а., аяк жагын латын арибинде, кара сөз формасында жазган (ыр түрүндө эмес). Андан аркы «Чоң казат», «Кан казат» («Кичи казат»), «Манастын ашы» эпизоддору эпоско мүнөздүү салттуу ыр саптары менен улантылган. Ошондой эле түп

нускадан латын арибине көчүрүлүп машинкаланганда айрым ыр түрмөктөрү, көптөгөн саптар калып калыптыр, «Чоң казат» эпизодунан (Инв.№4) ага мисалдар келтире кетейин: 39–40-беттерден 31 сап, 80-беттен 12 сап, 83-беттен 23 сап, 143–144-беттерден 30 сап, 249-беттен 16 сап, 261-беттен 20 сап ж.б. Азыркы тамгага көчүрүлгөн тексттерде да мындан өткөн көрүнүштөр болуп калаары өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошондуктан Кол жазмалар фондусундагы ар бир манасчынын тексти араб, латын ариптеринде жазылган болсо, азыркы тамгага көчүртүп, жалпы коомчулук пайдалана тургандай кылып даярдап коюу абзел эле, тилекке каршы, андай болбогондуктан Тоголок Молдонун «Манасын» өз демөөрчүлүгүндө чыгарууга ынтызарланган «Турар» басмасынын директору Тилек Тураркулович Мураталиев 2–3 жылдан бери азыркы тамгага көчүрүлгөн текстин ала албай убараланып келгенин айтып коюшубуз керек.

Классик акыныбыз жана жазма манасчыбыз Тоголок Молдонун вариантындагы «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүгүн басмага сунуштап жатып, жалпы эле «Манас» эпопеясын жарыялоонун төмөнкүдөй үч жолу ылайыктуубу деген ойго келдим: Биринчиси – эпопеянын ар бир бөлүгү туурасында жалпыланган түшүнүк алууга мүмкүн болгон бир нече варианттан иргеп алынып, кысылып, кыскартылып түзүлгөн, б.а., профессор Б.Жакиев жасаган китеп сыяктуу чакан басылма. Экинчиси – башка элдерге бараандуу көрүнөөрлүк да, эпопеяга кумарлангандарды канааттандыраарлык да басылма Улуу академик Болот Мураталы уулу Юнусалиевдин жалпы редакциялоосунда 1958–1960-жылдар аралыгында чыккан «Манас» үчилтигинин кыскартылып бириктирилген варианты болот го деп ойлойм. Мунун биринчи, экинчи китебин («Манас» бөлүгүн) кашкөй акын Кубанычбек Маликов түзсө, үчүнчү китебин («Семетей» бөлүгүн) атактуу акыныбыз Аалы Токомбаев түзүп, төртүнчү китебин («Сейтек» бөлүгүн) белгилүү жазуучубуз Түгөлбай Сыдыкбеков улуу манасчы Саякбай Каралаевдин вариантынан (бир варианттан) алып даярдаган. Мындай улуу иштеги эң эле оор жүк К.Маликовдун мойнуна түшкөнү айтпаса да түшүнүктүү. Ошондуктан ар кандай сөздөрдүн баары ал түзгөн эки китептин айланасында болуп, «Даяр тамактын сынчысы көп» дегендей, кылдан кыйкым издеп отуруп, кашкөй акындын баа жеткис эң эле зор эмгеги өз деңгээлинде бааланган жок, бул манастаануучуларга жакшылык да алып келген жок. 1952-жылы болгон «Манастын» элдүүлүгү туурасындагы тарыхый конференцияда эпосту жактоочулардын авангардында турган, Жети баштуу желмогуздан алда канча

кубаттуу сындан сактап калгандардын жекеме-жекесинде биринчи кылыч шилтеп, найза сунган жана өмүрүнүн аягына чейин улуу эпосту жарыялоодо жана жайылтууда талыкпай иштеген улуу академик Б.М.Юнусалиевдин эмгегин айтып түгөтүү кыйын.

«Манасты» жарыялоонун үчүнчү түрүнө – ар бир манасчынын вариантын өз-өзүнчө чыгарууну, б.а., Тоголок Молдонун ушул сунушталып жаткан китеби сыяктантып, сөзсүз, бир жолу жарык көрсөтүп коюу коомчулуктун же мамлекетибиздин милдети болот. Аны азыр Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту ишке ийгиликтүү ашыра баштаганын белгилей кетишибиз керек.

Омор СООРОНОВ,
Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер,
КУУнун ардактуу профессору

МАНАС

I МАНАСТЫН БАЛАЛЫК ЧАГЫ

1-бөлүм

ТҮРК БАЛДАРЫНЫН АЛТАЙГА БАРГАНЫ

1-бет.

Эсет, досот, эштек, кыпчак
катаган, нургунан деп кыргыз
уругу алтыга бөлүнгөндө,
бул Манас кыргыздын нургунан

деген уругунан атактанып
чыгат. Түмөн кан, анын уулу
Бөйөн кан, анын уулу Чаян кан.
Анын уулу Кара кан. Бул Кара

кандын сегиз уулу болгон. Атактуусу
Ногой, Нойгут. Ногойдун
төрт уулу болгон: Бай, Орозду, Үсөн,
кенжеси Жакып.


Бул Байдын уулу Бакай, Тайлак
деп эки уулу болгон. Ороздунун он
уулу болгон. Үсөн кийин Көзкаман
аталып кеткен. Мунун да он уулу
(...)

2-бет.
Аттары маалым эмес, бирок
«Көзкамандын көп жаман»–
деп атак берилип кеткен.
Жакыптын уулу Манас.

Кичи токолунан Абыке, Көбөш.
Кара кандын сегиздин бири Нойгут.
Нойгуттун үч катынынан
үч уулу болгон. Байбичесинен
Шыгай, ортончу катынынан

Акбалта, кичүү катынынан Чыйырды.
Шыгайдын уулу Жапак, Шырдак.
Жапактын уулу Чынкожо.
Акбалтанын уулу Чубак.
Чыйырдынын уулу Серек, Сыргак.

Бул Түркстандан түрк балдары:
казак, кыргыз түртүлүп айдалып,
Алтай тоосуна камалганынын
себеби башында Манастын



3-бет.
төрөлүшүнөн болгон. Манас
туула электе, элүү жыл
чамасынан мурун Кытайдын
окумуштуу, билгич, балчы,

сыйкырчылары Курадан
билип, «Түркстандагы түрк
уругунан бир бала туулуп
чыгат. Элүү жылдан бери

жагында туулуп чыгат. Ошол
бала кыраандык атак алып,
кылыч кармап аттанганда,
кылымга бүлүк салат. Кытайың

аман калбайт. Калкка бүлүк
салат, Каканың аман калбайт.
Уругу алаш болот, аты
Манас болот. Кандар, чоңдор

4-бет.
«Ошол бала туулуп
эр жеткенде Каканды
кысат, калаасын бузат.
Белин сындырат, берекесин

учурат. Мунун аракет-акылын
тапмагыңар керек» – деп билгичтер
чоңдоруна айтып өттү. Калк
ээси кандар, кара, төрө жандардын

баарынын жүрөгү чочуп,
титирек түштү. Бул арада
калк жыйылып, чоңдор кеңеш
кыла баштады. Түрктөн

туула турган Манас жүрөгүнө
түпөйүл болуп, Каканчындын
калк бийлеген кандары, кайраттуу
жандары бир канча күн кеңешип,

5-бет
жатты. Чоң-Бээжинде Эсен-
кандын ордосунда акыры
көпчүлүктүн кеңеши, масилети
боло тынды: «Түркстандагы

түрк баласына калың кошун
жиберип, жан калтырбай жалпы
айдап көчүрүп алмак керек.
Алып келип, Алтай тоосуна
Камап салмак (керек).
Көрүнгөн малын(а)

көтөргүс алман салып,
адамдан алман алып,
төрүнө казан асып,
төбөсүнөн басып,

жан калтырбай каттап,
Даңзага жазып,
көрүнөө коюп, көзүн оюп,
табылган балдарын жашатпай союп,

6-бет.
турсак кутулабыз» – деп
көпчүлүккө кеңешин тындырып,
Какандан калың кошун
жыя баштады.

Түркстандагы түрк баласын
айдап келүүгө Чоң-Бээжиндин
каны Эсен кан,

баатыр башы Чотала, Орто-
Бээжиндин каны Солобо,
Кичи-Бээжиндин каны Солдоң-

Сур башында туруп, кырк миң
аскер жыйып, баатыр башы
Чоталаны аскер башы
кылып, калың кошун

жөнөттү. Баатыр башы Чотала
кошун колуна тийип, аскер
алдына түшкөндөн кийин,
Бээжинден чыгып, бир канча күн

7-бет.
жол басып, үч жыл
жүрүп, түрк балдарын
Түркстандан сүрүп,
Түркстанда калган

өзбек, тажик, ооган,
түркменге Кытайдан
аким коюп, Түркстанды
өзүнө караштуу кылып, баатыр

башы Чотала жолго түштү.
Ошончолук көп эсет, досот,
эштек, кыпчак, нургунандан
жан калтырбай Кытайдын

колуна түштү. Бирок мындан
кан Кошой кармашканга
чыдай албай, катаганын бүт
алып, Англия жакка кара(п)

8-бет.
калган Кундуз деген жерге
качып кутулуп кетти.
Мындан дөкө кыпчак Эламан,
төрө кыпчак Сарбан таз,
эштектен Жамгырчы, эсет-
тен Көкөтөй, шыйыр чечен

Баймурза, досоттон Көк-
Бөрү, Бай, Керкөкүл, казактан
Айдаркан, абагы үйшүн,
Айтылуу Алчын – мындан жан

калтырганы жок. Нургунандан
Кан Ногой, карысы Нойгут,
чечени Байжигит – мындан
жан калтырганы жок.
Ал убактында

атасы Камбаркан калкына
кан Айдаркан мырза

9-бет.
жигит кези. Көкчө туула
элек. Кыргызды Кара кан
карып калып, кандык
бийлик Ногойго өткөн

кези. Жакып он эки жаштагы
бала. Акыры алаш уругу болуп
айтылып, өткөн элден жан калтыр-
ганы жок. Айдап барып, аркан

жипсиз байлап, Алтай тоосуна
камап салды. Атактуу адамдардын

башын кошпой, бириндетип
бөлүп кетти. Атагын айтып,

аттарын жазып, каттап алды.
Түрк баласында кан калганы жок.
Түртүшөөр жан калганы жок.
Кытайдан аким койду. Былк эткенди

10-бет.
былчыратып сойду. Малына,
жанына ээ болгон адам
калганы жок. Кытай Түрк
балдарын катуу кысып,

сурап, бооз катындарды жарып,
ичинен баласын алып таштаган
күндөрү болду. Жакыптын чоң ата-
сы Кара кан, өз атасы Ногой өлдү.

Малы көп, пайдасы жок.
Жалгыздыктын жабыры жанына
батты. Кара кандын тукумун
бириндетип, башын кошпой

таратып бөлүп кеткен.
Жакып шордуу да сураган
эли жок, же кармаган жери жок,
Самаркан калаасы жок,

11-бет.
Бай, Орозду, Үсөн агасы жок.
Сүйөр баласы жок. Былк этер
чамасы жок. Баладан башка са-
наасы жок. Жакыптын малы көп,
баласы

жок болуп, жанында оокат үчүн ка-
ралап турган жетимиш үйлүү коң-
шусу бар. Малына каралаган Ош-
пур деген бир байсымак адамы бар.

Жакыптын көңүлүнө көп муң түшүп,
Туучунакты минип, баягы
ээси жок, ээн калган малды
көрүп бир эрмектеп кеч киргизип

келейин деп аттанып жөнөп калды.
Бай Жакып басылбай ыйлап,
баланын дартына капа болуп,
малына ыйлаган бойдон барды.

12-бет.
Жакып бай ыйлап бара жатканда
Акымбек баласы Меңдибай: «Бул
бай акем немине ыйлайт?» – деп
байкап калды. Кечке чейин

малын көрүп, башын чайкап,
баласы жоктугун байкап
ыйлаган ыйды көбөйтө
баштады. Атаган дүнүйө

артымда туяк болбогон соң,
бул артык дөөлөттүн немене
кереги бар? Балам жок болгон соң,
пайдасыз малдын немене кереги бар?

Бала үчүн ыйлап, жанын кыйнап,
балалууну көргөндө Жакып бай
ар кылып, ботосу өлгөн төөдөй
боздоп, зар кылып, көңүлү бөлүнүп,

13-бет.
заманы кысылып, жашы төгүлүп,
сөөгү сөгүлүп, бир канча жараткан
зарын, пил баштаган нарын
айтып, ботодой боздоп,
өткөн күндөрүн козгоп,
мойнуна курун салып,

буркурап ыйлап турду.
Жакып бай мазарды көрсө жалынып,
Кудай бербесе чарам барбы,
кубаныч кылар балам барбы?
Төрт түлүктүү мал жыйыпмын,

алтын, күмүш, зар жыйыпмын.
Бала болбосо, башым өткөн соң,
беш чакалык пайдасы болчу
адам барбы? Мээнет баскан
мендей шордуу адам барбы?

14-бет.
Жабдык салып, ат мингендей,
жака салып, тон кийгендей
артымда балам барбы? Карманарга
карам барбы? Канатынан
айрылган, туягынан түгөнгөн

Жакып менде туяк барбы?
Кеп угарга кулак барбы?
Каргашалуу мендей
калк ичинде чунак барбы?

Акыретке бет алган болсом,
Артымда ыйлап калып, арам
өлгөн малга ээ болор
балам болбосо, башымда карап
бай Көкчөгөз агам болбосо,
каралашар адам болбосо,
кунан, тайым кор болуп жүрөт,
кармап минерге балам болбосо,

15-бет.
таалайыма ыйлаймын, Кудайдын
кылганына чарам барбы?
Жашым кырк сегизге келди,
дүнүйөнү жыйдым, күттүм,

эч опаасы жок экен. Бала
болбогон соң, пайдасы
жок экен. Мен ажал жетип,
күн бүтүп, акыретке бет алып

калсам, алтын, күмүш, зарым
калат. Эмгек тартып эл
калат. Эки катын тул болот.
Малдын ээси Алтайдан келген

кул болот. Атилес, шайы, дүрүйөнү
кат-катынан бүктөп, кара лөккө
жүктөп, азабын тарттым, Дүнүйө
арбыды. Балам жок болгон соң.

16-бет.
Бир жакшы кабагымды ачып,
канаарып күлгөнүм жок.
Шумкар, туйгун, куш жыйдым,
саларга кишим болгону жок.
Жаш күнүмдөн мал жыйдым,

бала менен ишим болгону жок.
Менин бул жүргөнүм чала турбайбы,
Дүнүйөнүн өзүрү бала турбайбы.
Артында бала жок болгон соң,

бул дүнүйөсү курусун.
Там жыгылып, тамтыгы кетип
калган чалдыбар болгон (бойдон)
калат турбайбы. Атам Ногой

кан болду эле, атпай
журтка дың болду эле,
айдаган жылкым сан болду эле,
айлымдын үстү чаң болду эле.

17-бет.
Жакып дагы тегин жан эмес элем.
Бирок атасындай кан эмес элем.
Өзүм коңур, айылым бай эле.
Чайнаганы май эле.

Төрт түлүктүү малы арбын,
дүнүйөсү шай болду эле.
Тиккени ак сарайдай үй,
темселеп жүргөн тексиздик

барбы. Теңирге жазган
Жакыптын көңүлүнө чий,
бала үчүн ыйлап ый болуп
калды. Күрөөкө, соотум

катылып жатып дат болуп калды.
Күлүктөн керме толгон ат турат.
Күйгөн Жакып күлүктөн жат болду.
Кантейин! Бала деп зарлап ичим
толгон дарт болду.

18-бет.
Ээлеп минер балам барбы?
Эгем кылса чарам барбы.

Байкуш Жакып менде
баладан башка санаам барбы?» –

деп бай Жакып ушул сөздү
айтып ыйлап, зарлап көңүлү
бузулуп, көзүнөн жашын төгүп,
кудайга зарын айтты. Шаршемби
күнү малынан үйүнө кайтты.

Бай Жакыптын мингени Тоо чунак
тупатуура үйүн көздөй келди. Баягы Жакыптын ыйлаганын байкап,
башын чайкап калган Акымбектин
баласы Меңдибай он бир жаштагы
бала жолун тосуп, сөз айтууга Жакыптын кашына келди.

19-бет.
Жакыптын ыйлаганын көрүп Меңдибай жаш бала Жакып байдан сөз
сурап калды:
«Ой, бай аке, эртели-кечти

ыйлайсыз, эки көздөн жашты
тыйбайсыз. Бул кандай ыйлаш, ай
аке?» – деп сурады. Ал сөзүнө
Жакып бай кулак салганы да жок.

Жооп бергени да жок. Абдан
Катуу ыйлап үйүнө келип түштү.
Атын алып, бала байлап, байлаганда
чала байлап салды. Байбичеси

көрдү: «Бул бай кандайлыктан
капа болду экен?» – деп сөздүн жөнүн сурады. Анда
Бай Жакып ачууланып байбичесине

20-бет.
бек, катуу сөз айтты: – Сен
эси жок энтелеген, эсирип
көпкөн катынсың. Эч нерсе
эсиңде жок. Эрмек оюңда жок
капырсың. Курсагың тойсо,
куу баш деген сөздү
билбей, кубанып жатырсың.
Мен болсом малга магдырап,
атам Ногойдун дөөлөтүнө

мас болуп жаштыктан
жүргөн экемин. Кара кытай
манжуу калкымды таратып
болуп, каралаар тууган

кашымда калганы жок. Айылын
сагынбас адам болбойт экен,
Элин сагынбас эр болбойт экен.
Жерин сагынбас эл болбойт экен.

21-бет.
Жашым кырк сегизге келди.
Ар түрлүү капалык, санаалар
оюма түшүп, бүгүн капа
болуп келдим. Жалгыздыктын

жабыры жанга баткан кези.
Бу күндө Жакып шору каткан
кези. Катпаганы кайсы, менде
алдымда арка болор агам болбосо,

аркамда калка болор иним болбосо,
Түркстан жеримден айрылсам,
түрүлгөн төрт элимден айрылсам,
жашым кырк сегизге келди, эч
болбосо

Жакыптан калган туяк – деп,
аркамда айтып калганга бир бала
көргөнүм жок. Ойдо менин малым,
тоодо менин малым, эсеп жок.

22-бет.
Ээн талаада калган мал курусун,
талоонго түшкөн жан курусун.
Бактысы жок мага бала туубаган
Катын жолукканын карачы!

Тумшугу жок мага туюк көт
катын жолукканын карачы. Менин
көргөн күнүм курусун!
Ичкен суум курусун!
Жыйган малым курусун!

Чыкпаган жаным курусун! Аш да,
той да тели-теңтуштун ичинде
балалуулар балдарын ээрчитип жүр-
сө, муунум бошоп, сөөгүм шалдырап

эсим алдырап, көзүм жалдырап
калам. Эл оозунда элек жок.
Бул Жакып өзү куу баш болсо,
катындары туубас болсо,

23-бет.
ээн калган малды Жакып бай
мынча неминесин ысык көрөт?
Бир күн өлөт. Кимдин малын багып,
убара болуп жүрөт экен» – деп

калк ичинде айтып жүргөндөр
көп. Эркелеткен балам болбосо,
эрмек болор адам болбосо,
сүйөр балам болбосо,

сүйөнөргө адам болбосо,
ушундайды эстегенде
сүлдөрүм калып, дарманым
кетип калат. Башта бай

Жакып бала болор – деп
ойлонбой жүрдүм. Эми жашым
жетип, өмүрүм өтүп, кубатым
кетип, «Жакып куу баш» дегенге

24-бет.
санап туруп, заманым
айланып, ызаланып баратам.
Байбиче, сенин жолуң
башта байланды, эми сенин

жолуңду кууп Бакдөөлөт багы
байланганын карачы. Эмгектүү
Жакып эки катын алганымды көр.
Эч туяк көрбөй калганымды көр.

Эсиме элкимдик түшкөнүнөн,
Эгеме зарымды айтып ыйладым» –
деп, Жакып муну айтып токтолду.
Бул сөзгө байбиче муңайып калды.

Баласынын жоктугун оюна алды:
«Мен бир карыган кемпир болсом,
бул мээнетке Кудай келтири го.
Элүүгө жашым жетип калды.

25-бет.
Тубар мезгилим өтүп калды.
Эсимден бала кетип калды.
Бала үчүн мен көп зарландым.
Бай, сенин бул сөзүңө ардандым.

Эркелеткен эрке токолуңа айт.
Эмдиге бул туубай жүрөт.
Бакдөөлөт аты калып, байбиче
атка конуп, бала тууп бергендей

чоюлуп, тайраңдап жүрөт.
Сен Бай Жакып, өзүңдөн
түк көрбөйсүң, катындан
көрөсүң. Эки катын биригип,

эр деп сени сактап жүрөбүз.
Мен болсом эзелден ишим тетири
кеткен жан элем, эркелеткен токолуң
дагы эмдигиче тууганы жок.

26-бет.
Мөмөсү жок жыгач отун,
тумшугу жок, багы жок,
туубаган катын деген
сөз бар менин ойлогон

оюм мындай, бай, жазык
катын бизди эмес, сизде деп
жүрөм. Сиздин эрлигиңиз
куюлуп калган суу, же

күйдүрүп кеткен уу деп
жүрөм. Болбосо катын шордууда
не жазык бар. Бай сага катуу сөз
айтчу эмес элем. Капалыктан

айтып салдым, кечирип коюңуз! –
деп байбиче майышып
калды. Буга Бай Жакып
кайышып калды. Ал аңгыча

27-бет.
болбоду, Бакдөөлөт жетип
келди. Келсе, бай-байбиче-
нин ортосунда баланын
аңгемеси болуп жатыптыр.

Бакдөөлөт айтат: «Жазык
байбиче, сенде эмеспи,
мен күң шордууда не жазык.
Баштагы байбиченин

изин, жолун кууп этегимден
кан чыкпай өлөйүн десем,
жан чыкпай жүрөм, кантейин. Бала
деп зар кылам туубаганга.
Ар кылам, кайта кайрат кылам.
Туубагандан арданып бай-
биче өлбөйт, мен өлмөк белем, деп-
,үмүтүм көп башым жаш.

28-бет.
Кудай берсе, тууп алармын.
Эч пендесин Кудай, Чыйырды
сендей кылбасын. Берер Кудай
баланы өзүмө. Мен өңдөн

алуучу бул каргашалуу кемпир
көрүнөт белем көзүнө – деп,
Бакдөөлөт айтып басып
чыгып, үйүнө кайтты.

2-бөлүм

ЖАКЫП, ЧЫЙЫРДЫ, БАКДӨӨЛӨТ – ҮЧӨӨНҮН ТҮШ КӨРҮП, ТОЙ БЕРИП ТҮШҮН ЖОРУТКАНЫ

Ал сөздөрдү угуп, бай-
биченин айтарга сөзү калбай,
акыл-эси калбай, көңүлү
бузулуп, көзүнөн жашын төгүп,

29-бет.
сөөгү жашып, мууну бошоп,
жүгүнүн алдына бөк түшүп
жатып калды. Ал: «Кудай,
малымды, зарымды – баарымды

ал. Бирок ушунчанын ээси
чалымды аман кыл! Казынаңда
жок эмес, бир бала берип,
бул жаман атактан мени

куткар!» – деп зар ыйлап, башын
жаздыкка койду. Бакдөөлөт
жаштыгына ишенди. «Мен
кары сам да, Кудурет, өзүңдөн

башка чарам жок» – деп,
чыканак жерге салды,
чырым уйкуга барды.
Уйкуга көзү барган замат

30-бет.
Чыйырды түш көрдү: ак селделүү,
ак сакалдуу, жүзү ысык, сөзү
ширин бир адам кашына келип
олтурду. «Силердин ыйлаган

тилегиңерди Кудурет кабыл
кылды. Мени аманат алма
берип, силерге жиберди.
Эми ыйлабасын деди.

Мына, бул ак алманы жесин,
уул болот. Бул кызыл
алма кыз деди. Алланын
кызматкери биз деди.

Кудуреттин күчү ушул сөздүн
маанисин түшүнүп, баянын бил.
Алтымыш кулач ажыдаарды
ат кылып минип, ак алманы

31-бет.
жегин, Аллага шүгүр дегин
деди. Байбиче ак алманы
жеди. Ак сакал адам көзүнөн
кайып болду. Алиги жеген

ак алмага курсагы толуп,
артынан ышкырып ажыдаар
болуп чыкты. Ачууланып
оп тартса, ай-ааламды

соруп турду. Чыйырдынын
өзүнүн бою бир жүз
отуз кез болду. Бул түштү
көрүп, Чыйырды чочуп

ойгонду. Оюна ар түрлүү иш алып,
байкап караса, жанында
Бай Жакып коңуругу баш жарып,
кийин козголбой

32-бет.
уктап калыптыр. Бай-
биче оюна алды: «Уйкусун
бузуп ойготпоюн» – деп.
Ал аңгыча Бай Жакып бала бош

байлаган аты бошонуп качып калды.
Акымбек уулу Меңдибай аттын
артынан кубалап кетти. Кунаным
Жетээр деп муну көрүп Бердике

бек сүйлөп басып келди.
Меңдибай жакын жетти.
Арам өлгөн доңуз кырдан
ашып кетти. Байлар киши

жок беле? Байбичеси, токолу
кайда кеткен? Байлап койсо болбойбу.
Эртеден-кечке «бала, бала» деп
ыйлашат. Берсе-бербесе

33-бет.
эрк Алланын өзүндө.
Бала бербей койду – деп
Кудайга өчөшөбү? Алланын
өкүмүн өзүнөн башка

ким билет? Бирок ат байларга адам
жок болсо, атын алып байлап
коюуга Бакдөөлөт(түн) мойнуна
милдет эмеспи» – деп Бердике

айтып өттү. Бул сөздү
уккандан кийин Бакдөөлөт-
түн шайтаны мойнуна баса
минди. «Буурул сакал адам-

дар ушундай бузук
сөз айтып турганыңар
жакшыбы? Атын мен байлачу
белем, кызматкери кырк эле.
34-бет.
Малайдан башым бошоп,
жалчыдан жаным тынбайт.
Бердике, сени ат байлап
бергин деген киши барбы?

Ушунча кызматкерден үйдө
бири да калган эмес экен.
Мунун байы чыкпайт. Байбичесинин
кашынан немене болуп

калган береки куу кедейге
мени сөктүрүп? Бул томаяк-
тын курсагын куу кемпир
тойгузуп койгон го» –

деп, Бердикеге Бакдөөлөт
алынча айтып өттү. Бердике
бозала болуп: «Жокчулугу
да курусун» – деп сөзү токтолду.

35-бет.
Белден ашкан бойдон
Меңдибай ат кууп кетти.
Көз байланды, түн болду.
Ат кууган бойдон Меңдибай

жок. Меңдибайдын энеси
капа болуп, камсыгып «Балам
алданемене болду?» – деп, Каным-
жан келсе, башына жаздык коюп,

Бай Жакып узарып уктап калып-
тыр. Муну көрүп Канымжан
уруштун сөзүнөн баштады.
«Ой, Чыйырды, минген атыңарды

Бекем байлап албайсыңарбы.
Баштатадан башы байлалуу
биз малайыңар белек?!
Ойготсоңчу эриңди,
ойлосоңчу кебимди.

Он бир жашар балам жоголсо, азал-
дан бала көрбөгөн,
Малың ысык көрүңөн.
Көзүңө илбейсиң

36-бет.
сен бир куу баш эмессиңби, мени
дагы бул желмогуз өзүнө теңесем
дейт.

Байбиче десе мактанып, бир дагы
кишини көзүңө илбейсиң. Эртеден
бери балам жок, сен
баланын кадырын түк билбейсиң.

Эч болбосо эсиңе алып койгон
дагы жериң жок.
Каракчысы бар, уурусу бар,
жалгыз баламдан айрылып калсам,
сенин жаныңды тынчытып
ким коёт?

Миңдеп-сандап жаткан жылкыңды
мен баламдын бир түгү(нө) албаймын.
Малың сенин өзүңө ысык.
Балам менин өзүмө ысык.

37-бет.
Чыбырда толгон жылкыңды
Мен баламдын бир чыпалагына
албаймын.
Өзүң тирүү алып келип бербесең,
Мен сенден өлбөй тирүү кантип
калам.

Байбиче, сага малың ысык,
Бу күндө мага балам ысык.
Таап бергин баламды!
Мен олтурамбы сени менен алышып.

Түн ортосу болду.
Жыбырап жылдыз толду.
Алигиче баламдан кабар жок.
Артынан издеп адам барганы жок.

Узатпай уштап алууга ургаачы
менде дарманым жок.

Баламдын көзүн тирүү көрсөм
арманым жок» –
деп басып келип Канымжан
байбичени аябай жапырды.

38-бет.
Байбиче бул сөзгө чыдай албай,
балк этип турду. Канымжан дагы
турбастан, каар сөздү урду.
Каракчысы бар, ууурусу бар,
бөрүсү бар, түлкүсү бар,

аюусу бар, жолборсу бар,
адамды тирүү койбосу бар,
качырып жетчү каманы бар.
Жаш бала кандай кылар амалы бар?

Жолборс албайбы, каман чалбайбы?
Каргашалуу куу кемпир,
Менин бир жолу кадемим катып
калбайбы.

Ат байлоодон эринесиң,
ак маралдай керилесиң.
Алжыганың билбей,
өзүңө жаш көрүнөсүң.

39-бет.
Сен кемигениңди билбейсиң.
Сенин жаштык кыябың өткөн.
Келин сыягың кеткен.
Эми келиндей кылтыңдабай,
Менин жалгыз туягымды таап бер!

Келсе болду жалгыз туягым.
Кеби курусун, келин, катын турат
деп,
сен мени кемитип турган убагың.
Балам кечинде кетти. Күн батаарда

Баланын артынан барган бир
жан жок,
абайлап койгон тирүү жан жок.
Сен байбиче болбой кара жерге кир.
Сенин малыңдын убайын көргөн
ким?

Жылкычы, койчу, төөчү, уйчу
убайын көрүп, дөгүрсүп,
майга мас болуп жыргап жүрөт.
Сен байбиче болсоң, малыңа
байбичесиң.

40-бет.
Мага байбиче эмессиң.
Сен баланын баркын билбейсиң.
Баятан бери мен алда канча
сөз айттым,
бирин да кулагыңа илбейсиң.

Сен бир куураган куу кемпирсиң.
Кудай сага кантип бала келтирсин» –
деп, байбиченин жанынан басып
Бай Жакыпка чамынып, айтар
сөзүн камынып барды.

«Бай болгондо чакайып каласың,
баланы сүйбөй какайып каласың.
Жоошураак ат минбейт экенсиң,
Жобогонуң билбейт экенсиң»
– деп анда

Байына эми байбиче сөз айтат:
«Бул жолу каткан малдын ээлөөчү-

сү ким деп жүрөсүң?
Каргаша болуп качып кетип жоголду,
капаланып сен келгенде

41-бет.
каргаша болуп атың качып,
жоголуп турат. Сен капаланып
келдиң. Мен чыгып атыңды
алып байлабапмын. Бирөөнүн
баласы алып, чала байлап, бошонуп
баланы ала жоголуп турат.

Баятан бери өзүң да угуп турасың.
Береги Канымжан деген катын
баламды таап бер – деп, айтпаган
сөзү калбай, ажалсыз менин

жаным чыкканы жок. Азрейил
алганы жок. Укпаган сөзүм
калганы жок. Артында бала болбо-
гон соң, ак жоолугу курусун.

42-бет.
Арманы арылбайт экен.
Береги Акымбектин катыны
Азабымды аштай катырып,
баламды таап бергин – деп,

түн бою бүтүн урушуп,
бетимде наарым калбады.
Түк мындай жорукту
көргөнүм, мындай сөздү

түк укканым жок эле. Туруп
мунун баласын таап берсеңчи.
Талыкшып жатып албай, изин
кууп издесеңчи, эринип жатып албай!
Эми таңга да жакын калды.
Жапаа түшүп жаныңа, кечинде
келдиң кебелбей. Уктадың.
Күндүз келдиң, күчөнүп уктадың.

43-бет.
Арам өлгөн Туучунак
адырга чыгып кеткен белем,
ат курусун, табылар.
Ажарымды кетирди,

береки Акымбектин катынынын
баласын таап берип кутулсаңчы.
Доңуз копкон Тоочунак
тоого чыгып кеткен белем,

муну кууп Меңдибай кошо жоголду.
Капкайдагы адам уккус жаман
сөздү ушул катындан уктум.
Менин балам жок куу баштыгымды

жалгыз эле ушул катын көргөн экен.
Кайгырып келип жыгылдың,
сенин кадырыңы билер киши
бар беле.
Катыным кармар дегендирсиң,

44-бет.
ат менен ишиң бар беле.
Атты кууп бирөөнүн
баласы жоголуп турганын карачы.
Эси жок катын экен, эс алып

урушпай, таңшып жатып,
таң атканча бүлүндүрүп салды.
Таңга да жакын калды, даңкайып
жатып албай турсаңчы.

Туубаган жалгыз мен белем,
журтта туубаган катын көп.
Мени кекетип, токолуң кетти кээрдеп.
Эми береки топоруң турат дээрдеп.

Баламды таап бергин – деп
башымды катырды.
Урушуп жатып ушул таңды
атырды» –
деп, байбиче Бай Жакыпка
баян кылып айтып өттү.

45-бет.
Бай Жакып жаткан ордунан
башын көтөрүп октолуп турду.
«Ээ, кемпирим, кайгырбачы,
кеткениң келер, кемтигиң толор.

Кудай берсе бала да болор.
Көп күйүнбөчү, байбиче!
Күсөгөнүң келер, башыңа
дөөлөт конор, парзант да болор.

Менин белги болор өрнөгүм болду.
Бекер жатып уктаганым жок,
мен бир урматтуу түш көрдүм.
Кудай бизди куру калтырбайт экен.

Түшүмдө бир туйгун кармап
жүрүпмүн. Таңшып шаңшыса,
бул куштан башкача үнү.
Кудай колума берди.

46-бет.
Куудан аппак жүнү,
канаты күмүштөй жалтырайт.
Куйругу алтындай жаркылдайт.
Дагы мындан сонун жүнү бар.

Каарданып караса,
өзүндө алп кара куштун
сүрү бар. Саңоор жүнү
сары алтын экен. Балтыр
жүнү баары алтын экен.

Чырымтал жүнү чылк алтын экен.
Текөөрү болот, темир экен.
Серпкенин өлтүргөн кыраан экен.
Буга жар берүүчү жараткан өзү экен.

Мунун тумшугу болот, темир экен.
Тырмагы болот канжар экен.
Мен жыпар менен жуулган
алтымыш кулач жибек боону

47-бет.
аягына тактым. Айдын мунарынан
жем берип, асырап бактым.
Асылдан боону тактым.
Күмүштөн туур кактым.
Күн мунарынан жем берип,
Күпкөгө коюп бактым.

Асмандагы канаттуу
айбатынан уча албай калды.
Жерде жүргөн аяктуу
желип чыгып, кача албай калды.
Ага коноорго туурун

күмүштөн жайладым.
Ал туйгунга кошуп
Бир алача моюн
Ак шумкарды
кошо байлап жүрүпмүн.

48-бет.
Билдим, бизге бир
жакшылык болот экен.
Анын качан болоорун биле албай
калдым, – деп Бай Жакып түшүн
айтты. Байбичеси шүгүр кылып,

ичинен тынып, Кудайым
Кондурат экен башына дөөлөт
кушун деп, башка жанга
айтпай: «Бул түшүңдү бир кыныңа

айтып, жоорут» – деди. «Байым,
мен дагы жакшы түш көрдүм.
Бизди Кудайым ээритет экен.
Жүрөктөгү музуң кетет экен.

Бул ээн калган көп малдын
Несин аяйбыз. Башка ишти таш-
тап, эртеңден баштап Тартынбай,
эч болбосо элүү кырк бээ

49-бет.
сойдурт. Курган бала табылса, мал-
ды аяп болбойт, арты кандай ким
билет. Бир алынча той кылып коёлу. Түлөөбүз кабыл болуп, кайып

болуп жоголгон бала табылса
болду» – деп байбиче айтты.
Бай Жакып мал соёлу – деп
байбиче айтканда ачууланып,

башкача ойго кетти.
Өзү мал көндөө бакыл
киши эмеспи, байбиченин
сөзү Жакыптын жанына

батып калды. Бай Жакып
байбичесине айтат: – Ээ, кемпир,
сен оңой малды кайдан таптың?
Моңголду чаптымбы,

50-бет.
же башка жерден олжо таптымбы?
Кытайды чаптымбы кырктан
бээ сойгондой? Же бу малдын
ичинде сенин да тапкан малың барбы?

Ой, тобоо, кырктан бээ союп
бир күндө кырып бүтүр деген дагы
кеп болобу. Эркек түгүл
кыз туубай туруп, мунун

айткан кебин. Бу каран калган
малды кантип кызылала кылып
бир күндө кырктан бээ союп,
кырып саламбы?
Бала болсо, малы менен болсун.
Тулпар болсо жалы менен болсун.

Мал түгөнүп калган соң,
Малсыз баланы не кылам?
Ар ким өзүнө түшкөн ишин кылмак керек, – деп Бай Жакып
күүлөнүп отуру.

51-бет.
Кемпир-чал кеңешип, сүйлөшүп
олтурганда
таңдын сары жылдызы
таңга кошулуп чыга келди.
Ал аңгыча Бай Жакып баласы

жок туруп, байбичеси
кырк бээ соёлу дегенге
ачуусу келип, Бакдөөлөттүн
үйү жагына басып бара жатат эле,

кулагына бир добуш угулду:
«Ой, атаке, эмне капа болуп
кайгырдың? Алты суу толгон
малың жатып, тең карыган

байбичеңди ыйлатып капа кылдың.
Кыламын десең кыйын эмес,
Кытай дагы сага жабылат.
Кыйналбагын дүнүйө үчүн

52-бет.
сага кылымдын малы табылат,
оолукпагын дүнүйө үчүн.
Орус сага багынат,
бүтүн ойроттун баарын чабасың,

ойдо жок дүнүйө табасың»
деген ушул добуш кулагына угулду.
Көзүнө көрүнгөн жок, өзүнө
билинген жок.
Элең-селең караса угулган

үндөн башка көзүнө эч нерсе
көрүнгөнү жок. Бул кандай кеп?
Кеткеним болбойт го – деп, Бай
Жакып кайрылып байбиче жакка
басты.

Артынан чыгып Бакдөөлөт
басып, Бай Жакыптын кашына келди.
«Байым, түндө мен бир түш көрдүм.
Түшүм эң сонун түш.

53-бет.
Бозала туйгун, боосу жез экен.
Боору кара, мойну кез экен.
Оң колуңа алып, обону көздөй салдың.
Сол колуңа алып, сонорго

салдың. Бул салган канаттуулар
далдайып уча албай, алдыңа келип
түштү. Байбиченин үйүндө
балдагы алтын туурда

аппак туйгун олтурат. Талпынып
канатынын күүсүн укканда
канаттуу паранданин баарысы
томолонуп жерге түшүп калды.

Байым, бул түшүмдүн жалганы жок
Бул куу кемпир дагы куру
калганы жок.
Бул туурдагы туйгуну
турна моюн, жез канат экен.

54-бет.
Тумшугу болот, тырмагы канжар
экен.
Буга адамдын (баары) таң калып
жатыптыр.
Үйүндө олтуруп талпынса, сенин
бул үйүндө эки куш жалтанып куруп

калат» – деп Бакдөөлөт
айтып өттү. Ушу кандай
экен? Бул жакшы түш го» – деп
Бай Жакып балага чукак киши

эмеспи, баркырап ыйлай баштады.
«Кудай ишиңди оңдосун. Түшүң

кабыл болсун» – деп Жакып байдын
оюна ар нерсе түштү. «Ой, тобоо,

Жараткан Кудай, жалгыз өзүңө
маалым, кечээки күнүң кандай күн?
Бүгүнкү түнүң кандай түн?
Кечээки түш оюма түшсө, таакатым

55-бет.
боюмда калбайт менин.
Акылым айран болуп калды.
Байбиче да түш көрүптүр,
мен дагы түш көрдүм. Сен дагы

түш көрүпсүң. Ким айтат арбыныраак мал союп жоорутсакпы дейт
бу түштү» – деп Бай Жакып
Бакдөөлөттүн үйүнө бет алды.

Бакдөөлөт Бай Жакып менен
жанашалап басып, байына кеп салды:
– Ээ, байым, бул ээн калган малды
не аяйсың, байбиче ырас

айтыптыр, байкап турсам баарыбызга
эп болуучу кеп экен. Кабарын мен
дагы угайын, канча мал соёсуң деди.
Анда ачууланып Бай Жакып айтат:

56-бет.
«Кысырак байталдан
кыркты сой – дейт.
Байбиченин кеби ушул. Ал өзү
малдан тойгон кемпир. Сен дагы
айтасың сойгун – деп.

Бул сөз соолуп калган кандай кеп.
Малды бакса, сан болот» дечү эле,
малдуу киши кан болот дечү эле.
Менин союуга оюм жок болуп турат.

Же бала көргөн той болбосо,
же жеңил-желпи кой болбосо,
же эл түшүрүп, жыйын кылбаса.
Мен элдин ээси эмес, малдын

ээси – адам болсом. Бекер
мынча малды кырганыбыз
малга убал,өзүбүзгө кээ болбойбу.
Кебиңди, катын, албаймын.

57-бет.
Малдын кесирине калбаймын.
Кедей болуп, кейиш тартып
зарлап жүргөнчө баласы жок
эле жүрөйүн. Бир жагы бетим

ачык жүрсүн – деп Бай Жакып
айтты. Муну угуп Бакдөөлөт
буркурап ыйлап, байын колунан
кармап алып, кырк эле байтал

сой десе байбиче
кысынган экен. Бакдөөлөт
билсе, байым сага эп болсо,
сексенди союп сел

кылып койгун. Коногуна
сегиз уруу эл чакыргын.
Арбыт ашынды, майла башынды.
Эстебей билбей, жүрөсүңбү
Элүүгө келген жашынды.

58-бет.
Дүнүйөң арбын, эч кемчилдигиң жок.
Бир кемчилдигиң балаң жок.
Бала деп көз жашыңды
кургатпайсың,
сенин малы-башыңды кулдар
бийлеп,

жүрбөсүн. Сенин малың бар,
элиң жок. Өзүңдүн эл
сурарга эбиң жок адамсың.
Сыңар жанга кубандырып,
жол-жобо айта турган кебиң
дагы жок. Кой, Бай Жакып,
бекер кууланбай, байбиченин
сөзүн кылсаңчы. Малды

аябай кырсаңчы. Сени бала десем,
карып калдың, элүү жашка барып
калдың. Малыңды ээлер балаң бол-
босо, пайдасы жок тарып калдың.

59-бет.
Таарынсаң, эрим, мейлиң. Сенин
тарыган экен пейилиң.
Талаада калды кебиң. Тагдыр
ажал келсе, табылбайбы эбиң.

Таарынсаң таарына кой, эрим» – деп,
Бакдөөлөт токтоп калды.
– Бай Жакып ачууланып байбиче-
нин үйүн бет алып басып калды.

Алдынан Канымжан чыгып:
– Бай Жакып, сизге не болду?
Менин балам кана? Таппайсыңбы?!
Ат куудуруп жиберип,
Баламды жоготуп, издебей,
сурабай жатып алганың болобу?
Кечээтен бери балам жок мен
Ыйлап жүрсөм, сен издебей
жатып алсаң,

60-бет.
эми аке дебеймин, Жакып деп
атыңдан айтам. Баланын баркын
билбейт экенсиң. Баркыратып
малайыңды сөгүп тилдейт экенсиң.

Кулуңдун баркын билбейт экенсиң.
Күрсүлдөп кулдарыңды тилдейт
экенсиң. Куураган чал,
куу баштыгыңды билбейт экенсиң.

Баланын кадырын билбей,
как баштыгың билинди.
Кулдун баркын билбей,
куу баштыгың билинди.

Бала кандай болуп калды
экен деп менин кара боорум
как жарылып тилинди.
Таң атканча чыканак жерге

61-бет.
салганым жок, чырым уйку
алганым жок.
Көрбөй турасыңбы күндүн
чыгып калганын? Элимде, жеримде
казак, кыргыз көп баланын
баркын билбеген бул кандай
куураган кеп. Бай Жакып
кенейби мунун баласы көп» – деп
Канымжан Жакыптын

жанын кашайтып, кыстап салды.
Эми Жакып туруп: «Бул
калети жок кеп болуп калды.
Катынга дагы эп болуп калды» –
деп,

койчу, уйчудан «Аты бары
бар бекен? Алып келиңерчи!
Кеткен жөнүн билип, баланы таап
келсин, бул катынды
заңкылдатып отурбай.

62-бет.
Мунун баласын издеп таппасам,
бул катын менден кун доолай турган
болуп турат ко. Мага баласынын
жалаасын
жапты, билдиңерби?» – деп,
койчунун Коңур

күрөңүн алдырып келип токутуп,
минип атты, баланы Бай Жакып
изин чалып, издеп чыкты. «Кандай
кылайын, же кабары, изи болбосо,

же көрдүм деген киши болбосо» – деп,
тоодой болгон Бай Жакып
томсоруп жолго кирди. Адыр
жер менен, ашуу бел менен,

боор жер менен, бугу оттогон
бел менен, булуң токой жер менен
жүрдү. «Бул каран калган Туучунак
кайда качып кетти экен?

63-бет.
Бул каргашалуу бала немене
болду экен?
Куу тумшук баланын мингени
кунан бекен,
тай бекен? Кууган менен
атка кантип жетет. Мунун

токтолор жери, жоголор эби жок эле.
Караңгыда каман чалып, кара басып,
Кademим катып калдыбы,
же жолборс алып, жолум катып,

кун берип калдымбы?» – деп
нардай боздоп, каңгырап,
ай талаада ач кыйкырык салып
Жакып бай «Меңдибайлап!»

Заңгырап, кыйкырыгы баш жарып,
кырдап келет. Кызылдай жанын
кыйнап келет. Бул кызыл аяк
балага не болду?» – деп ыйлап келет.

64-бет.
Салындуунун өзөнүн
бойлоп келет. Өлгөн го деп
баланы ойлоп келет. Токой
койбой, таш койбой жойлоп келет.

Алты белес адырды Бай Жакып
арытып карады. Ак-Өтөк
деген аралга келди, тегереги
токой, жер ортосунда

кара суусу бар экен. Аттатып
өтсө, арам өлгөн Тоочунак

алдынан чыкты. Аттын үстүн
караса, ак жолборстун
териси аттын үстүндө жабылып

турат. Аны көрүп
Жакыптын акылы кетти:
«Кудай мени урган экен,
кун төлөп калган экенмин» – деп.

65-бет.
Бул баланы жолборс алган экен,
Мени балакетке салган экен.
Баланы жолборс жеп жатканда
бир жетик мерген аткан экен.

Жеке башым кун берип, менин шорум
каткан экен жеткизип,
кунун алсын – деп.
Бул желмогуз атка жапкан экен.
Алганында баланы бир адис
мерген аткан экен.
Азабым аштай каткан экен.

Атынан таанып алар кунун деп,
атыма тери жапкан экен.
Кун курусун малым бар
Кутулам, энеси бейжай

экен. Бети курусун, жанымды
койбойт го. Аман экен өз атым.
Бүгүнкү түн кандай түн эле,
кайгы менен атырдым.

66-бет.
Жаныма жабыр батырдым,
жамандык менен атырдым.
Не болсо да ат табылды,
абийир жабылды.

Корсон бол жолборстун терисине.
Атка кандай айкарынан жабылды?
Бала түн киргенде адашып
кетти бекен.
Жолуң каткан Тоочунакка

Жолборс кууп жетти бекен?
Жалкоо ит эле, жолборсту
ат тепти бекен? Боорун жарып
кетти бекен, жолборско ажал

жетти бекен атты алам деп.
Ак жолборсту ат тебип,
ажал жетип өлүп, өлгөнүн
бирөө көрүп эрмектеп союп,

67-бет.
атка жаап койгон белем,
ээси таап алар – деп.
Бул арам өлгүр оттоп,
ар тарабын боктоп,

нак ушул жердин өзүндө таң
атканча тургандай көрүнөт оттоп.
Же жолборстун калган эти жок,
же баскан изи..?
Бул Меңдибайдын энеси

бети жок бейжай катын экен.
Бул качкан атымды кармап
бер деп айткан киши жок.
Бекер эле жүрүүчү шумурай

эле, бул атты кандай кууду экен?
Бала менен менин ишим жок эле,
мээнет басып бекерге кун тартып
калдым. Мендей шордуу пенде болобу.

68-бет.
Жанга жаман ниетим жок эле.
Качкан атымды кармап бергин –
деп каргашалуу балага айтканым
жок эле» – деп, атын алып
жолуна салып:

«Баягы кара жаак катындан кара
жаным кантип кутулаар экен» – деп
Бай Жакып үйүн көздөй жүрдү.
«Бул шумурай балага не болду?» – деп

Бай кайрылып артын карады.
Томолонуп Меңдибай токойдон
чыгып келди. Кыпкызыл баланын
эки бети нурланып калыптыр.

Меңдибай чыгып келип,
капа болуп турган Жакыпка салам
айтты: – Ой, атаке Бай Жакып,
сиз кандай адамсыз? Кечээ чыктым
жолуңдан, ыйлапсыз көзүң тунарып.
Жаш болуп жүрөсүз өзүңүз.

69-бет.
Айылга баш болуп жүрөсүз,
бул кандайлык? Ыйлайт,
көзүнөн жашын тыйбайт.
Ичинде немене муң бар – деп

так ошол жерде сурадым
Кашыма турганың жок,
оң жооп кылганың жок.
Мунун балада ою бар го – деп,

мен майышканымдан сурадым.
Байбиче менен сүйлөшүп,
үйүңө кирип кеттиң. Астыңдагы
Тоочунак байларга киши жок,

ат бош калып, чылбырын сүйрөп
ат качты. Айылдын бери жагындагы
кырды ашты. Кырды ашканда
кубалап, атты кууп жетип, тозоюн
деп кунаным менен чү дедим.

70-бет.
Куу чабдар озуп кетти.
Кызыл күүгүм болду.
Ал аңгыча кырдан кырк бала чыгып,
кыйкырып куу чабдарды

кубалап жолго түштү.
«Бай Жакыптап!» бакырат,
«Манастап!» ураан чакырат.
Туучунак качып кырк

баланын алдына түшүп жөнөдү.
Баарысы сенин балаң экен.
Мени дагы кошо кубалап
Алдына салып алды. Бул ишке

өзүм айран калдым. Бул балдарыңды
мурун немине үчүн жашырып
жүрдүң? Токойго атың жетти.
Жолборс кучактап алып саларда,

71-бет.
Баягы кырк бала ичинен бир бала
көтөрүп күрсү урарда,
Тоочунак жолборсту
келтирип как жүрөккө тепти.

Бала дагы күрсү урду. Күркүрөп
жолборс жыгылды. Билбей калдым,
бул жолборс кимден өлгөнүн.
Тоочунак тепкенинен өлгөнүн,

же бала күрсү менен башка чапка-
нынан өлгөнүн. Жолборсту чапкан
бала сойду, терисин атыңа жаап
койду. Бала: «Меңдибай сени
жибербейбиз.

Тамак ичип, бүгүн түндө
ойнойлу» – деп балдар тамашага
кирди. Салкындуу суусун бойлоп,
балдар менен мен дагы таң атканча
ойнодум.

72-бет.
Чырым уйку алганым жок,
урушуп калба салганым жок.
Күрөшкөн менен аларды
адам жыгар балдар эмес.

Сымбаты жандан башкача.
Кырк балаң мында жүргөн соң,
Бай Жакып атаке, сенин бала үчүн
кандайлык да арманың бар.

Балам жок деп жүргөнүң бай аке,
Сизге кесир эмеспи? – деп
Меңдибай безилдеп айтып
өттү. Эми Бай Жакып

Меңдибайга жооп айтат:
«Ээ, балам, бекер айтпа, кырк бала
Турсун бир да балам жок.
Өлгөн Жакыпты, балам,
шылдың кылба.

73-бет.
Шылдыңың, балам, эп эмес го.
Кулакка сыяр кеп айтсаң болбойбу.
Балам, мени мазак кылбачы!
Энеңден кордукту көрдүм.

Түн боюнча уктатканы жок.
Эми балам, эсен-аман барып,
мени азаптан куткар!
Энекең далай азапты көрсөттү» –

деп Бай Жакып ойлонуп
карк кекирди. Баланы бекер
айтасың десем, жолборстун
териси бар. Кырк чилтен

деген кайып эрлер бар дечи эле,
ошол мага бере турган балага кырк
чилтен жолдош болот экен го.
Байбичем Чыйырды, токолум
Бакдөөлөт

74-бет.
«Бала!» – деп ыйлап жүрүп, жак-
шылап дөөлөт, жакшылап сөөлөт
күтө алганы жок.
Түндөгү түндүн өзүндө көзүмө
көрүнгөнү жок. «Атаке!» деген

баланын үнүн уктум.
Алкымыма апкаарып

жүрөгүм келип тыгылып калды.
Берсе Кудай баланы казынасы

Көп эмеспи, андан Кудайдын
Казынасы короп калмак беле.
Эми балам, карыган кишини
эрмек кылба! – деп, кетелик

үйгө» – деп Бай Жакып
баланы, атты алып
үйүнө барды. Байбичеси,
токолу басып алдынан чыгып,

75-бет.
баланы таап келгенге сүйүнүп калды.
Канымжан келип, баласын көрүп,
кургурдун койнуна жаш
толду. «Эсиң чыгып ыйлап,

эшикке түндө чыкчу эмес элең,
жатканыңдан турбай уктачу
элең, жалгыз талаага кантип
жаттың, балам?
Жолборстон кантип калдың?

Баарыбызды бу жерде
Жоболоңго салдың.
Байбичеге айтпаган
сөзүм калганы жок.

Балам аман келди, арманым жок» –
деп Канымжан айтып токтолду.
Көргөнүн Меңдибай көөдөк
бала турабы. «Ээ, энеке,

76-бет.
Бай Жакыптын Тоочунак
баскан бойдон кетти.

Кетет экен аты – деп,
кетерине көзүм жетти.

Куу чабдар минген кунанымды
түйүлтүп атка жетеримде,
кызыл күүгүм болду, кырды
ашып ат кетти. Кыйып кармаарымда

кырк бала кырдан чыгып,
Тоочунакты кубалаган
бойдон кетти. Мени дагы
кошо ала кетти. Кырк бала

жолдошум болду. Кызык тамашаны
энеке, көрүп келдим. Аттын ак
жолборстун терисин атка балдар
жапты. Таң атканча Салкындуунун

77-бет.
өрүшүн чаңдатып балдар
менен ойнодум. Мен түшкө жакын
көрдүм Бай Жакып келгенин
Бай Жакып акем баркырап,

«Меңдибай!» – деп бакырды.
Басылбастан мени карап чакырды.
Бай Жакып байкуш атам Меңди-
байлап дегеле үнүн басканы жок.
Анан балдар мага

жооп берди. Бай Жакыпка баргын
деп. Мен бай атамдын кашына кел-
дим. Анан үйгө келдик – деди.
Ушул баланын сөзүн Бакдөөлөт

менен байбиче жанында угуп
турду. Бул сөздү бекерби,

чынбы – деп байбичелер сурап калды.
Меңдибай айтат:
«Көргөнүмдүн баары чын.

78-бет.
Мен көөдөк бала эмесминби,
калп айтсам Кудай урбаспы»–
деди. Байбиче баланын сөзүнө
ишенип калды. Бул көргөнү

бир көз боочудай сөз го, – деп эми
Бай Жакып айтат:
«Бербедигер Алланын амири
жаман эмес. Кечээтеден бери

белги берип турат. Береки эки ка-
тыным мени мээнетке салды го.
Белгиси жок туушу жок.
Тупатуура мени менен

урушат той бергин деп.
Мен элден уялам: «Бай Жакыптын
баласы жок той союп, малын кыр-
ганы бул кандай кеп дейт», – деп.

79-бет.
Берекеси жок катындар
эсирип, бээнин семизинен
сой дейт. Мен калмактан
жылкы кууганым жок. Бул

көтү каткан катын көрсөтүп бала
тууганы жок. Кантип соём? Мынча
малды мен кызымды күйөөгө
бербесем,
кызылала кылып кырк бээ
сойгондой.

Кырдан кырк теке аткан мерген
дагы ичи орунат, убал
болуп калды деп. Уят-сыйытты
билбей эле: «Сой-сой!» – деп

карап турат. Буларга союп
берип тындырайын. Айтуу кепке
уста эле, айтканы нуска эле.
Өзү нойгут, өзүмө тууган эле

80-бет.
Акбалта бийди чакыр. Бердикени
чакыр, мында келсин деп.
Дагы молдону чакыр, келсин мында.
Бечара карып, жесир-жетимге,

кемпир, эми берээриңди чыңдап тур,
далай талапкер келет, береки Кам-
барбоздун үйүрүн эркегинин баарын
ниети казатка арнап

койгон мал эле. Ургаачысын
ар жерде уруш, кыстоо
болсо, үлкөн калаба болсо,
ак түлөөгө арнап койгон

мал эле. Камбарбоздун үйүрүнөн
бир бээ алып келгин, ошону менен
тогуз бээ болсун. Карысынан
алып келиңер. Токсон кары кой,

81-бет.
Ак баш инген деген төө бар,
аны алып келиңер.
Сыйырдан жетөө союлсун.
Толуп жаткан той болсун.

Сонун өрнөк болсун.
Мал сойсоң эле бала болот
эле деп байбичем жээлигип жүрөт.
Токолум ээлигип жүрөт.

Берейин тоюңду, анан карап көрөйүн
Катындар оюңду», – деп Бай Жакып
Акбалта бийге аңгемени айтып өттү.
Жана чакырып, алды күлдүрдү.

Береки катындар болтурду», – деп
Бай Жакып жакындарына жайын
билдирип өттү. Жылкычысы Ыйман
ылдам барып, тогуз бээни алып
келгин деп жөнөттү.

82-бет.
Бадачысы Байболду бачым
алып кел деп жөнөттү.
Кой башчысы Кубатты
койдун карысынан тез

барып токсон кой айдап
келгин деп жөнөттү. Төө
башчысы Сарбанды Ак баш
ингенди алып кел деп жиберди.
Төрт түлүктүү малына төрт

азамат барып, бөлүп алып,
айдап келди. Жергесинде
Жакыптын жетимиш үйлүү
коңшусу бар эле, жетимиш

түтүндүн эр бүлөсү
бүт келип, Бай Жакып
Балта бийди кашына алып,
тойго бата кылды.

83-бет.
Бул Бай жакып элүү жашка
көргөн иши эмес эле. Төөдөн
экини, жылкыдан тогузду,

уйдан жетини, койдон
токсонду сойдуруп
салды. Башка эл бул
Бай Жакыптын көргөн,

билгени бар го деп, ойлонуп калды.
Көпчүлүк турабы эт дегенде
бетинен кетип, малды союп,
кемегени казып, казанды

асып, этти басып турганга
кырып-жоюп малды сойду.
Кызматчыдан кыркты койду.
Ушу күндөн баштап эл чакырды.

84-бет.
Он эки уруу бүтүн алаш
Казак байсынып жаткан маңгулду
Эки-эки күн эт бышырды. Элдин
алды келгенде табакты тарта

баштады. Табакты тартты,
Эл майга тоюп, кешиги
кенен артты. Кара-Шаардын
калмагы кары, жашы бүтүн

барган экен, кыргыздан кыйла, ка-
закстан канча арбын барды.
Эки күнү эт тартып,
атын чаап, аңгеме тамашасын

кылып, эл кайтты. Бай Жакып
кеп-кеңеш бар деп өзүнө жакын
туугандарын токтотуп калды.
Кыргыздын байы Бактыгул

85-бет.
Жакыпка жакын адам эле.
Казактан кан Айдар,
Карыя Үйшүн, бүтүн
Алчын, Жаппас аталык,

Ботпай, Чымыр, Шыйкым,
Жаныштын айыл билген, атка мин-
ген азаматтары бүт калды.
Кыргыздан Бай Жакып

Элеман, Сарбан, Көкбөрү,
бай Жамгырчы
Кылым эр Эштек, Түрктүн уулу
Дамбылда, Түмөнбайдын Абдылда
калды. Баарын жыйып Бай Жакып

өз үйүнө алып киргизди. Буларга
эр башына бирден ичик, бирден
кымкап кийгизди. Караламан
калгандарга сарпайдан

87-бет.
Ырайымы келип бирден жапты.
Өзү көтөргөндөй эт
берип, талабына жеткирди.
Бай Жакып коюн таратты.

Баягы айтылып өткөн Алаштын
Азаматтарын казак, кыргыздын
кыраандарын жана Жакып бай

өз үйүнө киргизип алып,
баарысы да көңүлү жакын
көзү ачык, көкүрөгү тунук чечен-
дер олтурганда Бай Жакып маселе

баштап, түшүнөн түк калтырбай
айта баштады.
«Мен түшүмдө бир куш алып
салып жүрүпмүн. Ал кушумдун

88-бет.
куштар шаңшыса өзү
куштан башкача, жүнү
куудан аппак, куйрук,
канаты, башы жаркылдап,

айбат менен караса,
Алп кара куштай сүрдүү.
Шаңоор жүнү сары алтындай.
Балтыр жүнү баары алтындай.
Чырымтал жүнү чылк алтындай.
Текөөрү болот, серпкени
өлбөй кала турган эмес.

Мунун тумшугу болоттой,
тырмагы албарстай,
сүрү жолборстой.
Буга жыпар менен жуулган

89-бет.
жибек боону тагыпмын.
Алтымыш кулач жибек боону
аягына тагып, Айдын
мунарынан жем берип,

аябай сыйлап багып жүрүпмүн.
Күмүштөн туур кагып,

ал туурга кондуруп, күндүн
мунарынан жем берип, көккө

коюп багып жүрүпмүн.
Мунун сүрүнөн асмандагы
канаттуулар уча албай калды.
Жерде жүргөн аяктуу

желип чыгып кача албай калды.
Ага коноорго туурун жайлап,
ала мойнок Ак шумкарды
Ага кошо байлап жүрүпмүн.

90-бет.
Билдим мага бир жакшылык
болот экен. Мунун
качан болоорун билбей
калдым. Кара-жором, баарың

олтурасыңар, бул түшүм
кандай түш, жоруңарчы?!
Жана байбичем кургур
Бул дагы башкача

сонун түш көрүптүр.
Ак селделүү бир адам бир
ак алма, бир кызыл алма бериптир.
Алма жеп ичи толуп, анын

артынан ышкырып бир алтымыш
кулач ажыдаар чыгыптыр.
Ачууланып оп тартса,
ай-ааламды соруптур.

91-бет.
Акылмандар олтурасыңар, бул кандай
түш? Муну да жоруңарчы! Жана
токолум дагы бир сонун түш
көрүптүр.
Үйүмө эки куш байлап койгон
экемин,

бул куштардын боору кара, мойну
бир кез экен. Текөөрү болот, боолору
жез экен, капшытыма жайлап,
катыным байлап коюптур.

Бул кандай түш болот,
карыялар олтурасыңар, байкап көрүп,
баянын айтып, бир жакшылап
жоруңарчы!?
Баарыңар жандай көргөн жакын
кишилеримсиңер», – деп,
түштүн жөнүн

Бай Жакып баян кылып айтып өттү.
Олтурган жар-жоронун баарынан
түш мындай деген жалгыз ооз сөз
чыкканы жок. Олтурган

аксакалдардын баары сакалдарын
тарап, оозуна кеп кирбей,
бирин бири карап, сөз кимден
чыгар экен деп сөз айталбай

акылынан адашып, көпчүлүк аш
кайнамдай токтолуп олтуруп калды.
Ага чейин ал элдин ичинен
кыңк эткен эч бир адам болгону жок.

92-бет.
Алардын шайы кеткен кезде,
аш кайнамга жеткен кезде,
аста жөтөлүп, башын көтөрүп,

баянын айтып Байжигит
сөз баштап калды.
Аксакалдардын баарысына бет
алып: «Эй, Бердике менен
Дамбылда, сен болсоң белгилүү
чечен Сарбан таз олтурат.
Башка аксакалдар баарыңар
олтурасыңар.
Көп жашаган карылар
олтурасыңар.
Бул Бай Жакыптын көргөн түшү
түштөй эмес, тупатуура туш
келген экен.
Бул кудуреттин өзүнөн
келген иш турбайбы.
Ушул түшү чын болсо,
ойротту ойрон кылып
басчу кеп турбайбы.
Түштө көргөн
кош эркек бала эмеспи.
Балам жок – деп Жакып
ботодой боздоп,
өткөн заманды козгоп,
ыйлап жүрбөйбү.
Бул Жакыптын байбичеси
эркек бала табат экен.
Бул бала Ай тийген, Күн тийген
жердин баарын алат экен.
Күн тийген жердин баарысын
күч алганда каратып күтүп,
кармайт экен.
Санааңыз тынсын, балаңыз ушул

93-бет.
жана алтымыш кулач
жибек боону аягына таксаңыз,
айдын мунарынан жем берип,
асырап баксаңыз, балаңыз
алтымыш жашка чыкканча

аким болуп журт сурап
балаңыз ай-ааламдын
баарын алат экен.
Башына арбак конуп калат экен.
Бул бала жакшы бала экен го.

Бай Жакып сени
кудай сүйгөн экен.
Сүйгөнүнөн сени
зарыктырып жүргөн экен.
Байбичең ажыдаар минип жүргөн
ушул бала бүтүн
дүнүйөнүн жүзүн басып,
баарын сурайт экен.

Ажыдаардан айбаттуу,
арстандан кайраттуу
баатыр бала болот экен.
Не кыйынмын деген
эрлердин баарысы
алдына келип,
эл болот экен.

Элинин эсебин берип,
колуна карайт экен.
Ала-Тоодой арстан болот экен.
Кара-Тоодой касиет конот экен. Балаңыз соо бала

94-бет.
болбойт экен. Ай-ааламды сураган
Падыша болот экен», – деди.

Бул сөзгө
Бай Жакып буркурап боздоп
ыйлап калды.
Байжигитке карап

Бай Жакып сүйлөп калды:
«Ак туйгунга бир ала моюн
Ак шумкар кошо байлап жүргөн
экенмин, муну да жооруп
бериңерчи!» – деди.
Байжигит анда айтат:

«Байым, шумкар деген өзү кыз
болот.
Байбичеңиз жана бир кыз табат
экен», – деди. Жана Жакып
эстей салып, эрке токол Бакдөөлөт

дагы үйүнө эки куш кондуруп,
Байлап жүргөн экен, муну
да байкаңарчы!
Бул кандай түш? – деди.
Анда Байжигит айтат:
Бул дагы жакшы түш. Бакдөөлөт

дагы эки уул табат экен –
деп айтып өткөн
агасынын ордун басып,
булар дагы мыкты болот экен.
Ээ, Бай Жакып аке,
байбичең менен учуңуз
дүнүйөдөгү түштүн

95-бет.
сонунун эле силер
көргөн экенсиңер.
Түшүңөр кабыл, ишиңер оң болсун.
Азирети Жакып жорусун»,
– деди. «Баракелде,
Байжигит! Жакшы жоруду»
– деп Дамбылда айтты.
Батасын берип, калк үйүнө
кайтты, барар жолуна түшүп.

3-бөлүм

МАНАСТЫН ТӨРӨЛҮШҮ

Манас деген каныңар,
Буга кулак салыңар,
Ужутка Манас келгенин,
Угуп билип алыңар.

Тою тарап кетти,
Жакып көргөн түшүн
жорутуп өттү.
Өз оюнда талабына
Бай Жакып жетти.
Аны да байкап алыңар.
Ар бенденин кудайым
Тилегин берсин,
Тиктегенин берсин.
Жакып бай өзү
Оокатын кылып,
Не болсо да
Санаасы тынып калды.
Анардын башын жайлап,
Алтайдын тоосун таянып,
Аксы менен Күчөрдөн
Ичер чайын алып,
Иленин башын кыштап,
Кара шаарга малын көктөтүп,
Жалгыздыктын айынан
Калмактан кордук көрүп,
Казактан зордук көрүп,
Орозойдун он уулу
Жүрө албай,
Орол тоодо калган.
Байдын эки баласы
Качып Кашкарда калган.
Башкасын калмак, кытай
Таратып бөлүп кеткен.
Кара кандын сегиз уулун
Сегиз жакка таратып кеткен.
Бай акем Жакып
Эмне болду экен – деп
Бакай басылбай
ыйлап жүргөн.
Көкчөкөздүн балдарын
Оргундун боюна –
Шапшак деген жерге
алып кеткен.
Көзкамандын балдарын
Манжоруянын жерине –

Төбөттөн ары жагына
алып кеткен.
Булардан тырп эткен
Кабар болбой калган.
Кытай кыстап,
Өкүмүн кылып,
Таратып бөлүп кеткен.
Бай Жакып
Кытайга жазып,
Кыйырынан азып,
Кыстоону көрүп,
Кылмышсыз өлүп,
Азган-тозгондон
Ата-энесинен айрылып,
Бозгондон ар кайсысын
Ар жактан таап алып келип,
Жетимиш түтүнгө түтүнү толуп
Эми бир эл жайлаганга жер
Алсам экен деп күтүнүп калды.
Иленин башы эки аралды
Азыр ататып алды.
Башында бар Жакып
жайлап турган Азоо-Бел деген
белге башканы коюңар.

Эми арстан Манастын сөзүнө
Кулак салыңар.
Тойдон кийин токтолуп,
Эки жыл тамам өттү.
Эч дарек билинбей,
Үчүнчү жылы
азыраак дарек угулуп,
Байбиченин үч айлык
боюнда бар деп,
Айыл-апага кабарланып,
Бай Жакып кубаттанып калды.
Байбиченин боюна Манас
Бүткөнүнө үч ай бүтүн өттү.
Байбиче талгак болуп,
Тамак жүрөгүнө барбай,
Талгак болгондо да
Жолборстун жүрөгүнө талгак болду.
Бал, шекерге карабай калды.
Башка тамак байбичеге
жарабай калды.
Бир жолборстун жүрөгүн
жесем – деп,
Мындан башка да санаасы
калбай калды.
Жолборстун жүрөгү табылбай
Байбиче жинди болуп
жүдөп калды.
Ал аңгыча бир жылкычы
чаап келип,
Байбичеге кабар айтты.
Каңгайдын кара мергени
Бир жолборс атты
деп кабар уктук,
Терисин сыйырып алып,
Жүрөк, боору, башка эттери
Коштун жанында калды деп
Чыйырды жылкычынын
айтканын угуп,
Алдынан чыкты.

Жылкычыга чоң жамбыдан
Бир жамбыны колуна
кармай барды.
«Жылкычым, сага кайыптан
олжо табылды.
Ишиң оң экен,
Бул жамбыны азыр алгын,
Турбастан чаап баргын,
Жолуңду таап алып келсең
дагы берем.
Башка эгер алып келип калсаң,
Сени ата-энемден артык көрөм,
Калган дүнүйө болсо,
Кайтып келгенде аларсың деп
жылкычысын жөнөттү.
Жылкычы жамбыны алып,
Кыркыратып салып
Ара конуп барды.
Барса жолборс жаткан экен.
Зыңкыйып муздап каткан экен.
Жолборсту жарып,
Жүрөгүн алып,
Турбастан кайра салды.
Жол боюнда бир бээ
Тели болуп, жылкычылар жыйылып
Аны союп жаткан экен.
Ал бээнин жүрөгүн дагы алды.
Не болсо да бу дагы жолборстун
Жүрөгү деп байбичени
сынап көрөйүн – деп,
Жылкычы жолго салды.
Барган күндүн эртесинде
Бадыратып салып жетип барды.
Байбиче жылкычынын
келгенин көрүп,
Элечектен каш чыгып,
Эки көздөн жаш чыгып
Жыла басып,
Жылкычынын алдынан чыкты.
Жылкычынын аты Бадалбай,
Байбиче Бадалбайдан
сөз сурап калды:
«Балам, барган ишиңди
таптыңбы?» – деп.
Анда Бадалбай айтат:
«Ээ, энеке-байбиче,
Барган ишимди таптым,
Түндө конуп жаттым.
Бир эмес эки жолборстун
Жүрөгүн алып келдим» – деди.
«Ээ, балам, жолборстор
жолдо жаткан бекен?
Каңгайдын кара мергени
катары менен аткан бекен?
Же малдын жүрөгүн
Жолборстун жүрөгү – деп,
Шору каткан мени
Шылдың кылып жатасыңбы?
Чыныңды айтчы!» – деди.
Байбиче билип калды – деп
Бадалбай каргана баштады.
«Алдам азыр турат,
Жалган айтсам жашаймынбы.
Мени тузуңуз уруп кетпейби.

Мынчалык барыктап калдыңыз
Муну байбиче дары кыласызбы,
Кызарып каны куюлуп
агып турбайбы.
Жалган айтсам
Анда мени кудай урбайбы?–
деп Бадалбай шашып калды.
Байбиченин көңүлү
жайланып калды.
Чекчеңдей басып байбиче
Челекке суусун алды.
Оозунда капкагы бар жез казанга
Жүрөктү салды.
Чала-була бышырып
Эч адамга билдирбей
Жеп алды.
Сорпосун калтырбай
Бүтүн ичип алды.
Байбиченин талгагы
Магдырап канып калды.
Байбиче эсине келди.
Эсептесе тогуз айга толду.
Тогуз ай, тогуз күн болуп,
Байбичеге баланын толгоосу келди.
Бала боюна бүткөнү
Бейшембинин түнү экен,
Кубаттанып балага
Кубанып жүргөн Бай Жакып
Байбичесинен сөз сурап калды.
«Байбиче, бүгүн
Этиң ооруп калыппы,
Кабагыңды чытып
калыпсың?» – деди.
Байбиче баланын толгоосунун
Баянын айтты.
Байбичем аман-эсен тууса деп
Бир нече малын
Назырга айтты.
Байбичем аман-эсен бала таап,
Баланын жүзүн көрүп,
Максатыма жетер бекемин деп,
Бир канча малын Назырга айтып,
Ак боз бээни союп,
азыр түлөө чалды.
Байбиче кайраттанып,
Белдемчисин бекем байланып,
Кайратты кабат кылып
олтурган эле,
Чындап толгоо келгенде,
чыдай албай
Алтындан бакан койду.
Ансайын аягын байбиче чойду.
Байбиче толготуп калыптыр деп,
Коңшулары калбай жыйылды.
Аз үнүн чыгарып байбиче ыйынды.
Козголгон сайын кокуюн
айтып ыйынат,
Онтогону басылбай
Ой-боюн айтып ыйынат.
Баланын үнүн угар бекемин деп,
Бай Жакып дегдеп калды.
Байбиче чыдай албай
Чыңырыкты салды.
Бала чиренип койсо байбиче

чыңырып калат.
Баканды бекем кармап,
Жаным аман калар бекен? – деп
Жаратканга зарлап.
Бала бекем туйлап кеткенинде,
Кармап турган катындардын башы
жерге кире түшөт.
Байбиче айтат элине,
Бай Жакып эрине
Бул менин ичимдеги бала
Бала эмес мени жечү балакет ко,
Ажыдаарбы, жолборсбу
Бул бала мени аман
койбойт ко деп турганында
Бала туйлап кетти.
Байбичеге күч келип,
Белдемчинин жакасы беш
жеринен үзүлүп кетти.
Байбиченин эси ооп
Эндиреп жатып калды.
Бай Жакып чочуп калды.
Байбичемден несин аяйын деп,
Бир аксарбашыл кой,
Ай туяктан бээ,
Ай мүйүздөн уй,
Айры өркөчтөн төө
Аябастан чалды.
Эмне кылчумун деп
Байбиче айгайды арбын салды.
Бул менин жанымды
Жечү бала белем,
Бай Жакып жесир калат белем.
Же бул каргашалуу бала
Ажыдаар, шерби,
Аныk менин жатарым
Алдымдагы жерби.
Жараткан Жапар кудай – деп,
Баканды кармап алды.
Байбиче бакырыкты салды.
Бакшы, бүбүнү жыйнап келди.
Жан калтырбай байбиче
Түндүк бою түйүлүп жатат,
Көргөндөр андан түңүлүп жатат,
Жети күнү толгоо тартты,
Жергеси чарчап бүттү.
Алты күнү толгоо тартты,
Айылы чарчап бүттү.
Толгоосу толду,
Тубар күнү болду,
Эртеңки күнү
Бейшембиден калбай
Эми тубар деп
Бердикенин катыны
Камданып калды.
Дамбылданын катыны да
Кайраттанып калды.
Акбалтанын катыны да
Азырланып алды.
Куттубайдын катыны
Кудай берсе тубар – деп
Куруп калган Жакыптын,
Кулагына салды.
Байбичең эркек тууйт,
Бай, сүйүнчү – деп.

Байбичең эркек тууйт дегенде
Бай Жакып ыйлап басылбады.
Адам бул Кутунайдын катыны,
Менин кулагыма жакшы угулду,
Мен балам жоктон
Ыйлап капа болуп,
Кара жанымды кыйнап жүрдүм.
Байбичем аман тууп,
Эркек деп бирөө жүгүрсө,
Жүрөгүм кабынан чыгып
Жарылып кетер бекен,
Ботосу жоктон майышып жүрдүм,
Бото тилеп кайышып жүрдүм.
Баласы жоктон майышып жүрдүм,
Бала тилеп кайышып жүрдүм.
Сүйүнчү деп бирөө жетип келсе,
Бул жерде бул айылга
Токтоп тура албасмын.
Кокустан эсим ооп жыгылып кетсем,
Элге уят болбой
Ээн жерге жыгылайын,
Бир ээн жакка барып
Элден кабар алайын.
Сарамжалымды жайлап,
Сүйүнчүгө берер малымды
Байлап коёюн – деп,
Кыл аркандан кермени
алдырып келип,
Кырк кара боз быштыны
Кыдырата байлатты.
Жетпей калган алсын – деп
Жети куру ат байлатты.
Эркек болсо чабыңар,
Мени талаадан табыңар,
Кыз болсо мага келбеңер,
Эркек-кыз экенин аныктап
Билип алып чабыңар.
Жалпы журт,
Сөзүмдү аңда,
Жалганчы болуп калба, –
Деп Бай Жакып атына
Аттанып калды.
Бай марттык кылат экен го–
деп айылдагылары
Шаттанып калды.
Жакып жолго салып келе жатса,
Жоргобоз деген айгырынын
үйүрү жолунан чыкты.
Бир кара жалдуу кара бээ
Кайкалактап калган экен.
«Булар кайдан келип калды,
Түзгө токтобой улардан бетер
Тоонун башына качуучу.
Болду, болбоду ушул кула бээ
Азыр тубат, эркек болсо
Кулунун балама энчилеп берейин.
Эгем Таала кудурет
Санаама жеткирген болсо,
Байбичем эркек тууса,
Бул айгырымды
Жоргобоз атын жоюп,
Камбарбоз деп коёюн.
Ургаачысын соёюн,
Чоң тилек ак түлөөгө

Эркегин эркин сактап коёюн.
Нээти казатка» – деп,
Бай Жакып жылкысына
көзүн салды.
Атынан түшө калды.
Ал аңгыча болбоду
Жылкыны бет алып
Жылкычылары чубап калды.
Жылкынын четине аралашып
Бир аз кынай чыйыр аткулактуу
Шабырга кетип аркы-терки
Жылкы токтоп калды.
Жатып-туруп Кула бээ
Тууй турган болуп калды.
Аны көрүп
Бай Жакып аңдып,
Көзүн айырбай карап калды.
Эми муну мындай таштап
Байбичеден кабар алыңар.
Толгоосу сегиз күн болуп,
Толгоосу катуу болду.
Тарткандардын баарысы
Талыкшып колу талып калды.
Бала тууп мындай азап
Көргөн жан бекен – деп,
Байбиче айта салды.
Ал аңгыча кудай
Оң жолуна салды.
Умай эне байбиче келип калды,
Ужутка чык – деп,
Алданын амирин ук – деп.
Анда бала кеп айтат
Мен чыгайын,
Сөзүңдү угайын,
Мени тургузбай айда.
Менин ырыскым кайда?
Баланы уруп кирди.
Умай энени урдурган
Улук кудай сенин
Ырыскыңа жалган жайда,
Чык ылдам,
Тар курсакты талашып,
Таппайсың мындан пайда.
Сенин ырысың талаага сыйбайт.
Барсаң
Жалган дүйнө деген жайда» –
Деп балага мубакул болгон
Бериштелер баланы сүрүп
Айдап салды.
Бала чыгар мезгилде
Чыбыктай толгонуп,
Чыккан сайын үнүн баспай
Чыйырды чыдай албай чыңырды.
Толукшуп турган келиндер,
Белимди тарта көр – деп
Байбиче бакырып калды.
Он эки катын тартты,
Кудай ишибизди оңдой көр деп.
Каканак жарылып,
Суусу шар этти.
Баркырап
Баланын үнү бар этти.
Эки колуна кан ууштап,
Какшатып энесин

Карынды катуу тээп,
«Кайда менин кармашар
Душманым!» – деп бала
Жерде туйлап,
Бакырып ыйлап түштү.
Эркек бекен, кыз бекен
Мага качан айтат – деп,
Байбиче көшүп калды.
Кабардар болуп жүргөн
Канымжан көрө салды.
Чочогу чорбоюп турат.
Балаң эркек экен – деп
Байбиченин эсине салды.
Кудай сүйүнттү.
Байбиче сүйүнчү – деп,
Эркек экен – деп,
Укканда эси ооп,
Чыйырды жыгылып кетти.
«Байбичени мартуу басып калды Белем!» – деп катындар чочуп калды.
Антаңдаган катындар
Анык көрдүңөрбү деп,
Байбиче башын көтөрдү.
«Жерден алыңар» – деп
Дамбылданын зайыбы
Киндигин сен өзүң кес – деп,
Баласынын киндигин кести.
Байбиче кубангандан
Кудайдын бирдигин билди.
Берейин десе кудай берет экен.
Бендеси билбейт экен.
Оромолун башынан алды,
Баланы ороюн деп.
Жаңы тууган жаш бала
Оң колун соруп алды.
Отуздагы жигиттей,
Так кырктагы кишидей
Бутун тартып алды.
Кемпирлер кеп баштап калды.
«Татай көтөк! Нетти,
Тартып бутун кетти.
Катындар карап турбай
Кармаласаңар болбойбу!» – деп,
Анда Канымжан айтат кага сүйлөп:
«Ой, кемпирлер,
Силердин кебиңер кандай?
Кармаганга карууңар келбесе,
Качып кутулбайсыңарбы деп,
Бакдөөлөт, баланы жерден
Сен өзүң алчы!» – деди.
Бакдөөлөт баланы алды.
Баланын салмагы жерден көтөргөндө
Беш жашар баланын салмагындай бар.
Көзү каткан Бакдөөлөт баланы
Бетинен өөп алды.
Куртканын зайыбы Канышбек баланы
Оозантмак болду.
Баланын оозуна эмчегин салды.
Бир соргондо өзөгүн үзө соруп,
өлө жаздап калды.
Байбиче айтты: «Тетиги
Сандыкта май бар,
Майга кошо салган бал бар,
Ошо майдан алыңар,

Баланын оозуна салыңар!» – деди.
Катындар туруп
үч карын майды алды.
Үч мертебе салды.
Жолборсуң үч карын майды
Үч саат койбостон жалмап салды.
Анан Чыйырды алдына алып,
Эмчегин оозуна салды.
Мурун соргондо сүт чыкты.
Экинчи соргондо суу чыкты.
Чыдай албай баланы
Чакырып алып
Курткага берди.

Бай Жакып баарын
Даярлап койгон.
Жентекке союңар – деп
Сегиз бээни
Жентегине сойду.
Тоюнбагандын баарысы тоюнду.
Топук кылып койду.
Катындар балдарын жетелеп
Май көтөрүп этектеп кайтты.
Бай Жакыпка барабыз – деп,
Сүйүнчү алабыз – деп,
Айылда эркек адам калбай
Ашып-шашып жөнөп калды.
Кермедеги кырк сегиз
Аттан бир ат да калган жок.
Жан жабыла минип,
Бет бетинен бай Жакыпты
Издеп чапкан бойдон кетишти.

Айылдагы адамдар
Ат семизин минди.
Айкырып жолго кирди.
Жакыпты издеп топтошуп
Тоого чыкты анталап.
Адырга чыкты,
Бөлүнүп бөксөгө чыкты.
Жанталашып байдан бир
Сүйүнчү алсак дешип,
Баарысы дүрбөп жүрөт.
Басылбай оозу жабырап жүрөт.
Эркектен түк адам калбаптыр,
Кермедеги аттан бир да калбаптыр,
Кедендей басып Зулайка
Аттардын кермесине көзүн салды.
Кермеде ат калбаганын көрдү.
«Акбалта да кеткен экен.
Абышкам ишке жараган экен
Керменин несин карайын, – деп,
Эми үйүмө барайын» – деп,
Басып келип Зулайка
Эшигин ачып караса,
Үтүрөйүп Акбалта,
Үйүндө олтурат.
Көрө салып,
Зулайка: «Көтөк!» – деп
Чочуп калды.
«Абышка, сен
Дүнүйөдөн тойгонсуңбу?
Бул атпай журт алган олжодон
Албай калганың жакшы болобу.
Сүйүнчүгө берем – деп

Байлап койгон
Кызыр чалган Жакыптын,
Кырк кара боз аты бар,
Жана сегиз куру аты дагы бар,
Ушулардан кур калып турганың
Уят эмеспи!» – деп,
Акбалтанын катыны
Ачууланып айтып өттү.
Акбалта акырая карап,
Ачуусу келип катынга
Сөз айтат:
«Каргашалуу Зулайка,
Сен бир карасаңчы кудайга.
Мен сүйүнчү албаймын,
Жакыпка барбаймын,
Сүйүнчү алуучулар кетпедиби.
Жарыбаган жакыр,
Тоюнбаган топор,
Мал көрбөгөн бакыр,
Кур аңкай
Куу айтканды билбеген аңги,
Короолош коңшу алуучулар
Энтелеп чаап кетти.
Кыз, эркек экенин аңдабай
Небак чаап кетти.
Алар мага коёбу.
Эгем берсин ырыскыны,
Мен Жакыптан албаймын», – деп
Акбалта айтып салды.
Кудайдан ырыс сурабай
Кууп жүргөндөр алсын.
Алдадан ырыс сурабай,
Аңдып жүргөндөр алсын.
Алсын.
Мен албадым да, барбадым.
Азыр атка минүүгө дарманым жок.
Сен Зулайка,
Акылы жок катынсың.
Канча күндөн бери
каралашып жүрөсүң,
Сен канчаны алдың?
Анан мен куру калдым?» – деп
Акбалта айтып өттү.
Анда Зулайка алганын
Алдына койду.
Суп чепкенден бирди,
Элечектен экини.
Мына менин олжом – деп.
«Байым, кудайдын казынасы
Тилимди алып тим эле
Бара салгын, Бай Жакып
Башка адамдан өзүңдү ысык көрөт.
«Акбалта да сүйүнүп
Чаап жүргөн экен», – деп
Баштагыдан ысык көрөт», –
деп Зулайка айтты.
Акбалта ага да болбойт,
Моюнун бура салып,
«Кырк киши кетти энтелеп
Чапкан бойдон.
Элүү киши талап
Жакыптын жаны калабы.
Жалгыз атым Көкчолок
Талыкпаган курч эле,

Арам өлгүрдүн
Алакаччы жайы дагы бар эле.
Жандоодо кантип чабам,
Жакыпты кантип табам?
Ээликме жаман ат эле,
Эңишке кантип чабам.
Элирип кеткен суктардын
Элесин кайдан табам.
Уудан калган итке окшоп,
Уялбай кантип барам», – деп.
Анда Зулайка
Акбалтаны торгоп,
Аларын ойлоп,
«Барсаң, барсаң, байым!» – деп,
Барбаганына койгон жок.
Анда Акбалта айтат:
«Сен кандай курган катын элең,
Калабалуу капыр элең.
Баякы кеткен кулдар,
Сугалак шумдар
Небак болду
Бай Жакыпка баргандыр,
Аларын алгандыр.
Кутурган кулдар
Бардык көлүктү минип алды.
Жакыптан аларын алып,
Эмдиге тарап кетип калгандыр», –
деп Акбалта айтып токтолду.
Анда Зулайка айтат Балтага
Таарынып сумсайып туруп:
«Жүгүргөн киши алат бекен,
Жүгүрбөгөн куру калат бекен.
Чапкылап барган алат бекен,
Чарчаган куру калат бекен.
Берерин кудай өзү билбейби,
Булут минип учуп барса да
Буюрган киши албайбы,
Буюрбаган куру калбайбы.
Чапкан куру калып,
Жаткан киши албайбы.
Жазууда алда буюруп койсо,
Сизге буюрганды ким алар дейсиң.
Көкчолок менен чаап,
Бай Жакыпты таап,
Байга барарсың,
Буюрганын аларсың.
Башка адамдан жакшы
Көрүүчү эле өзүңдү,
Кайтарбас сөзүңдү,
Байым баргын агаңа.
Малга кесир кылчу эмес,
Бай тилиңди алат,
Акылын сага салат.
Мени тилдейсиң,
Жакынды билбейсиң.
Элбиреп,
Делбиреп
Бай Жакыпка чаап
Барбайсыңбы.
Балтам дагы сүйүнөт экен – деп
Бай кубанып калбайбы.
Кайда болсо да
Алданын буюрганын албайбы», –
Деп Зулайка

Сүрүп Акбалтаны
Аткармай болду.
Балта бармак болду.
«Алда балакеттүү катын ай,
Барбаган оюма койбоду.
Тынчымды алып койду.
Же, эми барса барайын», –
Деп Көкчолоктун жүргөнү
Илбий-силбий.
Шайтандай мал эмеспи,
Балта чал бөкчөйүп
Атына минип аттанып
Чыкты чөкчөйүп.
Эми Жакып бай,
Кайдан табылар экен – деп
Акбалта жолго салды.
Кеткендердин изин чалды.
Айылга жакын бир жерде,
Көмүскө жерде,
Азганакай чабыр аткулактуу
Чабыр кара суунун чети –
Кара өтөктүн бетинде,
Бажырайып Бай Жакып олтурат.
Бир кара жалдуу кула бээси
Аксур кулун тууптур.
Кулунунун шыйрагын шыпырып,
Тумшугун сыгып,
Өзүн телчитип,
Энесине ээрчитип.
Акбалта Бай Жакыпты көрдү.
Жан-жагын караса,
Жан адам көрүнбөйт.
Акбалта көрүп
Айкырыкты салды.
Сүйүнчүлөп калды.
Каңырыш угуп
Бай Жакып
Кайтара сурап калды.
Анда Акбалта айтат:
– Айтканымды туюнчу,
Арстаным Жакып сүйүнчү!
Карыганда байбичең
Кабылан тапты.
Жума күнү байбичең
Жолборс тапты.
Эриккенде байбичең
Эрмек тапты.
Картайганда байбичең
Каралды тапты», –
Деп Акбалта
Сүйүнчүлөп,
Сүйүнчүлөп айгай салды.
Аны укканда бай Жакып
Акылынан танды.
Көзүнүн жашы
Он талаа болуп,
«Чын көрдүмбү
Бир бала – деп,
Кудайым берди», –
Деп кубанып,
«Тууганына сүйүнбөй,
Турарын кудайдан тилейин».
Ал аңгыча Акбалта келди.
Шалк этип жыгылып

Бай Жакып талып калды.
Акбалта чочуп,
Алда эмне болуп кетти – деп,
Тең курбусу Акбалта
Жакыптын жанына келип,
Жашына ырайымы келип,
«Бай Жакып!» – деп чакырса
Добуш жок.
Парбана болуп,
Башында карап турду.
Кыйкырса кыңк этпейт,
Кыймылдатса былк этпейт.
Акбалта чочуп калды,
Калпагын колуна алды.
Жүгүрүп сууга барды.
Байпаңдай басып,
Калпакка сууну сузуп,
Алып кайра басып
Акбалта бай Жакыптын
Көөдөсүнө коюп,
Бетине бүрктү.
Жакып эс алып
Башын көтөрдү.
Эми Акбалтадан
Жакып сурайт:
«Акбалтам,
Сен кайсы жактан жеттиң,
Эмне жумушка келдиң,
Мен кандай болуп талдым?
Сен суу бүрктүң,
Мен эс алдым.
Эсим ооган мага
Көзүмө эчтеме көрүнбөйт,
Эсиме эч нерсе келбейт.
Сени сүйлөсө экен – деп,
Кулагым сөзүңдү сүйүп калды.
Кел жакын
Керсейбей,
Балта чал,
Кебиң болсо айта сал!
«Мен айтпадым беле сага
Катының эркек тууду – деп,
Менин сүйүнчүмө
Эмне бересиң» – деп.
Жана Акбалтага:
«Ээ, Акбалтам,
Бул сөзүң чынбы?
Чын сөздү айта көр!
Бала анык эркек бекен,
Көзүң менен көрдүңбү?
Же катындардан угуп эле
Келе бердиңби.
Кайтып айтчы чалым
Сөзүңдү сүйүп
Калды жаным» – деди.
Анда Акбалта сөз баштады,
Бай Жакып кулак салып
угуп олтурду.
Уккан сайын
Бай Жакыптын көзүнөн
Жаш буурчактап ага берди.
«Байбичең эркек төрөдү,
Тай чабым жерге угулду.
Үйүмдө олтурат элем,

Добушун укканда
Жүрөгүм окшуп келип басылды,
Оозума тыгылып.
Каралашкан катын,
Кармалашкан келиндер,
Кошо жүргөн кошоматчы келиндер,
Жаш, карысы, жалпы адамдын
Баарысы айтат: «Эки колуна
Ичтен кан уучтап түштү», – дейт.
Жерден баланы алып орогондо,
Отуздагы кишидей күчтүү
десе болот» – деди.
Бала чиренсе колдон
суурулуп турду дейт.
Көзүм көрдү,
Кулагым укту,
Байбиченин балаң балчыктай
Боорун эзип чыкты,
Анын несин кайта-кайта сурайсың» –
Деп Акбалта айтып салды.
Жакып кулагына алды.
«Акбалта айттың, уктум.
Жанчыгымда сары алтындан
Бир калта алтын бар эле,
Азыр муну алып турчу!» – деп
Санабастан берди.
«Жайыттагы малдан бир канчаны
Аларсың, сүйүндүм, болду.
Бирок чынын айтсаң болот эле.
Сөз ордуна конот эле,
Бул баланы Балтам
кандай бала дейсиң.
Өлөңдүү жерге өрт койгон
Өткүр бала го.
Өз журтума чуу койгон,
Жеткир бала го.
Кара сууга кан куйган,
Бир канкорду тууган белем.
Калайыкка чуу салган,
Бир анткорду тууган белем.
Байбичемди өлтүрүүчү
Ажалды тууган белем.
Сөзгө келбеген,
Баш бербеген
Дүйнөгө бир дажаалды тууган белем.
Байбичем канетсин
Бала тууптур,
Абийирди жааптыр,
Акбалтам, бул балаң
Сөзүң чын болсо,
Эр өлтүрүп канкор,
Нар өлтүрүп пулкор
Кылып турар да.
Кызыл-тазыл көрүнгөн
Кыздардан ала качып,
Малымды суудай чачып,
Кепке келбей,
Билгенин бербей турар да,
Жүрөр.
Бир баланын тентектиги кайсы,
Жөнтөгү кайсы.
Куубаш атактан кутулдум
Болду. Балта чалым,
Башка сөздү койчу,

Менин байбичем аман калдыбы,
Же балакетке салып,
Байбичемди өлтүрүп салдыбы.
Деги байбичемдин аман-
соосун айтчы!» – деди.
Анда Акбалта айтат:
«Ээ, жаның чыккан Жакып,
Балам жок деп майышып жүрдүң.
Кабырган кайышып жүрдүң.
Малың менен алышып жүрдүң.
Ээ каргашалуу Жакып,
Балага жаңы жеткенде
Капа болуп,
Катыныңа кайышканың,
Сен баладан малды
Ысык көргөн
бакыл киши турбайсыңбы.
Дүнүйөнү бекем кармаган,
Бей ыйман өлчү
капыр киши турбайсыңбы.
Санда жок сараң,
Тапканы арам
Киши экенсиң.
Берсең берсеңчи,
Бербес болсоң
Бере албаймын десеңчи.
Айтар сөзүң болбосо,
Мен азыр үйүмө кайтсамчы», –
Деп Акбалта айтып салды.
Ал сөзгө Жакып
Арсаңдап күлүп калды.

«Андай болсо Акбалтам,
Алтынды алдың,
Калтасы менен
Катып салдың.
Береки Камбарбоздун
Үйүрүнүн эркегин нээти
Казатка койдум эле,
Ургаачысын ак түлөөгө
Соёюн деп койдум эле,
Быйыл үйүрү үч жүз болду эле,
Жашы жети асыйга толду эле.
Камбарбоздун үйүрүнөн өзүң
Тандап тогузду алчы,
Төөдөн Балтам төрттү ал.
Калган төрт түлүктүү малдан
Төрт тогузду ал.
Анан калганы болсо
Катындардан каалаганын ал,
Кемпирлерден керегиңди ал,
Кыздардан кымтып ал,
Келиндерден кетип ал,
Балтам, мен
Сен өзүңдөн мал аябаймын,
Сүйгөнүңдү ала бер,
Балтам, сүйүнчүң толдубу,
Сүйгөнүңдөй болдубу?», –
Деп Бай Жакып Камбарбоздун
Үйүрүнөн тогузду карматып берди.
«Балтам, бай болуп калдың эми,
Менден конушуңду бөлөсүң – деп,
Бай Жакып карсылдап күлүп калды.

Ай-талаада көп олтурбай
Жүрү, Балтам, үйгө кетели»–
Деп аттанып жөнөп калды.
Барып байбиченин баласын
Көрөлүчү деп Акбалта,
Жакып бара жатканда,
Аңыртка чапкан кырк киши
Алардын алдынан чыкты.
«Бай Жакып бай, сүйүнчү!
Байбичең эркек төрөдү» – деп
Алар дагы айгайды салып...
Бай Жакып айта салды:
«Жакының бар,
Жатың бар,
Мен силердин кимиңерди
Ылгап жүрөйүн,
Минген-минген атыңарды,
Өз өзүңөр алыңар»,–
Деп айтып салды.
Аңыртка чапкандар
Бирден аттуу болуп калды.
Бай Жакып айылына
Жакындап жеткенде,
Алдынан Канымжан менен
Канышбек каршы басып
Чыгып калды.
«Бай, сүйүнчү, байбиче
Сүйүнө турган тырмак
Тапты» – деп. Бай Жакып:
«Болсун балдар, силерди
Кудай сүйүнтсүн,
Бешик боосу бек болсун», – деп,
Бай Жакып басып үйүнө кирди.
Жакут ичикти жамынып,
Жаккан оттой камынып,
Баласын алып байбиче
Болукшуп тердеп олтурган экен. Бай
Жакып айтат,
Бакдөөлөткө карап:
«Байбиченин баласын
Алып келчи, көрөйүн!» – деп.
Бакдөөлөт байбичеден
Баланы алып, бай Жакыптын
Колуна Бакдөөлөт баланы берди.
«Бала деген ушу экен ээ!» – деп,
Бай Жакып баркырап ыйлап калды.
Бала чиренип туйлап калды.
Кубангандан кучактап алып,
Бала баркырап ыйласа,
Чиренип туйласа айбатынан
Атасы Жакыптын бүткөн бою
калтырап калды.
Атасы бай Жакып ар түрдүү
Санаа санап,
Баланы байкап карап турду.
Жана жалмалап тамак издеп жүрөт.
Баланын аяк, колун кармоого
Атасы Жакыптын ал, дарманы
калбай калды.
«Байбиче, бул балаң кандай
Ыйлаак, эмизсең болбойбу,
Бир баланы тойгузбай

Сенин бейлиң кеткенби?»
Анда байбиче айтат:
«Эмчегимдин сүтү
Бир балалык эле,
Балаң опкок көрүнөт,
Эки соргондо эмчегимде
Эч нерсе калган жок.
Эң ачкараак балаң бар экен
Мунун тамагына күтүнүп
Ала тургансың» – деп байбиче айтып,
Жакып баланы кармап олтуруп,
Байкайын деп баш-аягын
карап калды.
Кармап олтуруп баланын
Баш-аягын текшерет.
Бул баланын маңдайы жазык,
Жолу ачык бала экен.
Азыраак башында куушу турат,
Ал эч нерсе эмес, бүтүн
Боюнда урушу турат.
Кочкор тумшук,
Кош кирпик экен,
Көзү тик,
Көркү калчага окшойт,
Жар кабак,
Жалайык ооз,
Жаагы жазы,
Ээги узун,
Ээрди калың,
Көзү кайнап нар жагында жатат.
Эр мүнөздүү бала көрүнөт.
Алаканы жазык,
Колу ачык
Март болчу бала көрүнөт.
Аттанып чыкса акжолтой,
Жолу ачык алп болуучу
Бала көрүнөт.
Жазык төш,
Кең көкүрөк,
Пейили түз,
Арты кенен,
Заар жүз,
Айбаты катуу
Арстан сыяктуу
Бала көрүнөт.
Жолборс моюн,
Жоон билек
Жылдыз көз,
Калча кабак,
Жолборс төш,
Бөрү кулак
Бөлөкчө түрдүү
Бала көрүнөт.
Не болсо да кудайым кут кылсын.
Алдадан аманын сурайын,
Аман жүрүп берсе болду.
Баатыр болсо, эр болсо,
Мага кудай бергени эмеспи,
Ооматтын анык келгени эмеспи.
Кеткенден кегимди алар,
Өткөндөн өчүм алар.
Өч алганын,

Кек алганын
Өлбөсөм көрөрмүн», – деп
Бай Жакыптын баштакы
муназасы жоголуп,
Бейли баштагыдан оңолуп калды.
Бар кудайым берди – деп,
Бай Жакып баланын бетинен өптү.
Байбиче баланы алды.
Бай, байбиче балага кубанып
Балкып жатып калды.

4-бөлүм

МАНАСТЫН ТУУЛГАНЫНА ТОЙ БЕРИЛИП, АТ КОЮЛУШУ

Бар кудайым
Жалгап салды,
Баланы кудай берди.
Эми бир балкыта
Той берейин – деп,
Той кылууну Бай Жакып
Эсине алды.
Аянбай бир
Чоң той берейин – деп
Малдын несин аяйын,
Баламды кудай кут кылса болду.
Уругум кыргыз улуу журт болсом,
Түбүм түрк
Түпкүлүктүү журт болсом,
Аянбай бир той кылайын
Атагым калсын.
Ушу кезде санасам
Жылкымдын санагы
Отуз сегиз миң экен.
Арбын малым
Алтайда жатат канча.
Малым Кантондо жатат.
Жылкымдын чети
Шыкоодо жатат.
Коюмдун чети
Коргошто жатат.
Коюм сексен миң экен,
Конушум Кара-Шаар.
Жаздын алды баарда
Бир жакшылап той кылайын.
Кулан жайлоо куушта
Кур атым жатат,
Жыландын башы чыңоордо
Аз болгондо алты миңдей
Төөм жатат.
Карагайлуу камбылда,
Кар жаабаган Чамбылда,
Жеке өзүмө караган
Жети миң уюм жатат.
Баарына кабар салып,
Малымды жыйнап алайын,
Азыркы турган кыргыз
Алы келип конок күтө албас.
Келсе дагы

Шаасы жетип
Күтө албас.
Анжыян, Ташкенге
Аныктап кабар салып,
Азган, бозгон
Ага-инимди
Жыйнап алайын.
Кашкар деген кыштакта
Кабак, Сары-Колдо
Калың кыпчак бар.
Бого кабар салып
Муну алайын жыйып.
Алчын, үйшүн,
аят, дөөлөт,
аргын, найманды
Буларга кабар салып,
Башын кошуп алайын.
Кытай болсо асылды
Асылып жүрүп басылды.
Эми эмне кылар дейсиң аларды
Тойго чакырайын.
Ушу баламды
Тууганы укпай адам
Калганы жок.
Моңголдун баарын
Жыйып, кытайдын
Кыйласын жыйып,
Сартын санатын алып,
Казынамды ачып,
Кара малды чачып,
Көрөйүн, сакталып жатып,
Каңшаарым катып,
Самандай сасып,
Күрмөгүм таш болду,
Күрүчүм аш болду.
Күлүгүм семиз
Майынан мас болду.
Күлүктү таптап
Минерге айлым аз болду.
Алтыным дат болду.
Анбардагы буудайым
Өнүп кетип аш болду,
Аттарым семиз
Майына мас болду.
Аттарды таптап минерге
Элим кыргыз аз болду.
Кытайдын кордугун көрүп
Калмактын зордугун көрүп
Кыргыз конушун кошпой,
Карап кетти Ногой орого,
Кор болуп,
Ар жерге бөлүнүп кетти.
Орозду Ополдо калды,
Байбагыш Согондо калды.
Көкчөкөздүн балдары
Кашкарда калды.
Көзкамандын балдары
Көйкапка жакын
Жерге кетип жоголду.
Жалпы Ногойдун уругу
Бирин бири көрө албай калды.
Ойлосом опосуз
Жалган экен – деп
Жаным көзүмө көрүндү.

Урматты көрбөй Бай акем
Согондо чатта калды – деп,
Ага-тууганынан ажыраганына
күйүнүп,
Баласына той бергенине сүйүнүп,
Калкым аз болду,
Калмак кас болду.
Кыргызым аз болду,
Кытай кас болду.
Кеп айтарга агам болбоду,
Кеңешерге иним болбоду», –
деп Бай Жакып бар
Сөзүн айтып, масылатын
өзү кылып, ар тарапка
чакырчуга баруучу
кишисин шайлап,
Көңүлүн жайлап,
Белин байлап,
Чакыра турган
Элинин атын айтып,
Уругун угузуп,
Кабарчыга отуз азамат шайлап,
Атын, тонун камдап,
Катын жазып,
Кан Ногойдун алтын мөөрүн басып,
Катты чакыруучуга берип,
Алтай тоосунда
Адам калбай келсин.
Жаркенттиктен жан калбасын.
Тотулук толук келсин.
Маралбаш, Долонду басып,
Унутпа сөзүңдү айтып,
Он-Аралга айтып
Аныk кабар берер жериң
Арасы узак,
Самаркан, Жызак,
Оро-Төбө
Кожонт,Олуя-Ата,
Ташкен, Паргана – бүтүн
Баарына күтүн.
Маргалаң, Кокон,
Сары-Арка, Иле, Сары-Өзөн-
Чүй – аягы Орол-Тоо,
Кара-Кум калмагы калбасын.
Түн тарабы Эртиштин
Суусу болсун, Күн тарабы
Тибеттин жолу
Кытайдын чеги,
Кунардын бели болсун.
Ошондон берки эл келсин – деп
Той берем ушул келер жайында.
Кайсы жерге берет деп сураса,
Үч-Аралда деп дайындап айт.
Жатып албай,
Беш айдан калбай келсин.
Өнөрпоздун өзү келсин.
Балбандын баары келсин.
Нарк сүйлөгөн кары келсин.
Ат таптаган саяпкер,
Куш таптаган мүнүшкөр келсин.
Күлүгүн байлап келсин.
Көңүлүн жайлап келсин.
Өнөрпоздон нечен келсин,
Кепке жетик чечен келсин,

Тепсе тарткан эшен келсин,
Куудулсуган жорго келсин,
Китебин алып молдо келсин.
Аяр арып келсин,
Аламын деп
Бечара карып келсин.
Кенебеген кесин келсин
Жетим менен жесир келсин.
Таш жүрөк баатыр келсин,
Тайманбаган катын келсин.
Өнөрүм толуп жатат
Отуз атка байгем бар,
Аттардын баш байгеси
Беш жүз кызыл нар.
Эки төөгө жүктөгөн
Эндей кызыл зар.
Беш жүз жылкы,бир миң кой,
Аягы алты кара,сексен кой,
Ортодогу жыйырма тогуз аттын
Байгеси арбын, кийин айтам.
Ойротто мындай той болбойт,
Олжоңор көп деп чакыр», –
деп чакыруучу жөнөтүп,
Бай Жакып масылатын бүтүрүп,
Көчүп кең шиберге жайкай конду.
Мөмө-чөмө жемишке төрт миң
төө комдотуп, отуз киши жиберди.
Дасторкон таза болсун,
Тамак даяр болсун!» –
деп эл четине кабардын элеси
угулуп калды.
Бай Жакып тойго күтүндү деп,
Байбичеси сарамжалын
Бүтүрдү деп, тойдо баарыбыз
Олжо алабыз деп, тойду самап,
Болор күнүн санап,
Кедейлер кийимин жамап,
Келиндер чачын тарап,
Кызматкер кийимин жамап,
Кыздар чачын тарап,
Кызык тойду көрсөк экен–деп,
Кыялатып бай
Күнүн санап,
Азамат тойду самап,
Аргымак жалын тарап,
Жакыптын айылын карап,
Жадабай айын санап,
Күзгө айланды.
Жакып жандай конду,
Үч-Арал деген түзгө.
Кара суунун бою болду,
Кандуу тоонун ою болду,
Кан Жакыптын тою болду.
Бай Жакып тууну аштап,
Тойду баштап салды.
Ошо күнү бейшемби күн эле,
Токсон бээ союп салды.
Эртеси жума күнү
Жүз бээни союп салды.
Береке берсин тоюма
Беш жүз бээ соёюн – деп,
Ишемби күнү элүү бээ союп салды.
Жекшембиде элүү бээ,
Дүйшөмбүдө элүү бээ,

Шаршембиде элүү бээ сойду.
Жана келген бейшембиде
Кармап келип, Камбарбоздун
үйүрүнөн арнап койгон мал эле – деп
Алтымыш бээ сойду.
Эркек койдон миңди сойду.
Борго байлаган,
Жайлоону жайлаган
Семиз өгүздөн элүүнү союп салды.
Эми агайын-туугандарым,
Баарыңар менин жатым эмессиңер
Аламанды коюңар,
Төрт жүз төө арттырып келген
Мөмө-чөмө жемиш бар,
Мунун баарысы келди.
Алты жүз төөгө аппак күрүч
алдырды.
Кытайлык тамак – деп,
Кырк чанач мешке салдырып,
Кызыл арак тарттырды.
Кылаларына келген экен
Кымбатын журттан арттырды.
Жети жүз кемеге-очок каздырып,
Жети миң үйлүү кыргызын
Эт башкартып койду.
Аркы атабыз алаш,
Арбагы бир тууганбыз,
Намысыңды талаш – деп,
Алты жүз аргын, найманды
Эт тартууга жайлап койду.
Калмакка казан астырып койду.
Эсетке эт бышыртып койду,
Сартка чай кайнаттырып
Күрүч бастырып койду.
Жер очокту бүт боюнча
Жергенттикке каздырып,
Алты шаар уйгурдун акысын
Арбын берип отунга салды.
Отунун кертип колу бошобой
Калганда, дутарын чертип
Булар жүрөт,
Сурнайчылары сурнайын тартып,
Өзүбектер ашууласын айтып,
Ырчылары ырдап,
Тойго келген жыргап,
Наамачылар тамашасын айтат.
Кеч киргенде коно турган
Жерине соё турган койлорун
өңөрүп катат.Тойго келген
маңгулдар:
«Бай Жакып падыша экен» – деп
кошоматын айтат.
Кытайдан кырк миң киши келди,
Кылжылылуу Тушаң төрө баш болуп
Калмактан коломолуу кол келди.
Казак, кыргыздан мол келди.
Татардан сан,
Түркмөндөн түмөн,
Өзүбектердин өзү келди.
Оёндордун көзү келди.
Талаа-түз элге толду.
Тамашанын кези болду.
Бай Жакып тамашаны баштап,
Ногойдон калган кызыл тууну

Оболотуп аштап салды.
Кимиң чыксаң аның чык,
Көөнүң келсе баарың чык,
Жеңгениң келе бер,
Жеңдиргениң кал.
Жеңгендериң
Менден келип байгеңди ал.
Токсон байтал,
Тогуз айгыр алды.
Байгең ошол – деп
Бай Жакып көпчүлүккө
Жар салдырды.
Күн чыгыш моңгол калмагы менен
Күн батыш түрк беттешип калды.
Караман деген дөө
Калмактан чыкты.
Казактардан Калдарбөкө
деген каршы барып
кармашып калды.
Кармашкан жерде
Калдарбөкө Караманды
Камтый кармап камындырбай
Калдайтып жерге чапты.
Атанын сонун журт бул.
Апыраңдап көп казак
Айгайды салды.
Тогуз айгыр,
Токсон байтал
Байгесин алды.
Эми маңгулдан Чокон
деген балбан чыкты,
Атка минбей жөө чыкты.
Намыстанып келип,
Майдан жерине,
Көпчүлүктүн ортосуна олтурду.
Тоокеден Түгөлбай деген
Балбан чыгып кары-жашы,
Калкынын баары батасын
Берип, балбанга ыйгарды.
«Не болсо да, эти оор
Капыр экен, этиет болгун
Балам!» – деп Чокон келди күркүрөп.
Оозунан түтүн көк жалын болуп,
Канжасын тартып буркурап турду.
«Буруттун башын үз!» – деп
Калмактын баары чуркурап турду.
Сандаган түрк
Салабат айтып:
«Сакта өзүң кудай!» – деп
Зыркырап турду.
Түгөлбайга түрктүн баары
Келип айтты: «Аркы атаң
Жапбас, түп атаң Түрк
Жар болсун!
Намысыңды кетирбе,
Алың келсе бул кейпи суук
Капырды аяй көрбө!» – деп
Түрк балдары Түгөлбайга айтып өттү.
Түгөлбай түк барбаймын –
деп айтпай,
Майдан башын тартпай
Бармак болду.
Сый тонун сыйрып чечип,
Намыска белин байлап,

Жандан кечип, балбан
кийимин кийип, бабаларына
сыйынып Байтүгөл басып
барган жерден балбандар
билегинен алышып, билдирбей
Күчүн сынашты. Бир жулкканда
Байтүгөл билегин сууруп алды.
Эрдемсиген Чокондун Байтүгөл
Билегинен алды.
Чокон сууралбай калды.
Колу бошоп Байтүгөл
Белбоодон алды.
Калың журт карап турду,
Калдайтып келип
Чоконду жерге урду.
Балбанды түрк жыкты.
Тогуз айгыр,
Токсон байтал байгесин
Алып чыкты.
Түрк кубанып дүркүрөп калды.
Күн батыш калкы күркүрөп калды.
Кызыл чок кытай журтунан
бир Күнөс
деген балбан чыкты,
Күрсүсүн колуна алып,
Күндөй күркүрөп,
«Түрк тукумуңду үзүп,
Каныңды төгөмүн! – деп,
Жаныңды кыйып
Саныңды кетирем! – деп,
Түрк баласы болсоң
Кел бери!» – деп чакырып турду.
Түрк баласынан дагы
Казактан айтылуунун тукумунан
Бир азамат чыкты.
Наркы атасы Баракан,
Өз атасы Камбаркан,
Өзүнүн аты Айдаркан.
Эми Айдаркан чыкты.
Айбаттанып,
Айгайды салып,
«Кызыталак капыр,
Кытайдан сен болсоң,
Кылым түрктөн менмин
Кыйратчу болсоң,
Кыйындыгыңды көрөйүн!» –
деп турду.
Кытайдын баары дүркүрөп,
Коркоктору мүргүп калды.
Кытай алтымыш миң аскер менен
Таталап айгай салып,
Башын кошуп Аламан коюп калды.
Тойду баштап салып,
Тозокко калдым белем!» – деп
Бай Жакып чочуп калды.
Түрктүн баары кайраттанып,
Күн батыш калкы күркүрөп,
Казак, кыргыз, жалпы
өзүбек: «Бул капырдын
калжыраганы неси?» – деп
Кыпчактан Элеман, Сарбан,
Татардан эр Эштек,
Сарттан Кансырбек, Куртка,
Жедигерден Багыш, Жеткир

Бийдин Агыш, баары мыкты
Кеңешип маңгулдан калыс
Алды балбан чыкпай, ат чаппай
Эки күн токтолуп калды.
Эрегиш болуп эки журт ортого
Калыс салды. Балбан токтолуп,
Эртеси атты чапты.
Байгенин башы беш жүз
Кызыл нар эки төөгө жүктөгөн
Эндей зар, беш жүз жылкы,
Бир миң кой болду.
Отуз бир атка байге сайды.
Ортосунда жыйырма тогуз аттын
Байгеси эсепсиз көп, баарысы
Бодо мал аралаш кой болду.
Отуз бир болгон аягындагы
Аттын байгеси алты кара,
Сексен кой болду. Табагын
жүргүзүп, этин тартып бүтүрдү.
Этин жеп эл жайланды,
Эртесинде ат чабыла турган
болду – деп
Тойго келген көпчүлүк
Куржун-кечесин байланды.
Атка болжол айтып Өгүз-Кечүү
Калкандан атты кайтар – деп
Атты айдап барып Өгүз-Кечүү
Калкандын белинен балдарды
токтотуп,
Текши сийгизип,
Атына мингизип,
Аттарды коё берди.
Ал аңгыча аттар келип калды.
Эштектин аты
Желтаман чыккан экен,
Элеман сүрөп алган.
Араандай оозун ачып,
Ак көбүктү чачып,
Баласы оозун басып,
Сары-кызыл, кара жал
Сайдан чыккан булут болуп
Закымдап өттү.
Артынан жакындап,
Аткан октой закымдап
Багыштын Суркийиги өттү.
Анын арка жагынан
Каңгайлардын Карасур өттү.
Анын арка жагынан
Сарбан таздын Төөкара өттү.
Семиз экен,соорусу көөп
Болоктоп калыптыр.
Анын арка жагынан
Алтайлардын Наркара өттү.
Арышын керип
Арымдап алыптыр,
Алтайлар айгайын салыптыр,
Ачып көзүн жумганча
Бир тору тай келип калды.
Тай десе кунан экен,
Ээси тыргоот экен.
Тырмактай болгон
Кунаным далай аттан өттү,
Сай бууданга жетти,
Көтөрмөлөй көр – деп

Айгайын салып тыргоот өттү.
Анын арка жагынан
Коңурбайдын аты,
Анжыяндын Акилик,
Анда-санда секирип
Коңурбай: «Бул коржоңдогон
Доңузга не болду?» – деп
Айкырыкты салды.
Айкырыкты укканда
Аргымак чалыш
Акбакай кулагын коёндой
Жапырып, айгайды угуп алды.
Арымды мыктап салды.
Сүрөөнчүлөр алды.
«Кулжага келген капырдын
Кунаны неге кыйын?» – деп
Көпчүлүк кобурашып калды.
«Кудай колдой көр!» – деп,
Бул байгени кытайдын аты алса
Бизден кызыр кеткени,
Каңгай аты алса
Касиеттин кеткени,
Не болсо да Желтаман
Менен Суркийиктин
Бири алса экен!» – деп
Байгеге жакын барганда,
Башын чайкап Желтаман
Басууга келбей калды.
Суркийик чыгып баш
байгени алды. Жедигердин
Аты чыкты,
Желек тууна жыкты» – деп,
Ар тарапка ашкере болуп
Угулуп калды.
Орто Алтай Күн батыш
Аты чыгып келгенге
Күбүрөшүп сүйүнүп калды.
Эми осолдук кылып жатып
Болобу деп ай туяктан
Бээ, айры өркөчтөн төө
Чалды. «Уругум кыргыз
Түрк эмеспи, Бай
Жакыпты барып бир
Урматтап келели» – деп
Баары мыкты Жакыпка
Барып калды.
Барса Жакып балдарымдын
Аты чыкты деп кубанычта
экен, байкай салып
Бай Жакып Багышты
соогалап калды.
Тууганым Багыш
Соогат деп байгенин Бай
Жакып башында, баягы
Балта чалы кашында
Акбалтанын Көкчолок
Отуз бир болуп,алты
Кара,сексен кой алыптыр.
Алдына салып айдап жүрөт.
Бай Жакып аке, бул айтканыңыз
Жакшы кеп, соогат дединг байым,
Менин айтар жайым:
Кой деген малынды
Менин айдап кеткеним

Болбойт, беш жүз жылкы,
Миң коюңду өзүң ал,
Мага беш жүз нар, эки
төөгө жүктөгөн зарды
берсеңиз болот. Кудай
тойгузду, кут кылсын.
Менде каалаган малдан
Аксакалдар ат минсин,
Топ башылар тон кийсин,
Айылдан келген адамдар
Алтын алсын. Мал менен
Абийирди Бай Жакып,
Сиз таптыңыз, акыры
Ошол дүнүйө жалган
Эмеспи, өмүр сүрүп
Ким жүрөр дейсиз» – деп
Багыш айтып өттү.
Эми Бай Жакып айтат
Көпчүлүккө бет алып:
Агайын баарыңар олтурасыңар.
Той өттү,
Иш бүттү.
Казак-кыргыз бир тууган элбиз.
Мына өзүбектин өзү турат.
Аман-эсен той тарап,
Калмак, кытайдын
чатагынан кутулдук.
Эми бир иш калды,
Карыганда бир туяк көрүпмүн,
Бого ат коюп бериңер!?
Кыпчактан Элеман,
Сарбан турасың,
Кыргыздан Байжигит,
Балта турасың.
Казактан Каракожо,
Кызылбөрк, Камбар турасың,
Татардан Эштек,
Түрктөн Абдылда,
Өзбектен Кансырбек,
Куртка, Дамбылда,
Катагандан Мунар бий –
Орундуу он бир карыя турасыңар.
Кырк алтын дилде,
Сарпайдан он бириң
Он бир сарпай кийиңер.
Кара сакал, кер мурут
Калгандары бирден
Тон кийсин деп он бир
Тонду ыйгарып, аксакалдардын
алдына койду. Аксакалдардын
Кийген тону жарашып калды.
Бай Жакып баласын этегине салып,
Байбичеси ээрчий басып,
Эки кымкапты колтугуна кысып,
Элүү дилдени колуна кармап,
Берер жерин арнап:
«Балага ат коюп бериңер!» – деп
айтып калды.
«Ат асмандан дептир» – деп,
Көптүн алдына келип,
Жакшы ат коёр бекен – деп.
Бай Жакып дегдеп турат.
Отурган аксакалдардын
Оозуна бир ат келбей,

Ат коё албай,
Алдырап айта албай
Жалдырап калды.
Ал аңгыча ак күбө кийген
Бир думана колунда асасы бар
Кайдан келгени билинбей
пайда болду.
Жана аксакалдарга айтып калды:
«Баарыңар бирден тон кийип,
Кеңешке кирипсиңер,
Эмне жумушуңар бар?
Баарыңар токтоп туруп калыпсыңар.
Айтыңарчы, угайын» – деп,
Думана айтып калды.
Бердике айтты:
«Ээ, дубанам,бул балага
Ат коё албай олтурабыз.
Аке, сен ат коюп берсең,
Көп сооп алар элең.
Башы Байгурдун уругу эле,
Түбү түрктүн улугу эле.
Бабасы Баатыркан эле.
Жакып деген бул киши
Бала деп зар болуп
Баласыз жүргөн жан болду эле,
Жерге малы сыйбайт,
Көргөн туягы ушул эле.
Ат коё албай көпчүлүк
Кысылып олтурганы ушул» – деп
Бердике айтып салды.
«Андай болсо уруксат берсеңер,
Атын мен коёюн» – деп дубана
айтып калды.
Ат коюңузчу бачым – деп,
Баарысы айтып калды.
Бул баланын атына
Баш жагына «мым» келсин,
Пайгамбардын сүрөтү.
Ортосуна «нун» келсин,
Олуянын сүрөтү.
Аягына «сын» келсин,
Арстандардын поруму.
Арты кайда барар экен?» – деп,
Бул тамганын урунуп
Окуңарчы – деп
Думана айтып салды.
Калк айран калды.
Окуп көрсө баланын
Аты – Манас – дейт,
Аман сактасын кудай
Ар балаадан калас – дейт.
Кары-жашы ат кут болсун – деп
Бата кылды. Аты жакшы болду,
Адамдын көңүлүнө толду, –
Деп ата-энеси кубанып калды.
Алып турган кымкапты
Дубананын алдына койду,
Алдым дагы, бердим – деп
Кымкапты думана кайтарып берди.
Катагандын Урмат байга
бирин берди.
Кашкардын Калмат Акунга
бирин берди.

Карыялар алсын – деп
Карап турган думана
Көздөн кайып болду.
Манастын атын койду,
Далай малды кырып сойду.

Ат коюлуп, той тарады,
Той тарап өттү,
Жер-жерине тойго келген эл жетти.
Арадан жыл өтүп
Манас сегиз жашка жетти.

5-бөлүм

МАНАСТЫН БАЛАЛЫК ЧАГЫ

Сегиз жашка чейин бала да болсо
Адамдан сыягы,
Кыялы башкача болду.
Эркелетип энеси,
Аркалап атасы багып
Тарбиялады. Бакпай
Не кылсын, артында жалгыз
Баласы болгон соң.
Эр мүчөсү адамдан башкача,
Көзү кызыл. Жотосу узун.
Кээ бир күнү кездей
Белин бууп, кенедей
Жерине кир койбой,
Керели-кечке жуунтуп калат.
Кээ күнү салып кете берет,
Билгенин кылып бир айга чейин
Жүзүн жуубастан, арам адалды
түк билбейт,
Адамга жагар иш кылбайт,
Ага-тууганды көзүнө илбейт.
Кээ күнү булкунтуп
Топ буудан мингендей,
Бурултпай сөз билгендей,
Болуп калат.
Кээ күнү карасаң
Алкылдап бир айыкпаган жинди,
Улук мазарды урмат кылбай,
Кыйык атып ойнойт.
Кыялына келген ишти
Кылбай койбойт.
Балдарды көрсө жыйып алат,
Мазарды көрсө кыйып салат.
Эшенди көрсө урат,
Эсепсиз калба кылат.
Молдону көрсө урат
Боздотуп турат.
Кожону көрсө урат,
Какшатып турат.
Калктын дили сууп кетти,
Бул бала бир балакет
Кылат экен деп дубананы көргөндө
Шайтаны кычап,
Келтирип башка салат,
Кедейлик сенин неменеңди
алган – деп
Асасын тартып алат.

Аябастан токмоктоп
Азапка салат.
Ансайын көргөн эл
Акыры бир балакет кылат экен деп
Аңдап калат.
Бир сабаа кымызды
Булуңунан көтөрүп алып
Бир шимирип коёт.
Бир канчалык тамакка
Араң тоёт.
Акыры жинди болбой койбойт, –
деп адамдын баарынын дили сууду.
Кээ күнү калжырап,
Айткан сөзүн унутуп калат.
Кээ бир күнү оолугуп көрүнгөндү
Токмоктоп көчөдө сабап салат.
Жарым челек аракты
Жалгыз ичсе тойбойт.
Жана мас болуп да койбойт.
Дүнүйөнү ойлобойт,
Колуна жамбы тийсе
Бир чака пулча көрбөйт.
Бай Жакып байкап
Бар сөзүн байбичесине айтты:
«Аңдасам байбиче, баландын
Акылы аз болот белем,
Жөнүн таппай дөөлөт мас болуп,
Дил азардыкка кас болот бейм.
Бул балага малдын азабын
Бир тарттырып катыктырып көрөлү.
Жайлоодогу койчуга алдап соолап
Алты айга жалчы берели.
Эркелетип олтурба муну,
Бир катыктырсак болбойбу!
Сөзгө жатыксың,
Балага сен айтып көр,
Сөөгү бышып катыксын.
Малдын баркын билсин,
Мындай туңкап жүрбөсүн.
Ошпур деген койчум бар,
Муну оңдоп койсун байбичем,
макулбу
Бул сөзүм?» – деп Бай Жакып
айтып салды.
Байбиче макул сөз экен – деп
кабыл алды.
Бай чакырды баланы.
Бай Жакыптын баласына
Малсар кылып мал бактыруу талабы.
Бала келди, Бай Жакып сөзгө кирди.
«Кагылайын балам,
Атаң мен карып калдым,
Алтымыш жашка барып калдым.
Кечээ той беремин – деп
Малдын баарын кырып салдым.
Мал табарга менин алым жок,
Азыраак бир жүз коюм калды,
Ошпур деген бир бай бар,
Ошого жалчы жүрсөң,
Алты ай козусун баксаң,
Аз гана коюбузга
Кошумча кой берет,
Муну алсак кандай болор экен.
Балам сенин мал табар кезиң,

Тил алып Ошпурдун
Козусун аз күнү багып бер» – деди.
Анда атасына Манас жооп берди.
«Ошпур деген баласы жок,
Малы көп,ал кандай курган бай,
Ачка кылып койбосо
Мени жеткирип сал,
Арасы канча бар экен,
Барып козусун багып,
Бергенин алалы» – деди.
Анда Жакып айтты:
«Арасы жарым күндүк жол» – деп.
«Жарым күн турсун
Бүтүн күн болсун,
Кой берүүчү бай болсо
Андан несин качайын.
Жегеним май болсо,
Орун төшөк жай болсо,
Чоң эмесмин,
Баламын,
Сөзүңдү алайын,
Токтобой барайын.
Менин байкуш болоюн деген
Нээтим жок.
Тилиңди алам,
Бар деген жериңе барам» – деп.
«Бирок атаке, өз чаманды билбейсиң.
Байың кайда? Баралык эрте» – деди.
Бай Жакып кубанып,
Балага ынанып,
Кула чабдар кунанды токунуп,
Балага мингизип алып,
Эрмек кылып, өз койчусуна –
Ошпурдун короосуна барды.
«Барсыңбы Ошпур үйдө?» – деп.
Ошпур: «Бармын!» – деп чыга келди.
Бай Жакып айта салды:
«Мен сага малай бала алып келдим,
Козуңду кайтарганга» – деди.
«Түшүңүз!» – деп Жакыпты
чылбырдан алды,
Бай Жакып атынан түштү,
Ошпур менен Бай Жакып
алыс чыгып,
Аябай кеңешин кылып олтурганда
Алардын үстүнө Кодоо барды.
Кодоонун бир баласы бар,
Аты – Чөкөбай.
«Эки бала ойноп козу кайтарсын,
Балам, мал дебей эркелетип койсом,
Кежир өсүп калгандай.
Малга ыктуу,
Ылайыктуу кылып көндүрүп
бериңер!?
Бала кээде ач болсун,
Бала бышыксын,
Кеби тийсе ур да, сок,
Катыксын» – деп жашырып айтып
Жакып бай үйүнө кайтты.
Арасынан жети күн өттү,
Чөкөбай менин чором,
Жеке менин жором деген
Бир ойдо жок сөздү
Манас таап алды.

«Жүр чором, козуга баралы,
Мал багып алалы» – деп
Эки бала козусун айдап,
Балалык сөздөн айтып,
Тоону көздөй бара жатыр.
Бир бадалдуу тоого
Колуна чыбык алып,
Козусун жайып олтурса,
Каршы алдынан бир бөрү чыга
калып,
Козуга тиш салып калды.
Мурун Манас карышкыр деп
Кабарын укkан эмес,
Жашы тогузга келген бала
Үйдөн карыш чыккан эмес.
Бөрүгө Манас көзүн салды,
Баса калып козунун куйругун
жулуп алды.
Муну көрүп Манас айран калды.
Манас туруп:
«Бул эмне деген?» – деп,
Чөкөбайдан сурап калды.
Чөкөбай айтат:
«Мунун аты – бөрү,
өз эркине коё берсе
бул козунун баарын кырып,
Тоого чыгып кете берет» – деп,
Чөкөбай айгай салды.
«Бул сенин кыйкырганың
Жакшы эмес.
Кыңк этпегин,
Бөрү болсо не кылар дейсиң,
Курсагы тойсо кетер» – деп
Манас айтып салды.
«Козуга убал болор,
Баарын жесе да бул капырдын
Курсагы араң тоёр» – деп
Чөкөбай чуркап калды.
Бара жаткан балага бөрү
көзүн салды.
Күркүрөп бөрү айбат кылды.
«Коркуп Чөкөбай кайра качты.
Коркоксуң, кайратың жок» – деп
Манас Чөкөбайга айтты:
«Чөкөбай, сен мени мындан кийин
Төрөм – деп жүр.
Мен сени чором деп жүрөйүн.
Ал козуга кайгырба,
Жакыпка калган малы дагы
өзүнө жетишет.
Кайран бөрү ит болсо да
Эр неме экен.
Чөкөбай мунун жолуна
Бекер каршылык кылдың.
Мен, кудай берсе,
Ушул бөрүдөй баатыр болсом,
Мага каршы беттешкен душманым
Ушул козудай жапырылып качса,
Чором, менин тилеген
максатым ушул.
Ээ, Чөкөбай,мунун атын Бөрү дейби?
Адамды да бөрү жейби?
Андай болсо муну кулагынан
алайын,

Адамга залал кылса
өлбөгөн жерде калайын» – деп
Ач кыйкырыкты салып
Манас чуркап калды.
Козуну көтөрүп алып
Бөрү качып калды.
Манас жетпей калды.
Тогузунда бөрүдөн коркпогон
Манастын эрлиги эмеспи.
Козуну көтөргөн бойдон
Бөрү тоодон ашып кетти.
Бет алдында бир бийик
Капчыгайга бөрү кирип кетти.
Артынан козунун канын кубалап
Манас жетти.
Манас барып караса,
Кызык тамаша.
Аттары канаттуу,
Өздөрүнүн адамдан
Сыпаты башка,
Аргымак ат минген
Азем менен жүргөн,
Ак жолго кирген,
Алланын бирдигин билген,
Бир үңкүрдө кырк киши олтуруптур.
Чайы кайнаган,
Дасторкону жайнаган,
Аттарын аркы-терки байлаган.
Шербет, шекер, жер-жемиш
Дасторкондо чачылып жатат.
Шербетин ичсе, суусуну канат.
Жемишин алып, оозуна салса,
Эрип кетет.
Манас аларды көрүп,
Айран калды.
Баякы жартысын жеген
Козуга көзүн салып,
Козунун жанына барды.
Барып караса козу аман-эсен
Маарап турат.
Бул кандай кеп – деп
Манас айран калды.
Бул козунун жартысын жеп
Жартысын өз көзүмчө
Көтөрүп качып кетти эле,
Каны ушул жерге чейин куюлуп,
Өзүм аркасынан кубалап келдим.
Бул козу эми келсем,
турат аман-эсен,
Бул кандай кеп,
Карышкыр кайда кетти?
Карап турган кашымдагы
Адамдар, айтыңарчы,
өз көзүмчө өлгөн,
жартысын бөрү жеген,
жаны небак чыккан.
Мен артынан кубалап келдим
Каны куюлуп келди.
Эми бу жерде козум аман,
Эч жеринде тагы жок,
Мына козу тирүү турат.
Акелер, сураганым ушул.
Козуну алып келген бөрүнү,
Айтып бериңер!?» – деп Манас айтты.

Анда Манаска кырк адам айтты:
«Балам, козумду алган ушул
экен – деп
Бизден коркпой, бери жакын кел.
Сен бизди ким деп ойлойсуң.
Манас балам, сенин оюңда
Не кеп бар, казатты
Кандай чыгарайын дейсиң?
Боюңда кайратың канча?
Балам, коркпой сөзүмдү тыңда.
Козуң турат мында» –
Деп балага сөзүн салды.
Манас угуп алды.
Бул сөздү угуп көрүп туруп
Манас айран калды.
Акелер, менин кайтарган(ым)
Көк эле.
Силерге айтар сөзүм эп эле.
Бул козуну көтөрүп качкан
Бөрүнүн түгү көк эле.
Козумдун жартысын жеп,
Козум өз көзүмчө өлдү эле.
Ит сүрөттүү тик кулак,
Үч кулач жерди бир чурап
Козума бөрү жетти,
Кызыл жаян кан кылып
Көтөрүп качып кетти.
Мына береки кырдан ашып
Бөрү кайда кетти – деп,
Бөлөкчө сөздү урбаңар,
Менден бөрүнү жашырып,
Акелер, шылдың кылбаңар.
Артынан кууп келсем,
Болуп калыпсыңар,
Алып келген козумду
Аман байлап салыпсыңар.
Бул кандай кеп?
Борумуңар башкача.
Жөнүңөрдү адам билип болбойт.
Өзүңөр кайдан келген адамсыңар?
Менин түрүмдүн жөнүн
силер көрдүңөр.
Аныгын айтып бериңер!» – деп,
Манас айтты.
Анда адамдар айтат:
«Аныкбөрү болгон биз.
Сага келдик.
Сени кырк күндөн бери
Кызыр Илияс издеп жүрөт.
Табалбай, мына, кырк чилтен
деген биз.
Козуңа тиш салган биз.
Бир кудайдын буйругу менен
жүрөбүз.
Эми кайратың кабат болсун,
Сен мындай жүрбөй
Бир Кудайдын бирдигин бил,
Өзүңдүн тирлигиңди кыл,
Көрбөй туруп ынан,
Көңүлдүн кирин чыгар.
Кудайды бар – деп,
Бир деп бил.
Туудурган атасы жок,
Тууган энеси жок,

Өзүндө тууган, уругу жок,
Өзүнөн башка улугу жок.
Өкүмүнө эч чара жок.
Өзү бар. Кудайда бала жок,
Өзүнөн башка даана жок.
Кудайдын өңдөшү, теңдеши жок,
Кирпик ирмеп
Капилет да болбойт.
Жараткан макулуктун баарын
Өз пазилинде колдойт.
Палан деп өлчөп болбойт.
Амир кылса асман менен жер
Систеке толбойт.
Жараткан кудайың бар,
Жан-жаныбардын баарын
Өзү сактап турат.
Сенин дилиң ак болсо,
Мусулман, бул Алланы бил,
Ак динге кир.
Кудайдын кудурети күч,
Казаттын жолуна түш.
Казат кылчу сиз,
Кайрат кылчу биз.
Ислам жолу түз,
Кызыр Илияс ал үчүн
Сизди издеди.
Кайраттанып,
Казат жолуна түш – деди.
Маңдайыңда башың турат,
Баатырлык кылар чагың турат.
Кысылганда колдоочу
Кызыр бабаң дагы турат.
Жараткан көрөр күнүң турат,
Кабылан үнүң турат.
Ажыдаардай сүрүң турат,
Азиретаалы пириң турат.
Тартынба да,
Сактанба,
Жашырынып чактанба.
Эрдикти кылбай туруп
Кылдым деп мактанба» – деп.
Анда Манас сурайт:
– Карышкыр болгон кимиң?
Айтыңарчы, кереметиңер бар,
Жолуң шар болсо,
Кана, бөрү болчу көрөйүн!
Көрүп туруп көңүлүмдү
Анан бөлөйүн.
Айткан сөзүңө
Анан жооп берейин.
Сиздер кандай жансыңар билейин.
Кереметиң көрүп туруп,
Анан айтканыңарга кирейин.
Силердин сөзүңөрдү уктум.
Пириң Калы – деп
Бир эрди айттыңар.
Алла сиздерди мага
Немене деп жиберди?
Адамдан түрүңөр башка.
Салтанат, салтыңар
Жандан башка.
Минген атыңар канаттуу экен,
Элким коюп эркиңерге
Ээңер силерди жараткан болсо,

Ушунча жан-жаныбардын баарын
Өз күчүнө караткан болсо,
Ушунчаны: жер, суу, тоо, таш –
буларды жараткан
Кудайың кайда болот?
Анын үйү-жайы кайда?
Абал ордун сурап
Андан кийин, агалар,
Айтканыңарга ынанайын» – деп
Манас айтып салды.
Кырк чилтен каткырып
күлүп калды.
Кудайдын бу жайда кудурети,
Сыпаты бар.
Кудайда үй болобу,
Кулагың угуп турсун,
Уккан кулагың, жыт билип,
Дем алган мурдуң,
Сүйлөгөн тилиң, оозуң,
Көргөн көзүң,
Билген эсиң,
Кармаган колуң,
Баскан бутуң,
Көкүрөктө жүрөк дилиң,
Аккан каның,
Аманат жаның –
Мунун баарын жараткан
Кудайдан деп, мунун баарын
чын деп бил.
Кудайдын үйү ыйман турчу
дилиң болот,
Кудайдын үйү мусулмандын дили,
Билип ал» – деп кырк чилтен
айтып салды.
Бири силкинип,
Кырк чилтендин бири
Көк бөрү боло салды.
«Бирде бөрү, бирде адам болгон
Аныкы сонун силер экенсиңер» – деп
Манас айран калды.
Ал аңгыча Чөкөбай
Артынан жетип барды.
Манас менен кырк
чилтендин баарына
Чөкөбай көзүн салды.
Козу тирүү маарап турат,
Айран-азыр калды.
Бала келгенден кийин
Манаска кырк чилтен айтты:
«Бул баланын аты – Чөкө.
Сен жалгыз жүрдүң
Жеке билдиңби?
Эми болдуң экөө.
Бул баланын аты – Кутубий болсун,
өзүңө жолдош болот.
Жолборс жүрөк эр болот.
Кутубий атанат,
Кудайдын атын жат алат.
Эми отуз тогуз жолдошуң
Мындан кийин келет.
Караба, издебе,
Как алдыңдан табылат.
Балам Манас,
Сенин жолдошуң бир жүз

Жыйырма сегиз,
Балам сен, угуп тур,
Тептегиз баарысы бирдей
Кыраандан кырк чороң болот.
Чоролоруңдун жолдошу
Баатырбашы атанган
Кырк жороң болот.
Кырк чилтениң мында турат.
Кызык сөздү угуп тур,
Жана баатыр Бакай агаң болот.
Кызыр Илияс бабаң болот.
Кандай кылсаң душманга
Жеңдирбей турган чамаң болот.
Айкожо менен Ак эшен
Байтулада пириң болот.
Алмамбет,Чубак,Сыргак
Артыңда сүйөнчүң болот.
Түрк уругунан
Зилиң, өткүр болор тилиң» – деп,
Жаннаттан келген шараптан ичирип,
Эми барып майдандын
Жолуна күтүнүп тургун – деди.
Эми сексен сегиз жолдошуң келет,
Азыр жолдо» – деди.
Кысылсаң жардам тиле,
Кызыр бабаң азыр болот.
Эми олтурбайлык, жүрөлүк» – деп
Кабар берип, көздөн кайып болду.
Эки бала козусун жетелеп алып,
Тоонун башынан түшүп келди.
Көп козунун кашына
Жанагы кишилер шарабын ичирип,
Тамагын жегизип, мени сыйлады.
Сага Кутубий деп ат койду.
Булар тегин адам эмес,
Бир пурсатта белги калбай,
Көздөн кайып болду.
Бекер киши эмес өзү,
Тегин эмес сөзү.
Не болсо да
Колу тийди алардын
Бул козу да соо болбой калды.
Башка сөздү коюп
Бул козуну соёлу.
Этин жеп тоёлу.
Эчтеке болбос
Жакып бир козудан жарды
болуп калар дейсиңби – деп
Акылдаша салып,
Козуну союп алышты.
Жагарына отун жок,
Айран калышты.
Жыгачты жыйып
Отунду сулатып салды.
Эми от табылбай калды.
Ал аңгыча болбоду,
Белине балта байлап,
Беш таначар айдаган
Бир чал келип калды.
Чал балдарга көзүн салды.
Балдарга чал айтат:
«Мына ушундай да
Бейбаш бала болобу,
Силер кандай курган балдарсыңар,

Эмне кылып жүргөн жандарсыңар.
Козуңду союп салды – деп
Атаңарга айтайынбы?»
Эрмек мындан табылып калды.
Аталарына айтам,
Айтып коюп кайтам – деп
Абышка аттанып жолго салды.
Абышка бастырарда
Манас тура калды.
Бабайды белден алды.
Абышканын жайы
Алтай тыргоот калмак эле.
Өтүгүң шоодай – деп
Үксөңдөп үтүрөйүп урушуп
Балдар сураса бир чагым
Куусун аяп чагып бербей койду.
Аны көрүп Манас аянып турабы:
«Абышка сен, от бербединг,
Сөзгө келбединг» – деп
Тогуз жашар баланын
Толук ачуусу келип,
Туу белден кармай алып,
Оодара тартып,
Чал калмакты чалкайтып
Чалкасынан салды.
Жүрөк-боору үзүлүп кете таштап,
Көзү тунарып калды.
Жанындагы котосу
абышканы аркасынан
Жөөлөп калды.
Куру белден үзүлүп,
Оттук пычагы менен
Манастын колунда калды.
Кыжыры кайнап,
Кычап чалды
Манас оодара тартып салды.
Жанындагы Кутубий
Күчүнө айран калды.
Ачуусу келип, Манас чалга айтат:
Чагып бер десем бир чагым
Кууңду аяп чагып бергениң жок.
Сендей акмак чалды көргөн эмесмин.
Ошпурга айтып барып
Мени түк аяба, айдаганың беш тана,
Биз болсок бала,
Сенин танаңдын бирин союп
Тамаша салып коёюнбу,
Сенден не деп тартынайын
Жакып байдан бир таначар аларсың.
Айтып баргын байыңа,
Талабыңа жет.
Тарпың калбайт, өлөсүң
Чал, аттанып кет.
Оттук, пычак, куруң
Бизге олжо.
Оолак кет.
Жаныбызга жолобо!» – деп
Манас айтып салды.
Анда абышка Манаска айтат:
«Сен өзүң кимдин баласысың?
Жөнүңдү айтчы мага!» – деп.
Манас айтат
Ачуусу келип:
«Менин аты-жөнүмдү сурап

Эмне кыласың? Өлөрүңө аз калды,
Аттанып жогол!» – деп.
Чал коркуп апыл-тапыл
Шашып аттанып калды.
Оттук, пычак, курунан айрылып,
Ошпурга чал жөнөп калды.
Эми балдардын сөзүн угуңар,
Жакыптын айылына жакын
Сарайман дегендин эли экен.
Сарайман өзү элге дайындуу
Адам экен
Атасынын аты Саламат экен.
Сарайман өзү бай адам,
Мал тууралуу өзүндө
Кайгы-капасы жок.
Сараймандын баласы сууга
Эки жүз козу сугарып,
Айдап чыгарып турат.
Бала козуну жайып таштап,
Кемирчек казып ойноп жатып,
Манас менен Кутубийди көрө салып,
Бул төрт бала аларга
карай басып калды.
Боюн теңешип, буларды уруп
Кетирелик деп кеңешип,
«Бул козу оттоочу жер эле,
Козусу көп экен,
Талап, тарпын кетирип,
Кет – деп айталы.
Кетпеймин десе уруп-токмоктоп
Кызылдай жанчып,
Кылбаганды кылып коё берелик.
Үйлөрүнө ыйлап барат,
Коркуп келе албайт,
Бул жери бизге артып
калбайбы» – деп,
Келип балдар турушту,
Турган заман урушту.
Бул козуңду айда,
Сенин алың кайда.
Бул балдардын аксакалы Айнакул,
Жанындагы бала Кумабул.
Экөө Чөкөбайды чөкчөйтүп
Басып калды.
Төрөм кантээр экен – деп
Чөкөбай көзүн салды.
Ал аңгыча ай бачагар
Кантесиң деп аны барып
Манас оодара тартып салды.
Тура калып Айнакул
Манасты келтирип төшкө
коюп калды.
Жана башты туштап
Манасты муштап калды.
Айнакул калбаны баштап салды.
Бого бериң Манас карап турбай,
Башка сөздү урбай,
Жодурук менен келтирип
Башка төрөң согуп калды.
Айнакул онтоп,
Башы үзүлүп кете таштап,
Эстен танып жатып калды.
Манас айтат:
Ойногонго не болуп кеттиң?

Эсиң ооп кеттиби?
Оозуңа келген кепти
Ойлобой айтып
Өзүңө өзүң кылдың.
Жетип келип муш салгандай,
Мен сенин көзүңө не көрүнөм?»–
деп жана Манас жакасынан
Алып сүйрөп калды.
Жаным чыгып кетти кокуй – деп,
Айнакул ыйлап калды.
Жалынып-жалбарып:
«Башым сынганга окшойт
Жаным чыгып кете жаздады» – деп,
Айнакул тура албай калды.
«Сен кимди коркутасың,
Тургун!» – деп Манас сүйрөп,
Тургузуп койду.
Баякы урабыз деп келген
Үч бала баатырың Манаска кирди.
Бирөө сол жагынан кармап,
Бирөө оң жагынан кармап,
Бирөө аркасынан жабышып
Жонунда жүрөт.
Бого Манастын каарман
Ачуусу келип, түгү
Тонун тешип чыкты.
Үчөөнү камтый кармап
Жерге урду.
Төртөө бирдей ыйлады,
Көзүнөн жаштарын төгүп,
Анда Манас балдарга айтат:
«Кой эми, жарашалык,
Мынабу козунун этин жегин.
Мени төрөм дегин» –
деп төрт баланы сыйлап,
козунун этин шишкебек кылып
бышырып берип,
Балдарды майга тойгузду.
Эми алты бала болдук
Ашык ойноп атабыз
Ушул жерге ойноп,
жыргап жатабыз» – деп
Манас бул балдардын
козусун кошуп алды.
Манастан коркуп балдар кетебиз
деп айталган жок.
Талаага жатып калды.
Түн ортосу болгондо
Манас туруп жана
бир козу союп салды.
Балдарым этке тойсун – деп.
аны да шишкебек кылып бышырып,
Алты баланы аябай этке
тойгузуп койду.
Манас өзү басып жүрөт,
Уктабайт, жатып жерге жантайып,
Козуларын кайтарып жүрөт.
Коркуш жок анда.
Ал аңгыча болбоду,
Кашкайып таң сөгүлдү.
Жылдыз тарап бириндеп бөлүндү.
Жер көрүндү.
«Балдарга эмне балакет болду,
Анын козулары кайда кетти,

Козусун бөрү кырып кетти бекен
Балдарды кудай урду,
Башың курган байталмандар
Бир балакет кылды» – деп
Балдардын ата-энеси
Чуркурап таң атканча
Уктаганы жок.
Жантайып жерге жатканы жок.
«Ээ, ботом, береки бай Жакыптын
Баласы бир балакет кылат экен,
Таң атканча козу издеп
Тамтыгыбыз кетип калбадыбы.
Койлор маарап,
желини чытырап турат,
Жаны да курсун,
Малы да курсун!» – деп,
Кокту, кырдан карап,
Таң атканча куурап,
Козу турсун, бирин бири
таппай жүрдү.
Адырга чыгып айкырат.
Кырга чыгып кыйкырат.
Айгай салды,
Далай жерге барды.
Козу издеп
Кээ бири талаага
Жалгыз конуп,
Аттуу жолдо болуп,
Аман тапсак эле болду эле – деп
Алар дагы санап жүрөт.
Ар коктудан карап жүрөт.
Алыс жерден
Алмалуунун сайында
Козуну алдына салып
Айдап алып,
Алты бөрү талап жүрөт.
Көрө салып Ошпур айтат:
«Кудай уруп койгон экен.
Кара көздү карышкыр ойгон экен.
Кырып жүрөт сайда» –
деп Саламат айлы жалпы
Чуркурап барды.
Кодоо менен Ошпур булар
Дагы айкырып жетти.
Жетип келип караса,
Карышкыр түгүл таш да жок,
Балдардан башка жок.
Баргандар чогулуп,
Башын кошуп турду.
«Балдар, силерге эмне болду?» – деп
Балдардан сурап калды.
Анда балдар айтат:
«Береки Ошпур байдын жалчысы
Баарыбызды уруп ойрон кылды.
Бул баладан коркуп үйгө
Кете албай көзүбүз алайып калды.
Өзүбүз далайып калдык.
Ошпур бай малайды
Пайда келтирүүчү
мыктыдан алган экен,
Жана да төрт-беш
козуну союп салды.
Бул баланын шоктугу
Баарыңарга жагып турабы,

Ушунчалык журт болсоңор
Бир баланын
оозун карап каласыңарбы.
Бул баладан кордук көрүп,
Бүтүн түрк тарап кетесиңерби?» –
Деп балдар айтып салды.
Балдардын сөзүн
Саламат байкап калды.
Бул алда кандай шумдуктуу
Бала эле – деп,
Айран азыр калды.
Анда Саламат айтты:
«Козуну бөлүп санаңарчы,
Конгон жерин караңарчы!»–
деп козуларды санады.
Конгон жерин карады.
Козу аман чыкты.
«Балаң кандай бала эле?» – деп
Саламат Ошпурга айтты.
Малыбыз аман чыкты – деп
Байлар кубанып калды.
Бул балдар Манас козу сойду
деп айтты эле,
Балдар балалык кылып
айткан белем,
Бул сөзү дагы жалган чыкты.
Баланын сөзү чала деген ушу
Башка сөздү коюңарчы,
Баарыбыз көз менен көрүп турдук,
Кыйкырып келип ажыраттык.
Алты бөрү аралап
кырган козу кана?
Карыялар байкап көрүңөрчү,
Бул иш бир шумдук болду.
Алты бөрү аралап козуну
Кайтарып жүргөнүн анык көрдүк.
Келсек алты бала экен.
Бого кандай жорук – деп,
Көңүлү бозала кой болуп калды.
Алыстан бизге көрүнгөн,
Козуну бүлдүрүп ыргытып жүргөн
ач бөрүлөр кана?
Айтор, бул бир шумдук болду» – деп
Байлар сүйлөшүп олтурду.
Балдар козусун айдап үйлөрүнө
кайтты.
Эл чогулуп олтурганда
Баякы маңгул калмак барды.
Барган замат бет алып
Ошпурга айтты.
Таапсың малайды,
Мага малайың
Көрсөттү далайды.
Тогуздагы бала экен,
Тозоку болчу неме көрүнөт.
Онго чыккан бала – дейт,
Ойрон болгон неме көрүнөт.
Үрпөйгөндө каары
Дөөтүмдөн кем эмес,
Жетимиш төрт жашка чыктым эле,
Жерге киргизип коё таштады.
Башым серпкенинде
Үзүлүп кете таштады.
Аттан оодарып

Ойрон кылмак болду эле,
Жанындагы бала
аркамдан жөлөп калды.
Жана курумду, оттук пычагымды
Тартып алып калды.
Сенин малайыңдын шоктугун
Көтөрүп тура албайм.
Бурутум, бузукту соём – деп
Айта сал. Түгөнүп калган жок,
Түпкүлүктүү маңгулга кабар салам.
Ошпур, нак сенин өзүңдөн
Өчүмдү алам.
Салмакташкан жан болсоң
Далайдын тишин санаймын.
Жаным чыгарга жакын калды эле,
Лайла-лама деп
өлүп кала таштадым» –
деп калмак сөзүн айтып бүтүрдү.
Ошпур бул кандай
Бала эле деп чочуп калды.
Баладан кабар алып
Бар болсо алып берейин – деп
Манаска жөнөп калды.
Айылына жамыратып
козуну жайлап,
Саандарын кошоктоп
Байлап турган кезде Ошпур барды.
«Бала, сен кандай курган баласың?
Келгениңе сегиз күн болду,
Калктын баарын какшатып,
Токмоктоп оттук,
пычагын тартып алыпсың,
Олжо сага оңойбу?
Минте берсең бизге адам жолойбу.
Каргашалуу бала экенсиң,
Калмак менен кыргыздын
Арасын ажыратып ачмак болдуң,
Жалпы маңгул козголсо,
Токтото турган кубатың барбы?
Ойноп алсаң бере кой
оттук, пычагын.
Сөзүмдү ойлонбосоң
Сени ойрон кылып
Пычып таштаймын.
Калмак күчөп турган кезде
Сен кандай кычадың,
Бере кой чалдын оттук, пычагын!» –
деп Ошпур айтып салды.
Одурайып Манас кабарчыктап
Ошпурдун бетине карап калды.
«Мен алдым олжону, кечээ алган
олжомду бүгүн кантип берейин,
Бергенде мен оңомбу.
Чал сүйөнөт чалга,
Жаш сүйөнөт жашка.
Мен кечээ балдарга
Бөлүп берип койгомун,
Бергин десең Ошпур бай,
Калабаны салдың
Калмагыңды өлтүрүп,
Кун төлөтүп коёмун» – деп
Манас Очор байга жетти.
Айбатына тура албай
Очор аттана качып кетти.

Артынан кууп Очорго
Манас жете албай калды.
Манаска Ошпур бата албай,
Батынып кебин
Айта албай калды.
Бул кандай курган бала
Баланын иши чала,
Бай Жакып мени курутмакка
Баласын берген экен.
Мен Жакыпка барып
Баланын жайын айтайынчы,
Бул куу баладан кутулуп
Анан тынчып жатсам
болбойбу» – деп,
Ошпур ойлонуп Бай
Жакыпка жөнөп калды.
Баланын кеби Ошпурдун ичинде,
Бешимде жөнөп Жакыптын
үйүнө кечинде барды.
«Бала кандай жүрөт?» –
деп байбиче Ошпурдан
Сөз сурап калды.
Жанына баса олтуруп
Анда Ошпур айтат:
«Байбиче,
Балаң чыкты баатыр,
Билгенин кылып жатыр.
Аман-эсен акыр.
Айтканды укпайт экен капыр.
Анын оюна коё берсем
Бул кой-козуңдан койгондой эмес.
Бул баланды,
Албасаңар болбойт,
Койчу канчалык көп болсо да
Сөзүн укпайт,
Тилин албайт,
Өзү билгенин кылат.
Аман турсаң аз күндө угасың,
«Ошпур өлдү,
Көргүлүктү көрдү.
Көпчүлүк көмдү» – деп,
Бул сөздү Ошпур айтып өттү.
Бул сөздү угуп
Байбиче Жакыпка
Сөздү айтып калды.
«Сен жалгыз баладан
Кутула албай жүргөн экенсиң,
Жалгыз балам,
Жанымдагы карам
Менин санаамдан кетпейт
Алда кандай болот деп балам.
Жалгыз душман калмактын
Жанында жүрсө,
Калмактын калың эли болсо,
Алтайдын арбын жери болсо,
Тентек өскөн балаң бар,
Телмирип жүргөн чыгар.
Тентектик кыла койсо
Бого Ошпур күйгөн чыгар.
Бир бала кимди эңип
Кимди жеңип кетти дейсиң.
Бат аттан, баламды алып келип бер!
Мал багат деп жалгыз баламды
Саргартып талаа сактатып,
Шүмшүк кылбаймын» – деп
Байбиче сүйлөп өттү.

6-бөлүм

МАНАС ЖЕР КОРУГАН КОРТУК КАЛМАКТЫ БАШ КЫЛЫП, БИР ТОП КАЛМАКТЫ ӨЛТҮРГӨНҮ, АГА БОЛУШКАН АЛТАЙДЫН КАЛМАКТАРЫН КЫРГАНЫ

Ал күнү Жакыптын үйүнө конуп,
Эртеңки таң атты.
Чыйырды баламды
алып келгин – деп,
Жакыптын тынчын алды.
Жалгыз баламды көзүмдүн алдында
Карап олтурамын – деп
Бай Жакып атка минип
Баланы көздөй салды.
Ошо күнү кечинде
Ошпурга Жакып барды.
Баланы таап алды.
Бай Жакып баласын
Кашына чакырып алып кеп айтат:
«Айланайын каралдым, бери келчи,
Сен козу бакпай коюпсуң,
Дүнүйөдөн тойдуң беле?
Же бул мал кереги жок мал беле?
Күнүгө үчтөн-төрттөн соёт дейт,
Малдын дагы кордугу болбойбу.
Жана бир карыган
калмакты урупсуң,
Ал калмак тегин кетпейт.
Мага бир балакет издеп кетиптир» –
деп Бай Жакып
баласына баяндап өттү.
Манас бул сөздү атасынан угуп алып
Жакыпка сөз айтып калды.
Эмне дейсиң, атаке,
Мен корголоп коркуп жүрүп
Күн көрүп оокат кылбаймын,
Кол салышам, коркпоймун.
Качып жүрүп кантип күн көрөм.
Катылышса көрөм,
Каза жетсе өлөм.
Мени ажалдан кантип
катып каласың,
Мени калмактан кач дебей,
Атаке, аман-эсен кайтыңыз,
Бул сөздү
Менден башкага айтыңыз.
Анда Жакып айтат:

«Балам, энең баламды алып
Келип бергин – деп,
Үйгө олтургузбай эсимди кетирип,
бешимди алды.
Үйгө тынчып олтура албадым,
Ошол энтелеген энеңе
Алып барып көзүнө көрсөтөйүн,
Эми куру барганда
Энең угуп алып тынчымды кетирет.
Байбиченин казабына калбай
Жүрү балам кетели,
Байбичеге баралы», – деп
Баласына майышып Жакып
Канчалык сөз айтып
Кабыргасы кайышып турду.
Анда Манас барбаймын –
деп айталган жок.
Бай Жакып баласын алдына салып,
Санаасы тынып,
Үйүнө кайтмакчы болду.
Ошпур менен Бай Жакып
Арасы түштүк жол эле.
Ал аңгыча болбоду,
Асты жагын караса,
Ак өтөктөн Талас, Алмалуунун
Алты өзөн суусу чаң тополоң.
Муну көрүп бул кандай кеп болду.
Жылкыга бир суук кол
Душман кол салганбы,
Туман десе чаңдай,
Кошун десе малдай», –
деп айран болуп турганында,
Жакыптын жылкысын
кубалап сүрүп,
Ыймандуу баш кылып,
Жылкычылардын башы көзүн
Кызылала кан кылып
Токмоктоп уруп,
Алты Субан калмагы
Жер коруп айгайлап
Айкырыкты салып,
Жылкыны сүрүп калыптыр.
Майына мас болуп жаткан
Жылкы чууну укканда
Куйругун сыртына салып,
Жылкылар тозуп, токтото албай
Өзүлөрү токмокту аябай жеп,
Кулун,тай куюгуп,
Семиз мал жинигип,
Кызыл май болуп бузулуп,
Жылкыны сүрүп айдап
Калмактар жетип барды.
Малына кейиген Бай Жакып
Жер коруган калмактарга
Сөз айтып калды.
«Кана, Субандар,
силерге эмне болду?
Жылкыны кызыл май кылып,
Апыраңдабай сөзүңөрдү
айтыңарчы», – деди.
Жакыпты көрө салып
Жылкычылар ыйлап,
Жакыптын жанын кыйнап
Көргөн күнүң курусун,

Ичкен сууң курусун – деп,
Талаа-түз чаң,
Кыйла кызык жаң,
Жылкылар кызыл жаян кан.
Муну көрүп Манас
айран-азыр болуп турат.
Манастын боору бурап,
Бай Жакыптан сурап,
«Ээ, атаке, бу кимдин малы,
Бу жылкылар кимдин жылкысы
болот?» – деп,
Бул жылкы мурун кайда турган,
Эмне үчүн бул калмактар
Бул байкуш жылкычыларды урган?
Жылкычылар калмакка
эмне зыян кылган?» – деп
атасынан баласы сурап калды.
Чыдай албай Бай Жакып
Манаска чынын айтып салды.
«Балам, бу жылкы биздин жылкы,
Башы жок мал курусун,
Алтай,Субан калмактарынын
Башынан эле эрмеги мен болчумун.
Отуз байтал, беш аттан
Ай сайын от, майна берип турам.
Ошондо да азсынып,
Жылкымды кууп,
Жылкычымды уруп,
Кылып турган кордугу бул», –
деп бай Жакып баласына айтып өттү.
Ал аңгыча калмактар
Бай Жакыпты урабыз – деп
Тегеректеп калды.
Апыранда шып башчысы
Кортук калмак
Бай Жакыпты урмакка
камынып калды.
«Менин кайнатам
каңгайлардын чоңу
Мен калабаны сагынып турам», – деп
Кортук ачууланып айбатын салып,
Айниңе шоодай – деп
Жакыпты жапырып турду.
Анда Манас сурады,
«Ээ, атаке, бул немене деген кордук,
Эмне деген зордук,
Бул каргашалуу капырдан
Кордук көрүп эле
жүрө беребизби?» – деп,
Бул эмне деген кеп,
Эмне деген зордук – деп Манас
күйүп ачууланып кетти.
Анда Жакып айтат:
– Ээ, балам, анын несин сурайсың
Атаңдын күткөн малы,
Көргөн күнү,
Ичкен суусу курусун!» – деп.
Ал аңгыча болбоду
калмактар ормондоп
Жакыпты тегеректеп алып
Камчы менен салды.
Калмактар Жакыпты сабап киргенде
Жаш бала атасына боору ачып,
Жылкычы Ыймандын

кышында кыйып,
Саратан салкын жерге жаткырып
Кабыгы менен катырган кайың
укуругу бар эле.
Ыймандын колунан алды,
ичке учунан кармап
Келберсиген Кортукту
келтирип төөгө басып өттү.
Укурук башына тийгенде
Кан аккан суудай шарылдап,
Бети,башын жууп кетти.
Кортук калмактын мээси укуруктун
тийген жерине жабышып чыкты.
«Лайлалам» – деп Кортук
калмак жан берди.
Жайына кетти албайып,
Аттан түштү дардайып.
Жер кучактап жатты,
Бул кандай жорук болуп кетти – деп,
Калган калмактар
акылдан жаңылып,
Эстен танып, коркуп
далдайып калды.
Баласы уруш салды,
Балаага Жакып калды.
«Кортукту жайлап таштап,
Жакып бай бастырып кете береби?» –
деп алтай, субан калмактары
Аянбай кеңеш кылды.
Жакыпты жайлап туруп,
Баласын байлап алып,
Башына шири салып,
Үйгө алып барып кыйнайлык» –
деп алты субан, алты шыкдан
калтырбай жыйнап,
Каңгайга кабар берип,
Маңгулдун баарын алалык.
Алтай толгон малы бар,
Бай Жакыпка түк койбой,
Баарын талап алып кетелик», –
деп калмактар камынып,
Манаска «Каңгайлашып!»
жабылып калды.
Укуругу колунда, бала
Манастын иши оңунда.
Не түрлүү сөз чыгат
Байкаңар соңунда.
Манас башында,
Кырк чилтени кашында,
«Кудайдын бирлигин билип,
Көңүлдүн кирин жоюп,
Казатка жанын байлап койбоду беле,
Качан башыңа машакат иш түшсө,
Кудайдан жардам сурап,
Кайып чилтендерди чакыр
дебеди беле, – деп Манас
Кудуретке сыйынып,
Кырк чилтен кайыптарын,
Чакырып калды.
Аңгыча калмактар камалап жетти.
Карап Манас турабы,
Карсылдаша кетти.
Чапканын чалкасынан салды,
Урганын узунунан түшүрдү.

Калмактар кара жаны кысылып,
качып калды.
Атасы Жакып: «Айланайын балам,
Койгун!» – деп арачалап жүрөт.
Ага Манас болбойт.
Менменсиген калмактарды
Бет алдырбай жапырып салды.
Белден нары ашырып салды.
Калмактын айылына аралашып
барып калды.
Жакыптын жаны кысылып,
«Жалгыз балам алда
эмне болот?» – деп,
Айгайды аянбай салып,
Артынан барып калды.
Атасынын үнүн уккан соң,
Атынын башын буруп,
Манас туруп калды.
Жакып жетип Манаска
Сөз айта албады.
«Ээ, айланайын кулунум,
Алды-артыңды карабайсың.
Иштин артын санабайсың,
Сен кызыгып кирип жабышаар
Кыргыз элиң барбы?
Балам, азыр бу кезде,
Сенин кыйындык кылар эбиң барбы,
Түркстанда жазык жериң барбы?
Түрк баласы элиң барбы?
Теңелишип калмак менен балам,
Тең айтышаар кебиң барбы?
Азыр балтыр этиң толгону жок,
Басташар чагың болгону жок.
Жүрөк курчуң толгону жок,
Жүткүнөр чагың болгону жок.
Карагым, айткан сөзүмдү угуп,
аңдап көрчү алдыңды,
Артыңды ойлоп көрчү.
Көзүңдү ачып карачы.
Душмандын өлчөсүн байкачы.
Каңгайдан калың кол келип калса
карыган чагымда
Кара жанга зор келип калса,
Кытайдан кыйла кол келип калса,
Кызыл чок кытай мол келип калса,
Калбаны кыйын иш кылдың,
Балам, кысылып жанга
кыйындык келди.
Алтайдан арбын кол азыр келет,
Аксакал болгон чагымда
Азапты азыр берет.
Кызыл чоктуу ойрот көп
Келип калса кытай мени
Кайдан соо коёт.
Карап тур, балам,
Кара көзүм оёт,
Картайып калган чагымда
Капырлар кармап алып соёт.
Ээ, кагылайын кубатым,
Мунун калбасы катуу болот.
Сени кокустан мерт
тапшырып коёбу – деп,
Менин эсим сенден чыгат.
Мен куруюн сенин кара жаның

Аман калса болду эле.
Өлбөсөң өчүмдү алар элең,
Ушу турган ойротко
Бүлүк салар элең.
Өлүп калсаң кокустан,
Өксөп жатып калам,
Өчүмдү кайдан алам.
Сен кетпесең кегимди алар элең,
Келтирип майдан салат элең.
Кетип калсаң кулунум,
Кемитип таштап салдың го,
Байкуш Жакып балаага калдым го.
Баштан ары бир салып
Башчысын сойдуң,
Балаага салып койдуң.
Чокудан ары бир салып
Чоңун мурун сойдуң,
Жоболоңду салып койдуң.
Карыган чагымда
Атаңдын кара көзүн оюп койдуң.
Жүрү, балам, үйгө кетели,
Калмактын кабарлап
Жөнүн байкайлы.
Кантээр экен капырлар
Кааласа кунун берип
Кутулабыз», – деп Бай Жакып
Бар сөзүн урду.
Үйүн карап үрпөйүп турду.
Анда Манас
атасы Жакыпка кеп айтат:
«Ай, атаке, корктуң,
Айтпаган сөзүң калганы жок.
Ал кун деген сөзүң немене
сөз айтыңызчы?»
Анда Жакып айтат:
– Ээ, шумурай балам,
Кун деген сөз санап мал алат,
Ал малына көнбөсөк,
Аз айыл кыргызды
Тарпын кетирип талап алат.
Айып деп арбын мал алат.
Айыбын берсек
Кыргыз бүтүн таланды, балам.
Тура бер,
Акырында бул капыр соо турбайт.
Мен куруюн,
Жолунда байлалуумун го,
Менин көзүм ойбой койбойт,
Балам, сени сойбой койбойт.
Балам, аңдап билдиңби,
Сөздүн жөнү ушул.
Анда баласы Манас айтат:
– Ээ, атаке, байкачы,
Кебимди айтпаймын
Тегиңди жалгыз – деп
Сени камаган,урган
Калмак эмеспи,
Бого кун – деп,
Жалгыз чака бул берсем,
Мени кудайдын урганы ушул.
– Ээ, атаке, малыңдын санын
Мен жылкычың Ыймандан уктум.
Кылымга малың толуп,
Ушул тапта жылкың

кырк миң болгон экен.
Калмак өлдү,
Калабаны балам салды – деп,
Ага эмне мынчалык капа болосуң.
Калмак алса мал алар,
Албаса куру калар,
Ай, атаке, сенин коркогуң
Көрүнгөндүн көзүн карап жүрүп эле
Жалтак болуп калыпсың.
Калмакка кыргын саларымда,
Какшатып өчүң аларымда,
Мени кайтарып тыйып,
Ырысымды кыйып
Турганың жакшы кеппи.
Коркуп жүрүп,
Короого мал салгандын
немене кереги бар?
Жалынып жүрүп жайытка мал
салгандын немене пайдасы бар?
Арбытып айыл жыймак керек,
Короого коңшу күтмөк керек.
Корксо да жан өлөт,
Коркпосо да жан өлөт.
Бул аманат жанымды
Арбак үчүн,
Намыс үчүн байлап койдум.
Ой, атаке Бай Жакып,
Сенин түбүң кимден болот,
Түбүңдү түрүп айтып берсең,
Түйүп алайын.
Сенин тегиң кимден болот,
Тегиңди терип айтып берсең
Тегиз угуп алайын», – деп
Баласы Манас Бай Жакыптан
Ата-баба, тек жайын сурап калды.
Бай Жакып бабаларын баласына
Уктурууга сөз баштап калды.
Манаска баяндап Жакып сөз айтат:
– Оо, балам, сенин дымагың кыйла
бар экен,
Угар болсоң жалгыз каралдым
Кулагыңды салып тур.
Сөзүмдү угуп тур.
Балам, сенин түп уругуң
Түрк болот.
Экинчи уругуң алач болот.
Үчүнчү уругуң кыргыз болот.
Төртүнчү уругуң кыргыздын
Нуругунан деген уругунан.
Кылымга дайын Түрктүн уулу
Кылжыраган кытайды канча
Кабат сүргөнбүз, биз кызыр жылоо
Атанып кызыгын
баатырлыктын көрүп
Кылыч кармап, ок атып, кыйла
доор сүргөнбүз.
Ар кайсыныбыз ар жерде
Аким болуп жүрөт, сурап
Билгенбиз.
Баатыр түрк бабабыздын
Чапкан баатырлык
жолуна башыбызды
Тартпай киргенбиз.
Чоң атаң Ногойдон берки кана

сөздү уктурайын.
Андан аркы бабаларыңдын
Турмуштарын баян кылсам,
Бүгүн талаага түнөп калабыз.
Балам, сенин чоң атаң
Ногой кан болуп,
Кара Шаарга жеткенче
Сары-Колдун санагын алып,
Салышкан душманын сап кылып,
Ополду ордо кылып,
Даңдуңбаштын оюна далай
Журтту которгон.
Анжыянды алган,
Алсыратып салган.
Сонор көлдү бойлоп,
Сонор салып ойноп,
Балам, Ногой деген
Атаңдын тушунда
Согушкандар сойлоп,
Лоп дарыянын жээгин жердеп,
Ойротко намыс бербей турган.
Кудай бизди урганда,
Эл кадырын билбей,
Эсирип жүрүп куруган экенбиз.
Атаң Ногой өттү,
Бизден оомат кетти.
Эсенкандын жардыгын
көрүп калдык.
Бейлинин тардыгын билип калдык.
Башка токтоп турбаган
Бул дүнүйө бир жалган нерсе экен.
Орун салып жазгырган
Эсенкандын элинен кордукту,
зордукту көп көрдүк.
Элүү жүз миң аскер менен
адегенде талкалап чаап түштү.
Андан араң кутулдук.
Кара жаныбызды калкалап,
бизге караган
элди кыйратып талкалап таштады.
Бүлдүрүп калк кыйрап калды.
Катын кызы ыйлап калды.
Эндекей жатып,
Эзилип калдык.
Кенебей жатып
Кесилип калдык.
Байкабай малынып калдык,
Башыбыз торго чалынып калдык.
Бармактай жанды коёр – деп,
Жаратканга жалынып калдык.
Кыргынды кытай салды,
Кыргыз уругу
Түрк уулунан
Кыйла жан кыйрап калды.
Кытайдан качып,
Бир канчасы
Багдадга чейин барды.
Баштатан минтип чабылып,
Атаңдын арманы көп.
Биз бу күндө букара болуп
Кытайга алман берип турабыз.
Башыбызды кытай кармап турат,
Балам, Бай деген бир агаң
Ополду жердеп турат,

Элим-селим кабарын угам
Эптеп оокат кылып турат – дейт.
Орозду деген бир агаң бар
Алайды жайлап турат – дейт,
Алардын кабарын Алайда – деп угам.
Жакып деген өз атаң мен болом.
Мен дагы далай сонунду көрдүм.
Кытайдын кыям багында
Даңгир деген жер бар – деп угам,
Кабарын алар дарманым жок.
Даңгир деген жер – дейт,
Жапа кытай эл бар – дейт.
Аюу, жолборс, кабылан
Албан түрдүү жер бар – дейт.
Андан өтүп барганда
Кайып багып мал кылган,
Канча түрдүү эл бар деп угам.
Байкап турсам, барса келбес деген
жер ошо көрүнөт.
Көп алыс жерге кетти
Көйкапка жакын жерге жетти.
Көргөн,укkан элдер айтат
Көзкамандын тукумун
Көрө албайсың – дейт.
Бир Үсөн деген агаң бар эле,
Ал жерге барганда
Үсөн атын жоюп,
Көзкаман атка конуптур – дейт.
Кадимки кылтакыя
Кызыл чок кытайча порум
болуптур – дейт.
Улуу уулунун аты Көкчөкөз,
Экинчи уулунун аты Чагалдай,
Үчүнчү уулу Агалдай
Төртүнчү уулу Дөрбөлдөй,
Бешинчи уулу Арбалдай,
Алтынчы уулу Бөкөбай,
Жетинчи уулу Токобай.
Бул Көзкаман деген жети
Уулу менен эл көрбөй
Барса-келбес Аңгир-Даңгирде калды.
Жана Ногой деген бабаңдан
Шыгай деген иниси бар эле.
Анын эки уулу бар эле
Жапак, Шырдак деген. Алар
Сары-Кол менен Артта эптеп
жатат жан багып – деп.
Эми ал жерден оокаттын айынан
Орун которуп кетти деп угам
Түркстан жакка.
Жаркендин күн батыш жагында
Сейли Заминдин тушунда
Мамыра тоосунда
жан багып турат – дейт.
Балам, мен чачылганда
ушундай чачылгамын.
Эми капилет жерден эр өлүп,
карыган чакта
Какшап турганым бул», – деп,
Бай Жакып бар сөзүн айтып өттү.
Кан Жакыптын сөзүнө
бала кайышып, толгонуп калды.
«Бөрү болгон кырк чилтен
Кайда кетти экен,

Атамдын бул көргөн
жабыры анык го», –
деп Манас жүгүрүп эки жагын
элеңдеп карап,
Кысылган жерде кырк
кишим болмок эле – деп,
Карап турган кезинде,
Кырк чилтен азыр болду.
Кырк киши чыга калганда
Манастын кыйкырыгы баш жарып,
Манас күлүп калды.
Баласы күлүп калганга
Жакып көзүн салды.
Анда баласына Жакып айтат:
«Ээ, балам,
Сен элден элким болдуң,
Эр, өлтүрүп
Ээнбаш атка кондуң.
Элсиз, күнсүз бу жерде
Эмнени көрүп күлдүң, балам?
«Санаасы жок уйкучу,
Акылы жок күлкүчү» деген
Сен экенсиң го.
Эси бар адам бу күндө
күлөр күн эмес – деп
Бай Жакып баласына бир
басалгалуу сөз айтып өттү.
Манас Жакып айтканча
жабырлашып
Жанына кырк чилтен келип калды.
Манас атасын
Билбей, адамды көзгө илбей
кырк чилтенди таап алды.
Тамашага кирип калды.
Тапканына кубанып,
жолборсуң даярланып,
Кырк чилтенге кызык
аңгемелерди айтып калды:
«Мен калмактан кордук көрдүм,
Калаты жок зордук көрдүм.
Жер коруп,
Малымды сүрүп
Кууду, мындан каргаша чыгып,
Канчалык жаңжал тууду.
Атамды урду.
Абийиримди бир пул кылды.
Мен дагы карап турганым жок,
Эч жазыксыз урганым жок.
Укурук менен келтирип
Башка салып калдым.
Мээнет баскан бир калмакты
Бир чабуу менен өлтүрүп салдым.
«Калмактын кунун берем,
Бергенде кантип күн көрөм»,–
деп атам сабылып,
Кунга берчү малын байлап
Камынды», – деп чыр баштаган
Манас чилтендерге
чынын айтып салды.
Баланын сөзүнө баары күлүп калды.
Анда чилтендер айтат:
«Жаңжалды арбын кылып
Жабыркап турган экенсиң,
Сактачу кудай сактар эми,

Эки көзүңдү жумгун» – деди.
Бала көзүн жумду.
Жумган жерде балага
Лайлауха илалла деген
келменин үнү угулду.
Алдына, артына караса,
Ажап кызык тамаша.
Көпкөк темир кийген көп аскер
баланы курчап турат.
Алтын таажы башында,
Аскери кашында,
Көк ала сакал бир адам
Бет алдында турат.
Төрөңүз муну көрүп,
Көңүлү өсүп, кырк чилтенден
Сөз сурап калды.
«Кызык сонун аңгеме ушул мага
Бир баштан билдирип
айтып берсеңерчи!
Мына айландырып курчаган
кол кимдики болот?
Ала турган даража-жол
кимдики болот?» – деп.
Анда кырк чилтен айтат:
«Айланаңды курчаган аскер
Сенин аскериң болот.
Баштан-аяк дайындап байкап,
Угуп-билип, Алланын парманы
Эч бир жалганы жок.
Биз дагы муну билбей,
Кайдан келгенин жер жайпаган
Көп аскерди азыр көрүп калдык.
Периштеби, периби же адамзатпы,
Айран калдык.
Алда кайдан келгенин билбейбиз,
Алланын эркн өзүндө,
Жок нерсени бар кылат,
Сайып кыран эрлерге
Жолун ачык шар кылат.
Биз дагы сага кызматчыбыз,
Алланын буйругу менен келген иш,
Биз жолугар кишибиз,
Бала Манас сен болчусуң.
Мындан биздин билген кишибиз
Алтын таажы башында,
Аскери бар кашында
Көзүн жуумп турган
Көк ала сакал падыша
Бакай деген агаң болот.
Бул дагы сенин жолдошуң.
Береки кызыл чок кыл такыя
Кылымда мындай эр болбойт,
Тозбогон торко тон кийип турган
Жолборс, чаар ат минип турган,
Манжурия элинен Манжырбек
деген эр ушул.
Мунун атасын өзүң өлтүрдүң,
Акыры Манжырбек дагы келип
сага жолдош болот.
Көрөрүңө көз болот,
Көкүрөгүңө эс болот», –
деп кырк чилтен айтып,
«Манас, ач көзүңдү,
аңдадыңбы сөзүмдү? –

деп, кабар берип, капа болбой
жүргүн», – деп
Кашындагы кырк чилтен
көзүнөн кайып болду.
Көзүн ачып караса
Манас өзү жалгыз калыптыр.
Бай Жакып жылдырып
Жылкысын отко салып жүрөт.
Жакып бай күпүлдөп,
Жаны күйүп дүрүлдөп
Ыйман жылкычыны айда
Мындай шумдук кайда,
Бул каранды айдап барып
Өз ордуна салайын – деп
Алмалуунун оюна
Жылкысын айдап барды.
Калмактын куну Жакыптын
Уйкусун качырып салды.
Манаска Жакып кеп айтат:
«Ээ, башың курган байталман балам,
Өчөшкөндөй барып,
Өкүмүң салып, бир калмакты
Жайлап салдың,
Эми өмөлүп калмак көп келип калса,
Эсиң ооп, эч айланды таба албай
Каларсың да балам», – деп
Бай Жакып сөзүн
Манаска айтып турду.
Манас бул сөзгө уялып калды.
Эмне кыларын биле албай
«Атамдын тилин албай,
Балакеттүү Кортукту
Өлтүрүп койдум.
Не болсо да ата эмеспи,
Атамдын бейлин өзүм билем,
Ата эмеспи кандай айтса
көнүп турайын.
Кайра айтсам ката эмеспи», – деп,
Жылкычыларын кошуп алып,
Жылкыларын айдап алып,
Коруган жериңер кайсы – деп,
«Ээ, атаке, коркпо!
Калмактын өлгөнү бизге пайда,
Жана калмактын
коруган жери кайда?
Бул жылкыны ошол корукту
Көздөп айда – деп,
Жылкыны жылдырып
айдаган бойдон
Корукка барды.
Кортук калмак коржоюп
жолунда жатыптыр.
Өлбөй калган алтоо
кызыл ала кан болуп,
качып кетип калыптыр.
Көз кашайып турду – деп,
Бизди Көкө Теңири урду – деп,
Алтоонун аттарын Ыйман имерип,
Айдап жылкыга кошуп алыптыр.
Манас жылкыны жыйнап
айдаганга киргенде
Жакып не болсо да үйүмө барайын,
Байбичеге баласынын
жайын айтайын –

деп үйүнө кайтты.
Манас Карсыман суунун сазына
жылкыны жылдырып айдап барып,
жылкыны өрүшүнө салып таштап,
жылкычылар менен тамашага
кирип, тай союп жатып калды.

Аны таштап салыңар,
Ага-ини баарыңар,
Атакеси Бай Жакып
Андан кабар алыңар.
Байкуш Жакып
Баласынан түңүлүп:
«Эми кандай болсо да
Кун бербей кутулбаймын го», – деп
Бай Жакып байбичесине келди.
«Ээ, байбиче, бул балаң
Кандай байталман бала болгонун
билбеймин,
Мен барган заман бир калмакты
жайлап салды.
Кун мойнума түшүп калды.
Мойнума шайтан минди,
Манасың болду жинди.
Мен кыйкырып жатсам
Кылчайып карап койбойт,
Жинди болсо да
Кудайдан даба болбосо,
Адамдын колунан келер жин эмес,
Сөзүмдү укпай койду.
Баладан жаным тойду», –
деп бай Жакып бар сөзүн
Байбичесине айтты.
Байбиче байынан угуп
Айран-азыр таң калды.
Бул алда кандай жорук – деп,
Акылынан танып калды.
«Көз катканда көргөн
Бир жалгыз көлөкөм эле,
Мен шордууга кудурет
Бир мээнеттүү бала берген экен.
Баламдын караанын көрбөй
Каңгырап кайсы талаага барам,
Менин таалайым бул эмес эле.
Мен как талаада калган
турбаймынбы.
Койчу кылып баламды
кор кылган экенсиң,
Менин тумшугумду
Арылгыс шор кылган экенсиң.
Коюң менен корум бол,
Жылкың менен жылас бол!
Дегеле менин сөзүмдү байкабайсың,
Жалгыз балам эсиме түштү.
Кайдан жолукту экен,
Аманында баламды көзүмө көрсөт!
Бул кандай шумдук.
Жаш бала жинди болчубу,
Адам жин тийген соң оңчубу.
Жакшылап бакпай баламды
Жаныңдан койчу таптың,
Калмакты жайлап салды – деп
Качып келип үйгө жаттың.
Мунун айткан кебин көрчү,

Көңүлүнүн бегин көрчү.
Капаланып мага балаң
Качып кетип калды дегенче,
Аны качырбай кармап келбейсиңби.
Баланын жөнүн байкап көрбөйсүңбү.
Балаң минтип калыптыр, – деп,
Менин так өзүмө бербейсиңби.
Балага мерес жан элең,
Малыңды ысык көргөндүрсүң.
Кайда барар дейсиң – деп,
Мага капаланып келгендирсиң.
Өлгөн калмак өлгөн чыгар,
Өлүгүн келип көргөн чыгар,
Калмак өлсө кашайтып
Менин каралдымды
Калмактан мурун көмгөн чыгар.
Жалгыз калган бала болсо
Калмак көптөп сойду десеңчи,
Менин көзүмдү кашайтып
койду десеңчи.
Бай деги ошол сөздү
ойлойт бекенсиң», – деп,
Муну айтып Чыйырды
муңканып ыйлап чыңырды.
Жакасын айрып,
«Жалгыз балам кандай
көйгө түштү экен?» –
Байбиче басып, баласына шашып,
Кырга чыгып,
Кыйла санаа санап,
«Менин балам өлдүбү,
Тирүүбү?
Кой, бир Алла билет.
Мен байдын атын минсем болбойбу,
Бастырып жолго кирсем болбойбу,
Бу баламдын өлүү экенин,
Тирүү экенин
Өзүм барып
Билсем болбойбу.
Жалгызым аман бекен,
Аны барып
Өз көзүм менен көрсөм болбойбу.
Аман-эсен бар болсо
Алып үйгө келсем болбойбу.
Калмактын колунда болсо
Анын кордугун көрбөй
Өлсөм болбойбу?
Катын минтип калжырап,
Үйдө жаткандан не чыгат,
Барып баламдын кабарын алайын»,
– деп байбиче кырдан кайраттанып
басып калды. Бай Жакып
Камбарбоздун үйрүнөн кармап
минген Бозтайлак деген
атты арымдай басып
барып атты чечип алды.
«Атты чечкен ким?» – деп
Бай Жакып чыга калды.
Атты кайда минесиң – деп
Чылбырынан алды.
Чымырканып Чыйырды
Чылбырды сууруп алды.
«Байкуш болгон мен,
Баладан тойгон сен.

Өлүүбү, бала тирүүбү,
Балага өчөшкөнсүп
Талаага таштап келдиң.
Сен баладан кечкен адамсың,
Баланын баркын
түк билбейсиң», – деп,
Бозтайлакты минип,
Байбиче болукшуп жөнөп калды.
Бозтайлак менен жолго салды.
Бара турсун байбиче,
Аны таштап салыңыз,
Алиги барган баладан,
Айтылсын кабар алыңыз.
Манас айдаган жылкысын
Корукка салып таштады.
Жер коруп жүргөн калмактар
Кокуйлап үйүнө барды.
«Лайлаламлур!» – деп жалпы
калмак чуркурап жатат:
Байгурдун кылган кордугу – деп,
Башкача өттү зордугу – деп,
Кыргыздын кылган кордугу – деп,
Кыйын өттү зордугу – деп.
Айыл башчыбызды өлтүрүп койду,
Аңдабай жатып алды,
Корук жерге кор – деп,
Малын салды.
Мунун корукка койбойлук малын,
Тирүү койбойлук жанын,
Колго тийсе соёлук
Жакып деген чалын.
Жабырып көрүп турбай,
Жалпы алалык малын», –
деп ар тарапка
Кабар салды.
Ичинен угуп сөзгө канды.
Саламат иниси
Сарбан деген бир жигит
Баянын угуп,
Баары Жакыпка кабар салды:
«Эртеңки шашке түш менен
Келип сизди чаап алмак болду,
Кыргыз уругу болгон соң
Чыдап тура албадым», – деп,
Жакып жаны чочуп тура албай,
Заман кандай болуп кетер – деп
Жаратканга жалынып,
«Акбалтага айтыңарчы,
Бердике мында келсин.
Бекер өлүп калбайлык,
Беленденип туруңар,
Дамбылдага да кабар бериңер,
Айыл-апа баарысы даяр болуп,
Этиет болуп турсун.
Түгөнүп калган бир кемпир
түбүмө жетти.
Бозтайлакты минип
Чапкан бойдон кетти.
Өзүм баштап өлсөм да
Мал-мүлкүмдүн баарын алса да,
Балам аман калса экен!
Намыстанып калмактар
Баарысы аттаныптыр,
Кары-картаң да үйүндө калбаптыр.

Үтүрөйгөн иттер үстүбүзгө
Келип калса камынып туралык.
Бул кабарга караганда
Жакшы сөз эмес балдар.
Мага калмактар бет алып чыгыптыр,
Чыкканын Сарбан угуптур.
Жалпы кыргыз балдары
Алланын өкүмүнө көнбөйсүңөрбү,
Менин өлгөнүмдү көрбөйсүңөрбү.
Өңкөй кыргыз балдары
Мени көмбөйсүңөрбү.
Менин кеткеним көрбөйсүңөрбү.
Кенен кыргыз балдары турасыңар,
Кейигенсип көмбөйсүңөрбү.
Саламат менен Ошпурга менден
салам айткыла,
Калмактын тиктегени
мен турбаймынбы.
Не болсо да сактанып,
Малына этиет болсун.
Мал курусун балам жалгыз,
Карыганда көргөн балам
Кандай болор экен?
Балам аман калса экен!
Кабар бериңер,
карабел казак бийине.
Казак, кыргыз бир тууган эмеспи,
Калмак калаба салып
камап жатканда,
Булар да үйүнө жата койбос.
Найман Жоро баатырга айт,
Коңурат Баймак карыга айт,
Камбаркан деген канына айт.
Камбаркандын баласы Болот,
Айдар деген бир тың бала бар,
Так ошонун өзүнө сөздүн
жайын оозмо-ооз
сүйлөшүп угузуп кайт», –
деп ошо сөздү айтып,
Сарбанды ат которуп мингизип,
Кабарчыны жолго салды.
Сарбан жөнөп калды.
«Бай Жакып өлдү» – деп
баарына кабар салды.
Малын калмак талап алып
кетти – деп,
Он жашка жетпей баласы
Ойрон болгон Манас кошо өлдү,
Өлгөнүн өзүм анык көрдүм.
Түрк уругу болгон соң
Казактар турбастан,
Казак, кыргыз сапырылып
Камынып калды.
Көлүктү тыңдап минип,
Күрөөкөнү чыңдап кийип,
«Кыжылдаган калмак,
Кызыр чалган Бай Жакыпты,
Өлтүргөн соң,
Башкаңарга не күн көрсөтөт!» – деп,
Найзанын учу кылкылдап,
Азаматтар шылкылдап,
Бел байлап беш жүз жигит
Бөлүнүп чыкты.
Көйкашканын баарысы тандалып,

Көзгө сүрдүү көрүнүп чыкты.
Беш атанын уулунан
Белгилүү байрактан
Ашкере алты байрак чыкты.
Алты байракта алты жүз кол
Чынжырдын чөлү менен бара турсун.
Аны таштап салыңар
Аңгемеге барыңар.
Чыйырдынын кабарын,
Аныктап угуп алыңар.
Бозтайлакты минип,
Көзүнүн жашы койнуна толуп,
Менин жалгызым эмне болду экен,
Каралдым кайда кетти – деп,
Бурулуп эч кимге кезикпей
Жылкынын сүрдөөсүнө
салып байбиче
Жылкыга чыгып барды.
Жакын жетип калганда
Баласы Манас алдынан чыкты.
«Энеке, сага не болду,
Не кылып жүрөсүң?
Сенин акылың кайда кеткен,
Эсиң кайда кеткен?
Элким жолго түшүпсүң,
Ыйлагандай көрүнөсүң,
Бозтайлакты минип
Болжолсуз келипсиң,
Кандай ишке,
Кандай сөзгө келдиңиз?
Кайгырып капа болуп
Ыйлагандай көрүнөсүз.
Бирөөдөн жабыр көрүп,
Сөз уктуңузбу?
Атамдын атын минип келипсиз.
Айтчы энеке сырыңды?» –
деп бала сурап калды.
Байбиче баянын айтып калды:
«Ээ, балам, мындан атаң
Жер-сууну бузуп айкырып,
Бакырып барды.
Жер коруган калмактан
Беш-алтысы өлдү,
Өлгөнүн өзүм көрдүм,
Жылкыны калмак бөлдү,
Беш жылкычы, бир бала
Калмакты сүрүп,
Аларды араң токтоттум.
Кудай билет, аларды тим койсом
Бирин да тирүү койгондой эмес.
Калбасы азыр басылган соң,
Кайра тартып карасам,
Алты өзөндүн ак түзүнө
Калмактын өлүгү толгонэкен.
Кандайлыгын биле албадым.
Байбиче, балаң жинди болду», –
деп барды.
Кыйкырсам үнүмдү укпай койду.
Кызык жинди мындан нары
Кандай болот – деп,
Атаң сенден түңүлүп, түнөрүп,
Балам айласыз жинди болду –
деп капа болуп барды.
Балам атаңдын сөзү ушул.

Ал сөздү укканда энекең
чыдап туралбай келип калдым.
Сен жокто балам мен үйдө
тура албайт экемин.
Жүр, балам, үйгө кетели!» –
деп байбиче айтып салды.
Баласы макул алды.
«Ыйман кайдасың, кел бери!» – деп
Манас айкырыкты салды.
Ыйманды алдына алып,
Жылкычылар жыйналып
Жетип барды.
«Бул жерге турба,
Үлкөккө жылкыны айда,
Өз жаныңды жайла.
Кокустан калмак өмүлүп келсе
Алса жылкыны, түбүндө менин
Малымды жеп кете албас,
Беш-беш бөлүнүп алыңар,
Боюңарды бекке салыңар,
Кана, бу жылкынын санагы канча,
Мен санагын угуп коёюн»,– деди.
Жылкычысы Иман:
«Сегиз миң беш жүз жылкы», – деди.
«Анда Манас айтат:
Алган менен жылкы
Кайда алып барар дейсиң,
Акыры азапка өзү калар,
Жүр, энеке, үйгө кетели», – деп
Эр Манас жолго салды.
Энесин ээрчитип алды.
Баласына кошулуп
Байбиче жөнөп калды.
Эки күн бойдон
Ошо күнү кечинде,
Күн батар кезинде,
Өлгөн Кортуктун
сөөгүн алабыз – деп,
Ат жетелеп, төө комдоп
Жети калмак жетелеген
Ат, төөсү менен барып калды.
Байбиче менен баланын
алдынан чыгып калды.
Бул кайдан жүргөн катын деп,
Калмактар көзүн салды.
Башында көрүп Манас таанып калган
Таркын деген бир калмак
Так ушу жуткан – деп
Алтооно айта салды.
«Андай болсо нетмек керек,
Бул баланын түбүнө жетмек керек.
Көкө Теңири бериптир,
Көөп жүргөн бала турбайбы,
Энеси экөөн алып барып
Эмгекке салмак керек.
Кортуктун өчүн алмак керек.
Эр өлтүргөн бала эмеспи
Энесин кошуп алалы – деп,
Келген жети калмак
Бирөө төөдө калды,
Аңыраңдап ат коюп
Алтоо жетип барды.
Балдырашып сүйлөшүп,
Балага жакын барды.

Баламды булар алат экен – деп,
Байбиче ыйлап калды.
«Көз катканда көргөн
Көрүнгөн жалгыз балам,
Карыганда көргөн каралдым
жалгыз балам,
Мынабу келген калмактардын
Бейли бузук,
Бизди кармап кетүүгө
Жаман нээт менен келди,
Балам, сен муну билдиңби?»– деди.
Анда Манас айтат:
«Ээ, энеке, калжыраган калмак
калжырашып кетер.
Ушул алты калмактын
Алы бизге жетер дейсиңби,
Алтымыш киши келсе да
Алдыра койбосмун», – деди.
Алты калмак келип
Аларды арага алды.
Атты чылбырынан алууга
Бири колду созду.
«Колуңду сунба капыр,
Кой өлөсүң!
Мен өзүм Манас деген
Баатыр болом,
Баарыңды кырып таштаймын» – деп
Манас чылбырын тартып алды.
Энеси Чыйырды: «Балам,
Алда кандай болот!» – деп
Эчкирип ыйлап чыңырды.
Жана болбой калмак
Жаңыртып кол салды.
Манастын жаалы келип,
Далысынан чапчый кармап,
Калмактын бири менен бирин уруп,
Тарбын деген калмакты
жайлап таштады.
Тарбын өлдү.
Өлгөнүн калмактар көрдү.
Балага катыла албай,
Өлүгүбүз талаада калат экен – деп,
Эки өлүктү бир төөгө артып алып,
«Ушу бала бурут оңбойт» – деп
Калмактар жолго салды.
Өлүгүн алып үйүнө барды.
Энеси менен баласы
Булар дагы эрмектешип үйүнө келди.
Байына байбиче көргөн,
билгенин айтып берди.
Бай Жакып кубанып,
Баласынын аман барганына:
«Ээ, балам, эсен-аман келдиң,
Эсендигиңди көрдүм,
Сенден айрылып калдымбы – деп,
Канчалык капа болдум.
Энең экөөң эрбейип келген соң,
Эсимди эми жыйып албадымбы.
Калмактан кооп кылып,
Туш-тушка кабар салдым.
Казак, кыргыздан калтырганым жок.
Жалпы түрк баласы түрүлүп
Келсин дедим», – деп,
Бай Жакып баласынын

келгенине сүйүнүп
Бажырайып күлүп олтурду.
Эми бай Жакыпка байбиче
Баласынын кылган жоругун айтат.
«Ээ, бай, баландын жумушун
Ким билиптир.
Ара жолдо бизди алабыз – деп,
Алты калмак аңыраңдап
жетип келди,
Бирөөнүн жонунан чапчый кармап
Жерге урду.
Ошол кармаган калмакты
Жайлап таштады.
Калганы качып кутулду.
Кагылайын абышкам менин,
Сөзүмдү калыстыкка салыңыз,
Аман жүрсүн айтканыңыз чын экен,
Балаң кутурган турбайбы», – деди.
Бай Жакып
баркылдап сүйлөп калды.
«Ал калмак балама тийгени,
Мага кызыгып киргени,
Калганы казак, кыргыз
Деген да кыйла журт,
Кырк миң жылкым бар экен,
Муну кызматына бөлүп,
Кызыккан калмак менен
Мен карсылдашып көрөм.
Мен байланып жатып албайм,
Түптү жанымды аяп калбайм.
Менин алтынчы атамдын төрөм.
Ал атам дагы баатырлык
кылып баш берген,
Бар шайманым белен,
Ажал жетсе өлөм,
Ак жазганын көрөм.
Калмак мында калар,
Алар дагы артын байкап санаар.
Алар болсо мындагы
Сегиз миң жылкыны алар.
Аман болсо жалгыз балам
Өчүрбөй өчүмдү алар.
Кетирбей кегимди алар.
Байбиче, менин балам
Тегин бала эмес,
Жазыгы жаштыгы болуп турат.
Баланын кабыландай кайратын көр.
Ажыдаардай айбатын көр.
Заары бетинде турат,
Каары көзүндө турат,
Мен эр өлтүрүп койдум – деп,
Түк эсине албай турат.
Түрүлүп жаткан көп калмак
Бул баланын көзүнө
Түк көрүнбөйт», – деди.

Муну мындай коюңар,
Ар нерседен ою бар,
Баатыр Манас төрөңдүн,
Кабарында болуңар.
Калмактан калың кол келип
Каршы чыкты бетине,
Кабардар болуп угуңар,
Кабылан Манас сөзүнө.

Жеке Кортук өлдү – деп,
Жети жүз калмак жетип калды.
Чет жакасын бүлдүрүп,
Кыргыздын четинен кирип,
Далайын чаап салды.
Канча малын кырып жоюп
Союп салды.
Түрктү түгөтүп,
Түк койбой малын алды.
Деп жана: «Ушул бурутта
Бир Жакып деген бай бар – дейт,
Ушунчалык чоң бай болуптур,
Мунун баласы чыкты – дейт,
Тил албаган тентек,
Бул Жакыптын айлы кайда болот,
Малы кайда болот.
Муну баласы менен алыш керек.
Байлап алып
Башына шири салыш керек.
Малын такыр алыш керек.
Кимде ким Жакыпка,
Тамырчылык кылса
Муну дагы Жакыпка кошуп
Эсебин тапмак керек.
Өлөр эр өлдү,
Жер талашып эми кун алабыз – деп
Келдиңер, аксакалдар,
Акылмандар олтурасыңар,
Кунду кандай алып
Куугунду кандай салабыз?
Айыпты кандай алып,
Айдап жолго салабыз.
Айыпты айдап алдык,
Армандан чыгып калдык – деп,
Уялбай үйгө кантип барабыз.
Бай Жакып менен баласы
Манасты кантип соёбуз?
Кармап колго келтирип туруп
Мунун көзүн ойбосок болбойт.
Мал болсо,
Айдагандыкы,
Кун куугандыкы болот.
Канга кан албасак
Анда адам болбой
калганыбыз ушул», – деп,
Аябай малды айдап алып,
Кызыгып калган кыргызга
баса конуп калды.

Кунга келген жети жүз калмак,
Өлүк жүктөп алганы келген
Жети калмактан кабар алыңар.
Куптан маалы болгондо
«Дагы бирди союп салды.
Манас көздү оюп салды», –
деп өлүгүн жүктөп алып
Өкүрүп жети калмак барды.
«Келе жатсак жол менен
Манас жолубуздан чыгып калды.
Какайган баатыр
Оёндон дагы бирди
Чалып салды.
Дагы бирди сойду,
Манас көздү ойду», – деп

Калмак чуркурап
Катындары чыркырап:
«Мунун канкорлугу өттү.
Баякы Манас тим турбастан,
Дагы бирди жутту.
Бул канкор Көкө Теңирди
унутту», – деп,
Эми айтуучулар шашпа
Муну мындай ташта.
Кун кууганы келген,
Жети жүз калмактан,
Бул жети жүз аскер
Элдин четин чаап,
Эсепсиз олжо таап,
Кыргыздын четин чаап,
Кыйла олжо таап,
Баарыга бүлүк салып,
Баса конуп алып,
Четинен талап,
Малы-башын канап
Баса конуп
Талкалап салды.
Майга тоюп,
Чалкалап калды.
Байкуш кыргыз
Канетсин
Башын катып
Калкалап калды.
Келген аскер
Келбей кеңешке кирди.
Кепке-сөзгө келбестен
Кеңеш кылды.

Бүгүн мында жатып
Эрте туруп
Жакыптын айылын чаап
Айласын таап,
Жайын аныk билмек,
Жарыкта бого кирмек,
Малын айдап,
Сүрмөк керек.
Жакып жайлап,
Баласын байлап,
Мындай канкор баланы
Каканга алып бармак керек», – деп
Таң сүрсүн – деп,
Камынып турду.
Лаатманатка жалынып турду.
Көкө Теңир колдо – деп,
Бурканына табынып турду.
Ал аңгыча таң
Кашкайып сүрдү.
Жылдыз бөлүндү,
Жер көрүндү.
Мылтыктарын октоп,
Милтелерин чоктоп
Жүз элүүдөн топтоп,
Жалпы аттанып калды.
Кайкайлап жолго салды.
Кайыңдынын оозунда
Кайнап жаткан жылкыга
Аралап кирип алды.
Айгайды арбын салды.
Чабуулду коюп,
Чамасын өлчөп алды.

Эки миң, бир миңден
Эңшерип тийип алды.
Жылкыны жыйып
Айдап калды.
Алды жактан Ыйман
Эси чыгып эндиреп,
Эки көзү жайнап калды.
Жылкычылар жылып,
Бекинер жерин жайлап калды.
Колду көрүп шекип
Колотко кирди,
Кара жанын калкалап
Каңгайлап калмак тийди.
Бет-бетинен кирди.
Кара жака тондорун
Сыртынан кийди.
Ал аңгыча болбоду,
Аскерден чатак
Көп чыгып калды.
Атагын айтып чыгып калды.
Маңгулдун, биздин,
Эрибиз өлдү.
Алтайлык сага немене болду,
Көңтөрүп айдап аласың,
Көнүлүң карап турсак
Адам-ей көзүңө илбей барасың да.
Эрим өлгөн мен,
Сенин эмнең чыкты эле,
Төгүлгөн манжуунун каны,
Айдаган Жакыптын малы,
Теңдик менен албайсың
Алтайлык сенде нысабың
жок эл экенсиң,
Сенин нысабың кайда кеткен?
Арбын олжо алсак дейсиң,
Айдап үйгө барсак дейсиң.
Изин салып,
Манжууга илештирип,
Салсак дейсиң,
Кыргыз менен манжуунун
Ортосунан
Олжо таап алсак дейсиң.
Олжону талкалап алып,
Үйүңө барып,
Менин эрим аман – деп,
Ойлонбой жатып алсак дейсиң.
Кубалап барган жылкыдан
Кутулабыз тансак дейсиң.
Олжоңор арбын бөлүндү,
Арбын олжо алганыңардан
Арамзаңар көрүнүп калды.
Аз болгондо
Сегиз миң жылкы бөлдүңөр.
Үйүңөрдөн арамдык ойлоп
Арып менен келген экенсиңер.
Алган малдын дагы эсеби болот,
Мунун дагы келе турган кезеги болот.
Эки миң алсаңар болбойбу,
Ээсиз калган мал дейсиңерби,
Эки миң алган адам да тоёбу,
Эбине карап алсаңар болбойбу», – деп
Айыл башы Атакул айкырып калды.
Манжуулукка бакырып калды.
Манжулук өлдүң – деп,

Мабуларды көрдүңөрбү
Эмитен изи чаргырт чыкты,
Бай Жакыптын жылкысынын
Баарын айдап бердиң,
Эртең Бай Жакып
Малынын ашыгын алат.
Эңсең канып калат.
Жанына батса бай Жакып
Алы келбей калганда
Арызга бир күн барат.
Ашык малын алат,
Азапка бизди салат,
Алтайлык эртең танат.
Менин эрим аман.
Эч киши менен чырым жок – деп,
Эки эрге кун жеп,
Калган малым бул десе, ушул
Калган жылкынын
азабы бизге калат.
Биз сенин кунуңду
Качан алдык – деп,
Алтайдан келген калмактар,
Куйрукту сыртка салат», – деди.
Дөкөн деген башчысы
Эки жүз элүү түтүндү
билген мыктысы экен.
Үч жүз жасоосу бар экен
Дөгөн айкырып келди.
Жылкыны токтотуп кайра
жапырып келди.
Алтайлыктан Домбул келди,
Айкырып жылкыны тосуп токтотуп,
Айып, кунду кубалап
алгандыкы болот – деп,
Айыпка, кунга алганды
Кайтарып берген адам оңобу – деп,
Өлгөн манжуу өзүң өлгөнүңө
кун ал – деп,
Чакырган өзүң,
Кечээ күнү бизди чакырып коюп,
Бүгүн бул не деп айткан сөзүң?
Оой, сенин сөзүң курсун,
Көкө Теңир урсун.
Биз ат арытып,
Тон тоздуруп
Алыстан келдик.
Мында бекер келгенибиз жок,
Сен чакырып келдиң.
Бизди шылдың кылба,
Жакып кыргыз бурут дединг,
Бурутту барып курут дединг,
Бул сөзүңдү тандырамбы.
Булардын сөзүнүн кыйшыгы чыкты,
Айда Жакыптын жылкысын,
Талаша турган журт болсоң
Мага бет алып чыккын!
Беттешкенден уялсаң
Кой деп Домобил күүлөнүп калды.
Дөгөндү көздөп өлгөн
манжуу сенсиң,
Буруттан өч алууга келген менмин,
Өзүң чакырып коюп өкүмдүк
кылганыңа чыдай алambы.
Чакырганың чын болсо,

Мен дагы ат арытып,
Тон тоздуруп келдим.
Чырыңды коюп
Чыгымыңды бергин – деди.
Ал сөздү укканда
Дөгөндүн ачуусу келди.
Алганыңа даяр турат
Ал менин мунум – деп,
Аспапты дайын көрсөттү.
Мага көрсөтчү өтүн жарайын – деп,
Атына камчы салып,
Качырып кирип Дөгөнгө Домобил
Айбалта шилтеп калды.
Айбалта менен бирди жеп
Дөгөн айгай салды.
Атаңдын көрү манжуулук
Турасыңбы – деп,
Алтайлыкка бет алып
Жапырып кирип,
Чоң согуш чыгып калды.
Домобилде кошун төрт жүз,
Дөгөндө кошун үч жүз
Чабышкан жери Отуз-Талаа
Айбалта шака-шак,
Чоюн баш чака-чак.
Найзаны мылгытып
Манжуулукту Домобил
Айылын көздөй
Айдап сүрүп салды.
Дөгөн бет алып тура албай
Качып калды.
Жакыптын малын алмак турсун өзү-
лөрүнүн көзүнөн
Кара учуп калды.
Домобил жайсаң
Айгайды арбын салды.
«Кызыталакты кызыл кыргын кыл.
Кыз-катынын олжолоп алып,
Анан тыныңар», – деп,
Манжуулук качып
Өз айылына жакын барды.
Алтайлык келгени арбып
Сегиз жүз аскер болду.
Башчысы кимде сегиз эр,
Домобил манжуулуктун ниети
аман-эсен жан соогалап
Жайлашып калууда.
Алтайлыктын ниети аянбай
Кирип айдап сүрүп,
Катын, кызын олжолоп
Малын айдап,
Кежирин байлап кетмекте.
Манжуулуктун жашы-карысы
«Жак-ла-ла-лап!»
Катындарын калканчы кылып
Айылына камалып калды.
Манжуулуктар эси чыгып
Анталап калды.
Өткөн ишке өкүнүп турат,
Үйүнө камалып
Айылын чеп кылып калды.
Алтайлыктан кара жан
калбайт ко – деп
Шек кылып калды.

Камалышып калды,
Качпай жаңжал салды.
Катын-кыздар
Колуна пычак алды.
Баканын алып сүйрөшүп жүрөт.
Балдырашып сүйлөшүп жүрөт.
Кара жанын калкалап
Качар жери жок,
Мааналап барар эли жок,
Булар уруша турсун.
Айылын камашып,
Аянбай салышып,
Алабыз – деп,
Жакыптын малын талашып.

Муну мындай коюңар,
Кандай түрлүү ою бар,
Түрк баласы Жакыптын
Кабарында болуңар.
Түрк балдарына
Түрүлгөн калың кол
Күн-түн дебей жүрүп,
Түрүлүп келип калды.
Жакып кабар салды,
Жакын келип калды», –
деп аксакалдар
Шаттанып калды.
Таң атканда аттанып калды.
Бай Жакып башында болуп,
Балта чалы кашында болуп,
Жолунан тозуп,
Алтымыш киши аттанып
Жөнөп калды.
Бай Жакыпты алдына салды.
Манасты эсине алган эч ким жок,
анда Манас айтат:
«Ой, атаке,
Мен дагы кошулуп барайын!» – деп,
Жаныңдан чырбаш жүрсөң – деп
Акбалта айта салды.
Аксур быштысын токунуп
Манас кошулуп жүрүп калды.
Жылкы салган жерине
Бай Жакып көзүн салды.
Бай Жакып көзүн салса,
Жылкысы аман жатат.
Малым аман экен – деп,
Көңүлү тынып калды.
Ал аңгыча болбоду
Каршы алдынан калың
Кошун чыгып калды.
Ай капырай калмактан экен,
Аз эмес мол экен,
Арбын кошунга адамыбыз аз
Алыбыз келбес – деп,
Караанына тура албай
Сийдиги булут айланып,
Бадалдуунун оюна
Бай Жакып камалып калды.
Байкап көрөлүк – деп,
Адам салып кабар алды.
Кабар алса,
Баякы өлгөн Кортуктун баласы экен.
Өздөрүнө белгилүү

сан калмактын сарасы экен.
Аты – Шокум,
Акылы даана, өзү эр бала экен.
Атасынын кунун талашып
Атпай калмак айылына
Бүлүк салган соң,
Ага чыдай албай:
«Өз кордугун көрөйүн,
Бакылга башымды бийлетпей,
Мен бир март кордугун көрөйүн.
Батына кирип бай Жакыпка
Кабар берейин.
Жанында Манас болсо,
Аны дагы байкап көрөйүн»,–
деп муну ойлонуп бала
Шокум уруштан
чыгып бөлүнүп алып,
Атына камчы салып,
Аял кылбастан бай Жакыпка барды.
Бай Жакыпты көргөндө аттан түшүп,
Көздөн жашын төгүп,
Ыйлап туруп,
Шокум баланын башы ооруду.
Барар менен бай Жакыпка
Бала кеп баштап калды.
Аксакал Жакып:
«Атаңдын кунун алалык десек
бурутту аяйсың», – деп
Алтайлыктан арбын кошун барып,
Айылымды талап алып жатат.
Шорум көп болду,
Кордугу өтүп калды,
Түбү өлтүрбөй койгондой эмес.
Азыр айылымды талап алып жатат,
Бул алтайлык бүтүн манжуудан тири
жан койгон эмес.
Атпай түрк элден, Жакып, сенден,
Арбактуу Манас эрден
Жардам сурап келдим.
Мен болсом калмак менен
Кыргызга калыс элем.
Каргаша болуп атам өлүп калды.
Жайыттагы малымдан
Жалгызын койбой
Алтайлык айдап алды.
Айылыма камап салды.
Артыкча кордук кылып
Арбын калаба салды.
Койчу, Бай Жакып ата,
Башкасын айтып не кылайын,
Атама кун деп
бир козуңду албаймын.
Алам деп оюма кетсе оңбоюн,
Айылыңа келип конуп
Аралаш тууган болоюн!
Корооңо келип конуп,
Коңшулаш тууган болоюн.
Ушул алтайлыктан
Айылымды аман-эсен
Алып калсаң!» – деп
Бала Шокум басылбай ыйлап турду.
Ал аңгыча болду,
Чынжырдын жолу менен,
Камбардын уулу Айдаркан

Төрт миң алты жүз кол менен
«Алачтап!» ураан салып,
Аскерин баштап алып,
Туусун жаркылдатып,
Асабасын делпилдетип
Кайкаңдан чыга калды.
Аны көрүп бай Жакып
Балам бачым жүрө көр,
Айгайды арбын салды.
Бай Жакып атам кысылып
Калган белем – деп,
Булар ат коюп калды.
Ансайын бат жүрө көр – деп
Бай Жакып бакырыкты салды.
Ал аңгыча ат коюп
Айдаркан барды.
Жакыптын өзүнө караштуу кол
Ар тараптан жыйылып келип
Жети жүз сексен болду.
Айдаркандын аскери
Төрт миң алты жүз
Баарын эсепке алганда
Беш миң үч жүз сексен кол болду.
Өз алынча мол болду.
Ошо колдун ичинде
Талабы бирге татар,
Кадырын билген казак,
Кызматын көргөн кыргыз –
Баарысы түрктүн балдары.
Эл келип болгондон кийин,
Бай Жакып көпчүлүккө
Сөз айтып калды.
Журт, өлөр эр өлдү,
Өлгөн эрдин баласы
качып өзүмө келди.
Балам өзүмдө турса,
Айткан сөзүндө турса,
Бул алтайлык калмактын
Менде неси бар,
Кыргыздан кун албайсың – деп,
Баланын айылын талап,
Чаап жатканы жакшы эмес.
Балам ыйлап турат,
Айылымды ажыратып,
Жанымды аман алып,
Калсаң экен – деп,
Мени кыйнап турат.
Баланын да эси бар экен,
Башында мээси бар экен.
Кунуңду алып
Ортого салбайсың – деп,
Кундун өз ээсин да
Талап чаап алган сөз болобу.
Келгениңер куп болду,
Мына калмакты көздөй барып
Ортомчу боло калып катышкансып,
Бул баланы ажыратып алыңарчы.
Калмак кепке-сөзгө келбей,
Жакшы жооп бербей койсо
Аламанды салып,
өлбөгөн жерде калып,
күч менен ажыратып алыңар», –
деп бай Жакып айта салды.
Көпчүлүктүн ичинен

Көйкашканын өзү
Көп кошундун сардалы,
Айдаркан тура калды.
Тура калып турбастан
Айдаркан мырза сөз айтып калды:
«Ырас, Алтай анын жери,
Атасынын көрү,
Айылында олтурушуп
Былчылдашып өлмөк керек
Бай Жакып акем ырас жайлуу айтат.
Барганыбыз жакшы,
Ал кайдан чыккан калмак,
Азыр аттанып бармак.
Аман-эсен баланын
Айылын ажыратып алмак»,–
деп калмакты айдап
Жолго салмак,
Кокустан эрегиш чыгарып
Эрлик кыламын десе,
Майданды мыктап салып,
Басырык уруш кылып,
Баатырсынган калмактын
Башын кесип алмак керек»,–
деп Айдаркан айтып салды.
Жалпы түрк айтканын кабыл алды.
Учурунда бир калмак менен
Кумардан чыгып алалы – деп,
Түрк жыйылып,
Бабасы баатыр түрктүн арбагына
Жалпы аттанып калды.
Анда Айдаркан айтат:
– Ой, ага-инилер,
Баарыңар турасыңар,
Менин сөзүмдү уккулачы!
Барсаң калмак аласың,
Силер урушка барганда,
Ураанды ким деп саласыңар?
Көңүлүңөргө албасаңар
Көзүм жетип турат,
Ушул бай Жакып акемдин
баласы Манасты
Кудай түрк балдарынын
Бактысына берген бала – деп, жүрөм.
Бул баланы билбей жүрөсүз,
Бул өзү көйкашка болчу бала болду.
Башында мындан чыр чыгып калды,
Баладан парктуу сыр чыгып калды.
Эми баарыбыз бир ынтымак болуп,
Манас деп ураан коюп,
Анан качырып кирип
Калмакты сүрүп таштайлык», – деп,
Айдаркан айтып салды.
Бул сөз Манаска жагып,
Айдаркан кубанып калды.
Манас аттанып,
Колуна сыр найза алып,
Атына камчы салып,
Манастап баатырың
Майданга кирип калды.
Түрүлгөн түрк баласы
Көп кошун баары да
Ураанды Манастап салды.
Ак асаба алтын айчык
Кызыл туу Манастап

Ураан чакырып,
Басылбаган ызы-чуу,
Көк асаба күмүш айчык ак туу
Көйкашкабыз Манас деген
Көк жаңырган ызы-чуу.
Желекти жерге уруп,
Жерге тартып туруп
Мылтыктарын октоп,
Милтелерин чоктоп,
Найзаны имерип,
Калмакка жиберип,
Чаң-тополоң, будуң-чаң,
Кабылан Манас алдына түшүп,
Калың түрк качырып кирип,
Кыргынды кыйла салды.
Айбатына чыдап тура албай,
Арбын калмак ат сүрөөсүн салды.
Аземилек бет алып
Сүрүлүп качып калды.
Түрк балдары жети миң кол,
Жер майышкан мол,
Аламандап кирип,
Артынан сүрүп кетип баратат.
Алтыдан, бештен
Ар жерде союп,
Айбалта менен мээсин оюп,
Кетип барат.
Керме өтүктү кан кылып
Керменин кара белинен
Ашыра кууду.
Салмактын сазайын берди,
Сакал, мурутун терди.
Көрбөгөндү алтай калмагы көрдү.
Алдында бала Манас баштап баратат,
Карагай найзаны калмактардын
Жонуна аштап баратат.
Кара жанын кабылан Манас
Аяганы жок,
Астындагы Аксур ат
Жер таянганы жок.
Келген сегиз алтайлыктын
Төрт жүзүнүн каны төгүлдү.
Домобил өлдү.
Алтай калмагын түрк алдына
салып айдап алды.
Көпкөндүн иши жарайбы
Далайды көрүп калды.
Төрөсү бштап төрт жүз эр
өлүп калды.
Түрө сайып, түрк уулу
Түштүк жерге сүрдү.
Асты качып,
Алтайды ашып,
Калганынын кыйласы
Камбылга качып кирди.
Жакыптын жаны кашайып,
Жалгыз балам алда
немене болот – деп,
Туучунак менен турбастан
Манастын артынан айгай салып:
«Балам эми токто!» – деп,
Бай Жакып Манаска жетти.
«Арам өлгөн бул доңуз
Быйыл бышты эле,

Бул кандай чарчабаган
Буудан болуп кетти!» – деп,
Атын кармап,
Баласын тосуп алды.
Манас токтоп калды.
Манас токтогон соң,
Аскердин баары токтоп калды.
Кут болсун, төрөм – деп,
Кортук уулу Манжыбек Шокум
Манастын алдына жетип барды.
Айрылыштын сары кайкаңында
Бай Жакып Манасты кармап калды.
Баласына кубанып,
Баласын алып Бай Жакып
Кайра тартты.
Олжого түшкөн ат,тонду
Караламан калың журт
Текши бөлүп алды.
Алтайлыктын калмагы
Алтайдан чыкты,
Манас, атасы Жакып
Өзү байгур журатынан – деп,
Эсенканга арыз берүүгө
Камынып калды.
Эмдигиче муну өлтүрбөй, соо коюп,
Эсенкандын эси кайда кеткен–
Деп жаңжуңуна жабырап,
калдайына кабарын айтып,
доотайына сүйлөшүп,
дуу-дуусуна арызын берип кайтты.
Бурутту кыйратмак болдук – деп,
Алдырган калмактар
арызын берип келди.
Арстан Манас атактуу манжуу
Калмагын ажыратып алды.
Аянбай согуш салды.
Айылына чейин барды.
Адамдын баарысы Манаска
Айран азыр калды.
Манжуудан барган Каңгай
Калмагынан кырк төрт
киши өлүптүр.
Өлүгүн жыйнап алды,
Өкүрүп ыйлап калды.
«Өкүрбөгүлө!» – деп,
Түрк балдары кайрат берди.
«Өлгөнгө өкүргөндөн эмне
пайда чыгат?» – деп казак,
кыргыз барып
Манжуулукту келтирип кепке алды.
Манжуулуктун кебинин түбү
Журттукта экен.
Кеп-кеңешин салды:
«Кана, манжуу туугандар,
Тууралап намыс алып,
Тууган болуп калдыкпы.
Алтай калмагынан
ажыраттыкпы», – деп,
Айтылуу Айдаркан айта салды.
Анда маңгулдар айтат:
«Азамат алач экен,
Баатыр Манас экен,
Биз түрк сага тууган болдук.
Түрктөн жакшылык көрдүк,

Өлгөн жанды тиргиздик,
Силерге эч арманыбыз калган жок.
Ырайыңар көзүбүзгө ысык
көрүнүп калды.
Кантип келбей коёлук
Убада кылган сөзүбүзгө.
Бир туугандан көңүлүбүз сууган.
Түрк уулу, силерге биз
тууган болдук», – деп,
Каңгайдын кары,жашы жыйылып,
Бай Жакыптын алдына барды.
Мына бу өлүктү
кандай кылсак – деп,
Бай Жакыпка масылат кылды.
Анда бала Манас айтат:
«Баарыңарга эп болсо,
Бул өлүктөрдүн көмгөнүн
мен билсем,
Бизди тууган десеңер, көрдү казып,
Өлүктүн баарын бирдей
кылып көргө көмүңөр!» –
деп Манас айтып салды.
Манжуулар макул алды.
Жерди терең ойду,
Өлүктү жерге койду.
Ал күнү өңкөй түрк балдары
Жакыптын айылына баары
тарап конду.
Жылкычысы Ыйманды Жакып
кашына чакырып алды.
«Сен барып кары бээден
Как чоку болгон аттардан
Төрт жүздү айдап келгин», – деп,
Ыйманды жумшап салды.
Ыйман барып Жакып айткандай
Карысынан ылгап бөлүп,
Төрт жүздү айдап келди.
Бай Жакып масилат кылып,
Атасы өлгөн балага,
Арада өлгөн Тарбынга
Төрт жүздү бөлүп берди.
Жыйырма үчтү алдырып барып
Жыйынга сойдуруп салды.
Жыйылган жыйын,көп алач
Майга тоюп магдырап
Жыргап жатып калды.
Калмактан кордук
көргөн манжуулар
Келип тууган болуп,
кара чоктуу Каңгай
деп атак алды.
Калкына каңгай атак
мындан калды.
Калдардын уулу Каратоко бүтүн
Каңгайга башчы болду.
Мажик деп Шокум атак алды.
Атасы өлгөн бала деп муну
Калкына бий көтөрүп салды.
Каратоко Мажик деп акыры
Манаска чоро болуп
Бул атак мындан калды.
Эми бай Жакыптын кеби бар,
Байкап өтөр эби бар.
Алаштын баары бүт келген,

Тууганга кылар деми бар.
Бай Жакып айтат:
«Атпай алач бүтүн түрк
Туугандарым келдиңер.
Журтум менин айткан
Сөзүмө көндүңөр,
Менин амандыгымды көрдүңөр.
Мына жаңы туугандан
Карыя Дөгөн, Каратоко,
Мажик турасыңар,
Казак туугандардын карыясы
Камбаркан кызматын көрдүк,
Кысайкан, жыгалуу кара Үйшүн,
Салтанаттуу сары Үйшүн
силер турасыңар.
Татар туугандан эр Эштек,
Өзбек туугандан кадырлуу
Дамбылда, Карыя Куртка,
Кансырбек, Абдылда турат.
Кыргыз туугандардан Нуркунандан:
Акбалта, Байжигит, Элеман,
Сарбан, Катаган, Кунар бий,
Көкбөрү, бай Көкөтөй бий турат.
Аз кысылган кезимде арбак
сыйлап келдиңер,
Кары-жашың турасың,
кандай кеңеш кыласыңар.
Менде толуп жаткан малым,
Толгон казынам, зарым бар.
Бул малды алач тууган
жалпы түрк баласы
Бүт боюнча бөлүп алыңар.
Жалгыз балам Манаска көзүңөрдүн
Кырын салыңар.
Ээси болбогон соң
Бу бир арамга чыккан мал да – деп
Түрктөн келген жети миң кошунду
Жетимиш үйгө бөлө кондуруп
Аябай малды арбын
сойдуруп салды.
Эртесинде шашкеде элдин баарын
Жыйып алып,
ата уулу ак сакалдарына
Бирден ат мингизип,
Аяк жагындагы балдарга
Бирден сарпай тон кийдирип,
Түрктөн келген меймандарын
Жакып жолго салды.
Коноктор баракелде
бай Жакып – деп,
Айтып кошунга келген
түрк балдары
Үйлөрүнө кайтып барды.

Эми Манастан сөз угуңар,
Ушу кезде он бирге
жашы жеткен чагы.
Атасына айтпай,
Айткан сөзүнөн кайтпай,
Жылкынын тубар маалы болду – деп,
Айбанбозду минип алып
Атырылтып жылкыга жөнөп калды.
Айбанбоздун төрт асыйга
толгон чагы,

Эриккен бого эрмек,
Атын каргытып,
Аңгемени арбытып,
Бала эригип бара жатат.
Жээлигип келе жатып,
Жол боюнда токтоп
Жолдун боюн оттоп жаткан
Бир миңге жакын жылкыга
учурап калды.
Байкап караса өз
жылкысына окшобойт,
Эн тамгасы башка,
Өңчөй баарысы кашка жылкы экен.
Не болсо да мындан
Бир кабар алайын – деп,
Атырылып салып жылкыга
аралап жетип барды.
Барган замат көрө салып
таанып алды.
Баякы төбөлөшүп урушкан
Айнакул экен.
«Ээ, Айнакулум, бир кезде
талаага конгонубуз,
Козу союп шишкебек жеп оңгонубуз,
Эми дагы жыргайбыз», – деп,
Эрмекти таап алды,
Айнакулду ээрчитип жолго салды.
Экөө кужурашып сүйлөшүп,
Кубанышып калды.
Бай Жакыптын жылкысына
Бадыратып жарышып салган
бойдон барды.
Манас кошко барды.
Келгиле мында – деп,
Жылкычыларга кабар салды.
Жыйырма эки жылкычысы бар экен,
Жылкычы жыйналып келди,
Манас малчылардан
Малдын аманын сурап калды.
Жылкычылар Манаска жооп айтат:
«Субайын сыртка салдык,
Тубарын алып калдык.
Мал тууганга жери тегиз
Түзгө туусун», – деп айтып өттү.
Малынын кабарын угуп
«Жылкычыларым, малыңарды
жакшы багыңар», – деп,
Жылкычыны жыйып алды.
Күндө бирди кысыр эмди
тай союп жыргап жатып калды.
Жылкычынын бириндей болуп
кошо жатып алды.
Коштору жанаша,
Манас баргандан кийин
жылкычы жыргап оюн-тамаша,
Ал аңгыча Манас айтып калды:
«Балдар, мен бир белгилүү өрнөк,
Кийинкиге эрмек кыламын» – деп,
Бетегени таза жулдуруп,
Даңгыл кылып таза таптап,
Жип өлчөп тегерете чийдирип,
Ортосун борбор кылып,
Кандын орду – деп,
Чымыр кулжанын сакасынан

бирди кан кылып, аны
борборго жаткырып,
Бештен чүкө салып,
Үчтөн оюн атабыз – деп,
Адамды тең бөлүп,
Ордону куруп,
Сызыкты сызып,
Кызыкты кылып салды.
Ордону мурун атмакка
Эки жагы сол чүкөдөн
Эки балбан салды.
«Кимибиздин салган
Атыбыз консо жаңжал жок,
Чыры жок,ошо аты конгон
Атабыз», – деп, – арстан Манастын
Ордосу ушул,бого кусур кылбаңар»,
– деп жарыя жардык салды.
Мурун көрбөгөн эл аңгемени
Көргөндө айран-азыр калды.
Ордону салып коёт,
Жер жайнаган жылкы бар,
Күн сайын бир тайдан
Кармап келип соёт.
Бул Манастын мүнөзүн
текшерип турса
Канзаадага окшоп кетет.
Жана жалпак кылып
жыгачты чаптырып,
Ортосуна келтирип эки чара оюп, оң
жагына бир тогуз,
Сол жагына бир тогуз
Үй чыгарып, үй башына
Тогуздан кумалак салып
Манас бул оюнду баштап салды.
Муну көргөн адамдар дагы
Бул бала соо бала болбойт экен
деп ойлонуп калды.
Манастын ойногон оюну кызык,
бирок ойлогон ою бузук.
Ордо салып атат
Ойноп-күлүп,
Тамашага батат.
Үчтөн оюн атканы,
Оюну бүтүп жатат.
Тогуз коргол ойнойт,
Тозуп ойноп коргойт.
Алым тагын ылгап,
Алар жерин болжойт.
Чатыраш ойноп чабат,
Чапкан ташын алат.
Ташыңды чаап алдым – деп,
Шатырап күлүп калат.
Бул үч оюндун үлгүсү
Бизге Манастан калган.
Муну биздин казак, кыргыз
Бекем кармап калган.
Жана биздин түрк балдары
Бирөөгө мал берип, тогуз мал,
Тогуздан тон бергени
Манастын үлгүсү
Манастын бул нускалуу үлгүсү
Бизге мурас болуп калган.
Манастын адатын, санатын
Кыргыз балдары калат –

деп ойлобоңор,
Манас болбосо биздин
казак-кыргызды
Кытай Алтай тоосуна
Бешибизди кетирип камап салган.
Биздин кара чоктуу каңгай,
Кызыл чоктуу кытай
Калдыраган калмак болуп
Кетерибизге аз калган болуучу.
Бул балакеттен бизди
Манас куткарып салган,
Манастын жол боюнда ордосу бар,
Бул ордону атып жаткан береңиң
Манастын отуз эки жолдошу бар.
Он алтысы бир тарап,
Он алтысы бир тарап болуп
Тең бөлүнүп алган.
Ордону аткан баарысы
Казак-кыргыздан башка уруктан
Ичинде алты манжуусу бар.
Оёнуң Манас ордосун атат,
Ойноп-күлүп жатат.

7-бөлүм

МАНАС ЭСЕН КАН ЖИБЕРГЕН КЫТАЙЛАРЫН ЖАНА КАЛМАКТАРЫН ОРДОНУН ҮСТҮНДӨ ӨЛТҮРҮП, ТӨӨЛӨРҮН ТАЛАГАНЫ

Аны таштап салыңар,
Аңгемеге барыңар,
Чоң Бээжинде не кеп бар,
Андан кабар алыңар.
Падышасы Эсен кан болуп,
Башкарган калкы кылымга толуп,
Бир кыйла сан болуп
Бай тактысы чын Каган болуп,
Магдырап жаткан кезинде
Калдайган кабар барып,
Кан Эсен кан кабарды угуп,
Бул кандай иш – деп,
Кан болсо да кайгыланып калды.
Кабарында, катында айтыптыр,
Аты Бай Жакып,
Түп уругу түрк,
Өзү ааламдан ашкан бай экен,
Бай болгондо ошол Алтайда
жүрүп бай болуптур.
Жердеген жери Шыйкуу,
Шушаң экен.
Калаасы Кара Шаар экен.
Байлыгына бир жан жетпейт,
Өзү тири жанга баш ийбейт,
Бул Жакып мурунтадан
бурут окшойт,
Мурун турган жери Жеркен,
Котонду Конуш кылып,
Сонор көлдү жер кылып турган экен.
Дүнүйө жагынан жумушу
бүткөн экен.
Байкоосуз жүрүп ушунча
дүйнө күткөн экен.
Эч бир бала көргөн эмес экен.
Баласы жок,
Малы көп,
Бир байкуш жан болуп жүргөн экен.
Быйыл алты жыл болду,
Баркырап ыйлаган
баланын үнүн укту,
Баланы жерден алганда
Бир канча жандын эси чыкты.

Мунун тоюна бери болгондо
Беш жүз бээ сойду.
Түрктүн баарын чакырып
Атын Манас койду.
Акылмандар айтат,
Мунун түп атасы түрк,
Ошол бала чоңойгондо
Ааламга бүлүк салып
Чоң Бээжинге ок атат – деп,
Береки уругу алач экен,
Атын Манас коюптур,
Акылмандар аңдай турган
болуп калды.
Түркстан өзү кенен жер,
Мында буруттар курттай
кайнап жатат.
Өз оюна тим койсоң
Акыры ойрон кылбай койбойт.
Отуз, кырк жылдын нары жагында
аярлар айткан Манас ушул эмеспи,
Ааламга арыш жаят,
Каканга каарын тигет,
Өлтүрөбүз деген
Манасың калыптыр,
Жалпы кытай эми жаныңдын
Камын кылбайсыңарбы.
Манас тирүү калган соң бизди
Латманат урганы, Манас аттанып
Чыккан соң,
анда көөнүңдүн куруганы.
Аярдын айтканына караганда,
Калдайдын кабарына караганда
Чын Манас ушул экен – деп,
Мен канчалык аскер жибердим.
Түрктү түгөт, кыргызды
кыргын – деп.
Аскер деген кызыталак
аянбай кызмат кылып,
Ошол кезде Манасты
өлтүрүп тынып калса,
Мынчалык иш ырбайбы – деп,
Канына калтырак түштү.
Калың журт карап турду.
Эсенкан калкына айтты:
«Сөздүн артын аңдап көрөлүк,
Эмитен аскер куруп барбайлык.
Тегин жаткан ажыдаардын
Куйругун басып албайлык.
Бого соодагер жиберип
Түрүн байкап көрөлүк.
Түбүндө ушул сөз чын болсо,
Анан түрүлгөн көп
кошун менен барып,
Түрк баласынан түк койбой,
Түркстанга айдап салалык.
Ошол баатыр деген баласы Манасты
Байлап алып башына шири салалык.
Азыр тыңчы кылып соодагер
кербен жиберелик», – деп,
Казыналык төөдөн
элүү кызыл нарды
Комдоп алыс жерге барат – деп
Аябай калың комдоп буулум,
бута, торко, торкун

Суптардан ар түрлүү
асыл буюмдардан
Казынадан алып,
кат-катынан бүктөп,
элүү төөгө жүктөтүп,
Эсенкан өзү башында карап турду.
Башчысы кытайдан
алты доргосу бар,
Кашында арбын жолдошу бар.
Он эки уйгур, сарты бар.
Сарттын ичинде далай дарты бар.
Буларга Эсенкан айтты:
«Алтайга чейин барыңар,
Алтайда бай Жакып деген
Бай бар – дейт,
Манас деген баласы бар – дейт.
Бай Жакыпка батынып кирип
Чалгын чалыңар.
Баласы Манас кандай жан экен,
Абыдан байкап ченин алыңар», –
деп Эсенкан кербен
тыңчыны жөнөттү.
Булар шаттанып жолго түштү.
Барып Манасты көрөбүз – деп,
Беш ай бүтүн жол жүрүп,
Кайнаган ысык чөл,
Кабат-кабат бел,
Кайнаган кара кум,
Какыраган таш басып,
Канчалык мээнет тартып
Бул соодагерлер Алтайга барды.
Барар менен сонун ишке
жолугуп калды.
Баякы алды каткан кербен
Ажал айдап келген Алтайдын оюнда,
Аземил суунун боюнда
Ойноп жаткан.
Ордо аткан
Манаска кербендер учурап
Балакетке калды.
Ордосу жолдун четинде
Жүргүнчү жүрчү жолдун
бетинде экен.
Сонун көрүп ордонун
жанына барды.
Кандай сонун оюн – деп,
Кашына тура калды.
Ал аңгыча болбоду,
Баатырың Манас имерип
бутун чалды.
Колун сыртына алды,
Тооруп жиберип,
Томпою ичке түшүп калды.
Оюндагы адамдар төөлөрүндү
кийин тарт,
Чүкө тийсе чыр болот десе,
Төөчүң кызыталак сөзүнө
кулак салбай койду.
Баатыр Манас ордону чертип кирди.
Өз оюнда алып чыгамын го
– деп, болжоп,
Кулжанын эңкеси экен
Баса чертип салды.
Баатыр Манастын бармагы

сыздап калды.
Черткен эңке аткан октой
барып алдындагы төөнүн
бутуна тийип,
Алдыңкы бутун сындырып салды.
Төө жыгылып калды.
Биз кыйын кордук көрдүк,
Бу кордуктан көрө өлөлүк – деп,
Кытайлар чыр салып калды.
Манасты барып кытайлар
тегеректеп калды.
Аянбай жаңжал салды.
Айлана курчап аалды.
Кантип кармап аласың – деп
Жанындагы отуз жолдошу
жанынан тура калып
жан аябай жаңжал салды.
Калмак кытайга качырып кирип,
Карсылдатып сабап калды.
Адегенде эр Манас кыйынсынган
Кытайдын башчысын
белинен кармай салып,
Айлантып жерге чапты.
Көөдөнүнөн басып туруп
Башын үзүп алды.
Томолонуп башы калды.
Тоңкоюп жатып тени калды.
Башчысы өлгөн соң кытайлар
Шалдайып эси чыгып
Эндиреп калды.
Эми Манас баатыр
айтат жолдошторуна:
«Акелер, мунун өзү капыр,
Мен өзүм Манас баатыр,
Бул элүү төөнү жүгү менен
Такыр олжо кылам,
Калмактын бирин койбогула,
Кытайды союп тойлогула.
Кырандын кылган тою ушул – деп,
Анан ордоңорду атып ойногула.
Жолдоштору кытайды кырып,
Ичинде он эки уйгур сарты
бар экен аны бөлүп алды.
Ордонун бети кан болуп калды.
Ойротко бүтүн дың болуп калды.
Бул кытайдын ичинде он экиси
уйгур сарт экен,
Алты шаардын адамынан
Сарттар келип сабылып калды.
Жан соогалап жалынып калды.
Сарттар айтат,
Жалынып ыйлап туруп:
«Баарыбыз кудайдын кулу
Түрктүн уулубуз,
Жан оокаттын айынан
Кытайга жекери кирдик
Чекчейип жүрдүк.
Чекебиз күнгө күйдүк.
Эми четиңе аман келдик.
Биз кабарыңды, айлыңды
анык дайыңды,
Манас деген атыңды,
Түрк деген калкыңды
Биз Бээжинде укканбыз.

Манас деген чыкты,
Басташканды жыкты,
Муну көрүп, кулак укту – деп,
Тактасында олтуруп Эсенкан айткан,
Эсенкан сүрүндөн коркуп
Бээжинде жатып бүлүнүп калды.
Манас баатыр сен диниңден
пайда таптың.
Бул динди кайдан таптың?
Бул диниңдин актыгы
Бээжинге билинип калды.
Кырк беш төөгө кымбат баа
Асыл жүктөп, беш төөгө
Азык жүктөп кылтыңын
чыгарбай сенин алдыңа келди.
Бул сонун малдар сенин
олжоң болду.
Түркстан деген жерине түртүп
Саламын деп Эсенкан бизди
Силерге тыңчы кылып жиберген.
Үрүстөмдөй иш кылган
Манас деген бала чыкты – дейт,
Барып көрүп аныкдайнын
Билип келиңер – деп,
Ал баланын заты ким экен,
Атасынын аты ким экен – деп,
Бүтүн Бээжиндин шаарында
Кытайлар сурашып жатат.
Кандай балакет бала эле – деп,
Атыңды угуп чуулашып жатат.
Ал сөздү Манас билди,
Билип Манас күлдү.
«Ээ, уйгурум,
ойноп-күлүп жата бер,
Эриксең оюнга кирип
Ордо ата бергин.
Менин жайымды сурасаң
Атам – Жакып, атым – Манас
Түбүм түрк, ураным алач,
Уругум кыргыз болот.
Бул кытайларың асманды карап
Эсенкан бизге не кылар дейсиң, –
Деп ордого туусун ойнотуп
Акылынан адашып калды.
– Кабылан Манас деген мен болом,
Мага кантип жанашат,
Отуз эки жылкычыларым,
Булардын өз убалы өзүнө.
Сөзүнүн чалжырты чыкты.
Колунан, бутунан байлап
Сүйрөтүп барып бир буйга
Колотко таштаңар.
Жору жоңконун жесин,
Кузгун кулагын жесин,
Түлкү этине тойсун.
карга, кузгун көзүн ойсун»,–
деп Манас айтып салды.
Жылкычылар шыйрагынан байлап,
Баарысын буйгага сүйрөп таштады.
Аны көргөндө уйгурлар
чочуп калды.
Эми Манас айтат
жылкычыларына:
«Бачым чабыңар,

Бай Жакыпты табыңар,
Акбалта, Бердибек, Дамбылда,
Меңдибай, Куртка, Акымбек,
Ар жердеги жетимиш
түтүндөн жан калбасын,
Мал баккан Ошпур, Саламат,
Мааласы менен бүт келсин,
Манастын тапкан олжосун
ортосуна салсын.
Текши бөлүп алсын.
Мажик, Каратоко
калып калбасын», –
деп калкына кабар салды.
Манастын марттыгын караңыз,
Камынып турган жылкычы
Бет-бетине жөнөп калды.
Чапкан бойдон
Жакыпка барды.
Баштан-аяк баарына
кабар салды.
Эртесинде, түш кынтая
берген бешинде
Барпайып бай Жакып келди.
Коңшуларын ээрчитип алып:
«Дагы Манас тим жатпай
Ким менен уруш кылды экен?» –
деп бай Жакып
жолдошторуна айтып келди.
Малдагы Ошпур, Саламат,
Манжуулуктан Дөгөн, Мажик,
Токо келди.
Келип караса,
Сонун тамаша,
Кырк беш төө турат,
Төөнү кармап он эки жөө турат.
Келгенинин баарысы
Жаш-карысы
Төөгө көз салды.
Ажап айран калды.
Мынча төө малды
Бул шумурай кайдан таап алды.
Бул оңой-олтоң мал эмес,
Береки турган он эки сарт
Ушул малга ээ болор жөнү жок ко,
Бул казыналык нарк ко,
Үстүнө жүктөгөнү казынанын
малы болсо керек.
Башчыларын жоготкон болсо керек.
Бул байкуш сарттардан
Бир сөз сурайынчы,
Ушунча малдын артынан
Дагы издөө чыкпай калабы,
Каргашалуу малын
алганыбыз кандай?» –
деп келгендер кеңеш кылып калды.
Баарысы басып баякы
сарттарга барды,
Баянын угалычы – деп,
Барган заман кеп сурап калды.
«Кербен сарттарым,
Кебиңерди айтыңарчы,
Бул мал өзүңөрдүкүбү,
Же башка адамдын малыбы
Чын жеринен айтыңарчы?» – деди.

Силер кайдан келген
кербенсиңер?
Ушунчалык көп малыңарды
Манаска не себептен бергенсиңер?
Түбүндө өзүңөр бай белеңер?
Же бул мал башка
кишинин малыбы?
Казынанын малындай көрүнөт.
Бул нарлар сенин
нарларыңар эмес ко.
Кытайдан чыккан мал экен.
Мында кыйла сонун бар го
айтыңарчы,
Аныгын угалык», – деп
кары Жакып
Сарттардан жайын сурап калды.
Сарттар коркуп жабыркап
Колдорун куушуруп турат.
Анда сарттар айтат
өзүлөрүнүн жайын:
«Учубуз уйгур болот,
Түбүбүз түрк болот,
Коңулдун ар жагында
Шашуңге деген шаардын
адамы болобуз,
Бизди Бээжинге чакырган,
Сооданын жайын билген
Он эки уйгурду жибер – деп,
Жаңжуңга кабар салган,
Бул кабар келгенден кийин
Жаңжуңдун чабары келип
Шашеңге деген шаарда
өңкөй уйгур балдары
токсон төрт үйлүү адам элек.
Бул он экибизди каалап
кармап алган.
Барбаймын деп сөз айтарга
Бизде дарман барбы,
Калганыбыз ыйлап калган,
Катын,бала чуркурап калган.
Кокустан барбайбыз десеңер,
Кандын сөзү эки болбойт,
Баарыбызды кырып таштайт – деп,
Карылар ыйлап туруп жолго салган.
Балдар канга барыңар,
Кандарың буйрар экен,
Өзүнөн угуп алыңар – деп,
Чабарга кошуп жөнөттү – деп,
Бизди жолго салды.
Нечен күн жүрүп
Бизди Бээжинге алып барды.
Канына бардык,
Кызматына камынып калдык.
Бу кайдан келген чантуу – деп
Кытайлар жабылып бизди
карап калат.
Эсенкандын чоңдугу мынчалык
Эмне кечигип жаттыңар – деп,
Көп сөздү бачым айткын – деп,
Энтелетип сурайт,
Орчун Бээжиндин шаарында,
Эсенкандын алдында
Турганыбызда кара жандан
түңүлүп калдык.

Кандай кылар экен – деп
Кандын алдында жүгүнүп турабыз.
Ал аңгыча болбоду,
Алты кытай, он калмак
Бизди айдаган бойдон кетти.
Айдап барып кытайлар,
Нардын баарын комдотту,
Баш-аягын жакшылап оңдотту.
Баарысын тегиз комдотту.
Анан жүктөрүн арттырды,
Жүндөн эшкен арканын тарттырды.
Анан жүрөрүбүздү ошондо айтты.
Мындан баарыңар Алтай,
Каңгайын аралап,
Аңгүрүнү сыдырып
Нар жагында Эртиштин
дарыясы бар,
Бул дарыяны кыдырып,
Арбын мал ашыкпай жүрүп,
Кашкарга кадам басып алып,
Барган малыңарга кара мал алыңар,
Кан тоосунун оюнда
Сонор-Талаа деген жер бар,
Анда Алтай деген эл бар – дейт.
Алты субан калмагы
Ошол жерде жердеп турат.
Так ошолорго аралаш түрктөн
келген эл бар – дейт,
Ошол элдин ичинде
Аты Жакып деген эр бар – дейт.
Анын баласынын аты Манас – дейт.
Анын түп уругу түрк – дейт.
Чын уругу байкур уругунан – дейт.
Ал Жакыптын баласы Манас
Кандай жан экен,
Бузук бекен, түзүк бекен,
Аныктап байкап билиңер,
Анык бузук көрүнсө
Тирсегинен илип,
Башын байлап
насыя мал бериңер,
Баш-аягын байкап көзүңөр
Ар порумун ачык дайын көрүп
Мага анык жеринен
айтып келиңер.
Көз менен көрбөй туруп,
Бирөөдөн укkан сөз
менен келбеңер,
Жалган айтып, жаңшак кабар
Бергениңер жакшы болбойт.
Өтүрүк айтып,
өксүк кабар бербеңер.
Өтүрүк айткан уят сөз болот.
Жалган айткан жаман сөз болот.
Бирөөгө убал кылып,
укканыңды айтпа.
Манастын аныгын көрбөй
Аңырт менен кайтпа.
Атасы Жакып бай деп айтты,
Жакыптын баласы Манасты
Аныгын көрүп,
Ачык сырын алып
Аныктан анык көрүп,
Анык жеринен айрып келиңер,

Мага аныk кабар беринер!»–
деп бизди Эсенкан жиберди.
Беш ай жол жүрүп силерди
Эми келип көрүп турабыз.
Бул бизди имерген
Баякы Эсенкан айткан бала экен.
Аты Манас экен, атасы Жакып экен.
Жүргүнчү жүрүүчү чоң жолго
Чүкөсүн салып ордо дейби
Балакет бир оюн баштап алыптыр,
Артын байкап болжобой
Азапка кербен өзү калды.
Жол экен деп турбай жолго түштү,
Тумшугу катып колго түштү.
«Кербен кайра кайт,
Сөзүңдү мынабу сызыктын
тышынан айт,
Кан ордосун тепсетпей»,–деди.
Ал аңгыча болбоду,
Бизди балакет торгоп
Манас сакасын чертти,
Зуулдап аткан октой кетти.
Сака тийип төөнүн бутун
сындырып салды.
Каргаша чыгып мынча
Калаба чыгып калды.
Кытайлар туруп коржоктоп калды.
Өз алын билбей ормоңдошуп,
Чүкө атып жаткан Манасты
Теңдиги жок бурут – деп,
Тегеректеп калды.
Темтейип Эсенканга дем байлап
эсепсиз чыр салды.
Бого Манас чыдап тура албай
Аянбай кирип,
Башка, көзгө карабай
Ачуусу тарабай,
Бир күндө миң эр өлтүрсө дагы
Бир тыйын залалдай көрбөйт экен.
Башчыбыздын башын
толгоп үзүп алды.
Калмак, кытай аралаш
Он алтыны жайлап таштады.
Жанда жок эр экен,
Жанга жабыры батты.
Мээсин талкалап салды,
Төөсүн тартып алды», –
деп кербендер айтып басылды.
Бу сөздү уккан соң бай Жакып
Баласын карап чочуп калды.
Ээ, балам, Манас кулунум,
Сен кандай бейбаш болуп кеттиң,
Бул мага кылган касыңбы,
Менин башымды жутат
экенсиң, балам,
Элүүгө келгенимде
Эмгекке салат экенсиң.
Акылмандар аңдадыңарбы,
Акыры бул иш мага
түшкөн түлүк ко.
Бээжин бекем жер болсо,
Беш уруу кытай эл болсо,
Бенде зат муну жеңген эмес,
Беттешкен аман келген эмес

– деп угам,
Каканчындын калкы бар – дейт,
Канча түрдүү алпы бар – дейт,
Катылгандын катыгын берип,
Кадимден канын ичкен
Салты бар – дейт.
Өжөрлүгү адамдан башкача
Өлүмдөн качпай турган
Анты бар – дейт.
Кылымга толгон журтка катылып
Мен бир кыйын балакетке
калган экемин ээ.
Бул түптүү журтка катылып
Мен бир түгөнбөй турган
Дүмөккө калган экенмин ээ.
Мен Каканга өзүм катылып койдум,
Балаага башым чатылып калды.
Мен кара башымды калкалап
Кайда кетеримди билбей калдым.
Эсенкандын малы болсо,
Эсепсиз көп дүнүйө болсо
Канга катылган оңчу беле,
Кадимден жолу болчу беле,
Ушунчалык малын алдырып коюп,
Эсенкандын эстебей
жатар жөнү барбы.
Журтум?» – деп Бай Жакып
Муңайып эндиреп калды.
Бул сөздү айтып анда
Акбалта чал айтат:
– Ай, Жакып бай, эмнеге
капа болосуң,
Бала шок болсун,
Шок болбосо жок болсун,
Ак жазганын көрүүчү,
Ажалдуу жан өлүүчү,
Кытай келип бизди
кыйратып салганча,
Азыр бу малды алып
туралык канып,
Бир калың батып туралык,
Бээжин бизди не кылаар дейсиң.
Алты айлык жолдо алыс жатпайбы.
Адам Жакып сен эмне болгонсуң,
Бу малдан,
мундан мурун биз соо белек,
кыпкызыл канга бөлөнүп,
калганыбыз азыраак ишке сыр салып
Алтай субан калмагынан аз болгондо,
төрт жүздү балаң согумдап таштады.
Бого Алтайга жакындап калды.
Кана, келип кыргызды
кыйратып салганы.
Эми биз арууланып кутулар
заманыбыз калган жок.
Кудайдын салганына көнүп,
Жазганын көрүп,
Туралык, курулай кейип
тургандан не чыгат.
Кеңешиңер бүтсө жөнөйбүз,
малды алабыз», – деп карыя
Акбалта кайрат айтып,
олтурган эл Балтанын сөзү оң
деп күбүрөшүп калды.

Анда Акбалта айтат:
«Жакып, кантесиң,
Муңайып турбасаңчы,
Тыңайып өлгөн жан кайта
келүүчү беле,
Өкүнгөн менен болуучу беле,
Кеткен жан кайтып кобуучу беле,
Кейиген менен болуучу беле.
Сабыркап турган менен не чыгат,
Сары санааны жоюп,
Балам Манас тапкан олжосун
Бөлүп алабыз», – деп
Балта чал айтып токтолду.
Балтанын масылатынан сөз
токтолуп калды.
Ачууланып Манас атасы Жакыпка
октолуп калды.
Ата кана, атаке сенин
Акылың кайда кеткен?
Кудай салган жалаадан
Кутулам деп жүргөн экенсиң.
Өкүнөсүң турасың,
Өлбөсүңдү билген экенсиң,
Өлбөй тирүү кантип өтөсүң,
Дүнүйөнүн түбүнө кантип жетесиң.
Курулай коркуп жүрүп,
Куураган бойдон бир күн кетесиң.
Жалган дүнүйө үчүн
жалтанасың да турасың,
Жашырып катып жүрүп бу
жанды эмне кыласың.
Коркуп жүрүп кордукту көрүп,
Кор болуп көнгөн киши экенсиң.
Койчу нары атаке,чапкылап
кууранаың менен
Бу дүнүйөнүн түбүнө
кантип жетесиң.
Кансырап ыйлабай качан
Кандан кыстоо келгенде
Менин өзүмү кармап бергин,
Кудай сага канчалык дүнүйө берип
Көзүңдү ач кылган турбайбы.
Кытайдан коркуп
кылчаң кылбаймын,
Эсен кандын өзүнөн азыр
кабарын угуп турам,
Сарттарым сөзүн дайындап айтты,
Казынанын малы экени ырас,
Калмак менен кытайдын
кастыгы менде турбайбы.
Мен жалгыз жанмын,
Кандан кабар келсе,
Жалгыз туума Манасты
кармап берип,
Көзүн тазалап коюңар.
Эми төөлөрдү бөлүп алып
Дүрбөбөй кетиңер», – деди.
Кырк беш төөгө жүктөгөн
Кымбат малды кырк атанын
уулу бөлүп алды.
Он сарт башы ачык,
Бай Жакыпта калды.
Олжого тунуп ар кайсысы талашып,
Төөнүн тазасын алды.

Баякы жылкычысынан кызыл нар
Бай Жакыпта калды.
Нарды Жакып сойду.
Жүгүн жерге койду.
Жүгүн чечип караса,
Зумурат, бермет, көөхар,
Жоохар баары да асыл таш экен.
Эл бөлүп алып кеткен
Кырк төрт төөнүн малына
Барабар мал экен.
Не асыл дүнүйө
Ошол нарда экен.
Бай Жакыптын бактысына
Туш келип калган экен.
Албарс шамчырак, буулум-бута
Аябаган асыл дүнүйө ошол
төөдөн чыкты.
Кийизге салып бүктөп,
Төрт айгырга жүктөп
Бай Жакып үйүнө кайтты.
Баргандардын баарысы
Дүнүйөгө бөлөнүп калды.
Кемчилиги жок, кең дүнүйөгө
Кенелип калды.
Манас он эки жарым жашында,
Отуз жигит кашында
Ордосун атып жата турсун.

8-бөлүм

НЕСКАРА АЛТЫ МИҢ КОЛ МЕНЕН МАНАСТЫ КАРМАП АЛАМ ДЕП БАРЫП, ЖЕҢИЛИП КАЛГАНЫ

Уга турган баарыңар,
Аны таштап салыңар,
Өзү Ногой уулу экен,
Булардын эң улуусу Орозду,
Андан кабар алыңар.
Анын арка жагынан,
Өзү келип катылган,
Нескарага барыңар.
Ногойдун улуу баласы
Орозду, экинчиси Бай,
Үчүнчүсү Үсөн,
Төртүнчүсү – кенжеси Жакып.
Орозду деген кишинин он
уулу болгон,
Ону тең оңбой турган кежир
Жаман балдар болгон.
Онунун аттарын, кылык-
жоругун, кылган
Порумун байкап алыңар.
Аттары:
1. Чагатай.
2. Чекетей.
3. Көбөнтай.
4. Бөбөтөй.
5. Шөбөтай.
6. Бабатай.
7. Кабатай.
8. Сабатай.
9. Тоготой.
10.Ордобай.

Бул Орозду ага-тууганынан
бөлүнүп калганда,
Опол-тоонун нары жагы,
Орчун Даңдуңдун бери жагы
Кыргыз балдары менен турган.
Камыс, Камар деген
калаага базарлап,
Аларды жердеп, Ыраңды
жайлап турган.
Атасы Орозду баш болуп,
Алтымыш бээ байлап салган.
Ичкени кымыз,
Кылганы уруш,

Бештен бөлүнүп алып,
Кээ күнү аянбай согушуп,
Оюнча болушат.
Капалыгы ачылбайт,
Туткагы басылбайт,
Урушканы басылбайт,
Эки тарап болуп,
Бештен бөлүп алат,
Белсенишип салат.
Бети-башын жарат.
Аны менен тим турбай,
Бек алдына барат.
Малды берип салат.
Береке таппай калат.
Атасы Орозду кан болду,
Балдары тил албаган
Кежир жинди жан болуп калды.
Балдарынын шоктугунан
Орозду качып каңгып калды.
Ороздунун иниси Бай,
Анын да эки баласы бар:
Биринин аты – Бакай,
Биринин аты – Тайлак.
Бул Орозду менен Бай
Опол-тоодо жанаша турган,
Ороздунун балдарынын
Күндө тамашасы уруш,
Буларды кара басты.
Эмгектүү иттер элден азды.
«Кан Ногойдун тукуму
Бизден сыймык качты», – деп,
Буга Бай олтуруп ар кылат.
«Атаң Жакып менен бирге кетпей
Кайдан да мында калдым».
Калганына зар кылат.
Байдын улуу баласы Бакай,
Кичүүсүнүн аты – Тайлак
Байдын балдары атасынын сөзүндө
Болуп дүнүйө малды арбын
жыйнап алды,
Ороздунун балдары тим турбайт,
Малы-башына ээ кылбайт,
Жакын жайлап салат,
Тартып малын алат.
Алыс кетүүгө айласы жок,
Тарттырбай коюуга да
дарманы жок,
Орозду уулу мени
оңдурбайт экен – деп
Кашкар менен Жаркенттин
ортосуна барып турду.
«Балдарым, Жеркентке
келдик, жетип калдык,
Туугандын зордугун көрдүк,
Токмогун жедик.
Жаркентке кеткен бир
Жакып деген агаңар бар,
Бого жетип кабар алсак кандай?
Көйкапка кеткен бир Үсөн
деген агаңар бар,
Аны да көрсөм экен – деп
эңсеп калдым.
Балам Бакай, менин бар
сөзүмдү укчу,

Бул Орозду уулу оңбой,
Кордогонун койбой койду.
Өздөрү да соо болбой
Өмдөгөнүн койбой койду.
Өздөрү эрездешип турат,
Эки күн тим турбай
Жаңжалдашып калат.
Балдарым бого жакын
турбайлык,
Жармаша кетип
бир балакет салат.
Береки карыш турган Сарыколдон
Кагышып келип калса,
Айдап малыңды алса,
Арачачы болбосо бул кандай кордук,
Кашкар, Жаркентти багалап,
Кара-Сууну жакалап,
Арачачы көзүбүздөн учуп
Кантип оокат кылабыз.
Кой, балдарым, өз туугандан
жат болуп өсүп,
өзбек-сарт болуп каларсыңар.
Кокустан мал талашсаңар
Бул иттер келтирип башка салат,
Кебиңди укпайт, малыңды алат.
Жеркени аябаган ысык чөл экен,
Кашкары какыраган таш экен,
Мал багууга жеринин жайы жок,
калмагы бар, сарты бар
Кажылдаган кайыры жок
Эли бар экен, бул жерге турбайлык,
Балам Бакай, сөзүмдү ал,
башыңды көтөр,
Масыңды тарат, көзүңдү ач,
Тууганың Сарыколдо калды,
Мунун зарпына чыдай албай
мында келдик,
Эки балам сен, эмгектүү
кары мен болдум,
Бул Ороздунун балдары
биздин малды алгандан
өздөрүнүн куну бүткөндүр.
Балам жашың он сегизге келди.
Жайытта малың кем,
Жилиги жок төө өркөчтүү,
Ат жалдуу малдын баары семиз,
Менин атымды токуңар,
Мен: «Алла!» – деп атка
акталап жолго кирип,
Алтайдын тоосун чалып,
Аныктап көрүп, ары чети
Шыкоо деген жер бар – дейт,
Чың ошого баралы,
Бул капырлардан
ыраактап кетели.
Ал жерде ынтымак
кылар эл бар бекен,
Бир тургандай боору жазы
жер бар бекен,
Баш калкалар бай бар бекен.
Барып турар жай бар бекен,
Кенже иним эле Жакып деген,
Ошол Жакыпты тапмайынча
Биздин күнүбүз кечпейт,

Жакып өлдү бекен, тирүү бекен,
Тирүү болсо Жакып
жалгыздыктын айынан
Зарлап ыйлап жүргөндүр.
Бар болсо байкап билип
бала-чакасынын
Башын кошор күн болор бекен.
Өлгөн болсо көрүп өкүрүп
Кайра келермин, балдарым
Силерге эп болсо Алтайдын
Аралап көрүп, агаң Жакыпты
Аныктап билип келсем
Кандай болор экен,
балдар», – деп Бай балдарына
айтып салды.
Баласы Бакай сөзүнүн
салтын байкап калды.
Атасы Байга Бакай айтат:
«Барыңыз ата, барганыңыз жакшы,
Мен дагы ар кимден угам,
Эли бай – деп,
Жери малга жай – деп.
Өзүңүз барып,
Жерин чалып келиңиз,
Жери жайлуу болсо,
Ороздуга бар, муну да ала кетели,
Тууганга таарынып болбойт,
Ата, быйыл үч жыл болду,
Мен бир уламыштан
кабар уктум эле,
Бай Жакыптын байбичеси Шакан,
Атагы Чыйырды деген
катыны эркек тууду,
Чоң той берди – деп.
Ат чапкан балдар,
Олжо алган чалдардан уктум
эле ойноп жүргөндө.
Башка Жакып болбосо айтууңузга
Караганда ошол Жакып
Сиздин иниңиз болсо керек.
Бул сөздү оюңузга алып коюңуз.
Барыңыз ата, көрүп келиңиз – деп
Балдары айтып салды.
Бармакка макул алды.
Бай аттанып жөнөп калды.
Күдүрлөгөн боркөр кол деген
Шор менен жүрүп,
Арага эки конуп,
Үчүнчү күн түш ченде
Мелтиреген биябан чөлгө келди.
Арык казып жаткан алты
миңдей элге келди.
Бул арыкты каздырган
ээси Нескара экен,
Кытайдын чоңу экен.
Арыктын башында туруп
башкарган адамы
Басаңкул деген сарт экен.
Өөдө-төмөн өткөн адамды
кармап алып атын союп,
өзүн арыкка салат экен.
Чалды кармап алды,
Атын арыкка союп,
Өзүн арык казганга салды.

Басаңкулдун кылган кесиби
ушул экен.
Кетмен тийип өлгөн адам болсо,
же чарчаган адам болсо
Үлкөн арыктын кырына
басып кетет экен.
Чалдын колуна кетмен берип
Арыкка салып таштады.
Эки жарым күндө
чал чарчап жыгылды.
Жыгылганын көргөндө
Чалды сүйрөп көмгүн – деп,
Арыктын кырына сүйрөп салды.
Үстүнө кырчын басып,
Байкуш чал кырчын
топурактын алдында калды.
Көөдөнүн кырчын көтөрүп,
Көкүрөгү ачык калды.
Чалдын көзү көрүп жатты,
Көкүрөктө эси бар,
Ар сөздү билип жатты.

Эми арык ээси Нескарадан
Аңдап сөз угуңар.
Нескаранын бир чабдар аты болгон,
Бул атка жин-шайтан үйүр болгон.
Алты шайтан азгырып
Аттын ичине кирип,
Ат болуп Нескарага кабар берет.
Нескара бого ынанып калат.
Бул шайтан
Караса көзгө илинбейт,
Кармаса колго билинбейт.
Жана Нескараны колдоп турган
элүү балбан дөөсү бар,
Эртели-кечти эки убак
сүйлөшүп турат.
Көзүнө түк көрүнбөйт,
Көрүнбөсө мейли – деп,
Айткан сөзүнө ынана берет.
Ал чабдар ат болуп сүйлөшкөн
азыткы жин шайтан,
Ар түрлүү Нескараны күйгө салган,
Алтындан бут койдуруп,
Жакуттан баш кылып,
Көөхардан көз кылып,
кудай деген ушул,
Мунун жардыгы жалган болбойт,
Муну жалган деген оңбойт,
Качан сага жамандык келсе,
Буга жалынып келсең
Сени колдой турган
кудайың ушул, –
деп болтойтуп бут койдуруп,
Бутка табын деп айтып салган.

Аны коюп таштаңыз,
Аттын кебин баштаңыз.
Чабдар ат сүйлөп калды,
Нескара кулак салды.
«Сен Нескара дөө болуп турасың,
Бу кезде мага ээ болуп турасың,
Сен өлбөй турган камыңды кылып,
Ушу баштан бир этиет

болсоң болбойбу.
Анык билем сенин алып
жаткан алышың
Аркаңда калчу алыш,
аксыдан чыккан
Шу Алтай тоосун жердеп жаткан
Көп жылкы бар,
Ал жылкыга кир,
Айдап бери сүр,
Аркаңдан алар салат,
Ногой деген чуу менен,
Ошол чуунун ичинде
Азыр күчүнө толо элек
Манас деген бала бар.
Бул баланы эсиңе сала бар.
Манас он үч жашта,
Жайы Азембил суусунун башында,
Жылкысын тийип алгын,
Артынан келген куугунга
көзүңдү салгын,
Малдын ээси Жакып деген чал,
Жалгыз баласы Манас,
Ошол Манасты
куткарбай кармап ал.
Эгер куткарып жиберсең
курганың ошол.
Качырып ийсең кара жандан түңүл.
Бул Манастын
балтыр эти толгон жок,
Азыр балбандык
кылар чагы болгон жок.
Умтулуп уруш салгыдай
чамасы жок.
Уруштун ыгын алганы жок,
Чаң көзүнө толгону жок,
Чалышка камбыл болгону жок.
Уюган чаңга киргени жок.
Азыр уруштун сырын билгени жок.
Азыр ойноп жүргөн жаш бала,
Он үч жашка жаңы келди,
Ушу күндө Манасты тутуп,
Башын жутпасаң,
Манас көзүңдү оёт,
Акыры сени соёт.
Ойрон кылып коёт,
Бого эртелеп камын,
Нескара Манасты барып сой,
Айдап келип жылкысын
Арыкчыга бер,
Арык казгандар союп,
Адамдын баары майга тойсун», –
деп чабдар ат болуп сойлоп
шайтандар басылды.
Сөздү угуп камынып,
Азыр турган арык казгандан
Миң кишини айдап чыкты.

«Жалгыз бала Манаска
жардам кылчу
Бир кудай өзү кулундар кара
кулак болду.
Кур аттар майга толду.
Ыраң баш болуп,
Жайлоонун мезгили болду.

Куран жайлоо,
Куу-Теске жылкы салар кез болду», –
деп жайлоосу жашыл гүл,
өлкөсү куран
Жайлоого барам, балам
кабарсыз калды,
Барып баламдан малымдан
кабар алам», – деп
Туучунакты минип, турбастан
Бай Жакып жөнөп калды.
Аралдан чыгып бастырып
бара жатканда,
Ал аңгыча болбоду, аңгирге
барчу жол менен
Алты миң ашык кол келип калды.
Алты күнү жол жүрүп,
Нескара жолго салып
Жакын барып калган экен.
Муну көрүп Бай Жакып
Эсинен танып калды.
Бул эмне деген шумдук – деп,
Жашырынып калды.
«Бир жалгыз жарым жан болсо
Мунун жайын билген адам болсо,
Сөзүн сурап,ким экенин
билсем экен –
Деп өткөн аскердин
артынан көзүн салды.
Алты миң аскер жол менен
аралап өтүп,
Кайындынын алты суусуна барды.
«Бул кандай жорук?» – деп
артынан Бай Жакып
Акмалап карап турат.
Аскердин арка жагынан
элес-элес көрүнгөн
Бир жалгыз караан илкип чыкты.
Аны Жакып көрдү.
«Жалгыз жарым жүргөн жан экен,
Мунун дагы бир самаган иши бар го,
Ушуга барып кабар алайын,
Ушуларга илешип келе
жаткан экен.
Анык кабар билер», – деп,
Бай Жакып барып баякы
жалгыз адамдын
Жолун тосуп калды.
Аны таштап салыңыз,
Угуп сөзгө каныңыз.
Арыкка көмгөн Бай шордуу
Андан кабар алыңыз.
Бай көмүлгөндө тегин
жаткан жок,
Бай аңгеменин баарын
байкап жатты.
Баякы чабдар аттын кебин,
Нескаранын тыңдап турганын,
Көмүктө жатып,
көөмөй катып алган
Душмандын сөзүн укту.
Өз боюн күүлөп,
эл кеткен соң эптеп,
Суурулуп көмүктөн чыкты.
Кетейин деп

жан-жагына көз салды.
Жаргак деген бир колотто
алты качыр,
Төрт эшек аламанда калган экен.
Качырды кармап алайын – деп,
Бай барбайып барып калды.
Этегине конок салып
энтелеген байың
Качырдын бирин эптеп
кармап алды.
Ал аңгыча арык казгандан калган
Элүү-кырктай адам этек жагында
Көмөөрдө булар Байды көрө салды.
Байдын чыкканын алар
байкабай калган,
Качырды кармап жүргөндө
бул кайдан адам,
Ууру болсо керек деп
баарысы дүрбөп,
Байды камалап калды.
Кармап алабыз деп булар
сандуу адам эмеспи,
Теңи бала, теңи чал алардан
озунуп качып
Бай кыраңга чыкты.
Эки үчөөн таш менен уруп
Бай жыгып таштады.
Кайра кетчү жолун арыкчы
тосуп, алар
Аргасы кетип Бай аскердин
аркасынан салды.
Эл карасын көргөнчө ээрчип
кошо барып,
Булардын көзүнө көрүнбөй
аман-эсен калайын – деп
Байыңыз бул сөздү ойлоп,
качырды кулакка коюп,
аскердин
Артынан келе жатыр эле,бул
келе жаткан адамды
Бай Жакып карап турду.
Ушундан бир кабар
алайынчы – деп,
Ал аңгыча качыр минген бир
карыган чал келди.
Бай Жакып чалга: «Мөндү» –
деп салам берди.
Буурул сакал Жакып
аксакал Бай аныктап
Бирин бири таанып
биле албай калды.
Бай Жакыптан жайын сурап калды.
«Аты-жөнүң,
ата тегиң ким болот?» – деп.
Жакып бай сөзүнө жооп
берип калды:
«Түп атам – Түрк,
Башкы атам – Байгур,
Үчүнчү атам – Байыркан,
Төртүнчү атам – Төбөй,
Бешинчи атам – Көгөй,
Анын уулу Ногой,
Ногойдун атын укпаган
Алачтан адам жок.

Ата-энемден он жетимде айрылып,
Кытайдын кысуусу менен
айдакка кеткен элем.
Котондун оюнда,
Шушаң көлдүн боюнда,
Бөйөндүн уулу Чаянга,
Мусапыр болгон соң,
Чаянга жанашып жалчы жүрдүм,
Далай кызматын кылдым.
Ал Бөйөн,Чаян өлгөн соң,
Быйыл отуз жыл болду.
Алтайдын тоосуна келип,
Таянып оокат кылып турам.
Чоң атам – Көгөй,
өз атам – Ногой,
Атым Жакып болот», – деп,
Бай Жакып айтты.
Жакып дегенде Бай
бакырыкты салды.
Барылдап,
Дарылдап
Ыйлап калды.
«Дүнүйө өткөн экен, – деп,
Жакып аман жүрдүңбү,
Бала-чакаң аманбы?» –
Деп кучакташып көрүшүп,
Амандашып калды.
Эми Жакыпка Бай айтат:
«Мен сенин Бай деген агаң болом,
Ошондо он жетиде сен,
Жыйырмада мен элем.
Сен атакеңдин алдында эркелеп,
Ойноп жүргөн бала эмес белең.
Ошондо жыргалды көргөн
мен эмес белем.
Куйрук болсом, жалым элең,
Бай шордууга дайын элең.
Өөдө болсом, өбөк элең,
Жыгылганда жөлөк элең.
Эстесем эстен чыкканың жок,
Эркелеткен бөбөгүм элең.
Тар курсакта жаттык эле,
Талашып чүкө аттык эле.
Айдоосунан улуктун,
Айрылып сенден калдым эле.
Тушаң падыша тушунда,
Туш-тушка Ногойдун уругун
Бөлгөндө, ойрон жаным өлбөдүм,
Ошондон бери көзүңдү бир
Көрсөм деп зыркырап жүрөм.
Күйөрүм сенден айрылып,
Күлкү болдум.
Эрмегим сенден айрылып
Элким болдум.
Сени азыр көрдүм.
Көңүлүм кубанып,
Жүрөгүм сүйүнүп калды», – деп,
Аттарынан түшүп,
Аянбай көрүшүп,
Алардын айрылганына
кырк жыл болуп,
Айтарга алтымыш жыл – деп,
Аман-эсен көрүшүп кошулуп калды.
Бай олтуруп кеп айтат:

«Жакып, балаң барбы?» – деп.
Анда Жакып:
«Балам бар,
Жараткан болсун,
Жар башарат берип,
Түштө көрүп бир балалуу болгомун.
Быйыл он үч жашка келди.
Эли-журтумдун жоктугунан гана
Кысылып тардык көрүп жүрдүм.
Дагы экинчи
келиниңиздин боюнда бар.
Кудай бала берсе,
кенелип калам деген
оюм бар», – деди.
Анда Бай айтат:
«Кайгыны тартып,
Капа болуп жүрүп,
Карыганда бала көрүпсүң,
Балаң аман болсун!» – деп.
Жана Бай сурап калды:
«Береки калдайган калың
талаа жер жатат,
Мунун калкы кайда болот,
Бул ээн жер эмне деген жер,
Мунун эли кайда болот?
Бетегеси белден бурайт,
Элиги ээн сулайт», –
Деп Байыңыз Жакыптан
Жердин жайын сурап калды.
Жакып айтат:
«Так ушу жерге келгениме
быйыл отуз жыл болду.
Жайытка малым толду.
Сага жердин жайын айтайын,
Бул жер мурун адам жок,
Ээн жер экен,
Мен жаңы келгенимде
Аркан бою желсең
Ат түтөгүп жыгылат эле.
Адыр жерлеринен,
Артмак белдеринен,
Аркар куюлуп турчу эле.
Аркары адам тааныбайт эле,
Береки будур-будур жерлеринен,
Буйга-буйга белдеринен,
Бугусу кумдай куюлуп турчу эле.
Бугусу кишини тааныбайт эле.
Ушул жерди отуз жылдан бери
мен жердеп турдум.
Жерим эркин жайлоо болду.
Жергемден озгон
бай болдум», – деп
Эми Жакып Байдан
алы-жайын сурады:
«Ага, сенин алың-жайың кандай,
Сенин да балаң барбы?» – деп.
Анда Бай айтат:
«Мен дагы эрмек кылган эки
Эркек балам бар,
Менин дагы эркелетер карам бар.
Небактан бери айрылып,
Элден санаам тынбай
Он эки уруу кыргызды санап,
Кыйналып жүрдүм.

Көбүнчө кенже иним Жакып
Сен үчүн сагынып, санаа тартып,
Кемчиликти көп көрүп,
Көзүмдүн жашын тыйбай ыйлап,
Жанымды кыйнап жүрдүм.
Ошондон бери
Агаң Ороздуну сыйлап жүрдүм.
Орозду агаң бу кезде кан эле,
Карып болгон,
Кайгыга каркап толгон,
Балдарынын жаманынан
жеке эле бейпай болгон,
Мээнетке каркап толгон,
Алда, балдарынын дарты ай!
Бат урушкан иттердин
Зарпы ай!
Орозду агаң бу кезде,
Онтоп калган кези.
Ой-бойду салган кези.
«Кечээ Ойротту сыйлап,
Оолугуп сүйлөп
Турган кезимде өлбөй жүргөнүм,
Кечээ кыргызды бийлеп
Кызыгып сүйлөп турган кезимде,
Өлбөй жүргөнүм,
Бул менин шорумдун
калыңдыгы эмеспи», –
деп сексенге жашы жетти,
Сексейип башы аппак болду.
Сен дегенде көзүнүн жашы
Сел болуп агат», –
деп Бай айтып өттү.
Жана Жакып сурап калды:
Бай ага, балдарым бар дегенде
Сүйүнүп калдым,
Балдарыңдын аты ким?» – деп.
Анда Бай айтат:
«Улуу баламдын аты – Бакай,
Кичүү баламдын аты –
Тайлак», – деп,
Бай агаң айтып салды.
Жакып угуп алды.
Жайланып сөзгө канып,
Санаасы тынып калды.
Эми Бай сурады:
«Сыягың жакшы экен,
Куру эмес, жалгыз туягың бар экен.
Ошол жалгыз баландын
аты ким?» – деди.
Анда Жакып айтат:
«Жалгыз баламдын аты
– Манас», – деди.
Атын укканда Бай агаң айтат:
«Атын уктум, болду,
Атын укканда оозум толду.
Арбак сыймык конду», – деп,
Бай абаң барбайып
Күлүп калды.
Кол көтөрүп: «Манасым аман
болсун!» – деп
Колун жайып бата берип салды.
Ал аңгыча эси оогон,
Байдын эсине түшө калды:
Каргашалуу Нескара калың

Кошун алып Манасты
кармап алам – деп келгенин
Муну Жакыпка айтып калды.
«Мен алардын артынан келдим,
Балакеттүү Нескара басса-турса
Манас деп калды.
«Манастын башын алсам,
Бай Жакып менен баласын өлтүрүп,
Тынчып калсам!» – деп келди.
Бул сенин балаң Манас болсо,
Аркасы кандай болот
ээ иним Жакып,
Мен көп кеп уктум,
Көргөн күнүм курусун,
Билгеним жок эле мунусун.
Кытайдын кыйла жумушун.
Келе жатсам кармап алып
Атымды сойду,
Өзүмдү арыкка салып койду.
Кайсы бирин айтайын,
Нескара эч адамга ырайым кылбайт,
Ал кандай Жакып экенин,
Кандай Манас экенин
Эс ооган курган жан
Эндиреп жатып билбей калдым.
Арбак урган капырдын
Айбатынан сүрдөп жатып
Ошол Жакып сен болсоң,
Балаң Манас болсо,
Бу кызыталак Нескара
Кылымды билген кан,
Өзү мыкты жан», –
деп Жакыпка Бай айтат.
Мындан сактанмак керек деп,
Байдан бул сөздү укканда
Жакып эрбейип калды.
Сакал-муруту сербейип калды.
«Эми аттанып чаап айылга баралы,
Эрсинип жатып албайлы,
Элге кабар салалы», –
деп агасы Байды качыры менен
Кампайтып ээрчитип алып
үйүнө келди.
Калаба арбып калды.
Калк дарбып калды.
«Нескара азыр алты миң кол менен
Келди», – деп калкына кабар салды.
Жакып сөзгө туюнуп алып,
Туш-тушка кабар салды.
Кабарчысы барган соң,
Калкынын баары жыйылып,
Калк атасы Жакыптын
кашына барды.
Ошпур менен Саламат булар дагы
Жар жамаасы менен келди.
Манжуудан келген калмагы
Эки жүз элүү түтүндөн
Үч жүз киши булар да келип калды.
Акбалта бүтүн казак,
кыргызга кабар салып,
Эдил-Жайык, Эсил-Нура баскан,
Саркан сары аркада
казактын нары четинен
Кабар салып, Балта чал

баарын алып,
Алачтап ураан салып,
Түрктүн баары дүркүрөп
келип калды.
Камбардын уулу Айдаркан
«Баарыбыз түрктүн уулу болсок
Бул капырды көптүрбөйлүк» – деп
Чынжырдын жолу менен
селдей каптап,
Сегиз миң колу менен бу да келди.
Эми Нескаранын колу
адашкан бойдон
Жакыптын кең аралынын
аягы менен,
Эки күнү жол жүрүп,
Маңгулдун журтун басып,
Муну кара шайтан басып
Жайытта жаткан Жайсаң
бай деген маңгулдун
Көп жылкысын Жакыптын жылкысын тийип алып,
Айдап жолго салып,
Аны көрүп маңгулдар
Айран калыптыр.
Бул улуу черүү кол көрүнөт,
Аз эмес мол көрүнөт,
Кайда болсо да алдыргандын
шору эмеспи», –
Дешип Жайсаң байдын
жылкысы так тапта
Он миң жылкы экен.
Эсепсиз көп жылкы экен,
Эшилтип тийип алды.
Эси ооп Жайсаң бай эндиреп калды.
Ар тарапка чапкылап,
Ким экенин биле албай,
Бул кайдан келген кол – деп,
Аныk-ачык тил ала албай калды.
Кой, мындай турбайлык,
Аркасынан барып бир аныk кабар
Алсак болбойбу деп
маңгулдар жыйылып,
Беш жүз адам болуп артынан барды.
Айгайды салды.
«Силер ким деген болосуңар
Жөнүнөрдү, жайыңарды айтыңар,
Самап келген кишиңер ким эле,
Ишиңер ким дегенде эле?»
– деп сурап калды.
Анда аскер башы Басбаңкул айтат:
«Биздин издеген ишибиз,
Самаган кишибиз түп атасы Түрк,
Байкурдан чыккан Манас,
Берки атасы Алач», – деди.
Анда маңгулдар айтат:
«Баласы Манас бурут болот,
Ал бу кезде Куран жайлоо,
Куу түздө болот.
Жакып атасы,
Баласы Манас болот.
Манас бу жүргөн жанды
Көзүнө илбейт.
Чатагы жок жүрбөйт,
Аны үчүн бизден жылкы албаңар,

Азапка салбаңар,
Кебиңерди айтыңар,
Аскер башы бегиңерге айтыңар.
Жок, бизде мурунтадан
калган кебиңер болсо,
Атагын айтып туруп алыңар!» – деп
Жайсаңбай айгайды салып,
Сөзүн айтып калды.
Бул сөздү угуп Нескарага
жайын айтайын – деп
Басбаңкул барды.
Барган заман Нескарага сөз
айтып калды.
Биз дайрадан чыгып жол
менен келдик,
Кашыбызда алты миң төрт
жүз колубуз бар.
Эки күндүк жолдон эч мындай арбын
Жылкы көргөнүбүз жок.
Бул бай Жакыптын аныкөзү го, баласын жашырып коюп,
бизди сөз менен алдап турат ко?
Бай Жакыптай кексе жан болбосо,
башка жерде мындай
көп мал болбойт.
Бай Жакыптай кексе
жан болбойт», –
деп Басаңкул Нескарага айтып өттү.
Анда Нескара айтат:
«Андай болсо жылкыңды берем, –
деп алдап туруп,
Жакыптын өзүнүн мойнуна
чалма салып,
Алдап кармап алмак керек.
Эсирип турган чалды,
Эптеп кармап алган соң
Атасын кармап алып,
Азапты чалга салып,
Анан баласын
Таптырып албайбызбы» –
деп Нескара айтып салды.
Басаңкул макул алды.
Айлынан адам келип,
Жайсаң куралып,
Алты жүзгө толду.
Нескарадан жардык алып
Жайсаң байды алдап,
Кармап алууга
Басаңкул жөнөп калды.
Барган заман Басаңкул
Жайсаң байга сөз салды:
«Сырыңды чын жеринен айт,
жылкыңды албайлык,
Ач уйкуңду,
Мүлкүңдү бүлдүрбө,
Күлкүңдү чыгар.
Бери жакыныраак кел,
Менин айткан сөзүмө көн.
Жакып менен Манастын,
Жайын айтып бергин.
Азамат болсоң аларды,
Кармап бергин.
Манас менен Жакыпты
Бизге байлап берсең

Биздин сенден
Жакшы көргөн кишибиз болбойт.
Мына жылкың,
Азыр аман турат», – деди.
Анда Жайсаң айтат:
«Мен Манасты кантип
Кармап берем деп айтам,
Манас, Жакып
Жолуңда турбайбы,
Колуңда аскериң турат,
Өзүң кармап албайсыңбы.
Манас деген өзү бурут болот,
Ал бурутту өзүң
Курутпайсыңбы.
Колумдан Манас келбейт,
Манасты Байгур
Мага бербейт.
Менин кармап берер
Чагым да жок.
Байлап берер
Алым да жок.
Жылкым турсун
Жыпжылас кылып,
Айлымды чаап кетсең дагы
Манас менен ойнор
Табым жок», – деп,
Жайсаң бай айтып,
Басаңкулдун жөнүн
Байкап турду.
«Бери жакыныраак
Бастырып келбейсиңби,
Жылкыңды жайлашып,
Албайсыңбы», – деп
Басаңкул айтып калды.
Анда Жайсаң бай айтат:
«Бери жакын кел!» – деп,
Мени не себептен кыстайсың,
Каныңа бардың,
Кабарды салдың.
Сенин кеңешип келген
Кебиң бар го.
Улам-улам жакын кел – деп,
Энтелетесиң.
Алар жылкыңды албадыңбы,
Эми менде
Нең бар?» – деп Жайсаң бай
Бура тартып калды.
Кууп кармап алам – деп
Кутуруп турган Басаңкул
Артынан кууп
Атына камчы салды.
Ал аңгыча Жайсаң бай
Айылынан келген
Өз кошунуна
Аралашып калды.
Атырылып Басаңкул
Артынан жетип барды.
Таноо деген бир калмак
Тосуп туруп Басаңкулду
Кол ок менен атып салды.
Коркурап жыгылып,
Басаңкул өлдү.
Басаңкулдун өлгөнүн көрүп
Нескара алты миң

Беш жүз аскеринен
Эки миң беш жүздү
Бөлүп алып,
Жайсаңбайга карата
Айдап жолго салды.
Аламан коюп калды.
Камынып келген Жайсаңбай,
Качпастан беттешип калды.
Жайсаңбай бул
Алда кандай кошун – деп,
Асилет жарагын калтырбай
Ала келген
Байлыгы менен элине
Баркы чоң бай.
Жоо-жарагын мол,
Калың маңгулга
Кандан паркы кем эмес.
Маңгулдан келген,
Алты жүз кошун
Жазайылды жаткырып,
Төө мылтыктан
Бир жүздү күркүрөтүп койду.
Төө мылтыктын үнү
Күркүрөп жер жаңыртканда
Эки миң беш жүз аскер
Чыдап тура албай,
Кайра качып калды.
Буга Нескара каарланып
Алты миң аскерди
Бүт буйруду.
Чаңы асманга чыгып,
Алты миң беш жүз аскер,
Бүт боюнча
Чабуул коюп калды.
Көптөп чабуул койгон соң
Чыдай албай Жайсаңбай
Элинен чыга качты.
Эси чыгып
Кытай эрбегинен
Жан коргоп
Тоого качып чыкты.
Аламан коюп
Асилет жарактарын
Басып калды.
Айлына чабуул барды,
Байкап угуңар,
Бул Нескаранын
Айылдан алганын,
Кыз-келинин
Кармап алды.
Кыйла бүлүк салды.
Дүнүйө малды
Ченсиз алды.
Дүмөктү кыйын салды.
Бирин бири карашып жүрөт.
Олжолорун талашып жүрөт.
Олжонун орчунун
Сен алып койдуң – деп,
Олоңдошуп
Сабашып жүрөт.
Мурун жылкысын алып,
Артында айылынын чаап
Мүлкүн алып,
Артып,

Тартып,
Нескара басып калды.
Жайсаңбай бечара
Мурун жылкысын алдырып,
Артында айылын чаптырып
Кармаарын билип,
Качып барып,
Бир токойго кирип
Бекинип жатты.
Ошол каргашалуу Байды,
Кармап сойбой – деп,
Нескара өкүнүп калды.
Катын, бала
Ызы-чуу болуп
Чуркурап,
Чыркырап,
Ыйлап
Тоо-ташка
Качып чыкты.
Калган айылынан,
Кытайлар элүүдөй
Киши өлтүрүп,
Бүлдүрүп салды.
Олжону арбын алды,
Оңуп жыргап калды.
Ошо күнү айылга
Баса конду.
Ою менен болду.
Кыз-келинди
Кармап кырып,
Малды сойду.
Каны булаан болду.
Ал күнү анда жатты.
Эртеңки таң атты.
Эртесинде аттанып
Эрдемсип калган Нескара
Он бешке келген жаштуусунан,
Олоңдой кара чачтуусунан,
Көчтөн чыккан
Көрктүүсүнөн,
Көмкөрө кундуз
Бөрктүүсүнөн,
Бир жүз отуз кызды
Тандап алды.
Эмчеги тик,
Найза бел,
Бою тараз,
Керме каш эптүү
Сулуу келинден
Эки жүздү тандап алды.
Желмаянын чөгөрүп,
Жез казанын көмөрүп,
Жылкысын кишинетип,
Балдарын ыйлатып,
Башчылары байлап алып,
Малын айдап алып,
Аңгүрөнүн жолуна
Нескара салды.
Баатырсынып Нескара,
Бара турсун жолуна.
Баяндап айтып өтөмүн,
Байкаңар сөздүн соңуна.
Баарыңар байкап,
Ал сөздү таштап,

Бээжиндеги Эсенкан
Андан кабар алыңар.
Эсенкан бизди
Сүйбөй койду.
Журт экен – деп
Күйбөй койду.
Эл бүлүнсө,
Түк билбей койду.
Бүлүнгөн жанды,
Көзүнө илбей койду.
Ушундай дагы
Кан болобу?
Сөз укпаган жан болобу.
Кантип чыдап турабыз буга,
Мунун кандыгынан
Кечтик», – деп
Маңгул, калмак
Түрк уулу түрүлүп
Атка минди.
Бүлүнгөнүн билди.
«Кытай түпкө жетти,
Мунун кордугу
Өтүп кетти», –
деп жабыла
Атка минди.
Аскерин айдап сүрдү.
Аңгемени салып,
Бет-бетинен
Согушуп кирди.
Маңгул,казак,кыргыз
Тууларын көтөрүп алып
Майдандын жолуна салды.

Башта камынып
Бай Жакып кабар салган.
Түрк балдары түрүлүп
Бүт боюнча келип калган.
Бала Манас
Турчу беле,
Басташкан жоо турганда
Башка сөздү
Урчу беле.
Аккуласын
Болкоюп минип
Ак найзасын
Колуна алып,
Төгөрөктөн жыйнап,
Төрт жүз аскер курап алган.
Төрөм-төрөм-төрөм – деп
Булар төгөрөктөп калган.
Манастын жанында
Ала байрак, куу найзадан,
Шоодураган көйкашкадан,
Жалпы жаштан
Төрт жүз аскери бар.
Баарысы болом деген
Жакыптын аскеринен башка
Жакыптын жанында
Кары менен чалдан,
Кайраты жок балдардан,
Эки жүз аскери бар.
Алты жүздөй колду
Баштап алып,
Алмалуу кыя
Жолго салып,

Менин атымды
Билбесеңер
Атым – Манас,
Атам – Жакып,
Түрк уулумун.
Арбак урган
Кытайга
Алдыра койчу ким
деп ойлойсуңар», –
деп Манас
Айкырып чыкты.
Аскерин түрүлтүп,
Бет алган жагын
Жапырып чыкты.
Ажыдаар сүрүн,
Ач арстан үнүн,
Турган жандын
Баарысы укту.
Жазайылды
Жаткырып салды,
Күлдүрмамай
Мылтыктан
Күпүлдөтүп
Аттырып салды.
Эрдемсиген,
Нескаранын аскерин
Алты миң беш жүз колун,
Келер жолун
Бууп алды.
Жоболоңду
Мындай салды.
Арт жагынан келген
Колу жок
Аңгеренин өзөнүнөн
Башка жолу жок.
Алты миң беш жүз
Колу болуп,
Алардын арбын
Шору болуп.
Алмалуу деген
Жолу болуп.
Ал жолду
Арстан Манас
Кармап алып,
Айкырыкты
Арбын салып,
Жарым күн болуп
Чачырап чак түш
Толгондо,
Атпай казагын
Алдына салып,
Айтылуу Айдаркан
Келип калды.
Наймандардан
Карабек келди.
Биз менен кармашчу
Душман кайда – деп,
Күнөңкөр балбан
Күркүрөп
Атаңдын көрү
Ит кумуралык
Беттешер болсоң
Кел бери,
Бизге беттешкениң

Пайда – деп
Найзанын учу чабышып турду.
Адамдын башы
Кагышып турду.
Кырк жигиттин
Башы экен
Өзү он алты
Жашта экен.
Атын Көкчө
Койгон экен.
Айдаркандын баласы экен.
Азем менен салдырган
Ак-Талаа деген
Калаасы бар,
Атагын байка
Көкчөнүн
Баш тартпаган
Баатырлыкта дамасы бар.
Ак тасмадай чоюлган
Көзү оттуу,
Өзү шоттуу
Айдаркан анын атын
Көкчө койгон.
Айбатын аңдап,
Сыпатын көргөн.
Адам ичпестен
Карды тойгон.
Кырк жигиттин башчысы
Акылман Алымсейит,
Баатыр Байсейит
Деген эки мыкты
Чоросу бар.

Качан бир жакка
Бастырса,
Алымсейит алдына түшөт.
Байсейит жанында болот.
Айтылган Алымсейитти
Алдына салып,
Кырк жигитти
Кашына алып,
Кыналып Көкала ат минген,
Кызыл чийкил жаш бала
Ал дагы жетип барды.
Атышар душманыңар кайда?
Атым – Көкчө,
Атам – Айдаркан – деп,
Эр Көкчө
Жеке-жеке-жекелеп,
Жекеге чыгып турду.
Жекеге адам чыга албай
Кытайдын күнү куруп
Камалып турду.
Анын арка жагынан
Бу дагы Маңгулдун
Баатыры экен,
Үйшүн деген баатыр
Үстүнө темир кийип,
Маңгулдап ураанын салып,
Бу дагы кошун менен
Келип турду.
Бир жүз он беш
Кишиси бар,
Анын арка жагынан
Үмөт деген

Баатыр келди.
Жайсаңдар жандап,
Бир миң беш жүз кошуну бар.
Алты шаардан келген
Кытайлар
Алды-артынан
Кетпес болуп
Камалып калды.
Күнөс балбан күркүрөп,
Күрсүсүн колуна алып
Дүңгүрөп,
Кулак тунуп
Сегиз миң аскери бар.
Көлдөй жайпап,
Селдей каптап
Бу дагы келип курчап
Тосуп турду.
Ак-Кыянын белесинен
Нескаранын кошуну
Бу келген кошунду көрүп,
Кооп кылып,
Чочуп калды.
Туу-тууга кошулуп,
Жолубуз тосулуп,
Калыптыр го – деп,
Нескарага айта салды.
Бу кайдан келген кошун – деп
Баарысы көрүп
Чочуп калды.
Кашында атасы Жакып
Өзү он үч жарым жашта,
Башында сыймык
Дөөлөт кушу бар,
Кашында кабыландын
Алты жүз аскери бар.
Ак-Кыянын белин,
Анык келер жолун
Алдын тосуп алып,
Айгайды арбын салып,
Баатырың Манас
Тосуп калды.
Канбас деген жерден
Кара-Жой деген талаадан
Калмак менен кытайдын
Как ортосунан
Канча мыкты болсоң да
Түк куткарбаймын – деп,
Манас сөзүн урду.
Байкап карап турду
Ал аңгыча болбоду.

Кытай жактын
Сөзүн аңда.
Аты – Даңдаң
Артык балбан,
Урушканды
Солойтуп салган,
Уларбоз деген
Атын ойнотуп
Устундай найза
Колуна алган.
Найзанын учуна
Кара болоттон улаткан,
Качырган жоону

Капшыра сайып
Сулатып салган.
Урган жоону
Узунунан кулатып салган.
Казандай болгон
Чоң күрсүнү
Колуна кошо
Кармап алган.
Алды-артына карабай,
Качырып кирип калды.
Ага беттеп
Күнөс балбан барды.
Күнөс күркүрөп барды.
Көргөндүн бою
Дүркүрөп калды.
Найзаларын имерип
Мелтиретип жиберип,
Атка камчы салды.
Адамдар айран калды.
Ээрдин кашы,
Эт жүрөктүн башы – деп,
Кабыландар кагышып
Калды. Качырып,
Найза салышып,
Төшкө найза так этип,
Чарайнага чак этип калды.
Найзаларын урду.
Тирешип карап турду,
Найзадан арга болбогон соң
Күрсүсүн күүлөп алып,
Күркүрөшүп чабышып калды.
Чагылгандай от чыгып
Жаркыны асманга жабышты.
Күркүрөшүп шердей болуп
Бирин бири
Жакасынан алышты.
Ажыдаардай арбашып калды.
Эки балбан кармашып калды.
Мындан айла табалбай
Эми эңишүүгө барды.
Экөө тирешкенде
Минген аттары
Бакайынан жерге батты.
Каарын бойго салып
Капастыктын балбаны,
Кайран Күнөстү
Аттан жулуп алды.
Адамдар айран калды.
Күнөстү айландырып келип
Жерге урду.
Күнөс өлдү.
Калк көрдү.
Ошол Күнөс өлгөн жер,
Күнөс деп аталып калды.
Жана кытайдан
Уларбоз деген атын минип
Дуңдуң деген баатыр
Мактанып чыкты.
«Коён баатырыңарды
Сойдум, кыргызды
Каран койдум
Кайраттуу мыктыңарды сойдум.
Калмакты каран койдум.
Өзүм Дуңдуң деген

Баатырмын,
Өнөрүм толуп жатат
Кара жаныңардан
Кечкениңер
Мага келип катылгыла.
Ким эрмин десе
Анын эсебин табам,
Ажалың жеткениңер
чыгыңар!» – деп
Айгайды Дуңдуң салып турду.
Аны көрүп
Айдаркандын баласы Көкчө
Бата алып жөнөп калды.
Анда Айдаркан
Көкчөнү кармап токтотту.
«Кой, балам,
Менин кара көзүмдү
Оюп таштайсың.
Бул каргашалуу
Капырдын чарасын
Өзүм табам.
Азыр жашсың
Баятадан айтсаң
Эсиң болсо тилимди ал». –
Айдаркан айтып салды.
Көкчө тилин алды.
Баланын кайратына
Калк кубанып калды.
Барган бойдон
Айдаркан баатыр
Бет алып барып калды.
Кара кызыл ат минип,
Камка менен тыштаган
Ак бадана күрөөкө кийип,
Сыр найза тышы болот
Мелтиретип сунуп,
Качырып кирди.
Айдаркан кас канат тарткан
Түлкү уулу
Сакта кудай – деп,
Салабат айтып
Карап турду.
Даңдаңдагы найзаны
Айдаркан баатырга
Жиберип калды.
Жакын жеткенде
Даңдаңдын найзасын
Башынан алыс кагып жиберди.
Өз найзасын
Келтире оозго сайды.
Даңдаңды сайды,
Чалкасынан салды.
Бир урганда
Даңдаңдын ишин
Бүтүрүп чыкты.
Басташып келген
Нескара заңталактын баатыры өлдү.
Жана кытайдан
Даңдаң деген бир балбан чыкты.
Айдарканга бет алып,
Айдаркан бого
Беттеше албай
Өз элинин ичине кирди.
Муну көрө салып

Эр Манас айгайды салып
Качырып чыгып калды.
Бай Жакып – деп
Өз атасынын атын
Ураан кылып чыкты.
Желекти желге уруп,
«Жеке-жеке-жеке!» – деп чыкты.
Жеткен жерде
Тебетейдей учуруп
Көөдөнү жерге
Жанчып өттү.
Аркасынан жана
Бир баатыр чыкты.
Кытайдан Заңшоо деген
Таталап ураан чакырып чыкты.
Аккула менен
Качырып Манас баатыр
Аны да бир урганда
Жайлап таштады.
Анын арка жагынан
Кытайдан Шаңмузар деген
Баатыр чыкты.
Шалтаң деген
Аты бар,
Өзү мыкты
Айбаты шаңы башкача
Шалтаңга камчы салды.
Качырып чыгып калды.
Алеңгир жаа
Сыр жебени
Кол огу менен
Колуна алып
Шаңмузар Манаска
Беттешип калды.
Жакын жеткен жерде
Манаска кол ок
Жумшап салды.
Манастын башынан
Кол ок алыс кетти.
Жана саадакка
Ок алганча
Айсал-буйсал кылбастан
Аңтара салып
Жайлап таштап өттү.
Бала Манастын
Баатырлыгы эмей эмне,
Бала туруп чочубай
Башын кесип өттү.
Шамурзаны жайлап,
Шалтаң деген атын алып
Атасы Бай Жакыпка барды.
Атамдын батасын алайын – деп.
«Муну алып,
Батаңызды бериңиз, ата!» – деп.
Бай Жакып кубанып кетип
Колун жайып
«Жалгыз туума
Жарыксың.
Жалгыз туруп,
Сан колго
Тартынбастан бардың.
Туйгундугуңду
Балам билдим.
Акыры душмандан

Кегимди алып берерсиң.
Кытайга кыргын салып жүр,
Кыргызды аман алып жүр.
Манжуунун башын талкалап,
Баарына кыраан чалып жүр.
Арманым жок дүйнөдө
Аман-эсен карып жүр!» –
Деп батасын берип
Бай Жакып аттанып,
Кубанып калды.
Атасынан бата алып
Жана эр Манас
Майданга барды.
Аны көрүп кытайлар
Арданып калды.
Атпай кытай
Аттанып
Аламан
Чабуул коюп калды.
Нескара баш болуп
Бого турбастан
Бала Манас:
«Атаңдын көрү капыр,
Сакалы жок такыр,
Бого салайын заман акыр!» – деп,
Кула атка камчы салып
Куршугу келип
Качырып чыгып калды.
Аскердин ичинен
Манас өзү
Тааныбайбы,
Аксакалдуу бир адам
Манастын алдына түшүп,
Кошо жөнөп калды.
Майданды кабат салды.
Капыр Нескаранын
Кадимден азгырып жүргөн
Элүү төрт дөөсү бар,
Алтымыш ажына жини бар.
Арбак урган
Бул эшекте
Ар өнөрдүн баары бар.
Азирети Кызыр пайгамбар,
Жанында жүрөт,
Дагы бар.
Кызыр Манаска айтты:
Жин шайтан болуп сүйлөгөн
Чабдар аты
Тил катты.
Аскерден кошо чыккан
Ак селделүү адам
Алданын амири менен
Арбын жаш жашап жүргөн
Азирет Кызыр экен.
Кызыр Манаска келип
Нескара бошко калды.
Бул алдына түшкөн
Аксакал
Алда кандай адам – деп,
Манас айран-таң калды.
Бетпактар бу жерге
Турбагын – деп
Кызыр бир дем салды.
Жин-шайтан

Кырк күндүк жерге
Учуп түшүп калды.
Баатырсынган Нескара
Баарынан айрылып калды.
Барган сайын эр Манас
Айгайды арбын салды.
Айбаттанып алды.
Манас качырып кирди.
Кытайды сүрдү.
Аскери маш
Айдаркан баатыр баш болуп,
Айтып сөзүн,
Көрсөтүп өзүн,
Аталаш алач
Баатыры баш Манас,
Арбак урган кытай
Сен бизге
Эбиң менен жанаш.
Айдаркан баатыр
Бу да качырып кирди.
Нескарага бет алып
Айдаркандын аскери
Бүтүн түрк
Бир четтен кирип,
Бу да бүлүктү салды.
Арстан Манас
Айгайды салды,
Кытайдын пешин алды.
«Уругум алач,
Атам – Жакып,
Атым – Манас.
Алышар болсоң
Элимди эңшерип,
Желиңди бошотуп,
Жериңди олжого алып,
Дениңди кесип,
Калкыңды карайлатып,
Баркыңды кетирип,
Калмак,кытайыңды алып
Сага заарымды салам.
Чаңшо деген шаарыңды алам.
Каарымды төгүп
Калкыңды бөлүп алам», –
деп эр Манас
Найзаны колго алды.
Нээти казат – деп
Алдына түшүп барды.
Кызырдан жардам болуп,
Кырк чилтен келип калды.
Манастын иши жөнөп
Кырк чилтен
Өнөр көрсөтүп калды.
Бири – эр, бири – баатыр.
Ар бири арстан,
Кабылан болуп
Кашынан аскер чыгып калды.
Кайыңдынын түсүндө
Казат согушу болуп
Жетимиш кулач ажыдаар
Ышкырып сойлоп,
Илеп тартып,
Бу дагы айбатын салды.
Алп кара куш үстүндө
Айланып учуп жүрөт,

Бу дагы Манаска
Жардам кылып
Казат үчүн
Келип жолдош болду.
Аскери каркап толду.
Жолдогон пири келип
Кол болду.
Жолунда тоскоолу жок
Тоо-таштын баарысы
Жол болду.
Бул кезде
Манас качырганын
Куткаргандай эмес.
Катылган аман
Калгыдай эмес.
Жүзүндө ажыдаардын
Түгү болду.
Беттешер Нескаранын
Бети барбы.
Уялбай урушар,
Көтү барбы.
Аккула атка камчы салып,
Чарк айланып,
Өз колун Нескара
Алып качып калды.
Арстан Манас баатыр
Артынан түшүп
Кууп калды.
Чабдар аты
Учурган жини бар экен,
Шайтандар учуруп
Алты миңдей кошунун
Алты айланта кубалады.
Чарчабаган мал экен,
Чабдар ат жеткирбеди.
Ээн талаа чөл,
Карап турган көп эл,
Кутулууга Нескара
Качып жүрөт,
Жетемин – деп,
Аккула менен
Арстан Манас
Кыжырданып
Кууп жүрөт.
Кыжыры кайнап
Көзү өрттөй кызарып жайнап,
Айгайды салып
Артынан кууп жүрөт.
Ошончо колдун башы
Ошо кезде Нескара
Он тогуз жашта экен.
Өзү Маңгүбөнүн
Кытайынан экен.
Түбүнөн бери
Түрк балдарына
Кас экен.
Качып жүрүп
Нескара
Калкына арман,
Муң айтат:
«Кабылан жолго
Жаткан экен.
Катылар жоого катылбай,
Кадимим каткан экен.

Жолборс жолго
Жаткан экен.
Жолугар жоого жолукпай
Жолум таштай
Каткан экен», –
деп бул сөздү айтып
Буркурап коркуп
Нескара айтып жүрөт.
Ал аңгыча
Баякы маңгулдун
Колго түшкөн
Кыз-келини
Манастын кууганын көрүп,
Нескаранын качканын көрүп,
«Айрөк-айрөк-айрөк!» – деп
Кор болуп качып жүргөн
Нескаранын жолун тосуп чыкты.
Балага бата берип,
Нескарага каргыш берип
Азаптан кутулат экенбиз – деп
Кубанып калды.
Эми качып жүрүп,
Нескара айтат
Калкына карап:
«Мен кара жандан
Түңүлүп калдым.
Калган журтум
Аман болуңар,
Менин бу жерде
Турганым эп эмес,
Манас мени
Куткаруучу эмес.
Мен качкан бойдон
Каканчынга кирип кетем,
Кош, аман болуңар!» – деп,
Чабдарга камчы салды.
Каканга качып калды.
Аркасынан эр Манас
Аккула менен каргытып
Көсөмдүгү кармап калды.
Көтөрүп найза салды.
Кемердин чети,
Далынын бети,
Өпкөнүн тушуна
Өлчөөсү ушу – деп,
Чабдар чамынып
Чуркап калды.
Аккула өксүп калды.
Найза Нескарага
Аныктап батпай калды.
Энтелеп качып,
Нескара шашып,
Ээрден көчүгү
Кынтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Сайып саларда,
Манас аларда,
Кайыңдынын бетинен
Аркасынан найза
Жеп алып,
Далысы бүгүлүп,
Жандан түңүлүп,
Бөлүнгөн бөксө
Жол менен

Нескара качып калды.
Кайыңдынын бетинен
Четиндинин черин аралап,
Адырмакка салды.
Аянбай качып калды.
Чабдар ат закымдап барат.
Аккула менен
Эр Манас
Жакындап барат.
Өргө салса,
Аккуланы
Өксүтүп кетет.
Ылдый качса
Кабыланың
Качырып жетет.
Абыдан күчкө толуп,
Казатка минер
Боло элек эмеспи,
Жаштык кылып калат.
Чабдар ат өзгөчө
Күлүк мал экен,
Булуттуу көктүн
Асты менен
Буркурап Нескара
Качып калды.
Жер түбүнө
Жетсе дагы,
Бээжин турсун,
Көйкаптын тоосуна
Кетсе дагы,
Же муну өлтүрбөй,
Же өзүм өлбөй,
Уялбай кантип кетем – деп,
Аккула менен каргытып
Артынан Манас
Кууп калды.
Белге жакын барганда
Безилдетип,
Туучунак менен
Бай Жакып жетип,
Баласын кармап калды.
Чылбырынан коштоп алды.
Манас чыңырып жүрөт,
Артына карай жулунуп жүрөт.
Бай Жакып баласын коштоп алды,
Алган бойдон
Колуна барды.
Эми Нескаранын кошуну
Айланасы кол
Шору арбыган.
Зору Нескара качкан.
Башында Басаңкул өлгөн.
Менменсип барган
Баатыры балбан
Улугунун баары өлгөн.
Көзү тунарып,
Жан соогалап,
Буркурап ыйлап,
Нескаранын кошуну
Төрт жүз отуз
Сарт экен.
Калганы калмак,
Кытай экен.
«Багындык, келдик,

Башыбызды бердик», – деп
Чуркурап,
Эки колун төбөсүнө алып
Манаска келди.
Баякы Жайсаңбайдын
Жылкысы тууралуу
Калабалуу болуп,
Кармалган кыз-келинди
Үйшүн,Үмөткө
Тапшырып,
Бошотуп ийди.
Жесирин колуна алды,
Жыргап-куунап калды.
Манас баатыр
Үйшүн,Үмөт
Жайсаңын
Кашына чакырып алды.
Нескаранын кошуну
Талап алган малын,
Кайтарып колуна салды.
Малын-мүлкүн
Алгандан кийин
Үйшүн,Үмөт
Эл эскирткен,
Эр деп калк эскирткен
Кары – деп
Бай Жакып
Эр Айдаркандын
Алдына барды.
Ажыраткан олжоңор
Бул экен – деп
Алдына салды.
«Аксакалдарыңар алыңар!» –
деп айтып тура калды.
Анда Манас айтат:
«Ал сөз эмес ко,
Сен бүлүнгөн адам болсоң,
Биз бүлүнбөгөн болсок
Сен малыңы талатып
Талаанга түшкөн
Эр болсоң,
Бул малды аксакал
Алса оңобу?
Алган менен
Жолу болобу.
Мүлкүңдү өзүң ал,
Күлкүңдү чыгар.
Бул мүлк турсун
Кечээки алдырган
Он миң жылкыңдын
Кеми болсо,
Төлөп берем.
Керегиң болсо,
Менден алып тур.
Кечикпей келип
Кеп-кеңешти кылып тур.
Жайсаңдарым
Үйүңөргө
Жайланышып барып тур.
Жесирин колуна берди.
Маңгулду жолуна салды.
Байкап кабар ал
Манаска кулак сал.
Бейбашты тыйып,

Элин жыйып,
Кебин айтып,
Кеңешин кылып,
Келген чоңдорго
Манас кеп баштап калды:
«Аяк-башты жыйып,
Аккан жашты тыйып,
Акыры конор конушка
Акыл-максат кылсак
Кандай?
Менин оюмча,
Көпчүлүк сага
Кеп айтам.
Баш кошуп
Конор конуштун
Жөнү тууралуу.
Аягы Үч-Арал,
Тарпа, кытай кыңгырдан
Тартып,
Алтыбайдын Тармал-Саз
Аякөздүн Керме-Саз,
Капталың Кара-Кум болсо,
Кабарлашып жоо келсе
Жердээр жериңер
Бу болсо,
Кандай?
Марал-Кечүү,
Оргун арасында
Аңырты,
Кажырты,
Кара Эмилди
Как ушуну
Жердебесеңер кандай?
Эби келсе ушу
Жерди жердебесеңер,
Карсылдашып жоо келсе,
Бир улак бербесеңер,
Эсенкан эми
Соо турбайт.
Бизди соо койбойт.
Эл деп ойлобойт,
Көптүгүнө салат.
Тынчыбызды алат.
Ага чейин Алладан
Амир болсо,
Бекемденип калсак.
Мунун Алты шаарын алсак,
Акыры биз дагы тим турбай
Алеңгирди салсак», – деп
Манас баатыр
Карыларга карата
Бул сөздү айтып калды.
Манастын сөзүнө
Калк айран калды.
Бул Манаста дагы
Бир сөз бар чыгар – деп,
Көпчүлүк айта салды.
«Токто балам,
«Алла-Алла-Алла! Кудай!» –
Деген бир шумдуктуу
Сөзүң бар.
Ал эмне деген сөзүң?
Ошонун жөнүн угалычы,
Анан эмне кылсаң

Биз байланылуу турдук ко.
Кыл дегениңди кылдык ко», – деп
Көпчүлүк сурап калды.
Анда Манас айтат:
«Ай, калайык,
Береги Тозоңдуунун башында
Мына, Чөкө бала кашымда,
Тогуз жашта элем.
Козу кайтар балам – деп,
Атам Жакып
Ошпур байга алып барып берген.
Ошпур бай
Конушу шай,
Бери болгондо,
Беш жүз козусу бар экен.
«Балам, козуну
От жерге жайгын!» – деп
Алдыма козусун
Салып берди.
Чөкөбайды
Жаныма кошуп берди.
Козуну айдап алдым,
Алдыма салдым,
Айылдан алыс бардым.
Ал аңгыча болбоду
Кулагы чунайган,
Куйругу чубалган,
Көк жал жүнү бар
Көз боочудай
Келип эле,
Бир ит өңдөнгөн көк неме
Козуну көтөрүп алып качты,
Көрүп турдум.
Кылчайбастан
Кырдан нары ашты.
Кыйкырсам менден качты.
Мен Чөкөбайдан сурадым
«Бул эмне деген?» – деп,
Чөкөбай мага айтты:
«Мунун аты бөрү,
Тим койсок,
Бу козуну жеп
Кете берет.
Бу козуну бөөдө жедирип,
Өлтүрбөйлүк,
Бай Жакыптын малы
эмеспи», – деди.
Чөкөнүн сөзүн эп көрүп,
Козунун дартынан,
Бөрүнүн артынан
Кууп барсам,
Бир үңкүрдө
Кырк киши олтурат.
Козум анда маарап
Байланып турат.
Анда кырк киши
Мага айтты:
«Жараткандын
Амири жалган эмес.
Сиз жакшы келдиңиз,
Биз жараткан кудайдын
Амирин кылып жүрөбүз.
Сени Кызыр бабаңыз
Издеп жүрөт.

Кырк чилтен деген
Биз болобуз.
Сенин атың Манас
Кыраан болдуң,
Эми Кудайдын
Амирине түш.
Кыл дегенин кыл.
Сени жараткан
Кудайың бар,
Башыңа келген
Бакты-дөөлөтүң бар,
Кудайды жат кылар кезиң
Ушул кез.
Балалык кылбай
Сөзүмдү угуп,
Кудайды бир деп бил.
Кудайды туудурган атасы жок,
Аминде катасы жок.
Андан тууган
Баласы жок.
Аминде чара жок.
Кудурет деген
Сыпаты бар,
Мунун атагы «күч»
Деген сөз,
Кудурети күчтүү
Кудайдан башыңды бурбай,
Кылчаң кылба,
Амирине түшкүн», – деди.
Асманды, жерди
Айды, Күндү
Жараткан Кудай,
Адамдын уругун
Бир адамдан тараткан Кудай
Кудурет күчүн
Көрсөтүп,
Куп жараткан
Бир ургаачы,
Бир эркек
Куп жараткан.
Жети кабат
Жер жараткан.
Жердин алдын
Көл жараткан.
Жердин үстүн толтуруп,
Эл жараткан.
Алты кабат
Асманды, суу жараткан.
Сууну тосуп турууга
Буу жараткан.
Устуну жок,
Тиреги жок,
Көк жараткан.
Айбан малдар
Жесин – деп
Чөп жараткан.
Тайпа кылып
Ар түрдүү
Эл жараткан.
Мунун баарын
Жараткан
Кудурет күчтүн
Парманы.
Кудурет күчү болбосо,

Жаратууга
Кимдин дарманы келет.
Сени жараткан
Кудайың бир,
Бирдигин бил сен! – деди.
Сени кудурет сактаса,
Сага ким жамандык кылат?» – деди.
Анан келме-шаадат
Үйрөтүп,
Кырк чилтен
Мусулман кылды.
Кырк чилтенден үйрөнүп,
Таалим алдым,
«Калганын азирети кызырдан
Таалим аласың», – деди.
Кырк чилтен айтканы
Көзүмө көрүнүп,
Көңүлүм тарткан.
Экинчи сөзгө жүрбөймүн,
Кырк чилтенден
Башканын сөзүн
Билбеймин.
Кырк чилтендин
Сөзүнө ишенемин.
Түрк балдары,
Сенин түбөлүк диниң
Мусулман.
Алың келсе түрк уулу
Муну эсиңе алып кой.
Көңүлүңө салып кой!» –
деп Манас айтып салды.
Түрк балдары
Кабыл алды.
Шаадат айтып,
Келме айтып,
Манастын алдында
Баарысы чуулап
Мусулман болду.
Нескара качып жоголду.
Манас баатырдын
Иши оңолду.

Эми Манас баатырдан
Жарыя-жардык угуңар,
Жайсаңды талап
Жылкысын алган,
Маңгулду талап
Малын алган,
Кызыл куйрук
Нарын алган.
Кызыл дилде
Зарын алган,
Кыз-катынга катылган,
Бети кара
Капырдан
Аралап ылгап,
Акырет тонун камдап,
Сексен алты кишини
Баатыр Манас
Башын алдырып
Жайлап таштады.
Алардын аты-тонун
Элине бөлүп берди.
Баатыр түрктүн тегине

Байкаңар баатыр Манас
Жардык кылды,
Манастын каарынан коркуп
Ченине адам келбей калды.
Айбаттуу Манастын
Айбатына адам
Чыдай албай калды.
Алты миң үч жүз кол экен
Аттарын олжого алды.
Каныңар качты – деп,
Жаныңар аман калды – деп,
Айдап жолго салды.
Аттарынан айрылып калды.
Журт болуп тынып калды.
Алты шаар бүт бойдон,
Манаска карап калды.
Төрт жүз сарт
Бөлүнүп ыйлап турат.
Капырдын кардыгын
Тарттык,
Кытайдын кыйындыгын көрдүк.
Баатыр Манас угуңуз,
Бул сөзүбүз тегин эмес.
Түп атабыз түрк экен.
Кытайга кул болдук,
Кажылдаган капырга
Карап турабыз.
Кыйшык сөзүбүз жок,
Кыңыр нээтибиз жок», – деп,
Сарттар жүгүнүп турду.
Жанынан түңүлүп турду.
Анда Манас айтат:
«Ай, сарттарым ай,
Биз дагы кытайдын
Колунда кордук
Көрүп жүрдүк.
Түбөлүк түрктүн
Салтына жаңы
Баштап кирдик.
Түбөлүк түрктүн
Тукуму экенин
Эми билдик.
Түрк болсоң,
Түрктөрүм,
Баргын,
Аман-эсен калдың.
Душманга жолдош
Болбой,
Өз жолуңа салгын.
Ал-аңгыча болбой
Кеткенге чыдабай,
Кеткенге ынабай,
Нескаранын кошуну
Булар да жетип барды.
Өлбөй тирүү калганы,
Үч миң алты жүз экен.
Жан соогалап
Баарысы буркурап
Ыйлап турду.
Жанынан түңүлүп турду.
Таазим кылып
Бүгүлүп турду.
Тизесин бүгүп
Кытайча

Жүгүнүп турду.
Муну көрүп Манас
Бери жакын кел,
Атышкан кытай
Сен эмессиңби,
Арстан Манас
Мен эмесминби.
Мен силерди
Кет дебедим беле.
Сөзүм эки эмес,
Аман калдыңар,
Жаныңар олжо,
Менин олжомду
Айып кылбай, аттаныңар!
Аттаныңар да, баарыңар
Алты шаарга барып,
Оокат кылып,
Күн көрүңөр», – деп
Ат-тонун алды.
Буларды айдап
Жолго салды.
Байкаңар Манастын
Мартына!
Баары журт салтына түштү,
Колдон түшкөн ат-тонду
Коромжу кылбай,
Элине бөлүп берди.
Эми муну мындай таштап,
Чабылып чыккан
Маңгулдун сөзүн баштап,
Үйшүн, Үмөт, Жайсаңбайдын
Жайын угуңар,
Маңгулдун баары
Чуру-чуу болуп
Жакып байдын жанына барды.
«Балаң аман жүрсүн!» – деп
Бай Жакыпка айта салды.
«Баландын боосу бек болсун,
Калкка кеп болсун,
Кас санаган душман,
Түбү менен жок болсун!» – деп,
Баарысы чуркурап
Бата берди.
Ошол элдин ичинен
Баякы Күнөс балбандын агасы
Күлдүр жайсаң айтат:
«Өзү чечен, билимдүү
Жайсаң амалы бар,
Калкына кадыры бар,
Мыктынын кужуру болот,
Өзү маңгул,
Сөзү даңгыл,
Кытайдан Чаган деген
Баласы бар,
Буурул түндүн түнүндө
Туулган, жаңы жыл чагандын
Түнүндө туулган.
Аксакалдар кеңешип
Жакшы түнү Чаганда тууду – деп,
Атын Чаган койгон.
Ошол кезде
Чагандын жашы
Он төрткө толгон.
Көпчүлүктүн ичинде

Күлдүр айтат:
«Журт болгондун белгиси
Көз жарып ат бермек болот.
Болжолдуу кылып,
Кеп бермек болот.
Балан дебей, алын-жайын
билдирип,
Ишин өткөрүп
Кызматын көрүп турмак.
Мен болсом
Жанымдагы эрмек кылган
Жалгыз балам
Лаканбай боорумду,
Ачып өпкөн көзүмдү,
Алып көргөн бул баламды
Сага бердим.
Манас балам,
Жолдош кылып ал.
Маңгул баласы,
Биз, эми кытайды унуттук,
Малды,жанды аябай,
Биз бурутка
Тууган болдук», – деп
Күлдүр айтып салды.
Күлдү журттун баарысы
Бул нээти менен айтты – деп
Күлүп калды.
Чаганбай атын жоюп,
Балага Чалыбай – деп
Ат койду.
Манаска чоро болду.
Калың журт
Күүгүм кирип,
Ал жерге конду.
Түн өттү,
Таң атты,
Жалпы эл аман
Журт жалпы турду.
Масылат кеңеш курду.
Алтайлыктан,
Каңгайлыктан
Баарысы барып,
Баатыр Күлдүр
Үмөт, Үйшүн
Башында болду.
Алчын, Үйшүн,
Аргын Каракожо,
Камбаркан баласы
Баатыр Айдаркан бар.
Татардан эр Эштек,
Өзүбектен Кансурбек,
Куртка, Абдылда
Дамбылда бар.
Эштектен эр Жамгырчы,
Эсеттен Көкөтөй,
Шыйбыл чечен,
Баймырза,
Досоттон Көкбөрү,
Байгандын уулу Жүгөрү,
Карыя Кылым,
Жедигерден Багыш,Чегиш
Жеткербийден
Эр Агыш.
Ногойдон Бай, Жакып,

Бердике,
Нойгуттан Акбалта,
Байжигит,
Сарбан таз.
Жалпы журт баш кошушуп,
Кытайдын жайын сүйлөшүп,
Масылатка кирди.
Бул капырдын
Уюп жаткан эли болсо,
Көкө-Бор деген көлү болсо,
Ку-Бай-Чаң-Шу деген,
Чөлү болсо,
Теңир-Бор деген
Көлү дагы бар.
Текшарыш деген чөлү бар,
Карагайлуу талаасы бар,
Каңкуш деген калаасы бар.
Атагы Бээжин,
Муну адам уулу жеңген эмес.
Байкаса баш калаасы
Бакбурчун,
Каканчын,
Кайнап жатат
Чылкый динсиз
Чынмачын жатат.
Толкуп кайнап
Чоң Бээжин жатат.
Кесепет шаар
Кантону бар.
Таңшыт деген
Дагы шаары бар.
Туңша деген
Дагы шаары бар.
Каспаңдын кара
Тоосу турат.
Бизге кастык кылар
Душманыбыз ушул.
Нар жагы Муйтин көлү.
Алтайдын журтунан
Бир адам көргөнүң жок,
Анын баары
Жоо болуп калды.
Алакандай алтайлык
Мындан кантип
Соо калабыз.
Кырылып өлүп калсак,
Бир чуңкурга толмокко,
Жыйылып тирүү болсок,
Бир дөбөдө болмокко,
Бир бата кылып коюңар.
Ак жолго кирип
Анда бата билген эмес,
«Мөндү-мөндү-мөндү!» – деп
Эки колун төбөгө алды,
Эсине кудай салды.
Эр Манас тура калды.
«Башыңа колуңду алдың,
Ал баштагы шертиң.
«Ушундан чаңганыбызды
Кудай уруп кетсин!» – деп,
Мага угузуп коюңарчы!» – деп Манас
айта салды.
Кудай уруп кетсин – деп
Калк чуркурап калды.

Журт антты-шертти кылды.
Кеп-кеңеш иш тынды.
Ушу Манас кандай бала – деп
Журт Манастын
Жайын байкап калды.
Уруксат болсо
Кайтсак – деп,
Бет-бетинен туруп,
Жай-жайына кайтты.
Казак Айдаркан
Алты миң колу менен
Чынжыр жолго салды.
Бу да жөнөп калды.
Бая чаптырган
Маңгулдарга Манас айтат:
«Эми барыңар.
Үй-жайыңарды,
Калган малыңарды,
Катын,балаңарды,
Калган ага-иниңерди
Барып жыйнап алып,
Мага ыраазы болуңар», – деп.
Алдырган малын
Колун салып берип,
Жесирлерин алып,
Алты миң аскери
Менен кайнап,
Жадырап,
Аңкира жолуна
Салып
Маңгул жөнөп калды.
«Туйгун Манас
Эр эмес бекен,
Түрк баласы
Эл эмес бекен!
Түрк менен
Түбөлүк тууган болуп
Калдык», – деп,
Манасты мактап
Маңгулдар кетти.
Арадан алты ай өттү.
Он төрткө Манас жетти.

9-бөлүм

АЙКОЖО МАНАСТЫ ИЗДЕП КЕЛИП, ТАЛААДАН ЖОЛУГУП МУСУЛМАН КЫЛЫП, АК КЕЛТЕ МЕНЕН АЧ АЛБАРСТЫ БЕРГЕНИ

Байкап кулак салыңар,
Баарыңар угуп алыңар.
Бала чакта эр Манас
Бата кылган каныңар.
Манас он төрт жашка келди,
Башына дөөлөт кушу конду.
Үйдөн чыгып,
Үч-Аралга куш салып,
Суук душман бар бекен – деп
Изин чалып,
Бугу, марал төлдөп,
Үйүрүн бузбай
Үч -Аралдын токоюн жердеп,
Эсепсиз аң кийиги
Арбыган кези экен.
Жолдошторун
Бет-бетинен таратып,
Бугу,марал каратып
Экиден, бирден бөлүнүп,
Жолдоштору тарап кетти.
Элким калды,
Эр Манас жолго салды.
Эмилдин шар суусунун
Боюна келди.
Ал аңгыча жолунан
Бир канча
Адамдар ага келди.
Бул кайдан келген адам – деп
Манас көзүн салды.
Кырк, элүүдөй төөсү бар,
Алдында минген аты бар,
Заты адамдан башкача.
Аргымак аты бар,
Тепейген көк кепичи бар,
Колдорунда тизип алган
Мончоктору бар,
Баштарына ак чүпөрөктөн
Чалып алган.
Артык жүргөн малдары бар,
Алты төөгө жүктөгөн,
Аппак кылган нандары бар.
Келген жерге түштү.

Эмилдин суусунун боюна
Кошун түшүрдү.
Дал төргө нан жайды
Даңканга чайын койду,
Чогулуп алып
Сууну көздөй барды.
Ычкырын чечип,
Ыштанын шыпырып,
Көттөрүн жууп алды.
Бу көттөрүн
Несине жууйт – деп,
Манас айран калды.
Анан колун жууду
Оозу-мурдун чайкап
Анан жүзүн жууду.
Анан чыканагына чейин түрүп
Эки билектерин жууду.
Ар жерин жууганда
Эсебинен жаңылбайт,
Үчтөн жууйт. Артында
Колуна суу алып,
Башына сыйпады.
Буга Манас
Таң калып, кашында
Карап турду.
Ал аңгыча болбоду
Ичинен бирөө чыга калып,
Илгери барып,
Кулагын бекем
Кармап алып,
Күн батар жакты карап
Айкырыкты салды.
Ага да Манас
Айран-таң калды.
«Алло акбар!» – деп айтат.
Бир айтпастан
Көп айтат.
Айкырыктын соңунан
Баары катар турду,
Кулакка колун урду.
Эки колун боорuна алып,
Баарысы жерди карап калды.
Анан баары
Тегиз эңкейип калды.
Эңкейсе көтү
Деңкейип калды.
Тике тура калып
Башын жерге салды,
Жер кучактап калды.
Күн батышты карап
Күбүрөшүп калды.
Эки жагын карап
Элеңдешип алды.
Алаканын жайып
Күбүрөшүп
Бетин сыйпашып алды.
Арт жагынан
Мурун бирөө
Кымсынган, кысынган менен
Жатык тил менен
Дагы сөзгө кирди.
Сөзүн айтып болгон соң
Алаканын текши жайды,
Колун жайып,

Бир далайга
Кобурашып калды.
«Алло акбар!» – деп
Беттерин сыйпап алды.
Башында бата кылганды
Көргөн эмес.
Батасына Манас
Айран-таң калды.
Жай-жайына отуруп
Чай ичүүгө камынышып калды.
Тамакка кирди.
Манас жанына
Бастырып барды.
Булардан Манас
Сөз сурап калды:
«Силер кандай адамсыңар?
Жериңер кай жерде болот?
Элиңер кай жерде болот?
Кай тараптан келдиңер?
Түрүңөр башкача көрүнөт
Жүгүңөр бар.
Салтыңар башка жайдан
Келген адамдар көрүнөт.
Мен сөз сурамакка
Кашыңарга келдим,
Баарың катар турдуң,
Башыңды жерге урдуң.
Колуңарды көтөрдүңөр,
Көргөн-билген
Жол-жобоңорду
Мага баянын айтып
Бериңерчи!
Сонун салт экен,
Мен угайын», – деди.
Бузурук сөзүн уга салды.
Манасты байкап алды.
Байгамбар айткан
Башарат,
Бул баладан
Чыкты – деп,
Балам бери түшкүн – деп
Манасты чакырып алды.
Манас аттан түшүп,
Алдына басып барды.
Бузурук Манастан
Сөз сурап калды.
«Балам, атаңдын аты ким?
Аты-тегиң ким?
Өзүңдүн атың ким?
Айтчы, балам!?» – деп,
Анда Манас айтат:
«Түп атам Түрк,
Башкы атам Байкур алач,
Асылым кыргыз,
Өзүмдүн атым – Манас
Атамдын аты – Жакып
Азыр ал
Алтайдын тоосун таянып
Малын багып,
Оокат кылып турат.
Түпкүлүктүү жерибиз
Түркстан болот.
Түрк деген эл болобуз,
Азыр бу кезде

Атагыбызды
Алач кыргыз дейт», –
деп Манас айтып өттү.
Айкожо: «Бузурук,
Издеген жогумду
Таптым», – деп кубанып,
Жолдошторуна айтып
Күлүп калды.
«Баланын сөзү келди.
Кыран болор кези келди.
Кудай айдап өзү келди.
Ээ, балам,
Түрк экен элиң,
Түркстан экен жериң
Түбүнөн түрүп айтсам
Түгөнбөйт сага кебим.
Беш жүз элүү жыл болду,
Мен Манас сени
Издегениме,
Ак пайгамбар берген
Менде аманатың бар,
Балам аманатыңды ал.
Өзүңдү ак динге сал.
Мусулман аз,
Душманың көп.
Башы Бээжин,
Кумул,
Аягы Кырым, Урум.
Сол жагы чөлдүн кара куму
Күн жүрүш жагы
Камас тоо,
Ушунун баары
Биздин жообуз болот.
Динге сала элекпиз,
Биз издеген сиз,
Ак динге түш.
Мурунку жалган диниңден
Күдөрүңдү үз.
Мурунку диниң жалган,
Шайтан айдап
Бадир динге салган.
Бир кудайдын
Бирдигин билген,
Көрбөй туруп ынанып,
Көңүлдүн кара кирин кетир.
Кудайды мындай деп бил.
Аллада ката жок,
Туудурган ата жок,
Тууган энеси жок,
Жараткан бир кудай
Бого тең келишер
Эч бир нерсе жок.
Өкүмүнө чара болбойт,
Өзүнөн башка даана болбойт.
Өзү паранда бала болбойт,
Өзгө тууган урук болбойт.
Өзүнөн бөлөк
Улук болбойт.
Кулак, мурун, көзүңдү
Ооз, тил, колу, бутуңду
Жараткан кудай өзү.
Жалган эмес сөзү.
Бул сөздү бекем тутуп
Кудайдын барлыгын

Кудурет, күчүнүн чоңдугун билгин.
Асмандан чыккан Айдан,
Жараткан ысык жайдан,
Караңгы зулмат түндөн,
Кайнаган ысык күндөн,
Каары катуу кыштан,
Канаттуу учкан куштан,
Бир-бирине окшобогон иштен
Дарыя аккан сайдан,
Көз жетпеген көлдөн,
Чөп чыкпаган чөлдөн,
Күркүрөп жааган күндөн,
Этиңен чыккан жүндөн,
Сүйлөп турган тилден,
Сөөктөн чыккан эттен,
Ооздон чыккан кептен,
Суудан чыккан оттон,
Ажалга тийген октон,
Жаратканы сонун жайдан,
Жайы-кышы он эки ай
Бузулбаган айдан бил.
Муну бир жараткан
Ээси бар экен – деп,
Кудурет күчүн
Андан бил.
Кудайдын бардыгын
Өкүмү экөө болбойт,
Ката дебегин.
Жардыгын жан чын – деп
Ишенип билгин.
Пайгамбардын бардыгын,
Жана периште
Деген бар муккарав», –
деп Айкожо айтып калды.
Манас байкап алды.
Айкожого Манас айтат:
«Баянын айтчы мага
Пайгамбар деген
Немине болот?
Ишенейин ага.
Айтып турган сага.
Адамбы,
Же башка жанбы?
Суубу, ташпы
Же жыгачпы?
Бөлөк түрлүү жанбы?
Ал Алланын
Кандай бендеси.
Анын салты кандай болот?»
Манас сурап калды.
Айкожо айта салды:
«Ал бир адам
Алланын бендеси.
Бенделерине
Жиберген жол башчы,
Кабарчысы
Адамдай башы
Адамдай көзү
Беш жүз элүү жашка чыктым,
Пайгамбардын
Авлады болом,
Асылым Мекке
Араптан болом.
Ашымдын ургу

Азирет Аалынын
Тукумунан болом.
Түп атам Абдылманап,
Анын уулу Ашым,
Анын уулу Абдулмуталып
Анын уулу Абдылда,
Абуталып.
Абдылданын уулу
Мукамбет.
Абуталыптын уулу
Аалы Шаймерден.
Бу дагы
Арстан баатыр болгон.
Баатырлык тууралуу
Көп душмандарды жеңилткен.
Дулдул деген
Аты болгон.
Зулпукор деген
Кылычы болгон.
Азыр бу тапта
Менин кырк жаштагы
Кишидей кыял менен
Мүнөзү бар.
Нуру күндө балкып,
Сакал-муруту
Көөхар таштай балкып,
Ыйман нуру жүзүндө.
Шамчырак көзүнөн чыгып
Сөзү муңайым
Аты Асангазы,
Ак пайгамбар
Мустапанын нак өзүнөн
Бата алган Айкожо
Деп атанган.
Жылын санап тактап
Пайгамбардын аманатын
Манаска сактап,
Балам – деп
Пайгамбар мактап,
Балам сен үчүн
Аманат берген.
Азыр менден
Бул аманатыңды ал.
Сен ысламга түркүк болдуң,
Жолуң ачык шар болду.
Башы Кумул, Кайбар,
Аягы Урум, Кайсар
Бүтүн Түркстанга
Кан болдуң.
Кебимди айтып,
Аманатыңды тапшырып,
Өз жериме кайтайын.
Жерибиз Медина, Мекке.
Элибиз атактуу арап,
Динибиз ислам,
Келген жумушум Аманат.
Ислам динге кирип
Алданын амирин бил.
Атам Аалы
Казат кылып,
Капырдан канчаны
Мусулман кылып
Жолго салган.
Сен дагы

Мусулман болдуң.
Аалыдан ибирет ал,
Беш жүз
Элүү жашадым,
Пайгамбардын дубасынын
Шарапаты сага сактаган,
Аманаттын кубаты үчүн,
Балам Манас,
Казатка кайраттанып кир.
Казат деген чоң болот,
Мукамбеттин атасы
Абдылда өзү
Мажуси дининде болуп,
Ар жылда алда канча
Бут жасап
Сатып турган.
Акыр заман пайгамбары – деп
Андан туулган Мукамбет
Мустапа,
Адамга ата булун деген.
Эсеп эмес,
Билим керек,
Илим керек,
Ыйман керек,
Мукамбет бүтүн куранды
Көңүлүнө жат алган.
Ар ишке бел байлаган,
Жебирейил бериште
Алладан кабар алып
Келип турган.
Ар иш болоруна
Бул бериштенин
Улугу болгон», – деп
Айкожо ар түрдүү сөздү айтып
Бейиш менен дозокту
Эсиңе ал.
Кейиш менен
Азапты эсиңе ал.
Ал сөздү Манас билбей
Өз оюнча сүйлөдү.
«Ал кудай менен сүйлөшкөн
Ал периште деген ким
болот?» – деди.
Анда Айкожо айтат:
«Анда балам,
Бериштеде үй жок.
Зайыбы жок,
Напсиси жок,
Текебери жок,
Акылы терең,
Кыямат деп ойлонуп
Өмүр боюнча
Кылар иши зикир.
Адамдан салты башка,
Салтанаттуу, санаттуу болот.
Каркырап учуп жүрөт.
Куштай канаттуу болот.
Периштенин салты
Башка бендеден артык болот.
Кылдай күнөө кылбайт.
Алланын амиринде турат.
Буйруган ишин кылат.
Анда Манас сурап калды Айкожодон:
«Кудайыңа кыямат аксу

төртөө элеби» – деп.
Төртөө эмес көп,
Сандап жаткан сан периште.
Жараткан өзү билбесе,
Эсебине пенде жетпейт.
Анда Манас сурайт:
«Пайгамбарым Мукамбет
Калкын жолго салып,
Капырлар тилин алганбы?
Тил албаганда токмоктоп
Жолго салганбы?»
Айкожо айтат:
«Балам, арап ажан деген
элибиз болгон.
Ислам деген динибиз болгон.
Ак пайгамбардын күйөөсү
Зулпукор, дулдулдун ээси
Азирет Аалы деген
Арстан шерибиз болгон.
Дүнүйөнү бүтүн кыраан чалган,
Тилине кирбегенди,
Жөнүнө жүрбөгөндү,
Шариятка ынабаганды,
Кыйратып кырып салган»,–
деп Айкожо айтты.
«Балам, өкүмүң колдо болсо
Сага үйрөтчү,
Таалим берчү
Улама молдо өзү келет.
Эми жаратканга табынып,
Жаныңдын камын кылгын,
Пайгамбардын сүннөтү болот,
Башыңа селде чалын,
Сөзүңдү байкадым,
Бизден келип сурадың,
Не себептен кыдырата
турдуңар – деп,
Башыңарды жерге урдуңар – деп,
Кыяматта макшар деген күн болот.
Ошондо бизди баштай турган
Пирибиз Кудайдын парызын
Пайгамбардын сүннөтүн окудук.
Байкасам, балам,
Сенин диниң
Батыл дин көрүнөт.
Эми ак динге кир,
Аман бол, балам.
Эми аманатыңды алгын
Бул пайгамбар берген
Курма,
Көзүбүзгө сурма», – деп
Айкожо Манастын оозуна
Түкүрүп койду.
Бул курманы жеген соң,
Бирден медет болсун – деп
Манас силкинип алды.
Мээр-шапкат чачылып,
Курушкан бою
Жазылып калды.
Бала Манастын –
Баатырдын көзү ачылып калды.
Үстү жагын караса
Алды асман,
Аршы-күрсү көрүндү.
Асты жагын караса
Жети кат жер көрүндү.
Бала Манас
Ыракматка көмүлүп,

Чөмүлүп калган соң,
Бакырып ыйлай баштады.
Айкожом туруп
Дем салып
Ыйлаганы басылып,
Бүткөн бою жеңилип калды.
Мен бейлим башка
Жан болдум.
Адамдардан айтканына
киргеним жок,
Канча адамды
Какшатып салдым.
Кыйла жанды
Кырып салдым.
Алла өзүң кечирип
Афуу кылбасаң,
Бала Манас
Афуу кылгын – деп
Ыйлап турду.
Башын көтөрүп
Асманга караса,
Сегиз бейиш көрүндү.
Жерди караса,
Дозоктун оту
Жалындап күйүп
Дүркүрөп турат.
Муну көрүп эр Манас
Коркуп калды.
«Бул дозокко кудурет
Эч пендесин салбасын.
Адам баласынан
Эч бенде калбасын.
Шарият мустапанын
Дини ак экен.
Шайтан айдап дозокко
Бир жан барбасын», – деп
Жаратканга жалынып,
Таң атканча ыйлап,
Акыл-эсин жыйды.
Ал аңгыча
Таң саргайып атты.
Айкожо балага
Келме-шаадат үйрөттү.
Башына парда жапты,
Бар, балам – деп,
Манасты бейишке киргизди.
Манас башын салып
Жаннаттан келген жытына
Жети имерип караймын – деп
Жети күнгө барды.
Көөхар, жакут, бермет
Лаали, зумурат – бейиштин
Үйлөрүнүн баары ушул
Айтылган асыл таштан.
Муну көрүп таң калды.
Жана үр кыздарынан
Бул ааламга бир кыз келсе,
Бүтүн дүйнө жапжарык болгондой.
Күндөн жүзү артык.
Күлсө тиши аппак.
Ай караңгы түн,
Ачылбас туман
Күн болсо дагы
Кайнап жарык болгондой.
Жана жыпары чыкса бейиштен
Адам баласы кейиштен
Бүтүн кутулгандай. Ташы
Көөхар, тамагы мөмө

Бышып турган,
Суулары шекер, бал,
Куштары булбул
Сайрап турган,
Манас бейиштин
Кызыгын көрүп
Акыл-эстен танып,
Жети күн жатып калды.
Айкожом абуузамзам
Суусунан ууртап алып
Манастын бетине
Бүркүп салды.
Кереметтүү парданы бетинен
Тартып алды.
Буга Манас кубанып
Ордунан тура калды.
Майдай балкып,
Ак динге боюн салды.
Эми Айкожо айтат:
«Арстан Манас болдуң,
Кыраан атка кондуң.
Эми пайгамбар берген
Аманат жоо-жарагыңды
Алгын!» – деди.
Мына, мылтык,кылыч,
Ак Пайгамбар
Сага берген
Ак келте деген мылтык,
Ач албарс деген кылыч
Мунун сокконун адам
Көргөн эмес.
Соболуу жерден келген эмес.
Кылганын уста көргөн эмес.
Кылымга мындай
Келген эмес.
Эч адамга пайгамбар
Мындай белек берген эмес.
Жараткандан
Жардам болуп,
Бул жаракты сага берди,
Мен дагы бул жаракты
Кандай уста бүтүрүп,
Кандай келгенин билбеймин.
Акыры күн чыгыштын
Калкы үчүн
Манас сага
Жараткан жарак.
Бул кылыч менен мылтыктын
Өзүндө керемети көп.
Муну жаса–деп пайгамбардын
Сөзү бар.
Мына жарагың,
Алгын – деп,
Күн чыгыштын калкын
Аныk динге салгын – деп,
Пайгамбар берген белегин
Манастын колуна салды.
Мен кепил менен
Кетем – деп,
Айкожо жолго салды.
Эми Манас не кылат,
Сөзүн байкаңар.

10-бөлүм

КЫТАЙДЫН ОН БИР ДӨӨСҮНӨ МАНАСТЫ КАРМАП КЕЛ ДЕГЕНИ. МАНАС БУЛАРДЫН КУЛАК, МУРУНДАРЫН КЕСИП, КАЙТА ТИРҮҮ АЙДАП ЖИБЕРГЕНИ

Сөзгө кулак салыңар,
Сөөлөттүү Манас каныңар
Кандай түрдүү иши бар,
Кабарын угуп алыңар.

Ит агытып, куш салып,
Жети жигит жолдош алып,
Баламдын кеткенине
Он бир күн болду,
Көргөн,билген
Бир да адам жок.
Баласы жоголуп кетип,
Жакыптын санаасы тынбай:
«Бул балага
Не болду?» – деп,
Үч-Аралга чейин барып,
Элден-журттан кабарлап,
Сурап келейинчи.
Туш-тушумдун баары кас эле,
Тууганым аз эле,
Бул шумурай бала
Алыскы жолго салып,
Ала-Көл кетип калган белем,
Караанын көргөн калк бар бекен?
Бекер мынча эмне кечикти?» – деп,
Баласынын шоктугу
Башынан өзүнө маалим.
Туучунакты минип
Тутулуп жолго кирди.
Каралдым кайда жүрөт экен – деп,
Баласын санап,
Эки жагын элең-элең карап,
Баласы көрүнбөдү.
Элден осуп Бай Жакып,
Ат чабым жерге барды.
Асты жагын караса,
Күлүктү минген,
Көпкөк темир кийген,
Колунда найзасы бар,
Белинде кылыч байланган,

Очогор мылтык асынган,
Он бир адам алдынан чыгып калды.
Булар келип
Жакыпты ортого алды.
Кытайлар
Жакыптан кеп сурап калды.
«Түрк уулунда Жакып деген
Өзү жатып байыган
Бир бай бар – дейт,
Манас деген баласы бар – дейт,
Атасы Жакып чал – дейт,
Ошол бай Жакыптын баласы
Манасты билесиңби?
Өзүң да соо чал эмессиң
Чалкайыңкы курсагың чалым
Өзүңдүн атың ким?» –
деп он бири ортого алып,
Жакыпты камап омураңдап
Сөз сурап калды.
Жакып жакшылап жооп айталбай,
Чочуңкурап калды.
Аргасы кетип
Алардан Жакып
Сөз сурап калды.
«Аты-жөнүңөр,
Ата Журтуңар ким болот?
Бай Жакыпты билет экенсиңер,
Кандай түрдө жүргөн
балдарсыңар?
Баласы Манасты
Не себептен сурадыңар?» – деп
Бай Жакып муну айтып,
Мукактанып турду.
«Мурадар бурут,
Атыңды бат айт!» – деп
Булар күчөп сурады.
Жакып коркуп,
Манасты жашырып,
«Бердике деген болом», – деди.
«Кыргыз элибиз,
Алтай жерибиз,
Айлым аз,
Атасы Жакып
Мага кас.
Баласы Манас
Он төрт жашта.
Атасына баласын кошуп айдап,
Байлап, кетсең канаке!» – деп
Жакып айтып салды.
Эми кытайлар сөз сурап калды.
«Жакып бай болсо,
Баласы Манас болсо,
Андан коркпой
Эмне жалгыз жүрөсүң?
Андай болсо
Бай Жакыптын айлына
Бизди баштап баргын.
Бай Жакыпка кылганыбызды
Аныкөрүп алгын.
Мен Жакыпка бара албаймын
Жакып деген ал чалдын
Арасы эки күндүк.
Баласы Манас
Теректи деген жерде болот.

Кышка жакын конуучу
Булар-Суу деген көлү болот.
Балдарым,
Ээрчитип мени
Убара кылбаңар.
Сөзүмдү угуп,
Манаска кылар жумушуңарды
Мага айтып кетиңер!» – деп
Жакып чал жана сурап калды.
Анда Онеки айтат:
«Ой, аксакал,
Жумушубуз оңой эмес,
Бу жерге бекер келгенибиз жок,
Манасты алып кетебиз.
Бу жерге Манас турса
Алтайлыктан түк уруш
басылбайт.
Бирибиз шаар Кумулдан,
Бирибиз Камбылдан,
Бирибиз Нар деген шаардан,
Бирибиз Тарлан деген жерден
Талга кытай деген,
Бирибиз Ындыстандан
Бер жагы Коңшо деген жерден.
Бирибиз Дария Котондун
Суусу бар,
Таң-шу деген көлү бар,
Далба деген элден.
Жана бирибиз
Өзөндүн булак деген элден,
Жана бирибиз Жеркен
Пашаа болгон Бакбурчун.
Бизди Каканчын жиберген.
Алты жыл болду.
Манас баланын
Асти дарегин таппадык.
Кайда экенин
Биле албадык.
Карыям, сөзүбүз ушул» – деди.
Жакыптын жаны күйдү,
Жабыркап турду.
Аларга Жакып айтат:
«Мен бир жалгыз абышка
Алыска бара албайм,
Тетиги башы чыккан
Чоң тоону
Балдарым, көрүп алыңар,
Ошол тоого барсаңар
Бай Жакып деген ошондо болот.
Баласы Манас үйүндө», –
деп кытайды жолго салды.
Балам кандай болот – деп,
Бай Жакып убайымда калды.
Эки жарым ай болгон,
Эрке токол Бакдөөлөт
Эркек тууган.
Бай Жакып бул кезде
Мактанып турган кези.
Балам кантээр экен – деп,
Кайгырып калды.
Баланын даражасын
Бай Жакып түшүндө көргөн.
Кадыр алданын
Ишинде калат болбос – деп,

Кадыры бар бай Жакып
Кайрат кылды.
Кандай заман болот – деп,
Жүрөгү козголуп
Зарлаганым бала эле
Манасты душман алса,
Бакдөөлөт тууган бала
Колумда аман калар – деп,
Чоң сабыр кылды.
Ал баланын тоюна
Дагы арбын мал сойгон.
Атын Абыке койгон.
Чарайнада жаш бала
Жаныма кантип калка болот?
Бешиктеги жаш бала
Белиме кантип таңуу болот?
Бээжиндин журту асылып калды
Белиме таңган Манасты
Мерт таптырбай койбойт.
Каканакта Абыке
Кайрат кылганым болбойт,
Кагылайын Манаска
Какандын журту
Асылып калды.
Кас кылбай
Бого койбойт.
Мен багымдын баарын кыйып,
Малымдын баарын жыйып,
Баламдын жайын кылып,
Мен Түркстан жакка
Орун которуп кетсем
Кандай болот экен» –
деп бай Жакып
Кайтып келди.
Үйүнө бул сөздү айтып келди.
Аксакал Акбалта,
Акылдашы Бердике
Айылынын баарын
Чакырып алды.
Бай Жакып
Кеңеш салды.
Береги кызыл чоктуу кытай
Мага кызыгып алды.
Жакыпка кылабыз – деп
Кеби бүтүп алды.
Береги кара чоктуу
Көп ойрот
Кан Жакып – деп
Мага камданып алды.
Баласын сатып,
Оокатына мал алуучу адам
Бар бекен.
Калк ичинде нелер жок
Малга зарыл
Бечара бар чыгар.
Малга сатып алып
Балама берип,
Бир кудайдын
Жазганын көрүп
Бу каран калган малды
Манаска садага кылып,
Ал баланы Манас – деп
Бергенибиз кандай?» –
деп Бай Жакып басылды.

Жакыпка Бай деген агасы асылды.
«Сөзүң менен куру!
Кантип айттың муну?
Эрди-катын экөөңөр эси жок
Акмак экенсиңер.
Баласын малга кантип берет.
Сенин баландын күнүн
Ким келип көрөт.
Ботосун малга
Кантип берет.
Сенин ботоңдун күнүн
Ким келип көрөт?
Айбандай сөз айтасың,
Бул сөзүңө
Адам көнөр сөзбү,
Азыр келип
Бу жерде чырмап жаткан
Кол болбосо,
Курчап жаткан
Жоо болбосо,
Бул айткан кебиңер кандай?
Эбиңер тайган экен.
Кечээ Нескара деген
Алты миң аскер кол менен келди,
Манас өзүнчө эле
Кыйратып салды.
Жакып жаман экенсиң
Өзүңчө эле кыйнала берген.
Кандай курган киши элең,
Өзүңчө кайгыра берген», – деп
Агасы Бай жактырбай
Кагып таштады.

Аны коюп салыңар,
Манастан кабар алыңар.
Кандай түрдүү сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Үч-Аралга барып,
Талаага конуп,
Айкожого жолугуп,
Атка минип,
Жолдошторун
Аскер кылып алып,
Төрө Манас
Төгөрөккө көзүн салып,
Жан-жагын карап...
Талды-Суу деген өзөндөн
Жолдошторун көрүп алды.
Эки бугу,үч кулжа,
Алты бөрү,он түлкү
Алар атып алган экен.
Баягы Манас
Талып жатканда
Алты конуп калган экен.
Жетинчи күнү аттанып:
«Байкуш бала шумурай
Адашып кетип,
Же айылга кетип
Калдыбы?» – деп
Манасты издеп
Барган экен.
«Аны таштап
Кантип кетебиз үйгө
Береки бийиктен
Эки жагын карайлы», –

Деп ал жерден аттанып
Кырга чыгып карады.
Кар-Бууган деген жер
Кулжалары куюлуп
Жаткан жер экен.
Кайың,терек кайыптын
Кени көп экен.
Буга таңыркап Манас
Карап турду.
Жолдоштору көрө салды.
Мында жүргөн экен – деп
Аккулага камчы басып
Манас жөнөп калды.
Аккула жөн баспай
Кайра качып калды.
Бул жаныбар эмнеден үркөт – деп,
Асты жагы аралга
Көзүн салды.
Чагарактап куйругу
Жакжайган төшү бар,
Так чынындай көзү бар,
Ач арстандай үнү бар,
Жүнү кызыл сур,
Башы чоң казандай,
Үйүр баскан
Айгырдын куйругундай.
Чачы, көкүрөк жүнү самсаалап,
Көчүк жагы тарбайып,
Жыпжылаңач
Азуусу бир карыш,
Алкымы бир кучак,
Капталында кара кылы бар,
Моюнунда, шилисинде
Кере кулач жиби бар.
Чоңдугу кунан өгүздөй бар.
Капталында канаты бар.
Куйругунда кылычы бар.
Тырмактары арбайып,
Оозу арсайып,
Жерди басса айбандай.
Көчүк жагы
Алгыр тайгандай.
Башында мүйүзү бар,
Жаңыдан келип турган
Кези экен.
Манас менен иши жок,
Басып чыга калды.
Бул эмне шумдук – деп,
Манас көзүн салды.
Басып бир дөбөгө чыгып
Бир кыйкырык салды.
Кыйкырыгы кербен жүрүш
Бир күндүк жерге угулду.
Жети жүздөй кулжа
Немеси калбай
Жыгылып калды.
Кулжанын баары өлдү.
Манас көрдү.
«Бул атайы залим экен
Атып салайын» – деп,
Айкожо берген
Ак келтеге дүрмөт салды.
Милтесин түтөтүп,
Бетине алып,

Манас мелтиреп
Басып барды.
«Өпкө боор тушу,
Өлөр жери ушу» – деп
Ак келте менен
Күркүрөтүп коюп калды.
Көк түтүн болуп
Көтөрүлүп,
Асманга
Аркан бою чурап,
Так Манастын үстүнө сулап,
Жерге түштү.
Арстандын кыйкырыгын укканда
Жолдошторунун эси чыкты.
Аркасынан айбат менен
Жаңырган Ак келтенин үнү чыкты.
Бирөө мылтык атты – деп
Муну да укту.
Алигинин өлгөнүн
Манас көрүп басып келди.
Айкожо берген
Ач албарс менен
Эки бөлүп салды.
Жети жүз он төрт кулжа экен,
Бүт бойдон кырылып калды.
Келип эт алсын – деп
Элине кабар салды.
Алты жигит чаптырып
Алтайлыкты
Чакырып алды.
Эки миңдей адам барып
Эттерин бөлүп
Жүктөп алды.
Ошол жер эми да аты өчпөй
Кулжа атанып калды.
Баякы кытайдан келген
Он бир дөө
Эл дүрбөп жүргөндө
Манас, Манас деген
Сөздү кулагы чалып:
«Манас деген кайда?» – деп
Издеп келип калды.
«Манасты таптык.
Азыр токтоп турбай
Айдап алып кетебиз», – деп
Кандан келген кишилер
Манасты байкап алып,
Алтоо Манаска сөз салды.
«Биз Эсенкандын адамыбыз,
Сенин атаңын аты ким?» – деди.
Анда Манас айтат:
«Атымды сурап не кыласың?
Акимден келген адам көрүнөсүң,
Көтүңдү кысып,
Атама айтар сөзүңдү
Ушу жерде мага айт – деди.
Сөздүн жообун мен берем».
Анда кытайлар айтат:
«Кыраан Манаска,
Биздин Жакыпта кезигип
айтар кебибиз бар.
Көрүп туруп жашырып,
Бизди алыскы
Жолго салды.

Кан каршы экен,
каршылыгы билинип калды.
Буга казап салып
Айдап кетебиз» –
деп ушуну айтып
Камынып калды.
Төртөө турду.
Бай Жакыпты байлап,
Башын чагып жайла,
Бизге каршылык кылчу ким?
Кашындагы баласы Манасты
Кошо байла.
Башына шири салып,
Каканчынга айдап кетебиз», – деп.
Анда Жакып айтат:
«Күнөөм болсо балдарым,
Кыларыңды кыла кой!
Дос кишиңди кас көрөсүң,
Биздин элди аз көрөсүң.
Өкүмдүк кылып
Убалга калба!» – деп
Бай Жакып айтты.
Жакыптын сөзүнө болбой,
Жан деп көзүнө илбей,
Кытайдын балбандары
Жакыпка жабылышып калды.
Манастын жаалы катуу келип,
«Катылба кары кишиге!»
Кан киши болсоңор,
Көрүнгөндү кармап:
«Башын чагып
Байла!» – деп
Жүргөнүңөр кеп эмес.
«Манас арасына барып калды.
Нак өзүн кошо байла!» – деп
Кытайлар айгай салды.
Аны угуп
Манастын ачуусу келип,
Жүзүнөн жаалы чыгып
Көзүнөн жалын чыгып,
Бирөөнү далыдан чапчый кармап,
Бири менен бирин уруп,
Жыгып салды.
Калган жетөө туруп
Манаска жармашып калды.
Жетөөнү да желкесинен басып:
«Баарыңды кыйратам.
Каныңды ичип,
Жаныңды кыяйынбы?» – деп
Баатыр Манас
Кармап алып,
Белги салып,
Кулагын кулжуйтуп
Кесип алды.
Мурдун мултуйтуп кесип:
«Каныңар кайда болот?
Кайда болсо да барыңар,
Манас мындай кылды – деп,
Кабарымды элиңе
Айтып бар.
Какандын журту камынып,
Манас керек болсо,
Мени ушул жерден табыңар.
Колуңдан келсе койбо.

Мени кор кылар болсоң,
Бүтүн Какан журтуна айт,
Талыкшып жатып алба
Таарынып колоп калба.
Так ушу жерден таап ал Манасты.
Бай Жакыптын баласымын,
Мага чаркы келбей калса,
Ушу жерден талкаланып
Тарап кетер.
Колу арбын келсин.
Аянбай шаң кылгандай
Асман менен жердин арасын
Чаң кылгандай.
Силерде акыл жок экен,
Он бириң байлап кетем – деп
Оңой жаткан Манас
Бар дединерби?
Силердей акмакты көрбөдүм.
Башыңдан садага
Кулак, мурдун капылетте калып,
Камынбай келип,
Ичинде арманы калбасын.
Жекеге чапчу баатыр,
Жер тыңшачу капыр
Калбай келсин,
Өнөр билген аяр
Өттү жара саяр,
Күрөштө жыкчу бөкөң,
Сайышка чыкчу жекең
Бири калбай бүтүн келсин.
Ала берсе айдап
Жолго салам.
Кекеңди кесип,
Мурдуңду тешип
Кыйратып салам.
Атыңды мингин,
Жолуңа киргин», –
Деп жана Манас
Жанындагы кырк жолдошуна айтты.
«Булардын аттарынын көкүлүн
Көзүнө ченеп,
Куйругун такымына ченеп
Кыркыңар!» – деди.
Жолдоштору тура калып,
Көкүлүн көзүнө ченеп,
Куйругун такымына ченеп,
Кыркып салды.
«Заманың болсун тар,
Каныңарга бар.
Кармашар болсоң
Кабарды мага
Тезинен сал», – деди.
«Өзүңөр көргөн кордугуңарды,
Өчүңөрдү менден келип ал», – деди.
«Кечикпе, бат барып
Бүтүн Каканга кабар сал.
Колуңдан эгер мен келсем,
Кошунуң көп болсун,
Аскериң арбын болсун», – деп
Эр Манас аларды
Жолго салды.
Ар кайсысы тентиреп
Шаарына алтымыш күндө
Араң барды.
Арка жагы жете албай
Алты айда араң барды.
Бара берсин элчи
Байкоого келген ченчи.

11-бөлүм

МАНАС ОН БЕШ ЖАШКА ЧЫККАНДА ЖООН ТОП БАЛДАР МЕНЕН САЛБЫРЫНГА БАРГАНЫ. ЭСЕН КАНДЫН: «МАНАСТЫ КАРМАП КЕЛ!» – ДЕП ЧЫГАРГАН НӨКӨРЛӨРҮ БАШТАП СЕГИЗ ЖҮЗ КЫТАЙДЫ КЫРГАНЫ

Айтар сөздүн эби бар,
Арстан Манас баатырдын
Асыл алач теги бар.
Алда эмне кеби бар,
Байкап кулак салыңар.
Бай Жакып болсо карыңар,
Баштан аяк дайындап
Баарысын угуп алыңар.
Дөөлөт кушу башында болуп
Ойрон Манас
Он беш жашка келип,
Жыйган балдары
Кыркка толду.
Бар шайманы болду.
Акбалтанын эр Чубак
Балалыгын таштап,
Манаска келип кошулду.
Он төрткө жашы келди,
Ага Манас
Аскерди сен бил – деп
Жооп берди,
Кабылан Манас.
Чубак буга кубанып калды.
Кутуртуп аны
Ишке салды.
Кабыландын жолдоштору сан
Кыргыздын сардары болду.
Казак, кыргыз балдары болду.
Булардын арасында
Маңгулу да бар.
Өзүбек,тажиктен,
Жалпы түрктөн
Жактырып Манас алды.
Кырк чоро деп ат коюп,
Кырааның Манас
Чакырып салды.
Аны көргөн адамдар
Акылы айран калды.

Түндүгүнө бээ,
Түштүгүнө тай союп,
Даңкандарга чай коюп
Тамак-ашын
Жайнатып салды.
Эми Манас иришип
Салтанат салтка кирди.
Бар шайманын келтирип
Жүрүшүмдү түзөйүн – деп,
Кыраанын Манас башында болуп,
Кырк чоросу кашында болуп,
Ордо салып,
Ойноп,күлүп жатат.
Талыкпастан жыргап
Тамашага батат.

Манасты мындай коюңар,
Бай Жакыптын ою бар.
Кандай түрдүү сөз чыгат,
Кабарында болуңар.
Маласын жайып,
Масылатка кирди,
Калкын жыйып,
Карылык баркка кирди.
Бай Жакып башы болду,
Балакет кытай касы болду.
Барып конгон жери
Мамырдын кара сазы болду.
Татардан эр Эштек,
Аргын Каракожо,
Маңгулдан Дөкө,
Наймандан Көгөөн,
Кыргыздан Саламат,
Кыбачы чечен Ошпур,
Кыпчактан Сарбан таз,
Өзүбектен Кансырбек,
Чечени Басылбек,
Нойгуттан Акбалта
Айдың-Көлдү жакалап,
Өзөндү бойлоп конуп,
Өз алдынча болуп,
Жайлоого жалкы конуп,
Жай-жайына болуп,
Өлкөдө ую өкүрүп,
Өтөктө төөсү бакырып,
Ар кайсы ата уулунан болуп,
Өздөрүнүн ураанын чакырып,
Атканы түз мынтык болуп,
Коңур күз болуп,
Казаны мис,
Даңканы жез
Жыргап жаткан кези болду.
Алтай тоонун бийиги болуп,
Ар жагы Оргун суусу болуп,
Чарба малга ылайыктуу
Кар жаабаган кышы болуп,
Аягы Бар-Көл болуп,
Аңыршамдын бели болуп,
Арасы жайык кенен жер,
Аңга ылайыктуу
Аны Манас угуп алды.
Азыкты арбын камдап,
Алгыр тайган, куш, бүркүт алып,
Аңыз кылып

Аттанып калды.
Түз мылтыгын асынып,
Дүпүлдөтүп атып,
Катар тартып
Арбып-дарбып, дүрбөп
Бирин бири жүр – деп,
Аңгемени салды.
Аттанып чыгып калды.
Чаркстандын оюна
Сексен төрт киши барды.
Чатырын тигип,
Кошун курап салды.
Манас атандырды
Бай Жакыпка кеңешип:
«Жолдошторумдун аттары жок
Мунун акылы кандай
болот?» – деп айткан.
Бай Жакып
Күлүп, кубанып:
«Камбарбоздун үйүрүндөгү
Эркек жылкыны казатка
Арнап койгомун.
Баарысы сенин өз малың
Балам, канчаны алсаң
Анчасын ал», – деп
Бай Жакып айтып калды.
Кырааның Манас
Жылкыга барды,
Кызыкты салды.
Айбанбоздун үйүрүнөн
Асый,бышты жашынан
Кырк ат тандап алды.
Кырк чорого мингизип,
Кырааның жолго салды.
Салбырын кылып
Чаркстанга
Барган жолдошу
Сексен төрт болду.
Жүргөн жери кызыл өрт
болду.
Кабылан Манас айтат
Жолдошторуна:
«Чаркстандын боюна
Бүгүн алты кондук.
Аңгемеге тойдук.
Ит агытып,куш салдык,
Бөрү,түлкү алдык.
Бул турган сексен төрт
Эндекей жүрбөйлүк,
Эпсиз күлбөйлүк,
Бекер жүрбөйлүк,
Бейудаа күлбөйлүк.
Сексен төрттүн ичинен
Бирөөнү төрө десек болбойбу?
Төрө деп атын атап
Атын союп
Жесек болбойбу?
Бирөөнү аким, кан кылып,
Ак тердикке салсак болбойбу?
Кан көтөрүп улук кылып,
Урматтап алсак болбойбу?
Улук кылып
Көрсөк болбойбу?
Өкүмүнө көнсөк болбойбу?»–

деп Манас айтып салды.
Баарысы макул алды.
Асты жыйырма беш жашта,
Аягы он беш жашта,
Баарысы бирдей жаш бала болду.
Акыл-масат кылып,
Балдар кеңешке кирди.
Өөдө жүрдүк,
Ылдый жүрдүк дебейлик,
Талаада жүрдүк – деп
Танып атын жебейлик,
Ким болсо да марты
Атын сойсун,
Касиеттүү кан кылалык.
Кадырдуу жан кылып,
Карк кылып күтүп,
Калктын ичине баралы.
Калкка барганда
Бул биздин каныбыз – деп
Калалы.
Мартың болсо сой.
Сараңга бул сөз эп эмес.
Бакылың болсо кой.
Баарың байдын балдарысыңар,
Батына албай турган
Чыгарсыңар.
Билерман бийдин
Балдарысыңар,
Билинбей турган чыгарсыңар.
Баарыңар болом деген
Жаш балдарсыңар.
Жигиттик, жаштык
Адамды ысык жолдош кылат.
Азамат эрдин башына
Нелер келип,
Нелер кетпейт,
Ата уулунан бириң чыгып,
Айткан сөздү угуп,
Аким болуңар.
Бекер сөз белги болбойт.
Бул сөздү ойлоңор
Капа болбой,
Камынып бирөөң
Туруңар!» – деп
Манжуудан барган
Кортуктун уулу Шоокумду
Башчы бол – деп
Камап калды.
Анда бала айтат:
«Кечээ алтайлык
Камап жатканда,
Мен өз атымды союп,
Манаска нөкөр болгомун.
Менин атымды
Манас Мажик койгон», – деп
Бала атын сойгон жок.
Ошпурдун уулу Назарбекти
Көпчүлүк кыстады.
Бу да болгону жок.
Саламаттын баласы
Айнакулду камады:
«Сен атыңды союп
Азыр аким болгун!» – деп,
Айнакул да атын сойгон жок.

«Айдаркандын баласы,
Алачтын сарасы
Айтылуу Көкчө,
Атаң Айдаркан,
Сен атыңды сой,
Кеп-кеңешти кой.
Сексен төрттүн үстүнөн
Сезгей аким болгун», – деди.
Анда Көкчө жайын айтат:
«Менин жерим алыс ко
Бир атымдан качпайт элем
Намыс кыла албаймын», – деп,
Көкчө да атын сойгону жок.
Бу да чыдап
Болгону жок.
Каракожо баласы
Калдарды камап калды,
Калдар сөзүн
Көпкө салды.
«Калктай калың
Малым болбосо,
Кашымда жарым болбосо,
Мен кан болбоймун», – деп
Качып кутулду.
Анда Көкчө айтат балдарга:
Сенин баарыңды
Арбак урсун,
Алты күн талаага кондук,
Эт сагынып
Карасан болгон жан карке.
Талаада жаткан кан карке.
Силерди кудай урган экен,
Напсиңер курган экен.
Мазак кылган сөзгө
Бир макоо атын сойбосо,
Аңгеме кылган сөзгө
Акмак атын сойбосо,
Атын ким соёт.
Ачка болсоң,
Ток болсоң
Бүгүн чыдап жат,
Чыдай албаганың
Элик-мелик ат.
Эптеп-септеп жат.
Эртең үйүңө кайт» –
деп Көкчө айтып салды.
Аскардын уулу Жабагы
Ал сөздү угуп
Ачууланып калды.
«Алтай тоонун аягы –
Сары-Арканы жайлап,
Сазга бээ байлап,
Сан казагын айдап,
Болуп,толуп келген.
Башкы атаң Баракан,
Чоң атаң Канбаркан,
Өз атаң Айдаркан,
Боз балдардын ичинен
Болот деген
Көкчө сен болсоң,
Бул айтканың эп эмес ко,
Башка киши айтса да,
Сен айтуучу
Кеп эмес ко.

Малга кароо экенсиң,
Башка жанды айнытпай
Бабыраган сөзүңдү кой!» – деп,
Жабагы Көкчөнү
Кагып салды.
Ага Көкчө:
«Мен эле бузуп баратсам,
Бекерден мал тапсаң,
Мага өчөшпөй Жабагым,
Сен өз атыңды сойчу.
Өкүмүңдү койчу» –
деп Көкчө токтоп калды.
Балдар Күлдүрдүн уулу
Чалыбайга барды.
Анда Чалыбай айтат:
«Кечээ Нескарага барганда,
Эсим чыгып
Элирип келип,
Кыргызга коңшу болдум,
Манаска кошчу болдум.
Азыр менин
Атымды союп,
Кан болуп чыга калышка
Эбим келбейт ко».
Аны таштап
Тыргооттордун
Деркенбайга барды.
Азаматың шай,
Сен атыңды союп
Кан болсоң кандай?
«Улук болор шай жок – деп,
Урматка кирер
Жайым жок – деп,
Жайын айтып салды.
Жана тыргооттун мыктысы,
Аңырдын уулу
Конойду кармап калды.
«Мен атымды сойбоймун,
Дегеле кан болбоймун!» – деп койду.
Баарысы болбой качты,
Манаска кезек келди.
«Сексен төрттүн ичинде
Сен кичүүсү экенсиң,
Малыңа эсеп жетпейт,
Бай Жакыптын баласысың.
Бир атты союп,
Элден бата алсаң кандай?
Урматтап улук кылалы,
Сөзгө көнө калсаң,
Кандай?» – деп,
Эл ортого алды.
Бул сөздү
Айта салды.
Анда Манас айтат:
Алтайлыктан анча турат,
Каңгайлыктан
Канча турат,
Каканчындын
Калкы турат,
Казак,кыргыз
Жалпы турат.
Баарыңарга эп келсе,
Жалгыз мага кеп келсе,
Бул сөз мага эп эмес,

Адам айтар кеп эмес ко?
Бул сөз бузулган сөз.
Кызылдан кысылган сөз.
Атымды союп бергенден
Уялып турам.
Аккула жандан
Кайруубу?
Оюңар андай болсо,
Тоюңар куттуу болсун.
Бир малдын несин аяйын,
Кандыкка мен таң эмесмин.
Алып келип союп,
Кан кылса кылып коюңар», – деп
Манас айтып салды.
Балдар макул алды.
Аны укканда Чөкөбай
Ордунан тура калды.
Аккула арык,
Соёр эти жок эле.
Анчалык эл айткан соң
Аккуланы сойгондон
Манас аянбайт,
Арстан эмеспи.
Кан Жакыптын
Колунан карматып
Мен минип келгем,
Өз колунда
Бир боз бышты бар эле,
Укурук, жүгөн тийбеген
Өзү сонун семиз мал эле.
Бегиңер Манас берсе,
Кебиңер бекерге кетпейт.
Соёруңар чын болсо,
Аккуланы коюп,
Ошол боз бышты союңар.
Байрак байлап
Туу кылып,
Кашыңардагы Манасты
Кан көтөрүп коюңар», – деп,
Бул сөздү Чөкөбай баштап,
Боз бышты
Көпчүлүк союп салды.
Жакшылап бөлүп алып,
Эттерин жан казанга салды.
Качкан менен болбостон,
Манасты камалап
Кармап алды.
Ак тердикке салды.
«Каныбыз Манас
Болду!» – деп,
Кайран балдар
Кан көтөрүп алды.
Кандын нөкөрү
Биз болдук – деп
Жараткан кудай
Жар болсо,
Жанымдагы балдарым
Тегиздеп алып
Текши жолго салам – деп
Азыр жолдош-жоро болдуңар,
Артымда силерди
Артык чоро кылып
Алам – деп,
Мен баарыңарга

Өкүм кылам!
Каныңардын сөзүнө
Кулак салыңар,
Менин өкүмүм
Экөө болот – деп
Ойлобоңор.
Жардыгым жалган болот – деп,
Ойлобоңор.
Айкожом колдосо,
Жараткан жар болсо,
Санаама ишиңер,
Толбой калса,
Жаныңды тирүү
кетирбеймин.
Баарыңарга эп,
Манас билген кеп болсо,
«Түлкү,бөрү алдык,
Олжого батып калдык» – деп
Тапканыңа сүйүнбөй,
Үйүңдөн үмүт үзгүн.
Алтай тоодон Аңыртыны ашып,
Ар жагы Оргун дарыясы,
Марал кечүүгө бардык.
Балалык кылып эрикпей,
Зерикпей,
Батыраак чалгын чалып,
Жолду чардап
Каракчы, ууру болсо
Кармап алалык.
Кыйынсып келген
Кытайдын жортуулу
Бар бекен?
Кайтып үйгө
Куру барганча,
Карыларга уят болгончо,
Каңгайга бүлүк салып,
Кытайга түлүк салып,
Бекер жүрбөй,
Казат кылсак болбойбу?
Бейли бузук капырды
Мерт таптырып,
Бекеринен олжо алсак
Болбойбу?» –
деп олтурган элге
Буйрук кылып салды.
Арстан Манастын
Айтканын кабыл алды.
Арбып-дарбып,
Аттарын токуп,
Кош-колоңун артып,
Кош арканын тартып,
Алтайдын башы –
Аңыртыны ашып,
Жөнөп калды.
Оргун дарыясына
Жакын барды.
Оргундун суусу
Урган таштай шар агат деген.
Мында бир Марал кечүү деген
Бир кечүүсү бар,
Ошону көздөй барып,
А да болсо бир сонун,
Оргундун суусун көрсөк болбойбу?
Анан кайра тартып,

Кас душманды талап,
Калбаны салып,
Табылса олжо алып,
Кетсек болбойбу?» –
Деп баатыр Манас
Узак жолго салды.
Уруулуу дүпөк ойлонуп,
Далай жолго барды.
Оркундан берки талаада
Үч бөлүнгөн жол көрдү.
Бул жолдун оң жагына кирди.
Оёнуң Манас жүрдү.
Жери күр болгон жер экен,
Бири терек, бири тал,
Карагай, кайың,
Жыгачтын түркү
Ошо жерде экен.
Бир жыгачта миң уя бар,
Жыгачтын көркү
Ошо жерде экен.
Жери сонун жакшы келди
Мында жандуунун баары
Бар окшойт,
Мында жапайы кабылан
Шери бар окшойт.
Арстан Манас мырзага
Эп болсо,
Алты күн, беш күн
Аялдап,саят,салбырын
Кылсак кандай – деп,
Акылдаша калды.
Балдар айта салды.
Балдардын сөзүн
Аттан түшүп,
Аттарын тушап байлап
Көк шибердин үстүнө
Көрпөчөсүн салып,
Көйкөлүп жатып калды.
Эс алып жатты,
Эриккени элик атты.
Буулукканы бугу атты.
Буулукпаганы тим жатты.
Муну таштап салыңар,
Мурунку Эсенканыңар,
Алда кандай кеби бар,
Андан кабар алыңар.
Кырк беш төөгө кыйла мал,
Кызыл алтын зар жүктөп,
Торко,торгун,тувар,
Буулум,бута булу менен,
Алты шибен колу менен,
Он эки кара сарты менен,
Калмактан он кошчусу бар,
«Манастын дарты өтүп кетти,
Байкап билип келиңер!» – деп,
Эсенкан жиберген экен.
Булардан кабары жок жоголду! – деп,
Алтайга кеткен боюнча
Эч кабары болгону жок.
Муну не кылса
Манас жайлады.
Кайда болсо да кабарын таап,
Билип келгин – деп,
Түк койбой талкалап,

Түрктүн элин кырып
Келгин – деп,
Алты жыл болду,
Эч кабар жок,
Кабарын таап келгин!» – деп,
Тогуз жүз аскер жөнөттү.
«Алтайды аралап
Душмандын түрүн байкап,
Оролдун тоосуна барып,
Анжиянда Алооке бар,
Кашкардын беги Чаңуу,
Жаркент,Кожонтко
Кабар айтып,
Ар жагы Ооган,
Самаркан, Букарга
Барып кабар салыңар.
«Кырк беш төө бул менен
Кыйла кишибиз жоголду» –
деп кабарын алыңар.
Каяша айткан жан болсо,
Башын кесип салыңар!» – деп
Эсенкан узаткан экен.
Нөкөр деген пааша
Жолго нөкөр салып
Тогуз жүз аскерди
Жолуна алып
Марал кечүү жол менен
Маңдайына келип калды.
Байкап көрүп балдарды
Алтайлыктын адамы
Алдынан чыгып калды – деп,
Нөкөн да кубанып калды.
Алдыма келсин,
Ажалдуусу өлсүн.
Келип өзүмө жооп берсин.
Мындан түз барыңар,
Жүр деп кабар салып,
Жүрбөймүн деп тартынса
Жүндөй сабаңар.
Аламан коюп,
Аттарын талап алып
Келиңер – деп,
Нөкөр дөө буюруп жиберди.
Келип караса
Оргундун суусу кирип,
Мөңгү бузулуп,
Жайсаңдын суусу кошулуп,
Капкара болуп,
Кан жыттанып жатат.
Деңизден чыккан толкуну,
Кайың,талдын түбүнө
Как тизеден жайылып,
Жаткан экен.
Булар жакын келди,
Сууну көрдү.
Сууну көрүп, сүрү кетип
Жандан түңүлүп калды.
Нөкөр дөө кайра салды.
Бир адам барды,
Кечкен менен
Бул жумшаган жүз кишиңдин
Бири калбай өлө турган.
Өкүм кылса кечпестен
Өзүбүз билсек кетебиз – деп,

Ар кимге жан аялуу
Өзүбүз билсек кетебиз – деп,
Барган киши айта салды.
Барган кишиге
Баатыр Нөкөр октолуп калды.
Жалтанбасын,
Суудан баш тартпасын
Чуудан!» – деп
Буйрукту кылып салды.
Жүз киши турбастан
Сууга кирди.
Ар кайсысы ар жерден
Сенделип чыкты.
Кийимдерин сыкты.
Жыйырмасы агып өлдү.
Сексени Манас жаткан
Жер жакка тал,токой аралап
Жакын келип калды.
Арстан Манас
Сууга адам каратып койгон,
Ал адам кайтып:
«Бир жүз киши кечти», – деп,
Манаска айтып салды.
«Атактуу аскер көрүнөт,
Кылыч,мылтык жарагы бар,
Азыр мында келет» –
Деп кабарчы сөзүн айтты.
Кабылан Манас
Камынып жүргөн,
Атын минди.
Жарагын байланды,
Жоо экенин билди.
Эрмек табылып калды.
«Жөнүн байкап
Билмек керек.
Эгер душман болсо
Кылчаң кылбай,
Кызыкты көрүп,
Кысылышка кириңер!» – деп
Манас айтып салды.
Айтып оозун жыйганча
Алар жетип барды.
Келер заман
Сөз сурап калды:
«Элиң алтайлыкпы?
Азыр кайдан келдиңер?
Кылыч,мылтык,
Жоо-жарак боюңарда бар,
Бүркүт кушуңар бар,
Жүзгө толбогон кишиңер бар,
Салтанатыңар кан өңдүү,
Кандай түрдүү ишиңер бар?
Биз Какандан келген аскербиз,
Менин да ишим сонун,
Аркамда жана
Бир миң кишим бар» –
Деп аскерлер айта салды.
Манастын дарты,
Козголуп калды.
«Өөдө-төмөн сүйлөп,
Өкүм менен жүрөсүңөр,
Өзүңөр ким болосуңар?»
Анда кытайлар айтат:
– Какандын калкы болобуз.

Кандай өлүм келсе да
Качууну билбейбиз.
Аскер башы улугубуз
Нөкөр деген улугубуз,
Алыстан силерди көрүп
Бизди айдап кел деп жиберди.
Аттангыла,болгула
Астыма түшүп жүргүлө!
Кайра айтканыңдын
Бири да тирүү калбайт».
Айбатын салып
Ашыктырып калды.
Анда Манас айтат:
«Кана, Нөкөрдүн баатырлары,
Кандай кабарыңды угалы.
Кандай түрдүү ишиңер бар?
Алтайлыкка асылып
Калдыңар,
Ким деген душман
Кишиңер бар?»
«Биз билбейбиз,
Душманын. Суудан
Кечип чык,
Сөздү Нөкөрдөн барып ук!»
«Чакчаңдаган чаңтуу бала
Туруп сөзүн
Катуу айтат» – деп,
Өткүр Манас балага
Өкүм кыла салды.
«Өлөсүң ылдам,
Бастыр!» – деп,
Катуу сүйлөп калды.
«Айдап барчу сенби,
Алдыңа түшчү менби?» –
Деп Айкожом берген
Ач албарсты
Арстан Манас алды.
«Мына барчу киши
Менмин» – деп,
Башын чаап салды.
Башчысынын башы
чабылып калды.
Манастын жолдошу
Сексен төрт
Кытайдан кыйынсып келген
Сексен жети кишини
Куп бүтүрдү ишин,
Ооздон чакты тишин,
Аты-тонун,
Жарагын олжо кылып алды.
Ойронду мыктап салды.
Нөкөрдөн келген жүз киши
Баарысын Манас
Кырып салды.
Калабаны мыктап салды.
Кытайдан кабар алды.
Ошол жерден козголбой
Ордуна конуп калды.
«Бул жүз кишиге не болду
Келер кези өттү,
Не жоголуп кетти? – деп,
Кеткеним келбей калды,
Кейишке мени салды» – деп,
Нөкөр дөө жатып алды.

Алар аякта жатты.
Булар быякта жатты.
Өйүз-бүйүз болду,
Өзөндү бойлоп конду.
Кытайдын колу
Ачыкта азы, көбү билинбейт,
Түн болгондо караса
Токойдон буркурап түтүн
Жаркырап бүт көрүнөт,
Канча экенин билалбай,
Нөкөр дөө капаланып турду.
Менин өлгөнүм ушу,
Казган көргө киргеним ушу.
Карыш турган жерден
Жүз кишим жоголуп турса,
Менин ишим кайдан оңолсун» – деп,
Санаадар болуп жатты.
Таң саргарып атты.
Уруштун барабанын какты.
Сегиз жүз киши калыптыр,
Бапылдатып кернейин тартты.
Жалтылдатып туусун көтөрүп,
Айгайды салып,
Кытайлар сүлкүлдөп сууга кирди.
Терек, талдан кыйып,
Тегеренгис кылып,
Эки жүздөн байлап
Элин сууга айдады.
Анда калган сегиз жүзү
бүтүн сууга кирди.
Бөлөк-бөлөк кирбей,
Суунун жайын билбей,
Сал бирин-бирине уруп,
Быт-чыт кылып
Убарага салды.
Жүз ашыгы өлүп калды.
Алты жүз киши калды.
Латманатка сыйынып,
«Алтайлык кайда турат?
Менин кишимди
Не деп кырат?
Алтайлык кайда сыят.
Ким келип мени тыят?
Мага тең келеби?
Токой экен, тал экен,
Томаяктар баарысы
Томолонгон бала экен.
Менин бир жүз кишим
Кана экен?
Байкап көрүңөрчү,
Маңдайда көрүнгөн,
Атка минип,
Ар тарабын чалып,
Анча-мынча жоо болсо
Кармап алыңар.
Түрк уулунан жолукса
Дүмүрүн казыңар!» – деп
Нөөкөр дөө баатыр
Балбандарын ар тарапка чыгарды.
Алты жүз кол
Сексен бала
Аз кишини
Тегеректеп алды.
«Уругуң кайсы

Калктан? Тургуң кайсы
Жерде болот?
Ким да болсоң курудуң.
Улугуң ким деген болот?»
Чаңчаң деген сурап калды.
Анда Манас айтат:
«Атаңдын көрү капыр,
Сакалың жок такыр,
Ыйман айтса ынанбаган,
Ырысы жок жакыр.
Уругум түрктөн,
Мингеним күлүктөн,
Коркпоймун сендей бүрүктөн.
Башкы атам – Байкур,
Түп атам – Төбөйкан.
Менин бабамдын
Аты – Көгөйкан.
Чоң атам – Ногой,
Билбейсиңби ит бүрүк,
Өзүмдүн атам – Жакып,
Атым – Манас.
Мага ченің менен жанаш.
Алуучу кегиң болсо,
Намысыңы талаш.
Жаныңды аяба,
Суу ордуна каныңды төгөм»–
деп Манас айгай салды.
Жалпы балдар,
Кудайга сыйынып турушту.
Калаба урушту кылмак болду.
Кытай жагынан
Кымкаар деген балбан
Кылычын сууруп,
«Мыкты болсоң, түрк,
Келгин!» – деп айгайды салды.
Кылмак элең Манас – деп,
Балдар коркуп калды.
«Бээжиндин шаары беш айлык,
Алтайлык буга беттеше албайт.
Калаба салдык,
Киши өлтүрүп тамтайып алдык,
Жат эмес, бөлөсүң,
Айткан адамды жаман көрөсүң,
Жаман жоого катылып алдык,
Сен жайсыз жерде өлөсүң.
Кокустан жайнай качып калсак,
Жаман көрөсүң» – деп.
Анда Манас айтат:
– Айдаркандын Эр Көкчө,
Акылы жок жер Көкчө!
Жазуудан артык жан өлөбү,
Тактасында кан өлбөйбү,
Көптөн коркуп турба.
Көсөрлүк кебиңди урба.
Арбын деп коркуп турба.
Алты жүз кытай келгенге
Адамды капа кылба!
Эмне алдырып алдың,
Акылдан танып калдың,
Артык сөз айтып салдың?
Сен ушунтип айта берсең
Ааламдын бешин аласыңбы,
Акылдан айнытып,
Азапка саласыңбы?

Бу турган сексен кишиде,
Бардыгы бала турбайбы,
Улуктар өкүм айтканы жок,
Уруштан мизи кайтканы жок.
Жүрөгү жоодон калганы жок.
Өңкөй өткүр бала болсо,
Кабыргасы катпайбы,
Кай бирөөнү көрдүң,
Казып жерге көмдүң,
Баланын көбүн кагын алып атпайбы.
Чегилбей чечек катып,
Чекчеңдеген
Кээ балдарды
Чечек алып жатпайбы.
Алты жүздөй кол турбайбы,
Бизди каптаган
Селпеңдеген бул эмес
Нескара капыр келгенде,
Алты миң колдон
Алла Таала өзүң колдоп
Менден жашың улуу болсо
Айдаркандын уулу болсоң
Жок жердеги кепти айтып,
Турганың жакшы эмес», –
деп бул сөздү айтып
Эр Манас
Жекеге чыгайын – деп
Камынып калды.
«Кан болгон соң
Какайып тим тургун!» – деп
Айнакул айта салды.
Ачууланып
Айдаркандын эр Көкчө
Атка камчы салды.
Кытайлардын Кымкар баатырга
Беттешип калды.
Көкчө найза салды,
Көк качырдын үстүнөн
Көмө сайып өттү.
Көшөрүп барган эр Көкчө
Жерге жанчып өттү.
Болжуң деген бир баатыр
Болот кылыч алып
Бу да кытайдын баатыры,
Аскерден чыга калды.
Мингени ала мойнок ат,
Сааты адамдан башкача
Болжуң келип
Күркүрөп турду.
Көргөндүн бою
Дүркүрөп турду.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Коломсокто огу бар,
Көтөн ооз, көк бараң,
Милтесине от коюп,
Болжуң чыгып калды.
Болом деген эр
Көкчөгө каршы барды.
Кымкарды кырынан салды.
Кыйынсып калдың,
Кыйкырып келди Көкчөгө
Найза салбай
Ок менен мерт таптырып
Кетеринде

Манас оңдонуп тура калды.
Ак келте менен атып
Аттан түшүп калды.
Болжуң өлдү,
Аны Нөкөр көрдү.
Атына камчы салып
Чыдай албай айкырып
Нөкөр жөнөп калды.
Жашынан кудай оңдоп
Сайганы сая болбогон,
Арстан Манас
Кула атка камчы салды.
Нөкөргө беттешип калды.
Манас кайдан жетти.
Не балаа болуп кетти.
«Мен түшкөндө майданга
Сен каяктан жеттиң?» – деп
Эр Көкчө айта салды.
Манас айтат Көкчөгө:
«Кытайдан Нөкөр чыкты,
Мурунтан уктум эле
Муну кылымдан ашкан
Мыкты – деп.
Нөкөрдү көрүп
Сага жаным ачыды,
Аны үчүн келдим» – деп,
Эр Манас айтып салды.
Ал аңгыча болбоду
Нөкөр да келип калды.
Бу турган эки баланы
Жаалы келип карап,
Аламын деп санап
Атына камчы салды.
Айдаркандын эр Көкчө
Айкырып кирип барды.
Мылтык атпай,
Кайра тартпай,
Байсалбай Кылыч албай
Ачууланып жетти.
Айдаркандын эр Көкчөнү,
Айгыркан байдын чоң Нөкөр
Аттан жулуп алып
Даярданып турган
Эр Манас
Кула атка камчы салды.
Кудай өзүң сакта – деп,
Балалык жигит жаш – деп,
Манас жетип барды.
Барган бойдон Нөкөрдү,
Ал далыдан алды.
Көкчөнү кошуп
Аттан жулуп алды.
Эр Манастын колуна
Экөө бирдей барды.
Аттын жалына коюп,
Манас сексен жолдошуна барды.
Сексени сексейишип,
Манаска айран калды.
Көкчөнү ажыратып калды.
Ачууланып Нөкөрдүн башын
Манас жулуп алды.
Калган алты жүз аскери
Аламандап ат коюп
Баары согушка кирип калды.

Манас бар ичинде
Берки турган сексен төрт
Желекти жерге урду.
Манастап ураан чакырып,
Аңгемени салды.
Аралашып калды.
Айбалта башка шака-шак,
Найза төшкө така-так,
Кылыч жаркылдап,
Берендер шартылдап,
Карсылдашты.
Карсылдашып калды,
Кара кан баштан жошулуп
Тон тозуп элек болду.
Томуктай болгон курган баш
Жошологон челек болду.
Кабылан Манас
Каарданып алды.
Айдаркандын эр Көкчө,
Алаптаган кытайдын
Бир четинен жапырып кирди.
Көрүңөр Көкчө баатырды,
Канын суудай сапырып салды.
Алыска атса аянбас,
Ыраакка атса ылгабас,
Алыс менен жуукту,
Ажыратып тандабас
Ак келте үнү жаңырды.
«Манас! Манас! Манас!» – деп,
Арстандын үнү жаңырды.
Кысталып турган кезекте,
Кырк чилтени табылды.
Сексен эле кишиси,
Сегиз миңдей кол болду.
Сексен төртү
Аянбай уруш салды.
Алтоо-жетөө жарадар болуп,
Атка өбөктөп алды.
Айнакул келип
Жаралууну көрүп:
«Балдар, мунуңар
Жарады – деп,
Кошту көздөй барып,
Кошулуп алыңар!» – деп,
Баякы манжуудан келген Манжыбек:
«Кайда жүрөт баатыр,
Качырып куп жапыр,
Суудай сапыр,
Калбасын кытайдан такыр».
Кылыч, найза салды,
Качып калган кытайдан
Кырк ат союп калды.
Чалыбай чаң салып кирип,
Далай кытайды сүрүп,
Бу да мактанып калды.
Сайган аттан бир канчаны алды.
Бала Манастын
Батыра салган чуусуна
Чыдай албай,
Кытайлар качып,
Оргундун суусуна кирди.
Эрдемсип келген кытай,
Көзүнө жаны көрүнүп калды.
Өзүн сууга салды.

Өлгөнүнөн калганы
Сербейип өйүзгө чыкты.
Сайгандан далай кырылды.
Көбү суудан агып өлдү,
Сумсайып качып кетти.
Кабылан балдар
Карк олжого батты.
Какандан келген
Тогуз жүз аскер,
Топурак басып
Жер майланып калды.
Баатыр Манас
Айкырыгын салды.
Тогуз жүз аскерден
Эки жүз араң калды.
Кээ бирөө четтеп качып
Элирип качып калганы
Эсенканга барды.
Үксөйүп качып
Кээ бирөө үйүнө барды.
Сезбеген сексен төрт
Баатыр олжону арбын алды.
Оён Манас
Баарын ортого салды.
Күрмөсүн алып кийип,
Күлүгүн тандап минип,
Күлкүгө баары кирип,
Кытайдын көзүн оюп,
Бала Манас баатырды
Канкор атка койду.
Кош-колоңун артып,
Кош арканын тартып,
Канкор Манас экен – деп
Кошоматын айтты,
Үйлөрүнө кайтты.

12-бөлүм

МАНАСТЫН КАН БОЛУШУ

Аңырты белин ашып,
Алтайдын суусун басып
Балдар келди элине.
Мамырдын чөлүнө
Баарысы олжону
Кабат алып баштан-аяк
Көргөнүн айтып,
Эки күн өргүп жатып,
Үчүнчү күндө эр Манас
Камбарбоздун үйүрүнөн
Кармап тогуз
Бээ алып келди.
Баарын сойдурду.
Алтайлыктан
Ата уулунан койбой,
Жардык айтып
Баарын чакырып алды.
«Бүтүн Алтайда жаткан эл,
Аяк-башыңды жыйнап,
Мага эсебиңди бергин!» – деди.
Бул чогулушта
Башка уруктан маңгул
Баатыр Жайсаң, Даңгыл,
Күлдүр, Калдар,
Бала Мажик,
Карыя Дөкөн бар.
Андан башка
Казактан Камбаркан,
Каракожо, Айдаркан
Баатырлар бар.
Кыргыздан Саламат,
Сарбан бар.
Бердике, Бай Жакып,
Акбалта бар.
Татардан эр Эштек
Өзүбектен Кансырбек,
Карыя Куртка,
Дамбылда, Абдылда бар.
Өз тууганы Акымбек бар.
Бердике басып,
Безилдеп сөзүн айтып:
Бекзаадалар келиңер – деп,
Бала Манас баатырдын
Ызаатын көрүңөр – деп,
Кан Жакып карысы,
Акылмандын баарысы
Жыйылып отурду.
Тамагын тартып болтурду.

Эми карыя Жакып
Кеп баштап
Калкка айтып салды:
«Балдарыбыз
Канга кастык кылдык
Башаага мастык кылдык,
Бала-чака ойлонбой,
Жаштык кылып салды.
Береги Алтайдагы
Калмактын арбынын
Айдап жибердик.
Айыл келди каңгайдан,
Аңгирден келген
Шиберлик турат,
Эч канчалык эл калган жок.
Жер болсо кытайдын
Колунда болду.
Береги баскан,турганды
Бабулдар канды
Башкаргансып туралы.
Аяк жагын Аякөз,
Сары-Арка,
Нары чети Орол-Тоо,
Эске алып теңиз көлүн,
Талашып Иленин чөлүн
Туралык.
Анжыян, Кашкарды
Кытай бербейт бизге.
Атаңдан калган Түркстан
Балдар, артык жер эмес беле.
Койчу, балдар,
Кандай арга кылайын!
Айланасы Ала-Тоо,
Алтын Эмил салкын тоо,
Ат-Башы, Нарын, Эркин-Тоо
Айтылуу Кер-Көлдү айланып,
Кең Сары Өзөндү аралап,
Керилип кетет Керме-Тоо,
Бабаңдан калган жер
Ушул эле.
Аягы Кырым,
Кавказга чейин
Басташкан кытай
Кастыгын кылып турса,
Бул жер сенин колуңа
Канткенде тиет?
Кайран жер Түркстан калды.
Капыр кытай жериңди алды.
Эми камданбасак болбойт.
Казак, кыргыз түрк уулунан
Түптү тукум койбойт.
Башы Кер-Көл,
Аягы Чүй Сары Өзөн
Муздабаган көлү болот,
Муңканган түрк эли болот.
Анжыянда Алооке деген
Каны бар.
Паргана борбордо
Нааман деген каны бар.
Кайнаган капырдын
Кени ошондо.
Азиреттин Кара-Тоосунда
Анда калмак бар.
А да бизди соо кылбайт.

Самарканда калдай бар.
Чоң Ташкендин өзүндө
Коңгуроолуу бай деген
Байы бар.
Орол-Тоонун учунда,
Он уруу журт бар.
Тажиктин баары Бакарда.
Жердетпейт бизди
Бу капыр,
Урум, Кайсарда
Осмон деген түрк бар.
Ошол Осмонияга
Бизди бул капыр
Аман кетирбейт.
Мекенин журтун Арап – дейт.
Бул жерге келбейт тарап,
Андан ак пайгамбар чыккан,
Ар тарапта
Душмандын атышып
Туусун жыккан.
Алардын жумушун
Акылмандар уккан.
Түрк экен түп атабыз,
Түп Бээжинге жакын келип
Түртүлүп калдык.
Эми Алтайды жердеп турабыз.
Арганы кандай кылабыз?
Бул каргашалуу капырдан
Канткенде жаштар тынабыз?
Калайыктын баарысы
Каканга караган экен.
Кадамы жеткен экен.
Ортодон чыгып,
Жоо болуп калдык.
Камаса кайдан соо болобуз.
Тукум калбай кырылып,
Тумшугубуз катпайлык,
Бир чуңкурга үйүлүп,
Турпак басып жатпайлык.
Кытай көптөп
Балакетке салбасын,
Баш көтөрөр жан калбай,
Ургаачыңды күң кылып,
Эркегиңди таманга басып
Жүн кылып,
Сардалдын баарын өлтүрүп,
Зайыбыңды тул кылып,
Сабабай малыңды айдап
Сайкашкаңды жайлап,
Ата уулунан түк койбой,
Айдап жүрүп кырып,
Ар тарапка сайлатып салбасын.
Баарыңарга эп болсо,
Бай Жакып айткан кеп болсо,
Камданган болуп калалы,
Капыр келсе кокустан
Каяша кылып салалы.
Каза жетип күн бүтсө,
Кармашып өлүп калалы.
Түмөндөп жаткан түрк уулу
Түбүнө жабыр салалы.
Түгөнбөгөн кытайга
Түртүшпөй кантип калалы.
Кагылышты коёлу,

Кадимки динди жоёлу,
Ак пайгамбардын дини – дейт
Ошол динде бололу.
Динге кирип биз дагы
Намаз окуйлу.
Жалынса жан калат – дейт,
Жаннат деген
Жайга барат – дейт.
Жалдап кудай салат – дейт.
Жардам кылса кудурет,
Пайгамбар жардам берсе,
Капыр кыйрап калат – дейт.
Ислам динин алып,
Мусулман бололу.
Эсибиз ооп кетип баратса,
Элдин бери четинде
Еранга кабар салып,
Мурдар кытай көптөсө,
Букарга кабар салып,
Кебил деген жери бар,
Баарысы түрктүн уулу.
Кебилди бакалап турган,
Амут дарыяны жакалап турган,
Кеңири кыргыз ошондо.
Кеңеше барган кеп бул:
Өлгөндөн калганыңар
Муну ойлоп алыңар.
Ойрон болгон кытай
Бизди оңдурбай турган болду» –
деп бул сөздү айтып
Бай Жакып ушу жерге токтоду.
Кеңешке чыккан көпчүлүк
Кепке кулак салды.
Бул сөздү угуп алды.
Акылдашып турушту,
Эсине алды кээ бири
Баякы Нескара
Кылган урушту.
Он бир элчи келип,
Ойрондойбуз дегенде,
Жана тогуз жүз аскер
Кол алып,
Нөкөр балбандын келгенин,
Арзыганга жеткенин,
Айтып-айтып турушту.
«Жакып жумушту арбытты» – деп.
«Өкүм болбой өнүкпөйт,
Бул иш өзүнчө жөнүкпөйт.
Башчысы болбой марыбайт,
Башаламан жарыбайт.
Каны болсо кар болбойт.
Жаракту киши зар болбойт.
Жайыты болбой мал болбойт.
Жабылса кытай жан койбойт.
Белгиси болбой бек болбойт,
Бекер жатыш эп болбойт.
Кара болбой кан болбойт,
Даана болбой жан болбойт.
Тегерегиң баары жоо
Тепсесе душман соо койбойт.
Калкалайм десең жаныңды
Балдар азыр кылгын каныңды.
Көпчүлүккө дайындап
Көрсөтүңөр каныңды.

Кан көтөрбөй болбос,
Каптаса душман койбос.
Кандан журт болуп
Калаба кылса капырга
Какайгансып баралы.
Кайрат кылган бололу.
Өлүп калсак окустан
Бир чуңкурга тололу.
Тирүү болсок башыбызды кошуп,
бир дөбөдө бололу.
Бели катуу бирөөндү,
Бек көтөрүп коёлу.
Калкка кабар салып,
Кайраттуу бирөөндү
Кан көтөрүп коёлу.
Капыр келип калса
Каруу-жарак асынгансып,
Каршы барып туралы» – деп
Ушуну айтып бай Жакып
Элине кеңеш берди.
Бай Жакыптын кебин
Макул алды.
Акбалта чалы кашында,
Бердикеси башында,
Жакып айта салды.
Жалпы журт макул алды.
Алтайлыктан анча,
Каңгайлыктан калча,
Маңгулдун баары бар,
Тыргооттон бир миң
Түтүн бар.
Үч уруу казактан
Чачкыны жок,
Бүтүн бар.
Кырк уруу кыргыз
Барганалык жуда бар.
Жана Жакып айтат:
«Жайланып сөздү,
Жана чыгарчы каныңар,
Чымын тозор жаныңар,
Калп айтпаган чыныңар,
Казатка чыгар тыңыңар,
Беттешкен жоого
Белдүү болсун.
Белдешкен жоого
Демдүү болсун.
Өткүр чечен
Тилдүү болсун.
Өкмөт жөнүн
Билчүдөн болсун.
«Бул элден калкка
Кан болом – деп
Кандай бенде чыдайт» – деп
Айтар адам жок болду.
Акылдашып токтолду.
Калың эл карап калды,
Баякы аң уулаган
Сексен төрт калкка
Көзүн салды.
«Камалышыңар кандай иш?» – деп
Элден сурап калды.
«Биз аң уулап бардык,
Агайын андан кабар алыңар,
Арабызда сиз шекилдүү


Карыбыз жок болду.
Көпчүлүк, силерди биз билбейбиз,
Биздин көтөргөн каныбыз бар.
Биз Манасты кан кылганбыз,
Баарыбыз ынтымак болуп туруп» –
деп Манастын жанынан
Айнакул деген бала
Туруп айта салды.
«Ай, калайык, кечээ
Чөкө минген ак быштыны
Ай-талаада сойгонбуз,
Биз Манасты
Кан көтөрүп койгонбуз.
Биз көтөргөн канды
Карылар сиздерге
Эби келер бекен?» – деп
Саламаттын Айнакул
Сан журтка айта салды.
Эл ичинен өзүбек Абдылда,
Өткүр чечен кеп айтып калды.
Капаланып бек айтып калды.
«Манас экөөң тең баласың
Дөөлөткө кутурган
Балдарсыңар,
Азыр жашың жете элек,
Канткенде кан болосуң?
Кылымды билген кандын
Кырк увазири,
Жандама нөкөрү болот.
Кандыкты Манас койсун,
Ошол кырк увазирге
Башчы болсун.
Бул сөз калайыкка жакпайт,
Муну кан кылган адам
Максат таппайт» – деп
Какшыктады.
Сөз кайтарган жок болду.
Кары-жашы
Көпчүлүк айтып дүңгүрөп:
«Каныбыз Манас болду.
Бала да болсо балабыз
Көңүлгө толду» – деп,
Калың журт айтып калды.
Көпчүлүктүн ичинен
Казак Камбаркан
Калба салды.
Көкчөгө карап бет алып
Көкчөнү тилдеп калды.
Атаң экөөң ар качан
Жаныңдан малды
Ысык көрөсүң.
Ойлобойсуң башыңа
Келер кезекти.
Сени кудай алсын,
Бир тайдын несин аядың.
Адам болор көзүң жок,
Жакалактаган куу тумшук,
Адамга жагар сөзүң жок.
Эмнеден коркосуң,
Эмнеден тартынасың,
Кандыкты Жакып алып,
Карап турган көп казак,
Кандыктан куру калчубу?
Болот деген балабыз

Ат сойдуруп этин жеп,
Мактанып үйгө барчубу?
Союптур Манас малды,
Камалып жаткан көпчүлүк
Аны кан көтөрүп алды.
Казактардын Камбаркан
Капаланып калды.
Эми Акбалта чалдын кеби бар,
Айтып өтөр эби бар.
Камбарканга карап кеп айтат:
«Өкүнүчтүү болсоң өзүңөр,
Көрүп турат көзүңөр.
Кан кылбайбыз дегениң,
Ушу жерде чыгыңар.
Айткан сөздү угуңар.
Айлыңдан арман калбасын,
Айтып коюп бул жерден,
Артынан калба салбасын.
Ата уулунан барсыңар,
Арманың ичте калбасын» – деп
Акбалта айтып салды.
Ордунан тура калды.
Ал аңгыча жаш Манас
Жыйынга басып барды.
Көпчүлүккө кеп айта салды.
Журт менин астымда
Ага жок, ажалга даба жок.
Артымда иним жаш,
Акылга дыйкан баатырлар,
Айтууга менде сөз жатыр.
Мал жагынан арман жок,
Кокустан башыма
Мүшкүл иш түшсө,
Азаптан сууруп алар
Тууганымда дарман жок.
Карып калган кези
Бай Жакыпта кайрат бар,
Шайманы жок.
Түп атаны биз уктук,
Түбүбүз түрк экен.
Түбүнө маалим иш экен.
Ошол түп атабыз Түрктүн
Эңкейип кетип кытайга
Эмгек тартып жүрүптүр.
Элди жаман билиптир.
Үчүнчү атам Байкур,
Бирдик кетип колунан,
Бирин бири көрбөй
Кайгырды бектиги
Колдон кетип
Бет-бетинен жай курду.
Байкурдан казак бөлүндү,
Маңгулдун азабын тартып,
Түрктүн жашы төгүлдү.
Казак,кыргыз
Бир тууганбыз,
Кан болуучу жан болсоңор
Бир бел бууганың
Кан боло кал.
Талаада бир ат сойдум,
Кан көтөрүп койдуң – деп,
Мен өз напсиме тартпай,
Токонаалатты өз мойнума артпай
Кыргызың бар,

Казагың бар,
Тыргоотуң бар,
Бел байлаганыңар болуңар» – деди.
«Мени бошотуп коюңар!» –
деп Манас айта салды.
Эл ойлонуп калды.
«Манас, айткан сөзүң,
Кан болууга кайраттуу
Ылайык баласың өзүң» –
деп Манасты кан кылууга
Көпчүлүк ичин жыйганы жок.
Башкасынын баарысы
Бирине бири кыйганы жок.
Журтту кудай сыйлап,
Акыл-эсин жыйнап:
«Не кылса да бай Жакыптын
Колунда бар.
Кандыктын өтөөсүнө чыгат.
Баласы жаштык кылып
Болбойм десе,
Карыса да Жакыпты
Кан көтөрүп алабыз.
Кабылан Манас баланын
Кайраты бар душманга
Баатыр коюп салабыз» – деп,
Көңүлгө ушундай кеп келип калды.
Көпчүлүккө эп келип калды.
Көкчө мырза
Көпчүлүккө басып кирди.
«Кандыкты Жакып алды,
Баатырдыкты баласы
Манас алды.
Көбүңөргө эби болсо,
Баарыңарга макул келсе,
Баарыңардан өтүнүп
Мен төрөлүктү сурап турам».
Жаш бала, он жети жашта,
Айдаркан менен
Камбаркандын
Ачуусуна чыдай албай,
Жергедеги казактын
Жемесине чыдай албай
Жетип келип, турбастан
Көпчүлүккө айта салды.
Анда карылар айтат:
«Жез жыгадай чоюлган
Айдаркандын баласы
Жаман эмес ко.
Мунун несин аяйлык,
Төрө болсо болсун» – деп,
Көпчүлүккө айта салды.
«Бирок төрөлүктү
Казак менен калмак алсын.
Качан такка мингени
Кан аталып калсын».
Калк дүңгүрөп,
Казакка төрөлүк тийип калды.
«Эми көтөрөлүк канды,
Кан көтөргөн жанды» – деп,
Алты кулач ак кийизди
Астына салып,
Ак ала сакал Жакыпты
Акбалта менен Бердике
Жетелеп алып,

Көпчүлүктүн алдына
Сүйрөп барды.
«Көп дүнүйөм бар эле,
Көңүлүм малдан толгон.
«Малым курусун,
Не кылам!» – деп
Мен бала үчүн
Көп ыйлап жүрдүм.
Азар түмөн дүнүйөм
Көзүмө көрүнбөй,
Бала үчүн чыңырып жүрдүм.
Карыганда кан кылып
Мага калаба салбаңар.
Карыганда көргөн каралдым
Кашымда турса,
Жаш болсо ишин өзүм кылам,
Жанымдагы балам
Манасты кармаңар.
Менин убалыма калбаңар.
«Баланды коюп, өзүң бол!» – деп,
Бул кандай курган кеп! –
деп, ырас мага кыйсаңар
«Балам Манасты кылыңар!»–
деп бай Жакып айтып,
Кубанчынан баркырап
Ыйлап калды.
Ыйлаган себеби,
Малы болсо да кордукту кытайдан,
Калмактан көп көргөн.
Калмак, маңгул,
Казак, кыргыз
Өзүбек, кыпчак
Бай Жакыпты
Баласы Манас менен
Ак кийизге салып
Олтургузуп алып:
«Бириң увазир, бириң кан» – деп,
«Кандык куттуу болсун!» – деп
Көпчүлүк айгай салды.
Жети кадам баскандан кийин
Жеткилең Жакып карыя
Жерге түшүп калды.
«Болсун, балам, болсун!» – деп
Эл-журтуна кубанып калды.
Манаска кандык барды,
Жеке Манас баланы
Ошо турган көп элге
Жети айлантып көтөрдү.
Жергесиндеги калайык,
Мудаабызга жеттик – деп
Кубанып калды.
Кан өкүмүн билгизди,
Кан таажысы ушу – деп,
Кан Манаска чыгалуу
Бөрк кийгизди.
Тилегим кабыл болду – деп
Нээтинде ой кылды.
Токсон бээни союп,
Бай Жакып
Тогуз күнү той кылды.
Жергесинде кыргызды,
Кызматына тургузду.
Ногойдон калган кызыл туу,
Оболотуп аштап,

Тойду Жакып баштап,
Карыя Жакып оңолуп калды.
Кадимки тарлык мүнөзү
Жоголуп калды.
Жакыптын колунда
Дүнүйөсү мол.
«Бу келген журтка
Кыла турган жолубуз бар.
Жалпы аламан кара журт
Эсебин алыңарчы!?» – деди.
Алтайлыкты караса,
Аяк-башын санаса,
Токсон алты миң болду.
Аксакалга ат берип,
Артында калган балдарга
Тон берип,
Эч болбодум дегенде
Он эки теңгеден пул берип,
Калкты таратты.
Кабылан Манаска каратты.
Талапкерлер
Талабына жетти.
Кандуу журт болуп калды.
Кабылан Манасты
Кан көтөрүп салды.
«Такка минген балаңыз,
Жакшы болду».
Кошомат айтып Жакыпка
Эл турганын караңыз.




II ЧОҢ КАЗАТ

1-бөлүм

АЛТЫ КАНДЫН МАНАСКА АРАЗ БОЛГОНУ, ЭЛЧИ ЖИБЕРГЕНИ

Бысмылда деп аяндап,
Билгенимди баяндап,
Баатыр Манас султанды,
Байкатайын кабардап.
Баары журтка нускасын,
Таркатайын кабарлап.
Байыркынын Манасы
Жери Кең-Кол Таласы,
Жети-Суу,Талас жеринде
Жыргап жаткан алачы.
Эртегинин жомогу,
Эрлерди айтпай болобу.
Төгүн-чынын ким билет,
Төрөнүн кылган жоругун,
Айтсам келер оролу.
Айтпаганда болобу.
Көрүп келген адам жок,
Уламадан укkан сөз,
Карылардын жомогу,
Кан Манас деп чыккан сөз.
Казат кылып капырды,
Карсылдатып жыккан сөз.
Башында кудай жаратып,
Баатыр кылган Манасты,
Баатырлыктан жамгарып
Башын кошкон алачты.
Эрегишип көп адам,
Эрдикти мындан талашты.
Каарынан коркkондон,
Кандардын баары жадашты.
Кабылан Манас баатырга,
Кандай бенде жанашты.
Жанашамын дегендер,
Жакын келбей адашты.
Орчун баатыр болгондо,
Ордо кылды Таласты.
Эштек, Кыпчак, Катаган,
Эсет, Досот, Нуркунан,
Алчын, Жаппас, Аталык,
Баарысы үч жүз нуркунан.
Түп атасы Угуз кан,
Угуз кандан Кыргыз кан,



151

1

22304 emp.

44,5 x 14.

2565

جۇڭغا زات

مانا س باتير دين التى قاۋ دى

جەڭگىپ جۇڭغا بەجىين گە بارغانى
ئۇ بىرىنچى بولۇپ التى قاۋ مانا س
غا ارا ز بولغونۇ ملى جىپ رگانى

بىسمىللاھ ئىبتىداب = = بىلگە نىمىدى باياندا ب
باتىر مانا س سۇلتان دى = = بايقا تايىن قا باردا ب
بارىپ جۇرتقا ئۇستىدىن = = تاۋ قا تايىن قا باردا ب
باتىر قى نىڭ مانا سى = = جەڭ گە گەلگەن تالا يى
جەڭ سۇ تالا س جەڭ بىدە = = جىرغا ب جا نتۇرك ئا ئى
جۇرتقا سى نىڭ جۇمۇغۇ = = ئۇلار دى ئىبتىدا بولۇپ
ئوغۇزنامىنى گىپ بىلەت = = ئۇلار دىنۇڭ قىلغا نى جۇرۇغۇن
ئىبتىدا گۇلار ئوردۇلۇ = = ئىبتىدا غا نداۋ بولۇپ
گۇرۇپ گە گەلگەن ئادام جۇق = = ئۇلا مادا ئۇقماق مۇمكىن
قاۋ غا ئۇ دىن جۇمۇغۇ = = قاۋ مانا س دى جەڭ غا ئۇ
غا زاۋ ت قىلىپ كەلگەن = = قاۋ سىلا ئىنى جەڭ غا ئۇ
باشلىنۇپ تۇرۇپ جا ۋاپ = = باتىر قىلغا نى مانا سنى
باتىر لىقدا ن جا مغا ر يپ = = باشلىن قوشقۇن لاشتى
ئۇ ئەگىپ گە بەدا م = = ئۇ لىكتى مىنداۋ تالا شىپ
قاۋ ئىنا ن قۇرقۇنۇپ = = قانداۋ دىن بارىپ جا ۋاپ
قا بىلا ن مانا سى باتىر غا = = قانداۋ ئۇنى مانا سنى
جانا شامىن دە گەن دە = = جا قىن كەلىپ ئۇ

ئوجۇن باتىر بولغونۇ = = ئوردو قىلا ر قا

Баатыр кыргыз балдары,
Намысы үчүн тырмышкан.
Баатыр кыргыз баласы,
Башкарган калкы алачы.
Атагы дайын айкөлүм,
Алачтан чыккан Манасы.
Карылардан көп угуп,
Калети жок деп угуп.
Уламадан кеп угуп,
Уккандардан көп угуп,
Башынан бери Манастын,
Баркын дайын билемин.
Баштап келген түбүнөн,
Наркын дайын билемин.
Падыша болгон Манастын,
Салтын дайын билемин.
Баатыр түрктүн тукуму,
Калкын дайын билемин.
Бабасы түрктөн бер жакка,
Тарых кылып илемин.
Тайдырбастан тарыхын,
Анык кылып илемин.
Тарых тамам бүткөн соң,
Алты канды бастаткан,
Аңгемеге киремин.
Араз болгон алты кан,
Көкөтөйдүн ашынан,
Казатка кирип кан төккөн,
Кабылан Манас казыдан.
Калтырбастан айтамын,
Чоң казаттын башынан.
Кабылан Манас баатырың
Калың Түрктүн нуркунан.
Алач-кыргыз ичинде
Өз ургу нуркунан.
Түп атасы Түрк баатыр,
Түркүк болгон калкына.
Балдарына баатырлык,
Нуска калган артына.
Беш жүз жылы кан болуп,
Балдарын салган салтына.
Баатыр Түрктүн балдары,
Бабаңдын жеткин баркына.
Түрктүн уулу Түтүк кан,
Түрктүн баскан орунун.
Түтүк да кылган баатырлык,
Атасынын жоругун,
Түтөктүн уулу эр Элче кан,
Түп атасы Эрте кан.
Баатырлык мындан ашабы,
Казатта жүрүп берсе жан.
Элче кандан Батуу кан,
Батуу кандан Кийик кан,
Баркын билсең балдары,
Даражасы бийик кан.
Кийик кандан Алынча.
Күйүп чыкты жалынча.
Бу да кылды баатырлык,
Өмүрүнүн барынча.
Алынча кандын эки уулу,
Татар,Моңол эгиз кан.
Эгиз тууган энеси,
Телегейи тегиз кан.
Татар, Моңол бөлүнүп,

Эл көзүнө көрүнүп,
Ажыратып эл бөлүп.
Эки журтка кан болгон.
Эрдиги журтка даң болгон.
Татар кандан Бута кан.
Бута кандан Бука кан.
Алты шаар, Кырымда
Татар мындан тараган.
Жалпы татар балдары,
Намыс ишке жараган.
Моңолдун уулу Кара кан,
Баарысынан сара кан.
Кара кандын эки уулу
Бурут,Бурат тараган.
Бураттын уулу Нук болгон,
Ичине шайтан жык толгон.
Кара калмак атанып,
Каңгайларга ык болгон.
Бурут кандын эки уулу,
Уйгур менен Байкур – деп,
Бурут кан айткан уулуна,
Оокатыңа жай кур – деп.
Уйгур калган там салып,
Байкур кеткен мал багып.
Байкурдун уулу Угуз кан,
Угуз кандан Кыргыз кан.
Кыргыз кандан Сапар шаа,
Сапар шаадан Алач шаа.
Алач шаадан жүз баатыр,
Жүздөн тууган үч баатыр,
Жүз баатырдын үч уулу,
Анал, Рашит, Анарак,
Атасы минген алтын так.
Келтирген кудай артык бак.
Үч уулунун тукуму,
Жүз атагын өчүрбөй,
Башка атакка көчүрбөй,
Үч жүз деп калган ойлоп бак.
Аналдын уулу Улуу жүз,
Рашиттен Орто жүз,
Анарактан Кичи жүз,
Аналдан Манас таралган.
Азалда жазган каламдан.
Айбаты артык адамдан,
Аналдын уулу Кабыран,
Кабыран,Үйшүн бир тууган.
Кабырандын алты уулу,
Эштек,Кыпчак,Катаган.
Эсет,Досот,Нуркунан,
Баарысы жүздүн нуркунан.
Нуркунандан Барканбек,
Барканбектен Калданбек.
Калданбектен Кылым кан,
Кылым кандан Арстан кан.
Кылча жанын аябай,
Душманын сүрүп баскан.
Арстан кандан Төлө кан,
Төлө кандан Төрө кан.
Төрө кандан Барак кан.
Барак кандан Өкүс кан
Телегейи тегиз кан.
Өкүс кандан Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан.
Чаян кандан Орозду кан.

Орозду кандын он уулу,
Ондун бири Кара кан.
Оёндордун кыйласы,
Орозой кандан тараган,
Кара кандын үч уулу,
Нойгут, Шыгай, Ногой кан.
Үч ага-ини бир тууган.
Ногой кандан Жакып кан,
Жакыптын уулу Манасың,
Жалпы кыргыз алачың.
Манастын жайы палан – деп,
Болбосун мындан талашың.
Шажыра тарых соңунан,
Ачмак болдум дептерди,
Аңгемесин угуңар.
Алты кандан кеп келди,
Көкөтөй кандын ашында
Көк жал Манас башында.
Кан Көкөтөй ашында
Карыя Кошой башында.
Каркыранын сазында.
Кандар жүргөн кашында.
Бек Көкөтөй ашында,
Бектер жүргөн кашында.
Белгилүү берен айкөлүң,
Манас жүргөн башында.
Ат чабылып байге алып,
Аш тарады кечинде.
Манастан кордук көрдүк – деп,
Жалпы кандын эсинде.
Араң-араң турдук – деп.
Ашта сабыр кылдык – деп,
Манас көөп кетти – деп,
Көппөгөндө нетти – деп,
Түгөнгүрдү тим койсок,
Түпкө Манас жетти – деп.
Кан куралып жамдалып,
Жалпы оён тандалып.
Кордук көрүп Манастан,
Жүрбөйлүк деп сандалып.
Айтылуусу алты кан,
Алачтан чыккан жети бек,
Анжиянда Өзүбек,
Өзүбектин жети бек.
Жыйырма оён кошулуп,
Буга кылабыз деп озунуп.
Казактардын кан Көкчө,
Дөгөн кыпчак эр Төштүк.
Төрө кыпчак эр Үрбү,
Көрбөймүн деп бул күндү.
Анжияндан Санжыбек,
Атпай журту Өзүбек.
Эштектердин Жамгырчы,
Эрдигин Эштек даң кылчу.
Оогандардын Музбурчак,
Муздай саны бир кучак.
Алты кандын артынан,
Күйдүк деп Манас дартынан.
Атпай кыргыз калкында,
Алачтан чыккан жети бек.
Кордук көрбөй Манастан,
Кол салышар кези – деп.
Маңгыттардын Мамбети,
Каңгылардын Акбайы,

Жедигердин Чегиши,
Чегиш турсун Агышы,
Жети суунун калысы.
Багыштын келип намысы,
Катагандын зардалы,
Калың журттун далдалы.
Элтенбайдын эр Агыш,
Култенбайдын куу Кожош,
Көкбөрү байдын баласы,
Эсеттердин Көккоён,
Эрдиги жандан башкача.
Эсептен чыккан бир оён.
Эми Анжиянда жети бек,
Атпай журту өзүбек,
Манас менен чендешип,
Парк билишер кези – деп.
Оштун беги Алпарбек,
Өзгөндүн беги Чанчарбек.
Анжиянда Алыпбек,
Намангенде Тайырбек.
Мангаланда Акынбек,
Баары бектен Баатыр бек.
Кожонттогу Ордо бек,
Кошоматчы Жорго бек.
Ташкендеги Кайым бек,
Жалпы журтка дайын бек.
Кандар, бектер кеңешип,
Манас менен эгешип,
Бул ашка кайдан келдик – деп,
Аябай кордук көрдүк – деп.
Көкөтөйдүн ашында,
Каркыранын сазында,
Карыя Кошой кашында,
Манас турду башында,
Акылын Кошой сүйлөдү,
Ашты Манас бийледи.
Уй камандык кылдың – деп,
Үрбүнүн башын ийледи,
Көкчөнү көзгө илген жок,
Төштүктү төрө билген жок.
Билеселүү кандардын,
Бир сөзүнө кирген жок.
Буудайык кандын Музбурчак,
Муну да кепке алган жок.
Айкөл Манас баатырдын
Жанына жакын барган жок.
Жамгырчыны жакын – деп,
Мындай болду акыл – деп,
Кеп-кеңешке алган жок.
Эсинен бул сөз калган жок.
Анжиянда жети бек,
Атактуусу Санжыбек,
Аны да кепке алган жок.
Арданып өлбөй калган жок.
Катагандын Зардалы,
Кожош менен Агышты,
Жедигердин мыктысы,
Чегиш менен Багышты,
Аны да кепке алган жок.
Ал дагы өлбөй калган жок.
Маңгыттардын Мамбети,
Каңдылардын Акбайы,
Эсеттердин Көккоён,
Эсеттен чыккан бир оён.

Муну да кепке алган жок.
Бу да өлбөй калган жок.
Бул кара жолтой канкордун,
Кордугуна көнбөйлүк,
Кол салышпай тим жатып,
Кордук болуп өлбөйлүк.
Тең атанын уулубуз,
Теңиринин кулубуз.
Тепкисин жеп тим болсок,
Теңдик эмес мунубуз.
Кандар,бектер жыйылдык,
Манастан көрдүк кыйырдык.
Өлсөк өлүп калалык,
Бир кудайга сыйындык.
Бул кеңешке келген жок,
Жакшы жооп берген жок.
Калжаңдаган чоң Түркмөн,
Кан Акун бизге келбейт – деп
Шамурат сөзгө көнбөйт – деп.
Жакшы жооп бербейт – деп.
Кара кашка тартынбай,
Кан Кошойго бармак – деп.
Калыссың деп кеп салып,
Кошойдон жооп алмак – деп.
Кошой жооп бербесе,
Бүгүн майдан салмак – деп.
Кандын баары дүркүрөп,
Карысы Бурчак күркүрөп.
Кайратты кабат салышты.
Кан Кошойго барышты.
Келгенде кандар кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Эр Кошойго кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Баш көтөрөр жан калбай,
Манасың бизди жеп салды.
Өзүбек,Ооган,Тажиктен,
Өз тууганың алачтан,
Колобой адам калган жок,
Кордук көрүп Манастан,
Манасың көөп кетти – деп,
Көппөгөндө нетти – деп.
Өзүң көрдүң, биз көрдүк,
Түпкө Манас жетти – деп,
Көрүнгөн жанды урду – деп,
Көшөрүп карап турду – деп.
Кызыккан экен бул канкор,
Кыйла кордук кылды – деп,
Эч болбосо канкордун,
Чоросундай болбодук.
Эшиктен төргө өтпөгөн,
Жоросундай болбодук.
Кырк чоронун найыбы,
Зардалындай болбодук,
Кытайдан келген Алмамбет,
Калмагындай болбодук.
Суу төк десе, кан төгүп,
Бөрк ал десе, баш кесип,
Кылычын кыя байланып,
Жоо-жарагын шайланып.
Жыйырмадан бөлүнүп,
Көзгө сүрдүү көрүнүп,
Оң жагында жыйырмасы,
Оёнсуган жыласы,

Сол жагында жыйырмасы,
Султансыган жыласы.
Жыйырмадан бөлүнүп,
Кырк чоросу кашында,
Кырк чоронун найыбы,
Кырк зардалы алдында.
Алачты бүтүн жыйнаптыр,
Кошуну жүрөт артында,
Канетер айла табалбай,
Калдык Манас дартында.
Кандар айтып турганда.
Ушул сөздү урганда,
Эми баатыр Кошой кеп салды.
Кеп салганда деп салды,
Кан Акун болсо калыс – деп,
Эли-журту алыс – деп.
Манас менен дос болгон,
Манаска жакын тааныш – деп,
Шамурат болсо келбейт – деп,
Сөзүңө жооп бербейт – деп.
Шарияттан башкага,
Башын кессең көнбөйт – деп.
Мен өзүм жөөп берейин,
Айтканыңа көнөйүн.
Кыргыздын Манас оёну,
Кызыкпай бого коёлу.
Кытайды барып соёлу.
Кытайдын көзүн оёлу.
Кытайга Манас барбаса,
Кыйратып кыргын салбаса,
Кесепеттүү канкор – деп,
Кең-Колго чабуул коёлу.

Кечээ Алтайдан көчүп келгени,
Ноломатты кудай бергени.
Өлгөнүм жок эр Кошой,
Өзүмдүн көзүм көргөнү.
Орусту алса бул алды,
Ойротко бүлүк бул салды.
Манастын колу тийбеген,
Орусуң кайдан соо калды.
Бараңды алса бул алды,
Бараңга бүлүк бул салды.
Манастын колу тийбеген,
Бараның кайдан соо калды.
Билимдүүмүн деп жүргөн,
Англияны аксатты.
Каратегин, Калчаны,
Как жанынан какшатты.
Балдарым сабыр кылгыла,
Басташкан жоону бастатты.
Эми бир жыл үйгө турам – дейт,
Кошунду арбын курам – дейт.
Экинчи жылдын күзүндө,
Кытайга казат кылам – дейт.
Кыраан Манас атанып,
Кылбай кантип тынам – дейт.
Кан Коңурга баралы,
Каңгайга күүлөп салалы,
Болом деген чиркиндин,
Бокчосун арытып алалы.
Маңдайында багы бар,
Баатырлык кылар чагы бар.
Кылып жүргөн Манастын,
Бул кеңеши дагы бар.

Каңгайга түрүн көрсөтүп,
Каарланып жүргөндүр.
Канетип Манас кетти – деп,
Кандарым бого күйгөндүр.
Билеселүү жан болсоң,
Бир жылы сабыр кылгыла,
Менин көзүм өткөнчө,
Ынтымак болуп тургула.
Манас оңго келбесе,
Оңдоп жооп бербесе,
Кытайга барбай тим жатса,
Кыргыздын баарын кыйратса,
Кыянаттуу жан болуп,
Кыргыздын уулун ыйлатса,
Түйшүк салып кыйратса,
Түрк баласын ыйлатса,
Кандарым уккун кебимди,
Кан Кошой айтпайт тегинди.
Экинчи сөздү айтпаймын.
Масылат кебим кенен – деп,
Бар шайманын белендеп,
Манасыңды балдарым
Үйүнөн байлап берем – деп.
Кан Кошоюң шартылдап,
Кандардын баарын жайлады.
Учан теңиз түрк уулун,
Убада сөзгө байлады.
Кандын баары ойлонуп,
Алдатып салдык чалга – деп,
Кары деп кеңеш не салдык,
Калжыраган жанга – деп.
Балакеттүү кан Кошой,
Манаска жакын жан го – деп.
Эми бир жыл чыдап турмак – деп,
Бекитип кеңеш курмак – деп.
Бир жыл убада бүткөн соң,
Кан Кошойго келмек – деп.
Кошой жооп бербесе
Манастын күчүн көрмөк – деп.
Арбак урган канкордон,
Атышып жатып өлмөк – деп.
Кайтадан сөзүн бекитип,
Кандар кайтты калкына.
Кандын,бектин баарысы
Турмак болуп антына.
Кандар келип үйүнө
Кайрат берип бийине.
Талааңды мыктап салсак – деп
Талап малын алсак – деп.
Канкордун башын алмак – деп,
Кайра тартпай бармак – деп.
Убада сөзгө байланып,
Жатып калды жайланып.
Бир жыл тамам бүткөнчө
Жоо-жарагын шайланып,
Убада кылган жыл өтүп,
Үч жүз элүү күн өтүп,
Кандын баары чыйралып,
Канча түрлүү кыйналып.
Кан Кошойдун алдына,
Кандар келди жыйналып.
Ат-Башыда чебинде,
Алтын эмил жеринде,
Ат-Башынын сазында,

Чеч-Төбөнүн кашында
Кары да болсо кадырман,
Сексендеги жашында.
Катагандын кан Кошой,
Калың журтка даң Кошой.
Салкын тоонун жеринде
Жаткан экен чебинде.
Катагандын Кошойго,
Кандар келип кеп салды.
Карыя Кошой уккун – деп,
Кеп салганда деп салды:
Карыя Кошой кутман – деп,
Калктын башын туткан – деп.
Кандай сөздү айтат – деп.
Кадырың калбас журттан – деп.
Атпай алач көп кыргыз,
Азияда туругу,
Башынан дайын белгилүү,
Баатыр түрктүн уругу.
Атабыз кыргыз тууганбыз.
Ариет намыс кууганбыз,
Башка сөздү нетели,
Манастан жаман сууганбыз.
Карыя Кошой кыргызсың,
Кыргызга чолпон жылдызсың,
Калың кыргыз калкыңдын,
Арбагынан жылгыссың.
Кечээ кан Көкөтөй ашында
Карыя Кошой башында
Кандын,бектин баарысы
Карап турдук кашында.
Адамды адам дебеди,
Чендеп бокту жебеди.
Атпай түрктүн балдары,
Чендүү кордук көрбөдү.
Алдыңда турган алты кан,
Бул кордуктан өлбөдү.
Теңдикке башка көнсө да
Теңдикке Манас көнбөдү
Бул Манастын кордугу,
Өтүп кетти зордугу.
Карыя Кошой калыс – деп,
Кан Кошойго барыш – деп.
Убада сөзү чын болсо,
Барып жоop алыш – деп,
Кыргызга кутман карыбыз,
Алдыңа келдик баарыбыз.
Кордугунан Манастын,
Өлгөнгө даяр жаныбыз.
Кан Көкөтөй ашында
Каркыранын сазында,
Канкор менен алышсак,
Аянбай майдан салышсак,
Мыктылыгын көрмөкпүз,
Былтыркы жылда өлмөкпүз.
Ажал жетип өлбөсөк,
Абийир таап келмекпиз.
Маната болду көзүңүз,
Кой-койдо болду сөзүңүз.
Кой дебесең Манасты,
Былтыр алар кезибиз.
Канкорду кармап бермексиз,
Канакей айткан сөзүңүз? –
деп алты кан, он төрт бек келип,

Ушул сөздү урганда,
Кепилсиң – деп Кошойду,
Кекетип айтып турганда
Эр Кошой абаң кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Жалпы кыргыз балдары,
Жанында турган кандары.
Манаска тартты дебегин,
Байкабай бокту жебегин!
Баарыңар мыкты дөө болдуң,
Калың журтка ээ болдуң.
Атпай алач кордугуң
Калмактын көрдүң зордугун.
Эсиңден чыгып кеттиби,
Алтайда жүргөн жоругуң.
Калмак менен кагышкан,
Кара аламан чабышкан,
Эсиңден чыгып кетти – деп,
Чыкпаганда нетти – деп.
Калмагың калыс калды – деп,
Алтайың алыс калды – деп.
Калмакты кыргыз какшатып,
Айдап малын алды – деп.
Бул дөөлөт сага аз бекен,
Баарыңа Манас кас бекен.
Кан Көкөтөй ашында
Карап турдук башында.
Көкчө, Төштүк өлдүңбү,
Өзүң жүрдүң кашымда.
Бир ашты Манас бийледи,
Эркелеп бизге сүйлөдү.
Көпчүлүк билчү бир ашты,
Манас билип салды – деп,
Кармап берем дегениң,
Качан Кошой танды – деп.
Алжып Кошой калбасам,
Акылым айран калды – деп,
Алты кан азыр угуптур,
Азамат болсоң чыгып тур.
Талас арзан жер эмес,
Манасың чендүү эр эмес,
Алда Таала аябай,
Арбакты берип салды – деп.
Ашты берген бир бала
Абийирди Манас алды – деп.
Кошойду капа кылбаңар,
Айткан сөзүн танды – деп.
Колуңар кызып турат бейм,
Бул турбай калган чалды–деп.
Төшөгүнөн тура албай,
Төрүндө жаткан шалды – деп,
Басып өтүп кеткиң бар.
Манасты кепил алды – деп,
Бар кудай Манас кылыптыр,
Мен кылган Манас эр эмес,
Коркутуп айтты дебегин,
Алачың тегин эл эмес.
Манас оңой жоо эмес,
Биз козголтчу тоо эмес.
Алач оңой эл эмес,
Талас оңой жер эмес.
Алачтан чыккан эр Манас,
Эч киминден кем эмес.
Анча-мынча көл эмес.

Адамзат өлчөөр эр эмес,
Баатырсынган көп жан бар,
Манаска бири тең эмес.
Алты кан, он төрт бек болуп,
Өзүңө сөзүң эп болуп,
Калыстыктан ажырап,
Калыпмын Кошой жек болуп.
Кудайдан тапкан балдарсың,
Кутуруп жүргөн кардарсың.
Дөөлөтүңө мас болуп,
Дөөгүрсүп жүргөн жандарсың.
Кошойду камап алсак – деп,
Кордукту чалга салсак – деп,
Баатырсынган Кошойдон,
Манастын кегин алсак – деп.
Аттанып сың алты кан,
Катарың менен жанаша,
Нары-бери өткөндө,
Силерге Кошой тамаша.
Тамаша деп ойлобо,
Кошойдон чыгат каргаша.
Тамаша Кошой болчу эмес,
Мени тамаша кылган оңчу эмес.
Карып Кошой кетпесем,
Касташкан жоону койчу эмес.
Манаска тартты дебесең,
Убара болбой кайткыла,
Укпасаң айткан сөзүмдү,
Бир башка адамга айткыла,
Тил алганың тим болгун,
Тил албасаң чың болгун.
Манас менен согушсаң,
Баштан-аяк тың болгун.
Тил алганың калып кал,
Тил албасаң барып кал.
Таласта Манас жаткандыр,
Манаска чабуул салып кал.
Башыңды кошуп алыпсың,
Манасты барып басып ал.
Манастан мыкты эр болсо,
Манастын барып башын ал.
Кошой айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Жалпы кандар жамдашып,
Айтар сөзүн камдашып,
Масылат кылып кеңешип,
Манас менен эгешип,
Баштан-аяк алты кан,
Баатырлыгын теңешип,
Алты кан чыкты бөлүнүп,
Анык көзгө көрүнүп.
Он төрт бек айнып кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
– Басташып Манас канкорго,
Бараганыбыз болбойт – деп.
Басташкан адам оңбойт – деп,
Манас бизди койбойт – деп.
Байкабай башын алам – деп,
Манаска бүлүк салам – деп.
Балакеттүү канкордон,
Балаага калар бекенбиз,
Малдан-жандан ажырап,
Талаада калар бекенбиз.
Азгырып шайтан бузбасын,

Ажал айдап кыспасын.
Ажал айдап кор болуп,
Арача көздөн учпасын.
Кой барбайлык канкорго,
Кошойдон уктук нускасын.
Кошойдун сөзү ырас – деп,
Кордукту Манас кылат – деп.
Кара чаар жолборсту,
Кандай бенде тыят – деп.
Манас менен басташып,
Барганыбыз уят – деп.
Айтып болуп кептерин,
Айнып калды бектериң.
Алачтан чыккан жети бек,
Айткан сөзү өзүнө эп.
Каргаша чыгып кетер – деп,
Канкор түпкө жетер – деп,
Маңгыттардын Мамбети,
Каңдылардын Акбайы,
Элетен байдын эр Агыш,
Кулетен байдын куу Кожош,
Эсеттердин Көккоён,
Эсеттен чыккан бир оён.
Жедигердин Чегиси,
Жеткен баатыр Багышы.
Жетикмин деген акылга,
Жети-Суунун калысы.
Барбас болду Таласка.
Башын ийди Манаска.
Чынын Кошой айтты – деп,
Чырдан башым кайтты – деп.
Анжиянда жети бек,
Ал дагы кайтты эндиреп.
Эми кандардын баары сандалып,
Калгандары жамдалып.
Жөнөп калды турбастан
Аттан башын бурбастан.
Барган жерде кеңешти,
Кылабыз деп бир баштан.
Эр Төштүктүн жерине,
Дөгөн кыпчак элине.
Бараңга барчу ашууга,
Алыстан кабар ташууга.
Балыктын суу башына,
Аңырдын жайык сазына.
Кейүүнүн өзөн сазына,
Боздоң Шаба оюна,
Эрлердин баары жыйналды,
Эр Төштүктүн тоюна.
Кармашууга чыдашып,
Төштүктүн тоюн курашып,
Аңгемелүү алты кан,
Эми кирди эрмекке.
Баатыр Манас султандын,
Башын кесип келмекке.
Ар кимиси бирди айтып,
Айыкпаган чырды айтып.
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көрдүк далай мазак – деп.
Манастан көрдүк мазакты,
Ашта көрдүк азапты.
Жеткир Манас жетиптир,
Желген бойдон өтүптүр.
Кобураган жеткир чал,

Кошой колдон кетиптир.
Дүнүйө берип жалдаптыр,
Кошой колдо калбаптыр.
Манасты байлап берем – деп,
Кошой бизди алдаптыр.
Манас турат асылып,
Кошой турат жашынып.
Манастан коркуп бул жерде,
Калалыкпы басылып.
Же болбосо Манастын,
Киреликпи эсине.
Көптөп кирип өзүнө,
Көрүнөлүк көзүнө,
Тең атанын уулубуз,
Теңиринин кулубуз,
Таягын жеп, тил угуп,
Көңүлдөн калган зил угуп.
Тарап кетип тим болсок,
Теңдик болбос мунубуз.
Музбурчак турат карыңар,
Бул турган кандар баарыңар.
Келишимдүү кеп болсун,
Кепке кулак салыңар,
Элемандын эр Төштүк,
Эштектердин Жамгырчы,
Кокондун каны Санжыбек,
Угар сөзүң ушу – деп.
Казак Көкчө сен элең.
Кабычыл кыйын эр элең.
Акыл тап деп аңдашып,
Айтар сөзүн камдашып.
Ар кайсысы бирди айтып,
Аңдашалбай токтолду,
Айткан кеби ордуна
Камдаша албай токтолду.
Тору кыпчак, Үрбүнүн,
Добушу чыкпай жок болду.
Казак Көкчө, Музбурчак,
Үрбүнү көздөй октолду.
Кандын баары жабырап,
Калк сүйлөсө дабырап,
Жалгыз ооз сөзүң жок
Жардам айтар кезиң жок.
Тим жүргөндө шакылдап,
Таздын уулу чеченсиң,
Өз башыңа иш түшсө,
Унчукпаган эшенсиң.
Көкөтөйдүн ашында,
Камчы ойноду башыңа,
Намысы жок ит чиркин,
Намыс кылдык сен үчүн.
Араң-араң токтолдук,
Аксакал Кошой эр үчүн.
Элдин баары сүйлөсө
Эртеден бери кыңк этип,
Сүйлөбөдүң не үчүн.
Үрбү сенин кай күчүң.
Агаң менен жайлашып
Тынып калсаң чыныңды айт.
Таздын уулу сактанбай,
Таап келген сырыңды айт.
Айнып турсаң алжырап,
Аянбастан мунуңду айт.
Манас менен окустан,

Басташа кетсек кокустан,
Чарпыша кетсек окустан,
Жабыша кетсек кокустан.
Бул жоругуң жакшы эмес
Бар кудай берсе бадикти,
Басалы деп отурбуз,
Манастан кылып кадикти.
Манас менен беттешип,
Алдырсак да, алсак да,
Же көтөрүлүп өөдөлөп,
Көрүнүшүп калсак да.
Болушар, болушпасыңды,
Билдир деп кандар асылды.
Манастан коркуп бу жерде,
Жашырба деп башыңды.
Мындай-мындай кезекте,
Акыл тапкан кан болчу,
Ашкере болуп эрдиги,
Арбагы журтка даң болчу.
Жалпы кандын үстүнөн,
Кан көтөрдүк өзүңдү.
Кара күчкө какайбай,
Калтырбай айткын сөзүңдү.
Баштан-аяк алты кан,
Манастан болду кообубуз.
Жакшы кылсаң сообубуз,
Таамай айтып,так бергин,
Сурап турган жообубуз.
Жаман кылсаң убалды,
Көтөрөсүң мойнуңа.
Башчы кылып өзүңдү,
Барабыз Манас ойнуна.

Адам болчу жан болсоң
Аганын сөзүн көзүңө ил.
Жалаң кыпчак Тору эмес
Алты канды кошуп бил, –
Деп алты кан айтып турганда.
Ушу сөздү урганда,
Сан кыргыздын сарасы,
Сарбан таздын баласы,
Калың кыргыз уругу,
Тору кыпчак кулуну.
Атасынын башы таз,
Шаар Үрүмчү дөөлөт мас.
Манас менен бекишип,
Дос болушкан ушул жаз.
Бектердин сөзүн кайтарбай,
Бек болом деп айталбай.
Кандардын сөзүн кайтарбай,
Кан болом деп айталбай.
Эми Үрбү чечен кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Коркогу кийин жылсын – деп,
Калганы кайрат кылсын – деп.
Жаманы айнып калсын – деп,
Жакшысы кулак салсын – деп.
Калгандары какайып
Кайрат кылып калсын – деп.
Талапкери барсын – деп,
Тартынганы калсын – деп.
Тагдырда жазуу бар болсо,
Манасты талап алсын – деп.
Динге балбан Үрбүнүн,
Эшендиги белгилүү.

Тилге жүйрүк Үрбүнүн,
Чечендиги белгилүү.
Алты канга кеп салды,
Аянбастан бек салды.
Атаңдын көрү алты кан,
Айтарын билбей тантыган.
Өз акылын табалбай
Өөдө-төмөн жалпыган.
Манас мага тууган – деп,
Качан тайдым антыңан.

Манас оңой тоо эмес,
Биз алуучу жоо эмес.
Кызыкпагын Манаска,
Кырыласың жалпы кан.
Кезенет канкор каршыкса,
Кетесиң кандар баркыңан.
Алмак турсун Манасты,
Ажырайсың калкыңдан.
Баарыбыз начар жарты кан.
Байкап билгин чаркыңан.
Манас куусу жалпы кан,
Башың кетет алты кан.
Кызыр назар кылбаса,
Кыраан Манас болчубу.
Кыргыздан чыккан Манас – деп
Кыраандык атка кончубу.
Айкожом назар кылбаса,
Айкөл Манас болчубу.
Алачтан чыккан бир бала,
Арстан деп атка кончубу.
Кыраан Манас баатырга
Кылымдын баары жем болгон.
Кызыр колдоп канкорду,
Кылганы журтка эм болгон.
Кызыталак канкорго,
Кырк чилтен кайып дем болгон.
Жараткан алда жар болуп,
Кылган ишиң шар болуп.
Кошунуң алты сан болуп,
Алачтын баары жам болуп.
Айтканы журтка даң болуп.
Кошуну токсон миң болуп,
Азирет Аалы пир болуп,
Алганы назик нур болуп,
Айтышкан адам кем болуп.
Орто Азия, Түркстан
Ушу күндө кур болуп.
Жайдарың Манас шер болуп,
Жанына келген эр болуп.
Чалышуучу душмандын,
Жүрөгүнө чер болуп.
Жалпы алач журтуна
Шамал тийгис ык болуп,
Жан жолдошу кырк болуп.
Шайманы даяр жык толуп
Сайышамын дегендин,
Жүрөгүнө дык болуп.
Кошуну даяр чук болуп,
Көсөлдөрү бук болуп.
Абынасир арабы,
Айбатын көрүп тааныган,
Абырагын көтөр – деп
Алдага күндө наалыган.

Алты жашта Манаска
Азирет кызыр даарыган.
Колдогону кырк чилтен,
Кол бергени ак эшен.
Кожосанга кол берген,
Кошунга кожо жол берген.
Дөө Манас деп атанып,
Дөөлөттү кудай мол берген.
Айтканын алдам эп кылган,
Атышкан жоосун мерт кылган.
Арбагын угуп биз түгүл,
Бээжиндин каны шек кылган.
Калың түрк сенин бактың – деп,
Калыйпа султан кеп кылган.
Кармашпаска бир жолу,
Бараңдын каны шек кылган.
Дубалын туюк уруптур,
Туйгунуң Манас туруптур.
Төрт күлүн төрт кат уруптур,
Төрөң Манас туруптур.
Манасың даяр барганга,
Барып майдан салганга.
Баралы десең бармакмын,
Барып майдан салмакмын.
Колумдан келсе канкордун,
Башын кесип алмакмын.
Колумдан Манас келбесе,
Колмутта өлүп калмакмын.
Соёлу десең соймокмун,
Коёлу десең коймокмун.
Мен үчүн ардык кылбаңар,
Манас урса мени урду,
Манас менен жөөлөшүп,
Бет жарышып ойнопмун.
Канкор Манас жаяндан,
Калкымды аман коргопмун.
Ишенбесеңер жалпы кан,
Иштин артын ойлопмун.
Ишенбесең алты кан,
Манас менен атышып,
Кызыл канга батышып,
Силерден мурун сойлоймун.
Көкөтөйдүн ашында,
Каркыранын сазында,
Башка кан сабыр кылыңар,
Баш ийип карап туруңар.
Мен кылбадым сабырды,
Өзүм көрдүм жабырды.
Силердей мен да кан элем,
Чака туяк жан элем.
Өзүм барып катылдым,
Чамасын байкап атымдын,
Тең туугандык кылам – деп,
Ушул ишке чатылдым.
Атыма өлчөп жер айтып,
Канкорго барып катылдым.
Аксымдык кылып Манаска
Адам уккус кеп салдым.
Айып менде болгон соң,
Азыраак камчы жеп калдым.
Анысы айып болгон жок,
Инисин ага урчу – деп,
Айып менде болгон соң,
Моюнга алып турчу – деп.

Жалпы кан кебим угуңар,
Жана да айтар кебим бар.
Кеңештин түбүн айтамын,
Келтирип угар эбиң бар.
Жарабаса бул сөзүм,
Жарабайт деп чыгыңар.
Жалгыз Үрбү мен болсом,
Жабылып кандар чыгыңар.
Бул кызыталак канкордун
Жакшылыгын унуттук.
Күнүлүк кылып күүлөнүп,
Күйдүрүп муну куруттук.
Ырас жери Манастын,
Ысыган боюн сууттук.
Кечээ Алтайдан Манас келгенче,
Нааматты кудай бергенче,
Дөө болуп Манас келгенче,
Дөөлөттү кудай бергенче,
Кара калмак кытайдан,
Кордукту көрдүк бир далай.
Калың түрктүн балдары,
Зордукту көрдүк бир далай.
Манастан мурун баркың жок,
Башыңды кошкон калкың жок.
Калмак болуп кеткенсиң,
Кадимки кыргыз салтың жок.
Үрүмчүдө турганда
Үрбүң кайсы киши эле.
Айыл төрү аз эле,
Атасы Сарбан таз эле.
Алтайда Көкчө турганда,
Атаңды калмак урганда,
Айта берсе тим эле,
Ажыраткан ким эле?
Айдаркан атаң кан эле,
Айраны көп бай эле.
Көкчөң кайсы киши эле,
Көрүп өткөн түш эле.
Сасык айран, көк курут,
Сасыган байдын бири эле.
Кечээ ат ойнокто турганда,
Аксыга дубал урганда
Көкбөрүң кайда киши эле.
Көрүп өткөн түк эле.
Барыңды Манас дөө кылган,
Манастын кылган иши эле.
Көккоён султан дөө болду,
Көп сетке ээ болду.
Кекенбейлик Манаска,
Ушул иш бизге кээ болду.
Башка жерге көчкөн жок,
Манастай үйүн чечкен жок.
Сурап турду Кашкарды,
Кашкардын калкын башкарды.
Кан болсо да Төштүгүң,
Каңгайдан коркуп жазганды.
Төштүк кайсы киши эле,
Бул төрөнүн кылган иши эле.
Жалпы кыргыз алачка,
Көрүнөө келген түш эле.
Кечээ Алооке менен Нааман кан,
Анжиянда турганда,
Кыргызды кытай басканда,
Өзүбек, тажик шашканда,

Ооганды көздөп качканда,
Баш көтөрөр жан калбай,
Алооке сурап турганда,
Балаага салып урганда,
Санжыбек кайсы киши эле.
Бул сынап кылган иши эле.
Сырттан Манас канкоруң,
Санжыга көргөн түш эле.
Кечээ Алайдан бери өтө албай,
Ооганга кирип кете албай,
Тим жүргөндө Жамгырчы,
Тилегине жете албай.
Шаар Сабыр чоң калаа
Шаары тийбей колуна
Илгертен бери Эштектин,
Иши келбей оңуна.
Жамгырчың кайсы киши эле.
Бул айлашып калчу иш эле.
Жамгырчыга бул канкор,
Жакшылар көргөн түшү эле.
Кечээ Кебилдин көбүн кетирип,
Бараңдан чыкпай өтүнүп,
Бараңдан келип кан сурап,
Башка түрлүү жан сурап,
Ооганды көзүн ойдуруп,
Ооз ачкан жанды сойдуруп,
Музбурчак кайсы киши эле.
Бул кудайдын берген иши эле.
Бараңдын башын бошотуп,
Манастан келген түш эле.
Түрлөнүп Манас бөлүндү.
Түрк баласы көрүндү.
Түйшүк тартып бул канкор,
Түрктүн чеги бөлүндү.
Кытайдан бөлдү чегинди.
Кыргыздын чеги бөлүндү.
Кызыкпайлык Манаска,
Кызык дөөлөт көрүлдү.
Казактын чеги бөлүндү,
Калың дөөлөт көрүлдү.
Кадыр алда жараткан,
Канкорго дөөлөт кең берди,
Баштан-аяк ойлосом,
Баарыбызга тең берди.
Жалпы кандар жамданып,
Жарак алып камданып.
Дөөлөтүңө эсирбе,
Бул сөз болсун эсиңде.
Бул Манаска катылсак,
Учурайбыз кесирге.
Манас мыкты болду – деп,
Бербей койду жолду – деп,
Атаан кылдык баарыбыз,
Арбактуудан каныбыз,
Айтканым айып болбосо
Кандарым кулак салыңыз,
Жан барында жалтанып,
Жата бербей жалпайып.
Аткарып алып канкорду,
Алыскы жоого барсакчы,
Арбактуу төрөнү,
Алдыбызга салсакчы.
Болом деген канкордон,
Бокчосун артып калсакчы.

Ажары бар канкордун,
Айдыңында жүрсөкчү.
Аянып мында жүргөнчө,
Ажал жетсе өлсөкчү.
Күлпөңүндө жүрсөкчү,
Күрөшкөнүн көрсөкчү.
Күүлөнүп мында жүргөнчө,
Күнүбүз бүтсө өлсөкчү.
Бу канкор менен бекишип,
Бир бокчосун тинтип көрсөкчү.
Бек айтарга бек да жок,
Бет айтарга эр да жок.
Каргашалуу канкорго,
Каш кайтарар кан да жок.
Кашайган кара дүнүйө,
Каяша айтар жан да жок.
Кызыгышып айтышып,
Кызыл канга батышып,
Кызыталак бу канкор,
Кытайдын элин бир чапты.
Кылымды андай алган жок.
Кытайдан буга дабаа жок.
Кыраан Манас канкорго,
Кылчаяр бенде калган жок.
Оролду ашып эл тапты,
Орусту барып бир чапты,
Ойротту андай алган жок,
Орустан буга дабаа жок.
Эсирип турган канкорго,
Ок атар бенде калган жок.
Индини Муса дини – деп,
Бизден башка зили – деп,
Индистандан эл тапты,
Индини барып бир чапты.
Индини бузуп алган соң,
Сарт коконду санады,
Сандыргалуу султандын,
Сайбаган жоосу калбады.
Алооке менен Нааманды,
Айдап барып бу канкор,
Алдына салып сабады.
Чоң Бээжинге камады.
Санаркалуу султандын,
Эч арманы калбады.
Алышууга Манаска,
Азыр турган алты кан,
Агылып таппай тантыган.
Келбес бекен дарманы,
Үрбү айтып турганда,
Ушу сөздү урганда,
Баатыр Төштүк кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
– Учан теңиз кеп кылдың,
Узактан бери кек кылдың.
Убадаңды бек кылдың.
Урушун көрбөй шек кылдың.
Кандын баарын кеп кылдың,
Кармашканды эп кылдың.
Масылат кеңеш кылганда
Балыктын суусун эп кылдың.
Башкаңар сөздү бек кылдың.
Бир Манасты жек кылдың.
Кеңешиң укпай көп жаттың,
Кеп чыгарбай мен жаттым.

Кайтканыңар кайткыла
Анык сөзүң айткыла.
Турганыңар тургула,
Туура сөздү ургула.
Өлсөм өлүп калганым,
Өлбөсөм абийир алганым.
Мен кайтпаймын сөзүмдөн,
Былтыркы кылган шертимден.
Кызыталак бу канкор,
Баатыр эмес эч кимден.
Жүрөктү Үрбү алды – деп,
Жүдөп калчу мен эмес,
Бактысы артык болбосо,
Манас менден эр эмес.
Камалып коркуп бергендей,
Колоп жатып калгандай,
Ал бадирек канкордон,
Кошуну бизден көп эмес.
Эне талак канкордун,
Эли бизден арбынбы,
Эрлиги бизден артыкпы.
Өзү бизден баатырбы,
Амалы бизден артыкпы,
Өнөрү бизден өөдөбү?
Өнөрү болсо көрөлүк,
Өкүмүнө көнөлүк.
Актан келген ажалга,
Арга барбы өлөлүк.
Төрө болсоң жорткун – деп,
Төгүн болсоң корккун – деп,
Баатыр болсоң жорткун – деп,
Бастык кылсак корккун – деп.
Бадиректин колуна,
Колотуп кагаз берелик.
Колоп жатып алганча
Кол чакырып көрөлүк.
Корксо бизге келе албас
Кордук кылса кек албас.
Кокустан Манас кол менен
Кош-Артыштын жол менен,
Келип калса кенебей,
Азы-көбүн ченебей,
Эч нерсени элебей,
Эрдигин бизге теңебей.
Келип калса баатырды,
Миңге бирден бөлөлүк,
Бирине бирин көргөзбөй,
Бириндешип жөнөйлүк.
Карайлатып апарып,
Каканчындын калкына,
Канын кара кылалык.
Карасын тамам кыралык.
Бегин бейпай кылалык,
Бектерин тамам кыралык.
Төрөсүн төмөн кылалык,
Төмөн жагын кыралык.
Каргашалуу канкордун,
Кандарым минтип тыналык.
Ошондой көрсүн кордукту,
Уктаса кирсин түшүнө,
Ушунетип канкорду,
Келтирелик үшүнө.
Андан кийин бул Манас,
Алып жүрсүн оюна.

Челишет экен түрк да – деп,
Ченеп иш кылсын боюна.
Адисин кудай аштырса,
Акылын кудай шаштырса,
Окусунан биз жакты,
Кол келсин деп чакырса.
Кошун жөнөп калалык,
Конок болуп баралык.
Эсеп жеткис эл менен
Эл бийлеген шер менен,
Конуш жеткис кол менен
Кол бийлеген зор менен.
Жайыт жеткис жан менен
Сар керделүү кан менен
Түгөнгүрдүн үстүнө
Түмөн кошун баралык,
Түйшүк салып канкорго,
Дүбүрлөп түшүп калалык.
Желегин жерге жапшырып,
Коргонун колго тапшырып.
Кор кылалык бир жолу,
Конок менен шаштырып.
Жети кандан кол барса,
Жер майышып мол барса,
Жер жаанды алса да
Жеке Манас күтө албас,
Жээлигип жүргөн бу канкор,
Шаасы келип түтө албас.
Короодон коюн соёлук,
Коломтосун оёлук.
Конок менен шылтоолоп,
Кордук кылып коёлук.
Өрүштөн бээсин соёлук,
Өкүм менен баралык
Өзүң кылчу жумуш – деп,
Милдетти кайра салалык.
Билден күчтүү канкордон,
Билими артык анткордон,
Бирине бирин келтирбей,
Билдирбей кекти алалык.
Ары-бери кеп айтса,
Арачысын сабайлык,
Аламандап талайлык.
Күлбагына камайлык,
Күлдү журтун канайлык.
Кол жеткенди сабайлык,
Кордук кылып талайлык.
Көрүп жүргөн көй төрө,
Көрүп калсын далайды.
Төрүнөн кудук казалы,
Төшүнө казан асалы.
Төрт түлүгүн чачалы.
Дөгүрсүгөн канкордун,
Төбөсүнөн басалы.
Кармашса канын төгөлү,
Каза жетсе өлөлү.
Каламда каза жетпесе,
Канкор менен бир жолу,
Касапташып көрөлү.
Кан аккыс теңиз суусундай
Катса чөгүп өлөлүк.
Жараткан жалгыз кудайдын,
Жазганына көнөлүк.
Желегин жерге жыялы,

Желиккенин тыялы.
Жерге өбөктөп жатканды,
Желкесинен кыялы.
Арыгын айдап коёлу,
Семизин кармап соёлу.
Артынан барган ээсин,
Чыгара чаап мээсин,
Жолго жарып бээсин,
Чыгаралык канкордун
Капкайдагы кээсин,
Качантан берки киресин.
Тууганы калсын күйүнүп,
Душманы калсын сүйүнүп.
Адамы жандан түңүлүп,
Алачы калсын бүлүнүп.
Акимсинген канкорго
Бир коёлук билинип.
Кырк чоросун кыйратып,
Кыз-катынын ыйлатып.
Кысырагын туйлатып,
Бошогонун чыйратып,
Босогосун кыйратып,
Боз уланын ыйлатып,
Бозуп жүргөн талаада,
Бостогу малын жыйнатып,
Канкорго бүлүк салалык,
Калтырбай талап алалык.
Кайтып үйгө келбестен,
Чалдардын эбин табалык,
Катагандын Кошойду,
Кадырладык ошону.
Ортологон оңбогур,
Кадырласак билбеди,
Оогандын каны Акунду,
Кол чакырсак келбеди,
Кабылан Манас баатырга,
Каяша айтар ким – деди.
Кararган журттун баарысын,
Кирпигине илбеди.
Кесиреттүү эки чал,
Киши экен деп билбеди.
Мурун Манаска кыргын салалык,
Батыра чалгын чалалык.
Манастан кийин өксөтүп,
Чалдарын чаап алалык.
Ушу сөздөн жанганды,
Убадасын танганды.
Кебинен ибеп жегенди,
Киргеним жок дегенди,
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун.
Ак баранды огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун.
Убадаңар чын болсо,
Ушуга кандар кол көтөр,
Ичиңе кегиң калтырбай,
Кол көтөрсөң мол көтөр.
Жалпы кандар олтуруп,
Бу сөздү айтып буркурап,
Пашаалардын баарысы,
Батасын кылды чуркурап.
Ак боз бээден алышып,
Киргенди кошуп алышып,
Кандар болуп убара,

Кайтпас болду убада.
Бүтүрүп эрлер жумушту,
Аркы-терки турушту.
Алиги көргөн кандарың
Аябастан жандарын.
Ат башындай чоң куран,
Алып келип баарысы
Катар тартып турушту.
Көкүрөккө урушту.
Эми Манаска элчи салмакка,
Байкап чалгын чалмакка,
Келсин десе үстүнө,
Кебелбестен бармакка.
Келем деп Манас кеп салса,
Келсин мында бизге – деп,
Кол чакырып алмакка,
Убадасы токтолду.
Мындан бөлөк кандардын,
Кылар иши жок болду.
Алты кандан алты адам,
Элчи болду Манаска.
Азаматтан тандалып,
Ченчи болду Манаска.
Жүздөн тандап жүйрүктөн,
Миңден тандап күлүктөн.
Калп айтпаган чынынан,
Казатка чыгар тыңынан.
Беттешкен жоого белдүүдөн,
Белдешкен жоого демдүүдөн.
Сөзгө чечен тилдүүдөн,
Жолборстон артык сүрдүүдөн,
Элден тандап чыгарды.

Элчи кылып буларды.
Тогуз уулдун кенжеси,
Элеман кандын эркеси,
Эгемдин сүйгөн пендеси.
Шаары Котон калаасы,
Дөгөн кыпчак сарасы.
Элеман кандын баласы,
Эр Төштүктү билдиңиз.
Бул чыгарды бир жигит,
Эштектердин Жамгырчы,
Эрлигин Эштек даң кылчу,
Алайда дайын эли бар,
Эштек, Даңгыт дайны бар.
Эштектин жайын билдиңиз,
Ал чыгарды бир жигит.
Шаары Омбу калаасы,
Жай лоосу Арка талаасы,
Сан казактын сарасы,
Айдаркандын баласы,
Адамдын аяр кексеси,
Айдаркандын Көкчөсү,
Көкчөнүн жайын билдиңиз,
Бул чыгарды бир жигит.
Чоң Кеминде калаасы,
Тору кыпчак сарасы,
Сарбан таздын баласы,
Кара жаак Үрбүңүз,
Үрбүнүн жайын билдиңиз.
Бул чыгарды бир жигит.
Жети шаар Анжиян,
Орчун Кокон,Маргалаң,
Ордо шайкы көк жеке,

Кокондун каны Санжыбек,
Кол алдында өзүбек,
Кошоматка сөзү көп
Санжынын жайын билдиңиз,
Бул чыгарды бир жигит.
Буудайык кандын Музбурчак,
Муздай саны бир кучак,
Кебилге курган алтын так,
Келтирген кудай артык бак.
Сөзгө жүйрүк, өзү сак,
Сөөлөттү күткөн ушул чак.
Бурчактын жайын билдиңиз,
Бул чыгарды бир жигит.
Алты азамат тандашып,
Айтар сөзүн камдашып
Кандын баары чыңалып,
Калктан тышка чыгарып,
Эрдин баары чыңалып,
Эл четине чыгарып,
Элчилерге кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты.
Сөзгө кулак салсаңар,
Мындан ары барсаңар,
Аймагы бүтүн алач бар,
Алачтын жери Талас бар.
Шай колдогон бадирек,
Баатырсынган Манас бар.
Учурап калсаң эшиктен,
Же талаада жүрүп кезиксең,
Улук деп урмат кылбаңар.
Урат деп коркуп калбаңар.
Тупатуура барыңар,
Туура жооп алыңар,
Үйдө олтурса канкордун,
Үстүнө баса кириңер.
Өлчөөсүн байкап билиңер,
Өткүр болсун тилиңер.
Чочубастан канкордон
Чогоол-чогоол айтыңар.
Чоңдук кылып сүйлөсө,
Бузукташып кайтыңар.
Биз жумшадык сиздер бар
Манасты көздөй издей бар.
Жамандык Манас кыла албайт.
Жамандык кылса биздер бар.
Өлтүрүп ийсе силерди
Бир бириңдин ордуңа,
Эки кылып өч алчу,
Элин чаап көч алчу,
Мындай жаткан элдер бар.
Бура тарткыс эрлер бар.
Тайбай турса эбиңер,
Манаска айтар кебиңер,
Төрө Манас болдуң – деп,
Дөөлөтүң көлдөй толду де,
Баатыр Манас болдуң де
Башыңа сыймык конду де.
Кол чакырдык келгин де,
Элчи келдик көргүн де.
Кошун барсак үстүнө,
Конок күтүп бергин де.
Капырдын калкын көрдүң де,
Как ушул сөзгө көнгүн де,
Ой жагында орус бар,
Кеңитсең кенен конуш бар.
Кыр жагында кытай бар,

Кыйла жумуш мындай бар.
Капталында кангай бар,
Кармашар душман далай бар.
Кайрыдин калкын бүлдүрүп,
Мусулманды күлдүрүп,
Өтпөйт бекен дүнүйө,
Өкүм күчүн билдирип,
Ушу сөздү айтыңар.
Учурашып кайтыңар.
Кат болсо даяр бериңер,
Кабарлашып келиңер,
Манастын байкап чамасын,
Батыраак жооп бериңер.
Деп бул сөздү айтып алты кан,
Күлүктү тандап мингизди,
Күдөрү тандап кийгизди,
Таласты көздөй жүргүздү.
Күлүп-күлүп кандары,
Элчини жолго киргизди.
Алты азамат аттанып,
Аңгирден чыгып шаттанып,
Кылычын кыя байланып,
Кызматка көөнү жайланып,
Кыя тоонун сеңирин,
Кыдырып өтүп айланып,
Кербен жолго салышып,
Чоң дайрага барышып,
Тобокелге салышып,
Чочубай кечип алышып.
Уламадан кеп угуп,
Кеп укканда эп угуп,
Кумарайын падыша,
Улук мазар деп угуп.
Зыярат кылып алышты,
Сызып жолго салышты.
Намуттун чөлүн сыдырып,
Кытмырдын жолун кыдырып,
Жети күн бүгүн болгону,
Жеркенге кирди конгону.
Эртеси андан аттанып,
Эрендери эми шаттанып.
Кас бууданды такалап,
Кашкарга түштү бакалап.
Семизинен арытып,
Сейиндей кылып жаратып,
Аңгемени арбытып,
Артыштын элин дарбытып,
Эртеси андан аттанып,
Чакмактын белин ашыптыр,
Чатыр-Көлдү басыптыр.
Конгон жерге конушуп,
Коногу даяр болушуп,
Ат аябай жол жүрүп,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Алты-жети күн өтүп,
Арадан Нарын суу кечип,
Жумгалдан өтүп сыдырып,
Суусамырды кыдырып,
Султаныңдын айлына,
Барып калды элчилер,
Манастын жайын текшерип,
Баякы турган ченчилер,
Таласты көрүп таң калып,
Алачты көрүп таңданып.
Манасты байкап жете албай,
Аралап элден өтө албай.

2-бөлүм

МАНАС БААТЫРГА ЭЛЧИЛЕРДИН УЧУРАГАНЫ

Элчилердин соңунан,
Эби келди оңунан,
Эр Манастан айтылды,
Жалпы түрктүн чоңунан.
Эл ичин таштап салыңар,
Кабылан Манас каныңар,
Кандай түрлүү сөзү бар.
Кабарын угуп алыңар
Ушу күндө Манастын,
Кыйын болгон кези экен,
Дөөлөтүнүн толгону,
Быйыл болгон кези экен.
Арстан эрдин үстүнө,
Ак калпактуу Кестешим,
Атпай түрктүн тукуму,
Жыйын болгон кези экен.
Дарбазасы сом калай,
Даражасы бир далай.
Капкасы алтын коргондо,
Калк чатырап толгондо,
Калтысы жок сом күмүш,
Каныкейдин ордодо,
Оң жагында баатырдын,
Отуз эки каны бар,
Сол жагында олтурган,
Кырк баатырдын саны бар.
Астында алтын тагы бар,
Башында дөөлөт багы бар.
Түрк баласы бу күндө,
Түтөп турган чагы бар.
Айланасын камаган,
Албарс кылыч колго алып,
Акырая караган,
Алты миң кошун дагы бар.
Кан кашындай жолдошу,
Казы,увазир, молдосу,
Өкүмүнүн баары бар.
Ак куранды жат айткан,
Астыңкы орун катардан,
Нече түрлүү кары бар.
Ортосунда алардын,
Эки каны таажыдар.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Көсөм баатыр Керкөкүл,
Шыбыр чечен Баймырза,
Дозоттордун баары бар.
Алты кандан айныган,
Он төрт бегиң дагы бар.

Кан Кошойдун балдары,
Чагатай менен Калдан бар.
Кармаган жерден кан чыккан,
Канча түрлүү балбан бар.
Сураккана үйү бар.
Ал үйүнө сологон,
Токсон тогуз бийи бар.
Тентекти ийлер ийи бар.
Карап турсаң ошондо,
Калаанын ичи-тышында
Калың түрк жалпы чогулуп,
Кайнап жаткан киши бар.
Кабылан Манас баатырдын,
Ушундай сонун иши бар.
Адамдан башка түрү бар,
Ажыдаардай сүрү бар.
Коргону колоо тоо болгон,
Арпыгы темир ноо болгон.
Алып барса адамдан,
Байлатма жинди соо болгон.
Падышалык чоң сарай,
Каалгасы сом калай,
Дарбазасы он эки,
Салтанаты бир далай.
Дарбаза кармап туруучу,
Бекзаададан бешөө бар.
Беттеринде каны жок,
Желдеттерден жетөө бар.
Айбатын көргөн адамдар,
Акылынан жаңылган.
Адамдын мурду,кулагын,
Тумар кылып тагынган.
Каарлары жүзүндө,
Кандуу тону үстүндө.
Карап турсаң эч кимге,
Райым жок өзүндө.
Желдеттен жетөө туруптур,
Жергесин кудай уруптур.
Бектерден бешөө туруптур,
Пейилин кудай уруптур.
Анча-мынча эр эмес,
Адам барар жер эмес.
Башын салган бу көргө,
Тирүү чыгар көр эмес.
Кайык минип каптalса,
Чөкпөй өтчү көл эмес.
Элчилер эми келишип,
Эгилип салам беришип,
Жергеси менен олтурган,
Желдеттерди көрүшүп.
Алиги барган элчилер,
Муну көрүп алганы,
Не кыларын биле албай,
Муңайып токтоп калганы.
Эч аргасын табалбай,
Не кыларын биле албай,
Эр Манастын үстүнө,
Эбин таап кире албай,
Санаалары бузулуп,
Таноолору кысылып
Тер куюлуп сызылып,
Келгенине бушугуп,
Карап туруп тыш жакка,
Кара-Коргон кыштакка,

Бак бакчалуу коргонго,
Адамдар кайнап толгонго.
Эшиктен ичке кире албай,
Эшиткен кеби жок болду,
Элчилер жооп ала албай,
Эт бышымдай токтолду.
Казактардын Жоорунчу,
Казатта болгон тоорулчу.
Карап туруп бул алтоон,
Элчи экенин билген соң,
Кандардан келген кабарчы,
Ченчи экенин билген соң,
Бөкчөңдөй басып бүгүлүп,
Эр Жоорунчу жүгүрүп.
Эшиктен басып келгени.
Элесин султан көргөнү.
Элчилерден кеп айтып,
Султанга кабар бергени.
Эми Манас баатыр кеп сурап,
Жолуң болсун – деп сурап,
Жоорунчу сенин келгениң,
Не тууралуу жумуш – деп сурап,
Баатыр Манас козголду,
Муну айтып Манас токтолду.
Андан бөлөк ал топто,
Сүйлөгөн адам жок болду.
Жоорунчу сүйлөп кеп айтат:
– Султан Манас – деп айтат.
Кабылан Манас төрөбүз,
Канетип жооп беребиз.
Кабагыңды бүркөсөң,
Кар жаагандай көрөбүз.
Каарланып сүйлөсөң,
Жүрөк чыгып өлөбүз.
Күмүш такта олтурган,
Күлүстөн Манас төрөбүз.
Күлүп койсоң жарк этип,
Күн тийгендей көрөбүз.
Ачууланып сүйлөсөң,
Жүрөк чыгып өлөбүз.
Эшиктен көрдүм бир топ жан,
Тааный албай болдум таң.
Минген атын карасам,
Бука булчуң, буура сан.
Келте бакай,кулун жал,
Кебежи курсак, кең соору,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркар шыйрак нар тамак,
Азаматын карасам,
Балапан ооз, жар кабак,
Оңо турган эр эмес,
Оңой-олтоң эл эмес.
Оңой менен адамга,
Омурулар бел эмес.
Ойлоп турсам султаным,
Мен көргөн журттан деги эмес.
Алыстан келген элчи окшойт,
Аттары жароо ченчи окшойт.
Деп Жоорунчу айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Айтканда Манас сүлк этип,
Аярланып бүлк этип,
Кырааның Манас билди эми,
Кыялданып күлдү эми.

Жоорунчуга кеп айтты,
Баатырың Манас деп айтты,
Кандарга карап кеп айтты,
Кабылан Манас деп айтты.
Мен кербендерден кеп уктум,
Келгендерден көп уктум.
Кеңеш кылып кесек дөө,
Келем деп жатат деп айтты.
Базарчыдан кеп уктум,
Баргандардан көп уктум,
Баары мыкты чогулуп,
Басканы жүрөт деп уктум.
Бул кандардан келген элчилер,
Кастыкка келген ченчилер.
Андай болсо Жоорунчу,
Сырттандыгың билгизгин,
Ушул келген элчини,
Сыпайлык менен киргизгин.
Улуктугуң билгизгин,
Урбай-сокпой киргизгин.
Көрбөгөнү көр болсун,
Көңүлүнө чер болсун.
Эркексинип эгерде,
Элчиси келип эл болсун.
Төрөсү айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Макул болот баатыр – деп,
Баатырдын мыгы айтканы,
Баянын угуп Жоорунчу,
Арты менен кайтканы.
Келтирип кеңеш кеп угуп,
Эби ушундай – деп угуп,
Кетенчиктеп кетти эми,
Дарбазага жетти эми.
Оңолуп карап турду эми.
Оолугуп кеңеш кылды эми.
Очоктой болгон чоң добул,
Күрсүлдөтүп урду эми.
Добул катуу кагылды,
Самаган иш табылды.
Он эки миң кошуну,
Азыр келип жабылды.
Бир миң колу кыпкызыл,
Билбесең сөздүн түрү ушул.
Бир колу көк болуп,
Курттай кайнап чыгыптыр,
Көргөндө душман ыгыптыр,
Кумурскадан көп болуп,
Бир миң колу сапсары.
Билеселүү калктары.
Бир миң кошун ак болуп,
Жоо шайманы чак болуп,
Тайпа-тайпа бөлүнүп,
Жандуу сүрү көрүнүп,
Дүнүйө жүзүн чаң басып,
Караңгы түшүп калыптыр.
Сырт капкасы ачылып,
Сырттандардын баарысы,
Сырдуу бараң асынып,
Албарс кылыч байланып,
Ар жарагын шайланып,
Алиги келген элчинин,
Айланасын айланып,
Кошун курчап алыптыр.

Айбатын катуу салыптыр,
Камап алды элчини,
Кароого келген ченчини.
Кай бирөөнү караса,
Көз темири кылайып,
Сайып алчу немедей,
Керкейип найза чунайып,
Туш-тушунан чуркурап,
Келе жатат чуулдап,
Асабасы желпилдеп,
Найзалары мелтиреп
Айбатын салып жакындап,
Шарбаздары кылкылдап,
Саркерделер шылкылдап,
Чилмердени тарсылдап,
Мылтыктарын октошуп,
Милтелерин чоктошуп,
Башчысынын машына,
Байкай калып токтошуп.
Кай бирөөнү караса,
Кылычты кындан алыптыр,
Маш көрсөтүп билдирип,
Жакжайышып калыптыр.
Кай бирөөнү карасаң,
Айбалтаны кескерип,
Чакчайышып калыптыр.
Тийгизбей тосуп алыптыр.
Барган сайын жакындап,
Бадана кийип жаркылдап.
Эрлигин кошун көргөзүп,
Элчинин келди кашына,
Келгенге болду бушайман,
Эмгек түшүп башына.
Эки жагын карабай,
Караганга жарабай,
Элчини кудай урганы.
Көздөрүн жуумп турганы.
Жумуп турду көздөрүн,
Өлдүк деп турду өздөрүн.
Ача албады көздөрүн,
Айталбады сөздөрүн,
Кошунга эли корккондон,
Айтпай салам калган жок.
Шыкаалашып мылтыкты,
Милтелери кызыл чок.
Элчилер коркуп турганы,
Эми капкадан добул урганы.
Добул уруп басылып,
Капканын оозу ачылып,
Ар бир сардал жылоондо,
Экиден муршап асылып,
Өзүндө жок жаштыгы,
Душманга бар кастыгы.
Он эки миң кошундун,
Ушу күндө баштыгы.
Казактардын Жоорунчу,
Казатка болгон Тоорулчу.
Жана кошун сардалы,
Акыл табар далдалы.
Шыңкынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жалдуу Бөгөлү,
Ырчыуул, Бозуул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу.

Эрегиште чыкчуусу.
Белде кылыч шартылдап,
Туулга башта жаркылдап,
Тулпар аттар алкылдап,
Туйгун эрлер жаркылдап,
Карпычын колго капташып,
Чарайна төшкө чапташып.
Ар бирөөнүн жанында,
Экиден желдет чабуулдап,
Он эки жайсаң келгени,
Элчилер муну көргөнү,
Ушу Манас экен – деп,
Озунуп салам бергени.
Салам айтса алик жок,
Саламга алик бербеди.
Келген жактан караса,
Ажап кызык тамаша,
Балык кулак таш менен,
Баркыраган куу менен,
Алда канча дуу менен,
Милтеге отту түтөтүп,
Аңгемени күчөтүп,
Он эки миң мылтыкты,
Асманга карап сундуруп.
Бири да калбай атылды,
Жан кулакты тундуруп,
Мылтыктан түтүн бурады,
Тунуп калды кулагы.
Асманды көздөй ок кетти,
Чочугандан элчилер,
Ат үстүндө солк этти.
Эл жүрөгү болк этти.
Маш көрсөттү ар кандай,
Асмандан мунар жаагандай.
Төбөсүнөн булардын
Көктөн жаап ок түштү.
Көргөн жан айран калгандай.
Көк коргошун топ түштү.
Көргөндүн баары даң кылды,
Көпчүлүктү таң кылды.
Көк менен жердин арасын,
Көз айныткан чаң кылды.
Он эки миң кошундун,
Он эки башчы жайсаңын,
Кошундун баарын маш кылган,
Жайсаңдын жайын айталы,
Оң жагында төрт миңи,
Сол жагында төрт миңи,
Аркасында төрт миңи,
Чук этип койбойт эч кими.
Алдына түшүп маш берди,
Антпесе кошун көнөбү,
Дарбазаны бет алып,
Чаңдатып кошун жөнөдү.
Элчини айдап алышып,
Ортосуна салышып,
Элчилер чочуп бекишип,
Аманат жандан шекшишип.
Айдап кирди ордого,
Элчилерди секиртип.
Капканын кирбей тышында,
Он эки миң кол калды.
Баш-аягы көз жеткис,
Аз гана эмес мол калды.

Капкадан кирип караса,
Ажап кызык тамаша,
Узун кеткен көчө жол,
Көчө үстүндө калың кол.
Аз гана эмес мол турат,
Алты миң кошун кол турат.
Өңүн бузуп сурданып,
Өйүз, бүйүз жолунда,
Кыйма чапчу эмедей,
Кылычы жалаң колунда.
Кеңеш болуп алыптыр,
Кескерип кылыч калыптыр.
Аларды көрүп алты элчи,
Салам айтып салыптыр.
Салам айтса алик жок,
Оң караган калык жок,
Оң жагынан он беши,
Сол жагынан он беши,
Аттан түшүп камынып,
Алты нөкөр жабылып.
Ой-боюна койбостон,
Оодарып алды атынан.
Алды каткан элчилер,
Абыдан тайды батынан.
Кара жанга баатырды,
Аябай шорун катырды.
Оң колунан бирөө алып,
Сол колунан бирөө алып,
Бир кишини жакалап,
Үчтөн киши сүйрөдү.
Ашыккандан байкуштар,
Сакта деп кудай сүйлөдү.

Ал сөзүнө болбостон,
Андан бетер сүйрөдү.
Алек-далек жүгүртүп,
Аманат жандан түңүлтүп,
Жүткүндүрүп алыптыр,
Жүгүртүп жолго салыптыр.
Жүдөгөндөн элчилер,
Жүрөгү кетип калыптыр.
Алкындырып алыптыр,
Акылынан таныптыр.
Арстан эрлер алдына,
Алып кирип барыптыр.
Сардалдардын алдына,
Сыпаалык менен киргизди,
Барган жерден соо койбой,
Маңдайын жерге тийгизди.
Бу дүйнөдөн кайттың – деп,
Бар сырыңды айткын – деп,
Жаагы менен жаткырды,
Минтип шорун катырды.
Артынан айгай салганы,
Кошундан кабар барганы.
Чындап ажал келбесе,
Чыкпайт экен жан дагы.
Кандарга салам берсин – деп,
Капилет жайды көрсүн – деп,
Андан кийин ушулар,
Каза жетсе өлсүн – деп.
Улукка салам берсин – деп,
Ушул сөзгө көнсүн – деп,
Андан кийин ушулар,
Узак жолду көрсүн – деп.

Жаткырып койгон элчиге,
Айгайды катуу салыптыр,
Жерден башын көтөртүп,
Айландырып алыптыр.
Алда кандай жорук – деп,
Адамдар айран калыптыр.
Арка жагын караса,
Үч кырдуу канжар колунда,
Адам сойчу желдеттен,
Алты желдет соңунда.
Ал ишти көрүп алганы,
Аябай коркуп жандары,
Кандарга салам бек айт – деп,
Каарлап айдап барганы.
Карап турган элчиңиз,
Көз тунарып жалтырап,
Мууну кетти калтырап,
Саламды дурус айта албай,
Тилдери калды балдырап.
Акылдан танып алдырап,
Тиктесе көзү көрө албай,
Туруп калды жалдырап.
Карап турса ордодо,
Карк алтын кийген кандар тур,
Жалгыз бирөөн карасаң,
Санга тийген жандар тур.
Таажылары башында,
Нөкөрлөрү кашында,
Падыша Бакай карысы,
Баарысынын калысы.
Бажырайып башында.
Падыша Бакай кары бар,
Ортосунда чоюлуп,
Оёнуң Манас кары бар.
Астында алтын тагы бар,
Башында дөөлөт багы бар.
Оң жагында олтурган,
Отуз эки каны бар.
Сол жагында олтурган,
Кырк баатыры дагы бар.
Ортосунда олтурган,
Эки каны таажыдар.
Айланасын камаган,
Алты миң кошун дагы бар.
Алмамбет менен Чубак бар,
Айтылуу берен Сыргак бар.
Ак дастарлуу эшен бар,
Ата уулдан нечен бар.
Булбулдай сайрап таңшыган,
Муңдуу бенде жашыган,
Айткан сөзү ширелүү,
Эр Ажыбай чечен бар.
Обозгер, казы, мупту бар,
Кежирлерди келтирип,
Шариятка чыкчу бар.
Нечен түрлүү мыкты бар,
Санжыргалуу каны бар,
Самаган эрдин баары бар,
Ак куранды жаттаган,
Нече түрлүү кары бар.
Элчилер келип турганда,
Жалдыраган көй төрө,
Салам айтса алик жок,
Сүйлөгөн бенде өзү жок,

Сүкүттөн башка сөзү жок.
Кандай жүргөн адам – деп,
Карап койгон көзү жок.
Жерге багып кылкыйып,
Мойнун салып шылкыйып,
Кырга олтурган көй төрө,
Жооп бербейт зыңкыйып.
Эрендерди көргөндө,
Эси кетип селейип,
Элчилер токтоп калганы,
Сыпаалык бүттү токто – деп,
Эр Бакай айтып салганы.
Сыпаалык болду окшомдуу,
Эр Бакай айтып салган соң,
Сыпаалыгы токтолду.
Бакайдан башка бу топто,
Кыңк эткен бенде жок болду.
Аны менен элчиңиз,
Чай кайнамда токтолду.
Бир убакта козголду,
Козголгондо октолду.
Алтын таажы башында,
Алтымыш нөкөр кашында.
Үзүлгөнүн улаган,
Жыгылганын жөлөгөн,
Айрылганын септеген,
Ажыраганын эптеген,
Арбагы баштан кетпеген,
Алдынан душман өтпөгөн,
Намыстанып иш кылып,
Көй төрөнүн кыйласы,
Акылына жетпеген.

Ак калпак түрктүн кыйласын,
Акыл менен тепсеген.
Акылы артык кекседен,
Жанга жаман айтпаган,
Жатык тилдүү Ажыбай,
Кой оозунан чөп албас,
Коңур чечен Ажыбай,
Акылга дыйкан табыштуу,
Айткан сөзү жагыштуу,
Айтканы ката кетпеген,
Сөзү ширин накыштуу.
Эр Ажыбай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
Ачууланып Ажыбай,
Аянбастан бек айтат:
– Көмүктөн ачып алгандай,
Көрдөн чыга калгандай,
Мен көргөн жандай эмессиң,
Мүнөзүңөр ар кандай,
Ким болосуң жөнүңдү айт,
Кайдан келдиң элиңди айт,
Кара каска кууланбай,
Келип турган кебиңди айт.
Айтып билдир өзүңдү,
Айтпайсыңбы сөзүңдү,
Курулай келип бу жерге,
Аландатпай көзүңдү,
Жыластар жыйна эсиңди,
Ишке кылба кесирди –
Деп Ажыбай айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Элчилерде кеп да жок,

Кеп айтарга эп да жок,
Ушундай ишке келдик – деп,
Уялбай турган бетиби,
Умтулуп жооп айтууга,
Ушулардын көтүбү.
Кайдан кылсын намысты,
Кайсаңдашып калышты,
Кайсаңдашып байкуштар,
Капчыкка колун салышты.
Кандардын берген кагазын,
Калдайтып сууруп алышты.
Арстандардын алдына,
Арзын тозуп калышты.
Алып сунган кагазын,
Алган адам жок болду,
Аны менен бир далай
Аш кайнамдай токтолду.
Бир убакта оң жактан,
Зерлүү таажы башында,
Сексен нөкөр кашында,
Алтын кемер белинде
Айыбы жок кебинде,
Адилдик кылган элиме.
Сырдыбайдын баласы,
Сыргак баатыр зымпыйып,
Айтпай сөзүн тымпыйып
Аста турду кымпыйып.
Басып Сыргак барды эми
Баякы катты алды эми.
Баатырынын астына,
Пашаалык такта үстүнө,
Барып жазып салды эми,
Байкап карап калды эми.
Оён Манас султаның,
Окуп-окуп билди эми.
Окуп болуп кагазды,
Мыйыгында күлдү эми.
Көй төрөм менин күлгөнүм
Кагаздан окуп билгеним
Оозумдан жанга чыгарбай,
Ойлонуп жүргөн бир кебим,
Кылып жүргөн тилегим,
Тилегимди билемин.
Тилекти кудай бергенин,
Тиктеген ишим келгенин,
Көктөн тилеп жүргөнүм,
Көрүнөө жерден келгенин,
Арзып жүргөн ишимди,
Алданын анык бергенин, –
Деп ал сөздү айтып акырын,
Кубанып калды баатырың.
Кубанганын көргөн соң,
Тура калып оң жактан,
Төөдөй болгон көк добул
Төрт азамат какты эми.
Сүйүнчү добул какканы,
Төрөсүнө жакты эми.
Кубанычтуу добул кактырды,
Катчыга катын тапшырды.
Ар тарапка баатырың
Алтымыш жигит чаптырды.
Өкүм ээси баатырың,
Өз элин тойго чакырды.
Кабылан Манас баатырың,

Канча түрлүү ой кылды,
Бүгүндөн баштап той кылды.
Азаматтын баарысын,
Казыналык болдуң – деп,
Катындан айрып бой кылды.
Зардалдарга ой болду,
Сарамжал кылчу той болду.
Союшуна сойгону,
Сан сары башыл кой болду.
Агар алтын ак күмүш,
Казынасын ачтырды.
Бей-бечара алсын – деп
Көчөлөргө чачтырды.
Элчилерди апарып,
Той өткөнчө жаткырды.
Жакшы сыйлап баккын – деп,
Билимдүүгө бактырды.
Ак дөбөдөй эт кылды,
Ала-Көлдөй чык кылды.
Айкөл Манас султаның
Ойроттун баарын чык кылды.
Алты күндө той тарап,
Калктын баары кайтты эми.
Жаштар мага керек – деп,
Кабылан Манас айтты эми.
Ак сакалдар карысы,
Акылмандар баарысы,
Балдарга акыл кеп айтат:
Ой-ой балдар,ой балдар
Осолдукту кой балдар,
Ойлоп турсак ушуну,
Оңдурбай турган той балдар,
Бу бадирек канкордун,
Катыны эркек тууган жок,
Эч болбосо бу канкор,
Калмактын жылкы кууган жок.
Же атасы өлгөн аш эмес,
Кесепеттүү канкордун
Ушул иши жакшы эмес.
Балдардын баарын алат бейм,
Чалдарды жыйнап салат бейм.
Кан ичмесин карматып,
Бир жакка казат барат бейм.
Бул алда кандай заман – деп,
Бул жоругу жаман – деп,
Аман калсак болду эле,
Калтырбайт канкор аман – деп.
Балдар силер байкабай,
Алаптайсың наадан – деп.
Аксакалдар жемелеп,
Айтып-айтып торгоду,
Боз балдар бого болбоду.
Болбой мойнун толгоду.
Чалдарга балдар кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
– Кары болбой калыңар,
Сөзгө кулак салыңар.
Ашкере көрбөй жамандык,
Алжыганың баарыңар.
Азыркысын аңдасаң,
Айткан сөздү танбасаң,
Ордодо аман жатпайбы,
Оён Манас каныңар.
Манас аман турганда

Катыла турган душманды
Кайдан таап салдыңар.
Кимден кабар алдыңар,
Арстаның аман турганда
Урунарга тоо кайда
Урушарга жоо кайда?
Бузук экен оюңар,
Бул сөздү чалдар коюңар.
Бекер кайгы не пайда, –
Деп калжырады чалдары.
Басып койду балдары.
Алты күндө той тарап
Жай-жайына эл кетти.
Жетинчи күндө жол бошоп,
Элчилерге кеп жетти.
Элчилер мында келсин – деп,
Элчилерди жоктотуп
Арстаныңдын алдына
Айдап келди топтотуп.
Элчилерди киргизди
Эрлигин султан билгизди.
Аягын тике тургузуп
Алтын жака дейилде,
Ар бирөөнө султаның
Алтымыш сарпай кийгизди.
Арстан Манас көк жалың,
Арстандыгын билгизди.
Аны менен тим койбой,
Алты бедөө мингизди.
Аз эмес султан мол берип
Үч жүз алтымыш тон берип,
Алты аргымак ат берип,
Колуна жазып кат берип,
Бар элчилер кайт – деди.
Кандарга салам айт – деди.
Көргөнүңдү көчүрбөй
Укканыңды учурбай
Уккан,көргөн сөзүңдү,
Кандарга барып айт – деди.
Сен айтпасаң дайындап
Бул айтууга жазган кат –деди.
Алиги келген элчиңиз
Аңдоого келген ченчиңиз.
Жандары тирүү калганга
Жалтырак кымкак алганга,
Соодагердей кампайып,
Тондорун артып дампайып,
Кымкабын кыя бүктөшүп,
Кыя карап тиктешип,
Кызыталак канкордон,
Кутулдукпу шүк дешип.
Туварын туура бүктөшүп
Тулпарга кошун жүктөшүп.
Туйгун Манас баатырдан
Кутулдукпу шүк дешип.
Камканы кайра бүктөшүп,
Качырга кошун жүктөшүп,
Кабылан Манас канкордон
Кайттыкпы аман шүк дешип.
Киреси тийип колуна,
Элчилер түштү жолуна.
Анда-санда элеңдеп
Кылчактап карап соңуна

3-бөлүм

ЭЛЧИЛЕРДИН СӨЗҮ. ЭЛЧИЛЕР КАЙ ТҮРЛҮҮ КЕЛГЕНИ

Арага келген алты элчи,
Аңдоого барган жалпы элчи,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Он үч күнү жол жүрүп,
Бөлөгү кымбат бөз арзан,
Татымы кымбат тузу арзан.
Катыны кымбат кызы арзан,
Жайлоосу кымбат кышы арзан.
Керме тоонун боюна,
Кең Котондун боюна,
Элеман кандын баласы,
Эр Төштүктүн тоюна.
Көпчүлүктүн ичине,
Элчилер келип илинди.
Элчи келди деген сөз
Элге текши билинди.
Тойдо жүргөн кары-жаш
Торгоп-коргоп кеп сурайт,
Тобурчак аттар кут болсун,
Токтоңор балдар деп сурайт.
Аралап келдиң алачты,
Басып келдиң Таласты.
Балдарым айтып бергиле,
Байкадыңар Манасты,
Алач кандай эл экен,
Талас кандай жер экен.
Балдарым айтып бериңер,
Манас кандай эр экен, –
Деп карылар айтып турганда
Сурап сөздү урганда
Элчилер анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Ага-ини туугандар
Манасты сурап нетесиз.
Манастын жайын мен айтсам,
Төрт-беш күнгө кетесиз.
Тамам болбойт бир күндө,
Тынбай айтсак күн-түндө.
Эртең эмес бүрсүгүн
Ушул маалга жетесиз.
Манас деген бар экен,
Пашаалыгы ашык жан экен.
Азыр жүргөн форумун,
Алтын так минген орунун,
Манас эмес байталман,
Баарысын эптеп айталман.

Ооз менен ойронду,
Эп келтирип айталман.
Ачыган экен дөөлөтү,
Атагын уккан байталман,
Коюңарчы ага-ини
Коркуп келдик ушундан.
Сөзүңдү койчу мусулман,
Кырк чоро деген шайтан,
Азыркы жалган дүйнөдө,
Ага кусур айталман.
Андан башка сөз жок – деп,
Айрып айтар кези жок,
Кандарды көздөй кайрылбай,
Жөнөп калды дабырап,
Кара аламан калың журт,
Калды сүйлөп жабырап.
Токтолуп бизге турбады
Токтотуп сөздү урбады.
Кандарга барып айтар – деп,
Кошо барган адамдар,
Кобураган элчинин
Сөзүнө канып кайтар – деп.
Шуттуунун баары жабырап
Сөз сүйлөшүп дабырап,
Артынан кошо жөнөдү
Тойдо жүргөн кары-жаш,
Кобурап кошо барышты.
Кары-жашы аралаш
Элчилер келип калганы.
Эгилип атын алган,
Абыр-дабыр сүйлөшүп,
Камчыларын сүйрөшүп,
Сандыргалуу кандарга
Салам айтып бөкчөйүп,
Сай кашканын баарысы
Кырга олтурду чөкчүшүп.
Алиги келген элчилер,
Аш тамакка тойгон соң
Алакан жазып кол жайып
Бата кылып койгон соң.
Алтын селде бир кучак
Аксакалдан Музбурчак.
Элчилерден кеп сурайт
Не деди Манас деп сурайт.
Элчилер анда кеп айтат:
– Ой, улуктар – деп айтат.
Манасың да курусун
Ким билиптир мунусун.
Адамзат бендеси
Айтар эмес жумушун.
Барган күнү камады,
Башта акыл калбады.
Ар бир-ар бир желдеттен,
Арстандай чамынып,
Алты күнү камады,
Акыл башта калбады.
Каргашалуу канкордун,
Камоосунан чыкпадык.
Манасыңдын өзүнөн
Бир ооз кебин укпадык.
Алты күнү жаткырды,
Аңгемеге батырды.
Алты күндө жол берди
Жол бергенде мол берди.

Карабастан жашына
Ар кишинин башына
Алтын жака дейилда,
Алтымыштан тон берди.
Алты бедөө ат берди
Колубузга кат берди.
Эшикте бедөө аты – деп,
Мына бу берген каты – деп,
Акылыңа току – деп
Алып молдо оку – деп.
Элчилери муну айтып
Эгей, Шыгай кандарга
Эрегишкен жандарга
Кагазын сунду булайтып:
Кан кашында жолдошу
Обозкер казы, молдосу,
Кагазын алды колуна
Караңар сөздүн соңуна.
Жайын алып четине,
Кармап алып бетине,
Окуп молдо караса
Ойдо жок кызык тамаша.
Элчиден берген кандарга
Эр Манастын каты бар,
Эң башында катынын
Кадыр алда аты бар.
Андан кийин окуса
Ысмы Герам заты бар.
Төрт мукарап бериште
Ушулардын аты бар.
Төрт миң төрт жүз пайгамбар
Жыйырма сегиз мурсал бар.
Калгандары набылар.
Төрт чалыян дагы бар.
Булар тамам өткөн соң
Муштайттар кеткен соң
Пайгамбарлар өткөн соң,
Баштакылар кеткен соң
Атым айкөл Манас – деп
Атагым түрк алач – деп
Азия да Түркстан
Жети-Суу жерим Талас–деп.
Жергеси менен катарлаш
Жети-Суу агат каркыбар.
Алтайдан келген алачтын
Жети-Сууда калкы бар.
Ар суусуна карасаң
Алда канча баркы бар.
Ак калпак түрктүн балдары,
Атадан калган салты бар.
Сандыргалуу төрөңүз,
Салтын санжап жазыптыр,
Аягына келтирип
Сары алтын мөөрүн басыптыр.
Дагы карап турбастан
Башка сөздү урбастан
Кагазында кеп айтат:
– Мен канкор Манас – деп айтат.
Тилимди билген мусулман
Ибарат алсын ушундан.
Тилим менен келсин – деп,
Тил билбеген журт болсо,
Тилмечи жооп берсин – деп.
Катымды көрүп келсин – деп,

Канкор Манас деп жазган,
Атымды көрүп келсин – деп,
Өзүмдү билген мусулман,
Өзүмдү билип келсин – деп,
Өзүмдү билбей калгандар
Катымдан кабар алгандар,
Өткүр Манас деп жазган,
Сөзүмдү билип келгин – деп,
Ушул айткан сөзүмдү,
Укканыңар ойлогун,
Так кырк күндө келген–деп,
Нары четин болжодум.
Ал кырк күндөн калганың,
Сөзүмдү каршы алганың,
Укумуңдан тукумуң,
Убайым тартып жүрбөгүн.
Акылың болсо ойлонуп,
Айтканыма кирбеген
Чындап төксөм каарымды
Түз кылармын шаарыңды.
Кепке алдым сенин барыңды
Келтирбе менин каарымды.
Келтирсең менин каарымды,
Кетирермин арыңды.
Болжогонум кырк күн – деп,
Айттым катка сөзүмдү.
Ачып кара көзүңдү.
Алгың келсе өчүңдү,
Алың келсе алты кан,
Аябагын өзүмдү.
Үрпөк баштуу туу келгин,
Үпчүн кийген эр келгин.
Ураан тарткан чуу келгин,
Үйөр аккан суу келгин.
Кара кулак шер келгин,
Калкан кийген эр келгин.
Үйөр аккан сел келгин,
Үй токтоткус жел келгин
Үй токтогус жел келсең,
Тобокелчи бир өзүм,
Тобокелде турармын,
Тозуп турчу эр өзүм.
Учан теңиз көл келсең
Үйөр аккан сел келсең,
Айры,кетмен колумда
Алым келсе бурармын.
Ажал келсе аргам жок,
Моюн сунуп турармын.
Пендеге башым ийбеймин,
Алдадан жардам сурармын.
Баксасы бийик дубалмын.
Тобокел деп турармын.
Төкөрүм болот тынармын,
Барким алтын чынармын.
Күчүң жетсе басып жык,
Балтаң өтсө кесип жык.
Баатыр болсоң ашып чык,
Катын болсоң качып жык.
Жети каның чогулуп,
Кеңешериңдин камын кыл, –
Алты каның чогулуп,
Аларыңдын камын кыл, –
Деп тамам болду аягы,
Канкоруңдун кагазы,

Каарланып кат жазган,
Калың түрктүн Манасы.
Аңдап турган кандарга
Барбайбыз деп айталбай.
Баарысы мыкты кыраандар
Баштагы сөздөн кайталбай.
Кырка олтуруп кыраандар,
Аралашкан арстандар
Ажыдаардай сүрү бар,
Айбаты журтту баскандар,
Кагаздан угуп кабарын,
Үндөгөн бенде жок болду,
Антип-минтип баарысы,
Аш бышымдай токтолду.
Чыдай албай кандарга,
Эркек болуп эл бийлеп,
Элге маалим зардалга.
Төрө Төштүк күүлөндү,
Кандарга карай сүйлөндү.
Атаңдын көрү алты кан,
Акылдан айнып тантыган,
Бабаңдын көрү алты кан,
Башынан сөзү тантыган.
Элинде жүрсө мыкты кан,
Элирип сүйлөп чыкчу кан.
Урсун кудай барыңды,
Музбурчак баштап карыңды.
Каза жетип күн бүтсө,
Катасың кайда жаныңды.
Же жайына тим койбой,
Жайдары Манас каныңды.
Оолугуп калды ол Манас
Оңдурарбы барыңды.
Сойлоп чыкты ажыдаар,
Сонун иши кыйла бар.
Куйругун басып алдыңар,
Оозун ачып оп тартса
Алкымына Манастын
Кирбей кантип калдыңар.
Күн чыгышта бириң бар,
Күн батышта бириң бар.
Күүлөнүп баарың жүргөнүң,
Төгүлө турган жиниң бар.
Төрө Манас баатырга
Аккула менен качырса
Айбатына жол тосуп,
Тура турган кимиң бар.
Эми Манас иш кылар,
Бир кишиңди тыш кылар,
Бир кишиңди ич кылар.
Жай күнүңдү кыш кылар,
Айкөл Манас тим турбас,
Билдирбестен иш кылар.
Аягында алып барып,
Барыңды бирдей мыш кылар.
Төштүктү айтар төрөм – деп
Төрөмдү жакшы көрөм – деп.
Ортобуздан кеп кетер,
Муну менен кекетер.
Бузукту сенден көрдүм – деп,
Бура салып келдиң дээр.
Музбурчакты кекетер,
Муну менен иш кетер.
Жамгырчыны айтар эрсиң – деп,

Тагам жакшы келдиң – деп.
Санжыбекке сүйлөнөр,
Жаман киши сенсиң – деп.
Кеп ичинен кеп айтар,
Көкүш,Көкчө деп айтар,
Үрбүнү айтар иним – деп,
Үрбүдөй мыкты кимиң – деп.
Бириңди айтар агам – деп
Бириңди айтар тагам – деп.
Бириңди айтар чабал – деп.
Бириңди айтар жаман – деп.
Бирине бирин кас кылып
Минетип Манас куучу,
Билеселүү канкордун
Билдирбей бүтөт жумушу.
Эми кайтып айныба
Айнып шоруң кайнаба.
Эртеңки күнү кор болуп,
Эки көзүң жайнаба.
Төгүлбөй турган кан болбойт,
Өлбөй турган жан болбойт.
Тобокелге салалык,
Толгон кошун алалык.
Келгин дептир,
Токтолбостон баралык.
Эсеп жеткис эл менен
Эл бийлеген эр менен
Конуш жеткис кол менен
Кол бийлеген зор менен.
Жайыт жеткис жан менен
Саркерделүү кан менен.
Түмөн кошун алалы,
Түгөнгүргө баралы.
Түгөнгүрдүн үстүнө
Дүбүрөп түшүп калалы.
Карарып жаткан калаадан
Катын менен баладан
Оолак чыгып алган соң,
Ордосуна барган соң,
Оң кыялы кармаса
Оюлтуп берет орусту.
Келе турган заманга
Кеңитип берет конушту.
Кыйратып берет кытайды,
Кылымдан туубайт мындайды.
Канап берет каңгайды,
Казына бузуп далайды.
Баргандын баары тунарсың
Карк алтын кылып сарайды.
Барганың жыргап калыңар,
Калмактан салып малайды.
Итчилиги кармаса
Райым деген анда жок,
Тозо турган жан да жок.
Каары катуу санда жок.
Мага десе барганда
Маңдайлашып калганда
Кырып ийсин баарыңды,
Кыйып ийсин жаныңды.
Кыргыздан тукум калтырбай
Ичип алсын каныңды.
Барбаган менен иш болбойт,
Ушул жерде чабылдың,
Каргашага жолугуп,

Кан Манаска кабылдың,
Ар кайсың бар ар жерде,
Акыры аман калбайсың,
Арстан Манас бар жерде.
Кырыласың ар жерде
Алапайың таба албай,
Жашырган сөздөр жабылбай,
Жашынып жатып алганча
Үйдө өлүм болгончо,
Алдырсак да, алсак да
Тобокел кылып көрөлүк.
Чогулган менен жөнөйлүк,
Чогуубуз менен өлөлүк,
Илгери-кийин калбайлык,
Итчилик кылып салбайлык.
Жолборстон күчтүү канкорду
Үстүнө барып камайлык.
Бул сөздү айтып кандарың
Жолго байлап жандарын
Төштүктүн тоюн таратты.
Оркоктордун баарысы
Омурандап ал күнү,
Очоктун ордун карашты.
Казактын Көкчө жолборсу
Кашында төрт жүз жолдошу.
Атка минип алганы,
Арал менен салганы.
Аянбастан жол жүрүп,
Арадан кечип дайраны,
Кытмырдын жолун кыдырып,
Шыйпандын боюн сыдырып,
Шыйкуунун жерин кыдырып,
Эртиштин боюн сыдырып,
Сары-Аркага самсытып,
Эр Көкчө келди үйүнө.
Үрбү келди айтылуу,
Эки Кемин, Чүйүнө.
Кашкарды басып кайрылбай,
Торугартты басып токтобой,
Кара-Кулжа төр ашып,
Катары менен жол басып,
Анжыянда Санжыбек
Ал келди Ооган чебине.
Аягы Ташкен, башы Өзгөн,
Жалпы өзүбек элине,
Буудайык кандын Музбурчак,
Мургаптын жолун сыдырып,
Бу да келди Кебилге.
Букардын жолун кыдырып,
Жамгырчы билген Кашкарды,
Жалпы журтун башкарды,
Даяр болуп турган – деп,
Жайланып кеңеш кургун – деп,
Жети кан бирдей барат – деп,
Жеткендер олжо алат – деп,
Барбагандын баарысы,
Жигит турсун карысы,
Арманы ичтен арылбай,
Акыретке калат – деп.
Жалпы журтка уктуруп,
Жамгырчы кетти Алайга,
Аңдап турсаң бул сөздү,
Арты кетер далайга.
Жамгырчыдан кеп угуп,

Жайы ушундай деп угуп
Аты бардын баарысы,
Ат-атына минишип,
Аты жоктун баарысы
Ат кадырын билишип,
Атаны арман дүйнө – деп,
Алты эшегин бир атка
Сатып алып минишип.
Саадагын белге илишип,
Салпылдаган кашкарлык,
Жайнап жолго киришип,
Убада сааты толгондо,
Убакты күнү болгондо,
Элемандын эр Төштүк
Туу көтөрдү коргондо.
Жардык айтып калкына,
Туу көтөрдү кол жыйды,
Душманга туура чабуучу,
Баатыр,балбан мол жыйды.
Билеги жоон балбандан
Билими артык зардалдан,
Жети түмөн кол алды.
Төөдөй боздоп күңгүрөп,
Төрө Төштүк дүңгүрөп,
Төрөңдү көздөй жол алды.
Алайды айдап самсытып,
Эштектин жарсытып,
Кашкардын баарын
жыйнатып,
Кашкарлыкты кыйратып,
Артышты басып жол менен,
Алты түмөн кол менен,
Алдына түштү Жамгырчы,
Экинчиси эр Төштүк,
Үчүнчү колго Үрбүңүз,
Аз гана эмес мол менен,
Торудан жыйып кошунун,
Эки жүз миң кол менен.
Эгиз кара ат байлаган,
Эки Кемин жайлаган.
Үрбү жүрдү күңгүрлөп,
Чүйдү бойлоп дүңгүрлөп.
Сары-Аркадан жол алып,
Сапырылтып мол алып,
Санжыргалуу эр Көкчө,
Сандуу түмөн кол алып,
Сан казагын самсытып,
Конгон жерин жарсытып,
Көкчө жүрдү Манаска.
Тишин кайрайт алачка,
Азыркысын кол курап,
Аталган жери Таласка.
Ордо Шайкы, көк жеке
Орчун Кокон, Маргалаң,
Анжыяндын Санжыбек
Таласты көздөп жол менен,
Жеке башы Санжынын,
Жети түмөн кол менен,
Ал дагы жолго салды эми.
Буудайык кандын Музбурчак,
Муздай саны бир кучак.
Кебилден кеңеш кеп албай,
Келгенин журту эп албай,
Эп албаган себеби,

МАНАС

Түбүндө түйүн кеби бар,
Түркмөн менен Ооганды,
Акун кан билер эби бар.
Кабил менен Еранды,
Кыйба менен Үргөнчтү
Ооган менен тажикти
Өзүбек менен түркмөндү,
Жолборстон күчтүү чоң түркмөн,
Жонунан билген Акун кан.
Жооп тийген Акунга,
Айкөл Манас баатырдан
Көпкөндүктөн катылган.
Ичмекейи ичинде
Илелеп жаткан Акун кан,
Буудайык кандын Музбурчак,
Оогандан көөнү тына албай,
Өкмөтүн жүргүзүп
Өзүнчө жардык кыла албай.
Кайратты кабат кылганга
Кан Акундан жазганып,
Кан Акун кеткен Манаска.
Калкында эркек азайып.
Анча-мынча кол менен
Оогандан чыгып аттанып,
Ойлонуп сөзүн жатка алып.
Букарга келип Музбурчак,
Тажиктен терип кеп алып,
Олжону калың алмакка
Ортосуна салмакка,
Музбурчак айтып турганда
Тажиктер сөзүн эп алып.
Буудайыктын Музбурчак,
Букардан чыгып жол алып.
Элим аздык кылбас – деп
Эки жүз миң кол алып.
Келе берсин Музбурчак,
Бурчакты мындай коёлук,
Айкөлүң Манас баатырдын
Кабарында болуңар.

4-бөлүм

АЛТЫ КАНДЫН МАНАСКА БАРЫП ЖОЛУККАНЫ. АЛАРДЫ МАНАСТЫН КҮТКӨНҮ

Айкөлүң Манас султаның,
Аянбаган шумпайың,
Ушу бүгүн караса
Эсеп кылып санаса,
Кыраан Манас султаның,
Кылымга саны толуптур.
Болжогону кырк күнү,
Эртеңки күндө болуптур.
Эртең конок конор – деп
Курттай кайнап толор – деп,
Азыноолак журт эле
Жүрөк майлуу курч эле,
Атайтуу жери Ногой – деп.
Кайдан бул иш оңой – деп.
Кабылан Манас баатырың,
Калкы үчүн кайгы жеп.
Кабарчыктап олтуруп,
Кадыр алдам колдо – деп
Чыканак жерге салбады,
Чырм этип уйку албады.
Чырм уйку албастан,
Жаңга кеңеш салбастан,
Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо,
Түпкү сыры султандын,
Түйшүк салмак кор конок.
Ак күбөнү жамынып
Арстандай чамынып,
Илесин ойлоп султаның
Иш баштоого камынып,
Калары жок аянып.
Ак келте мылтык таянып
Алтын добул көтөрүп
Айбат менен жөтөлүп,
Эшикке элким чыгыптыр,
Элирип төрөң туруптур.
Эшигинин астында
Агачтан акыр чаптырган
Айтылуу буудан чоң Кула ат
Азем менен бактырган.
Кумдуу жерге оонаткан,
Кудуктуу жерден сугарган.
Үртүктү каба жаптырган,
Үкүнүн жүнүн тактырган.
Урматтуу күлүк чоң Кула ат
Чылбырын чечип жетелеп,

Алып чыкты султаның,
Айылдан алыс жекелеп.
Сандыргалуу падыша
Жан киши жок кашында
Боз дөбөнүн башына
Болукшуп келип турганы.
Колундагы мылтыкка
Кочуштап дары куйганы.
Кой боорундай коргошун,
Колдуратып урганы.
Кололуу сүмбө колго алып
Огун чыңап турганы.
Күн чыгышты карата
Көтөрө түшүп көк жалың
Күркүрөтө бек атты,
Нээти казат деп атты.
Аркасынан токтолбой,
Алтын добул бек какты.
Асманда кызыл өрт болуп,
Ак келте үнү жаңырды.
Арстан эр карап турабы,
Ач кыйкырык жаңырды.
Айгайын уккан адамдар
Акылынан жаңылды.
Жазайылчы желдеттер,
Замбирекке камынды.
Казынага жаткырган,
Казат үчүн бактырган,
Кыйла журттан издетип
Кымбат менен таптырган.
Жеке башы карандын,
Жетимиш киши бактырган.

Абзелдеген замбирек,
Айтып-айтпай не керек,
Атпаганы көп болгон,
Ичи кызыл дат болгон.
Ою менен билди эми.
Он эки муршап кирди эми,
Кыргы менен кырдырып,
Кызыл кум менен сүрдүрүп,
Араба менен дарысын
Аябастан баарысын
Кыя тартып сундуруп.
Алып келип куйдуруп,
Алачыктай чоюнду
Аңдап көргүн оюнду.
Ок ордуна урдуруп,
Обочо жерге курдуруп.
Түбү менен карагай
Түз-ийрисин карабай,
Сүмбө кылып алдырып.
Түртүп огун салдырып,
Айкөлдүн кылган иши – деп
Адамды айран калтырып.
Куржун көзү дарыны
Кулагына салдырып,
Анын арка жагынан,
Алты жүз аркан алдырып,
Алтымыш чынар терекке,
Аябай чырмап таңдырып.
Алыстан туруп муштаптыр,
Найза менен от берди,
Атканда жер-суу солк этти
Укканда жүрөк болк этти.

Күн күркүрөп басылды,
Туман түшүп ачылды.
Жер дүңгүрөп басылды.
Жер союлуп казылды.
Дөөгүрсүгөн төрөлөр,
Төшөгүнөн чачылды.
Төшөктө чалдар туйлады,
Бешикте балдар ыйлады.
Кумган отто кыйрады,
Журтту кудай сыйлады.
Байлоодо күлүк туйлады,
Малчылар малын жыйнады,
Төө боздоду буркурап
Иттер улуп чуркурап,
Камоодо эшек айкырды,
Матоодо тайлак бакырды.
Бети курсун бул иштин,
Меймаал тоок туш-туштан,
Кулак тунуп чакырды,
Көрүп заман акырды
Жан кулактын учунда
Жаканын кол тышында.
Жандан коркуп көпчүлүк
Салават айтты ушунда.
Кудай уруп салды – деп
Не калба чыгып калды – деп.
Турган жандын баарына
Түлүк түшкөн түн болду,
Топ башынын баарына
Мүлк түшкөн күн болду.
Калк бийлеген ыктууга
Түлүк түшкөн күн болду.
Айыл билген мыктууга
Мүлк түшкөн күн болду.
Жандын баары тобо – деп
Сүлүк түшкөн күн болду.
Кырк чоро деп аталган,
Кылымдан чыккан кырк жайсаң
Атагы чыккан дапдайын,
Кошун башы кырк зардал
Сексен даяр жан болуп
Башчысы Бакай кан болуп
Баатыр Бакай кары бар,
Баатырлардын баары бар.
Кылымдан чыккан кырк жайсаң,
Кызматы дайын кырк зардал.
Ар кимисин санжаптап
Аттарын айтып өтөлү.
Ата-тегин дайындап
Заттарын айтып өтөлү.
Кырктын башы Кыргылы,
Кыркында көпкөн дыңкылы.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай
Күлдүргүсү Ажыбай.
Маңгыттардын Мадыбай,
Кыргыздын беги Кутунай.
Азиз кандын Алмамбет
Акбалтанын Чубагы,
Серек менен Сыргагы.
Сезбей турган чырагы.
Арзын Кошой алиги
Калкаман, Калдар,Чалиги
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төлгөсү журттан бөлөгү.

Агейдин уулу Бөрүчү,
Агыдай далы көрүүчү.
Ар кандай заман келээрин
Ашкере айтып берүүчү.
Түшчү чоро Жорубу
Түш көргөндө жоруру.
Аныk айтып, ак сүйлөп
Адамдан артык жоругу.
Акбай, Мамбет жойрубу,
Жоодалы, Камбар, Шайбыры,
Чыңыроо байдын Чынгышы
Адамга ысык жылдызы.
Эр Адуучу Куужигит
Бул да өзүнүн кыргызы.
Уйгурлуктун Малиги
Каратоко,Мажиги
Алооке кандын Боокеси
Кан Коңурдун акеси.
Коңгуроолу байдын Кош Абыш
Кош башкарган эр Абыш.
Ырчыуул, Бозуул ыктуусу
Баймат тазы мыктуусу.
Казат десе камданып,
Каршы жоого чыкчуусу.
Аргын кара Кожосу,
Айтылуу баатыр ана ушу.
Казактардын Жоорунчу,
Казатта кайгуул Тоорулчу.
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Бөрүдөн мыкты көсөлү.
Түрк казатка кол жүрсө
Түн ичинде жол жүрсө
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түрктөн мындай табылбас.
Түмөн Жайнак,Шуутусу,
Түрктөн чыккан куу ушу.
Казатка түрк кол жүрсө
Караңгыда жол жүрсө,
Карсектин изин жаңылбас
Калктан мындай табылбас.
Кадыр Жайнак,Шууту,
Калк жайкаган куу ушу.
Кырк жайсаңды өткөрдү,
Кылар иши эп келди.
Кырк чоронун найыбы,
Кырк зардалга кез келди.
Кошун кармап туруучу,
Аянбай кызмат кылуучу.
Кошун башчы кырк зардал
Айтылып өтөт мына ушу.
Аргындардын Албаны,
Азаматтын зардалы,
Алачтан чыккан Сейитти
Алымдын уулу Найманы.
Шыңкынын уулу Кербени,
Дөбөттөрдүн дөрбөнү,
Саргыл аттуу Сатайы,
Сабай бийдин Атайы.
Үйшүндөрдүн Үмөтү.
Үмөттүн уулу Жайсаңы,
Бообек,Шаабек,Шүкүрү,
Баарысы ноён түрк уулу,
Арбандардын Алтайы.
Дөрбөндөрдүн Төртайы.

Топтун башы Тоготой,
Топ башкарган Соботой.
Эл башкарган Эламан,
Калк башкарган Калкаман.
Калчалардын Карбозу,
Кандылардан Кадырбай.
Кара сакал Надырбай,
Акайдын уулу Аргынбай,
Жоо бөрүсү Эрменбай,
Мылтык адис Кербенбай,
Экөө бирдей мерген бай,
Урумдан качып келген бай.
Эсеттердин ыктуусу,
Найзакердин мыктуусу,
Кара калпак Жаркынбай.
Каранын уулу Алчынбай,
Абектин уулу Арстаны
Айбаты сүрдүү дастаны.
Жолборс жүрөк Жоломан,
Жоо бөрүсү Байдаркан.
Түгөлдүн уулу Төлөгөн,
Түркмөндөн келген Көбөгөн.
Нойгуттардын Шыңкысы,
Жортолмону мына ушу.
Жортолмону Чагатай,
Баарысы алач кыргызы.
Сандыргалуу эр Бөкөй,
Зардалдардын баатыры,
Сарбаздардын башчысы,
Оробайдын акылы,
Белгилүүсү Бектемир,
Керкөкүлдүн жакыны.

Адатайдын Чымыры,
Аныk түрктүн уругу.
Басалгалуу Баймырза,
Сай кашканын тунугу.
Кара жаак Калканбай,
Каршыккан жоонун жолборсу.
Басып чагат чалкандай,
Майдалап таштайт талкандай.
Кылымга дайын кырк жайсаң,
Кызматы күчтүү кырк зардал,
Сексен оён тандалып
Башын кошуп жамдалып.
Баатырлардын баарысы
Баш болгон Бакай карысы.
Жайсаң амал кырк төрө
Зардал аман кырк баатыр.
Жан жабыла ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Сандыргалуу султандын
Салтанатын көрүптүр.
Манасты көздөй бет алып,
Жалпы жөнөп келиптир.
Алардан мурун озунуп,
Ак куудай мойну созулуп.
Ашмаранын ары жагы,
Алмалуунун оюнда,
Аккан суунун боюнда
Арстандар келер жолунда.
Дөөлөт кушу башында,
Төрө Алмамбет кашында.
Абакеңиз эр Бакай,
Турган экен ушунда.

Аркасынан ат минип,
Аянбастан бат жүрүп,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы.
Кырк чоролор келгени.
Кыраан Бакай карыга,
Ийилип салам бергени.
Абакең алик алды эми,
Айлана курчап кырк чороң
Артынан курчап кырк оён
Абакеси Бакайды.
Курчап тура калды эми.
Абасы Бакай кеп айтат,
Азаматтар деп айтат:
– Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен туйганды туйдуңбу.
Туйгундардын баарысы,
Же туйбай-билбей турдуңбу.
Кызылдан селде чалынып,
Кызматка кийди кызылды.
Кыйла күн болду капыр ай,
Манастын кую бузулду.
Баарың жүрүп алаптап
Байкабайсың ушуну.
Бузулгандын белгиси
Булбулу сайрап үн катты,
Бугусу өксөп күн катты.
Тотусу сайрап үн катты.
Добушун баспай түн катты.
Канетип Манас тим жатты.
Бозала тулпар түлөптүр,
Болоттун баарын бүлөптүр.
Ак бурчук аттыр түлөптүр,
Албарстын баарын бүлөптүр.
Аргымак аттар жараптыр,
Асман-көккө караптыр.
Тобурчак аттар жараптыр,
Тоонун башын караптыр,
Токтобостон оолугуп
Тозок кылмак болгон бейм,
Толкуп чыгып бир жакка
Казат кылмак болгон бейм.
Алакандай журтума
Азап кылмак болгон бейм.
Термелди тоонун эгизи,
Чайпалды дайра теңизи.
Чаңдады талаа тегизи.
Уруп кеткен канкоруң,
Улуу черүү кыларда,
Ушундай эле белгиси.
Угуңар муну эрлерим
Аңдаңар арстан бектерим.
Абаңар айткан кептерин.
Аттанып чыккан эрлериң,
Алда билет үйүнө
Аман кайтып келерин.
Эс оодарган бир кепти
Эр Бакай айтып салганы.
Абасы айткан бу сөздү
Арстандар угуп алганы.
Акылы терең кырк баатыр,
Айран-азыр калганы.
Сөзгө кулак салышып.
Бул сөздү угуп алышып

Буудан минген көй төрө
Булкунтуп атын жарышып.
Сандыргалуу оёндор,
Таңдын өрө-середе
Дабыратып чапкылап
Жетип келди төрөгө.
Сырттан Манас баатыры,
Чыгыптыр жалгыз дөбөгө.
Байкап көрсө баатырдын,
Баякыдай түсү жок,
Баштагыдай жүзү жок.
Адам чыдар көзү жок.
Арбын каары келиптир,
Ажыдаар түгүн салыптыр.
Кыялын бузуп султаның
Кыйгачтап карап калыптыр.
Астыңкы ээрди албайып
Үстүңкү ээрди калбайып.
Заар чыгып бетинен,
Карарышы түн болуп,
Бүркөлүшүн карасаң,
Кайра жаар күн болуп.
Астыңкы ээрди албайып,
Кандалчынын кабындай.
Муруттарын карасаң
Бурулуп балта сабындай.
Көздөн чыгып зардабы,
Көмүрдү кабат үйдүргөн,
Көрүк менен күйдүргөн.
Көмүрдөн чыккан жалындай,
Кайраты калың түн болуп,
Кайратын көргөн тим болуп.

Бетинен чыккан ызгаары
Беш байпактык жүн болуп,
Кышкы кирген буурадай,
Кычырап тиши ун болуп.
Олтурган Манас оёну,
Ойлогон ишин кылбастан
Оёнуң Манас коёбу,
Аны көрүп кырк баатыр,
Аттарын байлап алыска
Айтып салам калышка.
Байкап көрүп сыртынан
Баш көтөрөр бир жан жок
Баатыр кандай жумуш – деп
Баянын сурар тир жан жок.
Кудай урган экен – деп
Айтпайлык деп бекер кеп.
Кужурланып бу канкор,
Ачууланып кетер – деп.
Каарына чыдабай
Кара жерди чукушуп
Астыртадан бөйрөккө
Бирин бири нукушуп.
Мындай каары тутчу эле
Каары катуу тутканда
Кан ичмесин карматып
Карк миң кишини жутчу эле.
Же казат кылып аттанып
Бир шаарды бузчу эле.
Минтип турган кезинде
Түрүн көргөн адамдар
Үйүнөн ашын иче албай
Үч күнү коркуп кузчу эле.

Тири шумдук кылчу эле.
Кара калмак Каңгайдан
Казат кылып кытайдан,
Миң кишини кырчу эле.
Ушунусу толуптур,
Ойрон болгон бул канкор,
Оңдурбай турган болуптур.
Кырк баатырдын баарысы
Кыргыл баштык карысы
Сандыргалуу эр Бакай
Сан кыргыздын калысы.
Султаныңа барышты.
Кырка олтура калышты.
Кырка олтуруп кымпыйып
Сөз сүйлөбөй тымпыйып
Кылыч, мылтык, жоо-жарак,
Боюна алып зыңкыйып.
Кырк баатыр келди төрөгө,
Кырка олтурду дөбөгө.
Ал аңгыча болбоду,
Убакты намаз болду – деп
Арстандардын баарысы
Артына карап толгонду.
Экөө сүннөт,экөө парз
Бендесинин мойнуна
Кудурет салган бүтүн карыз.
Төрт ирекет багымдат
Убакты намаз болду – деп
Мунарадан каңгырап
Ал аңгыча болбоду,
Азан чыкты заңгырап.
Бет алып бектер жүрбөдү,
Дааратына дүрбөдү.
Дааратты даяр болгон соң,
Мечитине кирбеди.
Көй төрөсү кашында
Көк дөбөнүн башында
Оёндордун баарысы
Окуду намаз ушунда.
Окуду намаз талаага
Талаага намаз болгон соң,
Кайраты толук кырк баатыр,
Калыппыз деди балаага.
Капкайда жеген-ичкени
Бүгүн түштү санаага.
Сопусу алтын сүр теспе
Соопко алып бу кезде,
Сүйлөшөргө шайман жок,
Эшендер да эпеңдеп
Кырк баатырдын баарысы
Сүкүткө кирди тепеңдеп.
Баштагы кылган күнөөбүз
Бар кудай кечер бекен – деп.
Баян достун үстүндө
Байпаңдап өскөн көй төрө,
Көй төрөгө бу күндө
Мамык болду көк дөбө.
Жекен достун үстүндө
Жагалып өскөн көй төрө,
Көй төрөгө бу күндө
Көрпө болду көк дөбө.
Куйруктары муздашып
Куймулчагы сыздашып.
Бирин бири сиз дешип,

Курудук эми биз дешип,
Кырк баатыр кырка олтурду,
Ушу олтурган боюнча,
Жай саратан чилкир күн,
Күн чак түш болуптур.
Күн обого толгондо
Чачырап чак түш болгондо,
Аларды таштап салыңар,
Келе турган каныңар,
Алты канда кошун бар.
Кабарын угуп алыңар.
Коноктун алды кол экен.
Аз гана эмес мол экен.
Эң мурунку келгени
Эр Жамгырчы бул экен.
Желкек ылдый жол менен
Алты жүз миң кол менен
Ак асаба кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу.
Желке ылдый күңгүрөп
Жерге сыйбай дүңгүрөп.
Бөрү жолдуу баатырдын
Такасы экен Жамгырчы,
Жашы улуу Манастан
Агасы экен Жамгырчы.
Дүркүн-дүркүн түмөн кол
Дүңгүрөп чыккан жери ошол.
Караанын көрүп канкоруң
Баш көтөрүп алганы.
Кабагын серпип,каш керип
Ишарат кылып салганы.
Жети муршап жүгүрүп.
Таазим кылып бүгүлүп.
Желмаяндай кула атты,
Туура тартып калганы.
Арстан Манас баатырың
Атка минди акырын.
Атка минип алган соң
Бастырарда баатырың,
Ак добулду алганы,
Добул согуп калганы.
Көй төрөсү сексен төрт
Көзүнөн чыгат кызыл өрт.
Айбандын зору Аккула,
Табына келген как кула.
Баса минген баатыры,
Баштап алып акыры,
Кырк чоросу дүңгүрөп,
Кыргылчалы күркүрөп,
Кыйгактуу найза дуулдап
Кырк баатыры шуулдап,
Төрөлүк шаңы көрүнүп,
Төрт сап болуп бөлүнүп.
Астыңкы сапта Бакай баш,
Артына түштү Кыргыл маш.
Үчүнчүсү Алмамбет
Ушундай сонун албан кеп.
Төртүнчү төрө Сыргагы,
Арстан Сыргак чыйрагы.
Ак добулду урганда
Кошундун баарын жыйнады.
Манас,Чубак башында

Баатырлары кашында.
Алты түмөн калың кол
Кошун жерге сыйбады.
Аккула менен даңкайып
Ак кайыптай шаңкайып.
Кошунун артка салыптыр,
Арстан эр каршы барыптыр.
Каршы келген Жамгырчы,
Каарына тура албай,
Кан Манасты көргөндө
Канетип турсун уялбай.
Улук эрди көргөндө
Учуп түштү атынан,
Баатыр Чубак байкастап
Карап турду артынан.
Кол куушуруп бооруна
Салам айтты дооруна.
Айтып алган саламдын
Алигин баатыр алганы.
Амандык-соолук сурашып
Айкалышып калганы.
Өзүнүн журту Эртеги,
Кеңеши бирге кептеги,
Кашкардын калкы уйгуру,
Кан Жамгырчы улугу,
Баатыр Манас кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Арбын келер бекен – деп
Ишенгеним сен болсоң
Бир тууган деп ойлобой,
Иришкениң мен болсом.
Аз жыйыпсың колду – деп
Аз кишиң ала койгудай,
Арстан Манас болду – деп,
Айткан сөзүң жолбу – деп.
Андан бөлөк сөзү жок,
Аял кылар кези жок.
Бура тартып муну айтып
Баштап жолго салганы.
Жамгырчынын кошунун,
Абаң Бакай алганы.
Кошундун баары дүрбөшүп,
Айгайлашып жүр дешип.
Уйгур Эштек коногун.
Абаң алып жөнөдү.
Дагы конок келер – деп,
Күтүп калды бөлөгү.
Алты жүз миң уйгуру
Бакайдын ээрчип соңуна
Конок тийип колуна.
Бакай түштү жолуна.
Жабыгы бийик ак үйгө
Жамгырчыны киргизди,
Жалпы колдун баарына,
Чатыр тигип бергизди,
Салтанатын көргөздү.
Туу байталдан сойдуруп,
От ордундай даңкандан,
От башына келтирип
Оён Бакай абаңыз
Отуз-кырктан койдуруп.
Чай кайнатып кант салып,
Чатыраш ойноп даң салып.
Эриксе ордо атышып,

Эрмек кылып жатышып.
Талыкпастан жыргашып,
Тамашага батышып.
Тогуз коргол кумалак,
Тозуп ойноп кубалап.
Алым-такын ылгашып,
Алар жерин кубалап.
Чатыраш ойноп чабышып,
Чапкан ташын алышып.
Шатырашып күлүшүп,
Чарасына салышып.
Дасторкону жыйылбай,
Тамашасы тыйылбай,
Абаң Бакай күткөнү,
Бардык менен түткөнү.
Бакай жөнөп кеткенде
Барып үйгө жеткенде.
Олтуруп орун алганча
Аны-муну кылганча
Алардын арка жагынан
Аңгеме болду абыдан.
Дөгөн кыпчак котондук,
Элемандын эр Төштүк
Алты шаар кошуну,
Азыр жетип келгени.
Эңиш желкек жол менен
Жети түмөн кол менен.
Желеги алтын туу менен
Жер майышкан чуу менен.
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган дуу менен.
Көк асаба туу менен
Көк жарылган чуу менен.
Алтын айчык туу менен
Аркы атасы Кара кан,
Чоң атасы Барак кан,
Өз атасы Элеман,
Элемандын эр Төштүк
Төрө Төштүк күңгүрлөп
Жер көчкөндөй дүңгүрлөп.
Чатыраган калың кол,
Жайнап чыгып калганы.
Ак найза колдо ызгыйтып,
Арстандарын кымпыйтып,
Аккула атын кындыйтып,
Алдынан тосуп барганы.
Арстан Манас баатырды,
Төрө Төштүк көргөнү.
Төрө Төштүк Манаска
Атчан салам бергени.
Тогуз уулдун кенжеси
Элемандын эркеси.
Келгениң жакшы болду – деп
Алып келгин колду – деп,
Ат үстүндө турушуп,
Амандашып көрүшүп,
Учурашып алганы,
Бура тартып калганы.
Сандыргалуу Алмамбет
Сакалы кызыл сеңселип,
Сарала ат минип теңселип,
Саринжи тонду белсенип.
Байрак булгап бакырып,
Эр Төштүктүн кошунун,

Эмең калбай жүрсүн – деп,
Алмамбет баатыр чакырып,
Баштап жолго салыптыр,
Алмамбеттин жанында
Айтылуу чоро оёндон,
Алда канча улук бар,
Ортосуна салыптыр,
Талап бөлүп алыптыр.
Түндүгүнө бээ союп,
Жакындарга кой союп,
Кыя кертип жал коюп,
Нече түрлүү нан коюп.
Сыр аякка бал коюп,
Эр Алмамбет күтүптүр,
Барлык менен түтүптүр.
Олтуруп орун алганча
Ону-муну кылганча
Эки Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган.
Чоң Кеминде калаасы,
Чогол таздын баласы.
Сандыргалуу эр Үрбү,
Кумулдан берки кол менен
Аз гана эмес мол менен,
Эки жүз миң кол менен,
Чаң асманга созулуп
Куюндуу Мерке жол менен,
Ашмара ашып буркурап
Кошундун баары чуркурап.
Үрбүнүн колу көрүнүп,
Үстүртөн чаңы бөлүнүп.
Айчыгы алтын туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Салкар жолго салганы,
Үрбү келип калганы.
Эр Үрбүнү көргөндө
Аккуланы булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп,
Арстан Манас барганы.
Кан келгенде кан Үрбү
Аттан түшүп алганы.
Арстан эрдин доорунда
Эки колу боорунда.
Сандыргалуу султанга
Салам айтып салганы.
Алайкеме салам – деп,
Алигин баатыр алганы.
Келген заман эр Үрбү,
Кеби менен күлдүрүп,
Ченем-чендүү күлдүрбөй
Чечендигин билдирип.
Эми баатыр шашпагын,
Алтын тууну аштагын,
Баатырсынган кандарды
Барса-келбес баштагын.
Көйкап деген жер бар – дейт
Көргө аны таштагын.
Көй төрөң бар жанында
Көк жалдык кылгын шашпагын.
Ал сөздү айтып Үрбүңүз,
Үрбүнүн жайын билдиңиз,
Арстан Манас баатыры,
Аңдады сөздү акыры.
Кылая багып күлбөгөн,

Күлгөндүн сырын билбеген.
Күлгөнүнүн белгиси,
Күңгүрөнүп сүйлөгөн.
Кыраан Манас баатыры,
Күлүмсүрөп акыры,
Бура тартып алганы.
Тай чабым жерге барганы,
Үрбүнү Серек алганы.
Ортосуна салганы.
Канча чоро ондошу
Эки жүз миң кошунду,
Талап кетип калганы.
Көрүп жүргөн түшүм – деп,
Оңумдан келген ишим – деп,
Ушул курган эр Үрбү,
Өзүмө теңтуш кишим – деп.
Серек баатыр алыптыр,
Алып колго салыптыр,
Жер жайнаган кошунду,
Бөлүп кетип калыптыр.
Ысылыкка май берип
Суусундукка бал берип,
Казы кертип, жал берип,
Канча түрлүү нан берип.
Туу байталдан сойдуруп,
Туурап наарын койдуруп.
Эр Үрбүнүн кошунун,
Аппак майга тойдуруп.
Баатыр Серек күтүптүр,
Барлыгынан түтүптүр.
Олтуруп орун алганча
Ону-муну дегенче,
Сары-Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган,
Келиштирип кермеге,
Кер төбөлүн байлаган.
Көкчө-Тоону жайлаган,
Көп казагын айдаган.
Көк шиберге чалдырып,
Көк аласын байлаган.
Наркы атасы Камбаркан,
Өз атасы Айдаркан.
Саймалуу калпак,сары шым,
Шалдыркан кисе,бото кур,
Алтын наары жез өкчө
Айдаркандын эр Көкчө.
Тек турбастын учунан,
Тегеренип ушундан.
Жерге сыйбай мол менен
Жети жүз кол менен.
Көкчөнүн колу көрүндү,
Көккө чаңы бөлүндү.
Караанын көрүп кан Манас
Астын тосуп өмөлдү.
Кырк чоросу дүркүрөп
Кыргылчалы күркүрөп.
Кыраандар барды кыркырап,
Калың казак дүркүрөп,
Аттар буудан зыркырап,
Өзөнгө сыйбай буркурап.
Өзүң көргөн көп казак,
Өлөңүн айтып чуркурап,
Баатыр Көкчө келгени,
Манастын жүзүн көргөнү.

Аттан түшүп Манаска
Ал дагы салам бергени.
Алдынан тосуп барыптыр,
Аликти баатыр алыптыр.
Алиги жерге баатырың
Бура тартып калыптыр.
Баатырдык кылып эр Сыргак
Кылып жүргөн эби бар,
Көкчөнү конок алмакка
Ойлоп жүргөн кеби бар.
Эр Көкчөнүн кошунун,
Баатыр Сыргак алыптыр.
Талаадан бөлүп казакты,
Талап кетип калыптыр.
Дасторконду жаздырып
Абдырашын ачтырып
Кант аралаш өрүктү
Каршы-терши чачтырып.
Семизден тандап тай союп,
Казы кертип, жал коюп,
Кантка аралаш бал коюп,
Самоорго чай коюп,
Кантка жууруп бышырган,
Канча түрлүү нан коюп.
Ар даамды бүт берип,
Киш-мишке чайкап сүт берип,
Эриккенче эт берип
Эсебин дайын өткөрүп.
Эси жоктун баарысын,
Өз алдына келтирип.
Эзелден казак соргок – деп
Экиден табак жеткирип.
Аземин элден арттырып,
Экиден табак тарттырып
Айтылуу оён эр Сыргак,
Аземи элден артылды,
Ар адамдын башына
Экиден табак тартылды.
Сырдыбайдын эр Сыргак
Марттык менен күтүптүр,
Баяналуу бай үчүн,
Бардык менен түтүптүр.
Олтуруп орун алганча
Ону-муну кылганча.
Ордо Шайы Көкжеке,
Орчун Кокон,Маргалаң,
Анжыянда Санжыбек
Айдаган колу өзүбек
Чаткалдан ашып чаң чыкты,
Чатыраган чуу чыкты.
Жарагы алтын жаркылдап
Эр Санжыбек кан чыкты.
Аргымак атын кекейтип
Көкжекесин тепейтип,
Селдесин башка кырдашып
Кылычтын кынын сырдашып.
Селдей каптап Анжыян
Катын-кыздан ырдашып.
Чаткал ашып жол менен
Аз гана эмес мол менен
Жетип келди Санжыбек
Алты жүз миң кол менен.
Айкөл Манас төрөңүз
Алыстан көрүп караанын,

Паргананын колу – деп
Байкап билип бараанын.
Арстан Манас султаның
Аккуланы кындыйтып
Арстандардын баарынын
Найзаларын зыңкыйтып.
Арстан Манас баш болуп,
Астын тосуп барыптыр,
Аттан түшүп Санжыбек
Салам айтып салыптыр.
Сандыргалуу эр Манас
Алигин баатыр алыптыр.
Кабылан Манас баатыры
Кайра тартты акыры.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыямы кыргыз Кутунай,
Колун бөлүп алыптыр,
Тогуз жүз миң кол экен,
Толуп жаткан мол экен,
Ошондо да кырк баатыр
Ойлонуп кылар иш жатыр.
Аз экен деп кошуну,
Комутта болуп калыптыр.
Мал семизин сойдуруп
Башына жаздык койдуруп.
Башка сөздү тыңдабай,
Байын, кулун ылгабай,
Өзүбек, сартка өзүнчө
Өнөрүн элден арттырып
Баштан-аяк батмандап
Чачма күрүч тарттырып
Шимиргени чай болуп
Шимигени жал болуп,
Суу ордуна ичкени
Кайнаткан ширин бал болуп.
Анын арка жагынан
Конок келди жаңыдан.
Олтуруп орун алганча
Ойлонуп акыл кылганча
Букара шаар нар жагы,
Мусулман Ооган бер жагы,
Чамбыл белдин бетине,
Кебилдин кенен четинен,
Буудайык кандын Музбурчак,
Муздай саны бир кучак.
Баарысы тажик тили бар,
Кош арткан жети пили бар.
Ак асаба туу менен
Азирет деп чуу менен.
Желеги алтын туу менен
Жер жаңырган чуу менен.
Чаң асманга созулуп
Туман болуп кошулуп.
Тажик келди жол менен,
Эки жүз миң кол менен.
Буудайык кандын Музбурчак,
Ташкенден келчү жол менен,
Төрөңүз көрүп кеп айтты
Музбурчак ушул деп айтты.
Музбурчактын колу – деп
Келери Ташкен жолу – деп.
Ал аңгыча кол келди,
Аз гана эмес мол келди.

Кан Музбурчак келгенде
Манастын жүзүн көргөндө
Аттан түштү зоңкоюп
Аксакал чалың коңкоюп.
Эки колу боорунда,
Эр Манастын доорунда.
Салам айтты эңкейип,
Эңкейсе көтү деңкейип.
Алигин алып арстаның
Көрөм деп алда жазганын.
Кабылан Манас эр ошо,
Кайра тарткан жери ошо.
Акбалтанын Чубагы
Айтылуу төрө бу дагы.
Ашыккандар алсын – деп
Карап турган убагы.
Эсеби дайын мол экен,
Эки жүз миң кол экен.
Чубак алды Бурчакты,
Тойгузам деп курсакты.
Кара сакал көк болуп
Көрдүм деп Бурчак бул чакты.
Кысыр эмди тай союп
Тай сойгондо май союп,
Туу байталдан сойдуруп,
Тууратып нарын койдуруп.
Кымызын куюп чайкатып,
Сыр аякка жапатып,
Абдырасын ачтырып,
Ак дасторкон жаздырып.
Кант аралаш өрүктү,
Каршы-терши чачтырып.
Жеңил тамак жесин – деп,
Кой этине коштуруп,
Киш-миштен кенен мол салып,
Чачма күрүч бастырып,
Самоорго чай коюп,
Тамак-ашын жай коюп
Казы кертип, жал коюп,
Камырага бал коюп,
Кантка аралаш бышырган,
Канча түрлүү нан коюп.
Акбалтанын эр Чубак,
Аянбай күттү коногун.
Артынан байкап угуңар,
Алты чоро домогун.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл,Бакай карысы,
Кошунду бөлүп алыптыр.
Алып үйгө барыптыр,
Конок жетпей кор болуп,
Алты чоро калыптыр.
Баш билгиси Баймат таз
Баарынан мыкты жойбуру.
Төлгөсү кара Төлөгү,
Дагы үчөө бар бөлөгү.
Татарлардын Калдары,
Аргындардын Албаны,
Уйгурлуктун Алиги
Конок жетпей калганы.
Чындап жаны карарып,
Чырды Баймат салганы.
Жети кандан эл бар – деп
Жер майышкан сел бар – деп.

Жети эмес каның алты экен,
Айтканыңар калп экен.
Алмамбет,Сыргак эптүүсүп
Ажыбай,Сыргак беттүүсүп,
Кыргылчалы кыраансып,
Серек бизге тынарсып.
Баштан-аяк ыктуусуп,
Баарысы мага мыктуусуп.
Башкасы конок алчуубу,
Баймат куру калчуубу.
Жолборстор конок алчуубу
Жойбуруң куру калчуубу.
Кандай шумдук домок – деп
Канакей бизге конок – деп
Кандарың менен камкара
Кошуну менен комур бол,
Жерге кирген жети кан,
Алты экенин билгенде
Жети кан деп укканым
Калп экенин билгенде
Аскериң менен аңтарыл
Аз экенин билгенде,
Аскердин алды келгенде
Алмамбет,Бакай бөлгөндө,
Самсоюп куру калганча
Суктук кыла салсакчы.
Сурабастан четинен,
Бөлө качып алсакчы.
Таңда күнү таң атар,
Тамаша айтар күн тубар.
Конок алган көй төрө,
Көтөрүлүп көп айтар,
Көп айтканда деп айтар.
Көңүлдөн калгыс бек айтар.
Урушта Манас кол жыйды,
Кол жыйганда мол жыйды.
Бизге окшогон баатырды,
Тандап конок алды дээр,
Сага окшогон жакырды
Тааныбай таштап салды дээр.
Кепке кемтик болобуз,
Анан кантип оңобуз.
Сөзгө сөлтүк болобуз,
Түбүндө кантип оңобуз.
Эми койбой конок алууга
Кол тартпай жаңжал салууга
Бербейм десе коногун,
Белсенишип чыгышып,
Бет алганын жыгышып.
Койгулашып калууга,
Ардык сөзгө капталып
Аразданып аттанып,
Колдон колду кыдырып
Коштон кошту сыдырып.
Конок издеп уулашып,
Конок таппай чуулашып.
Адамы арбын экен – деп
Азыраак берер бекен – деп
Теңдик менен бөлсөк – деп
Отуз-кыркка бөлсөк – деп.
Эч болбосо биздерге
Он чактылап берсең – деп.
Ат сураган немедей
Кадырын салып сурашып.

Бакылдаган Байматка
Баарынын боору бурашып.
Ондон-ондон алтымыш
Алтооно берди үлөшүп.
Алынды конок жайланып,
Байматтын оозу байланып.
Баштан-аяк коноктун,
Баарысын байкап көрүшүп,
Бакырганга чыдабай,
Байматка ырым беришип.
Көй төрөнүн баарысы,
Көк куржунду сөктүрүп,
Дасторконго жемишти,
Күрөп-күрөп төктүрүп.
Ордун калың салдырып,
Ортого чырак жандырып,
Оюнга кумар кандырып.
Кылымга дайын кырк төрө
Кылым аттын баарысын
Кызматкерге бактырып.
Ошончо колдун баарысын
Отуз төрт чоро алыптыр,
Алты чоро чабышып
Конок таппай калыптыр.
Баймат тазың күпүлдөп
Басылбастан дүпүлдөп.
Каныңды жетөө дединң – деп
Жаныңды Чубак жединң – деп.
Аксакалдар алсын – деп
Адеп сактап салдым – деп.
Арбын алам деп туруп
Коноктон куру калдым – деп.

Ачуусу келип Байматтын
Бакырганын укканда
Алмамбет, Чубак кайда – деп,
Чакырганын укканда.
Алдына келген адамды,
Жапырганын укканда,
Ой, тобой ай, кандай кеп,
Алачтын калкы кандай – деп,
Алты кандан кол келсе
Аянбай арбын мол келсе
Конок жетпей жүргөнүн,
Байматтын көрдүк күйгөнүн, –
Деп карылар кайрып кеп баштап,
Байкачы балдар деп баштап.
Ушул ишти көргөндө
Келген колдун баарысы
Кексесинен ар кошто,
Эл эскирткен карысы,
Боз балдарга кеп айтып,
Ой мырзалар – деп айтып,
Эми бекер жатышты
Кой мырзалар – деп айтып.
Калың кыргыз баласы,
Кабылан төрө Манасы.
Калайыкка бир берген,
Той мырзалар – деп айтып.
Эштек менен Кашкарды
Эр Бакайың күтүптүр.
Баяналуу бай үчүн,
Барлык менен түтүптүр.
Алты шаар уйгурун
Алмамбет баатыр күтүптүр.

Эсеби жок көп колго,
Эрдик менен түтүптүр.
Төрө Бакай бай экен,
Төрт түлүгү шай экен,
Коногуна сойгону,
Козу ордуна тай экен.
Алмамбет деген эр экен,
Алачка тизгин бербеген,
Азыркысын бу кезде,
Адамзат бенде жеңбеген.
Паланды кандай күттү экен,
Пастанды кандай күттү экен.
Чубагы кандай күттү экен,
Чуусу жок бого түттү бекен.
Сыргагы кандай күттү экен,
Сыр алдырбай түттү бекен.
Сереги кандай күттү экен,
Шердик кылып түттү бекен.
Ажыбай кандай күттү экен,
Аш тамакка түттү экен.
Байкап көргүн балдарым
Марттык кылган кандарын,
Шылуун жигит,боз балдар,
Шылкылдаган көй зардал.
Байкап келип берейин,
Макул болот карым – деп,
Баштан-аяк тептегиз
Бул кошундун баарын – деп,
Кош башына бир жигит
Колдун барын сыдырып,
Коштун жайын көрмөккө
Коштон кошту кыдырып,
Баарын көрүп байкашып,
Кайтып келди боз балдар.
Көргөн-билген иштерин
Айтып келди боз балдар.
Аралап жүрүп аңдасак,
Адамдардын барында
Атлес көрпө,алтын так.
Конок баксаң мындай бак.
Күлдү журттун барында
Күлгүндөн көрпө,күмүш так.
Конок баксаң мындай бак.
Сулап жаткан ушул чак.
Азат бою дүркүрөйт,
Конок үйгө кириштен,
Жадап болдук боз балдар,
Жалпы көрүп жүрүштөн.
Ак кошундун барысы,
Астыңкы тагы күмүштөн.
Жадап болдук жакшылар,
Жардап басып жүрүштөн.
Аныктап аңдап караса
Атынын жеми күрүчтөн,
Кош башына кыдырып,
Көрүп алып кайтышып,
Кошундагы калганга
Кожурашып айтышып.
Ушул сөздү укканда
Балдардан бу сөз чыкканда
Колдун баары буркурап
Койдой маарап чуркурап.
Арбак урган алты кан,
Алын билбей тантыган.

Айылында мыкты бу бир жан.
Жерге кирген жети кан,
Жеңерин билбей тантыган.
Жеринде жүрсө мыкты жан.
Катынынын кашында,
Очогунун башында
Олтурганда кеп айтып,
Кеп айтканда бек айтып.
Оңдурбайлык Манасты
Ойрондойлук – деп айтып.
Мыктысынган кан шайтан,
Чамасын билбей нени айткан.
Манастын жайын байкабай,
Биз мыктыбыз – деп айткан.
Карыдан каргыш алдык ээ,
Катынды жесир салдык ээ.
Кайра чыкпас капаска
Өзүбүз түшүп калдык ээ.
Баланы жетим кылдык ээ,
Байкуш жанды кырдык ээ.
Жандын баарын кырдык ээ,
Жаштарга кесир кылдык ээ.
Карыга болду кесир – деп,
Катындар болду жесир – деп.
Кайгырып айтып нечен кеп.
Кандар чендүү эсир – деп,
Манасты олжо кылууну,
Марытпай түбүн кырууну,
Масылат кылып баш кошуп,
Макул көрүп жыйылдык.
Жыйылбай жылас болсокчу,
Үйдү көрбөй кырылдык.

Көпчүлүктүн баарысы
Көргөнсүңөр көзүңөр,
Көрбөгөнүң бар болсо,
Уга жүргөн сөзүңөр.
Кырк чоросу кырк жердин
Кыдырып келген кул болсо,
Кылапат жок Манаска
Кылган иши бул болсо,
Кыраан Манас баатырдай,
Кылымда мындай болобу,
Кыраан Манас канкорго,
Кылапат айткан оңобу.
Ар чоросу ар жерден,
Азып келген кул болсо,
Аттуу, жөөлүү чубашып,
Басып келген кул болсо,
Алдасына бир катар,
Жазып келген кул болсо,
Татырандын тамырын,
Казып келген кул болсо,
Азар түмөн кол болсо,
Аш ичкенче бул болсо.
Арстан Манас жолборстой,
Адамга мындай болорбу.
Арстан Манас баатырга
Арамдык кылган оңорбу.
Алган экен дүйнөнү,
Арбак урган алты кан,
Алын билбей тантыган.
Артык сөз не деп сүйлөдү,
Сүйлөгөнү эр Манас
Үйүндө жатып сүйбөдү.

Билгенсиңер өзүңөр,
Көргөнсүңөр көзүңөр
Көрбөсөң да көй төрө
Көптөн уккан сөзүңөр.
Жалгыз аяк, куу таяк,
Жакыр келген кулдары,
Жалгыз атка жете албай,
Бакыр келген кулдары.
Жакшылыктуу дин билбей,
Капыр келген кулдары.
Кара курттай кол келсе
Кайышпайт экен бул дагы.
Кара башыл адамдан,
Кайраттуу мындай тубарбы.
Кан Манаска ылайык,
Кара кашка тынарды.
Бу сөздү айтып буркурап,
Бүтүн кошун чуркурап,
Көргөнсүңөр көзүңөр,
Көпкө маалим сөзүңөр.
Казан асып, кар салып,
Катын алып, үй тигип,
Атка минип эрбейип,
Найза кармап сербейип.
Эч нерсени ойлобой,
Эркекпиз деп дердейип.
Байкабастан баш катып,
Манаска кантип тең келдик.
Теңелербиз бекен – деп,
Теңирим айдап не келдик.
Карап көрүп аңдабай,
Мындайын кайдан биз билдик.
Кырк чоросу кырк жерден,
Кыдырып келген кул болсо,
Кыраан эрге таянып,
Кылган иши бул болсо,
Ногой кызыр даарыган,
Токсонго чыгып карыган,
Ногойдун уулу кан Жакып
Тың экен азыр баарыдан.
Кызырдан жардам болбосо,
Кылымда мындай болобу.
Кызыталак Ногой уулуна
Кылапат айткан оңобу.
Көрүп турат көзүңөр,
Билдиңерби өзүңөр.
Жалгыз аяк,куу таяк,
Жакыр келген кулдары,
Жайнаган кошун кол түшсө,
Селдей каптап мол түшсө,
Жалгыз жанча көрүшүп,
Шашпайт экен булары.
Эрегишип эрсинип,
Биздин бектерди кудай урарбы.
Бендеден да ушундай
Белдүүлөрдү тубарбы.
Айткан сөзү бу болду,
Арылбаган дуу болду.
Баштан-аяк баарысы
Басылбаган чуу болду.
Аш-тамагы жайланып,
Кошун конуп болгон соң,
Кылым түрктүн уругу,
Курттай кайнап толгон соң,

Эми Манас кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
Ажыбай менен Алмамбет
Жардык айтам билиңер,
Сай кашкалар турбастан,
Жаракты белге илиңер.
Жаңы келген аскерге
Аралап азыр кириңер.
Минтип жаткан көпчүлүк,
Миңин кайда кубамын.
Биринден кимге турамын.
Бирөөнөн жообун сурагын.
Сандап жаткан көпчүлүк
Санын кайдан кубамын,
Сандалып кайдан турамын.
Жалгыздан жообун угамын,
Калкты бүтүн билерди
Кан көтөр деп бир эрди.
Кабылан Манас баатыры,
Эки жайсаң жиберди.
Биринин аты – Ажыбай,
Биринин аты – Алмамбет
Ажыбай минген карала ат,
Алмамбет минген сарала ат
Туягын жерге мылгытып,
Тумарын көккө ыргытып.
Тура калган жеринде
Төңкүчөктөп чулгутуп.
Аты-тону жарашып
Чарайнасы даңгырап
Добулбасы каңгырап.
Туулгасы зыңгырап,
Үйдөй темир үйүнүп,
Үстүнө темир кийинип.
Үстүртөн алда колдо – деп,
Кудуретке сыйынып.
Каары менен казабы
Жүздөрүнөн куюлуп.
Каны суудай суюлуп,
Муруту саптай бурулуп.
Ажыбай менен Алмамбет
Аралап кирди көп колго.
Жардык айтам уккун – деп
Айгай салды оң-солго.
Казатка башың байла – деп
Каныңарды шайла – деп,
Канкор бизди жиберди
Калкты бүтүн билээрди.
Калың журка шайлатып,
Кан көтөр деп бир эрди.
Калың журтка эп болсо,
Камдансын деп силерди,
Ажыбай менен Алмамбет,
Айтып кабар салганда
Аралап кирип барганда
Айран-азыр калганда.
Ажыбай, Алман баатырды
Тааныгандар бар экен.
Көпчүлүктүн ичинде,
Тааныбаган бар экен.
Бир далайы буларды
Тааныбай турган жан экен.
Биринен бири сөз сурап,
Билүүчү белең акетай,

Манас деген балакет
Мына бу келген экөөнүн
Кайсынысы – деп сурап.
Таңыркап туруп чак түштө,
Айран болду бу ишке.
Тааныгандар кеп айтат,
Такылдайт элең жериңде
Тантыбагын – деп айтат.
Манас деген бул эмес
Манас деген бадирек
Азыр жүргөн адамга
Элчиге келер кул эмес.
Булар асыл кандардан
Билими артык жандардан.
Биринин аты – Ажыбай,
Бул Манастын тууганы,
Орозду кандын онунан,
Ойрондордун чоңунан.
Билеселүү султанды
Бийле кетет жонунан.
Биринин аты – Алмамбет
Алмамбет келген Бээжинден,
Атагы дайын көп кытай
Ажырап келген бейдинден.
Сарала ат минген Алмамбет
Карала ат минген Ажыбай.
Биле албай турган болгон соң
Тим жүрсөңчү алжыбай.
Дал түштө киши тааныбай
Дагы мага наалыбай,
Билимдүүсү муну айтып
Билбегенин муңайтып,

Ажыбай менен Алмамбет
Аралап жүрүп канчаны,
Кан көтөрүп алгын – деп
Айтып жүрүп чарчады.
Канчалык айтса укпады.
Кош-кошуна ыктады.
Канча түмөн кошундан
Кандыкка киши чыкпады.
Ажыбай менен Алмамбет
Кан көтөр деп айтканы.
Кандыкка киши табалбай,
Кеч киргизип кайтканы.
Көргөн,укkан сөздөрүн,
Көпчүлүктөн дайындап
Көк жал Манас баатырга
Түндө барды айтканы.
Ажыбай менен Алмамбет
Айкөлүңө кеп салды.
Аянбаган баатырлар
Кеп салганда деп салды.
Калктын баарын кыдырдык,
Калайыктан кан чыкпайт,
Каарыңдан коркkондон
Кан болууга жан чыкпайт.
Кандай адам кан болот
Кан боломун деген жан
Канбай тирүү нан болот,
Нан болгону даң болот.
Бендеден кантип бек болот,
Бек боломун деген жан,
Беш күнү кантип токтолот.
Бери бакпай жок болот.

Жаңы келген коногуң
Коноктун уккун домогун.
Баштан-аяк бу болду,
Басылбаган дуу болду.
Акылмандын баарысы
Ичкен ашы уу болду.
Алмамбет менен Ажыбай,
Айтып өттү тартынбай.
Кабылан Манас баатырга
Калбады сөзү айтылбай.
Ал күнү кошун жатыптыр,
Эртеңки таң атыптыр.
Кабылан Манас баатыры,
Кайраты толуп акыры,
Чогулуш айтты журтуна
Чоң мечиттин бурчуна.
Калкын жыйып карк кылып,
Канча кабат сап кылып,
Зардалдарга буюруп,
Санатын түгөл так кылып,
Даярлап атын токуду,
Таң намазын окуду.
Оёндордун баарысы,
Окуп намаз болгон соң
Алакан жайып,кол ачып,
Бата кылып койгон соң
Төрт бурчунан мечиттин,
Төө мылтык атты күркүрөп.
Түгөл чыгып көп алач
Атка минди дүркүрөп.
Эшикти көздөй бет алып,
Эр Манас жүрүп калыптыр,
Жети муршап жетелеп
Желмаяндай Айбанбоз
Туура тартып алыптыр.
Баатырың мине салыптыр.
Арстан Манас баатыры,
Айбанбоз минип акыры,
Падышалык салтанат
Бар сөөлөтүн салмакка
Кайрылбастан артына,
Кандарга каршы бармакка
Добул кагып ийгени
Токтолбой жолго киргени.
Астында бар жыйырмасы
Адис мерген жыласы.
Ата турган өңдөнүп,
Мылтыктын баары октолуу,
Милтенин баары чоктолуу.
Мүрүгө кундак токтолуу,
Аркасында жыйырмасы
Адис мерген кымбаты,
Алеңгир жаа,сыр жебе,
Жазбай аткан жыласы.
Сыр жебе огун алышып,
Саадакка огун салышып,
Керип жаасын алышып,
Кескеришип калышып,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойротту бузган жыласы,
Көктүн-жердин арасын,
Көз айныткан чаң кылып,
Көргөндөрү таң кылып,
Кылымды кызыл кан кылып,

Кылычтарын кескерип,
Кыйырын бузбай бастырып.
Сол жагында жыйырмасы,
Жоо бөрүсү жыласы,
Ай балта колго алышып,
Айбатын суук салышып,
Аркасына карасаң,
Кыйгактуу найза,көк түпөк,
Кырка келет сундуруп.
Кыйкырып кулак тундуруп.
Асты жагын караса,
Айгайлаган көй кашка.
Ортосунда Аккула
Онжоңдотуп жетелеп,
Сыртынан тартып онжоңдоп,
Он эки жайсаң бош коштоп,
Жети желдет желдирип,
Жол ачкын деп бош-боштоп.
Алтын жака күрөөкө,
Аркасына бөктөрүп,
Аземи артык алтын так,
Арасында жаркылдап.
Алдынан салып өткөрүп
Алтымыш сарбаз көтөрүп,
Калбанын кара оюнан,
Кайнар суунун боюнан.
Төрт миң кошун төрөнү,
Төгөрөктөп алыптыр,
Төрөсүнүн артында
Аянбай машын салыптыр.
Маш көрсөтүп кандарга
Баарысы келип калыптыр.

Жетимиш кулач ажыдаар
Бул өнөрү дагы бар.
Жетимиш жерден жынжырлап,
Жетимиш жерден кишендеп,
Ажыдаарын сойлотуп,
Аюуларын бийлетип,
Азуулуу арстан жолборстон,
Алты жолборс байлатып.
Арып менен үстүнө
Алп кара куш айлантып.
Добул согуп күңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп.
Толкундуу көлдөй шарданып.
Эс токтоткон таңданып.
Айбатын көргөн адамдар,
Алыстан көрүп жарданып.
Аралап кирди конокко.
Коногу калды домокко.
Кечээги келген коногуң
Коноктун көргүн домогун.
Кудай уруп салды – деп,
Баарыңды курчап алды – деп.
Кара тажаал дегенди,
Көйкапка кетти дечү эле.
Калп айтыптыр молдобуз,
Бу жерден чыгып калды – деп
Жанга баткан иш болуп,
Жаман азап туш болуп,
Унчукпа деп сүйлөшүп,
Уктап жаткан жолдошун,
Уруп кеткир тургун – деп,
Жакасынан сүйрөшүп,

Түгөнгүр муну көргүн – деп,
Шыбырашып сүйлөшүп.
Элирип качып тобунан,
Шашып жүргөн андан көп.
Эси чыгып эндиреп,
Басып жүргөн андан көп.
Майга тоюп мамырап,
Чайга тоюп чалкалап
Этке тоюп эндиреп
Көрбөгөн сонун көрдүк – деп
Эмнесин айтасың,
Жакшы жайга келдик – деп,
Жатпады беле колуңуз,
Шашкандан болсун жолуңуз.
Алиги жаткан кошундун,
Астын-үстүн көп элдин,
Орто жери ачылып,
Ээр токум чачылып,
Оёндордун алдында
Ортодо калды басылып.
Коргонунан кошуның
Четке чыкты качылып.
Манастын көрүп кээрин,
Алалбай калды ээрин.
Артынан байкап угуңар,
Арстан Манас не дээрин.
Эр Манастын кеби бар,
Айтып өтөр эби бар.
Ата-баба салты бар,
Кайыптардын деми бар.
Өзү аяр молтолуу,
Жүрөк майлуу толтолуу.

Ажал-тагдыр алдадан,
Арстан Манас коркобу.
Түрк уулунун ичинде
Түптүүлүгү белгилүү,
Түбүнөн бери Манастын
Күчтүүлүгү белгилүү.
Түгөндү десе түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн.
Кылым кандан бери жакка,
Мыктылыгы белгилүү.
Түрк уулунан артыкча,
Ыктуулугу белгилүү.
Түрк баласы алынган,
Кудай сүйүп кан кылган,
Куттуулугу белгилүү.
Бабасы түрктөн бер жакка
Баатырлыгы белгилүү.
Баатыр Манас султандын
Асылдыгы белгилүү.
Угуз кандан бер жакка
Урматтуусу белгилүү.
Учан теңиз көп түркко
Узаттысы белгилүү.
Наркы атасы Кара кан,
Кара кандан тараган,
Кара кандын үч уулу,
Нойгут,Шыгай Ногой кан.
Нойгуттун уулу Койгут кан.
Акбалта,Койгут бир тууган.
Шыгайдын уулу Сырдыңыз,
Сыпатын байкап турдуңуз.
Сырдынын уулу Сыргагың,

Баш тартпаган чыйрагың.
Ногой кандан Жакып кан,
Бай менен Жакып бир тууган.
Байдын уулу кан Бакай,
Жакыптын уулу Манасың.
Жалпы жайык алачың.
Болбосун мындан талашың.
Өзү менен катарлаш
Он атасы кан болгон,
Атпай түрктүн ичинде
Айдыңы журтка даң болгон.
Абырагы башкача
Айбаты кыйын жан болгон.
Кайып эрлер жандаган,
Казат десе танбаган.
Кабылан Манас түрктүн,
Эч арманы калбаган.
Жай чилдени кыш кылган,
Аккан сууну муз кылган.
Кармашканын мыш кылган.
Капилетке туш кылган.
Кара сууну уюткан,
Кармашканын куруткан.
Аябаган молтолуу,
Аярлыгы белгилүү,
Кечпей көлдү толкуткан,
Калың түрктүн тукумун
Кеби менен коркуткан.
Чакканда заары жайылган
Чаяндыгы белгилүү.
Алтын тагы астында
Кайыптары кашында,
Кырк чилтени башында
Молтолуусу белгилүү.
Көрүнүп кеткен көзүнө
Учурап кеткен өзүнө.
Сабак алган кызырдан,
Сабаты чыккан ушундан.
Кызырдан илим үйрөнгөн,
Молдолугу белгилүү.
Айкөл Манас падышаң
Өнөрүн арбын курганы.
Аралап кирип кошундун,
Ортосуна турганы.
Падышалык көк добул
Тарс дедире урганы.
Алты кулач алтын так,
Алып келип курганы.
Алиги алтын тактаны,
Ажыдаар курчап сойлоду.
Апсайышып саксаңдап
Аюулар бийлеп ойноду.
Алты бурчка чамынтып
Алты жолборс байлады.
Качыратып жолборстор,
Азууларын кайрады.
Арстандардын баарынын,
Айнектей көзү жайнады.
Аларды курчап сыртынан,
Кошуну алач журтунан,
Себилдүүсү сексен төрт
Серп салган кызыл өрт.
Кошундун баары шаңданып,
Адамдар көрүп таңданып,

Күлүктүн бели ийилип,
Көк темирин кийинип.
Чарайна зоот кыягы,
Чамынган жолборс сыягы.
Баса кийип үстүнө
Бадана соот торлорун,
Бура салып аттарын,
Манаска салып жондорун.
Кошун турду жанаша,
Аңдаганга тамаша.
Сырттандардын баарысы
Сыртын салып Манаска.
Милтелерин чоктошуп,
Мылтыктарын октошуп.
Мүргө кундак келтирип,
Бетине маша токтолуп.
Коногун курчап калганы.
Козголтпой тосуп алганы.
Анын арка жагынан,
Айдап келип куланды,
Коногун карай үркүтүп
Коё берди буларды.
Анын арка жагынан,
Ок-саадагын кезеген,
Ушу жерде келтирди
Он жүз миң орчун уланды.
Атышуучу эмедей
Ок сундуруп турганда
Сексен төрт турган чоросу,
Эр Манастын жоросу,
Эси чыгып эндиреп
Коноктордун колошу.
Кошун келип коногун,
Алты курчап алыптыр,
Айкөл Манас баатырың
Арасында калыптыр.
Сандыргалуу падышаң
Бакайды алып кашына
Алты кулач алтын так,
Айкөлүң чыкты башына.
Кабылан Манас падыша
Каары кабат келиптир.
Казат таажы кийиптир.
Өкүмүн төрө өзү айтат,
Каратып туруп көз айтат,
Калкына маалим сөз айтат.
Жанагы кандар кайда – деп,
Кандарды бери айда – деп.
Кандарды бери айдап кел,
Келбегенин байлап кел,
Кежирлик кылып тартынса,
Келдесин кесип жайлап кел.
Бул сөздү айтып эр Манас
Муршаптан буйруп жиберди,
Бөрк ал десе баш кескен
Желдеттен буйруп жиберди.
Салды заман акырды.
Каар төгүп бакырды.
Улуксуган кандарды
Алдыма түшүп баскын – деп
Азабыңды тарттың – деп,
Аттан түшпөй чакырды.
Бири вазир, бири кан,
Азапка калган он төрт жан.

Айдап алып дүргүтүп,
Коркондорун жүгүртүп.
Койдой айдап үркүтүп
Коркондорун мүргүтүп.
Айдап жетип келгени,
Айкөлүң Манас көрдү эми.
Алты кабат курчаган,
Арстан Манас эрлери.
Жарагы бойдо калың кол
Ортосунда көчө жол.
Чубуруп кандар киргени
Чукул жерден көргөнү.
Бет алдында сексен төрт
Милтелери кызыл чок,
Бизди атабы кудай – деп
Аман койбойт булар – деп.
Кылчайып артын караса
Керилип турган саадак ок,
Өздөрү кирген эшик жок,
Кайра чыгар тешик жок.
Камоодо калып турганы,
Кандардын күнү курганы.
Бет алдынан качырып
Куланды кудай урганы.
Бакырлары бакырып
Айгырлары акырып,
Кулун, тайы секирип
Кулактарын жапырып.
Тозоңун тоодой сапырып.
Бет алдынан качырып
Ары кетти үркүшүп,
Бери кетти үркүшүп,
Бет-бетинен үркүшүп.
Калбаны катуу баштады,
Астыңкы келген кандарды,
Тепсеп кете таштады.
Кара жанга күч келип
Кандардын жаман шашканы.
Ата уулу арстан жандардын
Арасында кандардын
Мурун көрүп кубанды,
Тааныганы бар экен,
Мурун кудан көрбөгөн,
Тааныбаган бар экен.
Тааныбаган деп айтат,
Тантый турган кеп айтат.
Бул эмне, бул эшек?
Баарысы окшош сур эшек.
Түпкүчтөй жалы ийилген,
Баары семиз кур эшек.
Санатын билбей эсептеп
Куланды билбей эшек – деп.
Кара жолтой эшектер,
Өлтүрөт белем тепсеп – деп.
Билгендери муну айтып,
Эшек эмес кулан – деп
Эмдигиче куланды
Көрө элек белең урган – деп.
Пашаалыкка бактырган,
Салтанатка турган – деп.
Жайын айтты билгени
Жамандык болбос мындан – деп.
Чаңга калып адашып,
Бирин бири кармашып,

Кутурган кандар жок болуп,
Кучакташып токтолуп.
Караңгы чаң бурады,
Камалып кандар турады.
Кайда калды жолуң – деп
Биринен бири сурады.
Бир убакта караса
Добулдун үнү тарс этип,
Добулдун үнүн укканда
Куландар жуушап жалп этип.
Куландап жуушап токтолду,
Коога-шарпа жок болду.
Анын арка жагынан,
Өнөр болду абыдан,
Жана колго алганы,
Чилмерден согуп калганы.
Калың кыргыз мусулман
Карап турган канча жан.
Салабат айтып чуркурап
Текпир айтып салганы.
Айгайлап ураан чакырып,
Айбанаттар бышкырып,
Так түбүндө ажыдаар,
Сойлоп чыкты ышкырып.
Жетимиш эки бурулуп
Тактага карай жүгүрүп,
Кандарга көзү тигилип,
Карап турган мусулман,
Кооп кылып ушундан.
Кара жандан түңүлүп,
Арбап тилин жалманып,
Ажыдаар чыгып сойлоду.

Ал жердеги кандарың
Жеди го – деп ойлоду.
Заарын чачып зыркырап,
Оозун ачып аркырап.
Казандай көзү жаркырап,
Ажыдаар сойлоп жеткени,
Анык жутат экен – деп
Кандардын шайы кеткени.
Шайы кетип турганда
Жана добул урганда.
Алда акбар деп айткан,
Азандын үнүн укканы.
Кайра сойлоп ажыдаар,
Тактага башын тыкканы.
Анын арка жагынан,
Жана да добул какканы,
Добулдун үнүн укканда,
Алты жолборс чубашып,
Кычыратып тиштерин,
Алты жерден чыкканы.
Куйруктары чубалып,
Кундактай бели буралып.
Айбаттанып чамынып.
Алакандай көздөрү,
Азыр алып салчудай
Айбатын салып өздөрү.
Кандарды кыя карашып,
Кабыландай марашып,
Кандардын көзү жалдырап,
Кайраты кетип шалдырап,
Бул эмне деген дөбөт – деп
Бир тиштеген өлөт – деп.

Азелде кудай жазганга
Адам уулу көнөт – деп.
Тааныгандар кеп айтып,
Тантыбагын – деп айтып.
Дөбөт эмес жолборс – деп
Тиштегени оңбос – деп,
Мыйзамда бул жолборсту,
Колго асырап болбос – деп.
Кандар сүйлөп турганда
Ушул сөздү урганда.
Анын арка жагынан,
Добул какты жаңыдан.
Жолборстор тутту буйругун,
Чатына тыгып куйругун.
Кайра басып жолборстор,
Барып жатты жайына.
Байкап турган кандардын,
Балакет болду баарына.
Баатырың чыкты бу күндө,
Падышалык тагына.
Аңдап көргөн баатырды,
Айран азыр калыптыр,
Алтындан кылган тагына.
Айкөлүң чыгып алыптыр,
Адам түрү жоголуп,
Арстан түрүн салыптыр.
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Кандалчынын кабындай,
Муруту Букар шабындай.
Көзүнөн чыккан ызгаары,
Көрүктөн чыккан жалындай,
Карарганы түн болуп,
Бүркөлгөнү күн болуп.
Бетиндеги чырымтал,
Беш байпактык жүн болуп.
Калктын баары токтолду,
Кыңк эткен адам жок болду.

5-бөлүм

МАНАС ТАГЫНДА ОТУРУП, АЛТЫ КАНГА АЙТКАН СӨЗҮ

Кандар сизге жол болсун,
Катылба десем болбойсуң.
Ар качандан бир качан,
Камаганың койбойсуң.
Бектер сага жол болсун,
Тим жүр десем болбойсуң.
Ар качандан бир качан,
Тийишкениң койбойсуң.
Кандай акыл ойлойсуң,
Кастыгың мага койбойсуң.
Каар кылсам кандарым,
Капилет өлүп сойлойсуң.
Атым Манас болгону,
Арбагым бакка конгону,
Албай жоону койбодум,
Ичип канга тойбодум.
Жалпы түрктүн уулуна,
Жамандык качан ойлодум.
Жайыңды билбей алты кан,
Жамандык ойлоп сүйлөдүң,
Мен ойдон алдым ооганды,
Орустар укту коогамды.
Оңойсутуп катылып,
Оңуп кайсы жоо калды.
Олжого арбын жер берип,
Орус кайдан соо калды.
Кыйба менен кыйрашып
Кызматка алдым ооганды.
Кыйынсынып катылып,
Кытай кайдан соо калды.
Айланып өттүм аралды,
Бастан алдым Бараңды,
Атпай жөөт, тарсага
Аябай салдым каранды.
Каршылык кылган кайры дин,
Кай жерге барсам таланды.
Кара тегин болгондон,
Какшатып алдым калчаны,
Ойлонбопсуң кандарым,
Ойрон кылдым канчаны.
Озунган душман кол салып,
Ушу күндө Манаска,
Өздөрү түшүп талашка.
Ок атуудан чарчады.

Каңгайды алып тараттым,
Калмакты чаап жадаттым.
Калмактан канча кул алып,
Түтүнүңө тараттым.
Кара кыргыз уругун,
Кадыр алдам жам кылды,
Кара кытай калкынын,
Өлгөнүн нечен сан кылды.
Үрпүк бердим соогатка
Кара шаар камбылды,
Маңгул менен каңгайды,
Басып алдым далайды.
Борто баңдын кытайы,
Эч аргасын таба албай,
Эси чыгып эндиреп
Эки көзү алайды.
Арманың барбы түрк уулу
Калмактан салдың малайды.
Басамын деген алты кан,
Бул кылганың жарайбы.
Жанарда бар Чаңша тоо,
Жапанда калбай бизден соо.
Жолдошсуз алдым аларды,
Кудай билет бу күндө
Жоо болгон аман каларды.
Карасыз алдым аларды,
Алда билер бу күндө
Катылган аман каларды.
Кандар силер билиңер,
Кай жакка уруш саларды.
Мен ойлоймун бу күндө
Бет алып Бээжин барарды.

Паста жатыр бакбурчун,
Байкагын кытай көп журтун.
Чын Бээжиндеп аталды,
Чынмачын менен каганды.
Жыйылып мынча келген соң,
Чын сырымды айтамбы.
Чын Бээжинге аттанып,
Таркатыңар капамды.
Ат жетер жерде жоо калбай,
Атышкан душман соо калбай.
Мал жетер жерде жоо калбай,
Басташкан душман соо калбай.
Байкап өлчөп карасам,
Баралектен ким калды.
Берекелүү чоң калаа,
Бээжиндин шаары тим калды.
Маңгувө, Шаян, Каканда
Бакбурчун журту бу калды.
Аккула атым жете элек,
Ак болот мизи кесе элек.
Ак найза учу теше элек,
Ала элек жоодон ким калды.
Анжуу-Манжуу,Таңшаңда
Ант урган кытай тим калды.
Баарыңарга эп болсо,
Бакырың айткан кеп болсо.
Каспаңдын кара тоосунда
Капкалуу Бээжин оозунда.
Чок табылды жайлаган,
Чоң каратын байлаган.
Жоо дегенде шайлаган,
Жоо-жарагын байлаган.

Алтымыш жайсаң иниси,
Алооке кандын кенжеси,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга.
Калк жыйылып көп келдиң,
Масылат кылсак кандай – деп,
Кандар сага эп болсо,
Казат кылсак кандай – деп.

Карып жанды дозоктон,
Азат кылсак кандай – деп.
Түрк баласы чогулуп,
Масылат кылсак кандай – деп.
Түп Бээжинде кытайга
Казат кылсак кандай – деп.
Дүркүрөгөн тозоктон,
Түбү терең азаптын.
Түбөлүк кара жаныңды,
Азат кылсак кандай – деп,
Бээжиндеги кытайга,
Казат кылсак кандай – деп.
Бечара кара жаныңды,
Бейишке кылып камыңды.
Мелтиреген дозоктон,
Азат кылсак кандай – деп.
Кайнап жаткан какана,
Барып казат кылалы,
Капкараңгы дозоктон,
Жаныңды азат кылалы.
Кеңешибиз бул болсун,
Кел Бээжинге баралы.
Өлүп калсак капырдан,
Бейиштен орун алалы.
Урушуп казат кылганың,
Учмакты көздөй учарсың,
Урушуп өлсөң кытайдан,
Нурдун кызын кучарсың.
Калкым уккун масылат
Капырга кылып бир казат.
Кытайга салып чоң уруш
Кыргызга кызык кеп болсун,
Атпай кыргыз баш коштуң,
Айткан сөзүм эп болсун.
Кайнап жаткан кытайга
Барып калсак кандай – деп,
Карып жетим, тул катын,
Байып калса кандай – деп.
Жатып калган жамбысын,
Алып калсак кандай – деп.
Жарагын чабар кандар
Алтын алсак кандай – деп.
Бой бойдоктун баарысы
Моймолжутуп кытайдан,
Тандап туруп сулуудан,
Катын алсак кандай – деп.
Казатка кудай жол берген,
Жол бергенде мол берген.
Алдадан китеп кеп келген,
Ак динге салгын деп келген.
Казат кылып капырдан,
Алганың адал деп келген.
Ушу турган баарыңар,
Кара менен каныңар,
Угуп кулак салыңар.

Айткан тилим алыңар.
Бар кудай жардык кылбаса,
Пайгамбар казат кылчубу,
Баштагы чапкан жол жатса,
Баатырлар карап турчубу.
Так Сулайман пайгамбар,
Алтын такка олтуруп,
Пери менен адамдан,
Кошунун кумдай толтуруп,
Дүйнөнү бүтүн караткан,
Касташканын тараткан.
Бул дагы адам баласы,
Муну да кудай жараткан.
Бу да кылган казатты,
Далай тарткан азапты.
Кызыл чоктуу дозоктон,
Азат кылган жазатты.
Анын арка жагынан
Коркуп кудай каарынан
Кустантындын шаарынан
Жалпы түрктүн наамынан,
Азирети Искендер,
Ал дагы кылган казатты.
Аябай көргөн азапты.
Акыретте азаптан,
Азабы көп дозоктон,
Азат кылган жазатты.
Жажуж менен мажужду
Күн чыгышка айдаган,
Адамга залал кылат – деп
Айдап барып жайлаган.
Көйкаптан ары өткөрүп
Тилипим менен байлаган,
Келер жолун бекиткен,
Солок салып кетишкен.
Анын арка жагынан
Арстан эрдин багынан,
Медийна,Мекке шаарынан,
Коркуп кудай каарынан.
Искендердин артынан
Арабстан калкынан.
Пайгамбардын күйөөсү,
Зулпукор,дулдул ээси,
Аалы кылган казатты.
Аны да кудай жашатты.
Алты шаар Кенжуттан,
Далай көрдү азапты.
Кенжутту алып каратты.
Казынасын таратты.
Алтын менен күмүштү,
Тул жетимге таратты.
Ажамдын шаарын аксаткан,
Алып шаарын какшаткан
Жайкалып жаткан бутпарас
Жамшит канын бастаткан.
Күн чыгыштан бар-барды.
Күн батыштан Кайбарды,
Каратып келген Аалы эр.
Сонун-сонун жайларды,
Кайбардын калкын какшаткан,
Макоокас канын аксаткан.
Эрегишкен душманын,
Эрлик менен бастаткан.
Башчы болгон пайгамбар,

Жанында төрт чалияр.
Аббас, Амыра дагы бар.
Баба Өмүр кары бар.
Отуз үч миң саабалар
Оёндордун баары бар.
Аалы арстан эри бар,
Алданын сүйгөн шери бар.
Ким тартынган казаттан,
Айткандардын баары бар.
Казат бизге парыз болгон,
Мойнубузга карыз болгон.
Казат кылган мусулман,
Касиет тапкан ушундан.
Туткан ишиң мусулман,
Нуска калган ушундан.
Туу көтөрүп кан болуп,
Туткан иши даң болуп.
Калк көтөрүп кан болуп,
Кармаган иш даң болуп.
Душманга уруш салбаса,
Тутушкан жоосун албаса,
Алда салган парз үчүн,
Мойнундагы карыз үчүн,
Пайгамбар салган сүннөт бар.
Баарыбызда милдет бар,
Бул милдеттен кутулбай,
Киминерде илдет бар.
Аянбастан мусулман,
Аттанып кошун чыкпаса
Алы келсе капырдын,
Атышып туусун жыкпаса
Карзы кетер боюна,
Парзы кетер мойнуна.
Баатырлар тийдиң колума,
Коёсуңбу оюма,
Киресиңби жолума.
Байкагын сөздүн соңуна
Бээжинден барып өлсөңөр,
Мен калгамын сообуңа.
Азыркы турган кандарым,
Ашыкмын айтар жообуңа.
Барасыңбы,жокпу – деп
Чын айтыңар жоопту – деп,
Бакбурчун барып өлсөңөр,
Баатыр таптың соопту – деп,
Айкөлүң айтып турганда
Аныk сөзүн урганда
Корккондон кандар кожурап
Коёндой көзү жоодурап.
Куру кайрат баш айрат
Барбайбыз десек бекер – деп
Басташам деп канкорго
Балакет баскан экен – деп.
Алды-артыңар бирдей ук,
Кутуларга жериң жок.
Куру кайрат бекер – деп,
Ажал азыр жетер – деп,
Барбайбыз десең бу канкор,
Барынды кырып кетер – деп.
Баарыбыздын башыбыз,
Карыш кадам басалбайт.
Каяша айтып жан адам,
Каршы жооп айталбайт.
Бу кара жолтой канкоруң

Айткан сөзүн кайтарбайт.
Барбайбыз десең нетер – деп
Ыргып-ыргып кетер – деп,
Түбүндө канкор соо койбойт,
Түбүбүзгө жетер – деп.
Эси чыгып кандарың,
Элейишип калышты,
Нени айтарын биле албай,
Селейишип калышты.
Барбайбыз деп айталбай
Манастын сөзүн кайтарбай,
Каарына баатыр алганда,
Камоого кандар калганда,
Колдорун алып төбөгө,
Жооп берди төрөгө,
Тең туугансып темселеп,
Бекер ишти кылдык – деп,
Бекер ишти кылам – деп
Мээнет тартып курдук – деп,
Баатыр Манас кулдук – деп
Эми моюн сундук – деп,
Каяша айтар жан барбы,
Кайда барсаң турдук – деп.
Айтып салды кандарың
Аябас болуп жандарын,
Кандардан бул сөз чыкканда
Кабылан Манас укканда
Андай болсо кандарым
Аман болсун жандарың.
Алдыма жакын келгин – деп
Алтын мөөрүң бергин – деп,
Мөөрүн алып кандардын
Катчыга катын жаздырды.
Жыйып алып кандардын,
Жыгалуу мөөрүн бастырды.
Чогултуп алып кат кылып
Чоң дептерге тапшырды.
Ушу жерде кеп айтат,
Ой кандарым деп айтат.
Мындан кийин айнышты,
Кой кандарым деп айтат.
Барабыз деп окустан
Ушу жерде айтканың.
Бара түшүп ортодон,
Айныдым деп кайтканың,
Айныдым деген кеп уксам,
Мойнума минер шайтаным.
Бээжинде не жок көрөмүн,
Бейлимди башка бөлөрмүн.
Айнып качкан ким болсо,
Аркасынан жөнөрмүн.
Ажал берсе кудайым
Бирим калбай жудайын,
Алышып жатып өлөрмүн.
Алым келсе бир жолу,
Азык кылып таптакыр,
Талап алып жөнөрмүн.
Азыр турган кандарым
Бирок менин айтарым:
Ойлонбогон өлөрүн,
Айнып көргүн өнөрүм.
Арстан Манас баатырың
Ал сөздү айтып турду эми.
Айныбайбыз баатыр – деп

Кандарың мойнун сунду эми.
Кабылан Манас кеп салды,
Каныңарды каала – деп,
Кан болгонго бел байлап
Эт жүрөгүң баала – деп.
Баланча кан болду – деп,
Баян кылгын мага – деп,
Баатырың турду тактында,
Кандары турду астында.
Кабылан Манас тагында
Карап турган чагында.
Улуктардын баарысы,
Урмат кылган чагында.
Карап турган кандарды,
Кан болгун деп камады.
Кандыктан качып калтырап,
Кайраты бойдо калбады.
Кандардын көөнүн улады,
Үч кайтарып сурады.
Кандардан добуш жок болуп,
Камалып турду токтолуп.
Учаң теңиз калың журт
Үлкөн жыйын курганы.
Үндөй албай бир адам,
Үшкүрүп кандар турганы.
Жана Манас кеп салды.
Жайланып айткын деп салды.
Каңкайып карап турбагын,
Каныңарды каала – деп
Кан болгонго бирөөбүң
Эт жүрөгүң баала – деп.
Кылымдын баары токтолуп,
Кың эткен бенде жок болуп.
Элдин шайы кеткенде
Эт бышымга жеткенде
Чыдай албай чыйрак эр,
Эки Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган.
Берендиги башкача
Бендеден сөзүн тайбаган.
Таздын уулу эр Үрбү.
Ой султаным деп айтат.
Ушул айткан сөзүңдү,
Кой султаным деп айтат.
Эми айтайын чынымды,
Эл бийлеген сырымды.
Маанайым жок пас элем,
Башым жаман таз элем.
Башкасын айтып нетейин,
Айылым жок аз элем.
Кан болгон соң кампайып,
Карааным чыгып салпайып.
Калк башкарып бергин – деп
Кимге барам тамтайып.
Жыйындын башын кошконго,
Жигитти кайдан табамын.
Сакалым менен сапсаңдап
Кайсы колго чабамын.
Арбын колду башкарар,
Кошунду кайдан табамын.
Азабым тартып көпчүлүк,
Кай бирөөнө чабамын,
Аны уккан соң калайык,
Алынча Үрбү баатыр – деп.

Сырын айтты такыр – деп.
Канчалык сөз козголду,
Калайык антип токтолду.
Андан кийин кандардан,
Кеп айтары жок болду.
Эт жүрөгү сызылып,
Элдин шайы кеткенде
Антип-минтип арасы
Эт бышымга жеткенде.
Эми Манас кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Канчалык айтсам укпадың,
Камалдың баарың ыктадың.
Калк ичинен бел байлап
Кандыкка бириң чыкпадың.
Кошун ээси зардалым
Аман болсун жандарың.
Айтпай койду Манас – деп
Арманың ичте калбагын.
Акимдиктен корксоңор,
Өзүм да бир камдадым.
Калың кыргыз журтунан,
Кара Ногой нуркунан.
Өзүм да бирди кааладым,
Өз тууганым нуркунан.
Камсыз жатып калбадым,
Кан Бакайды тандадым.
Кандар сага эп болсо
Каалаган кишим кеп болсо,
Бектер сага эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо.
Атка минсе акжолтой,
Атышкан жоого сан колдой.
Коркуп чыкса акжолтой,
Жоого тийсе сан колдой.
Айтышканда сырдашым,
Наалышканда муңдашым.
Төшөнгөнү баян дос
Жоо тепсесе ойгонбос,
Качырса жоого шаңдуу кул,
Кармаганы кандуу кул.
Атагы журтка даңдуу кул.
Урунганы жамбы кул,
Аксакал Бакай агамды,
Калк агасы бабамды.
Калың журтка эп болсо,
Кан көтөрсөк кандай – деп,
Калайыкка маалымдап
Даң көтөрсөк кандай – деп.
Эби келсе карыңар,
Жалпы жайык баарыңар.
Кандыкты берип Бакайга
Кан кылсаңар кандай – деп.
Көпчүлүккө дайындап
Көк жалың айтты мындай – деп.
Айкөлүң айтып салды – деп,
Каалап салды канды – деп,
Колдун баары кубанып
Коркоктун баары кубарып.
Манастын айткан сөзүнө,
Баштан-аяк көндүк – деп
Касиеттүү Бакайды,
Канга ылайык көрдүк – деп.
Бир сураса Бакайга

Миң мертебе бердик – деп.
Ал сөздү айтып көпчүлүк
Айгайды арбын салганы.
Ак сакалдуу абаңды,
Кан көтөрүп калганы.
Манас минтип турганда
Бакайдын болбос арманы.
Бул сөздү макул көрдүк – деп
Буйрук айтса көндүк – деп.
Бул кошундун өкүмүн,
Эр Бакайга бердик – деп.
Таруудай болгон тардык жок,
Жан адамда ардык жок.
Бакайга кандык токтолду,
Баш көтөргөн жок болду.
Эми Манас кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Андай болсо келиңер,
Келип мөөр бериңер.
Катчыга катын жаздырып,
Кандардын мөөрүн бастырып,
Кан Бакайга тапшырып.
Кандык добул кактырып.
Эми баатыр Манас кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
– Өкүмүм экөө болот – деп
Өкүмүмдү болжобо,
Өзүм барда ойлобо,
Өлмөйүнчө ойнобо.
Жардыгым жалган болот – деп,
Жардыгымды болжобо,
Жатканымча ойлобо,
Жаным барда ойнобо.
Алган болсоң Бээжинди,
Бээжиндеги бейдинди.
Абам Бакай мөөсүлүн,
Эр башына төлөйсүң.
Жетелеп келип кол менен
Жеткирип берип жөнөйсүң.
Кара куйрук нар болсун,
Башында Манас бар болсун.
Албай калсаң Бээжинди
Арбак урган бейдинди.
Кайтып үйгө келгенде
Камынып тургун бергенге.
Эр башына бирден төө,
Тартынбастан бересиң.
Тартынамын дегениң
Тамашамды көрөсүң.
Төө таппаган адамдар,
Төрттөн бодо бересиң.
Төрө Бакай мөөсүлү
Төбөгө түштү көрөсүң.
Төрт кесимди бербесең
Төрөнүн сөзү дебесең
Көрбөгөндү көрөрсүң,
Өкүмүмдөн өлөрсүң.
Үйүндө жалгыз балаңды,
Мөөсүлүңө төлөйсүң.
Аягын айтып коёюн,
Башыңды берип жөнөрсүң.
Баш булгаймын дегениң
Басырыгым көрөрсүң.
Маркабатым эки эмес,

Маалаң менен өлөрсүң.
Бул сөздү айтып салды эле,
Муңайып журту калды эле.
Кайратты кабат кылсын – деп
Калктын бешин алды эле.
Айтканда журту алсырап
Найза тийбей кансырап.
Атаганат дүнүйө
Арбыды мээнет күнүгө,
Айткан Манас бу сөздү,
Адам уккус куу сөздү.
Бул эмне кордугу,
Минтип кылган зордугу.
Бул немене мазагы
Минтип кылган азабы.
Арбак урган Бээжинди
Алып калсак нар берсек
Албай калсак үйдөгү,
Жалгыз төөнү да берсек.
Төө таппаган кедейлер,
Төөсүнө өлчөп мал берсек.
Малы бардын баарысы,
Малын берип кутулду,
Малы жоктун баарысы
Баласын берип кутулду.
Баласы жок, малы жок,
Мал табарга алы жок.
Эсерлер жүрөт ушунда
Башын берип кутулду.
Кан өкүмү шул болду
Катыны жесир тул болду.
Кайтарбайт экен кашайтып,
Казатка келип мыктысып.
Казатка келген ким болсо,
Кара башы кул болду.
Бу сөздү айтып буркурап,
Баштан-аяк чуркурап,
Кандай заман болду – деп
Калайык карап турду эле,
Басылсын деп көпчүлүк
Пашаалык дорбул урду эле.
Эми баатыр Манас кеп айтат,
Байкаңар журтум деп айтат.
–Мен Манас деген баатыр–деп
Бээжин бекер жатыр – деп.
Манас барып силерди
Чакырдыбы баарыңды,
Канча ыйласаң, анча ыйла
Кудайга айткын зарыңды.
Кылбасын кудай каарды,
Азамат ачат баарды.
Акыры түбү көрөсүң,
Анжуу,Манжуу шаарды.
Айтылуу Бээжин Туңшаны,
Атагын уккан кытайды,
Азамат болсоң жүрө бер,
Дилиңе салып кудайды.
Казаттан калбай тартынып
Талап кылып талпынып.
Атка минип алда – деп
Ак талаптан калба – деп,
Арбактар азыр колдо – деп.
Жүргөн журтум барсыңбы?
Артык дооран аттанып

Сүргөн журтум барсыңбы?
Чүйдүн кургак аралын,
Көргөн журтум барсыңбы?
Өкүмүнө пашаанын,
Көнгөн журтум барсыңбы?
Кордой менен кол салып,
Көл камышка жол салып,
Азаматтар аттанып
Ашкан журтум барсыңбы?
Иленин журтун жол баштап
Иргилтип калың кол баштап,
Кол баштаса мол баштап
Кечкен журтум барсыңбы?
Чыңыроо тартып жез найдан,
Чыбыраган кен сайдан.
Сурнай тартып жез найдан,
Суу жүрбөгөн кең сайдан,
Жүргөн журтум барсыңбы?
Өткөрмөлүү даркандан
Өгүз кечүү калкандан,
Өткөн журтум барсыңбы?
Өз талабың нээтиңе
Жеткен журтум барсыңбы?
Жүгүрүктүн жүгөн таш,
Үйүрмөнүн кара саз
Баскан журтум барсыңбы?
Чүлүндөй сары кыядан
Арбын жоого беттешип
Шашкан журтум барсыңбы?
Оролмонун оозунан
Токтобардык тоосунан
Тарбагатай башынан
Ашкан журтум барсыңбы?
Ары жагы Шарпылдак,
Кошун менен шартылдап
Ая күздө Чук-Терек
Эгиз Кара-Былкылдак,
Эгизектин Кара-Саз
Эртиштин башы Буурул түн,
Кара калган Шарпылдак,
Көргөн журтум барсыңбы?
Алтайдын тоосун айланып,
Өткөн журтум барсыңбы?
Айын өлчөп жол жүрүп,
Көчкөн журтум барсыңбы?
Дарыя Эртиш суусунан,
Кечкен журтум барсыңбы?
Акканы дайра, түбү көл,
Өткөн журтум барсыңбы?
Алаткактын жайына
Жеткен журтум барсыңбы?
Кесендесин кыйратып
Кетте черүү жыйнатып
Өлчөөсүн көрүп жеринин
Өнөрмал, жапан элинин
Алып өтүп өлчөөсүн,
Байкап өтүп баралын,
Күндүз эмес түн жүрүп
Ай жарыкта жол жүрүп,
Эртиш, Уркун ортосу
Шакшактын башы шамалкөй,
Шаары жок боз үйлүү,
Кара калмак амалкөй.
Карасынан лөк алып

Кара малдан көп алып,
Кайры жоодон кек алып,
Кызыл чайын, ак нанын,
Кызматына жеп алып,
Кеткен журтум барсыңбы.
Оркундун улуу суусунан
Кышын өлчөп күз менен
Жолун өлчөп түз менен,
Кечкен журтум барсыңбы?
Тоо түгөнүп түз болуп,
Жол түгөнүп уч болуп,
Суу түгөнүп чөл болуп,
Бенденин башы тел болуп
Томуктай болгон тоо көрбөй,
Тоо көрсө да, суу көрбөй,
Кулан жүргүс кум болот.
Кудугу жок жол болот.
Убара чаркө чың өзөн дейт,
Ушуну көргөн барсыңбы?
Муну айтамын угуңар,
Талаасында сары бар,
Токоюнда чары бар,
Жан бүткөндүн баары бар.
Бөкөн, кулан ойногон,
Бөрү, түлкү жойлогон.
Кызыгын көргөн тойбогон.
Ала карга азандап,
Кара карга казандап,
Туйгун, тунжур баарысы
Баласына каралаш.
Баарысы тууп адалаш
Чымыны бар чымчыктай,
Чычканы бар күчүктөй,
Куурайы бар кенептей,
Жекени бар челектей.
Камыштарын карасаң,
Туурасы кулач челектей.
Өрдөгү учуп чөл толгон,
Өлүсү чирип дөң болгон,
Өзү чыккан жапайы,
Өрүгү чирип көң болгон.
Каздары учуп көл толгон,
Камышы чирип дөң болгон.
Жаңгагы чирип көң болгон,
Жеп кайыбы өм болгон.
Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай.
Салтанаты ушундай.
Короолу бар короздой,
Жалган дүйнө жарыкта
Салышса мындан жер озбой.
Корозу бар тоодактай,
Ала канат деген куш
Чалгыны тарткан саадактай.
Таш бака деген эмеси
Чарага кырган табактай.
Балтыркан бала белиндей
Жез тумшук деген желмогуз
Жаңы келген келиндей.
Алп кара куш учканда
Канатынын күүсү бар,
Кара белдин желиндей.
Кара бүркүт кушу бар.
Кадиксиз сонун ушу бар.

Канаты кайкы, чалкар төш,
Канаттары үзүктөй,
Каарланып качырса,
Кабылан ага күчүктөй.
Тырмагы бар кылычтай,
Серпкенин секин өлтүрөт
Кармаган жерден кан чыгып
Канга аралаш жан чыгып,
Жаткан жерден жылышпай,
Жаны чыгат тырышпай.
Бул бүркүттүн сонуну,
Толуп жатат жоругу.
Аркар,бөкөн,ак кийик,
Азык болот өзүнө.
Анча-мынча жандар бар,
Түк көрүнбөйт көзүнө.
Кара куйрук жейрени,
Картаң болгон аркардай.
Кайыпта болор ар кандай.
Сырасы деген жылан бар,
Аз болгондо кыскасы
Алты кулач аркандай.
Кумурскасын карасаң
Куу ашык болгон тайгандай.
Бадалдагы элиги
Өрүтүп коюн жайгандай.
Акыры жалган дүйнөгө,
Жан жаралган ар кандай.
Көгөөнү койдун башындай,
Алтын, күмүш кени бар,
Агарган сайдын ташындай.
Кара барпы дарысы,
Карагаттын ашындай.
Бөрүсүнүн чоңдугу,
Алты айдын асый атындай.
Жайында ысык,кышы суук,
Адамдын жүргөн жери бар,
Айчылык жолдо эли жок,
Байыр жапан жандар бар.
Ажалга деген заңгар бар
Адамга окшош бою бар.
Аңгемесин коюңар.
Алды-артында көзү бар,
Адамга окшош сөзү бар.
Кай бирөөндө эки баш
Тамагы анын сумбул таш.
Ташты нандай чайнаган,
Оттой көзү жайнаган,
Алыс басып жүгүрбөйт,
Аягын кудай байлаган.
Тиши болот, эти жез,
Анык ажал жеткен жан
Ага барып болот кез.
Муну көргөн барсыңбы?
Аңдап өтүп аларды,
Аралап өтүп бадалды,
Андагы бенде ылгабайт
Арам менен адалды.
Белгилүү Бээжин ошондо,
Күн чыгышка тушма-туш
Күн жагында эски мус,
Сегиз айы бүтүн кыш.
Күн батыш жагы тундра,
Күр болуп жатат Майсара.

Күн жүрүш жагын Чыга – дейт,
Жаңсаңдын кара тоосу бар,
Анжуу журту бир түрлүү,
Жин периден жоосу бар.
Арбын черүү кол менен,
Аз гана эмес, мол менен,
Бээжинди беттеп жол жүрүп,
Жүргөн журтум барсыңбы?
Ушул жолду дапдайын,
Билген журтум барсыңбы?
Качырткынын кытайын,
Кара шаар Туңшага,
Сүргөн журтум барсыңбы?
Арып менен байлаган
Ага ылайык жай салган,
Аңдабай барган адамды,
Арманда жутуп кайсаган.
Галыкур деген жери бар,
Галыкур тоонун бийиги
Ак кулжа деген кийиги.
Качырганың барсыңбы,
Адам эмес кубулган,
Асылы жин куу өрдөк
Алдыра албай кушуңа
Качырганың барсыңбы?
Галыкурдун тоосунан,
Ашырганың барсыңбы?
Күн жүрүшкө бет алып,
Күдүрлөгөн бор менен,
Күрпүлдөгөн шор менен,
Шашкеликке бет алып,
Шарапаты деген жол менен.
Жүргөн журтум барсыңбы?
Каспаңдын кара тоосунда
Капкалуу Бээжин оозунда,
Кан Коңурбай калча бар,
Канкында жылкы канча бар.
Коён өңдүү сурчасын,
Сырты сулуу туучасын.
Коодон бузуп тартынбай,
Алган журтум барсыңбы?
Коркпой уруш Бээжинге,
Салган журтум барсыңбы?
Качырын сандан туйлатып
Катын-кызын ыйлатып
Капкалуу Бээжин таш коргон,
Каалгасын кыйратып,
Алтын капка, болот кулп
Айбалта менен талкалап
Азаматтар чалкалап
Алдам өзү калкалап,
Айтылуу Бээжин капкасын
Бузган журтум барсыңбы?
Кажылдатып кытайды,
Кыскан журтум барсыңбы?
Майдан тартып турушуп,
Тосуп чыккан кошунду,
Тос-тос кылып урушуп.
Көтөрүп күрсү салышып
Көөдөнгө найза малышып,
Көсөрлөр менен алышып,
Камбылдар менен чабышып
Мылтыктын огун жабышып,
Өмөлүп кирип капырга

Өлүгүн отко жагышып.
Аярлар амал салышып,
Арстандар мыктап алышып.
Баатырлар минип каарына
Баарын сүрүп шаарына.
Амалдап кылган ажыдаар,
Алтындан салган тили бар.
Түшүнүп Бээжин зоруна
Түйшүк салып чоңуна
Амалдап кылган ажыдаар
Түшүрүп алып колуңа,
Бакбурчундун шаарын
Көргөн журтум барсыңбы?
Шаарын бузуп олжо алып,
Келген журтум барсыңбы?
Калаасын жолборс кайтарган
Душмандын көөнүн майтарган.
Көчөсүн тоскон көк бөрү,
Көрбөгөн адам өтпөдү.
Баарысы сүрөт жан эмес
Бакбурчун арзан шаар эмес.
Шаары толгон сүрөт бар,
Кошун болуп жер жайнап,
Эсеп жетпей курт кайнап,
Эл сүрөтү дагы бар.
Тоодой күрсү көтөргөн,
Эр сүрөтү дагы бар.
Басташып мындай жоо болбос
Барган адам соо болбос.
Асты баткак, үстү суу,
Аңгемеси мынабу.
Айдың талаа түз болуп,
Жол сүрөтү дагы бар,
Жол деп кадам койгонду,
Кандай жандар болсо да
Жоготууга бир жолу,
Кайра чыкпас жагы бар.
Барса-келбес жолу бар,
Баары сүрөт колу бар.
Каалагандын баары бар,
Каңкуш аттуу шаары бар,
Кадам койсо тутанып,
Өрттөп кетме дары бар.
Өнөр менен жол туткан,
Өкүмүнүн баары бар,
Аяк-башы алты айлык,
Ажайып сепил жары бар.
Андан кирсе шаарына
Адам айран калуучу,
Аңгеменин баары бар.
Аралашып шаар калаасын,
Аңдап билип чамасын,
Капыр кытай баласын,
Кыжылдаган капырдын,
Кыдырып көрүп шаарын.
Кысталып көрүп каарын,
Көргөн журтум барсыңбы?
Өмүрү өтүп урушка
Көнгөн журтум барсыңбы?
Өчмөндүүсүн соо кылбай,
Көмгөн журтум барсыңбы?
Эзилбесин көөнүңөр,
Эр болгонуң көрүңөр.
Эл бийлеген эриңер,

Эртелеп жооп бериңер.
Баштан-аяк баяндап
Манас айтып турду эле,
Баякыдан бешбетер,
Элди кудай урду эле.
Атаны кокуй катыгүн,
Атабыз уккан кеп эмес!
Адам көргөн жер эмес,
Энебиз уккан кеп эмес!
Эч ким көргөн жер эмес,
Эч кимге бул сөз эп эмес,
Эсен болсок курдаштар,
Ушул айткан жерине,
Нечен жылда жетебиз.
Ата дүйнө азаптуу,
Арманда өлгөн экенбиз!
Арбак урган кандар ай,
Алаптаган заңкарай.
Казан асып, кар салып
Катын алып, үй тигип,
Атка минип эрбейип,
Найза кармап сербейип,
Эне талак алты кан,
Эркекпиз деп дердейип.
Бала талак алты кан,
Манаска кантип теңелдиң.
Теңелебиз буга – деп,
Теңирим айдап не келдиң.
Мындайын кайдан биз билдик
Мунусун билбей биз келдик,
Карап туруп дүнүйө
Карыдан каргыш алдык ээ,
Кайра чыкпас капаска
Өзүбүз түшүп калдык ээ!
Баланы жетим кылдык ээ,
Байкуш жанды кырдык ээ!
Катынды жесир кылдык ээ!
Калкка кесир кылдык ээ,
Капилет басып кырылып,
Кадырлуу жанды кыйдык ээ!
Манасты олжо кылмакты
Макул көрүп жыйылдык,
Жыйылбай жылас болсокчу,
Үйдү көрбөй кырылдык
Айткан сөзү бу болду,
Арылбаган дуу болду.
Баштан-аяк баарысы
Басылбаган чуу болду.
Башы көлтүк Кумулдан
Аягы Күлсар, Румдан
Баарысы текши мусулман,
Көрбөгөн экен эч бир жан.
Көрдүм деген жок болуп
Көлдөй жайнап токтолуп.
Эч айласын табалбай,
Элдин шайы кеткенде
Жалдырап жооп бере албай
Жарым күнгө жеткенде
Үйүлгөн жыйын турганы,
Оозунан түтүн бурады.
Көргөнүң болсо чыккын – деп,
Жарлыгымды уккун – деп.
Көк жал Манас баатыры,
Үч кайтара сурады.

Көпчүлүктүн ичинде
Көрдүм деген жок болуп,
Көпчүлүктүн баарысы
Көлдөй жайнап токтолуп.
Бакбурчундун шаарына
Бардым деген жок болуп.
Баары журту жалдырап,
Мактана албай токтолуп,
Баары журт карап турганда
Бакбурчунда кытайга
Барууга моюн сунганда,
Ал аңгыча болбоду,
Оён Алмаң көк жалың
Оолуккандай козголуп,
Сөз айтуучу эмедей,
Сөөлөттөнүп оштонуп.
Арстан эрдин дооруна
Кол куушуруп бооруна.
Карадан тууп ак болгон,
Арамдан тууп пак болгон.
Арбынын таштап так болгон,
Алдага дили ак болгон,
Ак ислам дин каалап
Атасынан жат болгон.
Эгизин таштап так болгон,
Эзилип күнгө сак болгон.
Эгем салып дилине
Энесинен жат болгон.
Таштап Бээжин журттарын,
Талак кылып буттарын.
Алда кирген тилине,
Ыйман кирген дилине,
Ыклас келип баш койгон,
Ак мусулман динине,
Кудай жалгыз куран чын,
Пайгамбар ак, дини ак.
Калаалуу Бээжин шаарында
Капырда калган алтын так.
Калаба салып кытайга
Качып келген ушул чак.
Аркы атасы Чылаба,
Чылабадан Солобо,
Солобонун баласы
Сонун пашаа Соорондук
Соорондуктун баласы,
Чоң Бээжинде калаасы.
Алтын айдар чок белбоо,
Алмамбетке кез келди.
Арстан Манас баатырга
Айтылуу зардал сексен төрт
Сексен төрттүн ичинен,
Аттан түшүп тез келди.
Келген жерде кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып:
Султаным пашаам эр Манас,
Сураган жообуң мен берем.
Падыша султан эр Манас,
Баарына жообун мен берем.
Баштан-аяк сурадың,
Аныңа жообум мен берем.
Мен бергенче жообун
Бетимден каршы чыкпасын,
Чырлуу сөздү бу жерде
Чыкканын кулак укпасын.

Кашыңда бар кырк чороң
Канга ылайык кырк оён.
Калмактан келген бир кул – деп
Кулдун куну бир бул – деп,
Калжыраган кургур – деп.
Калжырабай тим тур – деп,
Кытайдан келген бир кул – деп,
Кулдун куну бир бул – деп.
Кыжылдаган кургур – деп.
Кыжылдабай тим тур – деп.
Сезбеген баатыр сексен төрт
Серп салган жагы кызыл өрт,
Сөзүмдү кайрып салбаса,
Шагым сынып калбаса.
Кашыңдагы кандардан
Калк бийлеген жандардан,
Бирөө айтып салбаса,
Шагым сынып калбаса,
Көпчүлүк айтып салбаса,
Көңүлүм сынып калбаса.
Айтып турган жериңде
Ант урган кытай элинде
Айтылуу шаары Бээжинде
Жүргөн чороң мен бармын.
Жаба журтун жадатып,
Жүргөн чороң мен бармын.
Ашуусу бийик тоосунан
Ашкан чороң мен бармын.
Арбак урган кытайдын,
Арбын черүүн колунан
Кошун башчы зорунан,
Ажырап кытай торунан,
Алардын чыгып колунан,
Шашкан чороң мен бармын.
Канын суудай капырдын,
Чачкан чороң мен бармын.
Кара күрмө, жеңи жок,
Калдайы бар беги жок.
Кызыл күрмө, жеңи жок,
Кытайы бар беги жок.
Атка минсе эби жок,
Арбак урган капырды,
Кашыңдагы мен кулуң
Канын суудай сапырды.
Кыл такыя, кызыл чок,
Кызыталак капырдын
Кыргынын мендей көргөн жок.
Тубары күрмө, туура жең,
Туюк өтүк,кончу кең
Чопдор өтүк такасыз
Торкун чепкен жакасыз.
Чоң Коңурбай баатырды,
Шорун Алмаң катырды.
Алгарадан албайтып,
Найза салып далбайтып.
Жыккан чороң мен бармын.
Камал бузуп,кан сүзүп
Капкалуу Бээжин шаарынан
Чыккан чороң мен бармын.
Ушул айткан жериңди,
Билген чороң мен бармын.
Түп Бээжиндин шаарында
Жүргөн чороң мен бармын.
Качырткынын кытайын,

Кара шаар Туңшага
Сүргөн чороң мен бармын.
Арстан Манас баатырга
Алмамбет айтып токтолду.
Андан башка жан адам,
Көрдүк деген жок болду.
Эми арстан Манас турганы,
Кандардан собол сурады.
Кандар калды камоого,
Калың журт калды санаага.
Калың журт шөнтүп турганда
Казатка көңүл кылганда,
Кабылан Манас кеп айтат,
Ай, калайык, – деп айтат.
Баарыңарга эп болсо,
Манас айткан кеп болсо,
Арстаның айткан эп болсо,
Алмамбет айткан кеп болсо,
Айтканын макул көрөлүк,
Айтканына көнөлүк.
Ушул жолдун бийлигин,
Алмамбетке берелик.
Көргө түшсө түшүүгө,
Көлгө түшсө тобокел
Арт жагынан сүзүүгө.
Дабан ашса ашууга,
Шамалга учса учууга
Кара жер кучса кучууга
Жол берелик ушуга.
Каралашып Бээжинге
Барып калсак кандай – деп
Бакырлардын баарысы
Бар кудайым жар берсе,
Байып калсак кандай – деп.
Жол бийлигин талашар,
Жоомартың болсо көрүн – деп,
Жооп айткын көбүң – деп.
Жолдун тапкын эбин – деп.
Сурап Манас калганы,
Журт бейлине салганы.
Бакай канга кол берип
Алмамбетке жол берип.
Бул айтканым кандай кеп,
Бирлик кылсак кандай – деп,
Манас айтып турганда
Ушул сөздү урганда,
Айтканын кошун эп көрдү,
Азар түмөн көп эли
Макул айтат төрөбүз
Баарыбыз кабыл көрөбүз.
Жакшы айтат муну төрөбүз,
Жардыгына көнөбүз.
Бир сураса экөөнө
Миң мартебе беребиз.
Макул баатыр, макул – деп
Бул айтканың акыл – деп.
Жалпы журтка эп болуп,
Жарай турган кеп болуп.
Алмамбетке жол берди
Жол бергенин кол көрдү.
Бакай канга кол берди,
Кол бергенде мол берди,
Калк колуна тийгенде
Канкоруң камын жеди эми.

Калайыкты былк этпей,
Жата бергин деди эми.
Добул согуп күңгүрөп
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп.
Үйүнө барып айкөлүң
Алтындуу сарай коргонго,
Абзелдеген ордого,
Алдына жайсаң толгондо,
Ажыбай менен Чалыбай,
Аттаныңар – деп айтат.
Менин айткан жериме
Бат барыңар – деп айтат.
Такка олтуруп кеп айтат
Тапшырып сөздү бек айтат.
Жардык айтам билгин – деп
Белиңе кылыч илгин – деп.
Жаңы келген кошунга
Азыр барып киргин – деп.
Ар кошунга тургун – деп
Алтын добул ургун – деп.
Азыркы келген кошундан
Азар түмөн көп элден
Атым арык дегени
Атынан ибеп жегени,
Арман менен келгени,
Ушу жерден кайтсын де,
Кайтам деп жообун айтсын де.
Тонум жыртык дегени,
Тонунан ибеп жегени,
Дозок менен келгени,
Ушу бүгүн кайтсын де,
Кайтамын деп айтсын де.
Бүгүн кечтен калган соң,
Элди санга салган соң
Санатыма билинсе,
Санжырама илинсе.
Атым арык дегендин
Атынан кайгы жегендин,
Атын союп жеп кетем,
Кошунду таштай бекитем.
Тонум жыртык дегендин,
Тонунан кайгы жегендин,
Өзүн союп кекетем.
Кошунду чымдай бекитем.
Ушу кепти айтыңар,
Угузуп коюп кайтыңар.
Ол сөздү айтып эр Манас
Буйругун уккан көп алач.
Аралап кабар бергенде
Ажыбай менен Чалыбай,
Кошунга кирип келгенде
Аралап көптү карчады,
Атпай колду кыдырып,
Айтып жүрүп чарчады
Чарчаганда кайтканы.
Көргөн-билген жумушун,
Көк жал Манас баатырга
Түнүндө келип айтканы.
Ал күнү антип жатканы,
Эртеңки таң атканы.
Сандыргалуу султаның
Такта олтуруп кеп айтат,
Баары колду баатырлар
Байкаңарчы деп айтат.
Ажыбай менен Чалыбай,
Жалпы журтка айткан соң,

Жарамсыздар кайтсын – деп
Жарлык айтып кайткан соң,
Колдун баары буркурап
Койдой маарап чуркурап.
Уктуңарбы айгайын,
Кудай жалгап салыптыр,
Улук Манас канкордон,
Уруксат тийип калыптыр.
Олжосунан кечели,
Ой, акелер, кетели.
Ээрчийбиз деп нетели,
Элге аман жетели.
Эгин айдап,мал багып,
Эптеп күндү өтөлү.
Ойрон болгон канкордун,
Олжосунан кечели.
Ой, акелер, кетели,
Ушунетип көпчүлүк
Оюна түшүп көп түлүк.
Кетебиз деген баш кошуп
Кетчү келгин баштанып
Кейиш түшүп кай бирөө
Кемин тонун жазданып
Жобурлашып чуулашып,
Жол билгенден сурашып,
Паландын жолу баштуу – деп
Баланчанын кыясы
Атка жаман таштуу – деп.
Паландын жолу саздуу – деп
Паланчанын дайрасы
Агыны катуу суюк – деп,
Паланчанын өрдөшү,
Башы барып туюк – деп.

Элүүдөн-кырктан жамдашып
Кайтчу жолун камдашып.
Кобур сөздөр аралап
Кол бузулуп алыптыр.
Ата уулудан жабыркап
Араң бирден калыптыр.
Калганың бери келгин – деп
Калгандар сүйлөп калыптыр.
Калк бузулуп жатканда
Кабылан Манас барыптыр.
Кырк чоросу дүркүрөп
Кыргылчалы күркүрөп
Аккула менен болкоюп
Арстаның Манас койкоюп.
Ноокери бутта чойкоюп,
Ак найза колдо коркоюп,
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Сыр найза колдо зыңгырап.
Ак келте жондо жаркылдап
Ала байрак, сур желек
Асабасы жалпылдап.
Алтын айчык кызыл туу,
Ай тийгендей жалтылдап.
Айбатын көргөн адамдын,
Мууну кетип калтылдап.
Аралап колго киргенде
Тааныгандар бар экен,
Бир далай кыйла адамдар,
Тааныбаган жан экен.
Биринен бири кеп сурап
Айбаты катуу, каары күч,
Алдыңкы жүргөн кула аттуу,

Ким деген адам деп сурап
Көпчүлүгү сурады,
Көп таңыркап турганы.
Тааныгандар кеп айтып
Тантыбачы деп айтып.
Манас деген ушул – деп,
Канкорго кылба кусур – деп.
Оң бөйрөгү олк этсе
Оң муруту солк этсе,
Солоонго кыргын салуучу,
Согушту сонун көргөндөр
Сонун болуп калуучу.
Султан Манас нак ушу.
Калмакты барып какшаткан,
Кандардын баарын бастаткан.
Канча жанды аксаткан,
Кабылан Манас так ушу.
Качырганы жолборстой,
Кайсаганы албарстай.
Булбулдай мукам үнү бар,
Торгойдой добуш тили бар.
Бет алдынан карасаң
Ажыдаардын сүрү бар.
Жүрөгүндө жүнү бар,
Айкырганда канкорго
Адам уулу бас келбес
Ач арстандын үнү бар.
Айбаты катуу дүмү бар,
Айтканында эми бар.
Арстанга көзүн салышып,
Айран-азыр калышып.
Эми көргөн эл айтат:
Манасыңар бу болсо,
Бар кудайга кул болсо,
Жалпы түрктүн бактына
Жаралып келген жан экен.
Адамдын көөнү тойгондой,
Айтканынча бар экен.
Жалпы түрктүн баарына
Жака болчу жан экен.
Атпай алач кыргызга
Ата болчу эр экен.
Жети уруу кыргыз калкына
Калка болчу эр экен.
Жетишпеген муңдууга
Арка болчу эр экен.
Үч жүз атак казакка
Катаган менен кыпчакка
Кара калпак Эштекке,
Жоо бөрүсү дозотко,
Нуркунан менен Эсетке
Тутка болчу эр экен.
Кылган иши артында
Нуска болчу эр экен.
Падыша Манас султаның,
Баатыр түрктүн уругунан,
Кыргыз болгон жеринде
Өз уругу нуркунан
Ашкан экен алачың,
Түмөн кыргыз журтунан,
Берген экен теңири
Келишкен дөөлөт кеңири.
Добул келсе жел тийбес
Чытырман токой чер экен.
Доочу келсе мал бербес
Жүгүрүк чечен эр экен.

Жазайыл атса ок өтпөс
Жазалуу коргон чеп экен.
Бактысы артык адамдан,
Баатырың Манас турбайбы.
Ушу Манас турганда
Жалтансак кудай урбайбы.
Аңдадык-көрдүк акыры,
Адамдан артык акылы.
Алдында турат көрдүңбү,
Арстан Манас баатыры.
Аркасында жүрүүчү,
Атышкан жоосун сүрүүчү,
Аңгемесин көрүүчү,
Ажал жетсе өлүүчү,
Катарында жүрөлү,
Кармашкан жоосун сүрөлү.
Калабасын көрөлү,
Казабыз жетсе өлөлү.
Күлпөңүндө жүрөлү,
Күрөшкөн жоосун сүрөлү.
Күнүбүз бүтсө өлөлү,
Сандыргалуу султандын,
Саясында жүрөлү.
Салышканын көрөлү,
Тагдыр ажал кудайдан,
Каза жетсе өлөлү.
Жакшысы турду дем байлап,
Жаманы турду дем байлап.
Бармак болуп баарысы,
Макул кылып алышты.
Баатыр Манас султандын,
Айткан сөзүн кайтарбай,
Жалгыз адам кайталбай,
Кайтамын деп айталбай.
Жандын баары буркурап,
Барабыз деп чуркурап,
Манасты көрүп жубанып,
Барабыз деп кубанып.
Баары журт айгай салыптыр,
Көңүлү тынып калыптыр.
Орчун кара кол менен,
Орто бөксө жол менен,
Нар жагына айланып,
Оёнуң көзүн салыптыр.
Талаада от жылтылдап
Калың кошун кылкылдап
Кошунду каттап алууга
Отуз молдо шылкылдап.
Он эки дептер өңөрүп
Молдолор барып калыптыр.
Орчун колдун баарысын,
Китеп катка салыптыр.
Элди бүтүн караса
Эсеп кылып санаса,
Ажап кызык тамаша.
Нечен түмөн болуптур,
Көз жеткен жердин баарысы
Көпкөк темир жарагы,
Китепте дайын санагы.
Көп кошунга толуптур,
Азыркы эсеп алганы,
Ак кагазга салганы.
Алты кандын кошуну,
Отуз жүз миңге толуптур.
Алыстан келген кошуну,
Отуз түмөн болуптур.

6-бөлүм

МАНАС БААТЫР ӨЗҮНҮН ЖЫЛКЫЛАРЫН КОЛГО ТАРАТКАНЫ. КОЛДУН БЭЭЖИНГЕ АТТАНГАНЫ

Отуз жүз миң болгондо,
Дүнүйө колго толгондо,
Атаганат дүйнө – деп,
Арман кылды баатыры.
Өзүмдө кошун кырк жүз миң,
Эки кошун кошулуп,
Сексен жүз миң толгондо,
Көөнүмдөгүм болгондо,
Кыжылдаган кытайга
Кылбас белем акыры.
Ошондо төрө кеп айтат,
Ой, калайык деп айтат.
Жардыгым жалган болот – деп
Жаным барда ойлобо,
Жатканымча болжобо.
Өкүмүм экөө болот – деп
Өзүм барда ойлобо,
Өлмөйүнчө болжобо.
Ай жарымына карк толду,
Айдап жылкы жыйнаттым.
Ат семизин кыйнаттым,
Кошун үчүн жыйнаттым.
Ары-бери которуп
Айдап баккан малымды,
Кошун үчүн барымды
Аябаймын жанымды.
Аягы Ысар-Көлөптөн,
Башы Казык, Желектен,
Жыйнадым жылкы малымды.
Аябай колдон барымды.
Ушу жаткан калың кол,
Жардыгымды билиңер,
Жалкоолук кылбай бириңер,
Жабылып атка миниңер.
Аралдагы жылкыга,
Аламан коюп тийиңер.
Аягын уксаң жылкынын,
Арстын куйган оюнда
Башын көрсөң жылкынын,
Кара кырчын боюнда.
Бери чети жылкынын,
Короготу коосунда

Ары чети жылкынын,
Кандын кара тоосунда.
Өзөн толгон өз малым
Жардык айтам билиңер,
Жан жабыла аттанып,
Жалпы атка миниңер.
Жалпы аламан көпчүлүк,
Жан аябай кириңер.
Кош башына бир айгыр,
Кош артууга коюңар.
Кош башына бир байтал,
Кармап келип союңар.
Бүгүн түнкү коногуң,
Өз мойнумда болуңар.
Эр башына бир атты,
Чукул коштоп алыңар.
Эрдик менен барыңар.
Эптеп кармап алыңар.
Атымды долу дебеңер,
Андай бокту жебеңер.
Кошунга баккан казынам,
Чылбыры тутам боосу жок,
Чын дүйнөгө барганда
Жарым чака доосу жок.
Калың журт уккун кебим – деп
Казатка барчу элим – деп,
Атымдын кылдай доосу жок,
Айтпаймын журтум тегин – деп.
Баатырың айтып турганда
Ушул сөздү урганда
Төрөбүз эки айтпайт – деп,
Айтканынан кайтпайт – деп,
Көпчүлүк бого сүйүнүп,
Баарысы турду түйүлүп.
Кудай жалгап салды – деп,
Падыша Манас канды – деп,
Алыскы жолго минүүгө,
Ат табылып калды – деп.
Айкөл Манас турганда
Аяйбыз несин жанды – деп,
Баатырың Манас лөк экен,
Ар кылганы эп экен.
Калың түрктүн уулуна
Калаалуу коргон чеп экен.
Казат үчүн камданган
Казынасы көп экен.
Түбөлүк түрктүн уулунун,
Туткасы Манас турбайбы.
Жайдарың Манас турганда
Жазгансак кудай урбайбы.
Кандан жардык тийди – деп,
Кан Манас бизди сүйдү – деп,
Кошундун баары шаттанып
Жан-жабыла аттанып,
Кан Манас аман жүрсүн – деп,
Калктын баары жабырап.
Баатыр Манас султандын,
Марттыгына мамырап,
Кара буурул жылкыга
Чабуулду койду дабырап.
Шамдагайлар шартылдап,
Чабендестер чартылдап,
Бет-бетинен киришип,
Бедөөдөн кармап минишип.

Шамдагайлар киришип,
Чалма салып иришип.
Шартылдаган эрендер,
Мурун кармап минишип.
Чабендестер чартылдап
Чалманы мыктап салышып,
Чатырашып күлүшүп,
Чапа кармап алышып,
Башына жүгөн салышып,
Мактанышып калышып,
Чабалдардын баарысы,
Чабендеске барышып.
Акетай кармап берсең – деп,
Ынтымакка келсең – деп,
Жалгыз ат кармап алалбай,
Жабыркап жүргөн андан көп,
Кара буурул жылкыга
Таңыркап жүргөн андан көп.

Качканын тосуп токтотуп,
Камап айдап топтотуп,
Калың кошун дүркүрөп,
Калганын айдап алышып,
Айдап барып жылкыны,
Аралга камап салышып.
Кошундун баары сыртынан,
Коргондой камап алышып.
Ат жетпеген минсин – деп,
Чыңыртып кармап алышып.
Азаматтын баарысы,
Ат жакшысын кармашып,
Улуу черүү барат – деп
Узак жолго арнашып,
Атка алы жетпеген,
Ат кармап баштан өтпөгөн,
Чабалдар кийин калыптыр,
Чабалды кудай алыптыр.
Шамдагайлар шаштырып,
Чабендес сөгүп чакырып,
Жаның болсо жүгүр – деп,
Чабалдын баарын чакырып.
Уруп кеткин келгин – деп,
Бу көрөкчө өлгүн – деп,
Жалгыз ат кармап алалбай,
Кошунга не деп келдиң – деп,
Бошоңдун баарын тилдешип,
Уруп кеткир жүр дешип,
Пайдасы тиет колго – деп,
Сени алып келген ким дешип.
Чабендестер келишип,
Чабалдын жайын көрүшүп,
Чатыраган көпчүлүк,
Чабалга кармап беришип.
Атпай кошун көпчүлүк,
Аңгемени башташып,
Өз атынын чабалын,
Агытып мында ташташып.
Бирден тандап минишип,
Бир атты коштоп алышып,
Эр азамат жигиттер,
Экиден атка ээ болуп,
Эң аягы жамандар,
Колума тийди бул дешип.
Коштогону бу колдун,

Атка бергис бээ болуп,
Кош башына бир айгыр,
Кош артууга арнашып.
Кош башына бир байтал,
Соёбуз деп кармашып.
Кошун кайтты колуна
Колу жетип оозуна.
Кошун келип конушуп,
Байталдарын союшуп,
Жатып калды ал түнү,
Магдырап майга тоюшуп.
Эми эр Манастын кеби бар,
Эрлигин айтар эби бар.
Сарамжалы дапдаяр,
Эмнеден кеми бар.
Бээжинге казат кылам – деп
Кылып жүргөн деми бар.
Калдайдын уулу Капырдын,
Кан Коңурбай баатырдан,
Качантан бери ойлонуп
Алсам деп жүргөн кеги бар.
Жалпы тамам колуңар,
Жайланып жакшы конуңар.
Конгондон болду жолуңар.
Кабылан Манас чоңуңар.
Кандай түрлүү иши бар,
Кабарында болуңар.
Бээжиндин жолу алыс – деп,
Бел байлап бого барыш – деп,
Баатыр Манас аттанып
Барбай калсам намыс – деп,
Ок-дарысын айкөлүң
Он жыл мурун күтүнгөн.
Санжап кылып даярлап,
Сарамжалын бүтүргөн.
Ок-дарысын артууга
Арабадан арзан – деп,
Алыска сапар барсам – деп,
Алыскы жолго чарчабас
Кырк күндүк жолго суусабас
Жер үстүндө бар болсо,
Желмаян таап алсак – деп,
Алтынды буттап тарттырып,
Алыс жерден таптырып,
Араптан алган саттырып.
Алыстан чалгын чалдырган,
Араптан сатып алдырган.
Амал менен жүргүзгөн,
От кемеге салдырган.
Желмаяндан жети жүз,
Кош артуучу лөгү бар,
Кош башкарып туруучу,
Эр кош Абыш беги бар.
Кабылан Манас султандын,
Кандай кылса эби бар.
Ак калпак түрктүн баласы,
Асыл кыргыз зили бар.
Түрк уулунун ичинде
Манастан мыкты кими бар,
Бараңга султан барганда
Басырык уруш салганда,
Бараңдан алган тартууга
Саналуу токсон били бар.
Күтүнүп жүргөн султаның

Бар шайманын мол кылып,
Падыша төрө айкөлүң,
Барарын узак жол кылып,
Кырк күнү сапар жол жүрсөм,
Кытайга казат мол жүрсөм,
Аттан кийин калбас – деп,
Ат жүрүшүн танбас – деп,
Ал кырк күндүн ичинде
Арыктап чарчап калбас – деп,
Желмаяндан жети жүз,
Кош артууга камдаган.
Айкөл Манас султаның
Алыскы жолго арнаган.
Токсон билди топтотуп,
Токмок менен айдатып,
Бузган чынжыр бир кучак,
Бутуна салып байлатып.
Бар жарагын шайлатып,
Падышалыктан жайлатып,
Мурун койгон султаның
Кош Абышка буюруп,
Кош Абыштан кеп угуп,
Муршаптар турган туюнуп.
Кошун конуп магдырап,
Конок болуп жатканда,
Таң саргарып атканда,
Жыбырап жылдыз батканда,
Ак доолду урдуруп,
Аңгемени курдуруп,
Айкөлүң Манас кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Кош жөнөсүн мурун – деп,
Сапардын билем сырын – деп,
Кошундан кийин кош калып,
Укпасын кулак чырын – деп,
Айкөлүң айтып салганы,
Кош камынып калганы.
Кош жүктөөчү муршаптар,
Баарысы жетип барганы,
Эр Кош Абыш ээлигип,
Жардык тийип желигип,
Казынаны ачтырып,
Желдеттерди шаштырып,
Орчун кошуп көп элге,
Ок коргошун дарысын,
Атпай кошун баарына
Азык-түлүк баарысын,
Жоо тийгендей тополоң
Азыр жүктөп салганы.
Алда кандай жорук – деп,
Адамдар айран калганы.
Желмаянды чөгөрүп,
Жез казандан экиден,
Желмаянга көмөрүп.
Билдин баарын чөгөртүп,
Мис казандан алтыдан,
Бил башына көмөртүп,
Төө мылтык менен замбирек
Төрт жүздү ылгап алганы,
Билеселүү кош Абыш
Билге жүктөй салганы.
Колодон куйган добуштуу
Чоюндан кошкон курчтуу,
Жан казандай коңгуроо,

Билге бирден байлашып.
Жетекке бил баспайт – деп,
Жолго салып айдатып.
Желмаянга экиден
Жез коңгуроо байлатып.
Эки төөгө бир киши
Эл ичинен шайлатып.
Сандыргалуу эр Абыш,
Сарамжалын жайлатып.
Кош жөнөдү азыр – деп,
Кош добулун урдуруп,
Кош башкарган эр Абыш
Кошунга муну туйдуруп.
Коңгуроосу күңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Бар шайманын камдатып,
Баары журтка аңдатып.
Чаң-тополоң, ызы-чуу,
Кош жөнөдү чаңдатып.
Калың кошун жарданып,
Калктын баары таңданып.
Бил көрбөгөн адамдар,
Билди көрүп таң калып.
Жону тегиз колот – деп,
Оозу кайда болот – деп.
Бул алда кандай тоосу – деп,
Тоо болсо да жарыктык,
Тоодон чыккан дөөсү – деп,
Баатыр Манас ээси – деп,
Бирине бири кеп айтып,
Мына ушундай деп айтып.
Акетайлар уктуңбу,
Желмаян деген төөсүнө
Аттын аты жетпейт – деп,
Алдына жылкы өтпөйт – деп,
Тири шумдук бул экен,
Тик баскан бенде ичинде
Бактысы артык бенде экен.
Манасың мыкты кул экен,
Атпай түрктүн бактына
Жаралып калган уул экен.
Баатыр Манас султанга
Кылапат айтып болбойт – деп,
Кыянат айтып түрүккө
Кылапат айткан оңбойт – деп.
Эки-экиден эбиреп,
Элдин баары жабырап,
Эл айтып муну токтолду.
Эми кошундун сөзү козголду.
Баатыр Манас кеп айтат
Байкаңар журтум деп айтат.
Кош болсо жөнөп кетти – деп,
Далай жерге жетти – деп,
Ак добулду урдуруп,
Аңгемени курдуруп,
Калың журтум уккун – деп,
Кайраттанып чыккын – деп,
Менин тилим алгын – деп,
Кошун жөнөп калсын – деп,
Айтылуу Бээжин Туңшага
Азаматтар барсын – деп.
Муну айтып Манас токтолду,
Кожурап кошун козголду.
Манас жардык кылды – деп

Эми жаның тынды – деп
Кошунду азыр жөнөт – деп
Ак добулду урду – деп,
Кошундун баары камынып,
Атка минди жабылып.
Ак боз бээ алдырып,
Ай туягын чалдырып,
Алтын таажы башында
Жетимиште жашында,
Саналуу баатыр сай кашка,
Токсон миң кошун кашында.
Баатыр Бакай кол баштап
Кызыл желек алтын туу,
Кыйгыйлаган улуу чуу.
Кыраан Бакай эр ушу.
Жолго түшкөн жери ушу.
Эсеп, Досот, Нуркунан,
Эр Кошоюң катаган,
Баарысы катар жүрмөккө,
Баштап жолго кирмекке.
Масылат кылган эби бар,
Башынан бүткөн кеби бар.
Эр Бакайдын соңунан,
Эби келип оңунан,
Кошой үйдө калды – деп,
Калтырдык үйгө чалды – деп
Катагандын зардалы,
Кан Кошойдун балдары,
Чамынган жолборс сыяктуу,
Чагатай менен Калдаңы,
Эр Кошойдун иниси,
Атпай журттун далдалы,
Айтылуу Кожош, эр Абыш
Атагы чыккан балбаны.
Кошой кары үйдө – деп,
Кошойдон башка кол баштаар,
Нөөмөтүңөр кимде – деп,
Бириң чыгып сүйлө – деп,
Ыкыбалың бар болсоң,
Айып көрүп жүрбө – деп.
Чагатай Калдаң чамынып
Агыш, Кожош камынып,
Айтып сөзүн аңдатып,
Кошунун айдап чаңдатып,
Аз гана эмес мол менен
Алты түмөн кол менен.
Колду баштап жол менен
Ала байрак сур желек
Алтын айчык туу менен.
Алда канча дуу менен
Алдына түштү катаган,
Айгайлаган чуу менен.
Катагандын соңунан,
Катары келип оңунан,
Досоттордун ыктуусу
Жоо бөрүсү мыктуусу.
Жоо кайда деп чыкчусу.
Душманын басып чыкчусу.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Көсөм баатыр Керкөкүл
Шайбыр чечен Баймырза
Шыңкылдаган жаш Айдар,
Элден мурун октолуп,
Эми кезек бизде – деп,

Атасы өлүп калды – деп,
Бизден күдөр үзбө – деп.
Төрт жүз миң калың кол менен
Түрүлгөн кошун мол менен,
Кошунун салып жол менен
Ала байрак, сур желек
Айтылуу кызыл туу менен.
Алда канча дуу менен
Айгайлаган чуу менен.
Нээти казат оң жолго,
Кошунун салып чоң жолго.
Досот журту бөлүнүп,
Көйкашкалар шаттанып,
Көзгө сүрдүү көрүнүп,
Бокмурундун соңунан,
Болжолу келип оңунан.
Аксыда урган калаасы
Эсеттердин сарасы,
Көккоён султан аттанган.
Көкбөрү байдын баласы
Сымбаты журттан башкача
Султан болгон Көккоён,
Эрлигинде эсеп жок,
Эсеттен чыккан бир оён.
Келди кезек эми – деп
Мен эмес элдин кеми – деп.
Көрүнөө сүйлөп шартылдап
Көкбөрү жүрдү чартылдап.
Керней,сурнай тарттырып
Келбетин журттан арттырып,
Эсетин айдап жол менен
Эки түмөн кол менен
Түрүлгөн кошун мол менен
Жолго түштү шылкылдап,
Ак асаба алтын туу,
Аркасында кылкылдап,
Анын арка жагынан,
Баатырыңдын багынан,
Арбактар азыр жар болуп,
Наматы башта бар болуп,
Атпай түрктүн тукуму,
Түтөп турган бу күндө
Кабылан Манас султаның,
Кайраты кабат элде жок,
Каяша айтар бенде жок,
Күчөп турган бу күндө,
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргылчалы күркүрөп,
Намат келип султанга,
Ашып турган бу күндө.
Дөөлөтү толуп жык болуп,
Дөөлөрдүн баары бук болуп.
Кошуну даяр чук болуп,
Алыскы сапар минүүгө
Ат семирип ык болуп,
Ташып турган бу күндө
Эми чоронун колу жүрөт – деп
Чоролор чогуу кирет – деп
Добул уруп токтолду,
Унчуккан бенде жок болду.
Чогуусу менен дүркүрөп
Чоронун колу козголду,
Кылымга дайын кырк төрө
Кызматы дайын кырк зардал

Сексени даяр жам болуп,
Башында Манас бар болуп,
Манастын кылган иши – деп,
Атпай журтка дың болуп.
Аземи арбын мол болуп
Отуз түмөн кол болуп,
Курттай жайнап жер кайнап,
Казат үчүн бел байлап,
Кырк санжап болуп бөлүнүп,
Көзгө сүрдүү көрүнүп,
Жоо шайманы жык болуп,
Жоо бөрүсү чук болуп,
Үйдөй темир үйүнүп
Үстүнө темир кийинип,
Туулгасы башында,
Карыпчысы билекте,
Чарайнасы жүрөктө,
Белдемчиси белинде.
Кылычын кыя байланып,
Жоо-жарагын шайланып.
Алла байрак сыр найза
Азаматтын колунда.
Бадана соот, темир тон,
Баса кийген жонунда.
Ак бараң мылтык асынып
Аттанып калды ашыгып.
Майданың кайда жүргүн – деп,
Бастырып жолго салыптыр.
Манастын колун көргөндө
Көпчүлүк айран калыптыр.
Биз жүрүппүз конок – деп,
Бу кайдан келген домок – деп.
Алты кандын кошуну,
Акылынан таныптыр,
Жоомарт Кыргыл кеп айтып,
Жол меники деп айтып,
Кошун башы зардалы,
Аргындардын Албаны,
Эр Кыргылдын кошуну,
Элден мурун озунду.
Эсеби дайын так болуп,
Эки түмөн чак болуп.
Жарагы бойго карк толуп,
Жөнөп чыкты шылкылдап
Кararган калың түмөн кол
Жолугушту кылкылдап,
Кыргылчалдын соңунан,
Кыямы келип оңунан,
Чалыбай баатыр чартылдап
Жайын айтып шартылдап,
Чалыбайдын зардалы,
Кол эсебин алганы.
Алачтан чыккан Сейитти
Сейиттин жок кейиши.
Казаттан барып өлгөн жан,
Боломун деп бейиши.
Эки түмөн кол менен
Жөнөп калды жол менен.
Чалыбайдын соңунан,
Иши келип оңунан,
Жанга жаман айтпаган,
Жатык тилдүү Ажыбай,
Кой оозунан чөп албас,
Коңур чечен Ажыбай.

Ажыбайдын зардалы,
Алымдын уулу Найманы,
Эки түмөн кол менен
Жер майышкан мол менен
Баатыр Найман кол баштап
Жөнөп чыкты жол менен.
Ажыбайдын соңунан,
Наматы келген оңунан.
Сарала ат минип теңселип,
Сары тон кийип белсенип.
Сары сакал сеңселип,
Алмага нөөмөт кез келип,
Алмамбеттин зардалы
Аскер башы далдалы.
Саргыл аттуу Сакейи,
Кол эсебин алганы.
Эки түмөн кол менен
Эсеби түгөл мол менен
Алмамбеттин кошуну
Жөнөп чыкты жол менен.
Алмамбеттин соңунан
Наматы артык чоңунан
Баатыр болмок, эр болмок,
Бактылуу жигит жолунан.
Акбалтанын Чубагы
Адамдан артык сыягы.
Эми кезек менде – деп
Азыр болгон убагы.
Эр Чубактын зардалы,
Эл бийлеген далдалы.
Сабай бийдин Атайы,
Кол эсебин алганы.
Эсеби жок мол менен
Эки түмөн кол менен
Эр Чубактын кошуну,
Жөнөп калды жол менен.
Эр Чубактын соңунан,
Эби келип оңунан.
Сырдынын уулу Сыргагың
Сезбей турган чырагың,
Эми кезек менде – деп,
Эсебим дайын элге – деп,
Эр Сыргактын зардалы,
Эл эсебин алганы.
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөттө колдун милдети.
Эсеби жок мол менен
Эки түмөн кол менен,
Эр Сыргактын кошуну,
Жөнөп калды жол менен.
Эр Сыргактын артынан
Серекке кезек кеп келди
Эр Серектин кезеги
Эми келди деп келди.
Серек баатыр зардалы
Кол башкарган далдалы.
Колумда кол мынча – деп
Кол эсебин алганы.
Ушунча колду башкарган,
Үмөттүн уулу Жайсаңы.
Сезбей турган мол менен
Отуз миң ноён кол менен,
Серек баатыр кошуну,
Жөнөп чыкты жол менен.

Баатыр Серек соңунан
Баш күндөн иши оңунан,
Маңгыттардын Малабай,
Кыргыздын беги Кутунай.
Кутунайдын зардалы,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Малабай жүрсүн мурун – деп,
Кутунай жооп бергени.
Отуз миң аскер кол менен
Учан теңиз мол менен.
Малабайдын кошуну
Жөнөп чыкты жол менен.
Анын арка жагынан
Бу да отуз миң кол менен
Кутунайдын кошуну,
Жөнөп калды жол менен.
Бул экөөнүн соңунан
Арзым түштү шылкылдап
Зардалы Бообек кол баштап,
Жолго салды кылкылдап,
Арзымдан кийин Мурадыл
Айтканы журтка бек далил.
Баатыр Шаабек зардалы,
Кол башкарган далдалы.
Он эки миң кол менен
Жөнөп калды жол менен.
Анын арка жагынан
Кезек келип жаңыдан
Кошой менен Алиги
Калкаман Калдар, Чалиги
Буларга кезек кеп келди,
Кеп келгенде эп келди.
Беш көй төрө шартылдап
Саналуу кошу кашында
Кошой баатыр зардалы,
Козубактын Шүкүрү,
Алик баатыр зардалы,
Албандардын Алтайы,
Калкамандын зардалы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Калдар баатыр зардалы,
Топтун башы Тоготой,
Чалык баатыр зардалы,
Топ башкарган Соботой,
Зардалдары жам болуп,
Сандыргасы даң болуп,
Элүү миңден колу бар,
Эрендер жүрөр жолу бар.
Элүү миңден кол менен,
Эсеби дайын мол менен,
Беш баатырдын кошуну,
Жөнөп калды жол менен.
Беш баатырдын соңунан,
Иши келип оңунан,
Жардык тийип буларга
Жайдары Манас чоңунан.
Анын арка жагынан
Кошуну кайнап абыдан,
Баатырлар минтип турганы,
Падыша Манас багынан.
Бөрүчү жүрүп, Төлөгү,
Ынтымакташ өнөгү.
Качан кезек келет – деп
Карап турат бөлөгү.

Эр төлөктүн зардалы,
Эл башкарган Эламан,
Бөрүчүнүн зардалы,
Калк башкарган Калкаман,
Жоруп баатыр зардалы,
Калчалардын Карбозу,
Кол эсеби Карбозду,
Кол кармашкан жан досу.
Элүү миңден буларда
Эсеп жеткис колу бар.
Үч көй төрө шартылдап
Эми жүрөр жолу бар.
Сандыргасы мол менен
Элүү миңден кол менен.
Үч төрөнүн кошуну,
Жөнөп калды жол менен.
Анын арка жагынан,
Айбаттанып абыдан,
Айкөл Манас турганда
Артыкмын деп баарынан,
Акбай, Мамбет, Жойбупу,
Жоодары, Камбар, Шайбыры,
Сандыргалуу Жайнагы,
Кошуну курттай жайнады.
Сан кошунду дүргүтүп,
Зардалдары айдады.
Мамбет баатыр зардалы,
Каңдылардын Кадырбай,
Эр Акпайдын зардалы,
Кара сакал Надырбай,
Жойбур чечен зардалы.
Акайдын уулу Аргынбай,
Жоодарынын зардалы.
Жоо бөрүсү Эрменбай,
Камбар баатыр зардалы.
Канга ылайык Кербенбай,
Шайбыр баатыр зардалы,
Кара калпак Чаргынбай,
Кабылан Жайнак зардалы.
Каранын уулу Алчынбай,
Жети оён кошулуп,
Жетип келди озунуп.
Биз жүрөбүз жолго – деп,
Убал кылба колго – деп,
Элүү миңден кол менен
Эсеби дайын мол менен
Эрегишкен көй төрө
Жөнөп калды жол менен.
Мунун арка жагынан
Буйрук тийип жаңыдан,
Чыңыроо байдын эр Чыңгыш
Коңгуроолуу байдын Кош Абыш
Эр Адуучу Куужигит
Уйгурлардын Малиги
Каратоко, Мажиги
Кармашкан жоонун кадиги.
Жети оён сезденип,
Эми ноомат кез келип
Зардалдарын чакырып,
Сарбаздарын жапырып
Кош Абыштын зардалы
Эрбектемир дастаны.
Эр Чынгыштын зардалы,
Абектин уулу арстаны,

Адуучунун зардалы.
Жолборс жүрөк Жоламан,
Куу жигиттин зардалы.
Жоо бөрүсү Байдаркан,
Малик баатыр зардалы.
Түгөлдүн уулу Төлөгөн
Каратоко зардалы,
Түркмөндөн келген Көбөгөн,
Эр Мажиктин зардалы.
Эсепке мыкты далдалы.
Жортормону Чагатай,
Жоо бөрүсү ушундай.
Жети оён кошулуп
Желмогуздар озунуп,
Элүү миңден колу бар,
Эрегишкен жолу бар.
Зардалдарга айдатып
Көп кошунду жанатып
Элүү миңден кол менен
Жөнөп калды жол менен.
Онун арка жагынан
Айбаттанып абыдан,
Алты чоро жамдалып,
Кошунун айдап камданып,
Манастын кылган иши – деп,
Көпчүлүк бого таң калып.
Ырчыуул, Бозуул ыктуусу,
Бооке, Баймат мыктуусу,
Бөрү жолдуу бөгөлү,
Бөрүдөн мыктуу көсөлү.
Казактардын Жоорунчу,
Казатка барса тоорулчу.
Капаланып Байматың
Баймат салып айбатын.
Жашың кичүү болгончо,
Өлгөнүң жакшы турбайбы.
Көргүлүктү бир жолу,
Көргөнүң жакшы турбайбы.
Кыйнаттуу кырк баатыр,
Эми шылдың кылбайбы.
Зардалдар бачым камын – деп
Тениңде барбы жаның – деп,
Кошундан кийин калганга
Алты чоро кайгы жеп,
Ырчыуулдун зардалы,
Оролбайдын акылы,
Бозуулдун зардалы,
Аратайдын Чымыры,
Боокенин зардалы,
Эсеттердин эр Бөкөй,
Баймат таздын зардалы,
Басалгалуу Баймырза
Жоорунчунун зардалы.
Нойгуттардын Шыңгысы,
Кара Токо зардалы,
Кара жаак Калганбай,
Качырган жоонун бөрүсү,
Чагып өтөт чалкандай.
Элүү миңден колу бар,
Эрегишер жолу бар.
Эрегишти жактырган,
Баатыр Манас чоңу бар.
Эсеби дайын мол менен,
Элүү миңден кол менен,
Эрегишкен көй төрө
Жөнөп калды жол менен.

Баатыр Манас башында
Көй төрөсү кашында.
Аныктап жазган кат болду,
Отуз түмөн так болду.
Көй төрөнүн кошуну,
Тамам жөнөп сап болду.
Колдун баарын жайкаган,
Азын-көбүн байкаган,
Айкөл Манас каныңыз,
Андан кабар алыңыз.
Айкөлүң Манас кеп айтат,
Алты канга деп айтат.
Колуңду жолго салгын де,
Кош атты колго алгын де.
Кандарга бердик жолго – деп,
Жөнөтсүн канды колду – деп.
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргылчалы күркүрөп
Аккуласын каргытып
Аңгемесин арбытып,
Эрте жөнө, бат жүр – деп
Элдин баарын дарбытып.
Сансыз колду санжаптап
Баатыр Манас башында
Кол санагын бүтүрүп,
Көй төрөсү кашында.
Кандар турган камынып,
Калк аттанды жабылып,
Айбаты артык баарынан
Келген Котон шаарынан,
Төрө Төштүк бөлүнүп,
Төрөлүк шаңы көрүнүп.
Көк асаба туу менен
Көк жаңырган суу менен.
Жети түмөн кол менен,
Жер майышкан мол менен.
Алты шаар кошунун,
Айдап түштү жол менен.
Анын арка жагынан,
Дөөлөт келген абыдан,
Байлыгы артык ааламдан,
Марттыгы артык адамдан,
Алтын наалы, жез өкчө
Айдаркандын эр Көкчө
Желеги алтын туу менен
Жети түмөн кол менен.
Көп казагын самсытып
Көкчө жүрдү жол менен.
Анын арка жагынан,
Азамат эрдин багынан.
Кошуну даяр чаркылдап,
Айтып сөзүн шартылдап,
Чечендигин билдирип,
Жандын баарын күлдүрүп,
Кумулдан бери эл сурап
Кутуруп турган эл курап.
Эки түмөн кол менен
Үрбү жүрдү жол менен.
Анын арка жагынан
Баатырмын деп баарынан,
Кошуну арбын мол менен,
Алты түмөн кол менен
Айдап колун дүрбүтүп,
Жамгырчы жол менен
Жамгырчынын соңунан,
Жарашкан дөөлөт оңунан,

Өзү Маңкул журтунан,
Анжыянда Санжыбек
Кошуну бүтүн өзбек
Алтын айчык туу менен,
Азирет деп чуу менен,
Аз эмес арбын мол менен
Алты түмөн кол менен.
Сандыргасын көрсөтүп,
Санжы жүрдү жол менен.
Элдин арка жагынан,
Эсепке кирип жаңыдан,
Ак сакалдуу Музбурчак,
Алтын селде бир кучак,
Эсеби дайын мол менен.
Эки түмөн кол менен
Азирет деп чуркурап
Бурчак жүрдү жол менен.
Колдун баарын жөнөтүп,
Кол эсебин алыптыр,
Көк жал Манас султаның
Комутта болуп калыптыр.
Көк жал Манас кеп айтат,
Көй төрөгө деп айтат:
– Кол болсо жөнөп кетти – деп,
Бакайың жолго салды – деп,
Кол тууралуу көй төрөм
Комутум ичте калды – деп.
Башы Кумул,Кайбардан,
Алты шаар Кырымдан,
Атагы дайын кылымдан,
Кыйба менен Кабилден,
Букар менен Ерандан,
Алты шаар Кашкардан,
Бактыма алдам жазгандан.
Түрк уулунан кол жыйдым,
Түрүлтүп кошун мол жыйдым.
Жетимиш түмөн кол болду,
Өз алынча мол болду.
Кол көөнүмө толгон жок,
Оюмдагы болгон жок.
Жүз түмөнгө толгондо,
Оюмдагым болгондо,
Сансызга колум толгондо,
Санаамдагым болгондо.
Кыжылдаган кытайга
Кыйла бүлүк салмакмын,
Кытайдын баарын кыйратып
Бээжинди бекер алмакмын.
Тобокелге салалык,
Токтобой жүрүп калалык.
Бээжиндин жолу беш аран,
Белгилүү Бээжин жети арал
Берсе кудай алалык,
Бербесе куру калалык.
Беш күнү үйдө туралык,
Аянбай кеңеш куралык.
Алтынчы күндүн өзүндө
Аттанып сапар кылалык, –
Деп баатырың айтып токтолду
Палан деген жок болду.
Кыргылчалы башында
Кырк чоросу кашында,
Үйгө келип султаның
Аңгемеге айланып,
Алты күндүн ичинде
Жатып калды жайланып.

7-бөлүм

КАНЫКЕЙДИН КЫРК ЧОРОГО КИЙИМ БЕРГЕНИ. МАНАСТЫН КОЛДУН АРТЫНАН БАРГАНЫ

Белгилүү беш күн бул өтүп,
Күнгө аралаш түн өтүп,
Арстан төрө султандын,
Ар түрлүү сөз оюнда
Алтынчы күндүн түнүндө
Акылайдын койнунда,
Таң саргарып атканда
Жылдыз тарап батканда.
Кусулу даарат куюнуп
Кудуретке сыйынып,
Даарат алып жууунуп,
Таң намазын окуду.
Желдеттери жүгүрүп
Аккуланы токуду.
Тамак ичип жайланып
Жоо-жарагын шайланып,
Аксакалга барам – деп,
Аттанып калды жайланып.
Казатка жүрдү колуңар,
Кабылан Манас зоруңар.
Каныкей карап жаткан жок,
Кана уйкуга баткан жок.
Кандай түрлүү ою бар,
Кабарында болуңар.
Таң атканча уктабай,
Жантайып жерге ыктабай.
Төрөм түшүп өтөт – деп,
Келбей кантип кетет – деп,
Кырк чоро келбей койбойт – деп
Кызматымды ойлойт – деп.
Казынадан бактырган,
Каныкей өзү жактырган,
Перидей болгон кенизек
Баарысы сулуу келинчек.
Аста туруп аяңдап
Айтып сөзүн баяндап,
Кыркты тандап алганы.
Кызматын буйруп салганы.
Арстандар азыр келгенде
Аттарын алып байла – деп,
Кополдук кылып кокустан,
Кордук кылып салба – деп.
Ак боз бээ алдырып
Ай туягын чалдырып,

Сарамжалын бүтүрүп,
Карап турду күтүнүп.
Эми оёнуң Манас ойлонуп
Оң жагына толгонуп,
Эркеге барып өтүүгө
Катын жандуу жансың – деп,
Бул жоругуң калсын – деп
Кыраандар шылдың кылат – деп
Кыркынан шагым сынат – деп
Ойлонуп бара жатканда
Оён Алмаң кеп айтат:
– Учурашып аяшка
Өтөлүк төрөм – деп айтат.
Алмамбет ырас айтат – деп,
Бура тартты баатырың,
Туюнуп айтып салган соң,
Ойлонуп келген акылын,
Ал аңгыча болбоду,
Көй төрө келип калганы.
Келишимдүү кеп баштап
Каныкей жеңең сайрады:
– Сандыргалуу көй төрө,
Сапар кылдың алыска,
Кайсы жакка бет алдың
Аттанып сапар барышка.
Сырттан төрө султаным,
Сырыңды айтпай Канышка.
Бет алып барган жагыңдын,
Белгисин угуп калышка,
Ынтызармын көй төрө,
Жолуңду угуп алышка.
Сапарга чыксаң жол болсун,
Самаган ишиң мол болсун,
Сапарда жолуң оң болсун.
Жараткан эгем оңдосун.
Кылган ишиң күч болсун,
Самаган душман түз болсун.
Сапарга барган сай кашка
Самаган ишиң туш болсун.
Аз болгондо санаты
Сайган аты жүз болсун.
Заман акыр журтуна
Айтылгандай иш болсун.
Атка минип он күнү,
Аттаныпсыз чоң күнү,
Сапар кылып чоң күнү,
Тараза мыйзам он күнү.
Алтын айчык кызыл туу
Асмандатып аштапсыз,
Азар түмөн кол курап,
Кошунду арбын баштапсыз.
Жетим уулу, тул катын,
Жергеңди каран таштапсыз.
Аксактар сүйөнч таякка,
Кошунуң жүрдү каякка
Казаттан болсун жолуңуз,
Катында болсо угалык,
Каякка жүрдү колуңуз
Кабарын айтып коюңуз?
Баатыры жооп бергенче
Балан-бастан дегенче
Карчыгадай камынып
Кабыландай чамынып.
Каныкейге кабылып,

Кайыптан акыл табылып,
Эр Алмамбет кеп айтат:
– Ээ, жеңеке, – деп айтат,
Каспаңдын кара тоосунда
Капкалуу Бээжин оозунда
Чок табылгы жайлаган,
Чоң каратын байлаган,
Жоо дегенде шайланган.
Албарс кылыч байланган,
Алтымыш жайсаң иниси
Алооке кандын кенжеси
Калдайдын уулу капырга
Кан Коңурбай баатырга.
Тагдыр жоктур даба – деп
Казат кылдык ага – деп.
Учураша бурулдук,
Каныкей жеңе сага – деп,
Кылабы жардам бизге – деп,
Алмамбет айтып салганы.
Айтып оозун жыйганча
Кырк баатырдын баарысы
Кыргыл баштап карысы,
Кыргын тийген эмедей,
Кыйрап түшүп калганы.
Кырк келинчек жүгүрүп
Кырк бедөөнү алганы.
Алтын чынжыр,жез түркүк
Аса байлап көй күлүк.
Аземдеген сай буудан,
Абайысы көк үртүк.
Арасынан албайып,
Аккуладан далбайып,
Баатыры түшүп калыптыр.
Каныкей жеңең алыптыр,
Эрке катын Каныкей,
Элден мурун ат байлап
Шамдагайы болжолсуз
Шапа-шупа бат байлап.
Эң алдына жүгүрүп,
Эликтей эрке түйүлүп.
Эшик тартты баатырга
Баатыр баштап киргени,
Артынан Кыргыл жүргөнү,
Андан кийин кырк баатыр,
Ата уулдашып киргени.
Төөдөй болгон алтын так,
Төрөсү төрдө мингени.
Минип доор сүргөнү,
Оң жагында жыйырмасы,
Орундук алтын жыласы.
Сол жагында жыйырмасы,
Сом алтын минген жыласы.
Жекен дос жерден алдырып,
Баян дос мамык салдырып,
Алтындуу күрсү койдуруп,
Ак боз бээ сойдуруп,
Ашап алып кетсин – деп
Нарын тартып койдуруп.
Сарамжалдуу Каныкей,
Даярдап койгон баарысын,
Баштан-аяк бипбирдей,
Баян дос мамык салышып.
Байкап көрүп кырк баатыр,
Каныкейдин калысын,

Акыл сактап ичине,
Кызмат кылган кишиге.
Кыркы эмес эркенин,
Кылым журт айран ишине.
Молдолуу жерде молдо өсүп,
Ак шарият жолдо өсүп,
Молдолор менен колдошуп,
Аалым чоро дагы бар,
Болбой ичип бозону,
Боздотуп уруп кожону,
Порум көрүп ошону,
Залым чоро дагы бар.
Кожолуу жерде кожосуп,
Кожолорго жол кошуп,
Кошомат айтып жоргосуп
Сопу чоро дагы бар.
Көзү кагаз тааныбай,
Сокур чоро дагы бар.
Өз билгенин бербеген,
Кокуй чоро дагы бар.
Кымыз ичип кызышып
Сөөктөрү ысышып,
Арак ичип алкынып,
Ак туйгундай талпынып,
Арак-шарап мусаллаш
Албан түрлүү сонун аш
Сырткы кабы мермер таш.
Өзү шекер, шербет таш.
Аңгемеде олтуруп,
Тартса болор адам мас,
Кымап менен куюшуп,
Кызматкерлер сунушуп,
Кырк келинчек баарысы
Кыдырата турушуп.
Ичкиден ичи ысышып,
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден тери сызышып.
Азыркы кепти ташташып,
Аңгемени башташып.
Баланчаны сойдук – деп
Баланча жоону өлтүрүп,
Башын кесип койдук – деп.
Баланчаны алдым – деп,
Балан жерде мен дагы
Баатырлык кылып салдым – деп,
Дууга кирип калыптыр,
Басылбаган бир үлкөн,
Чууга кирип калыптыр.
Кайсы бири кеп айтып
Калп айтасың деп айтып.
Калп айтасың өзүң – деп,
Качан болсо душмандан,
Качып жүргөн жериң бар.
Көрүүчү эле көзүм – деп.
Бастанча жоону сая албай,
Коркоктун бири сен элең.
Бакатай жакшы чаба албай,
Чоркоктун бири сен элең.
Капия сөздү айта албай,
Торпоктун бири сен элең.
Аңгеме салышып
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлүп калышып,
Ыксызынан кай бирин,

Ызалантып алышып,
Арсаңдап күлүп калышып.
Катарлашып кырк баатыр,
Кандыктан доорон алыптыр.
Ал аңгыча Каныкей,
Арага келип калыптыр.
Нуска сөздөн баштады,
Сөз айтуудан шашпады.
Алмамбетке бет алып,
Асталык менен кеп салып:
«Бул олтурган кырк чоро,
Кыраныңа жар чоро.
Кырк уруу түрктүн баласы,
Кылымды билген даанасы.
Кыраныңа жолдоштор,
Сандаган түрктүн сарасы,
Азыркы турган кырк баатыр,
Ак сарай үйгө чык баатыр.
Кеби суук жеңеңе,
Келип жүргөн дагы бар.
Келбей жүргөн кырк баатыр,
Бүгүн келген чагы бар.
Бара турган сапарың,
Пасташып душман жеңбеген,
Башынан дайын баарыга,
Барса-келбес жер деген.
Уругу кытай улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Кылым кытай эл деген,
Кыяматка жеткенче,
Кылайып душман жеңбеген.
Кыйын жоого бет алып,
Кыраандар чыкты аттанып,
Кырабыз деп шаттанып.
Алыста болду сапарың,
Ажалдан болор катарың.
Кара жан үчүн күйөргө
Качпай жоого тиерге,
Жолу алыс сапарга
Жогу болсо табайын.
Жолдошуң сайын бир бирден
Сарпайы кийит жабайын.
Конор болсоң аныңды айт,
Түштөнөр болсоң жайыңды айт,
Капилетте калбайын,
Конок ашын камдайын!
Ал сөздү айтып Каныкей,
Алмамбеттен сурады.
Каныкейдин сөзүнө
Алмамбет карап турабы.
Анда Алмамбет кеп айтат:
«Аяшым, тыңда! – деп айтат:
Калк туткасы кан болот,
Казат улуу жол болот.
Кан кайрылып конгон соң,
Канткенде жылдыз оң болот.
Бизди конгун дебе – деп
Конбосок болор жеңе – деп.
Талапкер жатса талаага
Калктан калып бөлүнүп,
Калгандай болуп көрүнүп.
Калбайлык кара балаага».
Алмамбет айтып турганда
Ушул сөздү укканда.

Бурала басып Канықей
Эшикке чыгып барганы,
Даярдап койгон эшикте,
Так отуз, кырк балбаны.
Барган бойдон Канықей,
Жанчыкка колун салганы.
Санжаптаган сан ачкыч,
Санабай бирин алганы.
Казынаны ачтырып,
Балбандарды шаштырып,
Алып чыкты бир куржун,
Арзан эмес бил куржун.
Ыраңы жашыл көк куржун.
Атан эмес лөк куржун.
Көтөргөнү көп балбан,
Көргөн адам таң калган.
Алып келип балбаны,
Ортого коюп салганы.
Ортого коюп куржунду
Канықей туруп кеп айтат:
«Айтып турган кебимди,
Аяшым,уккун – деп айтат.
Сары алтында бедер жок,
Бу куржундун ичинде
Нелер бар да,нелер жок.
Сыртынан көрсөм көөнүм ток,
Бээжин ысык жер деген,
Ысыгы маза бербеген.
Аптап урса өтөр – деп,
Ал-кубаты кетер – деп,
Ал өңдөнгөн жумушту,
Аңдабай койсом бекер – деп,
Тармал койду кырктырып,
Таза жерге жыктырып,
Тасмалдатып жыйдырып,
Акылыма сыйдырып.
Токсон кемпир чогултуп,
Тырмакка салып тыттырып.
Келинге кесе бастырып,
Кыздарга кыя тиктирип,
Тогуз ай башта кылдатып,
Уздан-узга сындатып.
Найза сайса тешкисиз,
Чапса кылыч кескисиз.
Баары алтындан чоктолуу,
Баалары калпактын,
Каймал төөгө токтолуу.
Кырк чорого кырк калпак,
Ысыктуу күнгө кийип бак.
Ышынбай жоого тийип бак.
Жай кийүүгө калпагың,
Жалпы баарың камдадым.
Даяр кылып алгамын
Чоң куржундун түбүнө,
Чогуусу менен салгамын.
Кытайды кылым эл деген,
Кыргыз уулу болбосо,
Кылайып бенде жеңбеген,
Кыштын күнү турушса
Кыргыз,кытай урушса
Урушуп жүрүп окустан,
Жулушуп жүрүп кокустан,
Кулагы түшүп кулжуйса,
Мурду түшүп мулжуйса

Жаманатты болом – деп,
Жайланып кайда оңом – деп.
Кыш киерге тумагын,
Кылып коюп тургамын.
Ичин суусар ичтетип,
Тышын буулум тыштатып,
Үч талаа кылып бычтырып,
Бүчүсүн жибек сыздырып.
Жаактыгын тамакка,
Жарашыктуу кыстырып,
Туулганын сыртынан,
Тумчуланып кийсин – деп,
Алкымына бүчүсүн,
Айкаштыра түйсүн – деп.
Басырык уруш салышса
Башынан түшпөй жүрсүн – деп.
Кырк чорого кырк тумак
Кылып койдум сакталуу.
Чоң куржундун түбүндө
Бары да баргек чоктолуу.
Баалары карандын
Каймал төөгө токтолуу.
Бээжинди бекем жер деген,
Кытайды кылым эл деген.
Эки жыл,бир жыл жатышса
Жылбай жатып атышса,
Эртели-кечти турушса
Мылтыкташып урушса
Намысын кытай бербесе,
Кытайды кыргыз жеңбесе,
Азаматтар ирделсе,
Ак кийимден кирделсе,
Көңүлү чөгөт болор – деп
Көп сөкөт мага коёр – деп.
Эр башына кылганмын,
Даяр кылып турганмын.
Он эле көйнөк, он дамбал,
Бээжинге салсаң чоң жаңжал
Бейыймал өлгөн бендеге
Бейиштен минер бурак жок,
Баарысын суптан кылганмын.
Суп кийгенге сурак жок,
Ак чүчтө көйнөк, суп дамбал
Казатка кийсең куп дамбал,
Ондон кылып жүргөмүн,
Оромолго түйгөнмүн.
Ойлонуп мурун казатты
Оюма обол алганмын.
Чоң куржундун түбүнө
Чогуусу менен салгамын.
Капыр менен мусулман,
Каршы-терши турушса
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушса,
Жебенин огу кыркырап
Жетишсе ажал зыркырап.
Кара жан кетсе чыркырап,
Кан төгүлсө шыркырап.
Азат болуп күнөөдөн,
Акыретке бет алып,
Аттанган болсо дүйнөдөн.
Кемегедей бир жерди
Кемире чаап оёр – деп.
Кызылала боюнча

Кийимин чечпей коёр – деп.
Каш-кабакта өлүм чын
Кез келсе өлүм башына
Кемин тону болор – деп,
Ойлоп жүргөн оюм бар,
Кылып койгон тонум бар.
Кызматымды билип кой,
Кымбат кызык сонун бар.
Токтоп туруп кебимди ук
Кыркыңа кылдым кырк чопкут.
Узун чоро барсыңар,
Улуксуңар кансыңар.
Узун үлгү салганмын,
Үлгүңдү мурун алганмын.
Кыска чоро барсыңар,
Кымбатсыган кансыңар.
Кыска ченеп алганмын,
Кыска үлгүгө салганмын.
Ченеп алып барыңды,
Кыргыл батык карыңды.
Малдан ачып баарды,
Кыдырттым кыйла шаарды.
Кербен башы Бомбайды,
Кездирдим дүйнө бу жайды.
Анжиян менен Бомбайды,
Аралаттым далайды.
Туура жакта көйүттөн,
Тунуп жаткан Иркстан,
Ара шаар Түркстан,
Алыскы шаар Индистан,
Анжы менен Манжыдан
Кара шаар Камбылдан,
Ойдо жаткан орустан
Орчун шаар Немистен
Тегеретип теңизден,
Үч жылда араң келишкен.
Дүйнөнү бүтүн чалдырып,
Бир кадагы миң дилде
Кымбат баа кырмызы
Кыдыртып жүрүп алдырып,
Кылабыма толгон соң,
Кырмызы даяр болгон соң,
Алачтын тандап миңинен
Акылга дыйкан биринен.
Кыргыздан тандап миңинен,
Кылымдан ашык биринен,
Наамасы жок молдосун,
Бар келтирип жолдошун.
Алтымыш келин,кырк кызга
Айтылып калчу бир нуска
Кыз-келинди курдатып,
Кырк күндөн өлчөп шырдатып,
Жакпаганын сөктүрүп,
Табак-табак болотту,
Албарс өгөп аралаш,
Арасына төктүрүп,
Айландырып гүл сайган
Алардай кылып ким сайган.
Аятал күрсү куранды
Алтымыш окуп бир сайган.
Кайыганда караган,
Кайыкчы уздар жадаган.
Он-он бештен шибеге
Болоттон кылган сындырган,

Кийгендин көөнүн тындырган.
Жоого ылайык кылдырган,
Арасынын баарына,
Арыптап окуу сологон,
Айкөлүңдүн казына
Арбыныраак корогон.
Ичти-тышты сегиз тон,
Жака,жеңи тегиз тон.
Ичи кадик, иши бөз
Тышы торкун атилес
Жакасы алтын, жеңи жез
Калыңдыгы жарым кез.
Аны кийип турсаңыз
Аянбай майдан кылсаңыз.
Айгайлаган душманга
Аралап боюң урсаңыз.
Акыры сенин өзүңө
Ажалы жеткен катылар.
Айбалта менен бир салса
Алтымыш мылтык атылар,
Ажалга тиккен амал ок,
Ажалга өзү чатылар.
Жоболоңдуу кырк баатыр,
Тон талашар окус – деп
Жоога болор кокус – деп,
Жакасынын ичинде
Жабыштырган каты бар,
Өздөрүнүн аты бар.
Болжолунан билерсиң
Молдоңор окуп киерсиң.
Кытайга барсаң сапарга
Кызматым ушу айтарга.

Кырк баатырга кырк чалбар,
Кылып койгон ишим бар.
Кызматка койгон кишим бар.
Кытайга барсаң чырың бар,
Кылайтып айтар сырым бар.
Кырк чорого ылайык,
Кымбат баа шымым бар.
Мергендерден кеп угуп,
Көргөндөрдөн көп угуп,
Даңдаң баштын текеси
Териси калың деп угуп,
Даңдаң тоонун тоо теке,
Териси калың бир эли,
Сырты кара чоң теке
Абыкени баш кылып,
Алтымыш мерген аткарып
Көзгө атууга маш кылып,
Адистерге аттырып,
Кургатканда терисин
Күндүн көзүн чалдырбай
Ак сандыкка салдырып,
Аптап көрбөй катырып,
Ашаткысын жеңеңиз
Айымсынып керилбей,
Алты ай бүтүн эринбей,
Жез челекке жаткырып,
Алма кабык алдырдым
Ашаткысын кандырдым.
Малмага алты ай жаткырып,
Чоң челекке салдырдым.
Анжиянда Шагыл сарт
Боёкчусун алдырдым.

Ийи чала болот – деп
Алтымыш беш балбанды,
Элден тандап алганды,
Алым-салым ийлетип,
Порум менен кылдырган
Боёгун жеңең бийлетип
Найза тийсе тешер – деп
Болот өгөп ширетип,
Сынамакка баарысын
Сыр бараң өтсө ок өтпөй
Табактай жерге от салса,
Табылгынын чогу өтпөй,
Катын бычып,кыз тигип
Оймоктуудан уз тигип,
Перизаада Арууке
Токсон кызга баш болуп,
Уздун баары саз болуп,
Ушул ишке маш болуп,
Жылан боор бүктүрүп,
Жымырайтып тиктирип,
Тогуз ай бүтүн иштеген,
Токсон кыз тигип тиштеген.
Келиштирип баарысын
Буулум менен ичтеген.
Басма сайып кештелеп,
Багалегин кайыган,
Байкаган менен токтолбойт
Адамдын көзү тайыган.
Эч жеринде табы жок,
Ийне өткөн жердин тагы жок.
Кайыганы билинбейт,
Караса көзгө илинбейт.
Тиштегени билинбейт,
Тиктесе көзгө илинбейт.
Тиштегенде зыркырап,
Тиштин түбү ноюган,
Тикирейип олтуруп,
Кыздын баары ноюган.
Арууке сиңдим башында
Уздун баары ноюган.
Багалегин кайыттым
Баарысын кеште салдырдым,
Түр жибектен алдырдым,
Түйшүктү арбын салдырдым.
Ычкырын жибек чалдырдым
Көргөндүн көзүн талдырдым.
Тартып койсо кандагай,
Алда канча чоюлган,
Коё берсе караның
Кол талашып жыйылган.
Каныкей жеңең бүтүрүп,
Кандагай деп аталган,
Казатка кийчү кештешим
Калган эмес катардан.
Муну кылган Каныкей,
Кан Көкөтөй ашында
Айкөлүң төрөң башында
Кан Кошойдон бата алган.
Бабы менен бүктөгөн,
Марал башы көчкөндө
Башка көлүк тарталбай,
Бар буурага жүктөгөн.
Кылбай койсом бекер – деп,
Кыянат чыгып кетер – деп,

Кылымга дайын кырк төрө
Шым талашар бекен – деп.
Окуудан окуп билсин – деп,
Окуу сайган каты бар,
Оң жамбаштын үстүндө
Оёндордун баарынын
Өздөрүнүн аты бар.
Каттан окуп билиңер,
Кандагайды кийиңер.
Мактанчылык болбосун,
Баатырлар айып көрбөсүн,
Жеке башы бир шымдын,
Жети нарлык баркы бар.
Жайын айтып берейин,
Жана сөздүн арты бар.
Бээжин деген жер деген,
Ысыгы маза бербеген,
Адамын койдой айдаган,
Көргөндүн көзү жайнаган.
Кумга койгон кумганы,
Куркурап чыгып кайнаган,
Аш бышымга токтолсо,
Кашык суусу калбаган.
Жер ысыгы өтөр – деп,
Кылбай койсом бекер – деп,
Аягынан тап өтсө,
Үстүнөн ысык дагы өтсө,
Канга ылайык кырк баатыр,
Капа болуп кетер – деп,
Келгендерден кеп угуп,
Көргөндөрдөн көп угуп,
Багыландын булгаары,
Баасы кыйын деп угуп.
Алтын берип аябай,
Ашык-кемин санабай,
Баатырга казат кийми – деп,
Мал көзүнө карабай,
Багыландан алдырдым
Киречиге салдырдым,
Булгаарыны көргөндө,
Адамдын көзүн талдырдым.
Алымсокту баш кылып,
Жүз өтүкчү алдырдым.
Кызматымды башкарып,
Кырк баатыр сенден жазганып,
Апырык менен сапырык
Шири менен чары – деп
Жеңемди кудай урганбы,
Не болгон үйдүн баары – деп,
Көй төрө көзүн салат – деп,
Көңүлү менден калат – деп,
Баатырың көрсө ал ишти
Көңүлүнө алат – деп.
Мейманкана беш сарай,
Бекемдиги бир далай.
Сыр ордого житирип,
Сыр алдырбай бүтүрүп,
Экиден өтүк кылдырдым,
Эркe жеңең күтүнүп.
Апкытын жакшы кынатып,
Алтындын майын шыбатып,
Урумдан алган чоң уста
Үрпөк башка сынатып.
Такасын назик кылдырып,

Сары алтын наалы урдуруп,
Жай кийүүгө накерди,
Бирден кылдым баарыңа
Кыргыл башчы карыңа.
Айкөлүм төрөң каныңа
Кыш кийүүгө бир-бирден
Кымбат баа жеке өтүк
Кырымы маасы ичинде
Маасысы менен эки өтүк
Ичинде маасы болбосо,
Аягы үшүп калар – деп,
Жыргалы бар күн болсо,
Жекени серпип салар – деп
Жеке сан жерде калар – деп
Жергеси менен көй төрө,
Баяндостун үстүнө
Маасы менен барар – деп,
Баарысы даяр болбосо,
Көңүлү менден калар – деп.
Байтама, байпак – баары бүт
Өтүктөрдүн өзүндө
Каныкей жеңең силерге
Калаты болбойт сөзүндө.
Канга ылайык кырк төрө,
Кызматың дайын эсимде.
Өтүктөрдүн ичинде
Барчадан байпак жоролуу,
Байтамасы башайы
Ичине салып оролуу.
Кырк баатыр сенин баарыңа
Кыргыл башчы карыңа.
Айкөлүм төрөң каныңа
Кызмат кылбай болобу,
Жээги желең болот – деп,
Жеке сан тийсе тоңот – деп,
Жеңеңер кайдан оңот – деп,
Айып менде болот – деп,
Кемчат кундуз кармаган,
Кемчилиги калбаган.
Сандыргалуу көй төрө
Сапарга жеңең арнаган,
Сарамжалым ойлогун,
Санжап кылып койгомун.
Талашат деп көй төрө,
Жабыштырган каты бар.
Ушул каттын ичинде
Өздөрүнүн аты бар.
Кагаздан окуп билиңер,
Каттан таанып кийиңер.
Кагылайын көй төрө,
Мага капа болгон кимиңер.
Кыялы жакшы кырк баатыр,
Кызматымды билиңер.
Кан аттанып жол жүрсө
Казатка кыргыз кол жүрсө
Кара, тору аралаш
Калың кошун мол жүрсө
Капа болбой бириңер,
Казатка кандар жүрүңөр.
Казына талап болсоңор,
Казаттан аман келсеңер,
Кайрылып элди көрсөңөр,
Канга ылайык көй төрө
Каныкейдин мөөсүлүн,

Өздөрүңөр билиңер,
Деп Каныкей кеп айтып,
Калтырбастан көп айтып,
Көй төрөнүн баарына
Көңүлдө жүрчү кеп айтып,
Көк куржунду сөктүрүп.
Көшүлтүп жерге төктүрүп.
Санагын дайын алдырып,
Санжап-санжап кылдырып,
Кыялы башка Каныкей,
Кыялына тундуруп,
Кырк чоронун кийимин,
Бөлөк-бөлөк бөлдүрүп,
Баштан-аяк дайындап,
Баатырларга билгизип,
Бактысы артык султан – деп,
Манаска мурун кийгизип,
Максаттуу жолго барат – деп,
Пайдасын эрге тийгизип,
Жашына карап Каныкей
Санжап менен кийгизип.
Көй төрөнүн баарына
Жазуудан окуп кийгизип.
Арткан кийимин Каныкей,
Атагын дайын алдырып,
Жан башына кош куржун,
Бөлөк-бөлөк салдырып.
Наары кетип калат – деп,
Сыртынан ороп таңдырып,
Адамды айран кылдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып,
Баты менен бүктөтүп,
Бартал атка жүктөтүп,
Көрөбүзбү-жокпу – деп,
Көзүнөн эрке жаш алып.
Кыя тартып Каныкей,
Кырк чородон жазганып.
Короздой болгон эркеңиз,
Туура тартып тулпарды,
Туйгун төрө султанын,
Кош аман бол, баатыр – деп
Көрөбүзбү акыр – деп,
Колтуктап атка аткарып,
Кырк келинчек жүгүрүп,
Кызматына түйүлүп.
Кырк төрөнү аткарып,
Аттанды баары шаттанып.
Алмаң айтар кеби бар,
Каныкей калды сактанып.
Атка минип шаңданып,
Арбактанып даңданып.
Айкөлүң түштү жолуна
Алдыңкы кеткен колуна.
Айран калды көй төрө
Кан баласы эркенин
Кайратынын зоруна,
Акылынын молуна.

Каныкей менен коштошуп,
Калктан бата алышып,
Санжыргалуу көй төрө,
Салган бойдон жарышып.
Көй төрө менен султаны,
Салкар жолго салышып,

Ал аңгыча Канықей,
«Аяшым токтой тургун» – деп,
Азыраак айтар кебим бар,
Атыңдын башын бургун – деп.
Алманды эрке чакырды,
«Азыраак сабыр кылгын» – деп.
Эркенин үнүн укканда
Эр Алмамбет токтолду,
Канықей келип кашына
Кайгылуу сөздөр козголду.
Канықей ыйлап алыптыр,
Кан Алмаңа кеп айтат:
«Канатсыз жалгыз төрөңө,
Каралап жүргүн» – деп айтат.
Муңканып ыйлап Канықей,
Муңайып туруп кеп айтат:
«Бутагы жок жалгызга
Бурула жүргүн» – деп айтат.
Жалгызды кудай жаратат,
Экөөнүн көзүн каратат.
Жанында күйөр ини жок,
Жалгыз кетип баратат.
Жумурткадан ак жалгыз,
Бир уядан так жалгыз.
Энеден элким туулган,
Эл ичинде жапжалгыз.
Катар туруп атышса
Кара канга батышса
Кызыгышып атышса
Кызыл канга батышса.
Ажал жетип, күн бүтсө
Айкөлүм өлүп калар дейм,
Азапка тууган мен бейбак,
Азапка мени салар дейм.
Капкасы алтын дарбаза
Калаасы каран калар дейм.
Уялаш мында ага жок,
Убайын көрөр бала жок.
Артында калган ини жок,
Агайындан бири жок,
Жазууда тагдыр күн бүтсө
Жалгызым өлүп калат дейм.
Жабырга туулган шордуу күң
Жабырга мени салат бейм.
Күмүш сарай алтын так,
Ордосу каран калат дейм», –
Деп Канықей ыйлап турганда
Ушул сөздү урганда
Эр Алмамбет оштонуп
Эски дарты козголуп.
Мууну кетип шалдырап
Көз тунарып жалдырап.
Кан Алмамбет муну айтат
Кара жанды муңайтат:
«Айтканың,аяш,эп эмес,
Адам айтчу кеп эмес.
Манас жалгыз болчу эмес,
Жалгыздык атка кончу эмес.
Жайдарың Манас төрөңдү
Жалгыз деп айткан оңчу эмес.
Айлынан алыс көнөлек
Адамдан назар көрөлек.
Азыркысын бу кезде
Атасы Жакып өлөлек.

Элинен элким көпөлөк
Эч кимден кордук көрөлек.
Элким Манас болчу эмес,
Энеси турат өлөлек.
Башка журтка көнөлек,
Басырык кордук көрөлек.
Бажырайып алдында
Бакай турат өлөлек.
Абыке, Көбөш иниси
Кошунда жүрөт күркүрөп.
Кыргылчалы башында
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кылымдын баары корккондон
Сийдиги чыкпайт бүркүрөп.
Алач бүтүн жам болсо,
Арбагы журтка даң болсо,
Кошуну сансыз жан болсо.
Кош Түркстан, Ала-Тоо,
Ушу күндө күр болсо,
Алганы асыл нур болсо,
Айкожом келип пир болсо,
Каршылашкан душманы
Кайратын көрүп тим болсо,
Жалгыз деп айтпа Манасты,
Жайсыз деп айтпа алачты.
Жалгызды аяш билбепсиң,
Жайын байкап жүрбөпсүң.
Элкимди аяш билбепсиң,
Эсиңе алып жүрбөпсүң.
Эл ичинде мен жалгыз,
Элинен азган кем жалгыз.
Калк ичинде мен жалгыз,
Калкынан азган кем жалгыз.
Элким деген мен болом,
Элимден азган кем болом.
Элет кыргыз уулуна
Эрлигим менен тең болом.
Эсиз жан тенден кеткен соң
Энем жок ыйлар чыркырап,
Элим жок ыйлар зыркырап,
Эч ким жок ыйлар буркурап.
Эшикте калса алтын баш,
Эч кимден чыкпайт көздөн жаш.
Көй төрөнүн баары кас,
Ит менен кушка жем болом,
Жалгыз деген мен болом.
Жайымдан азган кем болом,
Жалпы түрктүн уулуна
Жардыгым менен тең болом.
Жалгыз жаным өткөн соң,
Атам жок ыйлар чыркырап,
Агам жок ыйлар зыркырап,
Айлым жок ыйлар буркурап.
Талаада калса алтын баш
Көй төрөнүн баары кас.
Кимден чыгат көздөн жаш,
Ит менен кушка жем болуп,
Жебенин огу зыркырап,
Азиз жан кетсе зыркырап,
Ага-тууган менде жок,
Алдымда ыйлаар буркурап,
Каранын огу зыркырап
Кара жан кетсе чыркырап
Кайрылаар тууган менде жок.

Кашымда ыйлаар буркурап,
Кара жан тенден кеткен соң
Катарлуу ажал жеткен соң,
Көй төрөнүн кеби бар,
Көрсөтүп жүргөн эби бар.
Кызыталак кытай – деп,
Кызыгып жүргөн кеги бар.
Кытайдан келип бек болуп
Кылымга сөзү эп болуп.
Кыргыздын уулу баарыбыз
Көзүн карап тек болуп.
Эсирип кетти бу кул – деп,
Энтелеген кургур – деп,
Көөп кетти бу кул – деп
Көрбөгөнсүп кургур – деп.
Ажал жетсе окустан
Өлүп кетсем кокустан,
Эсирген кул өлдү – деп,
Көргүлүктү көрдү – деп
Эли-журту болбосо,
Бу кулду ким көмдү – деп.
Шыйрагымдан сүйрөтүп,
Кабакка сүйрөп койбойбу,
Кан Алмаң деп ойлойбу,
Карга көзүм ойбойбу.
Каным менен жиниме,
Бөрү-түлкү тойбойбу.
Тардыкты чоро салбайбы,
Талаада Алмаң калбайбы.
Көй төрөң тарлык салбайбы,
Көмүлбөй Алмаң калбайбы.
Акыретке Алмамбет
Арман менен барбайбы.
Күйдүрүп мени күл кылдың
Көңүлүмдү зил кылдың,
Аяшым койгун кебиңди,
Бекер кеспе демимди.
Сактасын кудай бегиңди,
Саламат кылсын элиңди.
Айкөл Манас падышаң
Атагы дайын көй төрөң
Аман көрсүн аяшым
Жети-Суу, Талас жериңди.
Муунумду бошоттуң
Эми укпаймын кебиңди».
Жана Алмамбет кеп айтат,
Жайлап сөздү эми айтат:
«Арманым ичте көп жатат,
Аяшым,уккун – деп айтат,
Арманым бар оюмда
Алтайлык күмөн бала бар,
Аруuке сиңдиң боюнда.
Болбодум мунун тоюнда,
Аман-эсен көз жарса
Бала кылып аларсың.
Жаман болсо жай тийбес,
Айдап жолго саларсың.
Эркек эмес,кыз болсо
Эмгектүү мага туш болсо,
Жайын байкап көрөрсүң
Жайлуу жерге берерсиң.
Мындан башка кебим жок,
Аяшым угар эбиң жок.
Төрөм алыс кетти – деп,

Далай жерге жетти» – деп
Канықей менен коштошуп,
Алмамбет жүрдү жолуна.
Баатыр Манас зоруна.
Баштагы кеткен колуна.
Көй төрөсү кашында.
Көк жал Манас башында,
Казатка Манас жол жүрүп,
Эки түн тынбай мол жүрүп.
Алты күн болгон кошунга.
Артынан Манас жетиптир,
Ириген адам көп болуп,
Ирети колдун кетиптир.
Чулуга келип конуптур,
Чуркурап кошун толуптур.
Аларчанын оюна
Аккан суунун боюна,
Баш жагына барпайып
Падыша Бакай конуптур.
Бакайдын төмөн жагына
Падыша Манас чоң баатыр,
Баштаган иши оң баатыр.
Баатырыңдын чоң чатыр
Көрүнөө жерге келтирип
Манастын кошу конуптур.
Манастын төмөн жагына,
Кыркасы менен кырк баатыр,
Кырк чоронун кырк чатыр,
Кыркасы менен конуптур.
Алды жагы жабырга,
Аяк жагы Сокулук,
Чулунун өзөн оюна,
Чүйдүн суусу боюна.
Өйүз-бүйүз кол жайнап
Жерге сыйбай курт кайнап,
Калың кошун конуптур.
Курттай кайнап толуптур.
Эсебинде санда жок,
Эсебин алган жан да жок.
Этиет болгун атка – деп
Эстетип койгон кан да жок.
Атына кошун карабай,
Ат байларга жарабай,
Атым кетип калат – деп
Кошундар ойлоп санабай.
Аттын баары бош калып
Байлаганы бош чалып.
Каңтаргалуу боюнча
Качып жүргөн андан көп.
Ооздугун кемирип
Басып жүргөн андан көп.
Чылбыр бутка оролуп
Тизгинине тушалып,
Ээри кетип бооруна
Тердиги түшүп талаага,
Жайдак жүргөн андан көп.
Ээрин тээп сындырып,
Ээсинин жанын тындырып,
Үркүп жүргөн андан көп.
Кошундун баары алжырап,
Ат менен колдун иши жок,
Анча-мынча ойлонуп,
Ат деп койгон киши жок.
Колдун баары мамырап,

Козголуп койбойт камырап.
Жыпжылаңач чечинип
Дырдай болуп алышып.
Болжолу жок ойношуп,
Боюн сууга салышып.
Сууга түшүп чулп этип,
Түбүнө чөгүп булт этип.
Караңарчы мени – деп,
Кайра чыгып култ этип.
Ойноп жаткан андан көп,
Ойлонбогон чандан көп.
Өз алынча керилип,
Ойногондон эринип,
Ойнойлу деген адамга
Ачуусу келип теригип.
Бет алдынан жыгылып,
Эки көзү жумулуп
Чалкасынан дардайып,
Колу,буту тарбайып,
Уюп жаткан андан көп,
Уктап жаткан чандан көп.
Эч нерсени ойлобой,
Элейип жүргөн андан көп.
Элден чыгып жапжалгыз
Селейип жүргөн андан көп.
Жандын баары ойлонбой,
Жайкалып жаткан чандан көп.
Колду көрүп эр Алмаң,
Козголуп сөздү эми айтат.
Баатыр Манас султанга:
«Байкагын төрөм – деп айтат,
Кошунуң менен аңтарыл
Кошунуң менен корум бол.
Кошун мындай болчубу,
Кошунду мындай койчубу,
Аттын баары бош жүрөт
Муну кошун деп айткан оңчубу.
Аттанып үйдөн чыккан соң,
Кошундун иши чак болот.
Кошун деп буга ишенсең
Үзүлүп тукум сап болот.
Кошунуң курсун, Манас – деп
Жүдөгөн экен алач – деп,
Кошунуң арбын мол болсо,
Азар түмөн кол болсо,
Баатыр Манас эр болсоң
Барарың алыс жол болсо,
Жети арал Бээжин жер болсо,
Ташып жаткан көл болсо,
Касташып казат кылганың
Кан Коңурбай эр болсо,
Уругу кытай улуу журт,
Уюп жаткан эл болсо,
Каарланса кан Коңур
Каптап кетчү сел болсо.
Уялбай кантип барабыз,
Урушту кантип салабыз.
Кан Коңурбай баатырды
Канетип төрөм алабыз.
Алачың бошоң кол эмес
Бул жоругу жол эмес.
Күн чыгышта көп кытай
Кошунуң мындан мол эмес.
Эсирип колдун жатканы,

Эч бендеге оң эмес.
Атыңды жакшы баккын – деп
Уктабай ойгоо жаткын – деп,
Уктап аттан айрылып
Азабың аштай каттың – деп.
Анча-мынча иш эмес
Ажалдын суусун таттың – деп.
Ушу жаткан көп колго,
Акыл айткан жаның жок,
Баарына жардык угузуп
Башкарып койгон каның жок.
Бул жоругуң кеп эмес,
Адамга болсо сеп эмес.
Кош аттын баары бош жүрөт,
Кошун мындай болчубу.
Козголбой уктап жаткан соң
Кошундун жолу болчубу.
Кан башкарып койбосо,
Каныңдын жолу болчубу.
Калың кошун көп аскер,
Жаныңдын жолу болчубу.
Кара, төрө аралаш
Баарыңдын жолуң болчубу.
Касташкан душман кез келсе
Кан Коңурбай бет келсе
Жалгыз мылтык тарс этсе
Добулдун үнү карс этсе
Аттын баары бош жүрөт.
Аттары үркүп кетпейби,
Аңдып турган жоо болсо,
Түбүбүзгө жетпейби.
Аты жокто ырыс жок,
Аңдыган жоодо туруш жок.
Айкөл Манас султаным
Кошунуң аман калчубу.
Алам деп ушул кол менен
Бээжинге Манас барчубу.
Берекесиз кол менен,
Бээжинди Манас алчубу.
Калдайдын уулу чоң баатыр,
Кан Коңур карап калчубу.
Белгилүү кытай Бээжинге
Мен барбаймын Бээжинге.
Бекерге барып өлбөймүн,
Бээжиндин жүзүн көрбөймүн, –
Деп эр Алмамбет кеп айтып:
«Элиң бошоң – деп айтып.
Кебин айтып Манаска,
Кетемин» – деп Таласка,
Булкунуп жанды муңайтып,
Бура тартты муну айтып.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл башчы карысы:
«Токто, Алмамбет, токто!» – деп
Иштин артын сокто – деп.
Чубак,Сыргак,Ажыбай,
Кыргыздын беги Кутунай.
Чылбырынан бек кармап
Чыдамсызсың деп кармап.
Алманды кармап алышып,
Аңгемени салышып,
Көк жал Манас кеп айтат:
«Көй төрөлөр – деп айтат –
Алмамбет, өзүң кан бол – деп,

Атагың журтка дың бол» – деп.
Айбатың катуу баатырсың
Ажыдаардай жан бол – деп.
Колду өзүң башта – деп,
Жолду өзүң башта – деп.
Бура тартып булкунган
Бул жорукту ташта – деп.
Биз билбейбиз жолуңду,
Кан Коңурбай зоруңду,
Кандай кылсаң андай кыл,
Өзүң башкар колуңду.
Кандыкты өзүң алгын – деп
Калкты жөнгө салгын – деп
Бакбурчундун шаарына
Баштап алып баргын – деп.
Кандыкты Бакай берет – деп
Кандай айтса көнөт – деп.
Санжабын даяр колго алып,
Кошунду өзүң жөнөт – деп,
Айкөлүң айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Көй төрөнүн баары айтып,
Көпчүлүк кеңеш кылганда
Кептин-сөздүн баарысын
Келтирип айтып тынганда
Эр Алмамбет токтолду,
Эрегиш кылган жок болду.
Сөз ордуна келишип,
Алмаңа кандык беришип.
Баатыр Манас башында
Кырк чоросу кашында.
Айкөлүң Манас кырданып,
Айбаттанып сурданып.
Кыргылчалы күркүрөп
Кыраандар жүрдү дүркүрөп.
Аралап өттү көп колду,
Аңдап өттү оң-солду.
Басып өттү көп колду,
Байкап өттү оң-солду.
Манас келдип калды – деп,
Көрдүк Манас канды – деп.
Көп кошундун түркүгү,
Кудай жалгап салды – деп.
Көргөндүн баары муну айтып,
Көшүлгөн бойду тыңайтып.
Төрө султан чоң баатыр,
Төрөлүгү оң баатыр.
Төрөнүн кошу дайындуу.
Дөбөгө тиккен көк чатыр.
Кырк чоросу кырк баатыр
Кырга тиккен кырк чатыр,
Көк жал менен кеңеште
Көк чатырга жык баатыр.
Коштору дайын көрүшүп,
Кош-кошуна келишип,
Муршаптар атын алышып,
Аттарын байлап салышып,
Айкөл Манас султандын,
Үстүнө басып барышып.
Көй төрөлөр кеп баштап,
Көңүлгө жаккан иш баштап.
Абаң Бакай алдына
Ажыбай барсын деп баштап.
Жатык тилдүү Ажыбай,

Кан Бакайга барсын – деп,
Калкамандын кара атын,
Тартууга коштоп алсын – деп.
Масылат кеби токтолду,
Баш кайтарган жок болду.
Барса барып келем – деп,
Баатыр Бакай кенен – деп,
Кандыгын бизге берер – деп,
Эр Ажыбай октолду.
Кара атты коштоп Ажыбай
Кан Бакайга жөнөдү,
Карыяга баргын – деп,
Кошунда калды бөлөгү.
Эми эр Бакайдын кеби бар,
Эрдигин айтар эби бар.
Калк атасы кан Бакай,
Кадырлуу киши соо эмес,
Эр Манастан башкага
Эңилип койчу жоо эмес.
Оңойлук менен бендеге
Омурулар тоо эмес.
Калкын жыйнап алыптыр,
Кандыкты куруп салыптыр.
Эшигинин алдында
Ак таяктан экөө бар.
Сыртынан кайрып кайтарган,
Желдеттерден жетөө бар.
Ажыбай жолго салганын,
Кара атты коштоп алганын.
Желдеттин бири көрүптүр,
Көргөндө көңүл бөлүптүр.
Ажыбай келе жатат – деп,
Бакайга кабар бериптир.
Кан Манастын кошунан,
Кара атты коштоп алды – деп
Кайрылбастан Ажыбай,
Бизди көздөй салды – деп.
Желдеттен абаң кеп угуп
Ажыбай келет деп угуп.
Ажыбай келет дегенде
Аяр Бакай сүлк этип
Аста-секин билдирбей,
Күлүп койду бүлк этип.
Калкка карап кеп айтат
Кабылан Бакай деп айтат:
«Келе жаткан жумушу,
Керемимдин угушу,
Атын коштоп мен жакка,
Ажыбайдын чыгышы,
Айып менде болду – деп,
Башкарбай койдум колду – деп,
Карылык кылып калдым – деп
Калк көөнүнө салдым – деп.
Калың кошун көп колду,
Кармай албай калдым – деп.
Карыганда Бакай калп айтып
Канетип муну тандым» – деп.
Кополдук кылып салганбыз,
Кошундар калган жайланбай,
Аттары кетип калгандыр,
Бирде бири байланбай.
Кошун айнып калды – деп,
Абамды кудай алды – деп,
Көй төрө көзүн салгандыр.

Көк жалга айтып баргандыр.
Алмамбет,Чубак көргөндүр,
Айкөлгө айтып бергендир.
Айлыма кетем барбайм – деп
Алмамбет араң көнгөндүр.
Кандыгымды көй төрө
Алмамбетке бергендир.
Кандыгын Бакай берсин – деп
Ажыбай буга келгендир.
Баатырыңа эп болсо,
Бакай билер кеп болсо.
Көк жалыңа эп болсо,
Көй төрө айткан кеп болсо,
Келтирип кеңеш кылалык,
Кандыкты берип тыналык.
Кабылан Манас төрөнүн,
Калкасында туралык, –
Деп эр Бакай айтып элине,
Ушул сөздү урганда
Эрлиги дайын эр Бакай,
Элин жайкап турганда.
Ал аңгыча болбоду,
Ажыбай келди канына.
Бактысы жандан башкача
Падыша Бакай карыга
Жанга жаман айтпаган,
Жатык тилдүү Ажыбай,
Кой оозунан чөп албас
Коңур чечен Ажыбай,
Баатыр Бакай канына
Баса олтуруп жанына.
Асталык менен кеп айтат
Кеп айтканда деп айтат:
– Абам Бакай карыя
Арзымды уккун – деп айтат.
Айтканым айып болбосо,
Кошун бошко калыптыр,
Колунда жок кош аты,
Аттарын айдап салыптыр.
Эл көөнүнө алат – деп
Эрлердин көөнү калат – деп,
Калк көөнүнө алат – деп,
Кандардын көөнү калат – деп,
Байкадык аба кебиңди,
Башкарбапсың элиңди,
Башка киши кан болбойт,
Өзүң тапкын эбиңди.
Улук Манас жиберди,
Урмат кылгын бегиңди.
Кошун минтип жаткан соң,
Калдайдын уулу капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан,
Канетип алдың кегиңди.
Ат жайылып жүргөндөн,
Алмамбет балаң күйгөндөн,
Алыскы жолдун өлчөөсүн,
Акылдуу оён билгенден,
Кабылан Бакай абаке
Кандыкты сизден сурадык.
Кан Алмамбет болсун – деп,
Балдарың бого чыдадык.
Кандай кылсаң өзүң бил,
Сиз кылган ишке ынадык.
Алдыңа келдим айтуум бар,

МАНАС

Арзымды айтып кайтуум бар.
Калкамандын кара аты,
Алдыңызга тартуум бар.
Бакайга айтып бар сөзүн,
Эр Ажыбай токтолду.
Ажыбайдан кеп угуп,
Абаң Бакай козголду.
Баарыңар менин балам – деп,
Башымда ушул санаам – деп.
Сандап жаткан көп колдун,
Санагын кантип алам – деп,
Баянын айтып сүйлөдү.
Баатыр Бакай барпайып
Кошунга кызмат кылууга,
Калыпмын балдар картайып.
Колумду мындай жүргүн – деп,
Бара албаймын тартайып.
Манасым турса кашында
Көй төрөм турса кашымда
Алачым арбын кошунда,
Кимден корком жалтанып.
Балдарга кызмат кылдырып,
Бакайың жатат чалкайып.
Баарыңарга эп болсо,
Манас айткан кеп болсо,
Көбүңөргө эп болсо,
Көк жалың айткан кеп болсо
Айтканыңа көндүм – деп,
Алмамбетке бердим – деп,
Азиз кандын баласын,
Канга ылайык көрдүм – деп.
Ажыбайым бул ишке
Адалдык менен келдиң – деп.
Алдыма молдом келгин – деп
Кандык катты көргүн – деп.
Алмамбет кан болду – деп
Сыртына жазып бергин – деп.
Баатыр Бакай муну айтып,
Кагазын алды булайтып.
Алмамбет кан болду – деп,
Сыртына дайын жаздырып,
Чындыгына эр Бакай
Жыгалуу мөөрүн бастырып,
Карагыла Бакайдын,
Акылынын молуна,
Кандык катын тапшырды,
Ажыбайдын колуна.
Кандык жардык кат алып
Ажыбай түштү жолуна.

8-бөлүм

АЛМАМБЕТ КАН БОЛУП, КОШУНДУ КАЙ ТҮРЛҮҮ ЭСЕПКЕ АЛГАНЫ. ТОЛУК ТОКСОН КҮН ЖОЛ ЖҮРҮП, ӨГҮЗ-ӨЗӨН, КАРА-САЗГА КОШУН ТЫНЫГЫП, ТӨРТ АЙ КЫШТАП КАЛГАНЫ

Абам жакшы иш кылды – деп,
Ажыбай барды чартылдап,
Алып келдим катты – деп
Айтып сөзүн шартылдап.
Бакайың жакшы киши – деп,
Баатыр күлүп карсылдап.
Көй төрөнүн баарысы
Көңүлү өсүп жаркылдап.
Эми эр Ажыбай кеп айтат,
Эби ушундай деп айтат.
Уялбай кантип алам – деп,
Алган жок берген атыңды.
Тартуу жүрүп ортого
Тайдырбайм деп батымды,
Берендиги белгилүү,
Бекер берди катыңды.
Манастын берди колуна.
Байкагын сөздүн соңуна.
Эр Алмамбет баатырдын,
Иши келип оңуна.
Кабылан Манас кеп баштап,
Как ушундай деп баштап.
Калың журтка жар салып
Жар салганда шар салып.
Кан Алмамбет болду – деп
Мурун бердик жолду – деп.
Колду-жолду бүт алып,
Баштасын Алмаң колду – деп.
Калкка кабар салдырып,
Кандын баарын алдырып,
Кандын баарын үстүнө
Кабылан Манас чакырды.
Кагазынын сыртына
Алмамбет кан деп жаздырды.
Кабылан Манас айкөлүң
Кандардын мөөрүн бастырды.
Кан Алмаңдын колуна
Кагазын Манас тапшырды.
Элдин баары сүрдөшүп,
Эки-экиден сүйлөшүп,
Калмагы кандай кан болду,
Алда кандай жан болду.

Бакай жакшы кан эле
Басалгалуу жан эле, –
Деп кобурашкан андан көп.
Кооп кылган жандан көп.
Эми эр Алмамбет кан болуп
Эрлиги журтка даң болуп.
Каяша айтар бенде жок,
Кашында Манас бар болуп
Элге карап кеп айтат,
Эр Алмамбет эми айтат.
«Эрегиш деген бир сөз бар,
Укпасын кулак» – деп айтат.
Кандарга карап кеп айтат,
Кан Алмамбет бек айтат:
«Каршылык деген бир сөз бар,
Укпасын кулак» – деп айтат.
Кара, төрө дебеймин,
Каныңдан ибеп жебеймин.
Жан барында жалтанбайм
Жата берип жалпайбайм.
Жардыгым жалган болбойт – деп
Жарашкан бенде оңбойт – деп.
Өкүмүм экөө болбойт – деп
Өөдөсүгөн оңбойт – деп
Эрегишкен оңбойт – деп
Эгерде эки болбойт – деп
Эрегиш кылган жан болсо
Эр Алмаңдан сойлойт – деп.
Каршылык кылган оңбойт – деп
Кадимден жакшы болбойт – деп,
Каршылык кылган жан болсо,
Кан Алмаңдан сойлойт – деп.
Калк ичине андайды,
Кан Алмамбет койбойт – деп.
Улук-кичүү, карыңар,
Угуңар сөздү баарыңар.
Алмамбет айткан жардык – деп
Аянбай туюп алыңар,
Эми колду санга салам – деп
Кол эсебин алам – деп,
Айтылуу Бээжин, Туңшага
Адам болуп барам – деп.
Кандуу кошун бар болсо
Канына карап турсун – деп.
Катка жазган эсепти
Катары менен кылсын – деп
Туулуу кошун бар болсо
Туусуна карап турсун – деп.
Туш-тушунан молдолор,
Тууралап эсеп кылсын – деп.
Сексен молдо кырк дептер,
Алмамбет азыр алдырды,
Атпай кошун көп элди
Ак кагазга салдырды.
Колду койдой чубатып,
Өкүмүнө ынатып,
Жандын баарын чыдатып,
Аттарын анык суратып.
Андай-мындай дегенди
Узунунан сулатып.
Кошун түштү баш камга
Молдолор кирди жазганга.
Унуткан адам көп болду,
Өзүнүн атын шашканда.

Санжабын даяр кылдырып,
Санаасын Алмаң тындырып,
Кырк молдону кырк жерге
Китебин кармап тургузуп,
Кошундар азыр келсин – деп,
Кол добулун угузуп.
Манас, Бакай, кырк чоро,
Бул санактын ичинде.
Ырас жери Алмамбет
Ырайым кылбайт эч кимге.
Сексен молдо кырк жерде
Көчө тартып турушуп,
Китептерин жайышып,
Кеп-кеңешин кылышып,
Колду карап элеңдеп,
Калем,сыя белендеп.
Алмаңдын сөзүн билишип,
Аңгемеге киришип.
Бири санап иришип,
Бири катка чийишип.
Атпай кошун көп колду,
Ак кагазга илишип.
Кошунду койдой санатып,
Колдун баарын жадатып.
Алмаңдын кылган бул ишин,
Айкөлүң турду жаратып.
Бир молдо санап элеңдеп
Бир молдо чийип белендеп.
Кырк жерде кыркы санашып,
Санагандан жадашып.
Кырк жерде кыркы чийишип,
Кызматка минтип киришип.
Тогузун санап топтотуп,
Тобун бузбай токтотуп.
Онунчусун карматып,
Он башы деп жардатып.
Тогузун салып алдына,
Топоңдотуп айдатып.
Өгүз-Өзөн сазында
Калк эсебин алам – деп,
Онуңдун бири жок болсо,
Ойнобогун балам – деп,
Өзүм барда ойлобо,
Өлбөй тирүү калам – деп.
Жалпы журтка жар айтат,
Жардыгын Алмаң шар айтат.
Беш он башы болгондо,
Белгилүү элүү толгондо.
Элүүнүн толгон чегинен,
Элүү болгон жеринен,
Эсепке келип карматып,
Элүү башы арнатып,
Элүү адамды бирөөнө
Эсеп менен айдатып,
Эрендердин баарынын,
Эки көзүн жайнатып.
Эси чыккан байкуштар,
Элеңдешип айдашып.
Билдирбестен ичинен,
Бирин бири байлашып.
Жана Алмамбет кеп айтат:
«Жардыгым ушул – деп айтат.
Өгүз-Өзөн сазында
Кан Алмаң турат башында.

Колду санга салганда
Кол эсебин алганда
Элүүдөн бири жок болсо
Эсебиң чыкпай токтолсо.
Оюмда ушул санаам – деп,
Ойнобогун балам – деп.
Элүү башым ойлобо,
Элимде тирүү калам – деп.
Эки элүү жүзгө толгондо,
Эсепке дайын болгондо,
Жүз деп айткан жеринен,
Жүзгө толгон чегинен.
Жүз башыны карматып,
Жүз башы деп арнатып.
Жүзүн салып алдына,
Жүз башыга айдатып.
Арканы жок, жиби жок,
Кошундун колун байлатып.
Азаматтын баарынын,
Эки көзүн жайнатып.
Эр Алмамбет кеп айтат.
Эрендер уккун – деп айтат.
Жүрөккө тийчү чер айтат.
Жүз башым уккун – деп айтат.
Өгүз-Өзөн сазында
Кан Алмаң турат кашыңда.
Кошунду санга салганда
Алмамбет эсеп алганда
Жүздөн бири кем чыкса
Жүрбөйсүң ойноп балам – деп.
Эки эмес сөзүм бир болот.
Эки айтыш мага арам – деп,
Ойноп-күлүп өлбөстөн,
Ойлонбо тирүү калам – деп.
Миң деп айткан жеринен,
Миңге толгон чегинен,
Миң башы деп арнатып,
Миңдин башын карматып,
Миң башылык амалын,
Билдирип элге жардатып.
Алдына салып миң колду,
Азабын аштай кайнатып.
Алаптаган кургурдун,
Эки көзүн жайнатып.
Чатыраган миң колду,
Алдына салып айдатып.
Алмамбет төрө кеп айтат:
«Амалдар уккун – деп айтат.
Билдирип Алмаң кеп айтат
Миң башым уккун – деп айтат.
Миңден-миңден санжаптап
Он миңди сааңга толтурдум,
Сан эсебин дайындап,
Кагазга чийип болтурдум.
Кол эсебин алмакка
Үч күнү бүтүн олтурдум.
Он санды коштум түмөн – деп,
Түмөндө кошун түгөл – деп.
Токсон түмөн кол болду,
Жер майышкан мол болду.
Эсебин дайын алдым – деп,
Эми сөзгө кандым – деп.
Баштан-аяк санжаптап
Баарысын катка салдым – деп.

Миң башы сага кеп айтам
Билдирип сөздү эми айтам.
Амалдар сага кеп айтам,
Анык сөздү эми айтам.
Өгүз-Өзөн сазында
Кан Алмаң турат башында.
Колду санга салганда
Кол эсебин алганда.
Кара,төрө дебеймин,
Каныңдан ибеп жебеймин.
Палан-пастан дебеймин,
Баарыңдан ибеп жебеймин.
Кара турсун, кан болгун,
Кандыгың журтка даң болгун.
Төрө турсун дөө болгун,
Дөөлөргө барып ээ болгун.
Санагыма илинген,
Санжырама чийилген,
Амалдардын баарысы
Атагы дайын билинген.
Эми түштүң колума,
Көнөсүң айткан жолума.
Ушул иш түшсүн оюңа.
Этият болгун боюңа.
Берен Алмаң мен болом,
Мен бүткөмүн шоруңа.
Миңден бири кем чыкса
Билдирип койдум балам – деп
Миң башым түптү ойлобо.
Өлбөй тирүү калам – деп.
Кошунуңду санжаптап,
Айтканыма көнөсүң,
Аскерден бири кем чыкса
Ажалдан мурун өлөсүң, –
Деп Алмамбет айтып турганда
Ушул сөздү урганда
Жалпы кошун жалдырап
Эсебин берип тынганда
Жана Алмамбет кеп айтат
Жардыгын катуу бек айтат.
– Эр азамат болгонуң
Алдыма келгин – деп айтат,
Кеч кирген жерге коносуң
Кебим менен болосуң.
Чыйрак жигит азамат
Сыртынан чалгын – деп,
Чыйраксынган жоо болсо,
Чапа кармап алгын – деп.
Иргилген кошун көп элге
Ичинен жезек койгун – деп.
Колуңа душман жоо түшсө
Кармап алып сойгун – деп.
Жана Алмамбет кеп айтат,
Жардыгым ушул – деп айтат,
Кошундан мурун эртелеп
Кош жөнөсүн – деп айтат.
Кош добулун урдурду,
Кошчуга муну туйдурду.
Кошчулар кошун артышып,
Кош аркан менен тартышып.
Чапа-чупа артышып
Кош жөнөдү күңгүрлөп
Кош коңгуроо жаңырып.
Чаң-тополоң дүңгүрлөп

Анын арка жагынан,
Алмаң туруп кеп айтат:
– Жалпы кошун калың журт,
Жардыгым уккун – деп айтат.
Жол өзүмө дайын – деп,
Жолдун билем жайын – деп.
Күндүз жолго салабыз
Күн батканда барабыз.
Конуучу жерди мен билем,
Жайланып конуп алабыз.
Беш күн жүрүп бир күнү,
Көч-көлүктү өргүтөм.
Аял кылып ал күнү,
Кошунумду сергитем.
Кол жөнөсүн азыр – деп,
Кол добулун урдурду.
Кол башкарган Алмамбет
Кошунга муну туйдурду.
Он башылар ороңдоп
Тогузун айдап сороңдоп.
Элүү башы элеңдеп,
Элүү кишим белен – деп,
Элеңдеген кургуруң
Элүүсүн айдап сереңдеп.
Жүз башылар жүр дешип
Жүзүм даяр бир дешип.
Элүү башы, он башы
Эртелеп жолго кир дешип.
Атпай кошун шартылдап,
Аттанып калды дүрбөшүп.
Миң башылар чартылдап,
Миңин айдап шартылдап.
Ак асаба кызыл туу,
Ай тийгендей жаркылдап.
Чаң-тополоң болушуп,
Чатырап кошун жүрүштү.
Чаң асманга созулуп,
Жайнап жолго кириштн.
Ак асаба сур желек
Алтын айчык кызыл туу,
Кошундун баары дүркүрөп.
Айгайлаган ызы-чуу,
Арстан Алмаң баатырдын,
Кылган иши мына ушу.
Эми Алмамбет кеп айтат,
Элим уккун – деп айтат.
Эр азамат угуңар,
Эп эмес кылган мунуңар.
Жалпайып жатып албаңар,
Бир балаага калбаңар.
Азаматтар ойлонуп
Айткан сөзүм аңдаңар.
Жоомарттар жүргөн жол баштап,
Жолдун жайын байкап жүр,
Жортуп чыккан көп кошун,
Колдун жайын байкап жүр.
Жергеси менен катарлаш
Жердин жайын байкап жүр.
Кимиси душман, кимиси эл,
Элдин жайын байкап жүр.
Азаматтар чың бол – деп,
Атка минер тың бол – деп.
Арстан Алмаң кол баштап
Алданы түштү жол баштап.

Азар түмөн кол менен
Алмамбет түштү жолуна,
Айран калды көп кошун,
Акылынын молуна.
Кордой ашып кол менен,
Көл камышта жол менен.
Аңыракай, Ыргайты
Арка жагы Жаматы.
Арстан Алмаң көрбөгөн,
Түркстанда жер кайсы.
Козу башы Копого,
Кошун конду ошого,
Кулжа башы куу чоку,
Алмалуу сай Тараша,
Алмамбеттин жоругу,
Ажап кызык тамаша.
Анын жогору жагында
Кашкелең, Каштек жанаша.
Кара кыштак катарлаш
Узун-Агач, Каргалы,
Шамалкан менен Аралы,
Эки Алматы, Талгары.
Түрүлтүп түмөн кол баштап,
Эр Алмаң жолго салганы.
Басып өттү Челекти,
Байкап өттү Чарыңды.
Кыйналдым дебей жүрө бер,
Кыламын кошун камыңды.
Кошун үчүн бел байлап
Аяба деп жаныңды.
Түрүлтүп калың кол менен,
Түйшүк тартып жол менен.
Эр Алмаң келди шартылдап,
Иленин жайык кечүүгө.
Иргилтип калың кол баштап
Ийменбестен өтүүгө,
Ат жайдактап салбастан,
Тандап кечүү чалбастан,
Жаа пирим ай ой тобо,
Таназарга албастан,
Эр Алмамбет алдында
Төрөсү Манас жанында.
Сууга кирди чуратып,
Жардын башын уратып.
Алмамбет, Манас киргенде
Кошуну карап турчубу.
Жардыгы катуу канынан,
Жалтанып моюн бурчубу.
Көп кошун кирди өмөлүп,
Көзүнө жаны көрүнүп.
Чочуган адам көп болду,
Чоң дайрага чөмүлүп.
Кырк чилтен кайып бир болуп,
Кызыр бабаң жар болуп.
Аман өттү көп кошун,
Айкөлдүн жолу шар болуп.
Иледен кечип кылкылдап,
Ээр-токум чылпылдап.
Эсен-аман өткөн соң,
Эр Алмаң жүрдү шылкылдап.
Өткөрмөлүү Даркандан,
Өгүз кечүү Калкандан.
Жүгүрүктүн оюнан,
Жүгөн таштын боюнан.

Үйүрмөнүн башынан,
Кара саздын кашынан,
Катары менен жол басып,
Чулумдун корум ташынан.
Жандап өттү Жаркентти
Каптап өттү Капалды.
Кара чайдан көп алып,
Кылым өттү базарды.
Алмаң барды шартылдап,
Аягөздүн жерине,
Калмак менен катарлаш
Кан Көкчөнүн жерине.
Алач кыргыз уругу
Ак калпак казак элине.
Оён Алмаң жол баштап,
Токсон түмөн кол баштап,
Башташкан жоого эгешип,
Баатыры менен кеңешип,
Оролмонун оозунан,
Токту бардык тоосунан,
Тарбагатай Чөөчөктүн,
Басып өттү башынан.
Аягөздүн Чук-Терек,
Жандап өттү кашынан.
Казатка жүрүп чоң жолго,
Кан Алмаң салды оң жолго.
Эр Көкчөнүн жеринен,
Элет казак элинен,
Ашып түштү Алтайга,
Тарбагатай белинен.
Түшкөн жери Шарпылдак,
Түмөн кошун шартылдап.
Алтын айчык кызыл туу
Ай тийгендей жаркылдап,
Эгизектин кара саз,
Эгиз кара былкылдак,
Эртиштин башы буурул түн,
Кара калкан Шарпылдак.
Катары менен жол басып
Кан Алмаң жүрдү шартылдап.
Кошундан көөнү жайланып
Амырына байланып
Алмаң түштү жолуна,
Алтайдын тоосун айланып.
Аралап өттү Алтайды,
Аркыраган суу сайды.
Жоңгария, Енисейди
Жортуп өттү бу жайды.
Кошундан адам көрбөгөн,
Аттанып келип мындайды.
Эртиштин башы Үч-Арал
Эр Алмаң салды жол менен.
Атпай алач уругу,
Азар түмөн кол менен.
Кечүүсү мага дайын – деп,
Өзүм билем жайын – деп.
Үч-Аралдан кечишип,
Аман-эсен өтүшүп,
Эртиштен өтүп жол жүрүп,
Эсеби жок кол жүрүп.
Эртиш, Уркун ортосу
Шапактын башы шамалкөй,
Шаары жок боз үйлүү.
Кара калмак амалкөй,

Эки күн жатып дем алып,
Эрлери олжо көп алып.
Казаттын иши ушул – деп,
Кайры жоодон кеп алып.
Сары казы, кыйма жал,
Бээлерин союп жеп алып.
Эми Алмамбет жол баштап,
Кыялданып кыйгачтап
Кара калмак журтуна
Канча түрлүү чыр баштап.
Оён Алмаң көк жалың,
Уркунга келди ойнотуп,
Ойноп жаткан калмакты,
Узунунан сойлотуп,
Уркундун улуу суусунун,
Кечүүсү мага дайын – деп,
Келишимдүү коңур күз
Өзүм билем жайын – деп.
Сууну тайыз тартылтып,
Сай болуп калган кези экен,
Өйүз-бүйүз өткөнгө
Жай болуп калган кези экен.
Уркундун суусун көргөндө
Оён Алмаң шашпады,
Сарала атын каргытып
Көп колду сууга баштады.
Суудан аман чыккан соң,
Уркунду бойлоп конушуп,
Атпай кошун баарысы,
Аңгемеде болушуп.
Жайланып жакшы жатышып,
Тамашага батышып.

Уркундун башы Ополдон
Оёндор көчтү ошондон.
Сандыргалуу кол жүрүп,
Саналуу он күн жол жүрүп.
Оён Алмаң шартылдап,
Уркундун көчүп башынан,
Каптап өттү көп кошун,
Каркабаттын сазынан.
Жапандын жээги Туржуйдун,
Жандап өттү кашынан.
Туржуйдун жолу ушул – деп,
Туйгундар өттү жанынан.
Каңгайдын калкын көргөндө
Карап өттү абыдан.
Саналуу он күн болгондо
Санагы онго толгондо
Айтылуу Алмаң кеп айтат,
Аянбастан бек айтат.
Амалдардын баарысы
Ач көзүңдү деп айтат.
Эми Түркстан алыс калды – деп
Түркүң калыс калды – деп
Азаматтар ойлонуп,
Аман сакта жанды – деп.
Каңгайдын келдик элине,
Касташкан кытай жерине.
Ушу бүгүн барабыз,
Ал аткандын чөлүнө.
Үч күн, үч түн тынбайсың
Тынам деп карап турбайсың.
Жаның барда ойлонуп,
Жардыгым эки кылбайсың.

Үч күн жүргөн жолуңда,
Ал аткандын чөлү бар
Баш тартпаган өлүмдөн,
Байыр, Жапан эли бар.
Келтирип уккун кебимди
Кесендеси көп болот
Кезигип калган адамды,
Тирүүлөй жутуп жеп коёт.
Арбак урган Шаңкардын
Адамдын эти азыгы.
Адам чыдап тургусуз
Жыттарынын сасыгы.
Бул сөз түшсүн оюна
Этиет болгун боюңа.
Мен айттым уккун кебимди
Бекем байла белиңди.
Көз алдыңда көп кытай,
Көрдүң душман элиңди.
Айтамын ук деп барыңды,
Кошундар кыл деп камыңды.
Куржунга салып байлангын
Азык-түлүк наныңды.
Аттан түшүп койбойсуң
Аманын тиле жаныңдын.
Атчан жүрүп жеп кеткин,
Алдага шүгүр – деп кеткин.
Сийгиң келсе токтоп тур,
Бириңе бириң токтоп тур.
Бул сөзүмдү билип ал,
Этиет болуп сийип ал.
Көпчүлүк муну уктуңар,
Көңүлүңө түйүп ал.

Үч күндө мындан өтөсүң
Дундарага жетесиң.
Бери жагы Дундара
Нары жагы Майсара,
Бул экөөнүн ортосу
Алты күндүк жол болот.
Баарысы Байтак эл болот.
Барган жанга жем болот.
Шыйрагы кыска, кекчил баш
Тоту жылкы ушунда.
Эчки шыйрак, ит куйрук,
Ак тармал койлор ушунда.
Кортулдаган үнү бар,
Койдой кыркчу жүнү бар,
Малдан түрү башкача
Котоз уйлар ушунда.
Жалгыз өркөч кокойгон,
Нарча төөлөр ушунда.
Дундарадан өткөндө,
Майсарага жеткенде
Анын нары жагында
Дагы кыйын кебим бар,
Жалпы кошун бул сөздү,
Жакшылап угар эбиң бар.
Улуу-кичүү, карыңар,
Ушу турган баарыңар.
Сөзгө кулак салыңар,
Көңүлгө түйүп алыңар.
Эки күндүк жол болот
Бир далай жери шор болот.
Кокусунан бу жерде
Колуна түшкөн кор болот.

Убара Чаркөө,Чыңроон – дейт
Мында да азап кыйла бар.
Азаматтар бел байлап
Акыл-эсин жыйнаңар.
Кесенделер кез болсо,
Кесе чаап кыйнаңар.
Убара Чаркөө, Чыңроон – дейт
Адамга душман жандар бар.
Жез тумшук деген желмогуз,
Ажалга деген заңкар бар.
Калдаландуу жери бар,
Карагай, кайың чери бар.
Аюу менен бөрү бар,
Кабылан, жолборс шери бар.
Адамга залал кылуучу,
Ар түрлүү жандын көбү бар.
Сырасы деген ажыдаар,
Ал капыры дагы бар.
Желмогуздун баары бар,
Угуп койгун баарыңар.
Кезегинде өзүңө
Керек болсо жаныңар
Адам мында кончу эмес,
Конгон адам оңчу эмес.
Кесенделер адамдын
Кенедей сөөгүм койчу эмес.
Майсарадан көчкөндө
Баселеңден өткөндө
Башка залал кылуучу
Балакетке жеткенде
Азаматтар тың болгун
Алаткактан чың болгун.

Мылтык атып тарсылдап
Добул кагып карсылдап
Айбат салып ар түрлүү
Амал менен өтөбүз,
Кесенделер кез болсо
Келтирип башын кесебиз.
Күндөп, түндөп жүрөбүз.
Кошунду койдой сүрөбүз.
Үчүнчү күндүн өзүндө
Азаматтар шартылдап
Кара шордун сазына
Эртең менен киребиз.
Он бир күндө барабыз,
Кара шордун сазына.
Калк эсебин алууга
Кан Алмаң турат башына.
Алмамбет айтып турганда
Ушул сөздү урганда,
Калктын баары дүркүрөп,
Кайраттанып күркүрөп
Элүү башы, жүз башы,
Энтелеген он башы.
Амалдарлар аттанды,
Айбатын салып миң башы.
Алаткак жакын калды – деп,
Көрдүңбү Алмаң канды – деп,
Алмамбет жардык айткан соң
Аяйбыз несин жанды – деп.
Тогузун айдап топоңдоп,
Өзүм менен онмун – деп
Тогузум даяр кошумда
Бүгүн ишим оңмун – деп.

Элүү башы элеңдеп
Элүүсүн айдап белендеп.
Он бир күндө өлбөсөм
Оңой эсеп берем – деп.
Жүз башылар чартылдап,
Жүзүн айдап шартылдап.
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлүп карсылдап.
Миң башылар койкоюп
Жонунан байкап чойкоюп.
Миңин салып алдына
Өзү түштү артына.
Чыдаган бенде жок болду,
Алмамбеттин зарпына.
Айланайын жолдоштор,
Көрдүңөрбү зорду – деп,
Элүү башы, жүз башы,
Энтелейсиң он башы.
Улук Алмаң каныңдан,
Уктуңарбы жолду – деп.
Бошоңдук кылып салбастан,
Бекем карма колду – деп.
Эр Алмамбет каныңдын,
Жөнөр кези болду – деп.
Үч күн болор азыгын
Куржунга салып байланып
Жол азыгы жайланып.
Жоо-жарагын шайланып.
Карап турган кезинде
Канынын сөзү эсинде.
Кол добулун урдуруп,
Алмамбет жүрдү жол баштап,
Атпай түрктүн уулунан,
Азар түмөн кол баштап,
Алаткактын чөлүнө
Адамга душман элине.
Четинен кирип сыр баштап,
Чебер ченсиз чыр баштап,
Кезегин Алмаң келтирип
Кезиккенин өлтүрүп.
Кесендесин кыйратып
Кесип башын туйлатып,
Кырып-жоюп талкалап
Кыраандар жүрөт чалкалап.
Жамандар жүрөт коркушуп,
Жашырып башын калкалап.
Адамдын этин сагынган,
Алаткак калды бүлүнүп.
Качып кеткен көп болду,
Кара жандан түңүлүп.
Эки күн эсеп толгондо,
Үчүнчү күн болгондо,
Эрендер жолго салыптыр,
Эрдиги кармап калыптыр.
Кидирет жок өзүндө
Кирпиги катып калыптыр.
Жандан коркпос оёндор
Жалпы жүрөт уктабай,
Улук Алмаң айткан – деп
Уйкуга көнүп уктабай,
Бошоңду кудай алыптыр,
Боштук кылып салыптыр.
Уйку келип көзүнө,
Уят келип өзүнө.

Уйку качып алдырап,
Устуканы шалдырап.
Бастыра албай далдырап,
Тескери сүйлөп калжырап.
Атка жүрбөй алпылдап
Айланып башы шалкылдап.
Бети,башы курусун,
Ким билиптир мунусун.
Безгек болгон немедей
Колу-башы калтылдап,
Тескери жакка бастырып
Темселеп жүргөн андан көп,
Жолдошунан ажырап
Энтелеп жүргөн андан көп.
Жер жуткурду көргүн – деп,
Бу көрөкчө өлгүн – деп,
Чылбырынан бек кармап,
Жетелеп жүргөн андан көп.
Алдына салып дыргытып,
Айдап жүргөн андан көп.
Атка таңып сарпоочтоп,
Байлап жүргөн андан көп.
Талп этип аттан жыгылып,
Башы айрылган андан көп.
Көмкөрөдөн жыгылып,
Башы айрылган андан көп.
Бети алдынан жыгылып,
Бети айрылган андан көп.
Бер жагын айтып коёюн,
Жарадар болгон жандан көп.
Үчүнчү күндүн өзүндө
Кечинде тынар кезинде,
Кыргылды кудай кыйнады,
Кыйшайып аттан кыйрады.
Бозуул токтоп турбады,
Болжолсуз жаңжал ырбады.
Он башысы ороңдоп,
Бозуул экен Кыргылдын,
Кыйын жолго көп жүрүп,
Кыйланы көргөн дыңкылдын,
Кыргыл айтат жатам – деп
Уктап алып кетем – деп,
Калжыраган калмагың
Калк айтыптыр бекер – деп,
Ага Бозуул болбостон,
Өз оюна койбостон,
Көргөн жокпу көзүң – деп,
Аралап келдиң өзүң – деп,
Чениң менен эсир – деп,
Жолго кылба кесир – деп,
Карсылдашып кармашып,
Жакасына жармашып.
Көөдөнгө нукуп алышып,
Көтөрүп атка салышып,
Азыраак ыза кылышып
Аткарды Бозуул тырышып.
Кубарган кулду көргүн – деп,
Куйкасы чалдын курушуп,
Чаңырып Кыргыл жөнөдү,
Бозуул менен урушуп.
Кыргыл кетти шартылдап,
Ачуусу келип алкылдап,
Алмамбет, Манас барбы – деп
Айкырып жүрөт чартылдап.

Калың кошун көп элди
Аралап кирип алыптыр.
Каныңар кайда жүрөт – деп,
Айкырыкты салыптыр.
Алмамбет, Манас кайда – деп
Көрбөдүм мындан пайда – деп.
Айткан экен бу калмак
Кыргылды катуу айда – деп.
Кыянат кылба кокустан
Колу, бутун байла, – деп.
Манас айтып койгон бейм
Башын чагып жайлайм – деп,
Алмамбет айтып койбосо
Айбыкпас Бозуул бетиби
Манас айтып койбосо,
Басташар кулдун көтүбү.
Манасың кайда жүрөт – деп
Баркымды канкор билет – деп
Балдыраган бир тежик
Башкарсам деп жүрөт – деп,
Аксакал деп сыйлабайт,
Аны үчүн жаным күйөт – деп.
Калмагың кайда жүрөт – деп
Кадырымды билет – деп,
Калдыраган тежик кул
Камчы сүйрөп жүрөт – деп,
Каргашалуу бул итке
Кара жаным күйөт – деп.
Кыраан чалың оолугуп,
Кыргыл өттү кыйкырып.
Алмамбет, Манас барбы – деп,
Кошундан өттү чакырып.
Алда кандай чалың – деп,
Аябай жүрөт жанын – деп,
Жалпы кошун баары айтат
Чал эмес кызыл жалын – деп.
Бакырып өткөн чалыңдын,
Он башысы жок чалбы,
Алкынганын карачы,
Атып ийген ок чалбы,
Жемелеп жүрөт каныңды.
Жегени жүрөт баарыңды.
Желиккен чалың соо эмес
Жергеси арбын шок чалбы.
Билбегендер муну айтат,
Билгендер Кыргыл деп айтат.
Кыргылчалдын соңунан
Кыямы келип оңунан,
Коркунчусу дагы бар,
Кан Алмамбет чоңунан.
Тогузун айдап топоңдоп,
Аркасынан сопоңдоп,
Бул турганым тогуз – деп,
Кыргылчал өлдү доңуз – деп,
Нак белиңден бүктөйм – деп,
Ак борчукка жүктөйм – деп,
Кара шордун сазында
Кан Алмамбет каныма,
Каршылык кылып төрөгө
Кастыгым барбы жаныма.
Ажалым жетсе өлөм – деп,
Минтип эсеп берем – деп,
Кыргыл чал сенден келгенди,
Нак төбөмдөн көрөм – деп,

Бозуул өттү болбостон,
Оолукканын койбостон.
Үч күн, үч түн шартылдап,
Кошун жүрдү конбостон.
Алмамбет, Манас алдында
Салкар жолго салыптыр,
Тай жарышым алдына
Алыс кетип калыптыр.
Аркасынан өкүрүп,
Кыргыл жетип барыптыр.
Тогузун айдап токтотуп,
Бозуул да келди артынан,
Жекеден чыккан желмогуз
Күйдүм Кыргыл дартынан.
Келгендер менен иши жок,
Кебин кайрар киши жок.
Алмамбет, Манас оёнуң
Кынтая минип алыптыр,
Кеп-кеңешин сүйлөшүп,
Кепке кирип калыптыр.
Көк сүлөөсүн кундуз бөрк
Оң чекеге коюптур.
Баландын жону мындай – деп
Оёндор кепте болуптур.
Аккула менен Сарала ат
Сыртына тартып алыптыр.
Сыртына тартып кындыйып,
Сызылып сууп калыптыр.
Кыргылчалың кеп айтат,
Арманын артык көп айтат
Алмамбет менен Манаска
Аяр чалың деп айтат:
– Жанында турган тежигиң
Жанымды жаман күйдүрдү,
Айсал-буйсал кылдырбай,
Ыштаныма сийдирди.
Калдаландуу тежигиң,
Кара жаным күйдүрдү.
Карыган кезде тарбайтып,
Дамбалыма сийдирди.
Келтирип төшкө муштады,
Сай-сөөгүм сыздады.
Эч болбосо сийдирбей
Жаман жерден кыстады, –
Деп Кыргыл сүйлөп шаңкылдап,
Кыраан чал турду даңкылдап.
Оёнуң Манас оштонуп,
Сөз баштады козголуп.
Бозуулга жооп келтирбей,
Балан-бастан дедирбей,
Кырааның Манас – деп айтат,
Кыргылга карап кеп айтат.
Кырктын башы Кыргылым
Кыргында көпкөн дыңкылым.
Бул айтканың эп эмес,
Адам угар кеп эмес.
Улугуң Бозуул болгон соң,
Урмат кылып турбапсың.
Эр Алмамбет каныңдын
Жардыгын жакшы кылбапсың.
Сапардын жону ушундай,
Сакалды милдет кылыш жок,
Уяты бар адамда
Улугу менен уруш жок.

Кан жардыгы эки эмес.
Бозуулдун иши жеке эмес.
Билесиңби, Кыргылым,
Билими жок кургурум,
Билбесең айтып берейин,
Сөзүмдү угуп тургунуң.
Алмамбет баштап келаткан
Жол кимдики, ойлочу!
Азар түмөн түрк уулу
Кол кимдики, ойлочу!
Кыйналып баштап келаткан
Жол кимдики, ойлочу!
Кырк уруу түрктүн балдары
Кол кимдики, ойлочу!
Менден Кыргыл чоңбу – деп,
Бул жоругуң оңбу – деп,
Каршылык кылып жолума,
Какайганың жолбу – деп,
Айбаты катуу козголду,
Аны айтып Манас токтолду.
Айкөлдүн сөзү жаккандан,
Алмаңдан добуш жок болду.
Кыргылчал калды шылкыйып,
Кыраандан угуп шылкыйып.
Ал аңгыча болбоду,
Түйшүктүү жолдон өтүштү,
Түмөн-түмөн калың кол
Тундрага жетишти.
Алты күн мындан жол жүрүп,
Азар түмөн кол жүрүп
Майсарага барышты,
Магдырап жатып калышты.
Баары мыкты чогулуп,
Ээн малга жолугуп,
Баарысына эп болуп
Манас айткан кеп болуп.
Кара кытай каңгайдын
Жылкысын айдап алышты.
Майсараны жулмалап,
Айдап жолго салышты.
Азамат эрдин бактына
Ат жалында казан бар,
Бактылуу эрдин бактына
Барган жерде базар бар.
Кара шордун сазында
Каңгайдын малын сойдуруп,
Калың кошун магдырап,
Казысына тоймок – деп,
Калың кошун сойгон соң,
Калганын айдап коймок – деп,
Оён Алмаң көк жалың
Руксат берип колуна
Убара Чаркөө, Чыңроондун
Эми түштү жолуна.
Алаткакта башкарып,
Аяр болуп калган кол
Азабын дайын эшитип
Даяр болуп калган кол.
Баарысы мыкты тың болуп,
Баштан-аяк чың болуп,
Алмамбеттин соңунан,
Жылкыны салып алдына
Кошту салып ортого,
Кошунду салып артына.

Чындап кошун жүрүштү,
Чыңроонго киришти.
Алмамбеттин айтканын,
Атпай кошун билишти.
Убара Чаркөө, Чыңроонуң
Убайымдуу жол экен,
Келтирип халал кылуучу,
Кезендеси мол экен,
Алмамбет айткан аз экен,
Адамга баары кас экен.
Ажалга деген желмогуз
Жегени кара таш экен.
Ташты нандай чайнаса
Ач алкага аш экен.
Токою калың чери көп,
Тосуп жүргөн бөрү көп,
Качырып чыккан тартынбай,
Кабылан, жолборс, шери көп.
Аюусу жүрөт апсаңдап,
Адамдан качпай саксаңдап.
Жез тумшук жүрөт койкоюп,
Келиндей басып бойтоюп,
Качкан менен иши жок,
Карап турат койкоюп,
Сырасы деген ажыдаар,
Адам жутар чагы бар,
Анысы аз келгенсип,
Ачкемери дагы бар,
Кулак угуп, көз көргөн,
Залалдуу жандын баары бар.
Башында жалгыз мүйүз бар.
Төбөсүндө соройгон,
Түшчүлүк жерден көрүнгөн,
Түркүктөй болуп бөлүнгөн,
Адамдын алы жетпеген,
Асты мылтык өтпөгөн,
Келтирип кулак угалек,
Кептин баары мында экен,
Кесенденин кеттеси
Кериктин баары мында экен.
Ар кайсысы ар башка
Тилдин баары мында экен.
Адамга залал кылуучу,
Зилдин баары мында экен.
Тумшугу бар,оозу жок,
Билдин баары мында экен.
Кан Алмамбет буюруп,
Мурун уккан туюнуп.
Этият болгон боюна
Эптеп алган оюна
Кесенде деген капырдын
Түшпөйлүк деп торуна
Чындап кайрат кылышып,
Чилмерденин урушуп,
Добул кагып карсылдап,
Мылтык атып тарсылдап,
Коңгуроолор күңгүрөп,
Кошундун баары дүңгүрөп.
Кесендесин кыйратып
Кесип башын туйлатып,
Түрүлгөн түмөн кол менен
Түйшүгү көп жол менен
Караңгы токой чер менен
Калдаландуу жер менен

Боргулдаган бор менен
Күртүлдөгөн шор менен
Чолпон келип чокуга
Жетиген келип желкеге.
Алтын казык кут жылдыз
Айланып калып аркага.
Тараза келип маңдайга
Шилекей катып таңдайга.
Эки күн тамам өткөндө
Үчүнчү күн жеткенде,
Таңдын эре-середе
Кара сазга чыгышты,
Кара сазга келдик – деп.
Кан Алмаңдан угушту.
Кутулдук деп балаадан,
Колдун баары шартылдап,
Кан Алмамбет алдында
Кайраты кабат чартылдап.
Кошун ноюп калган кез,
Далай жерге барган кез.
Түркстандан жол жүрүп,
Түмөн кошун мол жүрүп.
Түрк баласы кол жүрүп,
Токсон күнү жол жүрүп.
Кайнаган ысык жол басып,
Катары менен жер басып
Канча түрлүү эл басып,
Кабат-кабат бел басып.
Дабаан ашып,таш басып
Түзү качып, түн катып,
Сүрү кетип суу кечип,
Сооп деп казат бел чечип.

Казатты сүйүп наздашып,
Калың кошун башташып,
Казатка келген көп кошун,
Каскакка темир ашташып.
Катын менен баланы,
Түркстанга ташташып.
Самаган жери чоң Бээжин,
Салышчу душман Коңур кан,
Салышмакка бел байлап,
Самап келген канча жан.
Кара сазга келгенде
Кабылан Алмаң кеп айтат
Жалпы кошун жайланып,
Конуңар журтум – деп айтат.
Кошун чарчап келгендир,
Жол азабын көргөндүр.
Бүгүн жатып тыныксын,
Эсепти эртең кылышсын.
Эл бийлеген амалдар,
Этиет болуп турушсун.
Эртең эрте санжаптар
Кошунду санга салам – деп,
Амалдардын баарынан
Кол эсебин алам – деп,
Кол эсебин алган соң,
Кошунду жайлап салган соң,
Төрт айкыштап бу жерге
Кошунду анда өргүтөм,
Аттын баары ноюду,
Ат семиртип сергитем, –
Деп Алмаң айтып турганда
Ушул сөздү урганда,

Колдун баары консун – деп,
Кошунга жардык кылганда
Калың кошун дүркүрөп,
Кудай жалгап салды – деп,
Төрө Алмамбет канды – деп,
Жыргатмак болду жанды – деп.
Коштун баарын түшүрүп,
Кош аттын баарын каңтарып,
Эрендер ойлоп ар ишти,
Эки жагын аңтарып
Темирден кылган ат казык,
Жергелете кактырып,
Аттын баарын суутуп,
Азем менен бактырып.
Кошундар конду жайлашып,
Кош атын бекем байлашып,
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Төбөсү жакшы ак чатыр,
Аңгемеге киришип,
Кошундар чатыр тигишип.
Түндүктөрүн көтөрүп,
Түркүктөрүн тиретип,
Кендирден кылган канабын,
Керип-чоюп тарттырып,
Темирден кылган казыгын,
Жергеси менен кактырып.
Чатыр тигип саяттап,
Жолду кармап танаптап.
Айдап келген жылкы бар,
Кошундун кайдан тынчы бар.
Жан казанды астырып,
Жалынды чаба жактырып,
Кош башына бирден бээ,
Кармап келип союшуп,
Артып калган жылкыны,
Айдап таштап союшуп.
Сары казы, кыйма жал,
Бээлерди союп салышты.
Сандыргалуу көп кошун,
Жайкалып жатып калышты.
Чатырап кошун жатышып,
Тамашага батышып.
Кошун келген күн өтүп,
Айтылуу болжол түн өтүп.
Эр Алмаңдын кеби бар,
Эсебин алар эби бар.
Эрте туруп козголуп,
Эсепке кирди оштонуп.
Туйгун Алмаң айткан соң,
Турабы карап токтолуп.
Сексен молдом кайда? – деп,
Сексеңдетип айда – деп,
Кыла турган жумуш бар,
Кызматы мага пайда – деп,
Китебин алып келгин – деп,
Китептерин көрсүн – деп,
Эсептин баары колунда,
Эрте жооп берсин – деп,
Он башылар келсин – деп,
Олуттуу эсеп берсин – деп,
Онунан бири кем чыкса
Кем чыкканы өлсүн – деп.
Элүү башы келсин – деп,
Эртелеп эсеп берсин – деп,

Элүүдөн бири кем чыкса
Элден мурун өлсүн – деп.
Жүз башылар келсин – деп,
Жүзүнөн эсеп берсин – деп,
Жүзүнөн бири кем чыкса
Жүргүзбөйм тирүү өлсүн – деп.
Миң башылар келсин – деп,
Миңинен эсеп берсин – деп.
Миңинен бири кем чыкса
Миң башы мурун өлсүн – деп.
Калкка жардык салдырып,
Молдосун мурун алдырып,
Молдолор келди темселеп,
Китебин алып энтелеп.
Китебин жайып салышып,
Иретин байкап алышып,
Кырка олтурду чокчоюп,
Китебин карап бокчоюп.
Ал аңгыча болбоду,
Элүү башы, жүз башы,
Энтелеген он башы,
Кол башкарган миң башы,
Колун айдап күркүрөп,
Кошун келди дүркүрөп.
Баатыр Алмаң башында
Молдолору кашында.
Китебин жайып алдына,
Ирети менен чакырып,
Иреттен мурун келгенди
Кийин тур деп жапырып.
Азар түмөн көп элдин
Азабын аштай катырып.
Санжап-санжап бөлүнүп,
Санагы дайын көрүнүп.
Мурун санга салганда
Дайындап койгон кезекти,
Сексен молдо кырк жерде
Алып жатат эсепти.
Эки күн тамам өткөндө
Үчүнчү күнгө жеткенде
Элдин көбү кутулуп,
Эсебин берип кеткенде.
Баймат келип кыбырап
Бакайга аста шыбырап,
Шыбырап Баймат кеп айтат,
Сырым ушул – деп айтат:
– Абай Бакай арзым ук,
Ашыгып келген дартым ук.
Чулуда кошун бөлгөндө
Журт оюна көнгөндө,
Калмагың санап бергени,
Нак колума келгени,
Өлө элекмин Байматың,
Өзүмдүн көзүм көргөнү,
Санап берди сегиз – деп,
Өзүң менен тогуз – деп.
Бир кишини кем берди,
Эсирген калмак доңуз – деп.
Эсепти менден алганда
Кем бердиң десем кем алат,
Кесепеттүү калмагың,
Кемирип башым жеп алат.
Ынанбайт айткан сөзүмө,
Ыраазы болбойт өзүмө.

Бөөдө өлүп калам – деп,
Көрүндү жаным көзүмө.
Ак жеринен өлөмүн,
Алып кой аба эсиңе.
Колдун баары саналды,
Кагазынан каралды,
Кара жолтой кытайың,
Кандай мага кадалды.
Кызылдай кыйып жанымды,
Кылганы турат залалды.
Санагын берип бүтө элек
Сандаган колдон аз калды.
Өзүңдөн башка адамга
Айтуудан жүрөк жазганды.
Ажал мага келди – деп,
Аныk көзүң көрдү – деп,
Ажалдан мурун Байматың,
Алмамбеттен өлдү – деп.
Баймат айтып турганда
Бакайга кебин урганда
Кара жандын айынан,
Кашайып карап турганда,
Бакайың башын көтөрүп,
Байматка карап кеп айтат,
Мен дагы келдим айдалып,
Он башым Төлөк – деп айтат.
Мен байкаган адамда
Манастын башы бош калды,
Манаска болсоң он башы
Кагазга Манас катталды.
Кагазда канкор жок болсо,
Канча ыйласаң анча ыйла
Капилет баскан Байматым
Акырет сапар аттанды.
Кан жардыгы эки эмес
Өлөрүңө аз калды.
Кагаздан байкап көрчү – деп
Какайып жооп берчи – деп.
Кагазда Манас жок болсо,
Анан Баймат өлчү – деп.
Бакайың айтып турганда
Ушул сөздү урганда
Санагын берип кутулду,
Сансыз колдун бөлөгү,
Ондон-ондон жамкарган,
Он башылаш өнөгү,
Кезек бизге келди – деп,
Жетип келди Төлөгү.
Бакайды айдап барпайтып
Баатыр Төлөк жөнөдү.
Чулуда эсеп алганда
Чубатып жолго салганда
Көп кошундун артында
Катары менен чубатып,
Кан Алмаң катка салганда.
Ондон санап жеңинен,
Онго толгон жеринен,
Бакайга болгон он башы
Баатыр Төлөк кол башы.
Манаска болгон он башы,
Баймат болгон кол башы.
Кыргылга болгон он башы
Кыраан Бозуул кол башы.
Чубакка Шыңкы он башы


Чубуртуп айдар кол башы.
Он башылар ороңдоп,
Тогузун айдап сороңдоп.
Атпай кошун көп элди
Амалдары колго алганда
Аял-буял кылбастан,
Айдап жолго салганда.
Байкабастан Байматың
Манасты таштап салыптыр,
Өзүм менен тогуз – деп,
Сегизин айдап алыптыр.
Эсебинен Байматтын
Эр Манас чыгып калыптыр.
Байматтын жүргөн жоругун,
Бакайың шарга салыптыр.
Балакеттүү Баймат таз
Башынан көнгөн дөөлөт мас.
Манастан коркуп айдабайт
Өз кызматын жайлабайт.
Кыянаттуу Байматың
Кызматка белин байлабайт.
Эсиргенби,коркконбу,
Манасты таштап салыптыр.
Сегизин айдап сереңдеп
Сербейип келип калыптыр.
Эсептен Манас калчубу
Эстебей таштап салчубу.
Санаттан Манас калчубу,
Санабай таштап салчубу.
Манасты сандан чыгарып,
Баймат мага барчубу.
Тогузун жолго салган бейм
Топоңдоп айдап калган бейм.
Манастан сүрдөп бу чиркин,
Байкалбастан калган бейм.
Баятан бери Байматың
Кулактын алды кужурун,
Эсептен бирин кем берген
Эми өлдүм деп кургуруң,
Эсептен Манас чыккан соң,
Эми жаны тынды – деп,
Баятан бери өкүрүп,
Башымды каңгы кылды – деп,
Баатырына кеп айтат.
Көй төрөгө – деп айтат,
Көрсөтүп Бакай кеп айтат.
Барлык көк жал турушуп,
Байматты шылдың кылышып,
Ыгы менен кеп айтып,
Ызалантып алышып.
Ырысы жок өлдүң – деп
Ырсаңдап күлүп калышып.
Баатыр Манас кеп айтат
Байматка карап деп айтат:
Он башым Баймат сен болсоң,
Оюңдан чыккан мен болсом,
Улугум Баймат сен болсоң
Унуткан кишиң мен болсом.
Он башы болбой ойрон бол,
Улук болбой ултаң бол,
Жыргапмын жылас улукка
Сөз билбеген дудукка.
Түбөлүк мыкты болбосоң
Түшөсүң бир күн кудукка.

Кара тумшук Байматым
Кан жардыгы эки эмес,
Алдына салып Манасты
Айдаганы чеки эмес.
Өтөр бир иш өттү – деп
Өткөн бойдон кетти – деп,
Баатырың күлүп барсылдап,
Бакайың күлүп карсылдап,
Алмамбет күлүп шаңкылдап,
Ажыбай күлүп даңкылдап.
Көй төрөнүн баарысы
Түп көтөрө күлүшүп,
Түртүп коюп Байматты,
Өлдүң деп бого иришип.
Азаматтын баарысы
Аңгемеге киришип.
Көл эсебин алышып,
Көңүлү тынып калышып.
Жалпы мыкты жайланып
Кош-кошуна барышып.
Эрикпей ордо салышып,
Эрмек баштап алышып,
Оёндордун баарысы,
Ойноп кумар канышып,
Айтылган төрт ай кыш өтүп,
Кошун жыргап жатышып,
Алда канча калың кол
Аңгемеге батышып.

9-бөлүм

АЛМАМБЕТТИН ЧАЛГЫНГА БАРГАНЫ. ЧУБАКТЫН ЧЫР БАШТАГАНЫ

Эриксе ордо атышып,
Төрт ай кыштап жатышып,
Эр тыныгып болгондо,
Ат семирип толгондо.
Ат семирип дык болуп,
Кошундун баары чук болуп.
Жаркырап жайнап жатканда
Тамашага батканда
Эр Алмамбет кеп айтат
Кеп айтканда эп айтат.
Түпкүлүктүү чоң кеңеш
Төрөсүнө – деп айтат:
– Кечээ кичи казат кылганда
Шаңкайга бүлүк салганда,
Сандаган кошун барганда.
Шаңкайды талап алганда.
Токсон шаар көп кытай
Колуңду карап калганда.
Эстеп жүрөм далайдан,
Элинин баары далай кан.
Эси чыгып корккондон,
Эки көзү алайган.
Кеги калган ичинде
Кебин айткан тышында.
Кыжалаттуу күн болсо
Кыйын душман ушунда.
Каткалаңдуу күн болсо,
Капырлар бизди аябайт,
Кара кытай көп шаңкай,
Жакшылык санаа санабайт.
Азыр сенин оңуңда,
Алманы даяр колунда.
Тополоңдуу күн болсо,
Тозгон душман жолуңда.
Аркабызда калган жоо,
Айкөлүң бүлүк салган жоо.
Тогуз шаар Алтай бар,
Токсон шаар Шаңкай бар.
Басташкан кытай душмандын,
Батына кирдик ичине.
Кезекти кудай келтирсе
Кирелик деп түшүнө.
Кенебеген калдайды
Келтирсек деп үшүнө.



9) توغوزونجی بولوم

المامبت = چالغیچی غا باغلانمی

چوڑ باش چیر باشتاغانی

د ریکیم بوردو اتیشیب = = تورت ای تیشتاب جانیشیب
غار تینیغیب ، بولغوندو = = اث سه میریب تولغوندو
ات سه میریب دیش بولقب = = ایکی رد دیب بارد چوقبولوب
چار تیراب جانیاب جانتاندا = = تاماشاغا باتیق ندا
د ر المامبت کوب ایتات = = کوب ایتقاندا ه ب ایتات
دو بکولوک کتوچوکی کوتش = = تورد سوز ندو ه ب ایتات
کو ب کیچی غازات قیلغاندا = = شاکقاغا بولوک سالغاندا
سالغاندا ره قوشوب بارغاندا = = شاکقاغا دی تالاب الغاندا
توقسون شاکر کوب عیتیاب = = قولوکدوک قاراب غالغاندا
ه ستب چوڑم دالای دان = = ه لیپ بارب دالاب غان
ه یب هیغیب خورخوره دون = = ه گی کوزوچ الاب غان
کرکن غالغاره یهینده = = کریپ ایتقان شیشیندا
قیچالات دوڑ کوره بولسهو = = غیپ دوشمان وشوندا
خاچنا لاکوچوکون بولسهو = = گاپرلاب بیزدی ایابایت
غار عیتیاب کوب شاکقاب = = جاقیلیق سانا سانا بایت
اوزیپ سه یب وکوکدا = = الهان دایار قولوکی دا
توقولدکوکون بولسهو = = توزغوت دوشمان جولوکدا
ار غاپیز دا غالغاب جود = = ایکولوکی بولوک سالغاب جود
توغوز شاکر الیتاب بار = = توقسون شاکر شاکقاب بار
باغلتا شقان عیتیاب دوشمانیچه = = باتینا گیر دیگ یهینه
کره کتی خودای کو لتیر سه = = کیره لیگ ده ب توشوب نه
کو نه به کون قالدای دهب = = کو لتیر سه گ ده ب توشوفه
اوزامات دار ندا ب = = ری تالابتی قا تدا ایب
به چیه گ غازات قیلام ده ب = = به لیایلا دیتی ماقتا ب
به گ رگ کوکوچوکو ونکورکوب = = جاتالیقیپی سا قتا ب
به که ر جانتاق بوجه رگه = = به چیه باسیب گ له بی
به لره شگان دوشمان قوکوزقان = = به چیه دی بیرگه به ره ب
باتیریم سا غاه ب بولسهو = = باقیریگ ایتقان گه ب بولسهو
ایگولوم سا غاه ب بولسهو = = المامبت ایتقان گه ب بولسهو

346

58

Азаматтар аттанып
Ак талапка катталып,
Бээжинге казат кылам – деп
Бел байладык мактанып.
Бекерге күндү өткөрүп,
Жаталыкпы сактанып.
Бекер жатсак бу жерде
Бээжин басып келеби,
Бээлдешкен душман Коңур кан,
Бээжинди бизге береби.
Баатырым сага эп болсо,
Бакырың айткан кеп болсо.
Айкөлүм сага эп болсо,
Алмамбет айткан кеп болсо.
Батыраак чалгын чалайын,
Барып кабар алайын.
Сыртынан чалгын чалайын,
Сыргакты кошуп алайын.
Батыра кирип Бээжинге
Барып сөзгө канайын.
Жалпайып жата бергенче
Жакшылап кабар алайын.
Улуксат болсо өзүңдөн,
Бүгүн жолго салайын.
Кызыталак Коңур кан,
Тилсим менен жол кармайт
Тикирейип кол кармайт.
Арыбы көп Коңур кан,
Арып менен жол кармайт.
Амал менен кол кармайт.
Көзүм менен бул иштин,
Көргөнмүн төрөм далайын,
Ак тузуңду көп ичтим
Бир кызматка жарайын.
Алты күндө келем – деп
Ар болжолун көрөм – деп,
Ажалга тууган жан болсом
Арга барбы өлөм – деп.
Ажал жетип өлбөсөм,
Аныгын көрүп келем – деп
Алмамбет айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Айкөлүң калды кымылдап,
Айтканына жымыңдап.
Баракелде Алманым,
Ажап болот барганың.
Басташкан кытай кыйын жоо,
Барып кабар алганың,
Батына кирип байкастап
Батыра чалгын чалганың.
Айтылуу Алмам көк жалым
Акылың мага жакты – деп
Ойлонуп турган оюмду,
Оён Алмам тапты – деп.
Бажырайып жаркылдап
Баатырың күлдү шаңкылдап.
Элге кабар бербестен,
Эч кимге палан дебестен,
Эки атка бартал тарттырып
Азык-түлүк арттырып,
Казы менен нан салып
Кант аралаш бал салып.
Аргыты менен арак бар,
Албан түрлүү тамак бар.

Айкөлүң айтып буюруп
Алты күндүк кам салып.
Барталын алып жүргөндө
Баатыр жигит жактырып
Балан жигит жарайт – деп
Баатырың өзү тарттырып
Балам мыкты болгун – деп
Барталын бого тапшырып.
Айкөл Манас баатырдын,
Иши келип оңуна
Алмамбет, Сыргак төрөлөр,
Азыр жүрдү жолуна.
Чубактан кандай сөз чыгат
Байкаңар иштин соңуна.
Алмамбет, Сыргак кеткенде
Бир далай жолго жеткенде.
Көй төрөнүн баарысы,
Башында Кыргыл карысы,
Ордо атышып жатышып,
Оюнга кызып батышып,
Чыр баштады чүкөдөн,
Чубак, Бозуул тагышып.
Жандан тилин тартпаган,
Жалтанып жандан кайтпаган,
Эрегишкен кеп келип,
Эки оён бет келип.
Бозуул чырды баштады,
Болжолсуз сүйлөп таштады.
Акбалтанын эр Чубак,
Ал чырынан качпады.
Тили заар Бозуулдун,
Тике сүйлөп шашпады.
Тикирейип жулкунуп,
Бозуулда чырдан качпады.
Айтып жүрдүң Чубак – деп,
Манас мага ынак – деп.
Кай жериңден кеммин – деп
Мактанганың уят – деп.
Мыктысынган жоругуң
Кай бендеге сыят – деп.
Качан болсо далбайып
Кеп-кеңештен каласың,
Чуңчуюп калган кызыталак,
Чүкөдө чырды саласың.
Кеп-кеңештен калтырган,
Өзүңдүн агаң Манасың.
Манастан кепке тең болбой,
Мага чырды саласың.
Мен болсом ортом алыс – деп
Баарыңарга калыс – деп,
Андай мыкты эр болсоң
Манас менен салыш – деп.
Элге-журтка ээ болсоң.
Баатырмын деген кан болсоң
Манаска жакын жан болсоң
Манастан укkан сырың жок,
Чүкөдөн башка чырың жок.
Төрө Манас баатырга
Тууганмын дейсиң дардайып.
Башыңды өөдө көтөрүп,
Баатырмын дейсиң барбайып.
Жайкалып басып жүргөндө
Жан адамда теңиң жок.
Жалгыз ооз Манастан,

Жайланып уккан кебиң жок.
Береңиң Чубак мен дейсиң
Менден өөдө жериң жок.
Атанын уулу сен болсоң
Айлыңа келген мен болсом.
Кандын уулу сен болсоң
Калкыңа келген мен болсом
Кан болбой кара жерге кир.
Казбаган кара көргө кир.
Алмамбет кетти чалгынга
Сыргакты алып кашына,
Масылат кепке киришип
Өзүм турдум башына.
Чубак мыкты эр болсоң,
Манас менен тең болсоң
Чалгынга не үчүн барбайсың
Чаңдатып журтту албайсың.
Чатыраган көп колдун,
Ортосуна салбайсың.
Эч болбосо Манастын
Кеңешине кирбейсиң,
Кеңеш-кептен калган соң
Көтүңдү кысып жүрбөйсүң.
Өөдөсүнбөй кызыталак,
Өз алыңды билбейсиң.
Белгилүү кырктын биримин,
Мени Чубак ким дейсиң.
Бу сөздү Чубак укканда
Мостоюп калды алдырап,
Көй төрөнүн баарына
Көзүн салып жалдырап.
Алмамбет кетсе чалгынга
Айтканы Бозуул аныктап
Катардан анык калганым
Кай жеримде каныk – деп.
Чыны менен оолугуп
Чырды Чубак баштады,
Түпөйүл түшүп оюна
Чүкөнү чачып таштады.
Кайдасың Нойгут элим – деп
Канкордон сууду демим – деп.
Кара жолтой канкордун,
Кайтардым качан кебин – деп.
Тартынбай салып калбаны,
Табайын мунун эбин – деп,
Агам деп муну ойлодум
Өөдө карап койбодум.
Ногойдон Нойгут кем бекен,
Чубактан Манас эр бекен.
Чалгынга кытай кул барып,
Ооруkта калчу мен бекен.
Жоону сайса мен сайдым
Атагы калды Манаска.
Атпай түркkө дөө кылып,
Ага кылдым алачка.
Аңгерияны кубалап
Кондурдум айылын Таласка.
Өлөңдүү жерге өрт койдум.
Өзүм үчүн койбодум,
Манастын өртү деп койдум.
Туландуу жерге өрт койдум,
Өзүм үчүн койбодум
Туйгундун өртү деп койдум.
Кара сууга кан куйдум

Канча түрлүү жан кыйдым,
Кармашкан жоону кыйраттым,
Канча жанды ыйлаттым.
Басташкан жоону бастаттым,
Бараңдын ишин аксаттым.
Барыжды талап олжо алып
Параңдын ишин аксаттым.
Аңчилдинди айдадым
Азамат эрин жайладым.
Өжөрлүгүм карматып,
Өз үйүнө байладым.
Олжого алдык Ооганды
Орус укту коогамды.
Менин колум тийбеген,
Кандай бенде соо калды.
Бактысы артык болбосо,
Манас менден эр беле.
Эрлигим мындан кем беле,
Эр эмей Чубак жер беле.
Аталашсам атам тең,
Баталашсам батам тең.
Эл салышса элим тең,
Бел салышсам белим тең.
Жортуп чыксам жолум тең,
Ногой-нойгут колум тең.
Бала кезден бер жакка
Оюнду бирге ойноштум,
Ат жалын тартып мингени
Тойду бирге тойлоштум.
Ашыкты бирге атыштым
Аңгемеге батыштым.
Калба салып башынан
Кайсы ишине катыштым.
Тең туугансып дердейип
Кайсы жерде тагыштым.
Ат жалын тартып мингени
Алал кызмат мен кылдым,
Кара жолтой канкордун
Кай кызматын кем кылдым.
Манастан жоону көп сайдым
Баатырым сайды деп сайдым.
Ар качан жоону көп сайдым,
Арстаным сайды деп сайдым.
Кесепеттүү бу канкор,
Кемиткенин койбоптур.
Кеңешин айтып койбостон.
Жүрөр деп Чубак ойлоптур.
Үч таш тулга, бир очок,
Кесилбеген көк чочок.
Кече келген кытай кул,
Алмамбет чалгын чалчубу,
Акбалтанын эр Чубак,
Оорукта жатып калчубу.
Бу кордугун көрбөйм – деп
Кордугуна көнбөйм – деп,
Берендигим белгилүү,
Бекер жатып өлбөйм – деп.
Кайгулга кеткен кытайдын
Аркасынан барам – деп,
Как Бээжиндин өзүндө
Аянбай майдан салам – деп.
Өжөрлүгүм карматып
Өлбөгөн жерде калам – деп.
Эки түмөн кол баштап

Эсеби жок мол баштап,
Жүрүп калды эр Чубак,
Жоболоңдуу жол баштап.
Көрүп турган Ажыбай,
Көк жалга келип кеп айтат,
Осолдордун жоругун,
Ойлочу төрөм – деп айтат.
Ордодон жаңжал кеп чыгып
Оёндоруң урушту,
Оозуна келген бокту жеп
Аянбай жаңжал кылышты.
Тили заар Бозуулдун,
Тилине Чубак тырышты.
Ажыбай кабар бергенде
Айгайды Манас көргөндө
Карыя Бакай, эр Манас
Чубактын чуусун укканда
Чуркураган көп кошун
Селдей каптап чыкканда.
Кара көңүл куу туяк
Кандай кепти укту – деп
Каргашалуу чиркиндин,
Киминен жаңжал чыкты – деп.
Канчалык баатыр болсо да,
Карап калды элейип.
Кандай жорук болду – деп,
Чочуп калды селейип.
Бакай менен Манаска
Чубак маалим башынан,
Биттейинен бирге өскөн,
Билинген сыры жашынан.
Эрегиштен качпаган,
Эрлиги маалим Чубактын,
Эт жүрөгү сезбеген,
Шерлиги маалим Чубактын.
Жети атасы дөө болгон,
Жердиги маалим Чубактын.
Калың алач калкына
Кандыгы маалим Чубактын.
Калың журтка уктурган,
Жардыгы маалим Чубактын.
Белгилүү алач журтуна,
Бектиги маалим Чубактын.
Түбүнөн бери түтөгөн,
Лөктүгү маалим Чубактын.
Бир айткандан кайтпаган,
Көктүгү маалим Чубактын.
Өжөрлүгүн карматса
Өрттүгү маалим Чубактын.
Күркүрөп Чубак өткөндө
Көз көрүм жерге жеткенде.
Бакайга Манас кеп айтат
Байкачы аба – деп айтат.
Бу кара тумшук иниңдин,
Өжөрлүгү кармаптыр,
Башында акыл калбаптыр.
Баланды кудай каргаптыр,
Чүкөң менен чүкчүйгүн,
Ордоң менен ойрон бол,
Ажыдаардын баарысын,
Айдап жүргөн кезимде,
Аркан,жипсиз танаптап,
Байлап жүргөн кезимде.
Арып менен амалдап,

Жайлап жүргөн кезимде.
Эрегишкен эки иттин,
Кагышканын карачы,
Элден-журттан уялбай
Салышканын карачы.
Элимден калба чыкчубу,
Чыкканын Манас укчубу.
Туугандан калба чыккан соң
Душманын Манас жыкчубу.
Бу кара тумшук Чубактын,
Жакындыгы дагы бар,
Казатка келсе кан ичкен,
Баатырлыгы дагы бар.
Кенедейден бирге өскөн,
Туугандыгы дагы бар.
Тутушкан жоого бел байлап,
Буудандыгы дагы бар.
Кыянатсыз кызматты,
Кылгандыгы дагы бар.
Кылчайып карап койбогон,
Жыргалдыгы дагы бар.
Чубактай жолдош табылбайт
Оңой ишке таарынбайт,
Чубактан жаңжал чыккан соң
Ачылган абийир жабылбайт.
Айып сенден өттү – деп,
Өтпөгөндө нетти – деп,
Жалгыз ооз айтпапмын,
Чалгынчым жөнөп кетти – деп.
Айкөл Манас элеңдеп
Аккуласын белендеп.
Кара тумшук Чубакты,
Канетип жаман көрөм – деп,
Каза жетип күн бүтсө,
Чубактан мурун өлөм – деп.
Айланайын абаке,
Аккула атты тарткын – деп.
Акмактыгын койдуруп,
Акыл-насаат айткын – деп.
Кула атты берип колуна,
Бакайды салды жолуна.
Баатыр Бакай жөнөдү.
Келер деп ишим оңуна,
Бакайдын сөзүн угуңар,
Байкап сөздүн соңуна.
Баатыр Бакай баркылдап,
Кардыгып үнү каргылдап.
Токто балам, Чубак – деп,
Токтой турган убак – деп.
Токто Чубак, токто – деп,
Иштин артын сокто – деп.
Бакай агаң бакырып,
Чубагын келет чакырып,
Бозуул дагы чайкалып
Чөптүн башын жапырып,
Бакайдын үнүн укканда,
Чубак деп дабыш чыкканда
Аксакал Бакай абам – деп
Баркымды билер бабам – деп,
Бакайдын көөнүн калтырсам
Мындайды кайдан табам – деп.
Бакайым келсе алдыма
Кайрылбай кетсем жаман – деп.
Бакайды мага жиберген,

Манастан болгон амал – деп.
Баатыр Чубак байкастап
Бура тартты бууданын.
Кадыр кылып токтоду,
Карыя Бакай тууганын.
Аккула менен Бакайды,
Арстаның Чубак көргөндө
Балам Чубак токто – деп,
Бакырып Бакай келгенде,
Кайрылып Чубак кеп айтат,
Кан Бакайга эми айтат:
– Кагылайын абаке,
Кула атты ташта – деп айтат.
Башында бар сыймыгы,
Адамда малда эки жан,
Жалпы кыргыз уулуна,
Жайдарың Манас жалгыз кан.
Манас жүрбөйт айтууга
Аккула жүрбөйт тартууга.
Малдан асыл жаны бар,
Сыймага учуп кетпесин,
Айланайын, абаке,
Себеби менден жетпесин.
Ошол жерге тургун – деп,
Кула аттын башын бургун – деп.
Кула атты нары каратып,
Анан кебиң ургун – деп.
Аккула малдан соо эмес,
Айкөлүң арзан жоо эмес.
Оңойлук менен бендеге,
Омурулар тоо эмес.
Оңойлук менен Аккула
Тартууга жүрчү мал эмес.
Падыша Манас айкөлүң
Басташуучу жан эмес.
Бакай аба билесиң,
Манасың арзан кан эмес.
Күйгөнүмдөн оолуктум
Ушул сөзгө жолуктум.
Төрөгө барып катылдым
Уят сөзгө чатылдым.
Жалгыз ооз сөз айтып,
Жайлагансып койбойт – деп,
Жалпайып Чубак жүргөнгө
Жаман деп мени ойлойт – деп.
Ызалык түштү ичиме,
Кирейин дедим түшүнө,
Чалгынга кытай барганга
Сыргакты кошуп алганга
Акбалтанын эр Чубак,
Кеп-кеңештен калганга
Опуза кылдым өзүнө,
Көрүнмөккө көзүнө.
Акбалтанын уулу – деп
Алыпсың аба эсиңе.
Абам келди болду – деп,
Айтканын Чубак койду – деп.
Эр Чубак айтып турганда
Ушул сөздү урганда
Аккуланын чылбырын
Манасты карай таштады,
Байдын уулу эр Бакай,
Масылат сөздөн баштады.
Кубанып кетип өзүнө

Ыраазы болуп сөзүнө.
Балам жакшы иш кылдың – деп
Жаш алды Бакай көзүнө.
Манас, Чубак болгонсуң
Ушу күндө толгонсуң.
Баркыңды билсең чиркиндер
Жалпы түркkө коргонсуң.
Толгонуңду чайпалтпа,
Коргонуңду кулатпа.
Душмандын кирип сөзүнө
Бириңди бириң сулатпа.
Алмамбет чалгын чалганы,
Абийирди Манас алганы.
Сыргактын чалгын чалганы,
Сыпатты Чубак алганы.
Сыргак болсо өз иниң,
Сөзүмдө барбы жалганы.
Баргың келсе чалганга
Азыр барып жүргүзөм,
Бакай менен ойнобо,
Бакайдыгым билгизем.
Манаска айтам кебиңди,
Өзүм табам эбиңди.
Тууган киши таарынчу,
Бирине бири зарылчу.
Алдына тартуу келгенде
Таарынчысы арылчу.
Мен өлгөнчө балдарым
Ынтымак болуп тургула.
Жайланып экөөң баш кошуп,
Жакшылап кеңеш кургула.
Таарынчыны таратып,
Жайлашып оокат кылгыла.
Баштан-аяк сыр айтты,
Баатыр Бакай муну айтты.
Балам Чубак чалгынга
Барар болсоң аныңды айт,
Барбас болсоң угайын,
Барбаймын деп жайыңды айт.
Бакай айтып турганда
Масылат кебин урганда
Баатыр Чубак кеп айтат,
Бакайына деп айтат:
– Ичине түйгөн ардыгын,
Илимин таап эми айтат.
Айтып калдым, абаке,
Бу чалгынга барайын,
Кошто калды дедирбей,
Чалгынды кошо чалайын.
Көй төрө шылдың кылбайбы,
Көмүлүп кантип калайын.
Жакшы-жаман иш болсо,
Көз менен көрүп алайын.
Көмүлүп кошто жатканча
Көрөйүн жердин далайын.
Көй төрө эртең кеп айтар,
Көңүлдөн калгыс кек айтар.
Таарынып Чубак тартынбай,
Чалгынга кетти деп айтар.
Какшык кылып кеп айтар,
Кеп айтканда көп айтар.
Кандык кылып эр Чубак,
Кайгулга кетти деп айтар.
Шылдың кылып кеп айтар,

Шыбырашып көп айтар,
Шылтоо таап эр Чубак,
Чалгынга кетти деп айтар.
Мунусу өлүм болбойбу,
Муңайтып таштап койбойбу.
Мындай кордук дагы бар,
Муну Манас ойлойбу, –
Деп Чубак айтып токтолду.
Башка сөзү жок болду.
Эр Чубактан кеп угуп,
Эми ушундай деп угуп,
Байдын уулу эр Бакай
Коштоп алып Кула атты,
Жандап алып Чубакты,
Кошунду кайра чубатты.
Баатыр Бакай чартылдап
Манаска келди шартылдап.
Баатыр десе барбайып
Манас десе дардайып
Аганы ага билбейсиң,
Айткан тилге кирбейсиң.
Инини ини билбейсиң
Иним деп ойлоп жүрбөйсүң.
Тууганды тууган билбейсиң,
Туура сөзгө жүрбөйсүң.
Журт куруттун бир далай
Чубактын өзүн ким дейсиң.
Аял-буял кылба – деп
Аңкайып карап турба – деп,
Алтымышта Бакайдын,
Айткан сөзүн тыңда – деп.
Арманың сенде калган жок.
Башын тартып барпайтып,
Бакай тегин барган жок.
Алып келдим Кула атты,
Билбейсиң Манас уятты.
Алмамбет менен Сыргакка
Азыр жеткир Чубакты, –
Деп Бакайың айтып турганда
Ушул сөздү урганда
Баатыр Манас көк жалың
Бакайдын сөзүн кайтарбай,
Бажырайып сүйүнүп,
Башка жооп айталбай.
Абам айтып салды – деп,
Кудай жалгап калды – деп.
Аттанууга камынып,
Ак жолборстой чамынып.
Илеси артык чоң баатыр,
Кашты серпип салганы.
Ишарат кылып калганы.
Эки желдет элеңдеп,
Айбанбозду белендеп,
Туура тартып калганы.
Бакайы минтип турганда,
Манаста барбы арманы.
Айкөлүң төрө ат минип,
Ат мингенде бат минип.
Жолдош алып Жойбурду,
Манас, Чубак үч болуп,
Батыра сүйлөп, бек айткан,
Бакайдын сөзү күч болуп.
Азыр жөнөп кетти – деп
Ат чабым жерге жетти – деп.

Жөнөп калды оёндор,
Таңга ажайып иш болуп,
Бара турсун баатырлар
Муну мындай коюңар,
Алмамбет менен Сыргактын,
Кабагында болуңар.
Алмамбет, Сыргак аттанып,
Аттанганда шаттанып,
Бейли катуу берендер,
Калыш жок мында сактанып.
Кунан чабым чыкканда
Кужурланып октолуп,
Бараталдын бирин түшүрүп,
Аракка кирди токтолуп.
Алтын ооз аркыттан,
Жан кесеге куюшуп,
Билимдүү оён баатырлар,
Бир бирине сунушуп.
Аянбастан олтуруп,
Арак ичип турушуп,
Ички ичип кызышып,
Ичегиси ысышып
Арак ичип кызышып,
Аянбастан ысышып,
Арак ичип алкынып,
Ак туйгундай талпынып.
Эрмек баштап алышып,
Эки мыкты сайышып.
Чарайнага чак этип,
Найзалары майышып.
Көк күбөнүн пактасын,
Булайта сайып салышып.
Ат үстүнөн алышып,
Оодарышып калышып,
Жана токтоп турбастан,
Тасырайтып жарышып,
Аттын башын бурбастан,
Аяр кылып турбастан.
Жарым саат бир жерге,
Сабыр кылып тынбастан.
Арак ичип эришип,
Аңгемени көрүшүп.
Аянбастан жарышып,
Ат колтугун керишип,
Дал бир күндүк жол экен,
Калыкурга келишип.
Калыкур оңой жер эмес,
Кармаган жолу тилисим,
Кан Коңур оңой эр эмес.
Бир күндүк жер Калыкурга,
Жарым күндө келиптир.
Чачыраган чак түштө,
Калбалуу жолду көрүптүр.
Боз сеңирдин учуна,
Келип калган кезинде
Эр Алмамбет баатырдын,
Тилсим капкан эсинде.
Токтоп туруп кеп айтат.
Токтой тур Сыргак – деп айтат:
– Калдайдын уулу капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын,
Тилсим кылган жолу бар,
Жайып койгон тору бар.
Арып менен иштеген,

Алда канча колу бар.
Арыптуу жолго кез болгон,
Азаптуу жандын шору бар.
Башынан дайын өзүмө.
Байкап тур Сыргак сөзүмө.
Бу кызыталак калдайдын,
Арыбы жок кылбаган,
Арыбы көп амалдуу,
Аярдын баарын жыйнаган.
Кылчаяр бенде жок болуп,
Кызматка салып кыйнаган.
Алты миң уста бир жылда
Араң кылып бүтүргөн,
Түрк уулу келбей койбойт – деп,
Түбүнөн ойлоп күтүнгөн.
Аярлар туруп соктурган
Алты жүз батман сом темир,
Ат жарышым талааны,
Аябай жапкан чоң темир.
Айланасы капчыгай,
Алдында кербен жолу бар.
Аңдабай барган адамга,
Азабы арбын шору бар.
Алты миң уста алдырган,
Арып менен салдырган,
Тилсим салган капкан бар,
Тилек тилеп жаткан бар.
Каргашалуу капканга,
Жакын барган соо болбойт,
Тилим жок айтып сүйлөшөр,
Тим жаткан мындай жоо болбойт.
Анын төмөн жагында,
Өзү пери молтолуу,
Өзү пери болгон соң,
Адамзаттан коркобу.
Калыгур деген бийик бар,
Ак кулжа деген кийик бар.
Айтылуу кайып ак кулжа
Оттогон жери сай жылга.
Кабарчысы калдайдын,
Баарынан кыйын иш мында.
Анын төмөн жагында
Казандай кара кудук бар.
Мунун баарын жайлаган,
Кан Коңурбай улук бар.
Тумшугунда кылы бар,
Кыл эмес кара сымы бар.
Асылы жин куу өрдөк,
Кан Коңурдун тилчиси,
Алыстан жоону көрчүсү.
Сым менен кабар берчүсү.
Кабар түшсө калдайга
Макел малгун келчүсү.
Малгун Макел жаткандыр,
Баселеңдин оюнда,
Баатыр Сыргак ойлоп кой,
Макел болсун оюңда.
Үчүнчү күндө беттешип,
Болобуз Макел тоюнда.
Баатыр Сыргак угуптур,
Макелди айтып берейин,
Бар жоругун калтырбай,
Башынан айтып келейин.
Кара кытай Манжуудан,

Каңгай менен Анжуудан.
Туулган Макел бала эмес,
Адам көргөн жан эмес.
Бээжинден наркы алты айлык,
Сазаңшаа деген шаардан,
Башына кудай жараткан,
Казап менен каардан.
Дозогу кылып жараткан,
Жылан,чаян заардан,
Күн чыгыштын баарысын,
Такыр тамам алган эл.
Искендер айдар сүргөндө
Ошондон качып калган эл.
Жажууж менен мажууждан,
Малкун Макел уругу,
Алда канча калың журт,
Сазаңшаада туругу,
Буларды колго караткан,
Кан Коңурбай улугу.
Күн чыккан жердин тушунда
Макелдин эли ушунда.
Бу дүйнөнүн башында
Кап тоосунун кашында
Кап тоосунда жери бар,
Албан түрлүү эли бар.
Баш сүрөтү адамдай,
Куйругу жылан,чаяндай.
Бир кулагын төшөнгөн,
Бир кулагын жамынган,
Бендеден мындай болобу,
Ажыдаардай чамынган.
Азык-түлүк ойлобой,
Адамдын этин сагынган.
Кээ бирөөндө эки көз,
Кээ бирөөндө жалгыз көз,
Жалгыз көзү жайнаган,
Ташты нандай чайнаган.
Ар түрлүү жан ошондо,
Адамын койдой айдаган,
Калдайдын уулу Коңур кан,
Макелдин угуп кабарын,
Макелди алып келгин – деп,
Жиберген өрттөн чабарын.
Атагы дайын Коң баатыр,
Алты айлык жерден алдырган,
Ат көтөрүп жүрө албай,
Арабага салдырган.
Алып келген Бээжинге
Атагы дайын бейдинге.
Макел малгун бир күндө
Отуз койдун этин жейт,
Он батмандан бүтүн жейт.
Канжа тартып түтүн жейт.
Казынадан багылат,
Баккан адам чабылат.
Тозуп чыгат жолуңдан,
Малгун Макел табылат.
Кабар түшсө калдайга
Как жолуңдан кабылат.
Коркутту деп ойлобо,
Кооптуу душман ушулар,
Кандай бенде болсо да,
Кара жаны кысылар.
Ажал жетип, күн бүткөн

Ажалдуу бенде тутулар.
Ажалы жок жан болсо,
Аман-эсен кутулар.
Жалгыз көздүү чаянды,
Жааннам барчу малгунду,
Алда Таала жар болсо,
Аркан-жипсиз байларбыз.
Жалгыз көзүн кашайтып,
Жааннамга айдарбыз.
Ажалы тартып жаткандыр,
Макел малгун капыр – деп,
Баштан-аяк уктуңбу,
Бастыралык баатыр – деп,
Жолго салып каргытып,
Жол жүрүшүн чаргытып.
Азыраак жолго барганда
Капканга жакын калганда.
Кербен жолго кирбестен,
Кетте жол менен жүрбөстөн.
Жолун таштап Алмамбет
Бура тартты бурулуп,
Кара жолтой капканга
Каламбы деп урунуп.
Жалгыз кыя жол менен,
Жайдары Алмаң баштады,
Кесепет капкан кармаган,
Кербен жолун таштады.
Анда Сыргак кеп айтат,
Аңгеме кылып эп айтат:
– Калдалаңдуу калмагым
Жол бу жакта – деп айтат.
Кесепеттүү калмагым
Эмне кеп бар оюңда
Кербен жол калды аркаңда.
Кетте суунун боюнда
Бастырган жолуң оң эмес,
Адам жүрөр жол эмес.
Чукчуңдаган калмагым,
Тескери жолго барбагын.
Түркүгүнөн келди – деп,
Түрүңдү бузуп албагын.
Түртүп таштап бир орго,
Чуңкурга тыгып салбагын.
Алмамбет күлүп кеп айтат,
Андай эмес – деп айтат:
– Өзүң чыгып бараткан,
Кара зоонун тушунда
Кан Сыргак сага мен айткан,
Каргаша капкан ушунда.
Кербен жолдун өзүндө
Как караган көзүндө.
Тике барган адамга,
Тилсим капкан жатпайбы,
Барганда капкан чаппайбы.
Азабың аштай катпайбы.
Сабыр кылып жүрө бер,
Мен кирген жолго кире бер.
Кандай түрлүү жумуш бар,
Баарысын байкап биле бер.
Ал аңгыча Алмамбет
Бийиктин чыкты башына
Сыргагын алып кашына.
Сыпаты жандан башкача
Көй төрөнүн көбүнөн,

Сыргакка Алмаң ашына.
Капкан деп бизге балакет,
Капканга кылып аракет.
Кан Алмаң чыкты кара зоо,
Капчыгайдын ташына,
Аттарын байлап алышып,
Аңгемени салышып,
Чарчатам деп капканды,
Таш кулатып калышып.
Кара зоону уратты,
Канчалык ташты кулатты.
Анда да капкан чабылбайт,
Аңгеме мындай табылбайт.
Капчыгай ташка толгондо,
Баатырлар чарчап болгондо,
Анда Сыргак кеп айтат,
Алмамбетке деп айтат:
– Калп айтыпсың Алмам – деп,
Бул капканы жалган – деп.
Ыйманы бар бендеге
Ылайык эмес жалган кеп.
Жакын жерде таш калбай,
Эч болбосо аз калбай,
Тоонун баарын ураттык,
Таштын баарын кулаттык.
Канакей капкан жатканы,
Тарс этип капкан чапканы.
Бул айтканың эп эмес,
Адам айтар кеп эмес, –
Деп Сыргак айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Уялгандан Алмаңдын,
Узун бою басайып,
Капа болуп бу сөзгө
Кара жаны кашайып.
Эр Алмамбет жүгүрүп,
Эңкейе түшүп бүгүлүп.
Алачыктай бир ташты,
Атып Алмаң жиберди.
Келишимдүү азамат
Кемитип болбойт бул эрди.
Кара таш кетти карсылдап,
Капчыгай калды тарсылдап.
Кара таш барып капкандын,
Тээгине тийиптир,
Телпейип капкан жатканда
Тетигин буруп кетиптир.
Кармап жаткан чоң жолду
Капканга алар жетиптир.
Капкан калды чабылып,
Капчыгай калды жаңырып.
Кабылан төрө оёндор,
Капканды көрүп байкашып,
Мындай шумдук болбойт – деп
Баатырлар башын чайкашып.
Кабылан Сыргак береңиң
Капкандын көрүп чоңдугун,
Акылына туюнду,
Алмаңдын сөзү оңдугун.
Жана жолго киришип,
Жан аябай жүрүшүп.
Он чакырым барганда
Оён Алмаң кеп айтат:
– Сыргак баатыр зыңкыйбай,

Башыңды эңкейт – деп айтат.
Көрүнүп башың калбасын,
Көзүнүн кыры чалбасын.
Өзү пери ак кулжа,
Көздөн кайып болбосун.
Мен айткан сага шер ушул,
Ак кулжа жатчу бел ушул.
Кабар түшсө калдайга
Капчыгайдан чыгарбай,
Баш-аягың жыйналбай
Каптап кетчү сен ушул.
Ак кулжа эмес,аяр – деп
Учса канат даяр – деп.
Учкан бойдон ак кулжа
Кан Коңурга барар – деп.
Капчыгайдан чыгарбай
Калдайың согуш салар – деп.
Айтылуу Манас айкөлүң,
Армандуу болуп калар – деп,
Айтканда Сыргак кылт этип,
Бура тартып булт этип,
Имере тартып буйгага,
Оёндоруң барышып,
Азаматтар шашпастан,
Аттарын байлап салышып,
Милтесине от коюп,
Мылтыгын октоп алышып.
Эки оён кеңешип,
Мергендигин теңешип,
Мен атамын мурун – деп,
Берендериң кеңешип.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Аяр кыл Сыргак деп айтат:
– Милте кошуп аталык,
Бир кызыкка баталык.
Баатыр Сыргак шашпа – деп,
Бул жорукту ташта – деп.
Сен ат Сыргак төшкө – деп,
Мен атайын башка – деп.
Даңкайып жаткан кулжага
Бири тийбей калбас – деп,
Мергендиги белгилүү,
Берендер ишин танбастан,
Азаматтар чүкчүйүп,
Аңдып чыкты бүкчүйүп.
Айтылуу кайып ак кулжа
Айткан жердин өзүндө
Турган экен дардайып.
Как караган көзүндө
Көрө салып көк жалдар
Милтесин сыгып алышты.
Милте кошуп берендер,
Бет алышып калышты.
Тизе жерге тийгенде
Машаны ирмеп калышты.
Бир милтенин чогундай,
Бир мылтыктын огундай.
Мылтыктын үнү чаңырып,
Капчыгай калды жаңырып.
Сыргак баатыр төшкө атып,
Жүрөктүн толто безге атып.
Алмамбет баатыр башка атып,
Кулжаны жыкты какшатып.
Ак кулжа калды жыгылып,

Аңгекке башы тыгылып.
Эки оён жүгүрүп,
Ак кулжага келишип,
Экөө тең тийген экен – деп,
Ок тийген жерин көрүшүп.
Кулжа сулап калды – деп,
Кудай жалгап салды – деп.
Ажал жеткен кезинде
Абийирди Сыргак алды – деп.
Ак кулжа атып булайтып,
Эр Алмамбет муну айтып.
Жанындагы Сыргагын,
Жайдары Алмаң кубантып.
Баатырлар мындан аттанып,
Атканына мактанып.
Жана түштү жолуна,
Жайкалып күлүп шаттанып.
Алмамбет, Сыргак баатырлар,
Бир далай жолго барганда.
Кесепеттүү өрдөктүн,
Арасы чукул калганда.
Айтылуу Алмаң деңкейип,
Ат жалына эңкейип,
Атка эңкейип бөкчөйүп,
Алдын карап чекчейип.
Кокуй Сыргак токто – деп,
Күйдүрөсүң отко – деп,
Айланайын Сыргагым,
Айткан кебим тыңдагын.
Өзүңө айткан куу өрдөк,
Өнөрүм айып кылбагын.
Жакын калды арасы,
Түшө калып карачы.
Куу өрдөк көрүп калган соң,
Табылбайт мунун чарасы.
Узун сымдан сөз барып,
Улгайып калат жарасы.
Көлүндө өрдөк жатат – деп,
Өрдөктү Алмаң атат – деп,
Алды жаткан өрдөктүн,
Азабы аштай катат – деп,
Бура тартты буйгага,
Бурулуп Алмаң жылгага.
Анда Сыргак кеп айтат:
– Ой, калмагым – деп айтат.
Ошол сөздү көп айтпай,
Кой калмагым – деп айтат.
Атаганат калмагым,
Билдим сөзүң жалганын.
Куу өрдөк жатат көрдүм – деп,
Кепиниңди жалмадың.
Казандай кара кудукка
Канетип өрдөк жатсын – деп,
Кудукта жаткан өрдөктү,
Калмак кантип атсын – деп.
Кан Алмаңа тийдирип,
Капия айтып күлдүрүп,
Аркар шыйрак,марал баш
Айбандан мындай жаралбас.
Ажыбайдын карт күрөң
Бура тартты Сыргагың.
Селдей каптап жоо келсе,
Сезбей турган чыйрагың.
Аттан түшө калышып,

Аттарын байлай салышып.
Милтелерин чоктошуп,
Мылтыктарын октошуп.
Ач кайкалаң белестен,
Эңкейип карап алышып,
Кудукта жаткан өрдөктү,
Тикие карап калышып.
Жантайып жатып эмгектеп
Жакын жетип барышып.
Кудукта жаткан өрдөктүн,
Өзүн аныk көрүшүп,
Тикирейип караган,
Көзүн аныk көрүшүп.
Тумшугунда тартылган,
Кылын аныk көрүшүп.
Кыл эмес тарткан дилгирем,
Сымын аныk көрүшүп.
Эки оён марашып,
Бирин бири карашып.
Анда Алмамбет кеп айтат.
Азамат Сыргак – деп айтат.
Баятан бери куруттуң,
Бар сөзүмдү жалган – деп
Өмүрүндө Алмамбет,
Айткан эмес жалган кеп.
Сөзүмдүн билгин чынын – деп,
Канды бекен кыбың – деп,
Как тумшуктун учунан,
Мен атайын сымын – деп.
Баатыр Сыргак башка ат – деп,
Башка атканда какшат – деп.
Башы кетсин бөлүнүп,
Көзүнө жаны көрүнүп.
Бөлүнсүн башы быркырап,
Өрдөк өлсүн тырпырап.
Берендериң кеңешип,
Мергендигин теңешип,
Мен мергенмин сенден – деп,
Бирине бири эгешип,
Көргөн заман көк жалдар,
Милтесин үйлөп алышып.
Алма башын сундуруп,
Шыкаалашып калышып.
Кароолуна келтирип,
Машаны ирмеп салышып,
Мылтыктын үнү чаңырып,
Тоо көчкөндөй жаңырып.
Алмамбет сымын кыя атып,
Сыргак башын сый атып.
Кубанып калды баатырлар,
Куу өрдөктү сулатып.
Далдайып өрдөк өлгөндө
Өлгөнүн эрлер көргөндө
Баатырларың жүгүрүп,
Куу өрдөккө келишип,
Экөө тең тийген экен – деп,
Тийген жерин көрүшүп,
Өрдөктү жайлап ташташып,
Жана жолго башташып.
Баатырлар жолго киришип,
Ат аябай жүрүшүп.
Жолубуз жакшы болду – деп,
Шатырашып күлүшүп.
Аял кылып турбастан,

Аттан башын бурбастан,
Аттанып чыгып ал күнү,
Кечке жүрдү тынбастан.
Анча-мынча жол жүрүп,
Ал аңгыча күн батты,
Чалгын чалган баатырлар,
Ал түнү жүрүп түн катты.
Чачырап жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо.
Сыргакка Алмаң кеп айтат,
Сыргагым токто – деп айтат:
– Мен Бээжинден качканда,
Ушул жолду басканда,
Жоболоңдуу кытайдан,
Жолго түшүп шашканда,
Калып кытай калкына
Канчалык салып жаңжалды,
Кайсы бирин айтайын,
Кан Коңур көрдү калбамды,
Ушул жерге келгенде
Мусулман айып көрөт – деп,
Көмдүм эле бекитип,
Алтындан кылган канжамды.
Азыр таап алалык,
Алмамбет айтпайт жалганды.
Таап алып өтөлүк,
Тамаша салып кетелик.
Таң атканча далай бар,
Самаган жерге жетелик.
Анда Сыргак кеп айтат,
Акмагың мына – деп айтат:
–Бээжинден кытай келгениң,
Алда канча жыл болсо,
Көзгө сайса көрүнгүс,
Караңгы түн бул болсо,
Сөөмдөй жезди көмдүм – деп,
Көмгөн жерим көрдүм – деп.
Алжыдың калмак сөзүңдөн,
Чыккандыр бул жер эсиңден.
Канжаң менен катып кал,
Калп айтпагын калжырап.
Канжамды таап алам – деп,
Кайрылдың жолдон алжырап.
Кайрылып Алмаң кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
– Койгон жерим белгилүү,
Азыр табам – деп айтат.
Айтылуу берен Сыргагым,
Айтканым айып кылбагын.
Аземдеп кылган канжамды,
Алып берем сындагын.
Казына даяр колумда
Карк алтындан сулаткан,
Зумурат менен жакуттан,
Нагыш салып кынаткан.
Бала кезде Алмакең
Канжадан түтүн булаткан.
Кызыккандан берсин – деп,
Какандын каны сураткан.
Айып көрбө баатыр – деп,
Бул айтканың акыл – деп.
Жаткан жерим белгилүү,
Алыс эмес жакын – деп.
Жаткан жерим ушу – деп,

Капка таштын тушу – деп.
Аз аңгемеге курулуп,
Аттан түштү бурулуп.
Караган жерде Алмаңдын,
Канжага колу урунуп.
Эки жер,үч жер казбастан,
Көмгөн жерин жазбастан.
Каткан канжам мына – деп,
Канжамды Сыргак сына–деп.
Кабылан Алмаң муну айтып,
Канжаны алды булайтып.
Анда Сыргак кеп айтат:
– Аярсың калмак – деп айтат:
Караңгыда өрт жанган,
Бөрү көздүү баатырсың.
Аярлыгың дагы бар,
Аны үчүн таап жатырсың.
Адамдыгың жанда жок,
Аярлыгың санда жок.
Эми билдим баркыңды,
Эрдик кылар салтыңды.
Эрдигиңден таштапсың
Калың кытай калкыңды.
Соо өлбөгөн кытайым,
Сонунда сендей болбойт – деп.
Кан Алмамбет баатырды,
Кан бенде колдойт – деп.
Кошомат эмес чын сөзүм,
Кордогон бенде оңбойт – деп.
Акылыма илинди,
Аярлыгың билинди.
Аяр калмак култуңдап,
Келтирбей жүр деп жинимди.
Качанкы калган канжаңды,
Канетип билдиң жатканын.
Ай караңгы бул болсо,
Айран калдым тапканың.
Соога, Алмам, соога – деп,
Кызыгып кетип кокустан,
Бербей коюп окустан,
Чыкпасын мындан коога – деп.
Алмакең күлүп кеп айтып,
Агам Сыргак деп айтып,
Белгилүү Сыргак оён – деп,
Бербей кантип коём – деп.
Кабылан Алмаң Сыргактын,
Канжаны берди колуна,
Кан Алмамбет,эр Сыргак,
Жана түштү жолуна.
Ал аңгыча болбоду,
Жылдыз тарап бөлүндү,
Жердин жүзү көрүндү.
Кан Алмамбет,эр Сыргак,
Бара турсун жолуна.
Баатыр Манас султандар,
Байкаңар сөздүн соңуна!

10-бөлүм

ЧУБАК, АЛМАМБЕТ, СЫРГАКТЫН АРТЫНАН МАНАСТЫН БАРГАНЫ. ЧУБАКТЫН СӨЗҮНӨ КӨҢҮЛҮ БУЗУЛУП, АЛМАМБЕТТИН АЙТКАН АРМАНЫ

Баатыр Манас каныңар,
Мындан кабар алыңар.
Чубакты кошуп жөнөткөн,
Абаң Бакай карыңар.
Төрө Манас аттанып,
Жакын жерден келем – деп,
Алмамбетке Чубакты
Азыр кошуп берем – деп.
Тасыратып жарышып,
Тизгин колдо карышып.
Салган бойдон баатырлар,
Калыкурга барышып.
Мында артынан жете албай,
Жеткирип кошуп келалбай,
Абасы Бакай кеп айткан,
Андан Манас өтө албай.
Баатырларга жетем – деп,
Барбай кантип кетем – деп,
Капчыгайга барышты,
Капканды көрө салышты.
Кабылан Манас, эр Чубак,
Капканга айран калышты.
Кабылан Манас кеп айтат,
Капканды көрүп – деп айтат.
Каргашалуу капканың
Жолду бөгөп жатканын.
Кандай уста бүтүргөн,
Капкан эмес тоо экен.
Байкабай келген адамды,
Кыйратып салчу жоо экен.
Тилсим кылган чеп экен,
Бээжиндин жолу бек экен.
Тикирейип бек карап,
Бизге тиктеген душман көп экен.
Берекелүү чоң калаа
Бээжиниң бекем жер экен.
Байкап жүргөн бул ишти,
Баатыр Алмаң эр экен.
Чубак жойбур жүрмөк – деп,
Эми жолго кирмек – деп.

Эр Алмаңдын кабарын
Эрте жүрүп билмек – деп.
Жолго түшүп шартылдап,
Жөнөп калды баатырың,
Баатырың байкап жактырды
Алмамбеттин акылын.
Жакын калды жетем – деп,
Жайдары Манас Алманга,
Жана жолго жүрүшүп,
Он чакырым барганда
Ак кулжа жатат тарбайып,
Жол боюнда дардайып.
Кулжаны көрүп кубанып,
Кужурланып жубанып.
Алман жакшы киши – деп,
Алмандын кылган иши – деп.
Ак кулжа бар деп жолуңда
Айтып жүргөн тушу – деп.
Алмамбет айткан өзүмө,
Ак кулжа эмес пери – деп.
Ажап болду өлгөнү,
Атасынын көрү – деп.
Жөнөп калды турбастан,
Жолго түшүп тынбастан,
Алмамбеттин эрдигин,
Көрүп келет бир баштан.
Жакын калды жетем – деп,
Жетпегенде нетем – деп.
Алмамбетке Чубакты,
Кошуп берип кетем – деп,
Эки таш жолго барганда
Арасы жакын калганда,
Алмамбет, Сыргак баатырлар,
Сонун жорук баштаптыр.
Куу өрдөктү сулатып,
Жол боюна таштаптыр.
Асылы жин куу өрдөк
Алтын куйрук,жез канат
Көпчүлүк көрсө өнөрүн,
Айтылсын деп бир санат.
Жол боюна келтирип,
Койгон экен азамат.
Муну көрүп бурулуп,
Бир далай карап турулуп.
Ажап болду жинге – деп,
Пайда кылат кимге – деп.
Жылдыз каркап толгондо,
Эл жатар мезгил болгондо
Түн киргени болбосо,
Жолдон чыгып конбосо,
Жакын жерден табылат,
Жолубуздан кабылат.
Эми жолго салмак – деп,
Эрлерди таап алмак – деп.
Баатырлар түшүп жолуна,
Баштар деп кудай оңуна.
Мына жерден жетем – деп,
Ана жерден жетем – деп
Алмамбетке Чубакты,
Кошуп берип кетем – деп.
Эрегишкен эки эрге
Акыл-насаат айтам – деп,
Жолго салып буларды,
Жойбурум менен кайтам – деп.

Коштон чыгып баатырың
Күнү-түнү жол жүрүп,
Айкөл Манас төрөңүз,
Аянбастан мол жүрүп.
Баатырың Манас түн катты,
Түн катпай кантип тим жатты.
Таң кашкайып сөгүлүп,
Жылдыз тарап бөлүнүп.
Жердин жүзү көрүнүп.
Ал аңгыча таң атты,
Сапардын иши ушул – деп,
Жаткан Манас тынч алып.
Жан-жаныбар көрүндү,
Чачырап жайнап күн чалып.
Арстандар жолдо барбы – деп
Айкөлүң төрө караса
Алдында кетип баратат,
Алмамбет, Сыргак жанаша.
Арстандар сөзгө кириптир,
Ажайып кызык тамаша.
Эрендер жолго салыптыр,
Тизгин кошуп алыптыр.
Чакырган менен үн жетпейт
Далай жерге барыптыр.
Атпай түрктүн төрөсү,
Айтылуу Манас эр ошол,
Ач кыйкырык аянбай,
Айкөлүң салган жер ошол.
Алмамбет, Сыргак токто – деп,
Арстаның Манас чакырды.
Арстандар токтоп турган – деп,
Аянбай айкөл бакырды.
Буга да эрлер болбоду,
Бурулуп карап койбоду.
Уккан жок деп үнүмдү,
Баатырың Манас ойлоду.
Кыйкырганым бекер – деп,
Келтенин үнү жетер – деп,
Жетмек түгүл ак келте,
Жер жаңыртып кетер – деп.
Ак келтени айкөлүң,
Асманды карап сундуруп,
«Тарс» дедире бир атты,
Жан кулакты тундуруп,
Ак келте үнү белгилүү,
Арстандар муну укканда
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Артынан кошо чыкканда
Манастын билип келгенин,
Чочуп калды эрлериң.
Кайрылып эрлер караса
Ажап кызык тамаша.
Айкөл Манас, эр Чубак,
Жарышып келет жанаша.
Жойбуру жандап алыптыр,
Жоомарттар жолдо калыптыр.
Алда кандай заман – деп,
Арстандар айран калыптыр.
Аккула жок алдында,
Айбанбоз минип алыптыр.
Муну көрүп баатырлар,
Бура тартып турушту,
Кандай заман болгон – деп
Кайгыны кабат кылышты.

Алмаңа Сыргак кеп айтат.
Ай, калмагым – деп айтат:
–Манастын келер жөнү жок,
Келишке Манас көөнү жок.
Ойноп келсе бекерге
Келгенинде өөнү жок.
Бекерге Манас келбейт – деп
Бекер сөзгө көнбөйт – деп
Анчейин ишке келбейт – деп,
Азгырган сөзгө көнбөйт – деп.
Калдаландуу калмагым,
Биз келген жолуң тар беле.
Арбын кошун жол жүрчү,
Башка жолуң бар беле.
Кесепеттүү чоң калдай,
Кесенип жүргөн Коңурбай.
Катыра чалгын чалган бейм,
Кабарын угуп алган бейм.
Биз кеткен соң үстүнө,
Калың кошун барган бейм.
Калдай менен кагышып,
Аянбай согуш салган бейм.
Аккула түшүп алдынан
Жоо колунда калган бейм.
Анан Манас чыдабай,
Бизди көздөй салган бейм.
Же болбосо желигип
Кандарды арбак аткан бейм.
Каршы чыгып урушуп
Кара жолу каткан бейм.
Арстандыгын карматып
Аккуланы тарткан бейм.
Ал сөздүн жайын айтмакка
Бизди көздөй чапкан бейм.
Аккула жок астында,
Ак күбө жок үстүндө
Бекерге Манас келеби,
Белдешкен жоого көнөбү.
Өлбөй туруп кол менен,
Кула атты Манас береби.
Аккуладан айрылып,
Армандуу Манас өлөбү.
Ашыккан жумуш болбосо
Аркаңдан Манас келеби.
Аяр десе аярсың
Жаян десе жаянсың.
Айтылуу Алмам береним,
Айткан сөзүң тегинби.
Акыл менен текшерип,
Аңдачы айткан кебимди.
Анда Алмамбет кеп айтат
Кеп айтканда эп айтат.
– Акыл менен текшердим,
Аңдап кой Сыргак – деп айтат.
Башка жер менен Манаска,
Бара турган жол да жок,
Каптап кирип катылар,
Кан Коңурдан кол да жок.
Келген ишин мен билдим
Эч канчалык иш эмес,
Балача чаап келгени
Баатырың мыкты киши эмес.
Койдой коёр кеби бар,
Козголбой жатар эби бар.

Ай деп коёр эби бар,
Айманбай жатар эби бар.
Арстан Манас болгон соң
Эминеден кеми бар.
Өзүңдүн агаң Чубактын,
Ойлогону бар эле
Оозунда сөзү шар эле.
Бендеден ичи тар эле,
Батына кирген душманга
Баатырлыгы бар эле.
Алмамбет чалгын чалды – деп
Абийирди калмак алды – деп,
Акбалтанын эр Чубак,
Чалгынга барбай калды – деп.
Сыргак кошо барды – деп,
Сыпатты калмак алды – деп.
Кан Балтанын эр Чубак,
Кайгуулга барбай калды – деп
Чубактын салган чыры – деп.
Ушул сөздүн чыны – деп,
Айтылуу баатыр эр Чубак,
Агаң салган калба – деп.
Алмамбет айткан бул сөздү,
Эртең Сыргак танба – деп.
Баатырга Чубак кеп айтып
Басташамын деп айтып.
Канкорго Чубак кеп айтып,
Касташамын деп айтып,
Баатыр Чубак козголуп
Манастын жанын күйдүргөн,
Иритип колдун баарысын
Ыштанына сийдирген.
Аккуланы Чубакка
Тартуу кылган төрөңүз.
Жакын келди жаныңа
Төрөндүн сөзүн көрөбүз.
Тарткан ат калган талаага
Бакай жүргөн арага.
Кабылан Манас баатырың,
Калган кара балаага.
Чалгынды бирге чалгын – деп
Чаңдатып жылкы алгын – деп,
Алмамбет менен Сыргактын
Аркасынан баргын – деп.
Жеткире Манас кеп айткан
Жеткирип сөздү бек айткан.
Алмамбет менен Сыргакка
Жеткирип келем деп айткан.
Аянымда кеп келген
Айткан сөзүм эп келген.
Алмамбет менен Сыргакка
Чубакты кошом деп келген.
Бул Чубактан чыккан эрмек – деп
Манас муну көрмөк – деп.
Аккуладан айрылып
Айбанбоз менен келмек – деп.
Акбалтанын баласын,
Бизге кошуп бермек – деп.
Айтылуу баатыр Алманың
Айтып оозун жыйганча
Айкөл Манас эр келип,
Аңгеме болду бир канча.
Соога, баатыр, соога – деп
Салыпсың далай коога – деп.

Өлтүрүпсүң болуптур,
Убалы барбы жоого – деп.
Бажырайып алдына,
Баатыр Манас кан келди.
Айбатын салып сурданып
Айтылуу Чубак ал келди.
Жоош чечен Жойбуруң
Жолдош болуп да келди.
Кабылан Манас баатырдын,
Каалгадай кашка тиш,
Күмүштөй аппак жаркырап,
Жан адамдан башка тиш.
Кашкайып чыгып калыптыр,
Кашкаңдап күлүп алыптыр.
Баатырлар жолуң болсун – деп,
Манас жетип барыптыр.
Байкатпаска Алмаңа
Башка абанга салыптыр.
Чубак болбой барам – деп,
Өзүңдү кошуп алам – деп,
Алмамбеттен ажырап
Жалгыз кантип калам – деп,
Бээжиндин жери кенен – деп
Мен дагы барып көрөм – деп.
Чубакты сага тапшырып,
Жеткирип кайра келем – деп.
Ак күбөнү кийбестен,
Аккуланы минбестен,
Жеткирип келдим агаңды,
Бул кылганым жаманбы.
Кыраан Алмам баатырым
Кырсыгыңа каламбы,
Айтылуу Манас көк жалың
Айтып оозун жыйганча
Алмамбеттен чубуруп,
Арман чыкты бир канча.
Кишинин аты терчил – деп
Кишинин тону кирчил – деп,
Уктум эле башынан,
Кишинин эли чоочун – деп.
Чоочундугуң билинди,
Келтирдиң төрөм жинимди.
Кытайдан келип Алмамбет
Тузагыңа илинди.
Төрт ата түрктүн уулунан
Төрө кылам кимиңди.
Айкөл Манас төрөбүз
Ажал жетсе өлөбүз.
Аркамдан кууп келген соң,
Аныңа кантип көрөбүз.
Кабылан Манас төрөбүз,
Каза жетсе өлөбүз.
Качкындай кууп келген соң,
Канетип буга көнөбүз.
Кызматым алал болгондо,
Кызыгып кууп келчүбү.
Алал кызмат кылганда
Алмамбет муну көрчүбү.
Чубактын салган чуусуна
Туйгун Алмаң көнчүбү.
Тумшугу жок Алмамбет
Ажалдан мурун өлчүбү.
Билеселүү айкөлүм
Билдим сөзүң жалганын.

Жашырып койдуң айтпастан,
Чубактын жаңжал салганын.
Кайрыларга канат жок,
Алмамбет жалгыз калганын.
Билдим төрөм сырыңды,
Сала кой азыр чырыңды.
Чуу баштаган кошунга
Чубагың турат саргарып.
Чубактан коркуп бу жерде
Оокат кылбайм жалбарып.
Кеп-кеңешиң бүтүрүп
Келипсиң баатыр камданып.
Келе Манас колуңду,
Кебиңе жүрбөйм алданып.
Агалуу киши зор экен,
Агасы жок кор экен.
Талашканы Чубактын
Чалгын чалган жол экен.
Чалгынды өзүң чала кой
Жолуңду өзүң ала кой.
Бээжиниң качып кеткен жок,
Мен барбайм өзүң бара кой.
Чырыңдан Чубак качпаймын,
Чын сөздөн башка айтпаймын.
Өлсөм өлүп калганым,
Өлөм деп коркуп кайтпаймын.
Чубактан корксом оңомбу,
Алмамбет атка кономбу.
Өлөм деп мындан корккондо,
Дүйнөгө түркүк боломбу.
Мен Көкчөдөн барганы
Сөзүмдө барбы жалганы.

Алмамбет,Чубак атандык,
Айкожомдон бата алдык.
Кайгуулду бирге кайгыштык,
Качан сөздөн айныштык.
Тоорулду бирге тооруштук,
Качан көңүл ооруштук.
Чалгынды бирге чалыштык,
Чаңдатып жылкы алыштык.
Акбалта дөөнүн баласы
Качан көңүл калыштык.
Кызматты Чубак билбейсиң
Өзүңдө жок калыстык.
Чалгының мага таң эмес
Алмамбет айбан мал эмес.
Чубактын чырын көргөн соң,
Чыдап турчу мен эмес.
Кыянаттуу ит Чубак,
Калар ишиң ал эмес.
Азамат эрдин биримин,
Алмамбет сага бала эмес.
Чалгыныңды өзүң чал
Кайтканым мага ар эмес.
Себепсиз ишке чыр баштап,
Сендей бейлим тар эмес.
Алмамбет айтып бир канча
Айтып оозун жыйганча
Туйгунуң Чубак козголуп
Туура тартып оштонуп.
Алмамбеттин сөзүнө
Тура албады токтолуп.
Адегенде ит дейсиң,
Азыраак сабыр күтпөйсүң.

Чеченсиген кытайым,
Чендүү жаның үртпөйсүң.
Кыйдамы келсе Чубакты
Оңой орго түртпөйсүң.
Жалгыздап мени камаган,
Жалпы алач түрк дейсиң.
Актанасың сүйлөйсүң
Адамды адам билбейсиң.
Жанга жабыр келтирип
Жапырып кытай тилдейсиң.
Акбалтанын Чубакты,
Алмамбет өзүң ким дейсиң.
Көп кызыкпай кытай кул
Көтүңдү кысып жүрбөйсүң.
Кытайдан мурун кыргыздан,
Чалгынга адам чыкпаппы,
Чатыратып жылкы айдап,
Келгенин адам укпаппы.
Жалгыз кытай сен болсоң
Жармашканың мен болсом
Атыңды өзүң чакырбай,
Аянбагын эр болсоң.
Чубакты кудай урганы,
Алмамбет сенден кем болсом.
Орчун Талас жер болуп,
Оёнум Манас шер болуп
Басташкан жоону бастатып
Баатыр Чубак эр болуп.
Айкөлүң Манас дөө болуп
Атпай түрккө ээ болуп.
Челишем деген душмандын
Өз башына кээ болуп.

Көк жалың Манас кан болуп,
Көңкү журтка дан болуп.
Кошун менин колумда
Алачым алты сан болуп.
Атпай алач көп кыргыз
Өз колумда жам болуп.
Кошунду өзүм кармадым
Коркуп Чубак калбадым.
Черүүндү өзүм кармадым
Аянып Чубак калбадым.
Алтайдан айдап жылкы алдым,
Кашкардан калың мүлк алдым.
Жеркенди талап бөз алдым
Аксыны талап жез алдым.
Турпанды талап нар алдым.
Алтын,күмүш зар алдым.
Желмаянын чөгөрттү,
Жез казанын көмөрттү.
Алты шаар Кашкарды
Акең Чубак башкарды.
Алты шаар уйгуруң
Айбатымдан жазганды.
Баарысын кылдым мусулман
Пайда көрдүм ушундан.
Канетер айла табалбай
Каарымдан кысылган.
Мында Алмамбет бар белең.
Анда Чубак кор белем,
Акбалтанын Чубактан
Алмамбет кытай зор белең.
Жети шаар Анжиян
Орчун Кокон,Маргалаң

Баштан-аяк Паргана
Аянып калчу жан кана.
Жердеген элине жаттым,
Жергеси менен караттым.
Эрегишкен жан болсо
Элинен айдап тараттым.
Алмамбет муну санайбы,
Паргана арзан карайбы.
Алооке кан, Нааман кан,
Корккондон көзү алайды.
Сен жез канжалуу кытайдан,
Сомдоп салдым далайды.
Баатырсынып Алмамбет
Бул айтканың жарайбы.
Анжууларды жоготуп
Айдап салдым жолуңа.
Өзүбек менен тажикти
Өзүм алдым колума.
Акбалтанын эр Чубак
Ар сөзүм бар айтууга.
Сендей балдыраган кытайдын,
Балдарын алдым тартууга.
Мында Алмамбет бар белең.
Анда Чубак кор белең
Акбалтанын Чубактан,
Алмамбет кытай зор белең.
Шаар Сабыз, Ызарды
Самаркан менен Букарды,
Каратегин калчаны,
Какшатты Чубак канчаны.
Сагалат, жүүт, тарсаны,
Тараттым Чубак канчаны.

Калчаны чаап караттым,
Тарсаны талап жадаттым.
Түйшүк салып калчага
Түтүнгө бөлүп тараттым.
Мурдуна чүлүк тактырдым
Мусулманга бактырдым.
Кан Шоорукту какшаттым,
Канчалык ишин аксаттым.
Карабайм деген жан болсо,
Каарымды төгүп басташтым.
Булгунду талап алгын – деп
Калың кошун каптаттым.
Булгун калды бүлүнүп,
Кара жандан түңүлүп.
Көпкөндүктөн кан Шоорук,
Атамдын алды жылкысын.
Айылын чаап талкалап,
Ачып койду уйкусун.
Булгунду чыктым талкалап,
Бура тартып чалкалап.
Кызын тартты кан Шоорук,
Кара башын калкалап.
Мында Алмамбет бар белең
Анда Чубак кор белем.
Акбалтанын Чубактан,
Алмамбет кытай зор белең.
Кыйба менен кыйраштым
Кыйла жанды ыйлаттым.
Эран менен согуштум,
Эсепсиз калба болуштум,
Кыздан алдым тартууга
Кызматым калды айтууга.

Ортодон алдым ооганды,
Оңуп кайсы жоо калды.
Жалган дүйнө жүзүндө
Жалгыз Бээжин соо калды.
Индистан деген жеринен,
Индини алдым бегинен.
Кайнаган ысык чөлүнөн,
Кармаган бийик чебинен.
Индинин каны Нескара
Нескарада не чара.
Элин тамам өткөрдү,
Эч айласыз бечара.
Мында Алмамбет бар белең,
Анда Чубак кор белем.
Акбалтанын Чубактан,
Алмамбет кытай зор белең.
Англиянын жеринен,
Темир капка чебинен,
Баатырсынган бир оён,
Жабайыр деген бегинен.
Жабайыр менен басташып,
Жан аябай касташып.
Беш ай уруш кылмакка
Жазып кагаз башташып,
Убада сөздү бекитип
Улуу черүү башташып.
Аңгилчин менен атышып,
Аңгемеге батышып,
Ажал жетип окко учкан.
Жерде сулап жатышып,
Бел байлап беш ай атышып
Белден канга батышып.
Беттешип окко учкан жан,
Жерге сулап жатышып,
Замбирек атып,топ коюп
Шаарына от коюп.
Каласына камадым,
Карсылдатып сабадым.
Кан Балтанын эр Чубак,
Качан жоодон жададым.
Азап тартып беш айда
Аңгилчинди айдадым.
Баатыр Чубак кол менен,
Жабайыр канын жайладым.
Алымын алып турууга
Аркан-жипсиз байладым.
Какшатып сойдум кандарын
Кайыштырдым жандарын.
Бекер кылдым бектерин,
Беттетпедим кептерин.
Какшатып сойдум кандарын
Кайыштырдым жандарын.
Бекер кылдым бектерин,
Беттетпедим кептерин.
Мында Алмамбет бар белең.
Анда Чубак кор белем.
Акбалтанын Чубактын,
Алмамбет кытай зор белең,
Бараңдын турган жеринен
Бараңды алдым чебинен,
Баатырсынган Бараңды
Тайдырып келдим эбинен.
Бараңда кошун аз экен,
Падышасы жаш экен.

Жармашкан душман көп болуп,
Жандын баары кас экен.
Бараңдын каны Балтамат
Көрсөттүм жоого көп сагат
Көрүп турган көп алач,
Көрбөдүм деп ким танат.
Тегиз коргон урдуруп,
Текши мылтык сундуруп,
Бет алдыма чеп кармап,
Кошунду катуу бек кармап,
Ажал жетсе шейитсиң
Аянбагын деп кармап.
Алты ай жатып атыштым
Кызыл канга батыштым.
Ажал жетип күн бүткөн,
Жерге сулап жатыштым.
Калың түрк минди каарына
Камадым Париж шаарына.
Минтип алдым бараңды,
Баранга салдым каранды.
Түрк уулунда бар бекен,
Чубактан көргөн залалды.
Мында Алмамбет бар белең,
Анда Чубак кор белем.
Акбалтанын Чубактан,
Алмамбет кытай зор белең.
Орустун орчун жеринен
Түркстандын жээгинен,
Орус менен согуштум,
Күндө майдан болуштум.
Орустун каны лөк экен
Күйгөн темир көк экен.
Адам өлчөөр эр эмес,
Анча-мынча сел эмес,
Түркстандын жолунда
Кошуну арбын колунда.
Кошуну сансыз көп экен,
Кармаган жолу бек экен.
Башка жерде жолу жок,
Балкындын суусу чеп экен.
Оролдон ашып жол салдым
Оруска барып кол салдым.
Оролго чейин келгенин
Кошун менен көчүрдүм.
Башкасын айтып нетейин,
Балкындын суусун кечирдим.
Жакын койбой жайладым
Жан калтырбай айдадым.
Баатырсынган орусту
Өз жерине байладым.
Көп адамдан мен баатыр,
Менден артык ким баатыр.
Минтип алдым орусту
Мага кайсы кытай болушту.
Келе турган заманга
Кеңитип койдум конушту.
Мында Алмамбет бар белең
Акбалтанын Чубактан
Алмамбет кытай зор белең.
Арапка жетти арышым,
Ааламга кетти дабышым.
Ак калпактуу түркүмдүн,
Кетирбедим намысын.
Ат жеткен жерде жоо калбай,

Атышкан душман соо калбай.
Калктын баарын жадаттым,
Кан Манаска караттым.
Ат жетпеген алыскы,
Алмамбет айтпайт калысты.
Кан Коңурум баатыр – деп,
Каңгайым кылба намысты,
Түрк баласы Бээжинге,
Дүркүрөп баары жарышты.
Алда билер бу күндө,
Бээжиниң аман калышты.
Баатыр Чубак бардыр – деп,
Бул дагы мендей жандыр – деп
Кеп-кеңешке ынайсың,
Кесирдүү кытай кандайсың.
Качан болсо Чубакты,
Жаш баладай алдайсың.
Оорукта калчу мен белем,
Ойлонбой койчу сен белең.
Жалгыз аяк куу таяк,
Жакыр келген кул элең.
Жакшылыктуу дин билбей,
Капыр келген кул элең.
Калат кылба сөзүңдү,
Кан көтөрдүк өзүңдү.
Кан болгондо какайып,
Ачпайсың кытай көзүңдү.
Анча-мынча ойлонуп
Айтпайсың анык сөзүңдү.
Баатыр Чубак муну айтып,
Басылып оозун жыйганча
Эр Алмамбет кеп баштап,
Эрегиш болду бир канча.
Эрегиштен кеп айтат,
Эр Алмамбет бек айтат.
Эмгеги сая кеткенден,
Элде жок мендей – деп айтат.
Атаганат дүнүйө
Арбыды ардык күнүгө.
Жалпы түрктүн балдары,
Жамандык кылдым кимиңе.
Тим жүргөн жанды жан койбой,
Тийдиңби Чубак жиниме.
Каарым келди какайдым
Катылбай койбойм бириңе.
Кайратты кабат берипсиң,
Кабылам төрөм имниңе.
Элдүүнүн баары эр экен,
Не деген кеби эм экен.
Элдүү Чубак сен экен,
Элсиз элким мен экем.
Элсиз элким жаратып
Чубактын көзүн каратып
Эгем Таала кудурет
Не түрлүү бендем деди экен.
Калктуунун баары эр экен,
Кандай айтса эм экен.
Калктуу Чубак сен экен.
Калксыз караан мен экен.
Калксыз караан жаратып
Канкордун көзүн каратып,
Кадыр алда кудурет
Кай түрдүү бендем деди экен.
Канаты жок, мүрү жок,

Кайрыларга ини жок,
Калың журттан бири жок.
Кайгылуу болгон мен экем,
Кытайда болсо зор экен,
Кыйбаттуу эрдин шору экен.
Кыйын мыкты болсоң да
Кыйырынан азган кор экен.
Кыйырынан азып жүргөнчө,
Кыямат жолу оң экен.
Капырда болсо зор экен,
Каңгайда болсо чоң экен.
Канчалык мыкты болсоң да
Калкынан азган кор экен.
Калыксыз караан болгончо,
Кадимки өлүм оң экен.
Сендей итке кор болгон,
Кенедей кешип жок экен.
Кара чоктуу каңгайдын
Калдайынын уулу элем,
Каргаша Чубак мен качан
Атаңдан калган кул элем.
Кызыл чоктуу кытайдын,
Кыйбатынын уулу элем,
Кызыталак Чубак мен качан
Бабаңдан калган кул элем.
Эч болбосо сенден мен
Кырк эсе артык уул элем.
Кыяматтын жайынан
Кыл көпүрдүн айынан,
Акыреттин жайынан
Азаптуу дозок айынан
Кан Азиз атам кан кылып
Кандык сөөлөт даң кылып,
Астымда алтын так калып,
Башымдан таажы бак калып,
Атпай түрктүн балдарын
Аңыз кылып аттанып,
Акыреттин жайынан,
Ак динге кирдим шаттанып.
Агам баатыр Чубак – деп
Айтып жүрдүм мактанып.
Кан Манаска көп кызмат
Канчалык кылдым актанып.
Каргаша Чубак ишиңден,
Касташкан душман кишиңден,
Кан Алмамбет оёнуң
Качан качтым сактанып.
Капкалуу Туңша, Бээжинден
Качып чыктым бейдинден.
Ак пайгамбар пир издеп
Акыреттен күн издеп
Арманы көп Алмамбет
Ак жаралган дин издеп.
Талак кылдым бутумду
Таштадым кытай журтумду.
Тандап келдим диниңди
Таштадым кытай зилимди.
Жети арал Бээжин жер калып,
Жергелүү кытай эл калып
Жерге кирген Чубактын
Жерине келген мен карып.
Алтын так Бээжин жер калып
Атпай кытай эл калып.
Акбалтанын уулунун,

Айлына келген мен карып.
Капкалуу Бээжин жер калып
Калың кытай эл калып,
Каргашалуу Чубактын
Калкына келген мен карып,
Бээжинде мен да кан элем
Мен дагы сендей жан элем.
Акылсыз Чубак сен турсун,
Айкөлүңчө бар элем.
Мен кан элем каран болгонмун,
Бек элем берен болгонмун.
Төрө элем төмөн болгомун,
Эр элем элким болгомун.
Канды кара ким кылат
Каратып дилин зил кылат.
Кан кадырын билбеген,
Кандын ичин зил кылат.
Кан Балтанын уулундай,
Бир каргашалуу ит кылат.
Бекти берен ким кылат,
Бектин дилин зил кылат,
Бек кадырын билбеген,
Бектин ичин зил кылат.
Бек Балтанын уулундай,
Бир бейли жаман ит кылат.
Төрөнү төмөн ким кылат,
Төрөнүн дилин зил кылат
Төрөнүн баркын билбеген,
Төрөнүн ичин зил кылат,
Дөө Балтанын уулундай
Бир төбөңдөн урган ит кылат.
Эрди элким кылат,
Эрдин дилин зил кылат,
Эр кадырын билбеген,
Эрдин ичин зил кылат,
Энеталак Чубактай,
Бир эси жок акмак ит кылат.
Калктуу Чубак сен болдуң
Жалгыз карып мен болдум.
Капкалуу Бээжин, Туңшадан
Качып келип кем болдум.
Элдүү Чубак сен болдуң
Элсиз элким мен болдум.
Ээн калган Бээжинден
Элирип келип кем болдум.
Элинен азган эр карып,
Ээн калган жер карып.
Энеталак Чубакка
Эр Алмамбет мен карып.
Кытай да болсо эл жакшы,
Кыйырында жүргөн эр жакшы.
Кызматты Чубак билбейсиң
Кыраан Алмаң мен жакшы.
Капыр да болсо эл жакшы
Калкында жүргөн эр жакшы.
Кан Балтанын уулунан,
Кадырым билсе мен жакшы.
Кыйырымдан азыр кемилдим,
Кызыталак сага жеңилдим.
Тик сөздү эми укkан соң
Тирүүлөй көргө көмүлдүм.
Атадан бездим дин үчүн,
Ак пайгамбар бир үчүн,
Акыретте дозоктун

Азабын көрбөс ким үчүн,
Алыстан чалгын чалганым
Атама бүлүк салганым
Ал кызматым ким үчүн.
Атпай алач эл үчүн,
Арстан Манас эр үчүн
Аңдагын Чубак сен үчүн.
Колго кызмат кылдырбай,
Артымдан келиш кай күчүң.
Кытайдан бездим дин үчүн,
Кызыр Илияс пир үчүн,
Кыл көпүрө сыраттан,
Кыйналбай өтөр ким үчүн.
Кытайдан чалгын чалганым
Кыйратып бүлүк салганым,
Бул кызматым ким үчүн,
Кылымда кыргыз эл үчүн,
Кыраан Манас эр үчүн
Кызыталак Чубак сен үчүн,
Кыргызга кызмат кылдырбай,
Кызыгып келиш кай күчүң,
Каңгайдан келдим дин үчүн,
Калыйпа султан бир үчүн,
Кара жалын дозокко,
Кабылбай өтөр күн үчүн,
Каңгайдан чалгын чалганым
Какшатып бүлүк салганым,
Бул кызматым ким үчүн,
Калың кыргыз эл үчүн,
Кабылан Манас эр үчүн.
Каргаша Чубак сен үчүн.
Каныңа кызмат кылдырбай,
Калк бузушуң кай күчүң.
Бээжинден бездим дин үчүн,
Мекеде Шарип бир үчүн,
Беш күндүк дүйнө чиркин – деп
Бейиште көрөр күн үчүн.
Бээжинден чалгын чалганым
Бел байлап кыргын салганым,
Ал кызматым ким үчүн,
Белгилүү кыргыз эл үчүн.
Берен Манас эр үчүн,
Бети жок Чубак сен үчүн.
Бегиңе кызмат кылдырбай,
Беттешип келиш кай күчүң.
Кыяматтын жайынан,
Кызыл чоктун айынан,
Кытайдан тентип мен келдим,
Кыйырымдан азып сенделдим,
Эр Койгутка талатып,
Элиңдин баарын таратып,
Кыргыздан качып сен келдиң.
Кылымды билген дөө болсоң,
Кыргызга Чубак эр болсоң,
Кыйырыңдан азып не келдиң,
Кара чоктун жайынан,
Кара жандын айынан,
Каңгайдан тентип мен келдим.
Калкымдан азып сенделдим,
Кан Койгутка талатып,
Калкыңдын баарын таратып,
Калкыңдан тентип сен келдиң,
Калайыкка дөө болсоң,
Калкыңа Чубак ээ болсоң,

Калкыңдан азып не келдиң,
Элдүүсүнүп болбойсуң
Эрегиш кылып койбойсуң,
Эр Алмамбет баатырды
Эптеймин деп ойлойсуң.
Элдүүнүн баары зор экен,
Элинен азган кор экен.
Элсиз элким болгончо,
Эртелеп өлгөн оң экен.
Журттуунун баары зор экен,
Журтунан азган кор экен.
Журтунан элким болгончо,
Жубарымбек өлгөн оң экен.
Калктуунун баары зор экен,
Калкынан азган кор экен,
Калксыз каран болгончо,
Кан кусуп өлгөн оң экен.
Калктуусунуп болбойсуң
Каршыкканың койбойсуң.
Кан Алмамбет баатырды,
Кандай жан деп ойлойсуң,
Эрегишсең эрегиш
Эрлигиңди көрөбүз.
Азалда тагдыр жазылуу
Ажал жетсе өлөбүз.
Эрегиштен эр өлсүн,
Элинде жүрүп бек өлсүн,
Энеталак Чубак кул
Эмгегиңе ким көнсүн.
Эгемдин иши болбосо,
Элиңдин четин ким көрсүн.
Кагылыштан кан өлсүн,
Жазасы жеткен жан өлсүн,
Каргашалуу ит Чубак,
Казабыңа ким көнсүн,
Каламда жазуу болбосо,
Калкыңдын четин ким көрсүн.
Алтын так сынсын кан үчүн,
Азапты тартпай жан өлсүн.
Арбак урган ит Чубак,
Азабыңа ким көнсүн.
Азалда калам жазбаса
Айылыңдын четин ким көрсүн.
Каңгай дейсиң болбойсуң
Каршы сүйлөп койбойсуң.
Кытай дейсиң болбойсуң
Кыянатың койбойсуң.
Каламда жазуу болбосо,
Кан Алмамбет келчүбү,
Каргашалуу Чубагым
Калкыңдын четин көрчүбү.
Азалда жазуу болбосо,
Алмамбет азып келчүбү,
Арбак аткан Чубактын,
Айлынын четин көрчүбү.
Алданын жазган барманы,
Азалда болдум мусулман,
Атпай кытай эл калып,
Азып келдим ушундан,
Каламда жазган барманы,
Карында болдум мусулман,
Калың кытай эл калып
Качып келдим ушундан.
Кулагым түштү тешилүү,

Чочогум түштү кесилүү.
Ал себептен Алмамбет,
Ата-энеден безилүү.
Ак жаралган азалдан,
Алтын тактан кечилүү.
Бабам кызыр жар болуп,
Башында бүттүм батадан,
Азиз кызыр атымды,
Алмамбет деп атаган.
Акылы жок Чубагым,
Айткан кебиң катадан.
Алмамбет коркпойт өлөм –деп,
Алдадан келген казадан.
Кул деп мени кордойсуң,
Кутурасың болбойсуң.
Куушуруп койсом бу кулду,
Кетет деп мени ойлойсуң.
Кетпей туруп кек алам,
Өлбөй туруп өч алам,
Анан кетем элиме,
Алтын так минген жериме.
Кетет деп Чубак ойлобо,
Кеңеши бүткөн кебиңе,
Кошмок эмес,нар элем,
Алтын так минген кан элем.
Кан Балтанын уулунан,
Канчалык өөдө жан элем.
Калыйпа султан болбосо,
Кан Манасча бар элем.
Айры эмес лөк элем,
Алтын так минген бек элем,
Акбалтанын Чубактан
Алмамбет качан кем элем.
Азирет султан болбосо,
Айкөлүң менен тең элем.
Ак пайгамбар пир издеп
Ак жаралган дин издеп,
Арманым көп Алмамбет
Акыреттен күн издеп
Жүрөккө тарттым курчумду,
Билекке тарттым мурчумду,
Таштадым кытай журтумду,
Талак кылдым бутумду.
Кан кылып мени шайла – деп,
Качан айттым журтуңду.
Акбалта дөөнүн баласы,
Саласың мага сыртыңды,
Кааладым келдим диниңди
Калыйпа султан пириңди.
Кан кылган Чубак сен өзүң
Кан кыл дедим киминди.
Башында кандын уулу элем
Качан сага кул элем.
Каның экөөң бир болгун,
Кагайымбы жиниңди,
Качан болсо ит Чубак,
Кастыгың мага билинди.
Капарыңда бар экен,
Кан Чубагым ойлоп кой,
Калчадан чыккан бир баатыр,
Кан Коңурбай инимди,
Бейледим белдим диниңди.
Мекеден Шарип бириңди,
Бек кылган Чубак сен өзүң,

Бек кыл дедим киминди.
Башында бектин уулу элем
Чубактын качан кулу элем.
Бек экөөң бир болгун,
Беттешпей корксоң тим болгун,
Ушу кайкаң белесте,
Бездирейин жининди,
Чыгарба Чубак үнүңдү,
Чымчыктай жулам жүнүңдү.
Чындап ачуум келгенде
Кесип коём тилиңди.
Кесепеттүү убак кул
Келтирдиң менин жинимди.
Бээжинди чаап алам – деп,
Чакырып келдим киминди.
Чының менен ойлоп кой,
Чын Коңурбай инимди.
Улук кыл дедим киминди,
Урмат кылдым диниңди,
Улугуң экөөң бир болгун,
Уялсаң коркуп тим болгун,
Ушул кайкаң белесте,
Ушул кайкаң белесте,
Уят кылам бириңди.
Билесиңби Чубагым,
Кытайдан болгон зилимди.
Кыйыгыма тийдиңер,
Кыйратамын бириңди.
Кайтадан бузуп динимди,
Кара кылып дилимди,
Кесириң мага билинди,
Кесейимби тилиңди.
Чечейинби бүчүңдү,
Ченейинби күчүңдү.
Карайынбы ичиңди,
Кагайынбы тишиңди,
Чубак сени кутурткан,
Көрөйүнбү кишиңди.
Алайынбы өтүңдү,
Көрөйүнбү көтүңдү,
Азыр сени талкалап,
Чукуюнбу көзүңдү.
Мен Алмамбет оён – деп,
Бүгүн канга тоём – деп,
Чубак кулду соём – деп,
Сомдоп таштап коём – деп,
Сарала атын каргытып,
Тамашасын арбытып,
Сыр найзасын таянып
Калбаймын деп аянып,
Алмамбет чыкты кырданып,
Айбаттанып сурданып.
Өзүм баатыр Чубак – деп
Өрттөн кайтпас убак – деп
Кан Балтанын Чубакты,
Кандай бенде тыят – деп,
Тим жүрбөгөн кытай кул
Тизгиниңди кыят – деп,
Кытай кулду соём – деп
Кызыл канга тоём – деп.
Кызыталак кытайды,
Кыйратып таштап коём – деп.
Көк текесин каргытып,
Көсөмдүгүн арбытып,
Сыр найзасын өңөрүп,

Сыпатын бузуп көгөрүп,
Өжөрлүгүн карматып,
Өлөм деп канга бөлөнүп,
Чубак чыкты алкынып,
Ак туйгундай талпынып.
Биринен бири аянып,
Калыш жок мында тартынып.
Найзаларын имерип,
Мелтиретип жиберип,
Берендериң кагышты,
Бет алышып калышты.
Ажал жетсе өлмөк – деп,
Аянбай найза салышты.
Эрендерди булкунтуп,
Ат үстүндө жулкунтуп,
Арстан Манас, эр Сыргак,
Арага түшө калышты.
Акмак иттер кантет – деп,
Ажыратып алышты.
Манастын келип каары,
Жүзүнө чыгып заары.
Ачуусу келип арбайып,
Ант ичкендей саргайып,
Бурулуп мурут тик чыгып
Жаагын жарып түк чыгып.
Көзүнөн кызыл өрт чыгып,
Көк жалындан кеп чыгып.
Билесиңби иттерим
Мен Манасмын деп чыгып.
Каарымды келтирсем,
Азыр кесем башыңды,
Баатырсынган эки акмак,
Сурап коём жашыңды.
Кызыр бабам кырк чилтен,
Кылапаты жок келет – деп.
Кыянаттуу эки акмак
Кызыгымды көрөт – деп,
Кызыккан экен Манаска,
Кыйратам иттер өлөт – деп,
Өлбөйм десе эки акмак,
Айтканыма көнөт – деп.
Айкөлүм деп ойлосо
Ачуусун мага берет – деп.
Айкөл Манас кеп айтат
Адамга жайлуу эп айтат.
Төрө Алмамбет, эр Чубак,
Төбөңдөн ургур деп айтат.
Алты канды аксатып,
Жеңгенимди карачы,
Кошун куруп Бээжинге,
Келгенимди карачы.
Алмамбет, Чубак бул жерде
Өлгөнүңдү карачы.
Манасты кошо өлтүрүп,
Көмгөнүңдү карачы.
Бел байлаган эки иттен,
Көргөнүмдү карачы.
Акыл таап берет – деп,
Айланган кишим сен болсоң,
Ажыраган эки акмак,
Аңдыган кишиң мен болсом.
Илени таап берет – деп
Ишенген кишим сен болсоң.
Ишимди бузуп эки акмак,

Иришкен кишиң мен болсом.
Кор болорум билбепмин,
Өзүмдү өлчөп жүрбөпмүн.
Бээжинге казат кылам – деп
Бекерге Манас дүрбөпмүн.
Каргашалуу эки акмак,
Кошунум калды талаага
Өлчөөсү жок иттерге
Өзүм келдим арага.
Каргаша чыгып ишимден,
Калыпмын кара балаага.
Басташканың койбойсуң,
Манасты ким деп ойлойсуң.
Басташканың койбосоң,
Баатырлар менден сойлойсуң.
Эркелетсем болбойсуң,
Эрегишиң койбойсуң.
Эрегишкен эки итим,
Манасты ким деп ойлойсуң.
Манастын каары келгенде
Башыңды кесем сойлойсуң.
Ардактасам болбойсуң,
Араздашып койбойсуң.
Арстан Манас мен болом,
Алда ким деп ойлойсуң.
Эрегишкен эки акмак,
Экөөңдө тең акыл жок,
Баркымды билсең силерге
Манастан башка жакын жок.
Канетер экен булар – деп,
Кандык сүргөн куулар – деп,
Экөөңдү бузуп салыптыр,
Эрмек таап алыптыр.
Эси жок иттер ойлобой,
Эмгекке Манас калыптыр.
Баарыңдан Бозуул мыкты – деп,
Баарыңды сүрүп чыкты – деп,
Бузуп коюп экөөңдү,
Бура салып чыкты – деп.
Алды-артына карабай,
Акыл ойлоп санабай,
Бузган кепке киресиң,
Бузукташып жүрөсүң.
Азгырган сөзгө киресиң,
Араздашып жүрөсүң.
Эр эмей Бозуул ким эр – деп,
Эси болсо билер – деп,
Эси жок акмак жан болсо,
Эрегишип жүрөр – деп,
Эрегиш салып экөөңө,
Эрмек таап алсам – деп,
Эки ит калса кабышып,
Шатырап күлүп калсам – деп,
Алмамбет менен Чубакты
Айнытмагым арзан – деп,
Бозуул чырды баштаган,
Экөөңдү бузуп таштаган.
Таарынычын таратып
Талапка жетет шашпаган.
Берендер оңго келерсиң,
Менчелик болбойт какшаган.
Кара тумшук түгөттөр,
Калбады сөзүм айтпаган,
Айып сенде Чубак – деп

Ардыкканың уят – деп,
Ардыгыңды таркатып
Айкөлүм Манас тыят – деп,
Айкөлүң айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Айып менде экен – деп,
Аңдышканым бекер – деп
Сөз кайтарсаң төрөгө,
Төрөм ыргып кетер – деп,
Чубак калды чуртуюп,
Кулак салып култуюп.
Каргашалуу Бозуул – деп
Ойлоп калды шылкыйып.
Алмамбетке эп болуп,
Азар түмөн кек болуп.
Кара жаны кашайып
Канчалык айтса эп болуп.
Болжолу жок аңгеме,
Бозуулдан чыккан кеп болуп.
Ичи күйүп деп болуп,
Илгери башы кем болуп,
Көзүнүн жашы көл болуп,
Көл турсун аккан сел болуп.
Кабылан Алмаң кеп айтат,
Кан Манаска деп айтат:
– Сен Манастыгың билбейсиң,
Баркымды байкап жүрбөйсүң.
Эч жазыксыз Алмамбет
Чубакка кошуп тилдейсиң.
Арстаным төрөм угуп кой,
Алмаңдын түбү ким дейсиң.
Акбалтанын баласы,
Артыкпагын мактанып.
Манасың бар кашыңда,
Мактанасың шаттанып.
Алмамбетти оюңа,
Алып койгун сактанып.
Калаба түшүп башыңа,
Калбагын жерге тапталып.
Кечээ Түркстандан аттанып
Кошундун баары катталып,
Арбак урган ит Чубак,
Азаптуу жолду жатка алып.
Токсон күнү жол жүрүп,
Токтобостон мол жүрүп
Араң жеттиң четиме,
Сен чыгасың кантип бетиме.
Тикирейген кызыталак,
Тийдиң менин безиме.
Алдыда даяр Коң төрө,
Алып кой Чубак эсиңе.
Алтын капка Бээжиндин,
Атпай кытай бейдиндин.
Аламын десең жандан көп,
Акысы жок эч кимдин,
Наркы алты айлык,
Берки чети беш айлык.
Ортосунда Бээжин бар,
Опосу жок бейдин бар.
Кырып ада кылгысыз
Кыраандын баары ошондо.
Кызыл желек, сыр найза,
Тынардын баары ошондо.
Өлтүрүп ада кылгысыз,

Өжөрдүн баары ошондо.
Өлүмдү ойго албаган,
Көсөлдүн баары ошондо.
Көптүгүндө чени жок,
Көсөп айтар эби жок,
Эрлигинде чени жок,
Эсепке алар эби жок.
Асылым кытай зилим бар,
Эр Коңурбай иним бар.
Арстан Манас болбосо,
Менден баатыр кимиң бар.
Элиң менден ашыкпы?
Эрлигиң менден артыкты?
Калкың менден ашыкпы?
Кандыгың менден артыкпы?
Кошунуң менден ашыкпы?
Айдының менден артыкпы?
Санагың менден ашыкпы?
Салтанатың артыкпы?
Көзүңдү ачып карап тур,
Сага көрсөтөйүн тартипти!
Кетемин Бээжин жериме,
Эр Коңурбай бегиме,
Айкөл Манас султаным,
Алданбаймын кебиңе.
Арбак урган Чубактын,
Асты турбайм ченине.
Алачтын бүткөн багына,
Алтын кени дөбөсүң.
Акмакты жолго ээрчитип,
Сен алда кандай төрөсүң.
Кыргыздын бүткөн багына,
Кызыл алтын дөбөсүң,
Кыянат итти ээрчитип,
Сен кандай курган төрөсүң.
Бул акмактын кирсең кебине,
Кошунуңду бөлөсүң.
Алдыңда даяр Коң төрө
Ажалдан мурун өлөсүң.
Айып сенин өзүңдө,
Айыпты кимден көрөсүң.
Ушул итке тим койсоң,
Уютат элем төбөсүң.
Байлайм дейт Чубак багымды
Чубактан көөнүм жагылды.
Мен кетемин турбаймын,
Сагындым алтын тагымды.
Бээжинди карап бет алып,
Көшөрүп ыйлап олтуруп,
Көсөмдүн көөнү бузулуп,
Көзүн жашка толтуруп,
Манаска Алмаң кеп айтат:
– Байкагын төрөм – деп айтат!
Алтын капка Бээжинден,
Келген жерим ушулбу,
Арстан Манас султандан,
Көргөн күнүм ушулбу.
Кан Балтанын баласы
Казатка кылдың кусурду.
Качып келип Бээжинден
Кармаган бегим ушулбу.
Арстан Манас султаным
Актайын ичкен тузумду.
Алып берген кызыңды,

Абыдан көөнүм бузулду.
Арбак урган кытайдын
Элин байкап берейин,
Аңгемелүү Бээжиндин
Жерин байкап берейин.
Калдайдын уулу Коң төрө
Бегин байкап берейин.
Аттангын төрөм турба – деп,
Аял кылчаң кылба – деп,
Алмамбет айткан бу сөздү
Арстаным султан тыңда – деп.
Жакын жерде бир күндүк
Саяс деген тоосу бар,
Калбасы көп капырдын,
Каптап чыгар жоосу бар.
Саяска чейин баралык,
Чалгынды мыктап чалалык.
Кан Коңурбай калчанын
Кабарын дайын алалык, –
Деп арстан Алмаң аттанып,
Айтып сөзүн шаттанып,
Кара жаны күйгөндөн,
Калыш жок мында сактанып.
Алмамбет, Чубак кагышып,
Арага түшө калышып,
Арстан Манас, эр Сыргак,
Ажыратып алышып.
Көсөмдөр сөзгө барышып,
Көл жараш болуп калышып.
Бээжинди көздөп бет алып,
Жана жолго салышып,
Чубак келет чуртуюп,
Кулак салып култуюп.
Уят болуп калдым – деп,
Сөз чыгарбай шылкыйып.
Алмамбет келет алдырап,
Айнектей көзү жалдырап.
Мен кетемин турбайм – деп,
Бекерге кызмат кылбайм – деп,
Келген жерим Бээжинге,
Кетмейинче тынбайм – деп,
Эртеден-кечке жол жүрүп,
Эрикпестен мол жүрүп,
Жалынып жаппар Теңирге,
Жаратканга сыйынып.
Жардам тилеп өмүргө,
Сандыргалуу Алмамбет,
Салып чыкты каргытып,
Саястын кара сеңирге
Сайсас деген улуу тоо,
Самсыган кытай улуу жоо,
Кыраандар кырга барышып,
Бээжинге бетин салышып,
Төрөдөн башка төрт баатыр,
Төрөсү менен беш баатыр.
Баарысы чыгып дөбөгө
Баатыр Алмаң оёнуң,
Баштан-аяк дайындап.
Байкатты сөздүн түзүгү,
Айтылуу эрлер баарыңар,
Аттан түшө калыңар.
Айнек жакут дүрбүнү,
Колдоруңа алыңар.
Оёндор сөздү ойлонуп,

Оң көзүңү салыңар.
Мен Бээжинден баштап кеп айтам
Кеп айтканда көп айтам.
Белгиси мындай деп айтам.
Ойлонуңар баарыңар, –
Деп Алмамбет айтып салыптыр,
Арстандар макул алыптыр.
Төрөсү менен беш баатыр,
Дөбөгө түшө калыптыр.
Аттарын байлап алыска
Аңгеме угуп калышка,
Сандыргалуу Алмандын
Жанына жакын барыптыр.
Көзүн салып Бээжинге
Көшүлүп Алман олтурду,
Көбүнчө санап өз элин,
Көзүн жашка толтурду.
Бой тумар чалыш кабы бар,
Зумураттан сабы бар.
Айчылык жолду алдына
Алып келер табы бар.
Айнеги жакут чоң дүрбү,
Кармай алып сабынан
Каңырыгы бек түтөп,
Сууруп алды кабынан.
Оён Алман ойлонуп,
Оң көзүнө салыптыр,
Ойрон болгон Бээжин – деп,
Оолжуп карап калыптыр.
Береним дүрбү алганда
Белеске түшө калганда
Манас да алды дүрбүсүн,
Чубак да алды дүрбүсүн,
Сыргак да алды дүрбүсүн.
Жойбур да алды дүрбүсүн.
Айлык жолду алдына
Алып келчү үлгүсүн.
Берендер көзгө салышып,
Бээжинди карап калышып.
Алмандын муунун миң басып
Алда канча көөнү азып.
Берен Алман – деп айтат
Бээжинден баштап кеп айтат.
Арстан Алман – деп айтат,
Армандан баштап кеп айтат,
Төрөм кашындагы кара тоо
Сага калкынын баары душман жоо.
Жалпы тоонун бийиги
Жабылган койдой кийиги.
Энеталак Чубактын,
Эсиме түштү күйүгү.
Береки бет алдында көрүнгөн,
Мелтиреп туман бөлүнгөн.
Туту болгон тумандай,
Дубалы бийик мунардай.
Тоосу бийик аскардай,
Адамын көргөн шашкандай.
Жаңшандын кара тоосу ушу
Жакын жерде жоо ушу.
Бейли катуу береним,
Беттешип кеткен эл ушу.
Адамын кырып кыйраткан
Айтылуу Алман мен ушу.
Акбалтанын уулунан

Алмамбеттин кеми ушу.
Тетиги күн жүрүш жагы четинде
Бээжиндин нары бетинде
Бурчтанып жаткан мунарык,
Булуң тарткан тунарык,
Мурунку Бээжин жери эле,
Бу калаачы эл эле.
Болжолу жок калың журт,
Боталаачы дээр эле.
Бул олтурган Алмаңдын,
Белине таңуу бел эле,
Оң жагында оркойгон,
Алтын тоонун кени эле.
Тоосунун аты Бучала
Чыккан чөбү күчала.
Кентуң, Какан арасы
Жалпы жердин сарасы.
Бер жагында көрүнгөн,
Жаңшаңдын сары талаасы.
Ушул жерди жердеген,
Мен Азиз кандын баласы.
Кентундун чети мунарык,
Көрүнбөй жаткан тунарык.
Чоң Бээжиндин ою ушу.
Калың манжо эл ошо,
Кан Жаң-жуңдун жери ошо.
Кабар түшсө бул элге,
Каптап кетчү сел ошо.
Тетиги күн жүрүш жакта бөлүнгөн,
Күзгүдөй жарык көрүнгөн,
Бер жагында бөлүнгөн,
Мелтиреп көзгө көрүнгөн,
Белдешер кытай эл ошо,
Береңиң жүргөн жер ошо.
Айланасы Бээжиндин,
Алты айлык сепил чеби ошо.
Атагы чыккан чоң калаа
Бээжиндин жаткан беги ошо.
Атаганат дүнүйө,
Атамдан калган жер ошо.
Азиз кандын Алмамбет,
Алтын так минген мен ошо.
Арбак урган Чубактын,
Алмамбеттин кеми ошо.
Мунун чырпыгы чыгып чынардай,
Чынары бийик мунардай.
Торгою тоонун улардай,
Тооктору кунандай.
Кунанынын чоңдугу,
Куруп салган дубалдай.
Текчеде гүлү ачылган,
Жемиши жерде чачылган,
Күкүгү үндөп күнүндө
Бакасы чардап көлүндө,
Күрдөөлдүү Кентун элинде
Торгою сайрап чөлүндө,
Булбулу сайрап таңшыган,
Булагы агып ташыган.
Булбулдун үнүн укканда
Мендей муңдуу бенде жашыган.
Күкүгү сайрап таңшыган,
Кудугу толуп ташыган.
Күкүктүн үнүн укканда,
Мендей күйүттүү бенде жашыган.

Алмасы бүрдөп көк болгон,
Адамы кумдан көп болгон.
Жемиши бүрдөп көк болгон,
Жергеси кумдан көп болгон.
Эркин элдин нак ошо
Күрдөөлдүү Кентун как ошо.
Алмамбетке күйүүчү,
Жөкөрү журтум дагы ошо.
Канчалык айтса сөз жетпейт,
Караган менен көз жетпейт.
Баш калаасы Бакбурчун,
Байкатайын саа журтум.
Какан калаа Чынмачын,
Калкылдаган чоң Бээжин,
Казалдаган шаары бар,
Кан төкчүнүн баары бар.
Күрсүлөрү өгүздөй,
Күчтүүнүн баары ошондо.
Күзгүдөй жарык көрүнгөн,
Түстүүнүн баары ошондо.
Барскандары өгүздөй,
Балбандын баары ошондо.
Басташканды бас кылып
Алгандын баары ошондо.
Маңгибенин уругу
Зардалдын баары ошондо.
Заман акыр душманга
Салгандын баары ошондо.
Жетиген жагы тушунда
Жеринин аты Чаяншан,
Калаасы Туңша Буданча
Караган калкы бир канча.

Атам менин Сооронду к
Алган жерим нак ошо.
Салтанатка көтөртүп,
Барган жерим нак ошо.
Алтын такка олтуруп,
Жыргаган жерим нак ошо.
Каспаң Бээжин Туңшаны
Сураган элим дагы ошо.
Эл табалбай элдиреп,
Эс табалбай эндиреп.
Элкимдиктин айынан
Чубак жүрөт келдиреп.
Калк табалбай элдиреп
Кайгы тартып эндиреп.
Кан Чубак жүрөт муну айтып,
Калжырап жүрүп келдиреп.
Караган калкым как ошо,
Камдалуу Бээжин нак ошо.
Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай.
Өрүктөрү муштумдай,
Салтанаты ушундай.
Машасы бар баштыктай,
Бычанды деген чөбү бар,
Билдирип өтөр эби бар,
Беш сугарган аштыктай.
Айбан мал жесе тойбогон,
Арпабы деп ойлогон.
Эгерде андан жеген мал,
Алты күнү минсе да,
Ай жарымы жүрсө да,
Ачып карды койбогон.

Түйүн чач деген жылан бар,
Жүз кулач жерге сойлогон.
Кызыгандан айтамын,
Кызыталак Бээжинди
Калкы капыр бейдинди.
Кызыгын көргөн тойбогон.
Тетиги жердин нары четинде
Күн чыгыш жагы бетинде
Мунарык тартып бурчтанган,
Булуң тартып учтанган.
Чоң Бээжин деген жер ошо,
Толкуп жаткан көл ошо.
Кечээ бейли катуу берендин,
Таштап качкан жери ошо.
Эр Коңурбай бек ошо,
Эсен кандын эли ошо.
Каарына алганда,
Каптап кетчү сел ошо.
Тетиги бас кайкалаң көрүнгөн,
Баш жагында бөлүнгөн.
Бакбурчунга баруучу,
Чоң Бээжиндин кайкысы,
Ушунча кытай сандаган,
Кытайды шайтан алдаган,
Мусулман болуп калбаган,
Менин ырысымдын тайкысы.
Береги карарып турган кара тоо
Чай алуучу кени ошо.
Чышаңкуу деген жер ошо,
Коңур кандын эли ошо.
Болжолу жок калың журт,
Жайнап чыкчу сел ошо.
Тетиги аңырайган ач кайкы,
Араба жүргөн бас кайкы,
Кошундун өтчү жолу ошо.
Асты жагын карасаң,
Азаптуу бенде түшүүчү,
Алтымыш кулач ор ошо.
Ушунча калктын атасы,
Алтымыш жайсаң иниси
Алооке кандын кенжеси,
Алп Коңурбай зор ошо.
Ушунча калктын ичинде,
Алакандай бир кыштак,
Мусулман болуп калбаган,
Менин тумшугумдун шору ошо.
Тетиги карарыңкы көрүнгөн,
Карарып туман бөлүнгөн,
Капкалуу Бээжин оозунда
Каспаңдын кара тоосу ошо.
Калың жылкы камаган
Карагайлуу коо ошо.
Кайраттуу болсоң Чубак кул,
Касташар кытай жоо ошо.
Бир чекеси элимдин,
Капкалуу Бээжин ушунда,
Бир чекеси элимдин,
Күн чыккан жердин тушунда.
Аңкөл менен Чаңкөл бар,
Аңкүбөнүн өзү бар,
Адамдан түрү башкача,
Маңдайда жалгыз көзү бар.
Бу жүргөн жандан башкача,
Мүйүздүү кытай өзү бар.

Азалдан бери тарыхта
Аалымдар айткан сөзү бар.
Нар жагын айтат Аңгир – деп
Бери жагын айтат Чангир – деп.
Аңгир, Чаңгир арасы,
Ташталактын бели бар.
Адам менен перинин
Чек кылып алган жери бар.
Атты алыс кармаган,
Төөнү жаза муштаган
Адамда жок, санда жок,
Чоркоктун баары ошондо.
Түндө эшикке чыкпаган,
Коркоктун баары ошондо.
Сөздүн жөнүн билбеген,
Торпоктун баары ошондо.
Алты казан атала
Ичсе карды тойбогон,
Бир кесесин койбогон,
Соргоктун баары ошондо.
Адамда жок,санда жок,
Айбандын баары ошондо.
Айдап койдой талаага
Жайгандын баары ошондо.
Заары бар ашында
Мүйүзү бар башында,
Жан жаралган ар кандай,
Адам десе айбандай,
Башындагы мүйүзү,
Найзадан мурун сайгандай.
Ташталактын белинен
Бөлүк кылган чеги бар,
Көрөр болсоң нар жагын,
Көйкап көңкү жери бар.
Күн чыгыш жагы тарабы,
Дөө менен пери бар.
Бакбурчундун паашасы,
Балдан салган көлү бар.
Мага ишенбей турганың
Азыр барып көрүп ал.
Түрк баласы бүт келдиң,
Түп Бээжиндин ченин ал.
Кайратың болсо катылып,
Кан Коңурду жеңип ал.
Калың кытай какандан,
Качантан берки кегиңди ал.
Ташталактын белинен
Талыкпасаң көрүп ал.
Ташталактын белин ал,
Белден берки элин ал.
Алтын тоонун кенин ал,
Атпай какан элин ал.
Бакбурчундун жерин ал,
Балдан салган көлүн ал.
Мага десең Бээжинди
Азыр барып бөлүп ал.
Алтын, күмүш, ак жамбы,
Жерде жатат терип ал.
Адам менен перинин,
Айрым кылган черин ал.
Кызыгып турсаң Бээжинге,
Кыргызың көчүп келип ал.
Эсеп жеткис элим бар,
Эр Коңурбай бегим бар,

Эрдемсиген ит Чубак,
Не жеримде кемим бар.
Жакуттан кылган такта бар,
Алтындан кылган үйү бар.
Күмүштөн салган короо бар,
Жанжуудан көмгөн ороо бар.
Жети арал талаа чоң Бээжин,
Менин жерим болсо – деп,
Самабай турган жер бекен.
Самсып жаткан көп кытай,
Менин элим болсо – деп,
Самабай турган эл бекен.
Салтанаттуу Алмамбет,
Менин бегим болсо – деп,
Сурабай турган бек бекен.
Чубакка Алмаң жек бекен.
Акбалтанын баласы,
Бул айтканың эп бекен.
Элдүүсүп Чубак койбойсуң,
Элиңиз менден көп бекен.
Кан Алмамбет баатырың
Капа болуп кансырап,
Каңырыгы бу жерде
Түтөбөй турган кеп бекен.
Эр Алмамбет оёндун,
Эскиси түшүп эсине,
Карап туруп Каканды,
Жаш алды эки көзүнө.
Оён Алмаң баатырдын,
Оболку иш түшүп оюна
Кара жаны кашайып,
Калбады такаат боюна.

Киндик каным тамган жер,
Кайда барсам кытай дээр,
Билгендер айтат кытай – деп,
Билбеген айтат калмак – деп.
Чубак жүрөт ойлонуп,
Калмакты жолго салмак – деп.
Өтүн жарып алмак – деп,
Минтип жүрүш кандай кеп.
Жер сагынган курусун,
Ким билиптир мунусун.
Жеримде аман мен турсам,
Жеткире Чубак баатырдын
Желиккенин жоготуп,
Бүтүрбөйт белем жумушун.
Жети жылга басылбай,
Болбос беле урушум.
Азып менин жүргөнүм,
Алданын салган иши эле,
Береки акимсинген Коңурбай,
Анча-мынча киши эле.
Оён Алмаң кан эле,
Бээжинди билген жан эле.
Он сегиз менен он тогуз,
Ортосунда бар эле.
Мактанат экен дебеңер,
Кыргагын алтын чордогон,
Кырк жыл калса кыянга,
Кылайып чети оңбогон.
Асыл килем салчу эле,
Ал килемдин алдына
Алтын такта койдуруп,
Олтургузуп алчу эле.

Коломолуу көп кошун,
Колмо колдоп көтөрүп,
Улук көчө шаардан,
Учкан куштай өткөрүп,
Саякат кылып шаарда
Таалайыма жетчү элем.
Он күндүк жерге бир күндө,
Учкан куштай жетчү элем.
Урматым колдон кеткеним,
Бул улуктук эмей неткеним.
Он күндүк жерге бир күндө
Ойноп,күлүп жеткеним.
Орто Бээжин билгеним,
Ойноп доор сүргөнүм.
Орчун шаар Бээжиндин
Ортосунда жүргөнүм.
Жүрөр болсом бир жакка
Жүз миң кошун колумда.
Айтканым эки болбогон,
Анда ишимдин оңунда,
Алтын такта астымда
Жакут таажы башымда.
Билими артык төрөдөн,
Миң жайсаң бар кашымда,
Отого диңсе башымда,
Он сегизде жашымда,
Ордо билген кандардан,
Отузу бар кашымда.
Аттанар болсом талаага
Же аңгеме кылып калаага,
Куш кылып чыксам көлүмө,
Арасы жакын жериме,
Алмамбет аман жүрсүн–деп,
Кубанчы түшүп элиме.
Туткалыгы сары алтын,
Алтын добул урчу эле.
Алтымыш амбал, кырк жаң-жуң,
Атымды кармап турчу эле.
Кадырым сага кеткеним,
Бул кандык эмей неткеним.
Бекерге жүрбөй бу жерге,
Бээжинге бүгүн кеткеним.
Ыраазы болгун тузуңа,
Менде болсо өткөнүң.
Баатырсынган Чубактын,
Басайын барып көпкөнүн.
Элким чыгып сыр айтып,
Эр Алмамбет муну айтып.
Эмгекке калган жанмын – деп,
Эр Манасты муңайтып.
Алмамбет кетип калат – деп,
Азапка мени салат – деп,
Алда канча жаман сөз,
Атагы мага калат – деп,
Жа камакка Алманды,
Баатырың сөздү баштады,
Кыраандыгын карматып,
Кылайып төрөң шашпады.
Арстан Алмам ноёнум
Мен арзыбай кантип коёмун.
Айтып турган Бээжинди
Аралап көөнүм тоёмун.
Айтып туруп Бээжинди
Акылымды бөлдүрдүң.

Албан түрлүү көп элди,
Айтканыңа көндүрдүң.
Арзытып Бээжин калаасын,
Алачтан кыраан Манасын,
Чындап дилин кызытып,
Чыгардың эстен Таласын.
Бээжинди мага көрсөтүп,
Агаңдын баскын санаасын.
Өлбөгөн жан бир көрмөк,
Өзүң тапкын чарасын.
Кечээ күнү кечинде,
Эл жатуучу мезгилде.
Элим түшүп эсиме
Убайым түшүп өзүмө.
Эски сөздү санасам,
Эшикке чыгып карасам,
Жетиген кетти желкеге,
Чолпонду көрдүм чокудан,
Үркөрдү көрдүм кулпудан,
Үмүтүм үздүм журтумдан.
Бээжиниң жердин чети – деп,
Перилердин бети – деп,
Дүнүйөнүн чети – деп,
Дөө перинин бети – деп,
Айтуучу эле карылар,
Айтканынын баары бар.
Атпай какан эл экен,
Алмамбет анык эр экен.
Кызыталак Бээжинге
Кызыкканым эп экен.
Кытайдын эли каканга
Мен баруучу жер экен.

Мен кызыктым айткан сөзүңө,
Кызыдым Бээжин өзүнө.
Көчөсү менен кыдыртып,
Көрсөткүн менин көзүмө, –
Деп айкөлүң айтып турганда
Ушул сөздү урганда
Баатыр Алмаң кеп айтат:
– Байкагын төрөм – деп айтат.
Арстан Алмаң кеп айтат,
Аңдачы төрөм – деп айтат.
Барамын деп Бээжинге
Баштатан айтсаң баатырым
Бала-чака эмессиң
Бас болгон сенин акылың
Туйгундугуң билбестен,
Душмандык кылган жакының.
Ал карасын каргытып
Аңгемесин арбытып,
Алдында даяр Коңурбай,
Ат салышчу капырың,
Билеселүү айкөлүм
Мине келсең атыңды,
Аңдачы төрөм сөзүмдү,
Аябас элем өзүңдү.
Алып барып Бээжинге,
Көрсөтпөйт белем көзүңдү.
Мингениң чабал шайы жок
Кең сооруда майы жок.
Кез-кездеп душман качырса
Кенен чуркар жайы жок.
Канетип бардың Бээжинге
Калкы капыр бейдинге.

Анда Манас кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат.
Алмамбет сенин акылың,
Кайда кеткен деп айтат.
Ой, Алмамбет, Алмамбет,
Оозуңдан чыкпайт жалган кеп.
Өзүң айттың мен уктум,
Алда канча албан кеп.
Өлүмдү мен да ойлоймун,
Өөдөсүп жанга койбоймун.
Ажалды мен да ойлоймун,
Акылдуусуп койбоймун.
Сен өз башыңды зордойсуң,
Өзгөнүн баарын кордойсуң.
Жалгыз башың зордойсуң
Жандын баарын кордойсуң.
Тагдырда ажал жазылган,
Ташка мөөр басылган.
Ажал-тагдыр эки эмес,
Бул айтканым чеки эмес.
Кудай ажал салабы,
Кудай салган ажалдан,
Куу Коңурбай дажаалдан,
Кула ат айрып калабы.
Алдам ажал салабы,
Алда салган ажалдан,
Анжуунун каны дажаалдан,
Аккула ат айрып калабы.
Атка кылбайм убайым,
Арбак берсе кудайым,
Астымдагы Айбанбоз,
Асман менен учпайбы.
Кашымдагы эр Сыргак,
Кашкайтып сулуу кучпайбы.
Кара коргон дарбаза,
Каалгасын бузбайбы,
Алданын жазган парманын,
Алмамбет баатыр ойлойбу,
Анжуунун каны дажаалды,
Алмамбет, Чубак сойбойбу.
Кабыргасын сөкпөйбү,
Канын суудай төкпөйбү.
Жайсаңдар жакшы кылды – деп,
Жанында Манас көппөйбү.
Ажал берсе кудайым
Анда Чубак убайым.
Асмандан булут минсем да,
Очогор огу жетпейби,
Мага окшогон оёндор,
О дүйнөгө кетпейби.
Ал айтканың эп эмес,
Адам айтчу кеп эмес.
Ажал келсе алдадан,
Алып калчу сен эмес.
Барбаса барбай турайын,
Масылат кебиң угайын,
Баятан берки сөзүңдү,
Артын байкап чыгайын, –
Деп айкөлүң айтып токтолду.
Алмаңдын дарты козголду.
Мен Чубак бар жерге турбаймын,
Чуусу жок жерге жыргаймын,
Кылып койгон сөзүмдөн,
Кылайып түптү жылбаймын.

Алтын капка Бээжинге,
Жетмейинче тынбаймын.
Мен бир эмес, сага көп айттым,
Билер бекен деп айттым.
Баатырым сага айтайын,
Коштошуп алып кайтайын.
Каргашалуу Чубактын,
Кайсы азабын тартайын.
Бээжинден келдим дин издеп,
Эми ойлондум зил издеп,
Алмамбет кетип калды – деп,
Аркамдан келди ким издеп.
Келип мындан дин таптым,
Кең бейилдүү дил таптым.
Азыраак сөзгө уугуп,
Айлантып кайтып зил таптым.
Пайгамбар ак, диним ак,
Ыйман үчүн мен келип,
Бээжинде калган алтын так,
Мелтиреген дозоктон,
Жанымды азат кылам – деп,
Жайланып мында турам – деп,
Жалгыз келдим ошол чак.
Жайдарым Манас султаным...
Бул бейлимди ойлоп бак.
Чымындай жандын айынан,
Чын дүйнөңдүн жайынан.
Чыркыраган дозоктон,
Жанымды азат кылам – деп,
Чын жери түрктүн уулуна
Жайланып жакшы турам – деп.
Жалгыз келдим күн үчүн,
Ак пайгамбар бир үчүн.
Айланды көөнүм кайтадан,
Ант урган кытай зил үчүн.
Алтын саба Бээжинден
Куюлганын ичермин,
Алда Таала насипке
Буюрганын ичермин.
Ак жаралган жан болсом,
Ак динимди күтөрмүн.
Жамандык кылган жан болсо,
Жалгыз өзүм түтөрмүн.
Кош баатырлар кайттым – деп,
Бээжинге бейлим тарттым – деп,
Түрүлгөн түрктүн уулуна,
Менден салам айткын – деп,
Алмамбет турду буралып,
Айтып сөзүн чыңалып,
Алмамбеттен түңүлүп,
Айкөлүң турду түйүлүп.
Арстан Чубак, эр Сыргак,
Атты көздөп жүгүрүп.
Көк текени алдына
Тартып калды бүгүлүп.
Көк текени тарткан соң,
Көсөм Сыргак деп айтат
Эр Алмамбет баатырдын
Эсине салып кеп айтат.
Арстан Алмаң туюнуп,
Акылга турчу кеп айтат.
Болор-болбос кеп чыгып,
Аягы чырга айланды,
Ак талапка келген журт,

Кошундун жолу байланды.
Алмамбет, Манас деп келген,
Кошунуң кайдан жайланды.
Болжолу жок сөз айтып,
Бозуулдун кылган иттигин,
Жалган сөзгө ишенип,
Чубактын кылган иттигин
Берен Алмам тыңдагын,
Бекерге жалаа кылбагын.
Жан барында киребиз,
Жаңжалдуу калдай оюна,
Жарык айтып Алмамбет,
Жазамды койгун мойнума.
Бүтүн түрктүн мойнуна
Жалаа жаап кетпегин,
Түбүндө асыл кан болсоң,
Түпкүлүктүү жан болсоң,
Чыр чыгарбай бул ишти,
Алмамбет өзүң эптегин.
Көк текени жетелеп,
Алдыңа келдик тартууга.
Ойлонуп койгун Алмамбет
Уруксат жок кайтууга.
Учан теңиз көп түрк,
Уяты келет айтууга.
Жалгыз адам күталбай,
Манасты кудай атты – дейт,
Жалпы түрктү жамгарып,
Жалгыз ээлеп жатты – дейт.
Алмамбет болсо кетти – дейт,
Манастан дили кайтты – дейт.
Баатырынан айрылып,
Манастын шору катты – дейт.
Ак Тааладан дин тапкан
Абийирин Алмаң сатты – дейт.
Учан теңиз көп журтка
Урулуу дүмөк кеп болот.
Болор-болбос мындай иш,
Акмак жанга кек болот.
Кан Алмамбет ойлочу,
Бул кандай жанга эп болот.
Биздин түрктүн калкы бар,
Атадан калган салты бар.
Салтына туура келгенде
Айныбай турган анты бар.
Араздашып бир бири,
Ага-тууган таарынчу,
Артын байкап ойлонуп,
Алдына келип зарылчу.
Алдына тартуу келген соң,
Таарынчысы арылчу.
Кыраан Алмам береним,
Кытай болсоң жак дегин,
Кылчайып артың ойлонуп,
Кыргыз болсоң ак дегин.
Манас минтип турганын,
Башыма келген бак дегин.
Иштин артын ойлойм – деп,
Эрегишкен калмагым,
Эркиңе Сыргак койбойм – деп.
Алмамбет сенден айрылып,
Кайсы адам менен ойнойм – деп.
Шамдагайым кайдасың,
Табам деп мунун айласын.

Көгөргөн калмак оёндун,
Көрөр кезде пайдасын.
Калкыма кетип калсам – деп,
Калмагым ойлойт айласын.
Өжөрлүгүм белгилүү,
Өзүмдү мыкты ойлоймун.
Өжөр калмак оолуккан,
Өз оюна койбоймун.
Барталыңды түшүр – деп,
Бизге суусун ичир – деп,
Шамдагайы шартылдап,
Бартал атын түшүрдү,
Дасторконду жайдырып
Даяр кылып бүтүрдү.
Бүтүргөндө эр Сыргак,
Ушул ишке күтүндү.
Чубакка арак сундуруп,
Алмамбетке ичирди.
Аркыттан арак куюшуп,
Арак ичип тунушуп,
Баатыр Сыргак айтканын,
Баштан-аяк тунушуп,
Баатыр Алманд, эр Чубак,
Бир бири менен сунушуп.
Жайланышып калышып,
Жана сөзгө барышып,
Шатыраган эр Сыргак,
Алмандын көөнүн кош кылып,
Алмамбет менен Чубакты
Жан аягыс дос кылып,
Манаска болдуң найып – деп,
Мындан кетпе тайып – деп,
Тайып кетсең айып – деп,
Экөөнүн жолун бош кылып,
Шатыра-шатман күлүшүп,
Аңгемеге киришип,
Берен Сыргак жайлады.
Бет алып бого эришип,
Муну мындай коюңар,
Башка сөздөн болуңар.
Аңгемелүү көп сөздү,
Анда болсун оюңар!

11-бөлүм

АЛМАМБЕТТИН БЭЭЖИНДЕН КАЙ ТҮРЛҮҮ КЕЛГЕНИ. АЛМАМБЕТ МЕНЕН ЧУБАКТЫН МАКЕЛ ДӨӨНҮ ЖЕҢГЕНИ

Эр Алмамбет каныңар,
Эшитип кулак салыңар,
Кытайдан келген кай түрлүү,
Кабарын угуп алыңар.
Анын арка жагынан,
Макел дөөгө барыңар.
Сазаңшаада туулган,
Малгун Макел аныңар.
Жалгыз көздүү желмогуз,
Жаанам кетчү залим бар.
Эсеби жок чоң капыр,
Элге-журтка маалим бар.
Буга да кулак салыңар,
Муну да угуп алыңар.
Алмамбет, Чубак жарашып,
Ачуулары тарашып,
Канзаадалар жайлашып,
Кадимкидей жанашып.
Арстан Манас, эр Чубак,
Айтылуу Алмаң, эр Сыргак,
Жоош чечен Жойбуруң,
Бу да өзүнчө бек чыйрак.
Беш оёнуң беттешип,
Ойноп,күлүп эптешип,
Атка минип жөнөдү.
Кан Коңурду кектешип,
Азаматтар аттанып,
Он чакырым барганда,
Кайкаландын көк дөбө,
Алдында жакын калганда,
Капкалуу Бээжин көп кытай,
Калкынын четин көргөндө.
Капалык түшүп оюна,
Кан Алмаң кирди арманга.
Көк дөбөнүн башында,
Көк жалың Манас кашында.
Айтылуу Алмаң кеп айтат,
Арстанына деп айтат.
Ата Журту кытайдан,
Келгенин Алмаң эми айтат.
Армансыз бенде болобу,
Атаганат дүнүйө,
Айкөл Манас султаным
Арзып келдим диниңе.
Алмамбет кандай сүйлөйт – деп,
Айып койбо иниңе.

Улам кытай айныйт – деп,
Айткан кеби арбыйт – деп,
Айып көрбө айкөлүм,
Алда кандай чаркыйт – деп.
Кытай да болсо эл экен,
Кыйырында жүргөн эр экен.
Кыйырынан азган кыргызга,
Жалгыз адам мен экен.
Келгенимде кебим бар,
Кебимди угар эбиң бар.
Эгем ишим оң кылып,
Энем багып чоң кылып,
Алдам ишим оң кылып,
Атам багып чоң кылып.
Кан Сооронду өз атам,
Калат кылбай сөзүмдү,
Он алты жашка чыкканда
Кан көтөрдү өзүмдү.
Тактысын берди астыма,
Таажысын берди башыма.
Жалгызым аман жүрсүн – деп,
Карап турду кашыма.
Атагы дайын Азиз кан,
Алтын такка миндирди,
Алтын таажы кийдирди.
Өз ордуна тургузуп,
Атпай кытай көп элин,
Алмамбетке билдирди.
Оён Алмаң төрөдөн,
Озунуп кытай өткөн жок,
Түндө уктасам ойготуп,
Түшүмдөн Меке кеткен жок.

Берен Алмаң алдынан
Бейзайып адам өткөн жок.
Бериштелер ойготуп,
Бейлимден Меке кеткен жок.
Уктасам төрөм өңүмдөй,
Ойгонсом калат көрүнбөй,
Уктасам кирип түшүмө,
Убайым түшүп ичиме.
Башыма келип олтуруп,
Балдыратып сүйлөтөт,
Түндө уктасам түшүмдө,
Көрбөгөн жерим калбады.
Түркстанды аралап
Келбеген жерим калбады.
Түркстанды аралап
Жерин көрдүм түшүмдө
Түмөн түрктүн балдары,
Элин көрдүм түшүмдө.
Алты жерде акпаган,
Көлүн көрдүм түшүмдө.
Аштык айдап, бак тиккен,
Чөлүн көрдүм түшүмдө.
Алтай менен Жети-Суу,
Жерин көрдүм түшүмдө.
Ала-Тоо менен Керме-Тоо,
Адырын көрдүм түшүмдө.
Атпай алач калкыңдын,
Кадырын көрдүм түшүмдө.
Карагай,кайың,терек,тал,
Черин көрдүм түшүмдө.
Казак, кыргыз көп алач,
Элин көрдүм түшүмдө.

Ала-Тоону аралап
Бийигин көрдүм түшүмдө
Аркар,кулжа,ак бөкөн,
Кийигин көрдүм түшүмдө.
Айланасы Ала-Тоо,
Чебин көрдүм түшүмдө.
Ала-Тоого келишкен,
Чөбүн көрдүм түшүмдө.
Колот сайын шар аккан,
Суусун көрдүм түшүмдө.
Көлдүн жүзүн бербеген,
Куусун көрдүм түшүмдө.
Өлөң-тулаң аралаш,
Салын көрдүм түшүмдө.
Өрдөк-чүрөк аралаш,
Казын көрдүм түшүмдө.
Кош Түркстан, Ала-Тоо,
Жерин көрүп жыргадым.
Жердин түрүн көргөн соң,
Жээлигип Алмаң ырбадым.
Берекелүү Бээжинге
Бейлимди басып турбадым.
Азелде динге жолуктум,
Анан жерге оолуктум.
Дуудунун кызы Бирмыскал
Ыйлап калды колуктум.
Лайлааха илалла,
Келме кирди тилиме,
Шаадат айтып шарият
Ыйман кирди динине.
Ак жаралган Алмамбет
Анан кирдим динине.
Арманын улам айтат – деп
Ак динден Алмаң кайтат–деп,
Айкөл Манас султаным
Айып койбо иниңе.
Арманы көп дүнүйө
Пайда кылат кимиңе.
Арбак урган кытайдын,
Адам угар тили жок,
Азалда капыр жаралып,
Ак жаралган дини жок.
Толуп жатат Бээжинде
Алтын, күмүш дүйнө бок.
Кызыталак көп кытай,
Кыл такыя кызыл чок,
Кызыгып кирип кыйратып,
Кыйла жанды ыйлатып,
Кылыч менен майдан – деп
Кытайдын башын туйлатып.
Кылым журтта эч бенде,
Кызыгын мендей көргөн жок,
Он сегиз жашка келгенде
Оолугуп чыктым Бээжинден.
Атпай кытай калың журт
Арбак урган бейдинден.
Кудайдын жазган парманы,
Курсакта болдум мусулман.
Кутман кытай эл калып,
Кутуруп чыктым ушундан.
Алданын жазган парманы,
Азалда болдум мусулман.
Алтын так Бээжин жер калып,
Азып чыктым ушундан.

Каламда жазган парманы,
Карында болдум мусулман.
Кан Азиз атам эр калып,
Качып чыктым ушундан.
Кытайлар диниң жалган – деп,
Диниңди шайтан алган – деп,
Баарыңар шайтан азгырып,
Кара динге салган – деп.
Кылжейрен атым каргытып,
Кызыкты Алмаң арбытып.
Кылычты кыя байланып,
Жоо-жарагым шайланып.
Алтын ооз, ак жөкөр,
Ай далыга асынып.
Ата-энеме кайрылбай,
Аттанып чыктым ашыгып.
Бет келген жанды кыйраттым,
Бектердин баарын ыйлаттым.
Солондун баарын сойлоттум,
Жайсаңдын баарын жайладым.
Карсылдатып кытайды,
Калаасына айдадым.
Кабылан шердей чамындым,
Казатка өзүм кабылдым.
Калыйпа султан эр Манас,
Ак диниңди сагындым.
Бурулуп Алмаң кеп айттым,
Бурутка кеттим деп айттым.
Кайрылып Алмаң кеп айттым,
Кан Азизге мен айттым.
Калыйпа султан ак динге,
Кан Алмаң кеттим деп айттым.
Атпай кытай кеп айтат,
Бир айтпастан көп айтат.
Азиз кандын Алмамбет,
Жинди болду деп айтат.
Жинди болуп шайтанга,
Маңги болду деп айтат.
Алмамбеттен айрылып
Азиз каның алжырап,
Карыганда калжырап
Муңдуу болду деп айтат.
Бурут болуп кеткенче
Өлгөнү жакшы деп айтат.
Ата Журту көр казып
Көмгөнү жакшы деп айтат.
Кан Азиз атам балам – деп,
Кайрылгың келсе чамаң – деп,
Алмамбет сенден айрылып,
Аркаңда кантип калам – деп,
Өкүрүп ыйлап басылбай,
Өлбөскө барбы чарам – деп,
Ардактап сени миндирген,
Алтын так калды каран – деп.
Айлымдан жөнөп чыкканда
Азиз кан ыйлап буркурап,
Армандуу жалгыз кантем – деп,
Энем ыйлап зыркырап.
Ага-тууган зар ыйлап,
Аркамдан ээрчип чуркурап,
Качканым журтка даң болду,
Өлтүргөн кытай сан болду.
Чыйтай болуп туруучу,
Алдымда кызмат кылуучу,

Соорондуктун иниси
Шиңгили журтка кан болду.
Алдымдан алтын так калып,
Башымдан таажы бак калып.
Ак динге келдим аттанып,
Ата-энем калды какшанып.
Агам Чубак кулум – дейт,
Мен айтайын мактанып.
Алтын так Бээжин жер калып,
Атпай кытай эл калып.
Азиз кандын Алмамбет
Айлыңа келген мен карып.
Капкалуу Бээжин жер калып,
Калың кытай эл калып.
Кан Азиздин Алмамбет
Калкыңа келген мен карып.
Мен Азизге кеп айттым,
Канчалык какшап көп айттым.
Мусулман бол деп кеп айттым,
Муңканып ыйлап көп айттым.
Мусулман болгон жан болсо
Бурак минет деп айттым.
Сегиз сарай бейиш бар,
Барып кирет деп айттым.
Азиз канга мен айттым
Армансыз болуп көп айттым.
Алты келме, жети ыйман
Ак динге киргин деп айттым.
Лаилааха иллалла,
Ыйман ушу деп айттым.
Акыреттин жарагын,
Жыйган ушул деп айттым.
Жаннат кирсең жаркыткан,
Чырагы ушул деп айттым.
Саякат кылып минүүчү,
Бурагы ушул деп айттым.
Акыретте атаңдан,
Ынак ушул деп айттым.
Ачуусу келип Азиз кан
Чочуп кетти көтөк – деп,
Түгөт уулум соо өлбөй,
Түбүнө капыр жетет – деп.
Жүзүң курган бачагар,
Түгөтүп таштап кетет – деп,
Кандай шумдук айтат – деп,
Айтканда дилим кайтат – деп.
Кан кускурдун сөзүнө,
Канетип дилим тартат – деп.
Ыргып кетти укканда
Оозумдан келме чыкканда.
Калкына Азиз кеп айтты,
Кан кускурду деп айтты.
Карыганда мени алдайт – деп,
Көөнүмдөн бул сөз калбайт – деп,
Атам уккан кеп эмес,
Адамга бул сөз эп эмес.
Энем уккан кеп эмес,
Эч кимге бул сөз эп эмес,
Бузула турган кеп айтат
Мусулман болгун деп айтат.
Адам уккус кеп айтат,
Ак динге киргин деп айтат.
Лаиллаха – деп айтат,
Мусулман бол деп мени айтат.

Көпчүлүктүн ичинде
Көкөйдөн калгыс кеп айтат.
Жалпы кошун көп жайсаң
Жайрагырды сойгун – деп,
Жалгыз балам дебеймин,
Жайлап таштап койгун – деп
Калың кошун каптатты,
Кара жан курсун таптаттуу,
Кыйгактуу найза, ак түпөк,
Кызыл канга боёлду,
Кыйраттым далай кытайды.
Ким тыят Алмаң оёнду,
Кыл жейрен минип чалкалап
Кырып-жоюп талкалап
Атам менен салыштым,
Ак диниңди аркалап.
Капкалуу Бээжин,
Туңшанын,
Каалгасын кыйраттым.
Катын-кызын ыйлаттым.
Кесип башын туйлаттым,
Кан Азизди какшаттым,
Канчалык ишин аксаттым,
Атам менен согушуп
Азиз канды бастаттым.
Ойрон салдым Бээжинге
Оңолбогон бейдинге.
Каарым келип капырга
Калыш жок менде сактанып.
Кан Азизди какшатып
Ана чыктым аттанып.
Кыямат жайды ойлодум,
Кылчайып карап койбодум,
Акырет жайды ойлодум,
Айланып карап койбодум.
Калаба салып Бээжинге
Канчалык жаңжал арбыттым.
Кыбыланы бет алып,
Кылжейрен атым каргыттым.
Безип чыктым Бээжинден,
Качып чыктым каңгайдан.
Калаба салып урушуп
Кан Соорондук калдайдан,
Атпай журт көрүп чырымды
Азиз кан билип сырымды.
Алмамбет качып кетти – деп,
Аныk түпкө жетти – деп,
Мусулман болуп кетти – деп,
Бузук кул түпкө жетти – деп.
Кан кускурду карма – деп,
Кармаган жерде жайла – деп.
Мусулман болуп кетиптир
Буруттан келбейт пайда – деп.
Калдайдын уулу капырга
Кан Коңурбай баатырга.
Чоктуу кара Бороончу,
Муздай темир орончу.
Алптын, дөөнүн баарына
Азиз кан кабар салыптыр.
Тилгерем менен кат барып,
Кабарым түшүп калыптыр.
Кан Коңурбай кол менен,
Канчалык түмөн мол менен,
Бороончу баатыр кол менен,

Болжолу жок мол менен
Калың кошун барыптыр,
Алдымдан тосуп алыптыр.
Артымдан кууган Коң баатыр,
Алдымдан тозгон Бороончу,
Эки кошун Алмамбет,
Ортосунда калыптыр.
Алмамбет кантип кетет – деп,
Кошундан кантип өтөт – деп.
Арт жагыман Коң баатыр,
Айгайды арбын салыптыр.
Тууну тууга уруптур,
Калың кошун куруптур.
Туйгун төрө Бороончу,
Алдымдан тосуп туруптур.
Качырткынын оюнда
Кара көлдүн боюнда
Эки кошун каптады,
Эр Алмамбет шашпады.
Коң баатырга бет алып,
Согушту Алмаң баштады.
Чындап кирип сайышып,
Чырынан Алмаң качпады.
Солондун баарын сойлотуп,
Алмамбет сомдоп таштады.
Калаба кылып канына
Кастык кылып жанына,
Калың кытай калкымдын,
Карабадым баарына.
Алты күнү уруштум,
Аянбай майдан куруштум.
Байланып турган ак болот
Пайдасын көрдүм кылычтын.
Кыйраттым кытай далайын,
Кылыч канга бат болду,
Кыяматтын жайынан,
Кытайлар менден жат болду.
Койго бөрү тийгендей,
Өрткө камыш күйгөндөй.
Жардык тийип ак динден,
Жалгыз Алмаң ийменбей,
Колдун баарын кыйраттым,
Коркоктун баарын ыйлаттым.
Жандын баарын кыйраттым
Жамандын баарын ыйлаттым.
Эр Коңурбай, Бороончу
Алманды кармап кетмекчи.
Орго салып онтотуп,
Түпкө минтип жетмекчи.
Ажыдаардай октолгон,
Ак жолборстой чамынган
Жолборстон күчтүү чоң калдай
Жоо-жарагын камынган.
Чарайна соот чак болгон,
Сайганы кулап сап болгон.
Тубары күрмө туура жең
Туюк өтүк кончу кең
Чобдор өтүк такасыз
Торгун чепкен жакасыз.
Кыл такыя, кызыл чок,
Кылымда мындай баатыр жок.
Чоң Коңурбай баатырды
Шорун Алмаң катырды.
Кошунун айдап жапырды,

Көксөттү заман акырды.
Алкарадан албайтып,
Найза сайып далбайтып.
Эр Коңурбай баатырды
Сайган чороң Алмамбет.
Кошунун кырып талкалап,
Алган чороң Алмамбет.
Акыр заман кытайга
Салган чороң Алмамбет.
Алмамбет келип каарына
Айдап Бээжин шаарына.
Калган колун какшатып
Кан Коңурду бастатып.
Кара шаар Туңшага
Сүргөн чороң Алмамбет.
Башын кесип чогултуп
Үйгөн чороң Алмамбет.
Бел байлап кытай капырга,
Кирген чороң Алмамбет.
Бээжиндин жайын дапдайын
Билген чороң Алмамбет.
Артык доорон Бээжинде
Сүргөн чороң Алмамбет.
Алтын такка кан болуп,
Минген чороң Алмамбет.
Сооп үчүн бел байлап,
Сонун жорук баштадым.
Башын кесип капырдын,
Баатыр Алмаң шашпадым.
Баштын баарын чогултуп
Дөбө кылып таштадым.
Баатыр Манас айкөлүм
Байкайын өзүңө
Баселеңдин оюнда
Бабар кылгын сөзүнө,
Көйрөңдүк кылды дебесең
Сураган Алмаң жаштарын.
Көп кытайдын баштарын,
Көрсөтөйүн көзүңө,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Кан Алмамбет береңиң,
Сайышкан жерим качырткы,
Кара болот сыр найза,
Майышкан жерим качырткы.
Баатыр Алмаң майданды
Салган жерим качырткы.
Баштарын кесип кытайдын,
Алган жерим качырткы.
Кара кытай манжууну,
Сүргөн жерим качырткы.
Башын кесип бир жерге,
Үйгөн жерим качырткы.
Качырткы алыс жер эмес,
Кан Алмаң арзан эр эмес.
Кылбаган ишти кылдым – деп
Жалган айтчу мен эмес.
Баатыр төрөм көзүң сал,
Баштарды байкап көрүп ал.
Тээтиги Баселеңдин тушунда
Жабырдын жайык тышында.
Көрдүңбү төрөм дөбөнү,
Үйгөн баштар ушунда.
Үйүп койгон үйдөй таш,

Үйдөй болгон үйгөн таш.
Үйдөй болгон боз дөбө
Үйгөн таш эмес, үйгөн баш.
Капыр кытай баштары,
Үйгөндө болгон дөбө – деп,
Көп кытайдын баштарын,
Көрдүңбү султан төрө – деп.
Баатырга башты көрсөтүп,
Жана Алмамбет кеп айтат.
Айдаркандын Көкчөгө
Барганын Алмаң эми айтат.
Жарак алып колума
Жана түштүм жолума.
Баатыр Манас айкөлүм
Байкагын сөздүн соңуна.
Жолго түштүм каргытып
Жол жүрүшүн арбытып.
Жөн сураган адамга
Жөнүмдү айтпай чаргытып.
Алтайды басып адырлап
Ак диниңди кадырлап,
Аз гана эмес, мол жүрүп
Аянбастан жол жүрүп
Эңиректин оюнда
Аккан суунун боюнда,
Элден азган Алмамбет
Эр Көкчөгө кез болдум.
Түрктүн тилин билбеймин,
Сүйлөшө албай нес болдум.
Баатыр Көкчө башында
Бир миң кошун кашында.
Жаткан экен жайкалып
Эңиректин сазында.
Калмактан жылкы алмакка
Кайгыл кабат салмакка.
Жаткан экен кол чардап
Жолчу коюп жол кармап.
Көкчө мени көргөндө
Карап калды көз жайнап.
Салам айттым кытайча
Тил билбеймин шор кайнап.
Мен айттым салам «коома» – деп
Көкчө айтты мага ооба – деп.
Кооманы коюп мен айттым
Мусулманча кеп айттым.
Ассалоома алейкум,
Алачтын калкы – деп айттым.
Жана көкчө кеп айтты,
Шариятка эп айтты.
Капырлар айткан саламга,
Албайбыз алик – деп айтты.
Саламың пирге парз эмес
Алик алыш карыз эмес.
Кайдан келген кытай – деп
Каткырыкты салышты.
Калың кошун дүркүрөп
Каткырып күлүп калышты.
Дин талашкан Алмамбет
Тилин билбейм казактын,
Жаңдап жатып сүйлөшүп,
Далайын тарттым азаптын.
Кан Көкчөнүн өзүндө,
Бир тилмечи бар экен,
Кызыл чийкил жаш жигит,

Кытайча тилге шар экен.
Балдырашып сүйлөшүп
Жыргап калдым тилине.
Баатыр Көкчө ынанды,
Издеп барган диниме.
Баштан-аяк баяндап,
Айтып бердим сырымды.
Кара шаар Туңшага
Калаба салган чырымды.
Баатыр Көкчө байкастап
Анык билди чынымды.
Баракелде балам – деп,
Алал экен санааң – деп.
Бейлиңде жок караң – деп,
Бала кылып алам – деп.
Сыртымдан байкап сынымды
Кандырды Көкчө кыбымды.
Түрк уулунун түбөлүк
Тилин мындай үйрөндүм.
Түйшүк тартып издеген
Динин мындан үйрөндүм.
Калем кармап, кат жазып
Илимди мындан үйрөндүм.
Кадимден калган жол-жобо
Билимди мындан үйрөндүм.
Атпай алач калкынын
Салтын мындан үйрөндүм.
Атадан калган шарият
Наркын мындан үйрөндүм.
Кудай Таала келеми
Куранды мындан үйрөндүм.
Издегеним ак талап
Ыйманды мындан үйрөндүм.
Дин ислам жети ыйман,
Парзын мындан үйрөндүм.
Бендесине буюрган,
Карзын мындан үйрөндүм.
Пайгамбардын тапшырган,
Сүннөтүн мындан үйрөндүм.
Үммөтүнүн мойнунда
Милдетин мындан үйрөндүм,
Көкчөдөн пайда көп көрдүм,
Адал тузун жеп жүрдүм.
Ал себептен Алмамбет,
Ата-энемди жек көрдүм, –
Деп Алмамбет айтып турганда
Ушул сөздү урганда
Айкөл Манас султаның,
Алмамбетке кубанып,
Ак жаралган азалда,
Ак динине ынанып,
Баатыр Манас кеп айтат,
Байкачы Чубак – деп айтат!
Эр Манасың кеп айтат,
Эскерчи Сыргак – деп айтат.
Жоомарт Манас кеп айтат,
Жойборум уккун – деп айтат.
Берен Алмам оёнду,
Бендеде мындай болбойт – деп,
Кылым кыргыз баласы,
Кылапат айткан оңбойт – деп.
Кыйгачтанып дууланып
Кызматына кубанып,
Шатыра-шатман күлүшүп,

Жана жолго киришип.
Үйгөн башка барышып,
Башка көзүн салышып.
Көй төрөнүн баарысы
Көрүп айран калышып.
Жана Алмамбет кеп айтат,
Жага турган эп айтат:
– Баатыр Манас султаным,
Масылат ушул – деп айтат,
Айтканым менин эп болбосо
Көпчүлүк дүрбөп жүрчү эмес,
Бакбурчундун шаарына
Бастырып адам кирчү эмес.
Калаага кирбей сыртынан,
Кабарын адам билчү эмес.
Алмамбет айткан кеп болсо,
Айкөлүм сага эп болсо,
Оорукта калдым дебесең,
Баатырым мында турсаңыз,
Баатыр Чубак, Алмамбет
Бизге буйрук кылсаңыз.
Чалгынга Чубак таарынып
Самап келген кеби бар.
Таарынчысы жазылды,
Чубак барар эби бар.
Бул айтканым кандай – деп
Жагабы сөзүм, кандай – деп.
Айкөл Манас баатырга
Алмамбет айтып турганда
Жагабы сөзүм, баатыр – деп,
Ушул сөздү урганда.
Төрөгө сөзү эп болуп,
Жага турган кеп болуп.
Баатыр Манас, эр Сыргак,
Жоош чечен Жойбуруң
Алмаңдын тилин алышты.
Качырткынын оюнда
Тал чокунун башында,
Оорукта жатып калышты.
Алмамбет, Чубак аттанып
Азаматтар шаттанып,
Батыра чалгын чалмак – деп,
Калдайдан кабар алмак – деп.
Берекелүү чоң калаа
Бээжинге кирип бармак – деп.
Эки оён жарышып,
Манастан буйрук алышып.
Баатыр Алмаң, эр Чубак,
Бара турсун жолуна,
Макел дөөдөн сөз келди
Байкаңар сөздүн соңуна.
Чоң Бээжинде чоюлган
Чочуган жери оюлган,
Кастык кылып калдайга
Кармашкан душман союлган.
Айткан кеби эп болгон,
Кошуну сансыз көп болгон.
Бээжини бекем чеп болгон,
Беттешкен душман тек болгон.
Калдайдын уулу Коң баатыр,
Калчадан чыккан чоң баатыр.
Каканчынды кармаган
Кашына душман барбаган.
Эрлик менен эл кармап,

Эч арманы калбаган.
Чынмачынды чырмаган
Чыны менен жыргаган.
Каарына алганда
Каршыккан иши ырбаган.
Кан Коңурбай баатырдын
Кайсы иши калган кылбаган.
Манасты көргөн башында
Көкөтөйдүн ашында.
Сандыргасы башкача
Көй төрөсү кашында.
Чочуп калган Манастан.
Чогулуп келген алачтан,
Манасты алган оюна
Этиет болгон боюна.
Манас бурут оңбойт – деп
Бээжинге келбей койбойт – деп.
Келип калса Бээжинге,
Далай жанды сомдойт – деп.
Жолун кармап бек кылган,
Тилсим менен чеп кылган.
Бул Манасты кантем – деп,
Башынан ойлоп шек кылган.
Манастын өттү зарпы – деп,
Кандай болот арты – деп,
Көкөтөйдүн ашында
Өтүп калды дарты – деп.
Кан Манаска таңданып,
Карап турган камданып.
Күн чыккан жердин башынан
Кап тоосунун кашынан,
Сазаңшаа деген шаардан,
Жаратылган каардан.
Дозоку кылып жараткан,
Жылан, чаян заардан.
Адамга окшош сөзү бар,
Маңдайда жалгыз көзү бар,
Кан Коңурбай чоң баатыр
Кабарын угуп калыстан,
Бээжиндин бирин берем – деп,
Алдырып келген алыстан.
Макелдин күчүн көрөм – деп
Манасты жыгып жеңем – деп.
Манасты жеңсе Макел дөө
Бээжиндин бирин берем – деп,
Ат көтөрүп жүрө албай,
Арабага салдырган.
Макел дөөнү Коң баатыр,
Манас үчүн алдырган.
Уругу кытай улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Кытайдан тууган бала эмес,
Адамга өлчөөр жан эмес.
Жажуж менен мажуждан,
Сазаңшаада туулган.
Балакеттүү Макелди
Башында туулган чуулган.
Казынадан тамак жеп,
Калкын бөөдөй куурган.
Кадимден жеген тамагы,
Кашкулак менен суурдан.
Казынадан багылган,
Баккан адам чабылган.
Макел менен бир баккан,

Жана сексен дөөсү бар,
Казынадан бактырган
Кан Коңурбай ээси бар.
Калчалардын кан Коңур,
Жыргап жаткан кезинде,
Баатырлыгы башка – деп,
Манас кетпейт эсинде.
Кооп кылып алачтан,
Коркунучу бар Манастан.
Манас келип калат – деп,
Майданды мыктап салат – деп,
Басырык уруш салышса
Бакбурчунду алат – деп.
Камынып жүргөн чоң калдай,
Калчалардын Коңурбай
Масылат кылып кеп айтат,
Манас келет – деп айтат.
Кеңешип кеби толду – деп,
Келер кези болду – деп.
Балчыларын алдырып,
Бал төлгөсүн салдырып.
Курачысын алдырып,
Куу таштан төлгө салдырып,
Оңдобу Манас, солдобу.
Кошун баштап колдобу.
Кесепеттүү бул канкор
Келе жатып жолдобу.
Аныгын айтып бергин – деп
Ачып балың көргүн – деп,
Аныгын айтып бербесең,
Ажалың жетти өлдүң – деп.
Кан Коңурбай буюрду,
Балчыларын куурду.
Балчылар балын салышып
Манастан кабар алышып,
Кан Коңурга кеп айтат,
Кабарын дайын эми айтат.
Манас деген бачагар,
Чыгыптыр жолго – деп айтат.
Манас деген байталман
Баарысын эптеп айталман,
Турмушу башка адамдан
Туулган экен шайтандан.
Оңдо эмес, солдо экен,
Кошун баштап колдо экен.
Калдаландуу канкоруң,
Казат кылып жолдо экен.
Чалгынга мыктың чыгыңар,
Чамаңар келсе жыгыңар.
Чыкпасаң да канкордон,
Канкор кулду жеңгин – деп,
Солоңдорун солойтуп,
Сомдоп таштап келгин – деп,
Баарыңар бирдей баргын – деп,
Манастан кегим алгын – деп,
Бээжиндин четин көргөзбөй,
Айдап жолго салгын – деп.
Коңур кан айтып турганда
Ушул сөздү урганда,
Сексен дөөнүн улугу
Макел дөө турду чалкалап
Балаталак Манасты,
Басамын деп талкалап.
Манасты барып соём – деп,

Башын чагып коём – деп.
Эрдигимди мындан бил,
Эки көзүн оём – деп.
Жалгыз өзүм барам – деп
Жардыкты сенден алам – деп.
Кутуруп келген бурутту
Кубалап жолго салам – деп.
Эки жүз батман чочморун
Тоону чапсам тоздурат
Манастын башын кесүүчү,
Сол колум карап бош турат.
Басташканым Манастан,
Баатырмын деп ойлойм – деп,
Балаталак Манасты
Барсам кантип сойбойм – деп.
Бүтүн түрктүн кошунун,
Бир чапканда койбойм – деп.
Макел малгун мактанып,
Коркпоймун деп сактанып.
Чочмор менен бир чапсам
Баатырсынган Манасын,
Жалпы тамам алачын,
Жабышат жерге тапталып.
Аттанамын азыр – деп,
Манас кайдан баатыр – деп.
Латманатка сыйынып,
Жоо-жарагын кийинип,
Үйдөй темир үйүнүп,
Үстүнө темир кийинип.
Кенебеген Макел дөө,
Кебин айтып окуду,
Келтирип бокту чокуду.
Керкин кармап токуду,
Казынадан камдатып,
Мал семизин тандатып.
Аттанарда Макел дөө
Алтымыш кой, он эшек
Сойдуруп Макел этин жеп.
Он батман нанды бүтүн жеп
Эсепсиз малды сойду – деп.
Эми курсак тойду – деп.
Бир айга чейин Макелиң,
Эт жегенин койду – деп.
Тоодой болгон керигине
Кериктин койбой эркине
Макел минди барбайып,
Бастырып чыкты дардайып.
Эки жүз батман чочморун
Имерип кармап колуна,
Тири жандан эрмин – деп
Макел түштү жолуна.
Макел малгун бастырып
Алты таш жерге барганда,
Алмамбет менен Чубактын,
Арасы жакын калганда.
Баатыр Алмаң байкастап
Макелди көрө салыптыр.
Тоодой болгон малгунду
Көргөндө айран калыптыр.
Көргөндө Алмаң кеп айтат,
Көрдүңбү Чубак – деп айтат.
Каспаңдын кара оюнда
Кан арыктын боюнда
Келе жаткан тообу – деп,

Кесепет Макел жообу – деп.
Тоо жылгандай көрүнүп
Шаардан чыкты бөлүнүп.
Кесепет Макел малгундун
Келе жаткан кези бейм.
Байкап көрчү эр Чубак,
Макел малгун өзү бейм.
Эр Алмамбет кеп айтып,
Макел экен деп айтып.
Баатыр Алманˌэр Чубак
Дүрбүнү көзгө салышты.
Белеске түшө калышты,
Макелди көрүп алышты.
Тоодой болгон малгунга
Баатырлар айран калышты.
Мурун Алмаң Макелди
Көргөн эмес көз менен.
Көпчүлүктө ар кимден
Угуп жүргөн сөз менен.
Көргөндө Алмаң чочунуп
Эти оор капыр экен – деп
Эр Чубакка кеп айтат,
Эрегиш кылган бекер – деп.
Чочмор менен бир салып
Сомдоп таштап кетээр – деп.
Макел малгун ушул – деп,
Кылбайлык бого кусур – деп.
Кайрат кылган душманга
Кан Коңурдун бели ушул.
Каршы чыксак кокустан,
Каптап кетчү сел ушул.
Эки жүз батман чочмору,
Тоону чапса уратат.
Тополоңдуу бул малгун,
Тос-тос кылып кулатат.
Аста-секин бармак – деп
Амал менен алмак – деп.
Акыретке жөнөтүп,
Айдап жолго салмак – деп.
Алмамбет айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Макелди көрүп кыйгачтап
Баатыр Чубак чыр баштап
Анда Чубак кеп айтат
Алмамбетке деп айтат:
– Тууп-бүтүп душмандан
Кайтарбадым жүзүмдү.
Келишимдүү баатырдан,
Кечкен жок эч ким изимди.
Баатыр түрктүн балдары,
Бабам жоодон кайтпаган.
Баатыр Манас айкөлүм,
Агам жоодон кайтпаган.
Ак жаралган азалда
Диним жоодон кайтпаган.
Азирет Аалы Шаймерден
Пирим жоодон кайтпаган.
Карын дөө каршы келгенде
Кайтам деп арстан айтпаган.
Сомдоп салган карынды
Сонун кылган залымды.
Каза жетип күн бүтсө
Катасың кайда жаныңды.
Бир адамдан жашынып,

Билдим сенин алыңды.
Найза салып далбайтып,
Кериктен жыксак дардайтып.
Эрдин кылар иши – деп
Менин оюм ушу – деп,
Чубак айтып турганда,
Чукул кайрат кылганда.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Аяр кыл Чубак – деп айтат.
Чочуду деп ойлобо,
Чоңдугунда чени жок,
Чокуга чаап талкалап
Чочмордон башка кеби жок.
Макел малгун капырдын,
Адамда өлчөөр тени жок.
Маңдайда жалгыз көзү бар,
Баатырлык кылар кези бар.
Кытайдан тили башкача,
Калдыраган сөзү бар.
Үстүнө темир үйүнгөн,
Үйдөй темир кийинген.
Жоболоңдуу Макел дөө
Жоо көргөндө сүйүнгөн.
Сайса найза өтчү эмес,
Чапса кылыч кесчү эмес.
Найза салып болбойт – деп
Сайышкан адам оңбойт – деп.
Найза салып качырсак,
Чымын-чиркей ойлойт – деп.
Каргашалуу Макел дөө,
Кармашсак бизди койбойт – деп.
Карын дөө келсе кашына
Бир чапканда сойлойт – деп.
Айласын иттин тапмак – деп
Аңдып туруп атмак – деп,
Алда Таала жар болсо,
Аңгемеге батмак – деп.
Өлчөлүү жерге аткан соң,
Макелдин шору катмак – деп.
Тоодой болгон чоң малгун,
Кериктен кулап жатмак–деп.
Алмамбет айтып турганда
Ушул сөздү урганда
Ал аңгыча болбоду,
Керигин минип закымдап
Келберсиген чоң малгун
Жетип келди жакындап.
Баатыр Алмаң кеп айтат,
Байкагын Чубак – деп айтат.
– Бул кызыталак Макел дөө
Тоодой темир кийинген,
Топчуланып түйүнгөн.
Жол көргөндө сүйүнгөн,
Аңдасаң иштин эби бар.
Ата турган жери бар.
Мелтиретип шыкаалап
Мен атайын көзгө – деп,
Кыраан Чубак сен аткын,
Кулактын түбү безге – деп.
Эки оён кеңешип,
Эрлигин өлчөп теңешип.
Имере тартып бөкчөйүп,
Шыкаалап мылтык чөкчөйүп.
Как туурасы кайкыдан

Карап калды чекчейип.
Шыбырашып алышып
Шыкаалашып калышып.
Алмамбет айткан кеп болуп,
Эр Чубакка эп болуп.
Баатырларың шашабы,
Баатырлык мындан ашабы.
Кароолуна келтирип,
Атар жерине олтуруп
Баштагы айткан жерине
Алмаңдын кирип эбине.
Баатырларың жазабы
Басып калды машаны.
Айтылуу Алмаң көзгө атып,
Белгилүү Чубак безге атып,
Жалгыз көзү оюлду,
Жааннам Макел союлду.
Тоодой болуп кулады,
Дозоку Макел сулады.
Баатырларың байкашып,
Макелди көрүп таң болду.
Жалгыз көздөн аккан кан,
Жер жайпаган сел болду.
Качырткынын өзүнө,
Капкараңгы чаң болду.
Колу-буту тийген жер,
Колот-колот аң болду.
Бир далай жерди аң кылды,
Караңгы туман чаң кылды.
Кыйкырып туйлап темселеп,
Кыйла жерди кан кылды.
Баатырлар байкап алышып,
Макелди жайлап салышып,
Чоңдугун көрүп таңыркап,
Баатырлар айран калышып,
Жана Алмамбет кеп айтат,
Жага турган эп айтат.
– Чукулдук кылбай Чубагым,
Кебимди уккун – деп айтат.
Макел болсо союлду,
Жалгыз көзү оюлду.
Ачты Кудай жолумду,
Айкөл Манас баатырга
Макелдин башын алып барып,
Көрсөтөлүк сонунду.
Алмамбет айтып турганча
Айтып оозун жыйганча
Акбалтанын эр Чубак,
Ай балта алып чалкалап,
Алмамбет аныk кеп айтат,
Адамга жаккан эп айтат.
Макелдин башын келтирип,
Кесейин деп талкалап.
Кесер жери ушу – деп
Мууздоонун тушу – деп.
Кегимди дөөдөн алам – деп
Керигине жүктөп барам – деп.
Ай балта менен талкалап,
Башын кесип алам – деп,
Акбалтанын баласы,
Айтылуу Чубак эр ушул.
Ай балта менен келтирип
Чаап калган жери ушул.
Бар кайратын аябай,
Басып калган жери ушул.
Ай балтасын ала албай,

Шашып калган жери ушул.
Күч менен чапкан ай балта
Уңкусунча батыптыр,
Кайра тартып ала албай
Чубагың чочуп шашыптыр.
Ай балта батып мадалып,
Кара кушка кадалып.
Алмамбетке кеп айтат
Арстан Чубак – деп айтат.
– Тилеги каткан Макелдин,
Тамагында тиш барбы,
Тиштеп калды шекилди
Же мындан башка иш барбы.
Ыкшап тартып кош колдоп,
Ай балтасын алыптыр,
Арстан Чубак күчүнө
Армандуу болуп калыптыр.
Кайратың кайда Чубак – деп,
Күчкө толгон убак – деп.
Кабылан Алмаң карсылдап
Каткырыкты салыптыр.
Чукулдук кылып салдым – деп
Чубак да күлүп калыптыр.
Баатыр Чубак Макелдин
Башын кесип алыптыр.
Кабылан Алмаң,эр Чубак,
Кандык сөөлөт көркүнө
Макелдин башын артышып,
Өзүнүн минген керигине,
Бир жагына таш артып,
Бир жагына баш артып,
Айкөлүнүн алдына,
Арстандар жетип барыптыр.
Арстан Манас,эр Сыргак,
Башка көзүн салыптыр.
Ажап кызык ушул – деп
Арстандар айран калыптыр.
Падыша Манас кеп айтат:
Баатырларга деп айтат.
Кубангандан кеп айтат,
Куттуу болсун деп айтат.
Жоо бөрүсү баатырлар,
Жолуң болсун соога – деп,
Кесепет Макел дөө менен,
Салыпсың далай коога – деп.
Өлтүрүпсүң болуптур,
Убал барбы жоого – деп,
Башты көрүп жубанып,
Баатыр Манас кубанып.
Алмамбет менен Чубактын,
Эрдигине ынанып.
Башы мындай Макелдин,
Өзү кандай капыр – деп.
Эр Алмамбет, Чубагым,
Жарапсың ишке баатыр – деп.
Калдайдын уулу капырга
Кан Коңурбай баатырга,
Макел дөөсүн өлтүрүп,
Салыпсың заман акыр – деп.
Шатыра-шатман күлүшүп,
Жана сөзгө киришип,
Баатыр Алмаң кеп баштап,
Кеп баштаса эп баштап.
Майдандан мурун Бээжинден
Алалык кабар деп баштап.

12-бөлүм

АЛМАМБЕТ МЕНЕН СЫРГАКТЫН ЧАБАЛА ДӨӨНҮ ӨЛТҮРҮП, БЭЭЖИНГЕ КИРГЕНИ

Баатыр Алмаң каныңар,
Байкап кулак салыңар.
Сырдынын уулу эр Сыргак,
Андан кабар алыңар.
Бээжинге беттеп жөнөдү,
Бекер сөзгө көнөбү.
Берен Алмаң, эр Сыргак,
Бирине бири жөлөгү.
Сапарга чыкса жан жолдош,
Жандан ысык өнөгү.
Эр Манастан бата алып,
Эки оён аттанып,
Бастырып чыкты чалгынга.
Баатырлары шаттанып
Берендер барар жери ошол
Бээжиндин жолун жатка алып.
Атка минип алышып,
Салкар жолго салышып,
Сандыргалуу төрөлөр,
Жолго түшүп жарышып.
Салган бойдон баатырлар,
Көпүрөгө барышып.
Көпүрөнү көргөндө
Баатырлар айран калышып.
Кайтарып турат миң кошун,
Көпүрөнүн кашында.
Башкарып карап туруучу,
Баатырлары башында.
Баатыр Алмаң кеп айтат
Байкагын Сыргак деп айтат.
– Түп атабыз Чынга кан,
Чоң Бээжинди сураган.
Кара кытай манжуунун
Үзүлгөнүн улаган.
Кайраты кабат күчтөгөн,
Кайып дөөнү иштеген.
Ошондон бери тукуму,
Алтын тактан түшпөгөн.
Бул көлгө салган көпүрө
Чын Бээжиндин тышында,
Перилер иштеп бүтүргөн.
Чын какандын тушунда
Тартып койчу танап бар,
Арыптын баары ушунда.
Тартып койсо таң аткан,
Көпүрө кетип, көл калат,

Айдың-Көлдү айланып,
Алтайлык жолго сандалат.
Ага чейин Коң баатыр
Жоо-жарагын камданат.
Алты айлык жолдон айланып,
Чоң Бээжинге ким барат.
Азар тартып барган жан
Калдайдын уулу капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан.
Өлбөй тирүү ким калат.
Кыраан Алмаң колго алып
Кытайча жазган дептерин,
Сыпаты ушул жолдун – деп,
Сыргакка айтып кептерин.
Көпүрөдөн өтүшүп,
Көлдөн өтүп кетишип.
Көлдөлөң тарткан жайык жер,
Көк жайыкка жетишип.
Баатырлар кайрат кылышып
Майдан тартып турушуп,
Көпүрө баккан көп кытай,
Кошун менен урушуп.
Жолго кесир кылат – деп
Жоо кытайды сомдоду.
Кырып-жоюп кыйратып,
Жолун Алмаң оңдоду.
Жана жолго киришип,
Жан аябай жүрүшүп.
Оңдоду кудай жолду – деп,
Оёндоруң күлүшүп.
Аял кылып турбастан,
Аттын башын бурбастан,
Келе жатат кыйратып,
Кез келгенди бир баштан,
Көйкашкалар жарашып.
Чалгынды мыктап чалышып,
Чар-Дөбөгө барышып.
Көсөлдөр көзүн салышып,
Чар-Дөбөнүн белинде
Жайкалып жаткан жеринде,
Кан Коңурдун тилчиси
Көөдөндү кармап алышып.
Көөдөн чалдан кеп сурап,
Көк жалдар сөзгө канышып.
Көөдөнгө Алмаң кеп айтат,
Көрсөтүп кепти эми айтат:
– Тааныйсыңбы Көөдөнүм,
Бала кезде көргөмүн,
Азиз кандын баласы,
Мен Алмамбет – деп айтат.
Мен кеткенде Көөдөнүм
Аппак сакал чал элең,
Ойрон Көөдөн оюлгур,
Далай жашта бар элең.
Ошол кезде Алмамбет
Он сегизде бала элем.
Карыганча жол тосуп,
Катарга башың кирбептир,
Жерге кирген чоң калча,
Кызматымды билбептир.
Карып сакал ак болуп,
Кайта турган чак болуп,
Келгин каздай түлөпсүң,
Кептен, сөздөн жүдөпсүң.

Алмамбетиң мен болом,
Ачып кара көзүңдү,
Атпай алаш калкына,
Алып кетем өзүңдү.
Ачык айтып, ак сүйлөп,
Аянбай айткын сөзүңдү.
Көөдөнүм айткын сырыңды,
Көрсөтүп айткын чыныңды.
Билип турган чоңуң ким?
Капкалуу Бээжин кылымды.
Чоң Бээжинди сураган,
Чоюлганды улаган,
Эсенкан кандай бу кезде?
Орто Бээжин сураган,
Оюлганды кураган,
Азиз кан кандай бу кезде?
Чет Бээжинди сураган,
Чечилгенди улаган,
Нескара кандай бу кезде?
Кара жалдуу Борончу,
Каңгай кандай бу кезде?
Баатырлык кылар дөбөсү,
Баарынын төрөсү,
Алооке кандын кенжеси,
Калчалардын Коң баатыр,
Калдай кандай бу кезде?
Алтайдан качып кеткени,
Алда канча жыл болду,
Байланып Бээжин шаарына
Баш көтөргүс кул болду.
Калмактардын чоң Жолой,
Кадыры кандай бу кезде?
Падышалыктан жыйнаган,
Кошуну кандай бу кезде?
Кошундун башын кармаган
Жосуну кандай бу кезде?
Көргөнүңдү көчүрбөй,
Укканыңды учурбай,
Ачык айтып, ак сүйлөп,
Таамай айтып,так сүйлөп,
Айтып бергин чыныңды
Кандыргын менин кыбымды.
Жалган-жазык сүйлөсөң
Көрөрсүң менин чырымды.
Алмамбет айтып турганда
Ушул сөздү урганда,
Көөдөн чалың чакылдап,
Көргөнүн айтып шакылдап.
Алмамбеттин кашына
Басып барды жакындап.
«Азиз кандын Алманы,
Атаңда көп арманы.
Баласы болуп мусулман,
Атасы капыр калганы.
Билген жанга белгилүү,
Бир кудайдын парманы.
Дин талашып кеткени,
Динибиздин жалганы.
Мен көргөндө бала элең,
Балапан кырчын тал элең.
Бажырайып кыпкызыл,
Бактысы артык жан элең.
Бурулуп мурут чыгыптыр,
Сайылып сакал чыгыптыр,

Кан баласы Алмамбет,
Кайдан тааныйм өзүңдү.
Азиз кандын өзүнө,
Окшоштурам көзүңдү.
Тапкан диниң ак болсо,
Эзилип күнөө сап болсо,
Мен дагы кирем диниңе,
Мекеде шарип пириңе.
Мен мусулман болбосом
Ишенбейсиң тилиме.
Ээрчип кетем бурутка
Эр Алмамбет иниме.
Көрдүм сенин көзүңдү,
Көзүң турсун өзүңдү.
Мурунку күнөө кечилсе,
Бура салбай айтып бер,
Мусулман болчу сөзүңдү.
Мусулман кылгын өзүмдү!»
Баатыр Алмаң кубанып,
Баракелде Көөдөн – деп,
Маашарда дайын белгилүү
Баары журттан өөдөң – деп.
Жакын келгин ага – деп,
Жарады кебиң мага – деп.
Пайгамбардын ак динин
Үйрөтөйүн сага – деп.
Лаилааха иллалла,
Келмени айтып үйрөттү,
Кытай тилин калтырып
Мусулманча сүйлөттү.
Көөдөн абаң көгөрүп
Кытай динин танган соң,
Мурунку ишин ойлонуп
Мусулман болуп калган соң.
Ишендиңби төрөм – деп,
Ишиңди жакшы көрөм – деп,
Ишенсең мени ала кет,
Мусулман менен өлөм – деп,
Кандай кылсаң Алмамбет,
Жардыгыңа көнөм – деп,
Жана Көөдөн кеп айтат,
Жардыгым ушул деп айтат.
Эр Алмамбет сураган,
Эли-журтун эми айтат.
Сураган кебиң ушул – деп,
Төрөгө кылбайм кусур – деп.
Чоң Бээжинди сураган,
Чоюлганды улаган,
Чоюлуп уктап сулаган,
Эсен кан аман тагында.
Эси-дарты коркондон,
Эр Манастын камында.
Орто Бээжин сураган,
Оюлганды кураган,
Алмамбет сенин айыңдан,
Оозунан түтүн бураган,
Азиз кан атаң тагында,
Алтын ордо тамында.
Үч жылы тагын таштаган,
Бир баланын зарында.
Азиз кан кандай кан эле,
Алмамбет сенин барыңда.
Эли-журту эгилип
Азиз кандын жанында.

Сен кеткен соң Азиз кан,
Мындай жорук баштаган.
Талак кылып минбестен,
Тагын каран таштаган.
Жалгыз уулум кетти – деп,
Уулум түпкө жетти – деп,
Кандыкты мен не кылам
Жыргаар заман өттү – деп.
Турбай калган төшөктөн,
Азиз кан чыккан эсептен.
Кан Азиз куру калган жок,
Катарлуу келген кезектен.
Түңүлүп болбойт Кудайдан,
Түпкүлүк тилеп мындайдан
Бул үч жылдын соңунда
Атаңдын иши оңунда.
Кош бойлуу болуп байбиче
Канчайым энең уул тапты,
Канзааданын чырагы,
Как өзүндөй кул тапты.
Алдырап жатып калганда
Абийирин айым бул жапты.
Баш көтөрүп Сооронду к,
Анан минди тагына.
Кубаныч кылып той берди,
Кудайдын берген багына.
Атпай журтту чогултуп,
Атын Шая койдурду.
Бүтүн журтка той берип
Эсепсиз мал сойдурду.
Шая мырза бу кезде
Он алты жаштын өзүндө.
Падышалык алтын так,
Иниң минер кезинде.
Он алтыда жашында,
Атасынын кашында,
Кандын,бектин ичинде,
Кеп-кеңештин башында,
Ата-энең тынган баладан,
Айыкпаган жарадан.
Баш көтөргөн бенде жок,
Орто Бээжин калаадан.
Токшугердин Бозкертик,
Кара жалдуу Борончу,
Чет Бээжинге тура албай,
Кантип турат уялбай.
Манастан келген шамалдан,
Чоң Бээжинге камалган.
Коркуп калган эки чоң
Башына түшкөн замандан.
Чет Бээжинге туралбай,
Чебердеп оокат кыла албай,
Бортобаңга тура албай,
Борончу оокат кыла албай,
Чет Бээжин элдин чети – деп,
Бортобаң жоонун бети – деп,
Манастын коркуп каарынан,
Качып келген шаарынан.
Булар да жүрөт ойлонуп,
Коң баатырга жойлонуп.
Көрүнсө Манас сойсом – дейт,
Канын ичип тойсом – дейт.
Кызыл чоктуу Нескара
Бул да өзүнүн тагында.

Эсеби жок көп кошун
Нескаранын жанында.
Кантип оокат кылдык – деп,
Бул Манастын барында.
Эрегишип үйүндө
Эр Манастын камында.
Алооке кандын кенжеси,
Кошун башы Коң төрө
Калың кытай журтунда,
Калчадан чыккан чоң төрө.
Күмүш сарай, алтын так,
Чоң Бээжинде тагында.
Алооке кандын атасы,
Чотала салган тамында.
Түрүлгөн кошун түмөн кол,
Коң төрөнүн жанында.
Баш күндөн бери ойлонуп
Манастын жүрөт камында.
Калмактардын кан Жолой,
Качып келген чоң Жолой,
Ал дагы Манас дарты – дейт,
Адамга өттү зарпы – дейт.
Кара калмак калкынан,
Кан Жолойдун артынан,
Качырга жүктөп канча зар,
Алмаң келет ай сайын.
Калың кытай улуу журт
Кайсы бирин айтайын.
Кеңеш куруп, кеп баштап,
Манас мындай деп баштап.
Өөдө-төмөн сүйлөшүп,
Өзүнө жаккан эп баштап.
Таажы кийип, так минген
Кандын баары ушунда.
Калктын башын бийлеген
Жандын баары ушунда.
Кебин жандан тартпаган,
Лөктүн баары ушунда.
Үч Бээжинди сураган,
Бектин баары ушунда.
Уга турган ар түрлүү,
Кептин баары ушунда.
Көңкү кытай жыйылган
Көптүн баары ушунда.
Тоодой күрсү көтөргөн,
Алптын баары ушунда.
Толуп жаткан көп кытай,
Калктын баары ушунда.
Төлгө тартып бал ачкан,
Калптын баары ушунда.
Эрегиште туу жыккан,
Эрдин баары ушунда.
Эсепсиз колду кыйраткан,
Жердин баары ушунда.
Эсеби жок көп кошун
Селдин баары ушунда.
Кайсы бирин айтайын,
Элдин баары ушунда.
Эки ай бүтүн карк толду,
Эсеби дайын так болду.
Манас келбей койбойт – деп,
Өз боюна чак болду.
Азиз кандын Алмамбет,
Сенин кандай демиң бар.

Калың бурут калкыңдан,
Камдап келген көбүң бар.
Казынаң калган Бээжинде
Кан Коңурда кегиң бар.
Калың түрктүн балдары,
Кандай кылган эбиң бар.
Айт сөзүңдү угайын,
Алмамбет, кандай кебиң бар?
Манасың барбы башында,
Баатыры барбы кашында?
Арстаның барбы башында,
Кошуну барбы кашында?
Манасың келсе уксам – деп
Баатырлар жоону жыксаң – деп,
Аскериң келсе уксам – деп,
Арстандар жоону жыксаң – деп,
Арстан Манас төрөнүн
Авырагын уксам – деп,
Көөдөн айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Баатыр Алмаң сүлк этип,
Күлүп койду бүлк этип.
Баатыр Алмаң кеп айтат:
«Байкагын аба, – деп айтат.
Мусулмандын салтында,
Шарияттын наркында,
Миң капырдан бир баатыр,
Өлөм деп коркуп кайтыш жок.
Шарияттын өзүндө
Жалган кепти айтыш жок,
Манасым бар башында,
Бакай абам кашында.
Тогуз кандан кол келди
Токсон түмөн мол келди.
Алым келсе бейдинди
Алып чыгам Бээжинди.
Көөдөн агам турба – деп
Айткан сөзүм тыңда – деп,
Ак шарият жар болсун,
Айтканым айып кылба – деп.
Кан Коңурга барып кел,
Кандарга кабар салып кел.
Кандай жооп кеп айтат,
Кабарың барбы алып кел.
Кесек дөөлөр чогулуп,
Кеңеш кылган кези экен.
Түрк баласын түртмөккө
Эгеш кылган кези экен.
Түрк жыйылып келди де,
Тилегиң кудай берди де.
Азиз кандын Алмаңды,
Анык көзүм көрдү де.
Кан Коңурбай канга айткын,
Карап турган жанга айткын.
Айткан тилим алсын де
Абийири менен калсын де.
Алмамбет келди көрсүн де
Алдымдан тосуп келсин де.
Алмамбетке тартууга
Алкарасын берсин де.
Алдымдан тосуп келбесе
Алкарасын бербесе,
Кошуну менен келсин де,
Кол салышып көрсүн де.

Жашынып жатпай Бээжинге
Бир сөзүмө көнсүн де.
Кан Коңурбай калчанын
Деми мага белгилүү,
Кан жыйылып кеңешкен,
Кеби мага белгилүү.
Кылып жаткан Бээжинде
Иши мага белгилүү.
Кызыталак калчанын
Күчү мага белгилүү.
Көөдөн ага бат бар – деп,
Бул сөзүмдү жатка ал – деп.
Ак дин таптың олжоң – деп,
Аял кылбай аттан» – деп,
Алмаң айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Апыл-тапыл ат минип,
Ат мингенде бат минип,
Абаң Көөдөн шартылдап,
Аянбастан бат минип,
Көөдөн кетти калдайга,
Калк бийлеген кандарга.
Абаң кабар салмакка,
Арбак урган заңкарга.
Көөдөн барды каргытып,
Көргөн сөзүн арбытып.
Жетип барды ордого,
Көпчүлүктү дарбытып.
Элең-селең эткенсип,
Эси чыгып кеткенсип.
Кан Коңурга кеп айтат:
Кандар уккун деп айтат!
Кан кашында олтурган,
Жандар уккун – деп айтат.
Чар-Дөбөдө чалкалап
Жол кармаган жеримде,
Эки жайсаң эл келди,
Түш кыңкайган ченинде.
Байкап көрсөм буруттай,
Шумдугу көп кебинде.
Жатат элем жолумда,
Учурадым сонунга.
Адамдан түрү башкача,
Кош аты бар колунда.
Оңой-олтоң эр эмес,
Омурулар бел эмес.
Бейли башка душмандай,
Мен көргөн жандан деги эмес.
Чыгып калды жүрөгүм,
Көрүп келдим дүбөгүн.
Сарала ат минип теңселип,
Сары тон кийип белсенип.
Сакалы сары сеңселип,
Сайышчу душман кез келип,
Алмамбетмин деп айтат,
Адам уккус кеп айтат.
Кан Коңурбай канга айт – дейт,
Калк бийлеген жанга айт – дейт.
Бирге айтпагын санга айт – дейт.
Билими артык жанга айт – дейт.
Ар качандан бир качан
Коңурбай мени алдайт – дейт.
Кан Коңурбай калчага
Каршыктым кегим калбайт – дейт.

Азиз кандан туулган
Жүргөн жерим чуулган,
Душманын бөйдөй куурган,
Мен Алмамбет ноён – дейт,
Калча кулду соём – дейт.
Ичип канга тоём – дейт.
Алтын капка Бээжинди,
Албай кантип коём – дейт.
Ачык сырын айтсын – дейт,
Бул бейлинен кайтсын – дейт.
Өлбөйм десе Коңур кан,
Алкарасын тартсын – дейт.
Билеселүү кан болсо,
Билими артык жан болсо,
Эрегишсе келсин – дейт.
Эрдигимди көрсүн дейт.
Билеселүү эр болсо,
Бир сөзүмө көнсүн – дейт.
Капкалуу Бээжин калаамды,
Көтүн кысып берсин – дейт.
Күүлөнүп үйдө жатканча
Күчү келсе жеңсин – дейт.
Алмамбет мындай айтты – деп
Адамдын дили кайтты – деп.
Көөдөн айтып турганда
Көпкө сөзүн урганда.
Көпчүлүктөн кеп чыгып,
Көтүндү кыскын деп чыгып.
Көөдөн чалды жапырып,
Азабын аштай катырып,
Тилдебеген жан калбай,
Тиктебеген кан калбай,
Бурут кайдан келсин – деп,
Бурутту Көөдөн көрсүн – деп,
Чантуу кайдан келсин – деп,
Чалың кайдан көрсүн – деп,
Болот капкан жолунда
Сактап жатат тилисым,
Арбак урган буруттун,
Аяйт капкан кимисин.
Калың кошун кол келсе
Карс этип капкан чаппайбы,
Капканга түшүп калың кол,
Кадеми минтип катпайбы.
Калдырап бурут жүргөндө
Ак кулжа кабар таппайбы.
Берекелүү Бээжиндин
Бетин көрбөй жатпайбы.
Пери заада ак кулжа
Бекер жолду сактайбы.
Ак кулжа кабар бербейби
Анык кабар келбейби.
Алмамбетти Көөдөн чал,
Андан кийин көрбөйбү.
Кудукта карап жатпайбы,
Куу өрдөк зымын какпайбы.
Куу өрдөктөн кабар жок,
Көөдөндү арбак атпайбы.
Калжырабай карыганда
Калп айтпай үйгө жатпайбы.
Эр Коңурбай турганда,
Алмамбетти мактайбы.
Ат баккан балдар айкырып,
Чай куйган балдар чаңырып,

Чалды арбак атсын – деп,
Чал үйүнө жатсын – деп,
Бурут мында келбейт – деп,
Мусулман бизди жеңбейт – деп.
Чантуу мында келбейт – деп,
Чантуу бизди жеңбейт – деп.
Качып кеткен Алмамбет
Какандын калкын көрбөйт – деп.
Каргыш алган атадан
Кан кускур неден өлбөйт – деп.
Көпчүлүктөн кеп болуп,
Кан Коңурга эп болуп,
Дөөлөрдүн бири барсын – деп,
Аныk кабар алсын – деп,
Жалгыз-жарым жан болсо,
Байлап алып келсин – деп.
Мыскал эти миң дилде
Дөөлөргө салып берсин – деп.
Көпчүлүк айтып турганда,
Ушул сөздү укканда.
Эр Коңурбай кан айтат,
Элге карап жар айтат:
– Ишенимдүү баатырдан
Издеп бирөө барса – деп
Келди бекен, жок бекен
Аныk кабар алса – деп.
Мен барайын ага – деп,
Руксат бер мага – деп!
Беттешпей туруп душманга
Тартуу бериш кандай кеп.
Чатыраган жыйында,
Чабала айтып салганы.
Чакчарылып Коң төрө
Ордунан тура калганы.
Алжыган экен Көөдөн – деп
Сөзүн макул албады,
Алты дөөнү кошчу алып,
Чабала баатыр жөнөдү.
Барган Көөдөн абаңды,
Байкабай калды бөлөгү.
Сүйбөгөн соң Көөдөн чал
Алмамбет менен Сыргакка
Аял кылып турбастан,
Аттанып калды бер жакка,
Көөдөн менен иши жок,
Көргөн-билген киши жок.
Көкөң жолго салыптыр,
Аныk кабар алыптыр.
Көз байланар кезинде
Алмаңа жетип барыптыр.
Алмамбет менен Сыргакка
Агаң Көөдөн кеп айтат:
– Алты дөө менен Чабала
Азыр келет – деп айтат.
Камынып тургун балдар – деп
Кайраттуу капыр заңкар –деп.
Өзү аяр жаман – деп,
Келер бекен чамаң – деп,
Арбак урган капырды
Ала көр эптеп балам – деп.
Көөдөн калды бурулуп,
Каламбы деп урунуп.
Көөдөндүн арка жагынан
Алты дөөнү кошчу алып,

Чабала чаап жеткени.
Кудай кулду берди – деп,
Кубалап ажал келди – деп,
Кутурган экен Чабала
Бизди кантип жеңди – деп,
Чок камыштын четине,
Мылтык кармап бетине,
Сырттан Сыргак токтолду.
Сырттандыгы козголду.
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Асып алып мойнуна
Аңдып турду Алмамбет
Тегирмендин ордуна.

Аңыраңдап алты дөө
Алмамбет менен иши жок,
Алмамбет мында турат – деп
Айта турган киши жок.
Какан дөө,Чабала
Кашына келип калыптыр,
Кыйып өтө бергенде
Кыйкырып найза салыптыр.
Кыраан Алмаң көк жалың
Кый сүбөөгө малыптыр.
Кызыталак капырга
Кыйгактуу найза мылгытты,
Тегеретип эр Алмаң
Тебетейдей ыргытты.
Чабала дөөнүн мингени
Чаңган боз деген аты бар,
Чала салып бир талга,
Чапты Алмамбет каркыбар.

Жоо бөрүсү эр Сыргак,
Чок камыштын четинен
Кыраандыгын карматып
Кыйкырып чыкты бетинен.
Башчысынан айрылды,
Баатырсынган беш жолдош
Берен Алмаң баатырдын
Бет алганы соо болбос.
Алмамбетти аңдабай,
Алыстан жолду чардабай,
Бул ишибиз бекер – деп,
Латманат урган экен – деп
Бээжинди көздөп бет алып,
Качып калды тепеңдеп.
Алды-артынан чыккан соң
Аянбай качты бекемдеп.
Кылчайып артын карабай,
Караганга жарабай,
Соорусун жоого салыптыр,
Шоңшоңдоп качып калыптыр.
Жоо бөрүсү эр Сыргак,
Жонунан найза салыптыр.
Томолонуп атынан
Топ этип түшүп калыптыр.
Соңунан келген Алмамбет
Башын чаап салыптыр.
Жана Сыргак бек сайып
Жайладым кулду деп сайып,
Артынан Алмаң жеткени
Башын чаап кеткени.
Сарала менен чуратып
Оозунан көбүк буратып,

Эми калган үчөөнү
Эр Алмаң сайды кулатып.
Артынан жетип эр Сыргак,
Башын кести сулатып.
Бирде бирин куткарбай
Баатырлардын алганы.
Экөө жүрүп бешти алып,
Эрлердин калбай арманы,
Берен Алмаң, эр Сыргак,
Баатырлар көңүл жайлады.
Аралдагы ак токой
Аттарын аса байлады.
Карынын тилин албаган,
Чабала шору кайнады.
Алты бирдей ат алып,
Арбын болду олжосу.
Аңдып турган Көөдөн чал,
Жетип келди жолдошу.
Байкап турган кабарын,
Баатырлар билип алардын
Баатырлар болсун соога – деп,
Душманга салдың коога – деп.
Өлтүрүпсүң душманды
Убал барбы жооого – деп,
Көөдөн айтып салганда.
Соогат сурап калганда.
Баатыр Алмаң,эр Сыргак
Көкөсүнө кубанып,
Баракелде Көкөм – деп
Ак динине ынанып.
Көөдөнгө берди бир атты,
Келишимдүү сур атты.
Соогатына ат алып,
Көкөң калды сүйүнүп.
Март экен деп баатырлар
Көкөйүнө түйүнүп.
Баатырларың аттанып
Кубанып күлүп шаттанып.
Каспаңдын тоосун бетке алып,
Казаттын жолун нээтке алып,
Кан Алмаң жөнөп калыптыр,
Кара жолго салыптыр.
Айландырып акылын,
Кайта ойлонуп алыптыр.
Кытайдын журту кылым кол,
Каспаң жолу кыйла жол.
Баатыр Алмаң кеп айтат:
«Байкагын Сыргак, – деп айтат.
Кош ат менен кампайып,
Соодагердей тампайып,
Чалгынды кантип чалабыз,
Кабарды кантип алабыз?
Кайра тартып алалык,
Кан Манаска баралык.
Кабылан Манас,Чубакка
Бул кабарды салалык.
Эп келдиби бул сөзүм
Эринбей кайра бастырып,
Чабаланын Чаңдуу боз
Эр Чубакка тапшырып.
Көп сөз келди акылга
Көкөңдү кошуп баатырга,
Анан казат кылалык
Бээжиндеги капырга.

Ушу кезде Карагул
Сыртка жылкы салгандыр.
Кан Коңурбай баш болуп,
Каспаңдын жолун алгандыр.
Карагул деген аяр бар,
Калкына кабар салгандыр.
Кандай да болсо келет – деп,
Жолду кармап алгандыр.
Кан Коңурбай баатырга
Кабар түшүп калгандыр.
Баатыр Алмаң муну айтып,
Ушу жерден кайтыптыр.
Бар жарагын капырдын
Чаңган бозго артыптыр.
Абышкасын ээрчитип
Алты ат айдап алыптыр.
Арстан Манас, Чубакка,
Алмамбет, Сыргак барыптыр.
«Соога баатыр, соога!» – деп,
Эр Чубак тура калыптыр.
Соогаң баатыр, болсун – деп,
Чылбырга колуң толсун – деп,
Баатыр Алмаң муну айтып,
Баатырларын кубантып,
Баатыр Алмаң кеп айтат.
Көөдөндүн жайын эми айтат:
«Ак сакалдуу Көкөмдөн,
Пайда көрдүм – деп айтат.
Кан Коңурдун жолчусу,
Кабар берчү тилчиси,
Жаңыдан болду мусулман,
Пайда көрдүм ушундан.
Кан Коңурга какайтып,
Элчи кылдым Көкөндү,
Калың кытай калкына
Кан Коңурду чочутуп,
Кайтып келди өзүмө.
Алты дөө азыр келет – деп,
Айтып келди өзүмө.
Аман болсом Көкөндү
Ага кылып алам – деп,
Азиз кандын ордуна
Аба кылып алам» – деп.
Баштан-аяк бар сөзүн
Баатырына билдирип,
Баатыр Манас, Чубакты
Карсылдатып күлдүрүп,
Жайдарың Алмаң шашпады,
Жана кеңеш баштады.
«Жаратканга жалынып,
Баатырым күндү жайлаймын,
Бүтүн Бээжин үстүнө,
Булуттун баарын байлаймын.
Ашыкпагын, шашпагын,
Жата бергин баатырым.
Алтын капка Бээжинди
Аралап көрөм акырын.
Арстан Манас айкөлүм,
Анан табам акылын.
Каспаң толгон жылкы бар,
Каракул деген ити бар,
Жылкычы баш чың ушу
Катуу аярдын бири ушу».
Бу сөздү айтып Алмамбет

Бура тартып калыптыр.
Каспаңга карап бет алып,
Жана жолго салыптыр.
Камбылдын кара суусуна
Эр Алмаң жетип барыптыр.
Касийдадан кат окуп,
Кат окуса бат окуп,
Калмакча кара дубаны
Кан Алмамбет жат окуп,
Жай ташын сууга салыптыр.
Асманды карап калыптыр.
Айтып оозун жыйганча,
Асманга булут айланды,
Булут көчүп буркурап,
Көккө булут жайланды.
Тиктегенин көргөн кул
Тирешкенин көмгөн кул
Тилегин кудай берген кул.
Алышканын эңген кул,
Айтышканын жеңген кул,
Айтса кудай берери –
Алмамбеттин өнөрү.
Артыктыгы мына бул.
Асмандан булут айланды.
Ачып көзүн-жумганча
Айдын көзү байланды.
Көктөн булут айланды,
Көзүн ачып-жумганча
Күндүн көзү байланды.
Колоттон туман калкыды,
Тоодон булут толкуду.
Адырдан шамал аркырап,
Бөксөдөн булут бөлүнүп,
Кыбыладан кыркырап,
Кызыл мунар көрүнүп,
Көнөк менен куйгандай
Көз ачтырбай тургандай,
Көктөн жаады шатырап.
Көк кашка мөндүр төгүлүп,
Жердин жүзү сел болуп,
Арыктын баары жыбырап
Асмандан түшүп бургактап,
Алты сай мөндүр шыбыргак,
Борошосу буркурап,
Адамдын башын көтөртпөй,
Аркы-терки ургулап,
Жандын баары чуркурап,
Чагылган учуп жаркырап.
Күн тутулуп күркүрөп,
Каспаңдын улуу тоосунан
Кара шамал дүркүрөп,
Айбан менен адамы
Аязына зиркиреп.
Борошосу басылбай,
Жааган күнү ачылбай,
Бирде жамгыр жыбырап,
Бирде шамал шыбыргак.
Алмаң катуу кармады,
Алдасына зарлады.
Бара турган жолуна
Дүрбү салып карады.
Алтымыш казык, жүз чынжыр,
Токсон баштуу жолум үй,
Жылкычылар ашыгып

Ар жеринен асылып,
Малчыны кудай каргаптыр,
Баарысы үйүн кармаптыр.
Аңдап туруп Карагул
Акыл башта калбаптыр.
Жылкычы башы Карагул
Туңшалыктын баатыры,
Кандай заман болду – деп,
Калбаптыр башта акылы.
Ак сакалы Карагул
Аяр экен мына бул.
Акыл кылып кеп айтат:
«Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн кую бузулду.
Аркы-терки шыбыргак,
Айдын жүзү бекилди.
Аңдап көрсөм ушуну,
Алмамбет жайы шекилди.
Эки күнү,эки түн
Басылбады бүпбүтүн.
Айтканымды угуңар,
Амырымды кылыңар.
Ала чаамай кулун бар,
Анын баары кырылар.
Анын камын кылыңар.
Кар түшпөгөн жайлар бар,
Каран калган жылкыдан
Кысырак кыйла тайлар бар,
Кырылып кетчү малдар бар,
Ойго жылкы айдаңар.
Ошентип көңүл жайлаңар.
Белди бекем байлаңар.
Чөлгө жылкы салалык,
Шүкүрлүгө баралык.
Нар жагы Туңша шаары бар
Бекиткен сепил жары бар.
Айланасы бүт сепил,
Азаптуу жолдун баары бар.
Чантуулар мында келе албайт,
Айланып көктөн жетпесе,
Алгыр кыраан шумкардай,
Асмандан илип кетпесе.
Аңдап турсам балдарым,
Адам жетер жер эмес,
Малдын баарын кырылтып
Жатышыңар эп эмес.
Жылкыны кырып салбайлык,
Жаман атка калбайлык.
Амандык жайын карайлык,
Армандуу болуп калбайлык.
Аңдабай жатып албайлык,
Азапты малга салбайлык.
Арбак урган Алмамбет
Келет деген кеби бар,
Келип калган чени бар.
Келип калса билинбей,
Жай ташын сууга байлар – деп,
Жадабастан жайлар – деп,
Кырылып калып малдары,
Кытайдын шору кайнар – деп.
Кызыталак Алмамбет
Жай чилдени кыш кылат.
Дайранын баарын муз кылат,
Баарыбызды мыш кылат».

Карагул айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Алтымыш казык, жүз чынжыр,
Токсон баштуу жолум үй,
Баарын чечип бүктөтүп,
Бартал атка жүктөтүп,
Каспаңдын кара тоосунан,
Кара кумдай жайнатып.
Тогуз жүз экен жылкычы,
Тоодон-ойго айдатып,
Бир чекеси жылкынын
Чоң Бээжиндин боюнда.
Бир чекеси жылкынын
Кара-Кочкор оюнда.
Шүкүрлүүнүн оюна,
Чоң Бээжиндин боюна
Жайнатып жылкы салыптыр.
Жайланып жатып калыптыр.
Жыйналып жылкы кеткенин,
Шүкүрлүккө жеткенин,
Дүрбүсүн көзгө салыптыр,
Эр Алмаң көрүп алыптыр.
Жаадай сарала ат минген,
Жапандын тилин жат билген.
Жалынганы шаймерден
Жандаганы кырк чилтен.
Эр Алмаң жетип барыптыр,
Жай ташын суудан алыптыр.
Күн чыгыштан сары жел
Зыркырап жөнөп калыптыр.
Тоонун башын курчаган
Жөө туман жөнгө салыптыр.
Сайлар ылдый зыркырап,
Сары жел жөнөп калыптыр.
Кыбыладан сөгүлүп,
Күн ачылып калыптыр.
Сасык туман, жөө туман
Тарады көктөн быркырап.
Чымын учуп чыңылдап,
Чымчык учуп чыркырап,
Торгой сайрап чуркурап,
Жердин чаңы буркурап,
Күн ачылды кашкайып,
Көк көрүндү тастайып.
Муну мындай коюңар,
Ар нерседен ою бар,
Алмамбет менен Чубактын,
Кабарында болуңар.
Калың кытай кайгырып,
Латманатка зар кылып,
Алмамбеттин жайына
Бүтүн кытай ар кылып.
Эки күнү,эки түн
Жаап күнү ачылбай,
Эч болбосо бир саат
Эс алдырып басылбай.
Кытайды кыйын курутту – деп
Кантебиз ушул бурутту – деп,
Күн жаадырып олтуруп,
Кырабы биздин журтту – деп.
Көпчүлүктүн баарысы
Көрдүңөрбү көз менен,
Буруттун журту аяр – деп
Атпай түрктүн балдары

Аярлык окуу курган – деп,
Алмамбет кеткен ал элге
Латманат бизди урган – деп.
Кебин айтып болтуруп,
Кеңеш кылып олтуруп,
Ар тараптын баарына
Ат менен кабар салыптыр.
Атпай Какан журтунан
Кошун жыйып алыптыр.
Көпчүлүктө нелер жок,
Көтөргөнү саадак ок,
Таш көтөрүп зоодо учкан,
Кушча айланып тоого учкан,
Аярдын баары мында бар,
Баарынан кыйын бул душман.
Көрбөй туруп уккан жан,
Күчүнө адам таң калган.
Күмүштөн күрсү көтөргөн,
Күчү толук балбандан,
Үйдөй күрсү саптаган,
Душман үчүн сактаган.
Жоо дегенде жатпаган,
Кас кылганды жуткан бар.
Эң эле чабал дегени
Казандай күрсү туткан бар.
Камыш кыйып улаткан,
Тарамыш менен каптаткан,
Желим менен чаптаткан,
Салкын жерге сактаткан,
Узундугу жүз кулач,
Ушундай найза көтөргөн,
Баатырдын баары мында бар.

Асмандагы булуттай,
Оодарылып айланган,
Узун бою мунардай,
Он кулач кылыч байланган,
Жоо дегенде шайланган,
Дөөнүн баары мында бар.
Ат мингенди билбеген,
Жөөнүн баары мында бар.
Өлөмүн деп коркпогон,
Өлүм билбес айбан бар.
Талаадан жердин чөбүн жеп,
Мал ордуна жайган бар.
Тартынбаган душмандан
Таш жүрөктүү баатыр бар.
Жан кадырын билбеген,
Нечен түрлүү капыр бар.
Мыктылыктан келген бар,
Мылтыкка адис мерген бар.
Очогор мылтык аткан бар,
Оозу кандуу арстан бар.
Кадимден бери калыптыр,
Кыргызда кыйла дастан бар.
Жазайыл аткан жандар бар,
Тажы кийген кандар бар.
Жалпы баары дүрбөгөн,
Жайыл кытай заңкар бар.
Кепке жетик чечен бар,
Кеттелерден нечен бар.
Ат көтөргүс балбан бар,
Адам айран калган бар.
Бил мингенден канча бар,
Керик мингенден канча бар.

Эң улугу Эсен кан,
Элин көргөн болор таң.
Баатыр башы Коң төрө
Баарысынан чоң төрө.
Кытайлардын Коң төрө,
Кырмус шаанын Мурадил,
Солобонун Сооронду к,
Чоталанын Алооке,
Солпоңсурдун Нескара,
Токшугердин Бозкертик,
Кара жалдуу Боронч у,
Каңгайлардын Ороңгу,
Каткаланд ын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы.
Жойдор кандын эр Коной,
Чочко мүнөз чоң Жолой,
Кара кытай Ушаңы
Кара жаак чечени.
Сабак алган шайтандан,
Латманаттын эшени,
Калмактардын Кара таз,
Кара жүрөк, боору таш.
Капия кепке болгон маш,
Мусулманга бул да кас.
Маңгүбөнүн Матөштүк
Бар сыпаты келген эр,
Бортобандын Үмүш алп
Шаңкайлардын Өгүз алп.
Айколдуктун Маңыш алп,
Актачынын Жайыш алп,
Айтылуусу Китен алп,
Алтын күрсү Чомой алп,

Кабылдан бери калган бар,
Шайтандан сабак алган бар.
Улуктун баары жыйылып,
Латманатка сыйынып,
Кытай коюп буттарын,
Калмак коюп куттарын
Баары келип чокунду,
Албан түрлүү күңгүрөп,
Токсон тогуз коңгуроо
Кулак тунуп дүңгүрөп.
«Талалалап!» буркурап,
«Чакалалап!» чуркурап.
Калаанын ичи чаң болду,
Көргөн жанга таң болду.
Кытай деген кылым журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Кытайга болгон кызматчы
Кыйындардын сөзүн ук.
Келип журту болгон соң,
Кеп баштады Коң төрө,
Кебин журтка уктуруп, –
Деп баштады Коң төрө.
Балчыларың кеп айтат
Балдан көрдүм деп айтат.
Анык келди деп айтат.
Көөдөн чалың кеп айтат
Көрүп келдим деп айтат.
Көрбөй-билбей иттериң,
Жалган сөздү неге айтат.
Келип калды дединер,
Түрктүн кыраан Манасы.
Жалпы келди дединер

Жабус кандын баласы.
Жалган сөзгө дүрбөдү,
Жалпы Бээжин калаасы,
Көрбөй туруп көз менен,
Жалган айткан сөз менен.
Куу өрдөк учуп келди – деп,
Кулжа кабар берди – деп,
Кошундун баарын жыйнадык,
Адамдын баарын кыйнадык,
Мунун баары жалган – деп,
Куруп калган жалган кеп.
Курулай шаштык тим эле,
Кулжанын түбү ким эле.
Өтүрүк шаштык тим эле.
Өрдөктүн түбү жин эле.
Кулжанын түбү кайып – деп
Бул ишибиз айып – деп.
Башта кетип кабар жок,
Макелди шайтан сайып – деп.
Бири кабар берген жок,
Мага кабар келген жок.
Кабар келип калды – деп,
Калп айткан белем оозу шок.
Түрктөн чыккан Манасы
Өзүн баатыр болжойт – деп.
Кабылдын уулу кытайды,
Эргежээли ойлойт – деп.
Макел дөө менен Чабала
Манасты тирүү койбойт – деп.
Не болсо да Манасың
Эки дөөдөн сойлойт – деп.
Алты дөөнү кошчу алып
Чабала кетти жолунан,
Эсен калбайт Манасың
Ушул эки дөөнүн колунан.
Ушунда келген көп кошун
Мен баатырмын сенден – деп,
Бурут турсун бул жерде,
Бири кармап, бирин жеп,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай.
Убара болгон биздин эл,
Урушар жоону көрсөк – деп.
Энтелеп жүргөн андан көп,
Айткан сөзгө көнсөк – деп
Айдап чыгып кошунду
Түрк уулуна коё бер,
Күн батардын тарабын,
Кол жеткениң соё бер.
Коё берип кошунду
Күчүн байкап карагын,
Келип калса түрк уулу
Бул кызматка жарагын.
Коё берип кошунду
Артын байкап карайлык,
Баатырсынган Манастын
Барып жашын санайлык» –
Деп Коң төрө айтып октолду,
Кыңк эткен бенде жок болду.
Беш күндө кошун чыксын – деп,
Кеңеш-кеп бого токтолду.
Аларды таштап коюңар,
Ар кандай түрлүү ою бар,
Кабылан Алмаң,Чубактын

Кабарында болуңар.
Ар тарапка аттанса,
Аркасынан түшпөгөн,
Арстан Алмаң баатырың
Канжыгадан үзбөгөн,
Бөктөрүнчөк чабадан
Не бар дешип ичинде
Элебеген көп адам.
Барчадан болгон чабадан,
Не бар, не жок ичинде
Байкабаган көп адам.
Орчун Бээжин журтуна
Пашасы эле башында
Урушуп чыккан Бээжинден
Он сегизде жашында.
Кытайдын билип бейлинен
Кыянат тапкан зилинен.
Атпай түрктүн балдарын
Артык көргөн дининен.
Уруш кылып каканга,
Убайым салып көп жанга.
Сактап жүргөн буюму бар,
Кеткенде кийген кийими бар.
Угуз кандын уулунда
Ал өңдөнгөн кими бар.
Чабаданын сөктүрүп,
Алып жерге төктүрүп,
Кытайча кылган кең чалбар
Аягына салыптыр.
Чобдор өтүк такасыз,
Маасынын сыртынан,
Баса кийип салыптыр.
Тубары күрмө, туура жең
Муну да кийип алыптыр,
Топчуланып салыптыр.
Торко чепкен жакасыз
Аркасына салыптыр.
Малакай коюп башына,
Маңкайып карап калыптыр.
Жараштыбы баатыр – деп,
Сыргакка акыл салыптыр.
Баатыр Алмаң бу жерде,
Баянын айтып билгизип,
Чабаланын кийимин
Эр Сыргакка кийгизип.
Кызык кылып орунун,
Кытайча кылып порумун,
Бар кийимин кийген соң,
Малакай кийди башына,
Баатыр Алмаң кийгизип,
Карап турду кашына.
Малакайы тултуюп,
Сыргак калды мултуюп.
Карап көрүп эр Алмаң
Күлүп калды Сыргакка,
Шылдың кылып кийгизип,
Калдымбы деп уятка.
Алмаңа Сыргак кеп айтып:
«Ай, калмагым, – деп айтып,
Чын сөзүмдү билгин – деп,
Чын ушуну кийгин – деп,
Сырыңды душман билбесин,
Чынмачынга киргин – деп.
Кызыталак кытай порумун

Келиштирип орунун,
Кийгизип өзүң саласың
Анан шылдың кылып каласың.
Бузбаймын түптү көркүм – деп,
Кийбеймин иттин бөркүн – деп,
Кабылан Сыргак бул жерде
Калабаны баштады.
Башындагы малакай
Алып жерге таштады.
Сыргак баатыр кантесиң
Чын сөзүмдү билгин – деп
Кытай кийми жарашкан,
Сыпатыңа күлдүм – деп.
Баатыр Сыргак башыңа
Малакайды кийгин – деп.
Жайын айтып билгизип,
Акылына түйгүзүп,
Малакайды Сыргакка
Жана Алмамбет кийгизип.
Эми Сыргак үндөбө,
Үн чыгарып сүйлөбө,
Эсеби жок кытайдын
Аскерин көрүп сүрдөбө.
Колун көрүп колобо.
Кооп кылар аяр көп,
Кол салышар жаян көп,
Жанына жакын жолобо,
Кытай болуп кымпыйып,
Сыр алдырбай тымпыйып,
Жан адамга сыр бербей,
Жүрө көргүн зыңкыйып.
Ушул жолдон унчукпай,
Боло көргүн дудук – деп.
Кытай бизди көргөндө
Урмат кылат улук – деп.
Аста-секин сүйлөшүп,
Алмаң айтып үйрөтүп.
Жоолук салды мойнуна
Жөнөдү кытай ойнуна.
Кыжылдата сүйлөсө
Кытайдын тили өзүндө.
Кыйгач тартып караса
Пашалык сүрү көзүндө.
Балдырата сүйлөсө
Манжуунун тили өзүндө.
Бакырая караса
Пашалык сүрү көзүндө.
Туңшанын кирди жолуна
Душмандын кирди колуна.
Туйгун Сыргак баатыры,
Ээрчип жүрөт соңуна.
Ар дуу-дуудан жүз миң кол
Азырланган жери ошол.
Арбак урган кытайдын,
Анжуулардын эли ошол.
Ушуну менен болчу эле,
Ушаңке балбан баатыры,
Ушаңкесиз бүтчү эмес
Анжуулуктун акылы.
Баатыр кеткен кеңешке
Башкасынын баарысы
Баатыр Алмаң султанды
Байкай турган киши жок,
Көз байланар кезинде

Көк жал Алмаң барыптыр,
Дарбазанын тушуна
Туштап келип калыптыр.
Кошун башчың чыккын – деп,
Айткан кебим уккун – деп,
Кытайча кебин уруптур,
Кыйкырып айтып туруптур.
Буруттун журту келиптир,
Келгенин Макел көрүптүр.
Келген менен жазасын,
Баатыр Макел бериптир.
Кантонго уруш келиптир,
Келгенин Макел көрүптүр.
Кезиккендин жазасын,
Баатыр Макел бериптир.
Баатыр Макел бурутка
Майданды мыктап салыптыр.
Алмадай кылып алардын,
Баштарын үзүп алыптыр.
Башчылары өлгөн соң,
Бурут качып калыптыр.
Кеткенде Макел айткан сөз
Кебимди уккун көзмө-көз
Кошун арбын барсын – деп
Астын тосуп калсын – деп,
Акимдер айткан ушу кеп,
Аттангыла бачым – деп.
Кетирген жагы күн жүрүш
Кантондун журту мол экен,
Туңша, Кантон арасы
Кере күндүк жер экен.
Кытайдан чыккан Коң баатыр,
Кызыл чок кытай журтуна
Кызмат кылган чоң баатыр.
Падышасы Эсен кан,
Барсын деп ылдам силерди
Силерге мени жиберди.
Жалганы жок мунумун,
Бакбурчун кандын уулумун.
Эр Алмамбет баатырың
Кытайча сүйлөп кыжылдап,
Кылым аскер баарысы
Атка минди быжылдап.
Аскерди Алмаң айдады,
Аянып Алмаң калбады.
Атка минип чыкканда
Аскер курттай жайнады.
Аскерди жолго салыптыр,
Андан өтүп алыптыр.
Манжуу кытай журтуна
Баатыр Алмаң барыптыр.
Манжуунун колун чогултуп,
Баякыдай сөз айтып,
Бара бер деп кантонго,
Муну да жолго салыптыр.
Андан өтүп Алмакең
Аңкөк, Жаба журтуна
Аралап кирип барыптыр.
Аңкөк журту түрк экен,
Кара калмак каканда
Качантан бери жүрүптүр.
Алдап Алмаң аны да
Кантонду көздөй сүрүптүр.
Бакбурчун, Какан, Бээжинге

«Тататалап!» кириптир.
Ашкере кытай экен – деп,
Какандын журту билиптир.
Улугубуз келди – деп,
Урматтайлык эрди – деп,
Алманды карай жүгүрүп,
Алдынан тосуп бүгүлүп,
Сүрүн көрүп чочушуп,
Какандын журту жүгүнүп.
Атпай кытай калың журт
Аманат жандан түңүлүп.
Адам сыпат түрү жок,
Айбандын баары мында экен,
Айдап малдай откоруп,
Жайгандын баары мында экен.
Нескара деген баатыры,
Ниети кара капыры,
Кеңешке кетип келе элек,
Эки айдан бери көрө элек.
Алмамбет келип айкырды,
Айгай салып бакырды.
Бээжиндин калкын жапырды,
Салды заман акырды.
Ажыдаардай чамынган,
Түрү башка Алмандын,
Ак жолборстой айкырса
Сүрү башка Алмандын.
Сарала атын каргытып,
Айбатын Алман арбытып.
Сом алтындан чойдурган,
Сонун таажы кылдырган,
Кылымда мындай болбос–деп
Кыял салып ойдурган.
Кыдырата четине,
Зумураттан койдурган.
Төбөсүнө калкайтып,
Жакуттан купа салдырган.
Көз уялат караса
Көргөндүн көзүн талдырган.
Атпай кытай журтунда
Адамда барбы Алмандай.
Сүрүн көргөн кытайлар,
Жүрөк түшүп калгандай.
Таажысын кийип башына
Сыргагын алып кашына.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Аттангыла – деп айтат.
Керик мингенден бир канча,
Бил мингенден бир канча,
Анжуу-манжуу кетти – деп,
Андаңар ушу кепти – деп,
Буйрук кылды Алмамбет,
Бурут түпкө жетти – деп.
Мындай кабар салыптыр,
Кантонго келип калды – деп.
Кесепеттүү түрк уулу,
Келтирип калба салды – деп.
Келип калды бурут – деп,
Бурутту барып курут – деп.
Арстан Алман төрөнүн
Айтканын кабыл алыптыр.
Чуркураган көп кошун,
Кантонго жөнөп калыптыр.
Эр Алмамбет баатырда

Кеп-кеңештин баары бар.
Адам айран калгандай,
Алданын берген багы бар.
Кыраан Алмаң баатырдын
Кылар иши дагы бар.
Бакбурчундун ичинде,
Дарбазанын түбүндө
Эми Алмаңдын барары,
Киреште деген шаары бар.
Дарбазаны кайтарган
Баатыр балбан баары бар.
Кирештинин калаасын,
Салып Алмаң бетине,
Баштап алып Сыргакты
Барды капка четине.
Көргөндө Сыргак таң калды,
Дарбазанын чоңдугун,
Ачык экен дарбаза
Алмаңдын иши оңдугун,
Көрбөгөн жандар шашкандай,
Көрүп жүргөн зардалдан
Алтымыш киши ачкандай,
Арзыганын тапкандай.
Ачылган болсо капканы,
Алтымыш киши жапкандай.
Ал капканы кайтарган
Он эки миң колу бар,
Бакбурчундун чоң капка
Багып турган ушулар.
Көпкөк темир кийинген,
Көсөмдүн баары мында экен.
Көрүнгөн жоону соо койбос
Көсөлдүн баары мында экен.
Балтыры бала белиндей,
Балбандын баары мында экен.
Басташканды бас кылып
Алгандын баары мында экен.
Акимдик кылып журт билген,
Зардалдын баары мында экен.
Качырганын камандай,
Чалгандын баары мында экен.
Аралап Алмаң туруптур,
Алтындуу добул уруптур.
Добулду уруп добуштап,
Ар кошундун улугу,
Эр Алмамбет баатырдын
Алдына келип туруптур.
Эр Алмамбет: «Коома!» – деп
Эңилип салам кылыптыр.
Чөкчөйүп баары жүгүнүп,
Алмаңды карап туруптур.
Сүрүн көрүп чочушуп,
Кайратын көрүп коркушуп,
Таажысын көрүп таңыркап,
Сөөлөтүн көрүп сонуркап,
Кайсы кандын уулу – деп,
Кошундар карап туруптур.
Анда Алмамбет кеп айтат.
Айбатын салып бек айтат:
– Кантонду карап бет алып,
Аттаныңар – деп айтат.
Латманатка сыйынып
Бат барыңар – деп айтат.
Буруттан кошун келиптир,

Кантонго калба салыптыр.
Кесепеттүү буруттар
Калаасын камап алыптыр.
Жалпы кытай калың журт
Жайылган бизде канат бар.
Жараткан латманат бар.
Кабылдан калган адат бар,
Буруттарга көрсөтөр,
Мурунтан калган санат бар.
Ар кошунга келдим – деп
Айтып кабар бердим – деп,
Кирешти менен Капкалык
Азыр мында келдим – деп.
Анжуу-манжуу кошуну,
Небак кетип калды – деп.
Бурут менен согушуп
Катуу майдан салды – деп.
Тез аттанып бат бар – деп.
Латманатты жатка ал – деп.
Кантонго кетти көпчүлүк

Кандарың айткан сөз ушул,
Кабуусу келген кези ушул.
Каныңдан тартпа көп түлүк,
Өкүм салып эр Алмаң
Жарлык айтып салыптыр.
Кирешти менен Капкалык
Айтканын кабыл алыптыр.
Тартынганын талкалап,
Тапшырып буйрук чалкалап,
Атына камчы салыптыр.
Алмамбет менен эр Сыргак
Кылычтап башын алыптыр.
Кирештинин аскери
Сонун болуп калыптыр.
Аскердин баарын Кантонго
Айдап жолго салыптыр.
Алдын алып Алмамбет,
Аскерге мурун озунду.
Калың аскер кылкылдап
Кантондо баары кошулду.

13-бөлүм

ТУҢШАНЫН ИЧИНДЕГИ БАҢ-БАҢ КАЛААСЫН, АТАСЫНЫН САРАЙЫН КӨРГӨНДӨ АЛМАМБЕТТИН АЙТКАНЫ

Алмамбеттин айтканы
Арстан Алмаң мунуңар
Айткан кебин угуңар.
Кандай түрлүү кеби бар,
Кулак салып туруңар.
Калкын көрүп камынып,
Элин көрүп эндиреп,
Баңбаңдын шаарын көрүптүр,
Баатыр Алмаң эриптир.
Сыргакка Алмаң кеп айтат
Сырын Алмаң эми айтат.
Эр Сыргакка кеп айтат,
Эзилип сөзүн эми айтат:
«Береки кararган шаар калың бак,
Атамдан калган калаа эле.
Калаанын баркын билбеген,
Алмамбет анда бала эле.
Алтын такка олтуруп
Бээжинди билген кан эле.
Арстан Алмаң ушунда
Ажыдаардай жан эле.
Чоң атабыз Чылаба,
Чылаба салган калаа эле.
Атпай кытай эл эле,
Атамдан калган жер эле.
Сыпатын угуп көрбөгөн,
Сыртынан Туңша дээр эле.
Бабаң калаа башкы аты
Баштан-аяк күнчүлүк
Баң базары дээр эле.
Энчисине Алмамбет
Эбак алган жер эле.
Жердин ээси мен эле,
Көлдөлөңдүү туурасы
Көрөр болсоң алты таш
Көргөн жерде Алмаңдын
Көзүнөн кетти мончок жаш.
Бул каран калган Бээжиндин
Калкы капыр бейдиндин,
Ээн калган Бээжиндин
Эли капыр бейдиндин,
Баштагы аты Бакбурчун,
Байкагын кытай көп журтун.
Кабылдан калган Бакбурчун,
Карачы кытай көп журтун.
Кабылдан кийин Чыңга кан,

Атабыз койгон Чынмачын.
Топондун суусу ташканда
Аман калган үч Бээжин.
Адам ата баласы
Кабылдан калган көп бейдин.
Айып көрбө Сыргагым,
Айткан кебим тыңдагын.
Алда кандай айтат – деп,
Айтканым айып кылбагын.
Турган жериң көзүңө
Ысык экен Сыргагым,
Тууган жериң өзүңө
Кызык экен Сыргагым.
Көргөнүмдө эр Сыргак
Көрсөтүп айтып берейин,
Бабамдын шаары Баңбаңды
Баштан-аяк көрөйүн.
Баарысын сага көрсөтүп
Аныгын айтып берейин.
Көсөм баатыр Алмамбет
Көзүнүн жашын көл кылып,
Көргөн жерде тура албай,
Көл турсун аккан сел кылып.
Бастырып Алмаң келгенде
Баңбаңдын шаарын көргөндө,
Атаны арман дүйнө – деп,
Опа кылдың кимге – деп.
Бир мусулман жогунан,
Анан кеттим динге – деп.
Баатыр кытай калың журт
Капа болдум зилге – деп.
Дарбазасы сом калай,
Даражасы бир далай.
Каалгасы сом калай,
Калыңдыгы бир далай.
Алтындан кылган капкалуу
Асыл таштан туткалуу.
Байкап көрсөң эр Сыргак,
Баары текши нускалуу.
Кан Чылаба кылдырган
Капкасын алтын тундурган.
Алдындагы чоң капка
Чылаба кылган дарбаза
Алдына адам барчу эмес,
Азиз кан басып барбаса,
Улуксатсыз жан барса,
Ак таяк кылчу каргаша.
Ак таяктан башка жан,
Алдына басып келчү эмес.
Аңдабай барып калган жан,
Аман үйүн көрчү эмес.
Ак таягы жүз болчу,
Аңдабай барган түз болчу.
Эшигинде кырк сакчы,
Эрлерден койгон сакчы бар.
Элебей келген адамдын,
Эсебин минтип тапчу бар.
Аркасында кырк сакчы,
Аярдан койгон сакчы бар,
Аңдабай келген адамдын,
Амалын минтип тапчу бар.
Оң жагында кырк сакчы,
Оёндон койгон сакчы бар.
Ойлонбой келген адамды,

Онтотуп орго жапчу бар.
Сол жагында кырк сакчы,
Солоондон койгон сакчы бар.
Сонуркап келген адамды,
Зынданга солоп жапчу бар.
Жалган жазык кеп эмес,
Жалган сөз мага эп эмес.
Баатыр Сыргак баарысын,
Байкатайын өзүңө,
Баңбаңдын шаарын аралап,
Көрсөтөйүн көзүңө.
Айтканымдын баары чын,
Алып койгун эсиңе.
Аралап кылгын тамаша
Аянасың несине.
Дарбазанын алдына
Алмаң барды шаңданып,
Айтканынын баары чын
Сыргак калды таңданып.
Кырка турган ак таяк,
Кыжылдаган куу таяк,
Кыдырата айланып,
Кылычын кыя байланып.
Жолборстордун баарысы
Жоо-жарагын шайланып.
Турган экен карашып,
Келген жанды марашып.
Эр Алмамбет баатырдын
Баатыр Сыргак кашында,
Накыш салган зумраттан,
Зарлуу таажы башында.
Кыжылдата сүйлөсө,
Кытайча тили өзүндө.
Бакырая караса
Пашалык сүрү көзүндө.
Арстан Алмаң кеп айтат,
Ак таякка деп айтат.
Ак таяктар келгин – деп,
Амырыма көнгүн – деп.
Кандардан келдим көргөнү,
Капканы ачып бергин – деп.
Каршы сүйлөп койгонуң
Казаң жетти өлдүң – деп.
Капканы баккан сакчыга
Кан Алмамбет сүйлөдү.
Сакчынын баары саксынып
Сөөлөтүнөн сүрдөдү.
Салтанатын көргөндө,
Сакчынын баары дүрбөдү.
Калдайбы келген канбы – деп
Ким экенин билбеди.
Дарбазанын чоң кулпу
Ак таяктар ачышып,
Айбатынан корккондор,
Жакын келбей качышып,
Ак таякка ачтырып
Алмаң кирди ичине.
Сыпаты башка береңиң
Сыр бербеди кишиге.
Алманды сакчы көргөндө
Урмат кылды улук – деп,
Аярлыгы бар белем
Акылы жандан тунук – деп.
Жанындагы сүйлөбөйт,

Бул алда кандай дудук – деп.
Таңданып калды сакчылар
Дарбазаны бакчулар.
Эми эр Алмаңдын кеби бар,
Эрикпей көрөр эби бар.
Сырты Туңша Баң базар,
Салынып калган жери бар.
Кыжылдаган көп кытай,
Кызматын көргөн эли бар.
Билеселүү ноёндун
Миң баатырча деми бар.
Эрдиги жандан башкача
Эрегиш кылса эби бар.
Баңбаңдын шаарын аралап,
Баш бурган жанды жаралап.
Капкадагы чоң бакка
Кан Алмаң турду каралап.
Кайрылып туруп кеп айтат,
Кан Сыргакка деп айтат.
Ушул жерден кетерде
Өзүм тиккен бак эле.
Балапан чырпык тал эле,
Алмамбет анда бала эле.
Чырпыгым чынар болуптур,
Чынарым мунар болуптур.
Чырпыгым өсүп туурасы
Үч кучакка толуптур.
Туйгун Алмаң Чубакка
Кул атакка конуптур.
Мен кеткени көп болду,
Алмамбетке эп болду.
Калың кытай калкыма
Кылган ишим кек болду, –
Деп эр Алмамбет баатырдын,
Кызып каны суюлуп,
Көбүнчө санап эл-журтун
Арстан Сыргак туюнуп.
Эми баатыр Алмаң бел байлап
Баатырлыктан шер байлап.
Каран калган Баңбаңды,
Көрүп жүрөт көз жайнап.
Асыл таштан салдырган
Үйдүн баары мында экен.
Аркасына чач койгон
Бийдин баары мында экен.
Көпкө жетик сайраган,
Чечендин баары мында экен.
Кебин адам кайрыбас.
Эшендин баары мында экен.
Жол-жобону көп айткан
Жоргонун баары мында экен.
Жонунда өргөн чачы бар,
Доргонун баары мында экен.
Бала кезде бычтырган,
Кечилдин баары мында экен.
Башын тартпас өлүмдөн,
Өткүрдүн баары мында экен.
Мусулман бенде көрбөгөн,
Жоктун баары мында экен.
Кара курттай кайнаган,
Топтун баары мында экен.
Кабагынан кар жааган,
Шоктун баары мында экен.
Салтанатка курдурган,

Тактын баары мында экен.
Сапарга арнап бактырган,
Аттын баары мында экен.
Салкындап басып жүрүүчү,
Бактын баары мында экен.
Сан кишиге жеңдирбес
Калптын баары мында экен.
Кайсы бирин айтайын
Калктын баары мында экен.
Аскер үчүн бычтырган,
Актанын баары мында экен.
Алма, өрүк, жер-жемиш,
Бакчанын баары мында экен.
Бышып турган казанда
Аштын баары мында экен.
Билеселүү ар ишке
Маштын баары мында экен.
Кошун үчүн камдаган,
Жаштын баары мында экен.
Алтын, күмүш, ак жамбы
Ар канчалык асыл таш
Жерде жатат чачылып,
Таштын баары мында экен.
Мусулман үчүн туулган,
Кастын баары мында экен.
Сары алтындан салдырган,
Сарайдын баары мында экен.
Түрк баласы көрбөгөн,
Далайдын баары мында экен.
Түйшүк тартып иштеген,
Малайдын баары мында экен.
Күмүштөн салган күлгүн үй,
Алтындан салган айчык үй,
Адам айран калгандай
Жакуттан салган жарык үй,
Бакчасы сонун баарынан,
Өрүгү сонун багынан.
Аябай дөөлөт келишкен,
Дөөлөтү толгон абыдан.
Толуп жаткан көл экен,
Толуп жаткан эл экен.
Мунун баарын таштаган,
Баатыр Алмаң эр экен.
Жер-жемиши чачылып,
Жерде чирип көп жатат.
Бей-бечара кембагал,
Баарысы сактап жеп жатат.
Ай – деп койгон киши жок,
Адам менен иши жок.
Кой – деп койгон киши жок,
Коркуш менен иши жок.
Соо десеңиз жиндидей,
Сонундун баары мында экен.
Жиндилер оокат кылуучу,
Орундун баары мында экен.
Ажайыпкана ак сарай,
Аңгемеси бир далай.
Муну көрүп бурулуп
Бир далай карап турулуп.
Алмаңдын муунун муң басып,
Алда канча көөнү азып
Арманын Алмаң эми айтат.
Арзы-дартын көп айтат.
Балакеттүү сарайдын

Баянын уккун деп айтат.
Алмамбет келип калат – деп,
Азапка мени салат – деп,
Тамаша көрүп турсун – деп,
Сабырды бого кылсын – деп,
Менин атам Азиз кан,
Мен үчүн салган сарайды,
Казынадан чачылып
Сарай жеген далайды.
Калың кытай калкынан,
Ишке салган малайды.
Көргөн адам сүрдөшүп,
Көздөрү жайнап алайды.
Арстан Сыргак баатырым,
Ажайыпканам жарайбы?
Көрдүңбү Сыргак баарысын,
Болоттон коргон салышын.
Сан кытайдан дин издеп
Алмаңдын сага барышын.
Кан Алмамбет кеткен соң,
Калаасы каран калышын.
Мээнетти мага көп кылган,
Алмамбет турар деп кылган.
Ажайыпкана сарайды,
Атпай кытай эп кылган.
Болоттон коргон салдырган,
Айланта коргон алдырган.
Көпчүлүк кирсе ичине,
Көргөндө эстен тандырган.
Күмүштөн кылган супалуу,
Алтындан кылган купалуу.
Көрдүңбү, Сыргак береним,
Азизкан кылган өнөрүн.
Дагы өнөрү дагы бар,
Алтындан күрсү тагы бар.
Тазалап турган шыпырып
Желдеттердин баары бар.
Жан-жаныбар сонундан
Ар түрлүү жандын баары бар.
Сыргакка Алмаң кеп айтат
Кеп айтканда эп айтат.
–Бул каран калган сарайдын,
Сыпатын көргүн – деп айтат.
Бул каран калган сарай – деп,
Калбасын көрсөң далай – деп.
Ээн калган сарай – деп
Эрмегин көрсөң далай – деп.
Арманын айтат дебегин,
Айткым келди далай кеп.
Дагы көрөр ишиң бар,
Башына койгон кишим бар.
Ажайыпкана сарайдын,
Айланасы жарым таш
Айбандын баары мында бар.
Адамча тилге болгон маш.
Айткан жерде Алмаңдын,
Көзүнөн кетти мончок жаш.
Адамды эстен тандырган,
Арыптын баары мында экен.
Какандан калган эски сөз
Тарыхтын баары мында экен.
Ачка келип тоюнган,
Карыптын баары мында экен.
Аңгеме үчүн алдырган,

Кайыптын баары мында экен.
Аркар, бугу, ак бөкөн,
Эчкинин баары мында экен.
Какандан калган кадимден
Эскинин баары мында экен.
Элик, жейрен, тоо теке,
Кийиктин баары мында экен.
Көргөн жан чыдап тургусуз
Күйүттүн баары мында экен.
Багып-тигип өстүргөн
Гүлдүн баары мында экен.
Пашалыктан бактырган
Билдин баары мында экен.
Эсенкандын элинде
Эркенин баары мында экен.
Эрлик менен бактырган,
Кериктин баары мында экен.
Кумда жүрүп жай алган,
Куландын баары мында экен.
Куйругу бар, буту жок,
Жыландын баары мында экен.
Кара кашка бир түрлүү
Коёндун баары мында экен.
Качырганын кайсаган
Ноёндун баары мында экен.
Кабылан, жолборс чамынган
Шердин баары мында экен.
Шерди үйүнө келтирген,
Эрдин баары мында экен.
Аюу, бөрү аралаш
Түлкүнүн баары мында экен.
Айттан кызык тамаша
Күлкүнүн баары мында экен.
Кулак угуп, көз көргөн
Жандын баары мында экен.
Адам айран калгандай,
Аңдын баары мында экен.
Көсөм Сыргак көрдүңбү,
Көргөнүңдө жалган жок,
Баң базардын ичинде
Көрбөгөн жериң калган жок.
Машар күнү Мукамбет
Үммөтүм десе арман жок.
Кара динден ак динге
Өзүм бардым актанып.
Кабылан Сыргак ноёнум,
Мен кайсыны айтам
мактанып» –
Деп Алмаң айтып токтолду.
Арманы ичтен козголду.
Арстан Сыргак аяндап
Алмамбетке баяндап,
Кеп баштады жаңыдан,
Келтирип айтып абыдан.
«Бээжинге келип өзүңдү
Улук кылдың кытайым.
Сыргагыңды сүйлөтпөй,
Дудук кылдың кытайым.
Эми айтайын кебимди
Көрсөттүң күлбак чебиңди.
Азиз кандын Алмамбет
Эми билдим бегиңди.
Атпай кытай элиңди
Анык билдим бегиңди.

Алтындан салган тамыңды,
Алтын ордо тагыңды,
Азиз кандын Алмамбет
Анык билдим каныңды.
Сыргагың айтат калысын
Байкадым, көрдүм баарысын.
Баарынан артык келтирип,
Ажайыпкана салышың.
Баарысын болот чеп кылып,
Айлантып коргон алышың.
Арстан Алма береним,
Айтканыңдын баары чын.
Акылды айран калтырды,
Адамды эстен тандырды.
Көзүм тоюп магдырап,
Көргөндө кумар кандырды.
Токсон бөлмө үй экен,
Үйдүн ээси сен экен.
Аркаңдан ээрчип таңыркап
Көрүп жүргөн мен экен.
Алмамбет, сенин казынаң
Аябаган көп экен.
Бакбурчун шаар Бээжиниң
Баарысы сепил чеп экен.
Баарысын айтып нетейин,
Баңбаңдын шаары бек экен.
Толуп жаткан эл экен,
Толкуп жаткан көл экен.
Орто Бээжин, Туңшаны
Оёнум билген сен экен.
Кандык сага ылайык,
Кандай айтсаң эп экен.

Билдим баатыр сырыңды,
Билдирдиң мага чыныңды.
Капкалуу Бээжин, Туңшада
Кандырдың менин кыбымды» –
Деп Сыргак айтып токтолуп,
Сырттан Алмаң козголуп,
Жана кирди кеп баштап,
Жайы ушундай деп баштап.
«Жашчылык деген ушу экен,
Жайымды айтып берейин,
Жашчылыкты бир катар
Башынан айтып берейин.
Береки сарайдын бурчу калың бак,
Салтанат курган алтын так.
Самаганы Алмаңдын
Келип турган ошол чак.
Оюн баштап эр Алмаң
Ойноп жаткан бак эле.
Ою менен бул бакта
Тойлоп жаткан бак эле.
Жылас болгон ушул бак
Жыргал бак деп аталган.
Алмамбет кетип бул жерден
Калган экен катардан.
Менин атам Азиз кан
Кебин бербей кишиге
Башынан дыйкан койдуруп
Гүл айдаткан ичине.
Ичи жыттуу болсун – деп
Искеген адам оңсун – деп,
Жыттаган адам кете албай
Келген адам консун – деп,

Гүл өндүргөн айдатып,
Райкан, жамбылдан.
Жыргал бак деп аталып,
Жыйындын баарын таң кылган.
Көпчүлүк муну көргөндө
Көргөндүн баары даң кылган.
Алмамбет айтпайт жалганды,
Азыраак айтам арманды.
Балам токтоп турар – деп
Бакка сабыр кылар – деп,
Алмамбет сабыр кылган соң
Анан жаным тынар – деп,
Алмамбет кетсе Бээжинден
Азиз кан журтта сынар – деп,
Мен үчүн кылган мээнети,
Белгилүү журтка сөөлөтү.
Кезегинде Азиз кан
Келип турган дөөлөтү.
Кыялына сыйдырып,
Кыздардын баарын жыйдырып,
Кызыгып токтоп калар – деп
Кытайча ника кыйдырып,
Кызга кошуп Алманды,
Бакка койгон Азиз кан.
Алтын такка миндирип,
Такка койгон Азиз кан.
Чыйтайдын кызы Суксурду,
Баскан жерим жыргал бак.
Чыным менен магдырап,
Жаткан жерим жыргал бак.
Кызмат кылбай кыз менен
Жаткан жерим жыргал бак.
Лоотай кызы тууруна
Түшкөн жерим жыргал бак.
Кол кармашып бир жүрүп,
Ойногон жерим жыргал бак.
Бейсайып адам келтирбей,
Коргогон жерим жыргал бак.
Калдайдын кызы Каркыра
Сырдашкан жерим жыргал бак.
Кыздарга кошуп боюмду
Жыргашкан жерим жыргал бак.
Ортого шербет аш коюп,
Курдашкан жерим жыргал бак.
Кызыгына кыздардын
Баткан жерим жыргал бак.
Кызмат кылбай кыз менен
Жаткан жерим жыргал бак.
Акыретке дүйнөнү,
Саткан жерим жыргал бак.
Мусулманга дин издеп,
Качкан жерим жыргал бак.
Беридей болгон кыз менен
Жүргөн жерим жыргал бак.
Кызык доорон кыз менен
Сүргөн жерим жыргал бак.
Падышалык алтын так
Минген жерим жыргал бак.
Манжууларды эр Алмаң
Билген жерим жыргал бак.
Бала кезде магдырап
Жүргөн жерим жыргал бак.
Кызыгына кыздардын
Күлгөн жерим жыргал бак.

Кайсы бирин айтайын
Каран калган курган бак.
Ээси кетип эңгиреп
Ээн калып турган бак» –
Деп айтып кебин болтуруп,
Көзүн жашка толтуруп.
Жана карап турбады,
Сарала ат мойнун бурбады.
Бет алдына жол басып,
Береңиң Алмаң көөнү азып,
Бастырып чыкты шартылдап.
Бадана кийип жаркылдап.
Кеңеш кылчу кезеңге
Куш салуучу өзөнгө.
Бастырып Алмаң барыптыр,
Байкап көзүн салыптыр.
Кайгы толуп ичине
Кан Алмаң карап калыптыр.
Мууну кетип болкулдап
Тула бою солкулдап.
Сыргакка Алмаң кеп айтат,
Сыпатын Алмаң эми айтат:
– Ушул турган ач кайкы,
Келип түшчү кезеңим.
Алды жагы тармал саз,
Куш салуучу өзөнүм.
Ушул кезде Алмаңдын
Келип турган кезегим.
Атамдын жери Бээжинде
Алакандай бир кыштак,
Мусулман болуп калганда
Канетип мындан безейин.
Кызыталак дүйнөнүн
Ким кылыптыр эсебин.
Көрдүңбү Сыргак жеримди,
Көңкү кытай элимди?
Каркылдап жаткан казы бар,
Куш салуучу көлүмдү.
Туйгун салчу сазымды
Өрдөк, чүрөк, казымды,
Жер үстүнөн ким табат
Жерден мындай асылды.
Куп ылайык жерин көр,
Куш салуучу сазын көр.
Куркулдап учкан казын көр,
Өлөңүн көр да, сазын көр.
Өрдөк, чүрөк, казын көр,
Алтын, күмүш ташын көр.
Адамды көрсө кундузу
Сууга кирген машын көр.
Кундузу сууга тойлогон
Кумга чыгып ойногон
Мелтиреп аккан суусун көр.
Безбелдек менен куусун көр,
Кашкайып аккан суусун көр.
Кашкалдак менен куусун көр,
Жигитти жиндей эсирткен
Жыргалдуу жердин буусун көр.
Өзөнгө бүткөн талын көр,
Өрт алып кеткен Бээжиндин
Бирин көрбөй баарын көр.
Кыдыра кырчын талын көр,
Кызыталак Бээжиндин
Кыраанын Сыргак баарын көр» –

Деп Алмаң айтып токтолду,
Экинчи сөзү жок болду.
Эми ордого барам – деп
Оёнуң Алмаң жөнөдү.
Кол салышпай душмандын
Кордугуна көнөбү.
Наркы атасы Чылаба
Намысын колдоп береби.
Берендиги болбосо
Бээжинге жалгыз келеби.
Толкуп чыккан баатырдын
Толуп жатат өнөрү.
Оён Алмаң шартылдап,
Ордого жүрдү ойнотуп.
Каршы айткан жанды какшатып,
Карсылдатып сойлотуп.
Баң базардын ичинде
Балкып жүрөт эр Алмаң.
Мас болгондой дууланып
Шалкып жүрөт эр Алмаң.
Бетине адам келе албайт,
Сөзүнө жооп бере албайт.
Кайсы кандын уулу – деп
Таңыркап жүргөн андан көп.
Сыпатын көрүп берендин
Таң калган адам чандан көп.
Кан Сооронду атасы
Кадырлуу Шая иниси.
Баң базардын ичинде
Андан башка кимиси.
Булар кеткен кеңешке
Манас менен эгешке.

Тактасында каны жок,
Тартышчунун баары жок.
Ордосунда каны жок
Оёндордун баары жок.
Адамында саны жок,
Аскеринин баары жок.
Ээн калган ордого
Эр Алмамбет кириптир,
Эрки менен аралап,
Багын көрүп жүрүптүр.
Алтын ордо тышында
Аңгемелер ушунда.
Чөккөн нардай койкоюп,
Эшикте жатат кызыл нар.
Нар деп барса жанына
Нар эмес, алтын кызыл зар.
Аңгемеси бир далай
Алда канча кызыл нар.
Айбан деп барса жанына
Алтын,күмүш,асыл зар.
Алтындан кылган нарлары,
Аз болгондо миңче бар.
Кан Алмаң айтты Сыргакка,
Казынабыз ушул – деп.
Казына тышта турганы,
Канга болбойт кысыр – деп.
Кыжылдаган кытайдын,
Ырасмиси ушул – деп.
Тамга солоп салбайт – деп
Тартып адам албайт – деп.
Сезген менен иши жок,
Сездире турган киши жок.

Алтындан кылган түркүккө
Аттарын байлай салышып,
Аңгемелүү баатырлар
Андан өтүп барышып.
Мейманкана кырк сарай
Кошун жатчу жүз сарай,
Каалгасы сом калай.
Бекемдиги бир далай
Бого кирди эр Алмаң.
Опаасыз дүйнө шум жалган,
Кызыгып дүйнө чиркинге
Кылып жүрөт көп арман.
Муну көрүп бүтүрүп,
Жана Алмамбет күтүнүп.
Сарайдан чыгып койкоюп
Жанында Сыргак бойпоюп.
Ичи күйүп чок болуп,
Тура албады токтолуп.
Оён Алмаң турбастан
Ордого басты октолуп.
Кан Алмамбет кайгырып,
Капа болуп зилине.
Калың кытай калкынын
Каршы болуп динине.
Сыпатын бузуп сурданып,
Сыр айтпады бирине.
Ачтырып эшик доргого,
Алмамбет кирди ордого.
Бура тартып турбастан,
Бурулуп моюн бурбастан,
Тикирейип тик басып,
Алмамбет басты тагына.
Алла Таала жашында
Артык берген багына.
Алтын так калып Бээжинде
Кеткен диндин агына.
Орто үйүндө тилисым
Оёнуң койгон чеби бар.
Ойлонбой келген адамды
Онтотуп салчу кеби бар.
Кантээр экен Сыргак – деп,
Сыргакты жүрдүм сырдап – деп.
Кеби салкын эр эле
Кетпесин ишим ырбап – деп,
Бир көрөйүн Сыргактын
Баатырлыгын ылгап – деп,
Сыргакка сырын айтпастан
Тик басып Алмаң жөнөдү.
Кайдан билсин эр Сыргак
Алмамбеттин өнөрүн.
Элебеген азамат,
Тилисымдин тетигин
Сыргак басып алыптыр,
Тик көтөрүп Сыргакты
Чалкасынан салыптыр.
Бажырайып бул ишке
Эр Алмаң күлүп калыптыр.
Чочуп калды Сыргагың,
Сезбей турган чыйрагың.
Алмамбетке нени айтат
Сыргактын кебин тыңдагын.
«Калдалаңдуу кытайым,
Кытай сени жутайын.
Колу, бутуң сындырып

Өз үйүндө бутайын.
Башынан бери ойлонуп,
Сактап жүргөн кебимди
Өз үйүнө келгенде
Ала турган кегиңди
Шыйрагымдан көтөртүп,
Чырлуу жорук баштадың.
Так төбөмдөн сайылтып
Таамай жыгып таштадың.
Чырыңды салсаң сала кой
Чырыңдан Сыргак качпадым.
Чын жери сенин үйүнө
Чычып коё таштадым.
Чочуганда эрдик жок,
Чоюлганда кеңдик жок.
Чын сырыңды айта сал,
Жыгылдым, турдум теңдик жок.
Эми эр Алмамбет кеп айтат,
Эр Сыргакка деп айтат:
«Тамаша кылдык бу жайга
Таарынып болбойт мындайга.
Ойлонбопмун, билбепмин
Оюма алып жүрбөпмүн.
Арстан Сыргак өзүңдү
Алдыма салып кирбепмин.
Жаман пейил жан болсо,
Жамандык кылчу кан болсо,
Каршылык кылчу душманым
Калк ичинде бар болсо,
Карк этип кабар салсын – деп,
Кабарды Алмаң алсын – деп,
Өзүм койгон тилисым.
Эстеп жүрөм кимисин.
Айыбымды кечир эр Сыргак,
Арстан эрдин бирисиң.
Арстан Сыргак бул ишке,
Айыптуу кылбас инисиң» –
Деп баатыр Алмаң бул иштин,
Баянын айтып билдирип,
Карсылдаган эр Алмаң
Кан Сыргакты күлдүрүп.
Жана кирди эрмекке –
Жайын айтып бермекке.
Баатыр Сыргак ойлонуп,
Баарын жүрөт көрмөккө.
Үйгө киши турба – деп,
Өкүмүмдү тыңда – деп,
Өкүмүмдү тыңдабай,
Өлүп калып курба – деп,
Жан калтырбай үйүнө
Сүрүп чыкты баарысын.
Эч болбосо койгон жок,
Эңкейип калган карысын.
Эр Алмаңдын ойлоп кой,
Адамдын бешин алышын.
Отуз бөлмө үй экен
Баарын көрүп кыркындап,
Оён Алмаң токтобой,
Оолугуп жүрөт шылкылдап.
Кемпирлер чочуп домок – деп,
Кайдан келген конок – деп.
Конок бизди сомдойт – деп,
Үйгө олтуруп болбойт – деп.
Коркоктун баары жорголоп,

Бирине бири корголоп.
Саркерделер сабылып,
Жалпы чыкты жабылып.
Каргашага учурап
Калбайлык деп кабылып.
Үйгө киши калбастан,
Үркүп чыкты баарысы,
Кеп-кеңешке барбаган,
Кемпир-чалдын карысы.
Эшикке чыкты ээлери
Ээн калды үйлөрү.
Баары чыкты турбастан,
Суракчы дорго,бийлери.
Алмамбеттин энеси –
Канчайым байкап сөзүнөн,
Окшоштурат чоң кемпир,
Оёнунду көзүнөн.
«Кулакка жакшы угулат,
Айткан кеби булбулдай.
Сакалы сары болбосо
Сагынган балам туйгундай.
Эки эмчегим зыркырап
Ооруп калды ийгенден.
Эшикке басып чыккым жок,
Бул баланы сүйгөндөн.
Армандуу бенде ар кандай
Айтылат экен күйгөндөн» –
Деп Канчайым карап чекчейип,
Жашка жеткен кексейип.
Алмамбет кайдан келсин – деп
Ал дагы чыкты бөкчөйүп.
Эли-журтун карабай,
Энем бар деп санабай.
Эр Алмаң жүрөт кымпыйып.
Сыр алдырбай зыңкыйып.
Сыргак жүрөт жанында
Сөз сүйлөбөй тымпыйып.
Сарайдын баарын санжаптап
Тамам көрүп алган соң,
Кан Алмамбет кайрылып
Өз үйүнө барган соң,
Эр Алмамбет кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
Баян кылып сырларын,
Башынан өткөн чырларын.
Малдаш куруп олтуруп,
Масылат кебин болтуруп.
Кейигенден Алмамбет
Көзүн жашка толтуруп.
«Атаң арман дүйнө – деп
Опаа кылат кимиңе,
Арбак урган көп кытай
Тура албадым диниңе.
Кайрылып келип ок аттым
Капыр кытай зилиме.
Учурашып кетпедим,
Урматтуу Шая иниме.
Он алты жашта оюлуп
Атагым канга коюлуп,
Бул алтын тактын үстүндө
Жатуучу элем чоюлуп.
Салтанаттуу жыргаган
Тагым ушул эр Сыргак,
Таажы кийип кан болгон,

Багым ушул эр Сыргак.
Түрк уулуна кор болгон,
Чагым ушул эр Сыргак.
Салтанат куруп олтурган,
Үйүм ушул эр Сыргак,
Түрк уулуна кор болгон
Күнүм ушул эр Сыргак.
Калың журтка кан болгон
Дөөлөтүм ушул эр Сыргак.
Кара жанды жыргаткан
Сөөлөтүм ушул эр Сыргак.
Кан болгон Алмаң жашында,
Казы,мупту кашымда,
Азиз кан атам мага арнап
Салдырган үйү башында
Он эки бөлмө үй эле.
Бири сурак кылуучу,
Бирине бийлер туруучу,
Ортодогу чоң үйгө
Оёндордун баарысы
Олтуруп кеңеш кылуучу.
Кан турган үйдү ордо – дейт.
Казыны кытай дорго – дейт.
Бек турган үйдү ордо – дейт.
Бийлерин кытай дорго – дейт.
Казыларым кашымда,
Дорголорум жанымда.
Оён Алмаң баатырдын
Обозгерлер алдымда.
Сөөлөттү мен да сүргөмүн,
Ушул үйгө киргемин.
Орто Бээжин, Туңшаны
Оюм менен билгемин.
Бажырайып бала кез
Башка таажы кийгемин.
Алдыңда турган алтын так,
Алмамбет шордуу мингенмин.
Баатыр Алмаң муну айтып,
Кара жанды муңайтып.
Алтын тактын үстүнө
Алмамбет чыгып олтурду.
Кезегинде сүйлөгөн
Кебин айтып болтурду.
Кемпир-чал акың менде – деп,
Көзүн жашка толтурду.
Алтын так турат ордунда
Атанын акы мойнумда.
Падышалык салтанат
Баарысы турат ордунда.
Эмгектүү дүйнө кантейин,
Энемдин акы мойнумда.
Дуудуунун кызы Бирмыскал
Болбодум мунун ойнунда.
Жабыры көп байкуштун,
Жатпадым бир күн койнунда.
Башка адамга тийбептир,
Пашаны мендей сүйбөптүр.
Алмамбет өлдү деп айткан
Айныткан кепке кирбептир.
Чекесин уктум бирөөдөн,
Чебер чендүү күйбөптүр.
Аза күтүп мен үчүн
Турган экен ордунда.
Мунун да акы мойнумда,

Көзүнүн жашы мойнумда.
Алтын так минип Бээжинди
Алты жыл сурап турбадым.
Атанын акын кечирип
Алдында кызмат кылбадым,
Ал арманым дагы бар,
Армандан Алмаң тынбадым.
Элимди бийлеп кан болуп,
Эки жыл сурап турбадым.
Эненин акын кечирип
Эгилип кызмат кылбадым,
Бул арманым дагы бар.
Эмгектен Алмаң тынбадым.
Кантейин кемпир-чал
Карып кеткен кезиңде
Кемпир-чалдын акысы
Кеткен менин эсимде.
Кара динден ак динге
Какшасам атам болбоду,
Канчайым энем кетпе – деп,
Ак жолумду торгоду.
Каары көп дозоктон,
Кан Алмаң жанын коргоду.
Тура албадым Бээжинге
Тумшуксуз кытай бейдинге.
Арстан Алмаң токтобой,
Анан кеттим ак динге.
Тура албадым динине,
Тумшуксуз кытай зилиме.
Учурашар күн барбы?
Мен кеткенде тапкан иниме.
Инимдин атын Шая – дейт,
Он алты жашта бала – дейт.
Кадыры калкка өтө элек,
Баланын иши чала – дейт.
Ата арман дүнүйө
Арбыды эмгек күнүгө.
Алтын такка миндирип,
Ардактап баккан атам – деп,
Толук кызмат кылбадым,
Толуп жатат катам – деп.
Арстан Сыргак оёнум,
Ал себептен капам – деп.
Ак сүтүн мага эмизип
Татты тамак жегизип,
Калың кытай калкына
Кан Алмамбет дегизип.
Эркелетип өзүмдү,
Эркимче баккан энем – деп.
Эгем Таала буюрган,
Энеге кызмат менен – деп.
Энеге кызмат кылбадым
Кайдан бейиш белен – деп.
Энемди сүрдүм эшикке
Чычтым бейм Сыргак кешикке.
Каарымды көргөндө
Канчайым үйгө туралбай
Качып чыкты бөкчөңдөп,
Не кыларын биле албай,
Элдин арка жагынан,
Эң кийин чыккан байбиче
Байбиченин баянын
Айтайын сага билгизе.
– Ушул менин энем – деп

Энемдин бейли кенен – деп.
Энеге кызмат кылбадым,
Мага кайдан бейиш белен – деп.
Баатыр Алмаң бек ыйлап,
Басылбастан көп ыйлап.
Капалыгы таркабай,
Канча ыйласа чарчабай,
Көзүнүн жашын көл кылып,
Көп ыйлады Алмамбет.
Энеси үчүн кайгырып,
Бек ыйлады Алмамбет.
Жана Алмамбет кеп баштап,
Жайы ушундай деп баштап.
Өткөн ишти баяндап,
Кепке кирди аяндап.
Сырдынын уулу Сыргагым,
Сыпатымды тыңдагын.
Алжырайт деп Алмамбет,
Айтканым айып кылбагын.
Он ай энем көтөрүп,
Тууган үйү ушул үй.
Ажарымды катындар
Жууган үйүм ушул үй.
Киндигимди кескен үй,
Киримди жууп эзген үй.
Кулагымды кудайым
Кудурет менен тешкен үй.
Арстан Алмаң дин издеп
Алтын тактан кечкен үй.
Арманы көп Алмамбет
Ата-энеден безген үй.
Кан болуп сурак кылган үй,
Канча жылы турган үй.
Ээси кетип эңгиреп,
Ээн калган курган үй.
Алтын такка минген үй,
Анжууларды билген үй.
Кан Алмамбет кирген үй,
Кандык доорон сүргөн үй.
Арстан Алмаң берендин
Арман түшүп өзүнө
Ал аңгыча баатырдын
Көрүндү сүрөт көзүнө.
Бала кезде тарттырган,
Сүрөтү түштү эсине.
Сары алтын менен каптаган,
Жакшы багып сактаган.
Эртели-кечти көргөндө
Энеси багып баптаган.
Баатыр Сыргак көрдүңбү,
Мына бу турган сүрөттү.
Бүтүн Бээжин шаарына
Сүрөт салган дүмөктү.
Бажырайып карачы,
Башында тарткан сүрөтүм.
Жаңы өспүрүм бала кез,
Жашымда тарткан сүрөтүм.
Мен кеткен соң сүрөткө
Энем кубат кылгандыр.
Алмамбетти көргөндөй,
Эрмек кылып тургандыр.
Сүрөтүмдү сүйгөндүр.
Күндө көрүп жүргөндүр.
Бейли жумшак байбиче

МАНАС

Мен үчүн ыйлап күйгөңдүр.
Бажырайган жаш кезде
Балалык дөөлөт мас кезде,
Сөөлөткө тартып койгомун.
Баатыр Сыргак ойлонгун,
Эми Сыргак жүрмөк – деп,
Эрте жолго кирмек – деп.
Калдайдын уулу капырдын
Кан Коңурбай баатырдын,
Кабарын анык билмек – деп.
Каспаңдын кара тоосунан
Как Бээжиндин оозунан,
Карагайлуу коосунан,
Жылас болгон калдайдын
Жылкысын айдап сүрмөк – деп,
Балдыраган чочконун,
Баатырлыгын билмек – деп.
Оён Алмаң оштонуп,
Ордунан турду козголуп.
Оёндугун карматып,
Ордодон чыкты октолуп.
Шамдагайы белгилүү,
Шапа-шупа ат минип,
Сандыргалуу баатырлар
Ат мингенде бат минип.
Баатырлар түштү жолуна
Башта деп кудай оңуна.
Баатырлар кандай иш кылат,
Байкаңар иштин соңуна.

14-бөлүм

АЛМАМБЕТ МЕНЕН СЫРГАКТЫН КАСПАҢДЫН ТООСУНАН КАЛЫҢ ЖЫЛКЫНЫ СҮРГӨНҮ. КОҢУР КАН КОШУНУ МЕНЕН БАРЫП, ЭКИ КОШУНДУН БЕТТЕШКЕНИ

Баатыр Алмаң каныңар,
Байкап кулак салыңар.
Сырдынын уулу эр Сыргак
Тегин эмес аныңар.
Албан түрлүү иши бар,
Андан кабар алыңар.
Баатыр Алмаң, эр Сыргак
Бастырып чыкты шаңданып,
Кайсы кандын уулу – деп,
Кытай жүрөт таң калып.
Көчө менен каргытып,
Көсөмдүгүн арбытып.
Жөн сураган адамга,
Жөнүн айтпай чаргытып.
Чоң капкадан өтүшүп,
Далай жерге кетишип.
Каспаңдын кара тоосуна
Кабылан эрлер жетишип.
Намаз дигер, намаз шам,
Ортосунда барышып.
Оолудагы жылкыга,
Оёндор көзүн салышып.
Каалгалуу дарбаза
Капкага жетип барышып.
Карагайдан кылдырган
Капкасын далай тундурган.
Айланасы чеп экен,
Жылкысы ченсиз көп экен.
Далайлык менен алгандай,
Дарбазасы бек экен.
Кабылан Алмаң, эр Сыргак,
Кайраттанып чалкалап,
Калайдан кылган капканы,
Ай балта менен талкалап.
Аяктай болгон чоң кулпу,
Ыргыта чаап салышып.
Калың жылкы камаган,
Капкасын ачып салышып.
Берендер белин байлашып,
Жылкы жыйнап айдашып.
Мылтык атып тарсылдап
Добул кагып карсылдап.

Алма баш үнү чаңырып,
Добулдун үнү жаңырып.
Арстан Алмаң, эр Сыргак
Аралап кирди ойнотуп.
Бет алдына келгенде
Бекер өтпөй сойлотуп.
Жылкычыны кыйратып,
Жыластын баарын ыйлатып.
Кара кулду байлашып,
Жылкыга кошуп айдашып.
Балдактуу кула сурчаны,
Сүрүп чыкты жайнатып.
Капкасын чагып сындырып,
Кан Алмаң ишин тындырып.
Добулдун үнү тарсылдап,
Жан кулакты тундуруп.
Кара курттай жылкыны,
Айдап чыкты жылдырып.
Балдактуу кула сур жылкы,
Минилбеген кор жылкы.
Таптап чыкты талааны,
Капкадан тышкы калааны.
Карт күрөңдү агытып,
Жылкынын салды артына,
Кан Алмаң келген башында,
Жылкы алуунун кастына.
Жылкысы тийип колуна,
Эр Алмаң түштү жолуна.
Көчөгө салып дыргытып,
Көчөнүн чаңын бургутуп.
Жолго салып дыргытып.
Жолдун чаңын бургутуп.

Чаң асманга созулуп,
Булутка барып кошулуп.
Калкынын баарын ыйлатып,
Качырын чаңдан туйлатып.
Кабылан Алмаң, эр Сыргак,
Канча жанды кыйратып,
Элинин баарын ыйлатып,
Эшегин чаңдан туйлатып.
Эр Алмамбет, эр Сыргак,
Эсепсиз жанды кыйратып.
Кезиккенди кыйратып,
Кемпир-чалын ыйлатып.
Көпүрөдөн өтүшүп,
Көсөмдөр ишке жетишип.
Көпүрөдөн өткөн соң,
Карагулду чечишип.
Каныңа кабар бергин – деп,
Кайратың болсо келгин – деп.
Калың түрктөн кол келген,
Калабамды көргүн – деп.
Бегиңе кабар бергин – деп,
Бел байласаң келгин – деп.
Мен Алмамбет оёнмун,
Берендигим көргүн – деп.
Капкалуу шаар Бээжинди
Көтүндү кысып бергин – деп.
Манасым бар башында.
Бакайым бар кашында.
Төрө Төштүк башында
Үрбү, Көкчө кашында.
Тогуз кандан кол келди,
Толук болуп мол келди.

Токсон бир түмөн кол келди,
Жер майышкан мол келди.
Баатыр Алмаң төрөгө
Баарысы келип жол берди.
Калаба салбай Бээжинге
Канетип чыдап турамын,
Каргашалуу калчаны,
Өлбөсөм ойрон кыламын.
Каныңа чочко баргын – деп,
Кабарды мыктап салгын – деп,
Кара кулду кайтарды,
Кан Коңурдун өзүнө.
Кайраты кабат баатырдын
Кулак салгын сөзүнө.
Кан Коңурбай канга айт – деп
Канча түрлүү жанга айт – деп.
Билеселүү ноёндон,
Миңге айтмактан санга айт – деп.
Кан Алмамбет келди де,
Келгенин көзүм көрдү де.
Каспаңдан жылкы алды де,
Калабаны салды де.
Бар Карагул кеткин – деп,
Баатырыңа жеткин – деп.
Баатыр болсоң бат келгин,
Пайдасы жок кептин – деп.
Карагул кайтты элине
Кан Коңурбай бегине.
Баатыр Алмаң, эр Сыргак,
Максаты тийип колуна.
Шатыратып жылкы айдап,
Бара турсун жолуна.

Карагулда не кеп бар,
Караңар сөздүн соңуна.
Карагул барды кансырап,
Кан Коңурбай чоңуна.
Таңдын эре-середе,
Карагул барды кандарга.
Калк бийлеген жандарга.
Кан Коңурбай заңкарга.
Барган замат кеп айтат.
Кеп айтканда бек айтат.
Каргашалуу Алмамбет
Жылкыны алды деп айтат.
Анык көрдүм көз менен
Айтып келдим сөз менен.
Ачып кетти уйкумду,
Байлады бекем колумду,
Көрүп келдим сонунду.
Сарпоочтоп атка байлады,
Эки көзүм жайнады.
Жылас кул атка бек байлап,
Жылкыга кошуп айдады.
Тышкы кыштак калаада,
Калаалык калды балаага.
Жандын баарын кыйратып,
Жамандын баарын ыйлатып.
Кол жеткенди кыйратып,
Коркоктун баарын ыйлатып.
Капкаларын кыйратып,
Катын-кызын ыйлатып.
Качырын чаңдан туйлатып,
Эшиктерин кыйратып,
Эсерлерди ыйлатып,

Эшектерин туйлатып,
Бүлдүрүп кетти элиңди,
Сындырып кетти белимди.
Кой Коңурбай кебиңди,
Көрөбүз эми деминди.
Көпүрөдөн өткөн соң,
Чечип койду колумду,
Арбак урган буруттан,
Көрүп келдим сонунду.
Кан Коңурга бар – деди,
Кабарды менден сал – деди.
Баатыр болсо келсин – дейт,
Барк салышып көрсүн – дейт.
Мыкты болсо келсин – дейт,
Мык салышып көрсүн – дейт.
Капкалуу Бээжин шаарымды,
Көтүн кысып берсин – дейт.
Көтүн кысып бербесе,
Калабамды көрсүн – дейт» –
Деп Карагул айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Кытайлардын чоң калдай,
Кыр мурундуу Коңурбай,
Бурулуп мурут тик чыгып,
Жаадан жарып түк чыгып.
Ачуусу келип арбайып,
Чоң муруну дарбайып,
Алмамбет сени жебесем,
Ант ургурду көрчү – деп.
Ар качандан, бир качан,
Латманатка берчү – деп.
Көптөн качкан көйрөң кул,
Көргүлүктү көрчү – деп.
Элден качкан эсер кул
Эр Коңурдан өлчүү – деп.
Кылычын кыя байланып,
Бар жарагын шайланып,
Эр Коңурбай бек айтып,
Элине карап кеп айтып.
Кошунду азыр жөнөт – деп,
Амбалдарга көп айтып.
Көз алдымда жөнөт – деп,
Жөнөбөгөн өлөт – деп.
Жардыгын айтып Коң төрө
Атка минди жык болуп,
Асилет жарак чук болуп.
Алмамбет десе бук болуп,
Ошол качкын кулду соём – деп,
Канын ичип тоём – деп.
Соо өлбөгөн эшекти
Сомдоп таштап коём – деп.
Баатыр Коңур оштонуп,
Бар кайраты козголуп.
Алмамбет сенин дартың–деп,
Тура албады токтолуп.
Кыл такыя, кызыл чок,
Кылымда мындай баатыр жок.
Бөйрөмчөлүү күрмөсү,
Күрмөдө алтын түймөсү.
Тубар күрмө, туура жең,
Туюк өтүк кончу кең,
Торгун чепкен жакасыз,
Чопдор өтүк такасыз
Кең багалек, чоң чалбар,

Келишимдүү бу дагы.
Келберсиген Коң төрө
Кейип турган убагы.
Белдемчи, соот, кыягы
Бендеден башка сыягы.
Беттешип душман келгенде,
Берендер карап турабы.
Арстаны буйрук кылган соң,
Аскери карап турабы.
Аскер турган чук болуп,
Ичи бышып бук болуп.
Калың кошун калкылдап,
Каптап толду жык болуп.
Алтын айчык асыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Асаба желек делбиреп,
Кошундун көбү эндиреп.
«Таталалап!» буркурап,
«Чакалалап!» чуркурап.
Адамында кезек жок,
Ат мингенде эсеп жок,
Жөө жүргөндө санак жок,
Өлүмдөн башка талап жок.
Бил мингенден бир канча
Керик мингенден бир канча.
Коломолуу калың кол
Кошун жүрдү кылкылдап.
Айтылуу баатыр Коң төрө
Алдына түштү шылкылдап.
Алкарасын каргытып
Аңгемесин арбытып.
Аз гана эмес мол менен,
Калың кошун кол менен.
Айсал-буйсал кылбастан
Жөнөп чыкты жол менен.
Муну мындай коюңар,
Ар нерседен ою бар.
Алмамбет, Сыргак баатырдын
Кабарында болуңар.
Айкөл Манас каныңар,
Андан да кабар алыңар.
Баатыр Чубак, Жойбур бар,
Буга да кулак салыңар.
Кабылан Манас, эр Чубак,
Кароол карап беш убак.
Кашындагы Жойбуру,
Бу да өзүнчө бек чыйрак.
Тал чокунун белинде
Каңгайлардын жеринде
Дүрбү салып көзүнө.
Карап турган ченинде.
Арстан Алмаң, эр Сыргак
Айкөлүңдүн эсинде.
Кандай заман болду – деп,
Санап турган кезинде.
Алмамбет менен Сыргакты
Самап турган кезинде.
Байкап кулак салыңар,
Баатырлардын сөзүнө.
Чачырап чак түш болгондо
Чаң көрүндү көзүнө.
Тааный албай көз менен
Таамай айтпай сөз менен.
Туманбы – деп, чаңбы – деп,

Түрүлтүп сүргөн малбы – деп.
Калдайтып калың кол менен
Же кан Коңурбай канбы – деп,
Баатырлар антип жүргөндө,
Жатышыбыз жолбу – деп,
Айкөл Манас, эр Чубак,
Атка минди шаңданып.
Не болсо да жолунда
Туралык деп камданып.
Көсөм Чубак, эр Манас
Көрүнгөн жанга таңданып.
Ал аңгыча чаң келди,
Алмамбет, Сыргак кан келди.
Жыбыраган көп сурча,
Жылдырып жылкы мал келди.
Ажыбайдын карт күрөң,
Алдына түшүп алыптыр.
Алмамбет, Сыргак баатырлар
Айгайды арбын салыптыр.
Көп жылкыны түрүлтүп,
Көшөрүп кууп алыптыр.
Соога баатыр, соога – деп,
Манас жетип барыптыр.
Баатыр Алмаң, эр Сыргак
Салам айтып салыптыр.
Бажырайып эр Манас
Саламга алик алыптыр.
Төрө Алмамбет, эр Сыргак
Соога баатыр болсун – деп,
Өрүшкө жылкы толсун – деп,
Оёндор тура калыптыр.
Жылкыны көрүп жубанып,
Баатырларга кубанып.
Эр Алмамбет баатырдын
Эрдигине ынанып,
Жылкыны жолго салыптыр,
Жымырайып калыптыр.
Эми баатыр Манас кеп айтат.
Кеп айтканда – деп айтат.
– Менин айткан кебимди
Баатырлар уккун – деп айтат.
Чатыратып жылкы алган,
Баатырдын иши болот – деп,
Кабарлашып кетпеген,
Катындын иши болот – деп.
Калың жылкы артынан
Кан Коңурбай жетүүчү,
Калдайдын уулу капырга
Кабарлашып кетүүчү.
Калдай менен челишпей,
Кайратын байкап көрүшпөй.
Каза жетип күн бүтсө,
Качырткыда өлүшпөй,
Бул жылкыны алабыз,
Салкар жолго салабыз.
Учан түрктүн уулуна
Уялбай кантип барабыз.
Каргашалуу кан дарга
Баарысы мыкты арстан – деп,
Малдан көзү каткан – деп,
Ууят болуп калабыз.
Жылкыны жолго салыңар,
Жакын калды арабыз,
Чалгынга баатыр баруучу,

Чаңдатып жылкы алуучу.
Кубалап келмек эрликтен,
Куткарып алмак шерликтен.
Жойбурум жолго салгын – деп,
Көкөңдү кошуп алгын – деп,
Өзүң көргөн жол менен
Бакайга айдап баргын – деп.
Жойбурду салды жолуна,
Жылкыны салды колуна.
Жойбур озуп кеткен соң,
Далай жерге жеткен соң
Айкөл Манас, эр Чубак,
Айтылуу Алмаң, эр Сыргак,
Бажырайып жол тосуп,
Марап турган кезинде,
Капкалуу Бээжин, Туңшаны
Карап турган кезинде.
Түрүлгөн кошун кол көрдү,
Түш кынтайган бешимде.
Ал аңгыча артынан
Күйдүм–деп Манас дартынан,
Калчалардын Коң төрө
Кайраты кабат чоң төрө
Кардыгып үнү каркылдап,
Кабарын айтып шартылдап,
Оёнуңдун башында
Отого таажы жаркылдап,
Булгары тердик теминги
Бутка тийип шаркылдап,
Алкарасын чуратып,
Канжадан түтүн буратып,
Атагын айтып анжуулап,
Ураанын айтып манжуулап,
Айчыгы алтын туу менен
Алда канча дуу менен,
Көк жаңырган чуу менен
Жер жаңырган дуу менен,
Түрүлгөн түмөн кол менен
Түрүлтүп айдап жол менен,
Кайнаган калың кол менен
Колун айдап жол менен
Айгайды кабат салыптыр,
Алдына түшүп алыптыр.
«Качпа Манас, качпа!» – деп,
Калдай жетип барыптыр.
Алмамбет бузук кайда? – деп,
Бул иши мага пайда – деп,
Кабылан Манас баатырга
Качырып найза салыптыр.
Чарайна чак тигилип
Найзасы тайып калыптыр.
Баатырың Манас оштонуп
Баатырлыгы козголуп,
Тура албады токтолуп.
Арбак урган калча – деп,
Ал-кубатың канча – деп,
Манас да найза салыптыр.
Ууру калган Айбанбоз
Өксүтө сайып калыптыр.
Каран калган Айбанбоз
Кара суунун балчыкка
Колун салып алыптыр,
Козголбой туруп калыптыр.
Жолборстон күчтүү Коңур кан,

Жонунан найза салыптыр.
Айкөл Манас султаның
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден көчүк кынтайып,
Ат жалына барыптыр.
Туурасынан эр Сыргак,
Туйгунуң найза салыптыр.
Кыйгачынан келтирип,
Кый сүбөөгө малыптыр.
Жанынан жолборс табылып,
Баатыр Сыргак кабылып,
Алкаранын Коңурбай,
Капталына чабылып,
Аттан түшүп калыптыр.
Анжуулаган көп кытай,
Арага түшө калыптыр.
Ажыратып алыптыр.
Баатырың султан оңдонуп,
Башынан иши оң болуп,
Арбактар колдоп салыптыр.
Аман-эсен калыптыр.
Сандыргалуу эр Алмаң
Сапырылтып сан колду,
Жалгыз айдап алыптыр.
Кыйла кыргын салыптыр.
Акбалтанын эр Чубак
Ач кыйкырык салыптыр.
Алдына салып көп колду,
Ал дагы айдап алыптыр.
Кылыч менен кыйратып,
Кыйла кыргын салыптыр.
Эр Чубак айгай салганда,
Эсерлер эстен таныптыр.
Эрендердин баарысы
Үнүнөн чочуп калыптыр.
Кабылан Чубак баатырдын
Ач арстандай үнү бар.
Айбаты жандан башкача,
Ажыдаардай сүрү бар.
Азирет Аалы шаймерден
Колдой турган пири бар.
Алмамбет,Манас болбосо,
Ак калпак түрктүн уулунда
Акбалтанын Чубактан
Артык болор кими бар.
Жүрөгүңдө жүнү бар,
Жүрөктү жарган үнү бар.
Чубак жүрөт бакырып,
Көп кытайды жапырып.
Кылыч менен кыймалап,
Канын суудай сапырып,
Ал аңгыча түн кирип
Көз байланып калыптыр.
Көй кашкалар камалып,
Капчыгайга барыптыр.
Баатырдын баары жыйналып,
Манас аттан кыйналып,
Капа болуп калыптыр.
Калың кытай манжуудан,
Каңгай менен анжуудан
Кыйланы сомдоп салыптыр.
Кыжылдаган көп кытай,
Кыргын таап калыптыр.
Камалып эрлер олтуруп,

Кайратты кабат толтуруп,
Кабылан Манас кеп баштап,
Кеп-кеңешин болтуруп,
Кандарга Сыргак барсын – деп,
Кабарды мыктап салсын –деп,
Масылат кептин баянын
Бакайга кеңеш салсын – деп.
Эрте жөнөп бат жүрүп
Эрлерге кабар бергин – деп,
Таң сүргөндө бу жерге
Кула атты коштоп келгин – деп.
Кула ат колго тийгенде
Аңгемени көргүн – деп.
Кула аттын зары көп өттү,
Эсине албай бөлөктү,
Айкөл Манас султаның,
Эр Сыргакты жөнөттү.
Сыргак кетти турбастан,
Аттын башын бурбастан.
Аңгемелүү эр Сыргак
Аял-буял кылбастан.
Көк текесин каргытып,
Көсөмдүгүн арбытып,
Калыгурдун тоосунда,
Капчыгайдын оозунда
Калың жылкы айдаган,
Эр Жойбурга жетиптир.
Калдалаңдуу иттердин
Кабарын айтып өтүптүр.
Жарым түндө эр Сыргак
Кан Бакайга жетиптир.
Баатыр Сыргак барыптыр,
Бакайга кабар салыптыр.
Абасына эр Сыргак
Айтты салам бөкчөйүп,
Кабылан Бакай абасы
Карып калган кексейип.
Кандай заман болгон – деп,
Карап калды чекчейип,
Алейкума салам – деп
Аманбы балам, Сыргак – деп,
Бу келгениң оң эмес,
Кандай болгон заман – деп.
Баатырың аман барбы – деп,
Баба кызыр жарбы – деп.
Алмамбет аман барбы – деп,
Азирет кызыр жарбы – деп.
Чубак аман барбы – деп,
Чунакка арбак жарбы – деп.
Жойбурум аман барбы – деп,
Жолуңар ачык шарбы – деп.
Шашкаландуу келипсиң,
Бир жабырлуу заман көрүпсүң,
Укканыңды учурбай,
Көргөнүңдү көчүрбөй,
Ачык айтып, ак сүйлө,
Таамай айтып так сүйлө!
Көрдүм балам көзүңдү,
Көзүң турсун өзүңдү.
Сүйүнчүбү башкабы,
Сүйлө Сыргак сөзүңдү!?
Эми баатыр Сыргак кеп айтат,
Бакайына деп айтат.
Манастын көргөн жоругун,

Баян кылып эми айтат.
Сандыргалуу абаке,
Шашып келген ишим бар,
Кара үңкүргө камалган,
Кабылан Манас кишим бар.
Кагылайын абаке,
Сенин кандай түрлүү түшүң бар.
Эр Алмамбет экөөбүз,
Капкалуу Бээжин оозунан,
Каспаңдын кара тоосунан,
Карагайлуу коосунан,
Каалгасын кыйратып,
Катын-кызын ыйлатып,
Калаадан тышкы кыштактын
Качырын чаңдан туйлатып,
Кан Коңурдун сурчасын,
Минилбеген туучасын
Айдап келдик сүрүлтүп.
Аманат жандан түңүлтүп.
Качырткынын белинде,
Каңгайлардын жеринде,
Түйшүгү арбын иш болду.
Түш кынтайган ченинде
Калчалардын чоң калдай,
Калдаландуу Коңурбай
Түрүлтүп түмөн кол менен,
Колун айдап жол менен
Келип калды артынан,
Күйдүм деп Манас дартынан.
Кажыбай туруп сайыштык,
Канча түрлүү тайыштык.
Айбанбоздун дарты өтүп,
Кысылган жерде кайыштык.
Арам өлгөн Айбанбоз,
Баспай калды кубат жок.
Айкөлүмдүн алдында,
Айтылуу буудан Кула ат жок.
Абаке сенин алдыңа
Келип турам уят жок.
Кабылан Манас, Алмамбет,
Акбалтанын эр Чубак
Капчыгайга камалды.
Көрүп келдим заманды.
Кудай билет,ким билет,
Кандарың аман каларды.
Камап калды чоң калдай,
Аман койбойт аларды.
Чапса кылыч өтөбү,
Чакырлоонун ташына.
Нелер келип,не кетпейт,
Азамат эрдин башына.
Кылыч чапса өтөбү,
Кыйырчактын ташына.
Кыйын мүшкүл иш келди
Баатырыңдын башына.
Кайсы бирин айтайын,
Калганын кийин угарсыз,
Кулактын курчун кандырып,
Кумардан угуп чыгарсыз.
Азыркысын келгеним,
Абаңа кабар бер – деди,
Таңдын эре-середе,
Кула атты алып кел – деди.
Кандарга кабар бер – деди,

Калың кошун кел – деди.
Бектерге кабар бер – деди,
Берендин баары кел – деди.
Түркүмө кабар бер – деди,
Түйшүгүмдү көр – деди.
Түрүлгөн түрктүн балдары,
Түн боюнча кел – деди.
Алган жылкы колуңда
Азыр барар жолуңда.
Жойбуруң жылкы башында,
Жолдошу Көөдөн кашында, –
Деп Сыргак айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Баатыр Бакай кеп айтат:
Баяны мындай деп айтат!
– Көй төрөңдү чакыр – деп,
Кеп-кеңешке келсин – деп.
Керилип жаткан төрөлөр,
Кеңеш таап берсин – деп.
Чакырып алды эр Бакай,
Көй төрөнүн баарысын,
Кыраандар мында келсин – деп,
Кыргыл баштуу карысын.
Баарысынан башкача
Эр Ажыбай калсын – деп.
Келтирип алып эрлерди
Кенебеген шерлерди,
Абасы Бакай кеп айтат,
Акыл мындай деп айтат.
Баатыр Бакай кеп айтат,
Баяны мындай деп айтат.
– Манас болсо камалды,
Ойлоңор балдар чаманды.
Жоо жакадан алганда
Жолдошум дебе жаманды.
Ажыдаардын баарысын,
Айдап жүргөн кезегиң.
Арканы жок, жиби жок,
Байлап жүргөн кезегиң.
Ар кимисин сөз менен
Жайлап жүргөн кезегиң.
Камалып калды Манас – деп
Кандарга кабар берчү эмес,
Камалды деп укканда
Кандарың басып келчү эмес.
Эр Ажыбай баргын – деп,
Кандарга кабар салгын – деп,
Шаар бузуп, жылкы алып,
Олжого Манас баатырды,
Оёндугун карматып,
Ойлонбостон жатты де.
Кан Бакайдын алдына,
Кабылан Сыргак келди де,
Кабарды мындай деди де.
Сүйүнчүгө келди де,
Сүйүнгөнүм көргүн де.
Төрө Төштүк, эр Көкчө
Жылкыны өзүң бөлгүн де.
Олжого адам байланчу,
Анан кандар айланчу.
Коломолуу көп кошун
Колуң минтип жайланчу.
Абасы айтып салган соң,
Ажыбай карап турабы,

Абакеси Бакайдын,
Айтканын эки кылабы.
Карала атын каргытып,
Калктын баарын дарбытып,
Кандарга барып кеп айтып,
Как ушундай деп айтып.
Сүйүнчүгө келдим – деп,
Сүйүнгөнүм көргүн – деп,
Төрө Төштүк,эр Көкчө
Жылкыны өзүң бөлгүн – деп,
Манасыңдын марттыгын,
Барып кандар көргүн – деп,
Аксакалдан Музбурчак,
Алтын селде бир кучак,
Эштектердин Жамгырчы,
Өзбектердин Санжысы,
Сандыргалуу бир ноён,
Сарбан таздын Үрбүсү,
Падыша Манас султаның,
Баарыңа салам айтыптыр,
Калктын башын кармаган,
Каныңа салам айтыптыр.
Түрүлгөн түмөн кол менен
Колду салып жол менен,
Түн боюнча кел дептир,
Эртелеп кабар бер дептир.
Каңгайдан алган олжону,
Кандарым келип бөл дептир,–
Деп кабарын айтып канына
Кара, төрө баарына
Кайтып келди Ажыбай,
Кан Бакайдын жанына.

Кан Манас салам айтты – деп,
Кандын баары оштонуп,
Калың олжо алмакка,
Калктын баары козголуп,
Туйгундардын баарысы
Тура албады токтолуп.
Кошун жүрдү дүңгүрөп,
Кош жөнөдү күңгүрөп.
Кабарын айтып калкына,
Кандар түштү алдына.
Белгисин айтып калкына,
Бектер түштү алдына.
Калың түрктүн калысы,
Кабылан Бакай карысы,
Манас жылкы алды – деп,
Калкка кабар салышы,
Калың колдун баарына
Кабыл болду анысы.
Аныгын укkан көй төрө
Атка минип камынды.
Жалгызды кудай сакта – деп
Жаратканга жалынды.
Кызыл Илияс кырк чилтен
Угар деп сенин зарыңды.
Көй төрөнүн баарысы,
Баатыр Кыргыл карысы
Ач арстандай чамынып,
Атка минди жабылып.
Падыша Бакай кол баштап,
Баатыр Сыргак жол баштап,
Аккуланы бошотуп,
Сыргакка чукул коштотуп.

Кабылан эрдин жумушу,
Бүтүп келет бир баштан,
Пашалардын баарысы
Баатыр Бакай карысы
Бара турсун жолуна,
Байкаңар сөздүн соңуна.
Муну мындай коюңар,
Ар нерседен ою бар,
Кабылан Манас султандын
Кабарында болуңар.
Алмамбет, Чубак, эр Манас
Капчыгайда жатканда,
Каңгайлардан камалып,
Кайгы кабат батканда,
Бар кудайга жалынып,
Баатырың зарын айтканда.
Ишим кандай болду – деп,
Ичиме кайгы толду – деп,
Айлам кандай болду – деп
Алмамбет жолдош болду – деп,
Жолум кандай болду – деп,
Жолдошум Чубак болду – деп.
Кандай заман болду – деп,
Капалык ичке толду – деп,
Же качып кирээр калаам жок,
Кабылан Бакай агам жок.
Кудурет башка салган соң,
Кутуларга чарам жок.
Көй төрөмдүн баары жок,
Көк жалым Бакай кары жок,
Ишенип келген кандардын,
Бирде бири дагы жок.
Төрт урук түрктүн уулунан,
Төрө Төштүк теңим жок.
Айдаркандын баласы,
Айтылуу Көкчө бегим жок.
Ак сакал Бурчак агам жок,
Эр Жамгырчы тагам жок.
Каңгай менен салышар,
Кантейин бүгүн чамам жок.
Кудурет башка салган соң,
Кудайдан башка паанам жок.
Баатыр Үрбү иним жок,
Айткандардан бириң жок.
Эсеттерден Коён жок,
Эр Керкөкүл ноён жок.
Катагандан Агыш жок,
Жедигерден Багыш жок.
Калемде жазуу ушу экен,
Кантейин бого намыс жок.
Кудурет башка салган соң,
Бендеси бого көнүүчү,
Турпак тарткан жерине,
Туйгундарың өлүүчү.
Ажал тагдыр бир баштан,
Ар бендеге келүүчү.
Шатыраган көп жандын,
Жазасын өлүм берүүчү.
Казатка келдик Бээжинге
Калың кытай бейдинге.
Өзгө жалган өлүм чын,
Өктөсү жок эч кимге.
Казатка келдик дин үчүн,
Келгенибиз ким үчүн.

Кара чоктуу дозокко,
Кабылбай өтөр күн үчүн.
Жараткан өзү жардамчы,
Жашып бого не керек,
Жаның тенде турганда,
Шашып бого не керек.
Калдайдын уулу капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан,
Калемде тагдыр жазган соң,
Качып мындан не керек.
Өзүмдөн айып өткөндүр,
Өз айыбым мойнумда.
Арстандар болуп кашымда,
Абам Бакай башында,
Аккулам болуп алдымда
Болбодум калдай ойнунда.
Кырк чором болуп кашымда
Кыргылым болуп башында,
Кыйратпадым каңгайды,
Кызыталак калдайды,
Жараткан кудай жар болсо,
Жанымда кызыр бар болсо,
Жүдөп турган кезимде
Жүргөн жолум шар болсо,
Кандай кылсам калдайды,
Катын талак заңкарды.
Бар кудай өзүң оңдо – деп,
Машакаттуу жолдо – деп,
Кызыр Илияс кырк чилтен
Кысылдым бүгүн колдо – деп,
Биз өңдөнүп далай жан
Казатка келип кысылган.
Аман калган кысымдан,
Ал дагы биздей мусулман.
Айланайын кудурет,
Аман сакта ушундан.
Алдасына жалынып,
Арзын айтып бир канча,
Айкөл Манас султаның
Айтып оозун жыйганча,
Кабыл болуп тилеги,
Как жарылып жүрөгү,
Алла Таала жар болуп,
Алдында кызыр бар болуп,
Айкөл Манас султандын
Жүрөр жолу шар болуп,
Колдогону кырк чилтен,
Кол бергени Кожо Асан,
Жөлөгөнү кырк чилтен,
Жөн бергени Кожо Асан.
Туш-тараптан келишип,
Туйгунуң менен көрүшүп.
Кара чаар кабылан
Казыр келди жаңыдан.
Капастагы эрлердин,
Күлкүсү чыкты абыдан.
Көк жал бөрү сыртынан
Көсөмөлөп калыптыр.
Көк жал Манас баатырга
Көзүнүн кырын салыптыр.
Жетимиш кулач ажыдаар
Айланып курчап алыптыр.
Үңкүргө башын салыптыр.
Душман кирер тешик жок,

Эч жеринде эшик жок,
Төрөлөр ичте калыптыр.
Ажыдаары ышкырса,
Уккан жан эстен таныптыр.
Кан Манастын кайыбы,
Кайгуулду мыктап салыптыр.
Кубанып Манас турганда
Кудайга шүгүр кылганда,
Эстен тайган төрөңүз,
Эми жаны тынганда,
Айкожом келип Манаска
Ажап кызык кеп айтат:
«Арстан Манас падыша,
Акылың барбы?» – деп айтат.
Алла Таала Кудайдан
Жакының барбы? – деп айтат.
Акылы жок адамдын
Алла кетет оюнан,
Алла эсинен чыккандын,
Ыйманы кетет боюнан.
Манас сенден иш өттү,
Бир өтпөдү үч өттү.
Кудайды эске албадың,
Кула атты бекем кармадың.
Алданы эске албадың,
Атыңды бекем кармадың.
Кудай түшпөй эсиңе,
Коңурбай тийди безиңе.
Көпчүлүк жок жаныңда,
Көрүндү жаның көзүңө.
Сени да Кудай жараткан,
Мени да Кудай жараткан,
Кудай сага бербесе,
Кула ат келген каяктан?
Кудуретин көңүлгө
Албай койгон жериң бар.
Тобокелди Кудайга
Салбай койгон жериң бар.
Ал себептен жаңылдың,
Душманыңа кабылдың.
Кара үңкүрдүн ичинде,
Кайгы тартып сабылдың.
Баатырлыгың башкача,
Манас тобо кылып жүр.
Тобокелге иш салып,
Душманыңдан тынып жүр.
Кудайдан сура кубатты,
Кубат кылба Кула атты,
Менин айтар кебим бул,
Сенин кылар эбиң бул» –
Деп Айкожом айтып токтолду,
Экинчи сөзү жок болду.
Батаны кожом берген соң,
Кайыптын баары келген соң,
Баатыр Манас султандын
Баатырлыгы козголду.
Азирет Кызыр башында,
Кырк чилтени кашында,
Айкожосу алдында,
Ажыдаары жанында
Кайыптары дагы бар.
Кайрат кылар чагы бар.
Жата турсун жайланып,
Баатыр Манас каныңар.

Карыя Бакай кандар бар,
Калың кошун жандар бар,
Бого кулак салыңар,
Мындан кабар алыңар.
Кандын баары жыйналып,
Калктын баары чыйралып,
Эр Сыргактан кеп угуп,
Жылкы алды Манас деп угуп,
Баатыр Бакай башында,
Кандын баары кашында,
Келберсиген ноёндор
Келе жаткан кезинде,
Камалды Манас деген сөз
Көй төрөнүн эсинде.
Таң кашкайып атканда,
Жылдыз тарап батканда,
Калыгурдун тоосунда,
Капчыгайдын оозунда,
Түрүлгөн түрлүү мал көрдү,
Аз болгондо сан көрдү.
Кан Коңурдун сурчасы,
Минилбеген туучасы.
Жылкыны көрүп жубанып,
Жымырайып кубанып,
Жараптыр Алмаң ишке – деп,
Кенелип калдык күчкө – деп,
Бээжинди талап жылкы алган,
Кирген эмес түшкө – деп.
Сонун бузук башташып,
Карап тур деп жылкыны,
Шамдагай менен Көөдөндү,
Мал башына ташташып.
Жойбурду кошуп алышып,
Ноёндор жолго салышып,
Бажырайып баарысы,
Башында Бакай карысы
Капчыгайга камалган,
Кандарына барышып,
Манасты кандар көргөндө,
Салам айтып салышып,
Сандыргалуу үч төрө,
Саламга алик алышып,
Баягы келген жандарың,
Бакай баштуу кандарың
Соога баатыр, соога – деп,
Соога сурап калыптыр.
Кандарым сооган болсун – деп,
Эр Алмаң айтып салыптыр.
Шатыра-шатман күлүшүп,
Шаңкылдашып алыптыр.
Камалганын Манастын
Кандары билбей калыптыр.
Билбей калды сырды – деп,
Укпай калды чырды – деп,
Падыша Манас султаның
Башка жөнгө салыптыр.
Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде
Калдай менен кагыштык,
Азыраак майдан салыштык.
Кытайдан кыйла жан өлдү,
Биз аман-эсен калыштык.
Бүгүн майдан чоң болот,
Далай кытай сомдолот,

Билеселүү кандарым
Бизге жылдыз оң болот.
Бизге кудай берет – деп,
Мусурат бизге келет – деп,
Баатыр Манас султаның
Кужурланып кубанып,
Кандар жетип келгенге
Кабылан төрөң жубанып,
Кеткен экен чыры – деп,
Билинди анык сыры – деп,
Айкөл Манас төрөңүз
Алты канга ынанып,
Ал аңгыча күңгүрөп,
Жер жарылып дүңгүрөп,
Атпай кошун кол келди.
Аябаган мол келди.
Түрүлгөн түмөн кол келди,
Түйшүк тартып жол келди.
Түмөн, түмөн, түмөн кол,
Түрүлүп чыккан жери ошол.
Түрк уулунун кубаты,
Баатыр Манас эр ошол.
Калың түрктүн кошуну,
Каптап келген жери ошол.
Каарына алганды,
Каптап кетчү сел ошол.
Бээжиндин жакын калаасы
Сегиз таш экен арасы.
Согушар жери ошол жер,
Качырткынын талаасы.
Казатка белин байлаган,
Калың түрктүн баласы.
Өзүбек, тажик, ооган бар,
Мунун да мыкты чамасы.
Андан башка көп кошун,
Атпай кыргыз алашы,
Кырымдан келген көп татар,
Бул дагы түрктүн сарасы.
Аскер курган Бээжинге,
Айтылуу берен Манасы.
Айкожом азиз пиринен
Ажыдаардын үнүнөн,
Кызыр Илияс кырк чилтен,
Кайыптардын сүрүнөн,
Кесепеттүү чоң калдай
Келбей жаткан чамасы.
Кабылан Манас аттанып,
Кандардын баары шаттанып,
Кандай кылсак итти – деп,
Бирине бири мактанып.
Калктын баары казаттан
Калыш жок бири сактанып.
Баарыбыз түрк мусулман,
Качпайлык деп ушундан,
Айтылуу түрктүн балдары
Атка минди актанып.
Кыргылчалы күркүрөп,
Кырк чоросу дүркүрөп,
Бар шайманы келишип,
Калалык деп өлүшүп.
Калдайдын жогору жагына
Качырткынын сайына,
Мойтонсанын белине,
Согуш кылчу жерине.

Баатыр Алмаң кыйратып,
Баштан салган чебине.
Кошун барды кылкылдап,
Азаматтар шылкылдап,
Барып кошун токтолду,
Чук эткен бенде жок болду.
Баатыр Манас султандын,
Масылат кеби козголду.
Сөөлөттүү Манас каныңар,
Сөзүнө кулак салыңар.
Сарамжалуу санжаптуу,
Муну да угуп алыңар.
Эки жылы атышса,
Эрикпей канга батышса,
Талаада ачка жатышса
Тамагы даяр кошундун.
Казатка киер ак чапан,
Кийген жанга чак чапан.
Ак чүчтө көйнөк, суп дамбал,
Казатка киер куп дамбал,
Кепин тону ушул – деп,
Кийими даяр кошундун.
Баранддын огу батканда,
Каранын огу тийгенде
Найза тийип алсырап,
Кылыч тийип кансырап,
Калың колдун кай бири
Канга чөмүп батканга,
Жаны менен жатканга,
Табыбы даяр кошундун.
Казатка баштап кирүүчү,
Кожосу даяр кошундун.
Кайсы бирин айтайын,
Баарысы даяр кошундун.
Жаралууга эм болчу,
Дарысы даяр кошундун.
Кырма кызыл дары бар,
Кытайдан алган баары бар.
Кайнатма кара дары бар,
Каңгайдан алган баары бар.
Сыныкка себеп кылуучу,
Момия деген дары бар.
Аккан канды токтотчу,
Барпы деген дары бар.
Шишикти бөлүп таратчу,
Диңсе деген дары бар.
Жараны кууруп бүтүрчү,
Жанбос деген дары бар.
Сандыргалуу султанда
Сарамжалдын баары бар.
Өлгөнгө куран өткөрчү
Ак куранды жаттаган
Чоң мечитти сактаган,
Нечен түрлүү кары бар.
Дарыны кармап иштеген,
Табыптары дагы бар.
Кабылан Манас султандын,
Мына ушундай камы бар.
Мунун баарын башкарган,
Баатыр Манас каныңар.
Кошундун баарын түшүрүп,
Кошунга тамак ичирип,
Тамак ичип жайланып,
Кошун болгон кезинде,

Баштан-аяк көп кошун
Баарынын казат эсинде.
Кошунду текши тургузуп,
Кошунга кабар туйгузуп,
Тоодой болгон көк добул
Күрсө-күрсө ургузуп,
Аскер даяр болсун – деп,
Мындай кабар берилип,
Даяр болбой кимде-ким,
Жатпасын деп керилип,
Эми кошунга кийим бермек – деп
Табылып калды эрмек – деп,
Калдай менен согушуп,
Чамасын байкап көрмөк – деп,
Ажал жетип күн бүткөн,
Шейит болуп өлмөк – деп,
Таңгактын баарын чечтирип,
Сандыргасын билгизип,
Билеселүү айкөлүң
Чубатып бирден киргизип,
Кепин тонуң ушул – деп,
Бого кылба кусур – деп.
Чүчтө көйнөк,суп дамбал,
Ак барпаша жибек тон
Аскердин баарын санжаптап,
Үчтөн кийим кийгизип,
Шейит тону ушул – деп,
Көңүлүнө түйгүзүп.
Аттанабыз азыр – деп,
Ат куйругун шүйгүзүп,
Кабылан Манас кырданып
Кайраттанып сурданып,
Жандын баары буркурап,
Салабат айтып чуркурап.
Жараткан Алла жар болуп,
Казатка жолум шар бол – деп.
Азирет Кызыр пайгамбар,
Бул казатта бар бол – деп.
Кошундун баары жыйналып,
Айбаттанып чыйралып.
Кан төгүлүп бир канча,
Калсын деп кытай кыйралып.
Эсет, Досот, Нургунан
Үч ага-ини бир тууган,
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргылчалы күркүрөп.
Көккоён султан, Керкөкүл
Тартынбаган эр Көкүл,
Шайбыр чечен, Баймырза,
Шылкылдаган жаш Айдар,
Көпчүлүккө иш берген
Көкөтөй кандын Бокмурун,
Айкөл Манас чартылдап,
Азаматтар шартылдап,
Алтын ооз сыр бараң
Ай далыда жаркылдап.
Аргымак аттар алкылдап,
Асаба желек жалпылдап,
Кылыч белде кыңгырап,
Ай балта жанда зыңгырап,
Карыпчын колго капташып,
Чарайна төшкө чапташып,
Туулгасын тултуйтуп,
Башка кийди мултуйтуп.

Ак бадана күрөөкө,
Баса кийди сыртынан,
Ай балта, кылыч,жоо-жарак,
Ак болоттун курчунан.
Кабылан эрлер токтобой,
Качырып калды турбастан.
Казат деген ушул – деп,
Аттын башын бурбастан,
Билеселүү баатырлар
Бири да кылчаң кылбастан.
Ортосунан көп алаш
Оюп кирген жери ошо.
Бет алдына келгенди
Союп кирген жери ошо.
Качырганын кайсаган,
Кабылан Манас шер ошо.
Кашындагы кырк чоро
Кайраты кабат эр ошо.
Качпай кирип салышып,
Кан төгүлгөн жер ошо.
«Алачтап!» ураан чакырып,
Азаматтар жапырып,
Алды каткан кытайдын,
Азабын аштай катырып.
Кылыч менен кыймалап,
Канын суудай сапырып.
Чубактын үнү басылбай,
Тунган кулак ачылбай,
Бедөөнү минип ойнотуп,
Бетине келсе сойлотуп.
Аргымак минип ойнотуп,
Алдына келсе сойлотуп.
Мунун арка жагынан,
Майдан түзөп абыдан,
Эрегиште жоо жыкмак,
Эр жигиттин багынан.
Төрө Төштүк бөлүнүп,
Төрөлүк шаңы көрүнүп.
Алты шаар аскери
Айбаты сүрдүү көрүнүп.
«Алачтап!» ураан чакырып,
Ал дагы кирди жапырып.
Кылычтап кыргын салышып,
Канын суудай сапырып,
Бу да кирди бир беттен.
Согушуп жатат бир четтен.
Айдаркандын Көкчөсү
Адамдын аяр кексеси.
Кайда жүрөт казак – деп,
Көрөсүң менден азап – деп.
Казак болсоң бөлүн – деп,
Кашыма келип көрүн – деп.
Көкаласын каргытып
Көсөмдүгүн арбытып,
Салакалуу баатырың
Сан казагын дарбытып,
Алачтап ураан чакырып,
Ал дагы кирди жапырып.
Кызыталак кытайдын,
Канын суудай сапырып.
Бу да кирди бир беттен,
Бүлүк салып бир четтен.
Баатыр Үрбү баркылдап,
Бадана кийип жаркылдап,

Чоң кара атын каргытып,
Чогоолдугун арбытып.
Ураанын айтып «Алачтап!»
Баатырым айкөл Манас – деп,
Өткүр түрктүн уулана
Өлөм десең жанаш – деп.
«Алачтап!» ураан чакырып,
Ал дагы кирди жапырып.
Кытайдын беттеп келгенин,
Кызыл канын сапырып.
Кыраан Үрбү бир беттен,
Кырып жатат бир четтен.
Катагандын кандары,
Кан Кошойдун балдары:
Сандыргалуу ноёндор,
Чагатай менен Калдаңы.
Кожош менен эр Агыш
Кошунду билген зардалы.
«Алачтап!» ураан чакырып,
Айбатын салып жапырып,
Арбак урган капыр – деп,
Атам Кошой баатыр – деп,
Тартынбай кирди качырып.
Баатырлыгы ашынып,
Кажылдаган каңгайдын,
Канын суудай сапырып.
Катаган кирди бир беттен,
Кан агызып бир четтен.
Эштектердин Жамгырчы
Эрлигин Эштек даң кылчу.
Калың колун жылжытып
Качырып найза мылгытып,
Как алдына келгенди
Капшыра сайып ыргытып,
Жамгырчы кирип бир беттен,
Капшырып жатат бир четтен.
Анжыянда Санжыбек,
Кошуну бүтүн өзүбек,
Азирет деп бакырып,
Аянбай ураан чакырып,
Берендигин карматып,
Бет алдынан жапырып,
Пейли кара капырдын
Канын суудай сапырып,
Санжыбек кирди бир беттен,
Сапырылтып бир четтен.
Өзү ооган уругу,
Оогандарда туругу.
Азыркысын бу кезде
Тажиктердин улугу,
Буудайык кандын Музбурчак
Муздай саны бир кучак.
Айгай салып бакырып,
«Азирет!» – деп чакырып.
Кажылдаган капырдын,
Канын суудай сапырып.
Бурчак кирип бир беттен,
Бузуп жатат бир четтен.
Жети шаар Кырымдан,
Жергеси бүтүн кылымдан.
Кулактын анык укканы,
Кемчилик кылбайт урумдан.
Өзү татар уругу,
Көп татардын улугу,

«Татарлап!» ураан чакырып,
Кытайды койдой жапырып,
Туйгун татар турбастан,
Бу дагы канын сапырып,
Кан Темир кирди бир беттен,
Карсылдатып бир четтен.
Өзү түркмөн уругу,
Үргөнч, Кыйба туругу.
Үргөнч менен Кыйбага
Ашкабат менен Марыга,
Балк, Бадахшан, Кебилге
Жалгыз өзү улугу.
Ооганын баштап ойнотуп,
Ооз ачкан жанды сойлотуп,
Түркмөнүн баштап түрүлтүп,
Түртүшкөндү сүрүлтүп,
Акун кан кирди бир беттен,
Алып жатат бир четтен.
Тогуз кандан кол келип,
Толуп жаткан мол келип,
Азыркысын бу кезде,
Алмамбетке жол берип.
Майданга кирип калышты,
Баш көтөрбөй салышты.
Кытай да карап калган жок,
Чендүү согуш кылган жок.
«Таталалап!» чуркурап,
«Чакалалап!» буркурап,
Далай адам зыркырап,
Кан төгүлдү шыркырап.
Эки кошун беттешип,
Тартынбастан четтешип,
Найза сайып мылгытып,
Оозунан канын кулгутуп.
Тегеретип баатырлар
Тебетейдей ыргытып.
Найза менен сайышып,
Найза канга майышып,
Такай сынып түбүнөн,
Каскагы колдо калышып.
Найзаны таштап жиберип,
Чочморун колго алышып,
Так түбүнөн түштү – деп
Өлөр жери ушул – деп,
Чочмор менен чабышып,
Чокудан канды агызып.
Аны таштап жиберип,
Ай балтасын имерип,
Ай балта менен чабышып,
Сабы колдо калышып.
Кылыч менен чабышып,
Чаны колдо калышып,
Чапкандан колу талышып.
Жакын жетип барышып,
Жакасынан алышып,
Аттан тартып алышып,
Тартынбаган баатырлар,
Чалкасынан салышып.
Тоо түбүндө турушуп,
Тоо талашып урушуп.
Күнү-түнү тынбастан,
Күндө майдан кылышып,
Жыртылбаган тон калбай,
Жыгылбаган чоң калбай,

Качып калды Манастан
Калчалардын чоң калдай,
Айрылбаган баш калбай,
Алжайбаган каш калбай,
Абышка өлүп жаш калбай,
Бир да бири жазганбай,
Алты күн тынбай чаң болду,
Көргөн жанга таң болду.
Жер көрүнбөй кан болду.
Күн караңгы чаң болду.
Өлгөндөр жатат жашынбай,
Өлүктөр сайдын ташындай.
Тизеден аккан кан болду,
Тирүү адамга таң болду.
Тирүү калбай өлгөнү,
Аз болгондо сан болду.
Алтынчы күн болгондо,
Чачырап чак түш толгондо,
Кытайдан кобур кеп чыгып,
Кыйындык түштү деп чыгып,
Анжуудан кобур кеп чыгып,
Ачкадан өлдүк деп чыгып,
Буруттар бизди койбойт – деп,
Бүтүн кытай сойлойт – деп,
Капкалуу Какан калкынан
Ырымга адам койбойт – деп.
Аз турсак ачка өлөбүз,
Үйдү кантип көрөбүз.
Бурут менен Коңур кан,
Бекер кылган эрегиш.
Мындай азап көргөнчө,
Азап тартып өлгөнчө,
Берекелүү Бээжинди
Бошотуп бого беребиз.
Манас деген чоң экен,
Манаска жылдыз оң экен.
Алмамбет кеткен ал элге,
Атып ийген ок экен.
Кошуну ченсиз шок экен,
Ичпесе карды ток экен.
Алмамбеттен айрылып,
Арбак урсун кытайды,
Канетип күтөт бу жайды?
Кенедей кешик жок экен,
Алмамбет кырды баарыңды,
Суудай төктү каныңды.
Калдалаңдуу улуктар,
Эми катасың кайда жаныңды?» –
Деп сүйлөнүп көп кытай,
Качып калды калаага.
Калдык деп кара балаага,
Кандары калды санаага.
Калдайдын уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Айкөл Манас баатырың,
Кууп калган кези экен,
Аккуласын кындыйтып,
Сууп калган кези экен.
Алмамбет, Чубак алдынан
Бууп калган кези экен.
Кошуну качып Коң төрө,
Шашып калган кези экен.
Бет келе албай Манастан,
Алмамбет, Чубак артынан,

Жаңжал салган кези экен.
Аянба баатыр сайгын – деп,
Айгай салган кези экен.
Алмамбет менен Чубактын,
Айкырганын укканда,
«Аябай баатыр, сайгын!» – деп,
Бакырганын укканда,
Үнү ачуу Чубактын,
Үнүн угуп чочунуп,
Каламбы деп талаага,
Кан Коңурбай озунуп,
Калдаландуу канкордон,
Калат деп каным жошулуп.
Үчөөлөсө койбойт – деп,
Калдайдын уулу Коң төрө,
Качып калды созулуп.
Алкарасын каргытып,
Кошунуна кошулуп,
Баатырларың кеңешип,
Калдай менен эгешип,
Калча кулдун дарты – деп,
Кандай болот арты – деп,
Өзүн сайып салбай – деп,
Өчүмдү иттен албай – деп,
Эр Алмаң турду ар кылып,
Эмгегине зар кылып.
Экөөлөп сайды деген сөз,
Уккан жанга уят – деп,
Капия айтар күн тууса,
Көй төрө шылдың кылат – деп.
«Сактанып туруп сабылдым,
Ушул ишке кабылдым» –
Деп Сарала ат менен самсытып,
Артынан Алман салыптыр.
Алмамбет, Чубак, эр Манас
Аянбай кууп алыптыр.
Кабылан эрлер кубалап,
Капкага чейин барыптыр.
Ал аңгыча чоң калдай,
Капкадан кирип калыптыр.
Капкасын таштай бекитип,
Калдайың жатып алыптыр.
Алмамбет, Чубак, эр Манас
Армандуу болуп калыптыр.
Эми эр Алмамбет кеп айтат
Кеп айтканда деп айтат:
«Каран калган Бээжинде
Отуз эки дарбаза
Ойрот бузуп ала албайт.
Оёнум бузуп албаса
Чоң капкасы төрт капка
Темирден кылган дарбаза,
Түрк баласы бүт келди
Төрөм бузуп албаса
Капкадан кирип Бээжинге
Калың майдан салбаса,
Капканын оозу бекилди,
Капкадан чыгат каргаша.
Атса мылтык өтчү эмес,
Адамдын күчү жетчү эмес.
Каран калган капканы,
Бул капканы жапканы.
Айтылуу анык зардалдан,
Күчү толук балбандан,

Алтымыш балбан ачат – деп,
Алтымыш балбан жабат – деп,
Каргашалуу Бээжинди,
Кандай бенде алат – деп.
Кошунга баатыр баруучу,
Кандарга кеңеш салуучу.
Бул каран калган Бээжинди
Камап жатып алуучу.
Өзгөнү коюп өлгөн чын,
Өлүктү көргө көмгөн чын.
Өчөшпөй бого барчу – деп,
Өлүктү көмүп алчу» – деп.
Баатыр Алмаң кеп айтып,
Манасына эп айтып.
Бастыралык баатыр – деп,
Баяны ушул деп айтып.
Баатырлар кайтты элине,
Падыша Бакай бегине.
Кандар карап турган жок,
Кулак салгын кебине.
Кошун жыйнап алышып,
Кош-кошуна барышып,
Тамагын ичип жайланып,
Калгандын көөнү жайланып.
Баатырлар болсо келер – деп,
Баатырларга кенен – деп,
Казатта канын төкпөсө,
Кайдан бейиш белен – деп.
Өлүктү санга салышып,
Өлүгүн бөлүп алышып.
Ал аңгыча турбастан,
Арстандар жетип барышып.
Эми абасы Бакай кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
«Калктын башын кармаган,
Кандын баары турасың.
Казатка келген көп кошун
Жандын баары турасың.
Эрегиште туу жыккан,
Эрдин баары турасың.
Эмгек кылган казатка,
Элдин баары турасың.
Бириңдин агаң бар чыгар,
Бириңдин тагаң бар чыгар,
Бириңдин иниң бар чыгар,
Өлгөнгө капа болбоңор,
Акырет жайын ойлоңор.
Калың түрктүн уулунан
Калдайып кошун көп келдик,
Шарияттан кеп угуп,
Шейит болсок деп келдик.
Алачтап ураан чакырып,
Акырет камын жеп келдик.
Өзү шейит болгон соң,
Өкүнүп болбойт мындайга.
Өзүбүз бенде болгон соң,
Өкүнчү барбы Кудайга.
Казатка келген азамат
Кайратты кабат кылыңар,
Өткөнгө көп ыйлабай,
Өлүктү көмүп тыныңар.
Кара, төрө, каныңар,
Казатка келген баарыңар
Өлүктү санга салыңар» –

Деп эр Бакай айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Кош-кошунан сурашып,
Биринен бири улашып
Эсепке алды өлгөндү.
Элге дайын көргөндү.
Санакка алды өлгөндү,
Санжапта дайын көргөндү.
Өлгөн шейит мусулман,
Бүткөн бою кызыл кан.
Өлгөндөн эсеп алышып,
Дайын болду ушундан.
Мусулмандан өлгөнү,
Санагын алса сан экен,
Кара, төрө аралаш,
Өлгөндөр кызыл кан экен.
Сандыргалуу ноёндон,
Эр Бокмурун бар экен.
Кытайдан өлгөн эсеп жок,
Эсеп кылар кезек жок.
Корум таштай жыйылып,
Кылычка башы кыйылып,
Арам өлгөн капырлар,
Латманатка сыйынып.
Мусулмандын баарысы,
Падыша Бакай карысы,
Шарияттан кеп угуп,
Кеп укканда эп угуп,
Сан кишиге бир намаз,
Жаназа болот деп угуп.
Көпчүлүккө бир намаз,
Көсөмдөр окуп өткөрүп,
Көргө алып барып коймокко,
Өлүктөрүн көтөрүп,
Кезекке карап турбастан,
Келтирип көрүн оюшуп,
Кызылала боюнча
Кийими менен коюшуп.
Ыйманы толук эр өлдү.
Аз өлбөдү, көп өлдү.
Муну мындай коюңар,
Ар нерседен ою бар,
Казатка барган төрөңдүн,
Кабарында болуңар.

15-бөлүм

МАНАС БААТЫР КОҢУРБАЙДЫ ЖЕҢИП, БЭЭЖИНДИ АЛГАНЫ

Айкөл Манас каныңар,
Аңгеменин баары бар.
Атпай түрктүн балдары,
Буга кулак салыңар.
Баатырың Манас кеп айтат,
Байкагын журтум деп айтат.
Арстан Манас кеп айтат,
Аңдаңар журтум деп айтат.
Казатка келип өлгөнгө,
Капа болуп кейиш жок.
Аманат жанды кыйнабай,
Арзан жаткан бейиш жок.
Кандарым кулак салыңар,
Кабардар болуп калыңар.
Кошунум кулак салыңар,
Коопсуз болуп калыңар.
Баатырлар кулак салыңар,
Баарыңар угуп алыңар.
Мен ачмак болдум дептерди,
Айтмак болдум кептерди.
Айкөл Манас төрөңдөн,
Айта турган кеп келди,
Казат улук жол болот
Кандай бенде тим жатат,
Казатта каны төгүлбөй,
Качып үйгө ким жатат.
Казат десе мусулман
Качкан эмес ушундан.
Кайбардын шаарын алганда,
Ак пайгамбар кысылган.
Алла Таала жар болуп,
Аман калган ушундан.
Жараткан Алла жар болсо,
Сактап коёт кысымдан.
Баштагы казат кылбаса
Пайгамбар согуш салчубу.
Баатыр Аалы кол баштап,
Барбардын шаарын алчубу.
Мурунку казат кылбаса,
Мустапа согуш салчубу.
Кабылан Аалы кол баштап
Кайбардын шаарын алчубу.
Эртеги казат кылбаса
Эрендер согуш салчубу.
Эрлердин пири Шаймерден,
Заркумдун шаарын алчубу.

Заркумдун шаарын кыйратып,
Далай жанды ыйлатып,
Кайбардын канын какшатып,
Барбардын канын бастатып,
Заркум шааны аксатып,
Калаасын каран таштатып,
Алдына салып алчубу,
Салсалга чейин барчубу.
Салсалдын шаарын талкалап,
Сарайын бузуп алчубу.
Салсалдын шаарын алган соң,
Кенжутка чейин барчубу.
Алтын шаар Кенжутту
Арстаның бузуп алчубу.
Казаттын жолу улук – деп,
Нускасы бизге калчубу.
Пайгамбар чапкан чоң жолго,
Барбайм деп үммөт танчубу.
Пайгамбардын күйөөсү,
Зулпукор дулдул ээси,
Дулдулдун минип астына
Зулпукорун байланып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Жалгыз жорткон айланып.
Аалы да кылган казатты.
Аны да Кудай жаратты.
Акыретте тозоктон
Азат кылды жазатты.
Так Сулайман пайгамбар
Алтын такка олтурду,
Иниси жинден кол жыйып,
Жер жүзүнө толтурду.

Бүтүн дүйнө чиркинди,
Жалгыз билди кан болуп.
Молдолор айтып жүрбөйбү,
Кандыгы журтка дың болуп,
Бул дагы кылды казатты,
Муну да Кудай жаратты.
Кызыл чоктуу тозоктон,
Азат кылды жасатты.
Асылы түрктүн ургу,
Кустандинде туругу.
Дүйнөгө бүтүн кан болгон,
Түрктөн чыккан улугу.
Азирети Искендер
Ал дагы кылган казатты.
Алла Таала жар болуп,
Аны да Кудай жашатты.
Азабын көрбөй тозоктун,
Азат кылды жасатты.
Жалгыз билген Искендер
Бүтүн дүйнө жалганды,
Бенде чиркин тоёбу,
Бул дагы кылган арманды.
Билеселүү кандарым,
Эми биз алалык калганды.
Кандарым баарың турдуңар,
Кайратты кабат кылдыңар.
Келтирип кеңеш куруңар,
Кетпесин түптү мунуңар.
Кабарын уккан каканды,
Капкалуу Бээжин, Туңшаны
Кан Алмамбет баатырга
Алып берип тыныңар.

Каспаңдын кара тоосуна,
Карагайлуу коосуна,
Капкалуу Бээжин оозуна
Кандарым көчүп жылыңар.
Кан Коңурбай калчаны
Кармап берип тыныңар.
Атпай түрктүн балдары,
Аянбай казат кылыңар.
Аянып калган жан болсо,
Айып болот мунуңар» –
Деп баатыры айтып салыптыр,
Кандары кабыл алыптыр.
Калың кошун дүркүрөп,
Баарысы жөнөп калыптыр.
Капкалуу Бээжин оозунан
Кан Алмаң конуш чалыптыр.
Шүкүрлүнүн оюна,
Чоң Бээжиндин боюна,
Калың түрктүн кошуну
Калдайып конуп калыптыр.
Ал аңгыча артынан
Аш-тамагын арттырган,
Жоо-жарагын жүктөгөн,
Желмаяны жети жүз,
Токсон пили дагы бар,
Бар шаймандын баары бар,
Булар да жетип барыптыр.
Барып конуш алыптыр.
Түрүлүп барган түрк уулу
Камап конуп калыптыр.
Келип кошун конгондо,
Баарысы келип болгондо,

Арстан Алмаң кеп айтат,
Айкөлүнө деп айтат:
Кабылан Алмаң кеп айтат
Кандарына деп айтат:
«Ашыкпайлык,шашпайлык,
Адибизден ашпайлык.
Шарияттан тышкары,
Жаман жолду баспайлык.
Ашыккан шайтан иши – дейт,
Ар кезерге пайда жок,
Ажал жетип күн бүтсө,
Ажалдан калар айла жок,
Эригип эрлер шашпайлык,
Ушул сөздөн жазбайлык.
Каргашалуу калдайды,
Калаага камап таштайлык.
Капкалуу Бээжин, Туңшага,
Калабаны баштайлык.
Душман жакын чеп кылып,
Келер жолун бек кылып,
Дарбазага келтирип,
Тиер жерин өлтүрүп,
Замбиректүү сепилди,
Жайлап салчу темирди,
Жаткыралык душманга
Пайдасы тиет кысканда.
Бул кеңешим кандай – деп,
Байкаңар муну кандай кеп.
Жана карап турбайлык,
Калтыс кеңеш кылбайлык.
Жолду бекем кармайлык,
Жолчудан кабар тыңдайлык.

Баарысы дайын өзүнө,
Байкаңар журтум сөзүмө.
Болжолдуу жолду кармайлык,
Бошоңдук кылып салбайлык.
Айланасын Бээжиндин
Кошун менен кармайлык.
Колго түшкөн кытайды,
Кордук кылып сабайлык.
Көргүлүктү бир катар,
Көрүп калсын далайлык.
Иштен адам чыгарбай,
Тыштан кабар киргизбей,
Дайындуу кабар билгизбей,
Бейзайып адам жүргүзбөй,
Чебер чендүү күйгүзбөй,
Чарбага жайлоо жайлатпай,
Салкынга бээ байлатпай,
Дыйканга эгин айдатпай,
Калдайды камап алалык.
Каргашаны салалык.
Берендер сага эп болсо,
Бекер жатып албайлык.
Бээжинден тышкы кыштактан,
Азык-түлүк камдайлык.
Билеселүү баатырлар,
Ушул сөздөн жанбайлык.
Калжыраган калчанын,
Өзү мага белгилүү,
Кандай түрлүү кеп-кеңеш,
Сөзү мага белгилүү.
Ирети жок сандалган,
Иши мага белгилүү.
Эркин жерде сайышса
Күчү мага белгилүү.
Камалып калдай жаталбайт,
Кармашып бизге баталбайт.
Катылса башын кесебиз,
Кара боорун эзебиз.
Каргашалуу чочконун,
Кармап көзүн тешебиз.
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырлуу болгун кандарым.
Жалпы тамам түрк уулу,
Саламат болсун жандарың.
Ашыкпасак алты айда
Киребиз калдай ойнуна,
Өлтүрөбүз эшекти
Жазасын коюп мойнуна.
Арстаның Алмаң кан болом,
Алла Таала буюрса,
Аскерлер кепке туюнса,
Алтын так минип ордуна» –
Деп кан Алмаң айтып салыптыр.
Калкы макул алыптыр.
Эр Алмаң айтып салыптыр,
Эли макул алыптыр.
Азаматтар камынып,
Арбактарга жалынып.
Калаадан тышкы кыштактын,
Калаасын талап алыптыр.
Кармалып колго түшкөнүн,
Айдап ишке салыптыр.
Алмамбеттин ишине
Адамдар айран калыптыр.

Ылай ташып,таш коюп,
Алмамбетке баш коюп,
Көпчүлүккө күч келип,
Эки ай бүтүн иштелип,
Белгилүү сепил чеп кылды,
Бээжин жагын бек кылды.
Кошундар карап турбастан,
Бири да моюн бурбастан,
Жайдары Алмаң каныңдын
Жардыгын эки кылбастан.
Көйкашкалар күтүндү,
Күл багын кылып бүтүрдү.
Жана карап турбастан,
Жандын баары тынбастан,
Арстан эрдин жумушу,
Бүтүп жатат бир баштан.
Сарамжал эмей эмне,
Саналуу төрт жүз замбирек,
Арстан эрдин жумушун,
Айтып-айтпай не керек.
Башкасынан башкача
Бири мыкты баарынан
Бараңдын алган канынан,
Чочугандан жанынан
Тартууга берген замбирек
Манастын коркуп каарынан
Жетимиш мыршап жүгүрүп,
Замбиректи келтирип,
Жайын билген муршаптар,
Жаткырар жерин өлтүрүп,
Кыргы менен кырдырып,
Кызыл кум менен жыштырып,
Бээжинди карап бет кылып,
Берендер сөзүн эп кылып.
Адис болгон муршаптар,
Айкөлдүн сөзүн жат кылды.
Саналуу төрт жүз замбирек,
Капканы карай жаткырды.
Төрт жүзүнөн башкача,
Абзелдеген замбирек
Жарак мындан өтөбү
Жайын айтып не керек.
Көтөрүп келди жылдырып,
Түйшүгүн арбын кылдырып.
Алтымыш чынар терекке
Аябай чырмап таңдырып.
Адамды айран калтырып,
Кап менен салып дарысын,
Камдап келген баарысын.
Дарыны арбын салышын.
Аңдап көрсөң оюнду,
Алачыктай чоюнду
Ок ордуна салдырып,
Адамды айран калтырып,
Куржун көзү дарыны
Кулагына салдырып,
Бээжинди карай жаткырып,
Адистерге аттырып,
Душмандын сүрүн качырып,
Сөөлөтүн журттан ашырып.
Жардам тилеп Алладан,
Жаратканга жалынып.
Калдай качан чыгат – деп,
Карап турду камынып.

Белгилүү берен баатырлар
Бекер карап жаткан жок.
Кыштакты талап кыйратып,
Чебер чендүү чапкан жок.
Калаба салды каңгайга,
Кыйындык түштү кытайга.
Эшегин тыйып туйлатып,
Элинин баарын ыйлатып.
Качырын тыйып туйлатып,
Катын-кызын ыйлатып.
Качып калган кытайдын,
Кабыргасын кыйратып,
Четке бала чыгарбай,
Тышка бала чыгарбай,
Чарбага жайлоо жайлатпай,
Дыйканга эгин айдатпай,
Төрт түлүктүү мал койбой,
Төбөсү бүтүн там койбой,
Иштерине мал койбой,
Ичерине дан койбой,
Берендериң күтүндү,
Бээжиндин сыртын бүтүрдү.
Жылдырып айдап мал союп,
Жылкыдан тандап тай союп,
Жолун кармап бек кылып,
Жоо тарабын чеп кылып,
Берендериң сабылып,
Беш ай жатты камынып.
Кан ичмеси кармашып,
Казаттын канын сагынып.
Муну мындай коюңар,
Бул сөздө болсун оюңар.

Калчалардын Коң төрө
Кабарында болуңар.
Кошунун койдой кырдырып
Коромжусу көп болгон,
Басырык көрүп Манастан,
Качканы ичке кек болгон.
Манастан коркуп качты – деп,
Калың журтка кеп болгон.
Капкалуу Бээжин чеп болгон,
Кара жанга күч келип,
Өзүнө качып эп болгон.
Калкын жыйып олтуруп,
Көзүн жашка толтуруп,
Кан Коңур кирди арманга.
Качырып Манас салганга.
Канча түмөн көп кошун,
Көмүлбөй көрсүз калганга.
Капкалуу Бээжин Каканга
Качып өзү барганга,
Сандалып беш ай жатканга.
Азабы аштай катканга,
Капканы бекем бекитип,
Кан Манастан шекинип,
Кебин айтпай кишиге,
Кейиш түшүп ичине,
Арзын айтпай кишиге,
Арман түшүп ичине,
Түндө уктаса качырып,
Манас кирип түшүнө.
Келберсиген чоң калдай,
Келбей калган үшүнө.
Саналуу беш ай толгондо,

Заманы карап болгондо,
Беш ай болду камалып,
Ичтен тышка барган жок.
Арбак урган буруттан,
Анык кабар алган жок.
Тыштан ичке келген жок,
Келгенин көзүм көргөн жок.
Көпчүлүктүн ичинен,
Көрдүм деп бирөө келген жок.
Буластаган Коң төрөң,
Бул кордуктан өлгөн жок.
Мындан барган адам жок,
Же андан келген кабар жок.
Капканы кайрып ачпаңар,
Келтирип кеңеш баштаңар.
Капканы жоого алдырып,
Калаба түшүп шашпаңар.
Айлантып акыл санаңар,
Аман турсун калааңар.
Аңыла, Чабал эки дөө,
Сепилден чыгып караңар.
Секин чыгып дөөлөрүм,
Бир кызматка жараңар!» –
Деп Коң төрө айтып турганда,
Кеттиби Манас барбы – деп,
Келүүгө жолу тарбы – деп,
Ушул сөздү урганда.
Аңыла, Чабал козголуп,
Алдынан турду бармакка,
Арстан Манас айкөлдөн
Анык кабар алмакка,
Барды сепил кашына,
Чыкмак болуп башына,
Темирден кылган чоң шаты
Турган экен курулуп,
Шатыга барды эки дөө,
Турбастан жолго бурулуп.
Сепилге чыгып караса,
Ажап кызык тамаша.
Кыдырата көп чатыр,
Кырка тиккен жанаша.
Кайнаган калың кол жатат,
Аз эмес,арбын мол жатат.
Түрк уулу төгүп каарын,
Түп Бээжинде шаарын,
Калаасын камап алыптыр,
Калабаны салыптыр.
Манас да карап турбаптыр,
Чендүү мээнет кылбаптыр.
Дубалын туюк уруптур,
Туйгунуң Манас туруптур.
Күлбагын туюк уруптур,
Күйдүргү Манас туруптур.
Кетишке Манас ою жок,
Келтирип кеңеш куруптур.
Чатыр тигип саялап,
Сарамжалын кылыптыр.
Муну көрүп дөөлөрүң,
Акылы айран калыптыр,
Аңыла,Чабал эки дөө,
Анык кабар алыптыр.
Аста түшүп сепилден
Коң төрөгө барыптыр.
Көргөн-билген иштерин,

Көпчүлүккө салыптыр.
Аңыла, Чабал турбастан,
Айтып калды көргөнүн,
Кабылан Манас айкөлүң,
Капканы кармап келгенин.
Кан Коңурбай төрөбүз,
Каза жетсе өлөбүз.
Ажыдаарга катылдык,
Аны кимден көрөбүз.
Акыр бир күн Манастын,
Амырына көнөбүз.
Башы Какан капкасы
Аягы Туңша капкасы,
Орто Бээжин,чоң Бээжин,
Ортосунда чоло жок,
Ойрон болгон бурутту,
Өлчөп айтар сомо жок.
Кыжылдап кошун толуптур,
Кылар кези болуптур.
Талаага чатыр толуптур,
Заманың акыр болуптур.
Жабус кандын балдары,
Жалпы келип конуптур.
Жан чыгарбай Бээжинден,
Жайлар кези болуптур.
Кыштактын баары кыйраптыр,
Кыйла кытай ыйлаптыр.
Калаанын баары кыйраптыр,
Катын-кызы ыйлаптыр.
Жабус кандын балдары,
Жалпы келген турбайбы,
Жабус канга катылдык
Латманат бизди урбайбы.
Арбак урган Алмамбет,
Аябай бизди кырбайбы.
Алтын такта Бээжинди
Алып жаны тынбайбы.
Кулак угуп, көз көргөн,
Ким көрүптүр мындайды, –
Деп Аңыла, Чабал эки дөө
Айтып муну токтолду.
Калк бийлеген кандардан
Калың кеңеш козголду.
Аңыла менен Чабалды,
Жапырып сөктү кандары.
Бурутту бизге мактайт – деп,
Күйүп кетти жандары.
«Аңыла, Чабал акмаксың,
Анык кабар таппапсың.
Манас келди дегениң,
Байкабай бокту жегениң.
Алмамбет келди дегениң
Аңдабай бокту жегениң.
Келсе келсин Манасың,
Манас көрбөйт Таласты.
Аңыла, Чабал билбейсиң,
Ага несин сүрдөйсүң.
Кызыталак канкордун,
Кылымга дайын анткордун,
Эли бизден арбынбы,
Эрдиги бизден артыкпы.
Кечээ Качырткыга барганда,
Калың майдан салганда,
Эстебей калган эрлер бар,

Элебей калган дөөлөр бар.
Барбай калган дөөлөр бар,
Басып жүргөн жөөлөр бар.
Капкалуу Бээжин калкында
Кабылдан калган өнөр бар.
Пил мингенден канча бар,
Керик мингенден канча бар,
Калкыбыздын төрөсү,
Кан Коңурбай калча бар.
Үңкүрдөй болгон төрт бурут,
Манастын күчү канча бар» –
Деп ар кимиси бирди айтып,
Айыкпаган чырды айтып.
Аңыла менен Чабалды
Айыптар кылып таштады.
Манасты барып соймок – деп,
Масылат кеңеш баштады.
Чындап жаны карарып,
Чырдан кытай качпады.
Элден чыккан кеп болду,
Эр Коңурга эп болду.
Калктан чыккан кеп болду,
Кан Коңурга эп болду.
Калкына карап кеп айтат,
Кандарына деп айтат.
Элине карап кеп айтат,
Эрлерине деп айтат:
«Калк бийлеген кан барсың,
Кайраты кабат эр барсың.
Кан Коңурга дем барсың.
Калың кытай эл барсың.
Алда канча дөө барсың,
Ат минбеген жөө барсың.
Каныңдын кебин тыңдаңар,
Качып кордук кылбаңар!
Качырткыда качтыңар.
Качмак турсун шаштыңар.
Азар түмөн көп кошун,
Абийиримди ачтыңар.
Жалгыз калдым амал жок,
Токтоп турар заман жок.
Алмамбет, Чубак, Манасты
Тосуп турар чамам жок.
Үчөөлөп кирди өзүмдү,
Укпады айткан сөзүмдү.
Келберсиген үч баатыр,
Кетирди иттер бешимди.
Менин оюм бармакта,
Барып майдан салмакта.
Кесепеттүү канкордон,
Кезегимди алмакта.
Алмамбеттен анча өөдө,
Канкор кулдан канча өөдө,
Чубак деген бар экен,
Чуусу арбын жан экен.
Ач арстандай айкырса,
Жүрөктү жарган жан экен.
Согушка барган канча жан,
Чубактын үнүн уктуңар.
Каргашалуу Чубактын
Калбасын көрүп чыктыңар.
Чубактын чуусу жаман – деп,
Кандай болот заман – деп,
Бээжинде жатсам угулат

Анда-санда айкырат.
Арбак урган ит Чубак
«Алачтап!» ураан чакырат.
Кайратымды кайтарды,
Жүрөгүмдү майтарды.
Көпчүлүк билгин бул ишти,
Бул майданга кириштиң –
Деп Коң төрө айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Мангүбөнүн Матушкер,
Бар сыпаты келген эр.
Пасташканын жеңген эр.
Максаты кабыл келген эр.
Намыс үчүн өлгөн эр.
Далай жашты көргөн эр.
Күчү толук балбан эр.
Далай кыргын салган эр.
Эрегиште туу жыгып,
Эсен кандан калган эр.
Адам өлчөөр эр эмес,
Коңурбайдан кем эмес.
Матүшкөр туруп кеп айтат,
Байкаңар журтум деп айтат.
«Көргөнүмдү көчүрбөй,
Мурунку сөздү өчүрбөй.
Көргөн ишим чандан көп,
Уккан сөзүм андан көп.
Баштан-аяк укканды,
Баарысын айтып берейин,
Бала-чака угуңар,
Калысын айтып берейин.
Маңгүбөнүн канымын,
Баарыңардан карымын.
Баштакы өткөн заманды,
Мен билемин аныгын.
Беш жүзгө чыгып жашадым
Буюрганын ашадым.
Карыганда нарк бузуп
Канетип жоодон качамын.
Мен көргөмүн далайды,
Баатырга бул иш жарайбы.
Баатырың коркуп турган соң,
Балдардын көзү алайды.
Түп Бээжинди түрүлтүп,
Түбүнөн айтып берейин.
Байкаңар балдар кебимди,
Башынан айтып келейин.
Какан кандын тушунда
Калаба түшкөн ушунда.
Так Сулайман падыша
Алтын такка олтурган.
Иниси жинден кол жыйып,
Кошунун кумдай толтурган.
Аярлыгы ашкандан
Дүйнөнү бүтүн баскандан,
Алтын такка олтуруп
Учуп келген асмандан.
Атпай кытай калың журт
Көптүгүн көрсөң кара курт
Аярлыгын көргөндө
Чочуп калган шашкандан.
Карадык деп калп айтып
Касам ичип ант айтып.
Бир кыз берген тартууга

Атагы калган айтууга.
Сулайман кайткан элине,
Куфа деген жерине.
Бээжинди бу да алган жок,
Бээжин көчүп барган жок.
Анын арка жагынан
Аңгеме болгон абыдан.
Кустантинде туругу
Асылы түрктүн уругу,
Искендер келген алам – деп.
Мусулман динге салам – деп.
Калың кытай зили үчүн
Кабылдан калган дин үчүн.
Алтын, күмүш зар берип,
Алышынча мал берип,
Муну да салган жолуна.
Бээжин калган колуна.
Бээжинди бул да алган жок,
Көчүп Бээжин барган жок.
Эсен кандын тушунда,
Өзүм көрдүм ушунда
Калабалуу калың сөз
Калбасын сөздүн тышында.
Эсен канга Матүшкөр
Жагып турган кезегим.
Өргө салып көңүлдү
Агып турган кезегим.
Баңгүбөнүн шаарын
Багып турган кезегим,
Пашаалыктан кеп чыккан,
Кеп чыкканда көп чыккан.
Мекенин калкы араптан
Пайгамбар чыкты деп чыккан,
Кан Эсен кан кеп уккан,
Калабасын көп уккан.
Пайгамбары Мукамбет
Баатыры Аалы деп уккан.
Аны да алдап алмакка
Алдап жолго салмакка,
Бээжинден элчи жиберип,
Араптын канын имерип,
Мукамбет өзү келсин – деп
Конокко муну чакырган.
Мукамбет коркуп келген жок,
Эр Эсен кан баатырдан.
Мукамбеттен элчиге
Үч миң кошун кол келген.
Арабстан калкынан
Аз эмес, арбын мол келген.
Барган элчи буларды
Баштап келген Бээжинге.
Мукамбетти үйүнө,
Таштап келген Бээжинге.
Мекеден келген элчилер,
Бээжинге келген ченчилер,
Учурашкан Эсенге,
Учураган кеселге.
Элчи келип эл болгон,
Эсен кан кимден кем болгон.
Бири да кайтып кеткен жок,
Максатына жеткен жок.
Кытайы арбын сандаган,
Кыз берип муну алдаган.
Кан Эсен кан баатырдын

Кылбаган иши калбаган.
Араптан келген үч миң кан,
Катын алып үйлөнүп,
Кайрылып калкын көргөн жок.
Эсен кандан бийленип,
Туруп калган айланып,
Катынга башы байланып.
Калчалардын чоң калдай,
Каргаша кылба Коңурбай.
Эсен кандын тагында,
Үч Бээжинди бийледиң,
Коркуп калган адамдай,
Кооптуу сөз сүйлөдүң.
Манас алса мал алар,
Башыңы алып кетчү эмес.
Баш күндөн бери кытайга
Пасташып адам жетчү эмес.
Пасташып келген адамды,
Эсен канча алдайбыз,
Алдаганга болбосо
Манастын башын каңдайбыз.
Чет Бээжинде көп кытай
Чекеси жатат оюлбай.
Канткенде Манас кутулат,
Кан Коңурдан союлбай.
Чет Бээжинде кытайдан
Бортөбөң менен Шаңшаңдан
Кайсы бирин айтайын,
Кара кытай Шаңкайдан,
Чечилип кошун келелек
Чекесин Манас көрө элек.
Орто Бээжин, Туңшанын
Ортосу жатат оюлбай,
Он эки Манас болсо да
Канетип кетет союлбай.
Орто Бээжин, Туңшадан,
Карарып кошун келелек
Канкор кул муну көрө элек.
Чоң Бээжинде көп кытай,
Чоргун жатат оюлбай.
Ажыдаар Манас болсо да
Аман кетпейт союлбай.
Эсеп жеткис анжуу бар,
Инди менен калча бар
Эрегиш салып каканга
Манастын күчү канча бар.
Аттанып кошун келелек,
Алтын берип алдачу,
Ал-кубатын аңдачу,
Алдаганга болбосо,
Анан башын каңдачу.
Кооп кылба алачтан,
Коркпогун канкор Манастан.
Бээжинди көрүп кызыгып
Далай душман талашкан.
Талашып келген нечен кан,
Үйүн көрбөй адашкан.
Коңурбай койгун кебиңди
Кетирбе бекер деминди.
Калдаландуу канкордон,
Өзүм табам эбиңди.
Колоп жатып алганча,
Кордукту үйдө көргөнчө
Аттанып согуш салуучу,

Арбын кошун баруучу.
Ажал жетсе өлүүчү,
Манастын күчүн көрүүчү.
Ажал жетип өлбөсөк,
Абийир таап келүүчү» –
Деп Матүшкөр айтып болгондо,
Калк чатырап толгондо,
Матүшкөр айткан кеп болуп,
Баары журтка эп болуп,
Кошуну кумдан көп болуп,
Коң төрөгө эп болуп,
Дөөнүн баары жыйналып,
Төрөнүн баары чыйралып,
Калктын баары жыйналып,
Азамат эрлер чыйралып,
Калаба салган Бээжинге
Калсын деп бурут кыйналып.
Чыр чыгарбай кошундан,
Жалпы кошун аттанды.
Матүшкөрдөн кеп угуп,
Баатыр Коңур шаттанды.
Миң жаны болсо Манастын,
Бири да тирүү кетпейт – деп,
Бизден бурут өтпөйт – деп,
Баатырлары мактанды.
«Таталалап» чуркурап,
«Жакалалап» буркурап,
Амбалдар колун айдашып,
Азапка белин байлашып,
Доотайлар колун айдашып,
Кара курттай кайнашып,
Ар дуу-дуудан жүз миң кол
Айдап чыкты сүрүлтүп.
Ажалдан мурун өлдүк – деп,
Аманат жандан түңүлтүп.
Муну мындай салыңар,
Кабылан Манас каныңар,
Кандай түрлүү иши бар
Кабарын угуп алыңар.
Бекер жаткан кезинде,
Берендериң кеңешип,
Кабарын аныk биле албай,
Калдай менен эгешип,
Казаттын жөнү эсинде,
Карап турган кезинде
Үч капкадан кол чыкты,
Жер майышкан мол чыкты.
Түмөн-түмөн-түмөн кол,
Жайнап чыккан жери ошол.
Кошун жайпап келгенде,
Кошунду эрлер көргөндө,
Кудай берип салды – деп,
Калдай келип калды – деп,
Замбирекчи муршаптар,
Замбирекке камынды.
Жандын баары чуркурап,
Жаратканга жалынды:
«Жаратуучу бир Кудай,
Өзүң бил – деп алынды.
Казат үчүн курмандык,
Байладым жолго жанымды.
Тобокел казат жолунда,
Төкмөк болдум канымды.
Дин мусулман бенденбиз,

Кабыл кыл деп зарымды!»
Мылтыккечтер ылгалып,
Найзакерлер ыргалып,
Жоо бөрүсү баатырлар
Жоо-жарагын чыңданып.
Кытай келип болгондо,
Жерге жайнап толгондо.
Кеңеш кеби эсинде
Келип болгон кезинде.
Замбирекке от кой – деп,
Жардык кылды төрөңүз.
Аңгемелүү иш болду,
Артын байкап көрөбүз.
Алыстан туруп муршаптар,
Найза менен от берди.
Атканда жер солк этти.
Укканда жүрөк болк этти.
Саналуу төрт жүз замбирек
Бири калбай атылды.
Күн күркүрөп басылды.
Туман түшүп ачылды.
Замбиректин огунан,
Далайдын каны чачылды.
Башы кетип быркырап,
Жаны кетип чыркырап.
Жандын баары чуркурап,
Кан төгүлдү шыркырап.
Канча кытай кыйрады,
Калгандын баары ыйлады.
Тени калып, башы жок.
Башы калып, тени жок.
Ок түшүп ойрон болуптур,
Оёндордун көбү жок.
Качырлар качып туйлады,
Эшектер үркүп айкырды,
Беймаал тоок туш-туштан
Кулак тунуп чакырды.
Пилдери үркүп бакырды,
Көрдү заман акырды.
Кериктери үркүп туйлады,
Келгендин көбү кыйрады.
Жандын баары буркурап,
Жан жабыла чуркурап,
Көпчүлүк коркуп ыйлады,
Көрүп калды кыйланы.
Баатыр Манас башында
Пашаалары кашында.
Баатырың Манас чартылдап,
Пашаалары шартылдап,
Кыраандары дүркүрөп,
Кыргылчалы күркүрөп,
Замбиректи аткын – деп
Жана кылды жардыкты.
Көпчүлүккө дайындап,
Көрсөтөм деп бардыкты.
Желдеттерден жети жүз,
Муршаптардан алты жүз
Замбирекке камынды,
Айсал-буйсал кылбастан,
Аял кылып турбастан
Ок дарысы салынды.
Алыстан туруп муршаптар,
Найза менен от берди,
Атканда жер солк этти.

Укканда жүрөк болк этти.
Күн күркүрөп басылды,
Туман түшүп ачылды.
Баштагыдан бешбетер,
Жер союлуп казылды.
Кошундун көбү кыйрады,
Коркоктун баары ыйлады,
Алптын көбү кыйрады.
Кошундун баары ыйлады.
Эс-акылын жыя албай,
Эндиреп жүргөн андан көп,
Кыямат кайым ушул – деп,
Кеңгиреп жүргөн андан көп.
Кайсы жерден келет – деп,
Асман менен зыркырап
Желмогуз жерге түшкөндө
Бөлүнөт экен быркырап.
Эпкини келип тийген жан,
Өлөт экен тырпырап.
Бул алда кандай шумдук – деп,
Кырылып кытай курудук – деп,
Асманды карап элеңдеп,
Шашып жүргөн андан көп.
Ажалдан мурун өлдүк – деп,
Качып жүргөн андан көп.
Эстен танып эндиреп,
Басып жүргөн андан көп.
Карап турган баатырлар,
Калк бузулуп калганда
Белгилүү түрктүн балдары
Бет алып кирди майданга.
Берекелүү чоң калаа
Бээжиндин шаарын алганга
Мылтыккечтер ылгалып,
Найзакерлер ыргалып,
Айбалта,кылыч, чочморлуу
Алда өзүнчө чыңданып,
Кайратты кабат салышты,
Калсын деп кытай кыйралып.
Жазайыл аткан жандар бар.
Таажы кийген кандар бар.
Очогор аткан жандар бар.
Ордодо турган кандар бар.
Койчагыр аткан жандар бар.
Кол баштаган кандар бар.
Сап-сап болуп бөлүнүп,
Душманга сүрдүү көрүнүп,
Бир четтен мылтык атышып,
Кызыл канга батышып,
Ажал жетип окко учкан,
Жерге сулап жатышып.
Найзакерлер кылкылдап,
Сайышып калды шылкылдап.
Бул турганым бекер – деп,
Капкадан кирип кетер – деп,
Капкадан кирип кеткен соң
Канетип кубат жетер – деп,
Калдайдын уулун алалбай,
Далай күндөр өтөр – деп,
Бул иш түшүп оюна,
Этиет болуп боюна,
Төрө Төштүк бөлүнүп,
Төрөлүк шаңы көрүнүп,
Төрүнө өтүп калыптыр.

Капканы кармап алыптыр.
Кан кыпчактын тукуму,
Кайрылып согуш салыптыр.
Астын-үстүн болушуп
Ай балта тийген солушуп,
Өлбөй калган жан болсо,
Өлгөн экен десин – деп
Өлүк менен аралаш
Булар да жатат корушуп.
Кыжы-кыйма болушуп,
Кылыч тийген солушуп.
Кылычтан өлбөй калган жан,
Алар да жатат корушуп.
Найза тийген кыркырап,
Кан куюлуп шыркырап,
Канча кытай найза жеп
Соолуп жатат тырпырап.
Эки күнү,эки түн
Аябай майдан жаң болду,
Көктүн жүзү чаң болду.
Жердин жүзү кан болду.
Эки күнү,эки түн
Аянбастан бүпбүтүн,
Кабылан эрлер сайышып,
Кайратын байкап өз күчүн,
Коңурбай,Манас сайышып,
Бири да качпай майышып.
Качпай найза салышып,
Кайратын байкап алышып,
Кужурланып сайышып,
Кубатын байкап алышып.
Кылыч менен салышып,
Айбалта менен чабышып.
Арстан эрлер башына
Калкан тосо калышып.
Калканы сынып бөлүнүп,
Кара күчкө салышып.
Жандай түшүп баатырлар,
Жакасынан алышып.
Бадана соот тондору
Кармаса колдо калышып.
Карап турган көп кошун,
Кошундар айран калышып,
Эки кошун эндиреп,
Эрлерге көзүн салышып,
Баатырлар кандай болот – деп
Баары журт карап калышып.
Өөдө кетет сүрүлүп,
Ылдый кетет сүрүлүп.
Тартышканда аттары
Сандала түшөт бүгүлүп.
Тартышып колу талышып,
Найзаны колго алышып,
Бура тартып баатырлар
Ат күчү менен саймак – деп
Абийирди минтип алмак – деп.
Тай чабым жерге барышып,
Мусулмандар буркурап,
Салабат айтып чуркурап,
Тилек тилеп зыркырап,
Манаска көзүн салышса,
Көк жал Манас баатырың,
Көңүлү толбой күчүнө,
Бушайман түшүп ичине,

Сыр алдырбай кишиге,
Айкөл Манас төрөңүз
Айран болуп ишине.
Капшыра сайып капырды,
Кан Коңурбай баатырды.
Келип турган кезинде
Кирбедим иттин түшүнө.
Ак келте огу өтпөдү,
Ак болот мизи кеспеди.
Сыпаты башка калчаны,
Сыр найза тыгы тешпеди.
Жараткан Алла жар болсо,
Жүргөн жерим шар болсо,
Кызыр бабам кырк чилтен
Ушу күндө бар болсо,
Азирети Айкожом
Жөлөр кезиң ушу кез.
Шарапатын пирлердин
Көрөр кезим ушу кез.
Жараткан жалгыз Алла–деп,
Кызыр бабам колдо – деп,
Падыша Манас сабылып,
Бар Кудайга жалынып,
Өлгөнүм жакшы мындан–деп,
Өз күчүнө таарынып.
Алладан кубат болбосо,
Алышым кыйын калдайды.
Ат үстүнөн аңтарып
Салышым кыйын калдайды.
Эки күнү,эки түн
Аянбай майдан салыштым.
Арам өлгөн Аккула
Кандайлыктан майыштың.
Атымдан дарман кеткен соң,
Анан Манас кайыштым» –
Деп, Азирет кызыр кырк чилтен
Эрлерине сыйынып,
Кабылан жолборс ажыдаар,
Шерлерине сыйынып.
Кол бергени Кожосан,
Пирлерине сыйынып.
Жараткан Кудай жар бол – деп,
Жанымда Кызыр бар бол – деп,
Жүдөп турган кезинде,
Жүргөн жарым жар бол – деп.
Манастын келип каары,
Жалын чыгып көзүнөн,
Заары чыгып бетинен,
Кабылан Манас баатырдын
Карарышы түн болуп,
Бетинен чыккан сары түк
Беш байпактык жүн болуп,
Кышкы кирген буурадай,
Кычырап тиши ун болуп,
Аттын башын имерип,
Аккуласы индерип,
Кабылан Манас айкөлүң
Качырды найза жиберип.
Берендериң качышты,
Бет алышып калышты.
Кепке-сөзгө келишпей,
Келтирип найза салышты.
Айкөл Манас султаның
Келтирип найза бек кармап,

Сандыргалуу султаның
Жайлайын кулду деп кармап,
Табарсыктын тушу – деп,
Таяр жериң ушу – деп,
Капшыра сайып мылгытты,
Кан Коңурду ыргытты.
Калчалардын капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Алкарадан албайтып,
Найза салып далбайтып,
Сандыргалуу баатырың
Сайып салды дардайтып.
Айкөлүң Манас алган соң,
Аңгемени салган соң,
Бар кудай жалгап салды – деп,
Манас аман калды – деп,
Мусулмандар буркурап,
Салабат айтты чуркурап.
Карап турган мусулман,
Кабар билген ушундан.
Кубангандан кан калбай,
Сүйүнбөгөн жан калбай.
Кандар келди жубанып,
Кайратына кубанып,
Эрендердин баарысы,
Эрдигине ынанып.
Баатыр Бакай карысы,
Калың түрктүн калысы,
Көй төрөлөр күркүрөп,
Булар да келди баарысы.
Коңурбайды жыгыңар,
Жыгып мындан чыгыңар.
Алмамбет менен Манастын
Аңгемесин угуңар.
Эр Алмандын кеби бар,
Эрегишкен жери бар.
Кабылан Алмаң төрөнүн
Кандай кылса эби бар.
Качантан бери сактаган,
Кан Коңурда кеги бар.
Алмамбет айтат соём – деп,
Сомдоп таштап коём – деп.
Калдалаңдуу калчанын
Канын ичип тоём – деп.
Манас айтат: «Токто!» – деп,
Иштин артын сокто – деп.
Шарияттын өзүндө,
Пайгамбар айткан сөзүндө,
Балалык кылба Алмамбет,
Баарысы дайын эсимде.
Колго түшкөн бендени
Үйрөт деген келмени.
Ынабаса келмеге,
Кошулбаса бендеге,
Ак пайгамбар кеп айткан,
Анан өлтүр деп айткан.
Келме үйрөтүп баатырды,
Мусулман кылып алалы.
Болжолу жок эр экен,
Боло койбос залалы.
Коң төрөнү өлтүрбөй,
Аман алып калалы.
Туйгун эрди өлтүрбөй,
Жолдош кылып алалы.

Толуп жатат душманың,
Душманга күүлөп салалы.
Ынабаса келмеге
Кесип башын алалы.
Өлчөп көрдүм кайратын
Өзүмдөн бир таш кем эмес,
Жаралган баатыр көп жан бар,
Бири да бого тең эмес» –
Деп баатырың айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Жана Алмамбет кеп айтат,
«Жаңылдың, баатыр, – деп айтат.
Мусулман болбойт капыр–деп,
Сакалы жок такыр – деп,
Өлбөй калса калча кул,
Залал кылат акыр – деп,
Жараткан Алла Кудайдын
Каарынан жаралган.
Жылан менен чаяндын
Заарынан жаралган.
Калчанын жанын билбейсиң,
Айткан тилге кирбейсиң.
Кабылан төрө Манаска
Каш кайтарар ким дейсиң.
Каргашалуу чоң калдай
Калчалардын Коңурбай,
Карындан түшкөн камданып,
Курсактан түшкөн кууланып,
Коңурбай болбойт мусулман,
Көрөбүз залал ушундан.
Маңдайында каты бар,
Лаанаты деген аты бар.
Адам уулу бендеден
Башкача келген заты бар.
Какшасам төрөм болбодуң
Бир оюма койбодуң.
Чаары чыкты көзүнөн
Чалгырты чыкты сөзүнөн.
Кармап калды көктүгүң,
Бир айткан сөзгө бектигиң.
Азалда келген арам – деп,
Арам болбойт алал – деп.
Көй төрө күбө болуңар,
Көрөбүз мындан залал – деп,
Мусулман болдум дегенсип,
Алдап кетет өзүңдү,
Шайтаны көп Коңурбай
Таштап кетет сөзүңдү.
Алдап кетет капыр – деп,
Алдатасың баатыр – деп,
Көргө батпас капырдан,
Көрөбүз залал акыр – деп.
Билими артык капыр – деп,
Бир иш ойлоп жатыр» – деп.
Айкөл Манас төрөңө,
Алмамбет айтып токтолду.
Андан башка ал топто
Кыңк эткен бенде жок болду.
Алмаңдын тилин албастан,
Айткан шерттен жанбастан,
Кылып койгон эрдигин
Кылайып Манас танбастан,
Келтирип алып кашына,
Өзү туруп башына.

Калчадан чыккан капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Кабылан Манас кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат.
Буруу-терүү санабай,
Мусулман болгун деп айтат.
Адамзат бенденин
Аныk дини мусулман,
Пайгамбардын алдында,
Пайда көрөт ошондон.
Келмеге тилиң келбесе
Айтканыма көнөсүң.
Айтканыма көнбөсөң
Ажалың жетти өлөсүң.
Жана айтар кебим бар,
Кыла турган калбам бар,
Мусулманча тамгам бар.
Таамай айтам бетиңе,
Тамгамды салам көтүңө.
Пайгамбар тамга саламын,
Башынан чырпып аламын.
Келмеге тилиң келбесе,
Кестиргенге көнбөсөң,
Абийириңдин кеткени,
Ажалыңдын жеткени.
Мусулман болсоң бурулбай,
Баатырың таптың соопту.
Бачым айтып тезинен,
Манаска бер деп жоопту» –
Деп айкөлүң айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Жооп кылып Коңурбай
Коркуп калган алаштан,
Албарс кылыч колунда
Айтылуу баатыр Манастан.
Айтпайын десе жан кыйын,
Айкөлүң Манас кан кыйын.
Кара жандын дартынан,
Кан Манастын зарпынан,
Коркконунан Коңурбай
Келме айтууга ынады.
Кези келсе бир сөз – деп,
Кестирүүгө чыдады.
Кытайлардын Коңурбай,
Аягыңа жыгылды.
Кесемин деген бир кебиң,
Кулакка суук угулду.
Чоң кишини тарбайтып,
Кескениң кыйын мусулман.
Учан теңиз кытайга
Уяламын ушундан.
Келмең кандай үйрөт – деп,
Келмеңди айтып сүйлөт – деп,
Тамгаң кандай салгын – деп,
Талабыңды алгын – деп,
Коңурбай айтып турганда
Ушул сөздү урганда,
Баатыр Манас кубанып,
Коңурбайга ынанып,
Молдолорун келтирип
Айтып келме үйрөттү.
Абал мурун калдайды
Арапча тилге сүйлөттү.
Лаилаха иллалла

Мукамадара сулалла.
Келтирип жакшы кеп айтты,
Келмең ушул деп айтты.
Пайгамбар бар, бир Кудай
Маанисн ушул деп айтты.
Жана карап турбастан
Жандырып сөздү урбастан,
Туруп берди Коңурбай,
Бурулуп моюн бурбастан.
Коң төрөнү жаткырып,
Колун, бутун бастырып,
Пайгамбар тамга салдырып,
Башынан чырпып алдырып,
Көк чүпөрөк күйдүрүп,
Күлдөн арбын салдырып,
Арстан Манас төрөңүз,
Адамды айран калтырды.
Түгөңгүр бизди кесет – деп,
Түпкө Манас жетет – деп,
Көрүп турган кытайдын,
Көбүн эстен тандырды.
Баатырың Манас чоң төрө,
Башынан иши оң төрө,
Манас менен достошуп,
Мусулман болду Коң төрө.
Эки төрө эптешип,
Жүрбөйлүк деп кектешип,
Сырларын айтып кептешип,
Сыпатын айтып беттешип,
Өлүктөрүн күргүштөп,
Өздөрү таанып көмүшүп,
Өлүктү санга салышып,
Эсебин дайын алышып,
Мусулмандан өлгөнү,
Алты миңге толуптур.
Кылыч тийип,найза жеп,
Баарысы шейит болуптур.
Атактуу эрден өлгөнү,
Жедигердин Чекиши.
Эр Төштүктүн агасы
Элеман кандын Сейити.
Көкбөрү байдын иниси
Эсеттердин Кылымы.
Көккоёнду көптүргөн
Кой кашканын тунугу.
Алты миңден башкасы
Аман калды мусулман.
Аман калдык деп калды,
Алла сактап ушундан.
Кытайдан өлгөн чени жок,
Эсепке алар эби жок.
Көрүнүп калган ноёндон,
Мыктылардын көбү жок.
Чубак менен сайышып,
Жолой баатыр өлүптүр.
Сыргак менен сайышып,
Коной калмак өлүптүр.
Төштүк менен сайышып,
Нескара калдай өлүптүр.
Алмамбет менен сайышып,
Борончу каңгай өлүптүр.
Кырк чоролор күркүрөп,
Катары менен барыптыр.
Керик минген дөөнүн кыйласын,

Пил минген алптын далайын,
Кыраандар карап турабы,
Кыйратып таштап салыптыр.
Бет алып Үрбү кармашып,
Берендигин карматып,
Матүшкөрдү союптур.
Башын кесип коюптур.
Айдаркандын эр Көкчө
Бозкертикти жайлаптыр.
Шаңкайдын баарын дыргытып,
Алдына салып айдаптыр.
Замбирек тийип талкалап
Жандын көбү өлүптүр.
Дуудуу, Чыйтай журт билген,
Жандын көбү өлүптүр.
Алптын көбү кыйраптыр,
Адамдын көбү ыйлаптыр.
Кыраандын көбү кыйраптыр,
Кытайдын көбү ыйлаптыр.
Муну көрүп Коң төрө
Башын чайкап туруптур.
Баатырым ук деп сөзүмдү,
Манаска кебин уруптур.
«Өлгөндөр өлдү айла жок,
Өкүргөн менен пайда жок,
Кеткендер кетти айла жок,
Кейиген менен пайда жок.
Өлүк болсо көмүлдү,
Өлчөөсү байкап көрүлдү.
Бүтүн дүйнө жүзүнө
Бүлүк салган жан болдуң.
Кылымдын баарын кыйратып,
Кыргыздан чыккан кан болдуң.
Эрлигиңде чени жок,
Эрлигиңе таң болдум.
Ажыдаардын сүрүндөй,
Айбатыңа куш болдум.
Ак диниңе кирген соң
Анан сага дос болдум.
Кимиң болсоң, аның бол,
Сага бердим кандыкты,
Атпай какан журтуна
Кыла бергин жардыкты.
Мен мусулман болгон соң,
Кимиси кылат ардыкты.
Колуңа журтту карат – деп,
Кошундун баарын тарат – деп,
Дүйнөгө бүтүн кан болдуң,
Ким айтат муну калат – деп,
Алмамбет болсо өз үйү,
Атасына барат – деп,
Сагынып калган баласын,
Азиз кан конок алат – деп.
Арзып келген жумушу,
Атасын динге салат – деп.
Кандарың менен жам болуп,
Калабаң журтка даң болуп,
Аскериң менен жам болуп,
Айдыңың журтка даң болуп,
Конок болуп өзүмө,
Чоң Бээжинге жүрөсүң.
Болот капка Бээжинге
Кошунуң менен киресиң.
Атпай какан көп журтун,

Досум өзүң билесиң.
Ат ордуна миндирем
Алтын такты минесиң.
Сагынбасаң аяшты,
Туруп доор сүрөсүң» –
Деп Коң төрө айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Баатырың Манас кеп баштап,
Масылат ушул деп баштап.
Бакайын алып башына
Кандарын алып кашына.
Тоодой болгон көк добул
Күрсө-күрсө ургузуп,
Бээжинди Манас алды – деп,
Журт жарашып калды – деп.
Тарасын деп көп кошун,
Жалпы журтка туйгузуп,
Кол тарачу кош добул
Кошогу менен ургузуп,
Колдун баары тарка – деп
Манас кылды жардыкты.
Кытайдан кобур кеп чыгып,
Кылбасын деп ардыкты.
Коң төрөнүн колунан,
Алды деп Манас кандыкты.
Кошун кирип Бээжинге,
Бүгүндөн баштап конот – деп,
Үч Бээжинге бүпбүтүн,
Алмамбет кан болот – деп.
Бээжинди бүтүн баатырың,
Өз колуна каратты.
Жардык айтып кытайга,
Жалпы журтун таратты.
Айкөлүңдүн эрдигин
Атпай кытай жаратты.
Коңурбайга дос болуп,
Мусулман динге салдым – деп,
Колкосуна досумдан,
Үч Бээжинди алдым – деп,
Мен досума барам – деп,
Кандарды кошуп алам – деп,
Тогуз кандын кошуну,
Толук бизге калсын – деп,
Калдайдын уулу төрөгө
Кандары менен барсын – деп.
Эрте-кеч эрмек кылганга
Ажыбай менде калсын – деп,
Бакайды алып башына
Темирди алып кашына.
Азиз кандын өзүнө,
Бизден Темир ашына.
Көй түркү баш болуп,
Кудасына барсын – деп,
Оор коштун баарысы
Алмамбетте калсын – деп,
Баатырың кылды жардыкты.
Кылган жок эч ким ардыкты.
Кыйкырып жүрүп жарчылар
Үнү бүтүп кардыкты.
Санжап-санжап бөлүнүп,
Салтанаты көрүнүп,
Коң төрөгө кошулуп,
Тумандай чаң созулуп,
Чоң Бээжиндин шаарына

Манас кирди озунуп.
Сандыргалуу кандарды,
Сандуу түмөн жандарды,
Баатыр Коңур күтүптүр,
Барлык менен түтүптүр.
Манастын арка жагынан,
Бакайын уккун абыдан.
Аңгемелүү кеп келди,
Алмамбеттин багынан.
Бакайы бар башында,
Падыша Темир кашында.
Көй төрөнүн баары бар,
Көк жал Кыргыл кары бар,
Орчун кошун көп эл бар,
Оор кошу дагы бар.
Ордосунун өзүнө,
Оолжуп Алмаң жөнөдү.
Көй түрүккө көрсөтчү,
Толуп жатат өнөрү.
Азиз канга дапдайын,
Алмамбеттин келери.
Баң базардын ичине,
Баатырлар келип конушуп,
Казыналуу Азиздин,
Коногу даяр болушуп.
Жалпы кошун жайкалып
Жатып калды созулуп.
Баатыр Алмаң турбастан,
Башка сөздү урбастан,
Кыла турган жумушум,
Бүтүп турсун бир баштан.
Карылар кулак салыңар,
Кабарын угуп алыңар.
Көй төрө кулак салыңар,
Көбүңөр угуп алыңар.
Алал кызмат кылбадым
Атанын акы мойнумда,
Эзилип кызмат кылбадым
Эненин акы мойнумда.
Тилекти кудай бергенде,
Тиктеген ишим келгенде,
Арманы көп Алмамбет
Ата-энемди көргөндө,
Керилбей басып барайын,
Кечирип акын алайын.
Эби келсе буларды,
Аныk динге салайын.
Өлгөн жан кайтып келиш жок,
Өлгөндөргө кейиш жок,
Ата-эне акын кечпесе,
Оңой жактан бейиш жок.
Баатырлар айып болбосо,
Барганыбыз кандай – деп,
Азиз канды ак динге
Салганыбыз кандай – деп.
Ата-эне акын кечирип,
Алганыбыз кандай – деп,
Алмамбет айтып турганда
Айтып сөзүн урганда.
Кан Темир, Бакай карысы
Калың түрктүн калысы,
Көй төрөлөр ордунан
Ыргып турду баарысы.
Оёндоруң дабырап,

Азиз канга келишти.
Алеке салам айтпастан
Канга келип көрүштү.
Арзып келген Алмамбет
Атасы менен көрүшүп,
Аянбай ичи эришип,
Эңсеп келген Алмамбет
Энеси менен көрүшүп,
Эзилип ичи эришип.
Өзү менен бир тууган,
Шаясына көрүшүп,
Сагынып жүргөн Санкөлө
Агасына көрүшүп.
Чылабанын тукуму,
Баарысы динге келишип,
Абал мурун жол баштап,
Азиз кан болду мусулман.
Чылаба кандын тукуму
Таалим алды ушундан.
Баң базардын кытайы
Баары келди: «Коома!» – деп.
Коомасына алик жок,
Алмамбет айтат: «Ооба» – деп.
Өлгөн жан кайтып тирилип,
Бээжинге беттеп кирилип,
Оён Алмаң баатырдын
Өжөрлүгү билинип.
Атпай Туңша шаары
Алмамбетти курчашып,
Арстандардын баарысы
Айтып сөзүн сырдашып.
Азиз кандын үйүндө,
Жатып калды жыргашып.

16-бөлүм

АЛМАМБЕТТИН КАН БОЛУШУ. КОШУНДУН КАЙ ТҮРЛҮҮ КАЙТКАНЫ

Баатыр Манас зоруңар,
Төрө Алмамбет чоңуңар.
Кадырлуу тогуз каныңар,
Жетимиш түмөн колуңар.
Кандай түрлүү ою бар,
Кабарында болуңар.
Кан Акун,Бакай каны бар,
Кавказдын Темир каны бар.
Көй кашканын ноёну,
Көй төрөнүн баары бар.
Баатыр Манас каныңар,
Байкап кулак салыңар,
Кандай түрлүү иш баштайт,
Кабарын угуп алыңар.
Түрк арбагын чакырып,
Төрөңүз келди каарына.
Калың кошун кол менен
Каптап кирди шаарына.
Башка сөз менен иши жок,
Балан деген киши жок.
Кең пейилдүү султандын,
Келтирди Кудай багына.
Досумдан алган тагым – деп,
Максатка жетер чагым – деп,
Эр Манас чыгып олтурду,
Эсен кандын тагына.
Жардыгын айтып калкына.
Даңкы калып артына.
Өкүмүн айтып элине,
Өктөмсүгөн бегине.
Баатыр Манас айкөлүң,
Масылат кебин бүтүрдү,
Эсен кандын тагына
Үч күнү минип олтурду.
Үч күндөн соң эр Манас
Масылат курап кеп баштап,
«Падыша болдум Каканга
Максатым ушул», – деп баштап.
Калың журт уккун кебимди,
Кан Манас айтпайт тегинди,
Атпай кытай уругу,
Алмамбет табат эбинди.
Арстан Манас каркы бар,
Адамдан артык баркы бар.
Чын Бээжиндин журтунда
Атадан калган акы бар.

Алты жыл падыша болсом – деп
Кылып келген анты бар.
Арстан Алмам баатырым,
Алты жыл падыша болот – деп,
Жетинчи жылда Коң төрө
Өз ордуна конот – деп,
Кан Манас кылды жардыкты.
Алмаңга берди кандыкты.
Кылым кытай журтунда,
Кылган жок эч ким тардыкты.
Кабылан Манас султаның,
Кандарын алып кашына,
Өкмөтүнө уктурат,
Өзү туруп башына,
Жалпы кытай жам болуп,
Жардыгымды уккун – деп.
Мыктың болсо бел байлап,
Мага каршы чыккын – деп.
Самап келген Бээжинден,
Душманымды жыктым – деп.
Коңурбай досум келгин – деп,
Манастын баркын көргүн – деп.
Өзүң берген тагыңды,
Мен Алмамбетке бердим – деп.
Келип Какан калкыңа
Ызаатыңды көрдүм – деп.
Келгениме жараша
Душманымды жеңдим – деп.
Каршылык кылган жан болсо,
Казаң жетти, өлдүң – деп.
Азыркысын бу кезде
Амырыма көндүң – деп.

Мен Бээжинге бел байлап,
Алмамбет үчүн келдим – деп.
Өзүң ойло чаркыңды,
Байкап кара артыңды.
Алмамбетке өткөрүп
Ушу бүгүн калкыңды.
Менин досум Коңурбай,
Бекерге карап турба – деп.
Бүтүн какан калкыңды
Бүгүндөн калбай жыйна – деп,
Жардыгымды укпастан
Жан калбасын үйүндө.
Жатып ичер турбаган
Чал калбасын үйүндө.
Ичинде ала калбасын
Ишиңде чала калбасын.
Менин сөзүм укпастан,
Беш жашта бала калбасын.
Атым Манас болгону,
Манас атка конгону.
Жардыгым жалган болгон жок,
Мага жамандык кылган оңгон жок.
Өкүмүм эки болгон жок,
Мага өкүмдүк кылган оңгон жок.
Буйругум эки болгон жок,
Мага бура салган оңгон жок.
Жалгыз Бээжин калкына,
Өзүңө болдум ашына,
Менин досум Коң төрө
Жакын келгин кашыма.
Сенден улуу Алмамбет
Кылалык ызаат жашына.

Алмамбетти кан кылып
Койдук калктын башына.
Алты жылы чыдап тур,
Кан болом деп ынап тур,
Алты жылдын соңунда
Ишиң турса оңунда
Калат кылбайм сөзүмдү,
Кан кылам досум өзүңдү» –
Деп Манас жардык кылганда,
Барлык журт карап турганда,
Коң төрө туруп кеп айтат.
Козголуп сөздү эми айтат.
«Берен Алмам ноёнго
Бергениң жакшы – деп айтат.
Өзүңө бердим тагымды,
Ачсын кудай багыңды.
Алмамбет баатыр кан болсо,
Анык ээси табылды.
Талабы артык ноёндун,
Таалайына кабылды.
Алмамбет баатыр кан болсо,
Атпай журтка даң болсо,
Эсен кандын тукуму,
Эр Алмамбет кан болсо,
Эрегиш кылар жан барбы,
Башында Манас бар болсо,
Коңурбай,Манас турганда
Козголуп адам койчу эмес.
Эрегиш кылам деген жан
Эгерде эки болчу эмес.
Досум сөзүң эки эмес,
Бул айтканың чеки эмес.
Адамдан ашык бааң – деп,
Алмамбет болсо агам – деп.
Алмамбеттей аганы,
Какандан кантип табам – деп.
Түбөлүк алсын кандыкты,
Түркүк болсун калкына,
Нурктуу атанын баласы,
Нуска калсын артына.
Алмаңдын жетип баркына,
Азап салып калкына.
Алмамбет үчүн ракмат,
Кылып келген зарпыңа.
Бээжинди кеттик каратып
Бейбаштын баарын таратып,
Өжөрлүгүң чанда жок,
Өзүм калдым жаратып» –
Деп Коңурбай айтып токтолду,
Экинчи сөзү жок болду.
Кандарын алып кашына,
Манас туруп башына,
Калкын бүтүн жыйнатып,
Каршынын баарын кыйнатып.
Кытайдын баарын жыйнатып,
Кыйшыктын баарын
кыйратып.
Жалпы журтун жам кылып,
Жарашыктуу даң кылып,
Баң базардан келтирип,
Алмамбетти кан кылып,
Баң базары Туңшаңдан
Алмамбетти алдырып,
Айкөл Манас султаның

Ак кийизге салдырып,
Алтын такта миндирип,
Бээжинди бүтүн билдирип.
Түйшүк тарткан казатта
Түрк баласын күлдүрүп.
Кандардын баары жабырап,
Калктын баары дабырап,
Куттуу болсун кандык – деп,
Куп жарашты жардык – деп.
Талапка Алмаң жеткен соң,
Таркады бойдон ардык – деп.
Мусулман турат соога – деп,
Кан болду Какан жоого – деп.
Сооган менен иши жок,
Кытайлар турат коома – деп,
Айтып сөзүн туйгузуп,
Атпай журтту тургузуп,
Казыналык көк добул
Күрсө-күрсө ургузуп,
Кандык дөөм чакыртып,
Какандын калкын жапыртып,
Манас баатыр токтолду,
Баштагы дарты козголду.
Кылым кытай калкында
Кынк эткен бенде жок болду.
Эми эр Алмаңдын кеби бар,
Эсепсиз айтар эби бар.
Түрк уулунан таралган,
Түмөн кыргыз эли бар.
Кош Түркстан жери бар,
Оёнуң Манас шери бар.
Кылымга дайын кырк төрө,
Кызматын көргөн эри бар.
Жабус кандан таралган,
Жалпы алаш эли бар.
Балта кандын баласы,
Баатыр Чубак теңи бар.
Баатыр Алмаң ноёндун,
Эминеден кеми бар.
Кошунда отуз каны бар,
Тогуз каны таажыдар.
Салтанаты башкача,
Самаган иштин баары бар.
Бажырайып башында,
Акын,Бакай кары бар.
Буудайык кандын Музбурчак,
Бул карысы дагы бар.
Кабылан Төштүк,Көкчө бар,
Кадиксиз аяр кексе бар.
Айтылуу Үрбү чечен бар.
Ак дастары башында
Асанкожо эшен бар.
Кан Темир менен Санжы бар,
Калыс сөзгө тыңчы бар.
Эштектердин Жамгыр бар
Эски сөзгө даңгыл бар.
Жасалуу калың колу бар,
Жайдары Манас зору бар.
Жамандык кылган душманга
Жайып койгон тору бар.
Торго түшкөн душмандын
Тумшугунда шору бар.
Атагы дайын теги бар,
Ата уулудан лөгү бар.

Арстан Алмаң баатырдын
Айдаган кошун көбү бар.
Миң сарбазга бир сардал
Башчы койгон беги бар.
Кызыр Илияс, кырк чилтен
Кайыптардын деми бар.
Какандагы кытайга
Касташып кеткен кеги бар.
Бээжиндин калкын бел байлап,
Жеңсем деген чеги бар.
Кабылан Алмаң ноёндун,
Кай жеринде кеми бар.
Какандын калкын бу кезде,
Каратып кетер эби бар.
Ажыдаардай сүрү бар,
Ач жолборстой үнү бар.
Алчыланып олтурса,
Адамдан башка түрү бар.
Перинин кызы Аруuке,
Үйүндө асыл үрү бар.
Жигиттин пири Шаймерден
Азирет Аалы пири бар.
Бир башында Алмаңдын
Жети түрлүү тили бар.
Какандагы кытайда
Кан Алмаңа жанашар
Кандык доор жарашар,
Калча Коңур болбосо,
Кан Алмамбет баатырга
Каршылык кылар кими бар.
Кандык доор кат алып,
Айта турган жардыгын
Көңүлүнө жат алып,
Кандарын карап кеп айтат.
Кеп айтканда эп айтат.
«Айлансам болот түрк уулу,
Арбагыңа – деп айтат.
Жакуттан кылган тагың – деп,
Жалпы журт сенин багың – деп.
Алтындан кылган тагың – деп,
Алашым сенин багың – деп.
Максатка жетип Алмамбет
Жыргап турган чагым – деп.
Алтын такта олтуруп
Акылын ойлоп болтуруп,
Атпай түрктүн кызматын
Көңүлүнө толтуруп,
Тактасын минип алдына,
Таажысын кийип башына,
Көп адамдан Алмамбет
Сыргак менен ашына.
Сыпаты башка адамдан,
Сыргагын алып кашына,
Манасына кеп айтат
Баары журт уккун – деп айтат.
Кандарына кеп айтат
Калкым уккун – деп айтат.
Какандын калкы кытайга
Каралдым зил үчүн,
Калың түрктүн уулуна
Качып бардым дин үчүн.
Кара чоктуу дозокко,
Кабылбай өтөр күн үчүн.
Түрктөн барып эл таптым,

Түркстандан жер таптым.
Баатыр Манас султанды
Башымды катып мен таптым.
Манас менен дос болдум,
Баатырдан көөнүм кош болдум.
Кылып кеткен Бээжинден
Шертимди санап козголдум.
Манастан санаам тынган соң
Баатыр Алмаң оштондум.
Бээжиндин калкы капыр – деп,
Курттай кайнап жатыр – деп.
Чаркың келсе Бээжинди
Бир көрсөткүн баатыр – деп.
Баатыр Манас кеп айтты,
Кеп айтканда эп айтты.
Алтын капка Бээжинди
Атпай кытай бейдинди.
Алла Таала буюрса
Алып берем деп айтты.
Ишендим айткан сөзүнө,
Ыраазы болдум өзүнө.
Арстан Манас султаным
Алып жүрдү эсине.
Азар түмөн кол келип,
Азар тартып жол келип,
Билеселүү эр Манас
Бир ооз айткан сөзүмө,
Алтын капка Бээжинди.
Алып берди өзүмө.
Канча азамат кыйналды,
Канча жан өлүп кыйралды.
Сөзүмдү Манас сыйлады,
Көңүлүмдү кыйбады.

Кан болуп Какан калкына
Кан Алмамбет жыргады.
Жалгыз Алмаң мен үчүн
Жайдарың Манас кеби үчүн,
Түрк уулунан бир канча
Түркүктөй эрлер кыйрады.
Катыны жесир, бала жаш,
Канчалык адам ыйлады.
Болдук Бээжин ойнунда,
Убалы менин мойнумда.
Көпчүлүктүн ыйлаган
Көзүнүн жашы койнумда.
Жайдарың Манас көк экен,
Дарбазаң болот чеп экен.
Айткан сөздөн кайтпаган
Убадасы бек экен.
Касиеттүү кандары
Кабыргалуу лөк экен.
Канчалык айтсам жарашат
Касиети көп экен.
Баарыңар минчү так экен.
Түрк баласы бу кезде
Түтөп турган чагы экен.
Түркстанда түрк уулу
Түтөп турар чагың – деп
Түркүгүң Манас болгон соң
Күчөп турар чагың – деп.
Алмамбеттин кандыгы
Бул дагы сенин багың – деп.
Максатка жетип Алмамбет
Магдырап турган чагым – деп.
Коңурбай эмес Алманга
Ичтеги жүргөн арманга

Кара, төрө кандары,
Баатыр түрктүн балдары
Максатыма жеткирип,
Өзүңөр берген тагың – деп.
Айтканымда жалган жок,
Айтар кебим калган жок.
Алмамбеттин алашта
Эч арманы калган жок.
Ыраазы болдум карыңа,
Калк башкарган каныңа.
Атпай түрктүн балдары
Алаш кыргыз баарыңа.
Качып бардым калкыңа
Кадырлап жеттиң баркыма.
Алаш кыргыз балдары,
Алмамбет жетти антына.
Берекелүү Бээжинге,
Мен үчүн баарың бел байлап,
Аскериң арбын жер жайнап,
Кылып келген зарпыңа.
Түрк баласы түбөлүк
Айтуу калды артыңа.
Айкөлүм сага эп болсо,
Алмамбет айткан кеп болсо,
Кандарым сага эп болсо,
Кан Алмаң айткан кеп болсо,
Бээжинге алтай туралык,
Бекитип кеңеш куралык.
Казына кенен болгон соң
Кандыктын тоюн кылалык.
Үч ай бүтүн той берип,
Үлгүнү баштап салалык.
Мен үчүн күтүп олтурган
Дуудуунун кызын алалык.
Нике тоюн бир жолу
Кошо кылып салалык.
Карыса да Бирмыскал
Кадырымды сактаптыр.
Кан Азиз кылган батасын
Кадыр сактап актаптыр.
Бүтүн Бээжин ичинен
Зар ыйлап мени таппаптыр.
Ал себептен көп кытай
Абазаасын мактаптыр.
Он сегизде мен кеттим
Орчун түрктүн уулуна.
Баатыр Манас султаным,
Кудайдын сүйгөн кулуна.
Жыйырма жылда кайрылып,
Эми кондум туурума.
Мен кеткенде Бирмыскал
Он төрт жашта бар эле.
Күйөөнүн жайын билбестен,
Ойноп жүргөн жан эле.
Атасы дуу-дуу Эсен кан
Жарым кан болгон кан эле.
Ушул тапта Бирмыскал
Отуз үч жашка толуптур.
Кыйла жашын өткөрүп
Кызыл гүлдөй солуптур.
Кыз атагын кетирбей
Кары кыз атка конуптур.
Ыйлап жүргөн Мыскалды
Ыраазы кылып кетсекпи,
Баарыңарга эп болсо,
Баркына мунун жетсекпи» –

Деп эр Алмаң айтып турганда
Ушул сөздү урганда.
Үрбү чечен кеп баштап,
Эрлик ушул деп баштап.
Капия сөзгө киришип
Кандардын баары күлүшүп.
Катын алчу сизби – деп,
Карап калчу бизби – деп.
Кан Алмамбет баатырың,
Бул айткан кебиң түзбү – деп.
Аңгеме сөзгө барышып,
Карсылдап күлүп калышып.
Чебер чендүү күлүшпөй,
Чечендер сүйлөп жарышып.
Үрбү чечен шартылдап,
Далай сөздү сайрады.
Каткырыкты салышып,
Кандарың көөңдү жайлады.
Кан Алмамбет баатырды
Капия сөзгө байлады.
Эми баатыр Алмаң кеп айтат
Баарыңар уккун деп айтат.
Арстан Үрбү ноёнум
Ал дебей кантип коёюн.
Айтып турган сөзүмдүн,
Аягына чыкканча,
Алмамбеттин жардыгын
Атпай алаш укканча,
Кеп оозума келтирбей
Сууруп кетти Үрбү – деп,
Билеселүү кандарга
Мындан чыкты күлкү – деп.
Азыркысын бу кезде
Алаштын Бээжин мүлкү – деп.
Барчын бүркүт жарашса
Кайдан качсын түлкү – деп.
Жандын баары кыз алса
Түрккө калчу үлгү – деп.
Кары-жашың дебестен
Бириңер чыкпай кеңештен.
Бирден кызды алчу – деп,
Кетерде жолго салчу – деп.
Катындарга мактанып,
Кыз алдык деп барчу – деп.
Атпай түрктүн уулуна
Айтуу болуп калчу – деп.
Болукшуп жүргөн кан болсо,
Бойдоксуп калган жан болсо,
Жана калктын ичинде
Бой-бойдогу бар болсо,
Какандан катын алсын – деп,
Кадырлашып калсын – деп.
Кир-кечесин жуудуруп,
Кирпигин суутуп алсын – деп.
Какандын кызы даяр – деп,
Катындары аяр – деп.
Катынын албай кызын ал
Өзүңө теңдүү тушуң ал.
Экиден-үчтөн кеңешип,
Эби келсе ушуну ал.
Кадыр тапкан карың ал,
Калк башкарган каның ал.
Атак калсын артыңа,
Бириң албай баарың ал» –
Деп кан Алмамбет кеп баштап,
Кеп баштаса эп баштап.

Бээжинге келген түрк уулу,
Белгисиз кетпейт деп баштап.
Каканга карап кеп айтат,
Кайраттанып бек айтат.
Казатка келген түрк уулу
Катынсыз кетпейт деп айтат.
Кызың болсо бергин – деп
Кызматыма келгин – деп,
Өкүмүмө көнгүн – деп
Өзүң алып келгин – деп.
Кан Алмаң кылды жардыкты,
Көрсөтөм деп кандыкты.
Жалпы кытай калкынан
Кылбасын деп тардыкты.
Алмамбеттен кеп угуп,
Айбаты катуу бек угуп.
Кызматына кыргыздын,
Кыз бересиң деп угуп.
Кытайдын калкы кеңешип,
Кыз берүүгө токтолду,
Кылым кытай калкында
Кыңк эткен бенде жок болду.
Кыз болсо даяр алсын – деп
Кызыккан жерге барсын – деп.
Калбасын көп буруттан
Кара жаным калсын – деп.
Өзү сүйүп алсын – деп,
Өрнөк менен барсын – деп,
Жакпаганы үйүндө
Жайланып жатып калсын – деп.
Уруксат кылды кызына,
Токтолду кеби ушуга.
Бул сөздү кошун укканда,
Буйругу дайын чыкканда,
Аскердин баары кыбырап
Аста сүйлөп шыбырап,
Эр Алмамбет канды – деп
Кудай жалгап салды – деп.
Эки жыл кирге эзилген
Жыргатмак болду жанды – деп.
Бекер кыздан алмак – деп
Беш күнү жыргап калмак – деп.
Кетер болсок кеңешип,
Өз жолуна салмак – деп.
Кара төрө дебестен,
Калбайлык деп кеңештен.
Билимдүүнүн баарысы,
Бир атак кайда калбайт – деп.
Айтып койгон сөзүнөн,
Алмамбет түптү жанбайт – деп.
Кандардын баары жам болуп,
Башчысы Бакай кан болуп.
Түрк уулунун санаты
Түмөн журтка даң болуп.
Алмамбет алды Мыскалды,
Алынбай кайсы кыз калды.
Айтылып калчу санат – деп,
Акыры мында калат – деп,
Аскерге келген эрлердин
Атагы журтка барат – деп.
Бирден кызды жактырып
Жашырганын таптырып.
Ою менен ойношуп
Үч ай бүтүн тойлошуп,
Бирден-бирден кыз алып
Жыргап жаткан андан көп.

Аңгемеси бир канча
Ырбап жаткан андан көп.
Талыкпастан тамаша
Ырдап жаткан андан көп.
Кызды коюп сүйлөшүп
Катын алган андан көп.
Тамашага бир жолу
Батып алган андан көп.
Көрпө-төшөк алдырып,
Келишимдүү салдырып,
Ойноп кумар кандырып,
Жатып алган андан көп.
Катын албай далдайып
Басып жүргөн дагы бар.
Үйүн-жайын сагынып,
Качып жүргөн дагы бар.
Катын курсун кетсек – деп,
Жашып жүргөн дагы бар.
Акындарын ырдатып,
Аңгемесин ырбатып,
Жата турсун көп кошун
Жандын баары жыргашып.
Баатыр Алмаң каныңар
Байкап кулак салыңар.
Тойго соёр Алмаңдын
Кандай түрлүү малы бар.
Кыйла кызык ою бар,
Кыла турган тою бар.
Казыналык эсепсиз
Эчки куйрук кою бар.
Каспаңдын кара тоосунан
Карагайлуу коосунан,
Айтылуу Алмаң баатырда
Айдап алган жылкы бар.
Эрдигинде эсеп жок,
Жүрөгүндө курчу бар.
Сандыргалуу Алмамбет
Санжап-санжап кылдырып,
Сарамжалын бир баштан
Кылмак болду жылдырып.
Мал союучу касаптан
Бир нечесин алдырып,
Пычагың даяр болсун – деп,
Кулагына салдырып.
Казыналык казандан
Бир нечесин алдырып.
Даш казандан келтирип,
Арабага салдырып.
Усталарды жыйдырып,
Кызматына сыйдырып.
Мурун очок курдуруп,
Бышык кыштан урдуруп.
Очокко казан астырып,
Башкарымдуу болсун – деп,
Он устага бир башчы
Дайын кылып жаздырып.
Бүтпөй калса бир иши,
Он башы жооп берет – деп,
Кан жардыгы эки эмес
Көргүлүктү көрөт – деп.
Эгерде сөзүм эки эмес
Эр Алмаңдан өлөт – деп.
Сөзүмдү уккун мусулман,
Ибарат алгын ушундан.
Алал болот тоюбуз,
Ак динде болсо оюбуз.

Бура салбай бул малды,
Мусулмандар союңуз.
Калган калың кызматты
Какандар кылат коюңуз.
Базарда күрүч калбасын,
Базбазда жемиш калбасын.
Казына кенен болгон соң,
Каражат белен болгон соң,
Жакшы сүйлөп калысың
Сатып алгын баарысын.
Маркабат журтка чачылсын,
Базардай тоюм ачылсын.
Өрүк, мейиз, жер-жемиш
Дасторкондо чачылсын» –
Деп он башыга буюртуп,
Оңуна айтып туюнтуп.
Алашты бир сап бөлдүрүп,
Амырына көндүрүп.
Кытайды бир сап бөлдүрүп,
Кызматына көндүрүп.
Казыналык сур жылкы,
Минилбеген кур жылкы.
Айдатып келип койдуруп.
Чекесинен сойдуруп,
Эчки куйрук, тармал кой,
Эсеби жок сойдуруп.
Атпай кытай уругун
Аппак майга тойдуруп.
Тойду баштап сойдуруп,
Топ башчысын койдуруп,
Ырааттуу болсун тоюм – деп,
Тойдо болсун оюң – деп,
Топ башынын баарысы
Ибарат угуп коюң – деп.
Мал семизин сойдуруп,
Башына кароол койдуруп.
Жер-жемишин келтирчү,
Базарчысы бир башка.
Эт, күрүчтү бышырчу
Казанчысы бир башка.
Арабага салдырып,
Келген күрүч бир дөбө,
Адийеге кошумча
Берген күмүш бир дөбө.
Той башталды бүгүн – деп,
Тойдо добул ургузуп,
Той башкарып тургун – деп
Топ башысын тургузуп.
Кандын каары жаман – деп,
Калабызбы аман – деп.
Он башы онун бийлешип,
Наабайлар нанын ийлешип.
Этиет болуш керек – деп,
Экиден-үчтөн сүйлөшүп.
Ибарат тартып көрүлүп
Ирети менен бөлүнүп.
Атпай алаш балдары
Алмандын кирип жолуна
Мусулман малды мууздап,
Касаптын берет колуна.
Касаптар өзү билишет,
Канараага илишет.
Казанга салып бышырып,
Кызматына киришет.
Касаптын көөнү сойгондо,
Карыптын көөнү тойгондо.

Алмамбеттин тоюнда
Ар нерсе бар оюнда.
Акындар сайрап казалда,
Азамат жыргап базарда.
Опкоктун баары очокто
Соргоктун баары казанда
Калктын баары катарда
Катыны даяр жатарда.
Кандардын баары башында
Кароолчусу кашында.
Карынын баары эрмекте
Кандын тоюн көрмөктө.
Жаштардын баары оюнда
Жайдары Алмаң тоюнда.
Көпчүлүктө нелер жок,
Суктардын баары тамакта.
Аянбай кирген тамакка.
Ал дагы жүрөт санатта.
Чындап жаны кашайып
Чычып жүрөт кабакта.
Оюнчулар ойношуп,
Ою менен тойлошуп,
Дар ойнотуп сайылтып,
Дасторконун жайылтып.
Аңгемесин ырбатып,
Акындарын ырдатып.
Сары казы май берип,
Жандын баарын жыргатып.
Ажайыпкана багына,
Алтындан кылган тагына
Арстан Алмаң турабы
Аңгемени курады.
Алдырып жаңы сойдуруп,
Артканын айдап койдуруп.
Эсепсиз эти көп болуп,
Элге сөзү эп болуп.
Күрүчү шоола май болуп,
Көңүлү тынып жай болуп.
Самаганда ичери
Самоордон куйган чай болуп.
Күнү-түнү белгисиз
Панар шамы жагылып.
Сандыргалуу Алмаңдын
Самаганы табылуу.
Тамашага чыгарда
Барабаны кагылуу.
Табагы дар тартылуу
Сандыргасы айтылуу.
Азиз кан тойдун башында,
Айыбы канча башында.
Жергесинин ичинде
Жетимиш толук жашында.
Максатты кудай берди – деп,
Балам Алмам келди – деп,
Тилекти кудай берди – деп,
Балам Алмам келди – деп,
Тилекти Кудай берди – деп.
Тиктеген балам келди – деп.
Сүйүнгөндөн кубанып,
Дөөлөтүнө жубанып,
Баласынын тоюнда,
Магдырап жүрөт оюнда.
Акемдин кылган тою – деп,
Ариет кылган ою – деп,
Дөөлөтүнүн шарында
Дөө болуп турган чагында,

Өзү менен бир тууган
Иниси Шая жанында.
Кошоматка кол байлап,
Коңурбай тойдун башында.
Элге табак тарттырып,
Эр Коңурбай кашында.
Какандын калкы кенен – деп
Казынам даяр белен – деп.
Саналуу үч ай бүпбүтүн,
Токсон тойду берем – деп.
Башында Алмаң соктогон,
Баянын айтып токтогон.
Калкка кабар туйгузган.
Катары менен тургузган.
Казыналык көк добул
Күрсө-күрсө ургузган.
Эрте туруп келгин – деп
Жардыгыма көнгүн – деп.
Түштөн кийин көпчүлүк,
Тамаша даяр көргүн – деп.
Калкка кабар салдырып
Кан Алмаң кылган жардыкты.
Көпчүлүктүн баарына
Көрсөтөм деп бардыкты.
Түштөн мурун тынбастан,
Элге табак тартылат.
Тамашага чыксын – деп,
Жардыгымды уксун – деп,
Жалпы журттун баарына
Жана жардык айтылат.
Түштөн кийин ар түрдүү
Тамашасы курулат.
Жандын баары кылкылдап
Тамашада турулат.
Жакыны кетип үйүнө
Алысы конуп калышат.
Конуп калган мейманды
Конокко бөлүп алышат.
Эти даяр асылуу,
Күрүчү даяр басылуу.
Өрүк, мейиз, жер-жемиш
Дасторкондо чачылуу.
Үч ай бүтүн той болуп,
Үлгү баштап ой болуп.
Келгендин баары ток болуп,
Кемчилиги жок болуп.
Үч ай жыргап жатышып,
Тамашага батышып.
Токсон күндүн соңунда,
Алмаңдын иши оңунда.
Ат чабылып той тарап,
Тойго келген эл тарап.
Той тарады бүгүн – деп,
Эми тойдон түңүл – деп.
Калкын жалпы тургузуп,
Калкына жардык угузуп.
Казыналык чоң добул
Күрсө-күрсө ургузуп.
Төрөлүгүн көрсөтүп,
Төрө Алмаң тоюн таратты.
Атпай кытай калың журт,
Төрөлүгүн жаратты.
Оттон казан түшкөн соң
Опкоктордун баарысы
Оңураңдап ал күнү
Очоктун башын карашты.

Болуп өттү тоюңар,
Муну мындай коюңар.
Кан Алмамбет баатырдын,
Кандай түрлүү ою бар.
Калың түрктүн балдары,
Кабарында болуңар.
Жана үч ай жатышып,
Тамашага батышып,
Эрмек кылып кандарың
Эриксе ордо атышып.
Тогуз коргол кумалак
Тосуп ойноп кубалап.
Алымтагын ылгашып,
Алар жерин кыбалап.
Чатыраш ойноп чабышып,
Чапкан ташын алышып.
Чарасына салышып,
Шатырап күлүп калышып.
Аскердин баары жыргашып,
Аңгемесин ырбатып.
Акындарын ырдатып.
Талыкпастан көп кошун,
Шатыра-шатман болушуп,
Тамашаны курдашып
Калкын Алмаң башкарып,
Кайтарына аз калып,
Он түтүнгө бир киши,
Он башысын шайлашып.
Оюң менен жүрбө – деп,
Он башыга байлатып.
Элүүсүнө бир киши
Элүү башы шайлатып.
Эркиң менен жүрбө – деп,
Элүүсүн бого байлатып.
Жүз кишиге бир киши
Жүз башысын шайлатып.
Жүргөн жанды бош койбой.
Бирине бирин байлатып.
Миң кишиге бир киши
Миң башысын шайлатып.
Миң кишини каттатып,
Миң башыга байлатып.
Кошунун санжап бөлдүрүп,
Амырына көндүрүп.
Миң башыңар чыйтай – деп,
Оңой эмес бу жай – деп.
Миң башы болгон чыйтайдан
Бурбасын башын кытай – деп.
Кошун башы доотай – деп,
Арзан эмес бу жай – деп.
Амырымды угуп кой,
Анжуу-манжуу кытай – деп.
Суракчы казың амбал – деп.
Баарыңарга далдал – деп.
Чын улугуң мына ушул,
Чыкпасын мындан жаңжал – деп.
Жалпы кытай угуңар,
Жардык айтам муну – деп.
Саясаттуу улугуң
Жарым каның дуу-дуу – деп.
Жазалуу болгон адамды
Өлтүрсө дуу-дуу жазалап,
Шарияттын өзүндө
Өлгөндө болбойт куну – деп.
Үч Бээжиндин үстүнөн
Падыша Алмаң өзүм – деп.

Алмамбет жардык кеп айтат.
Калың журт уккун сөзүм–деп,
Улук болгон адамдын
Ишине кылба кесир – деп.
Четтеп жүргөн бузугуң
Чениң менен эсир – деп.
Кытай турсун түрк уулу
Кызматымды жактырды.
Атпай түркkө кан кылып
Калкын мага тапшырды.
Элет кыргыз калаасы
Жалпы түрктүн баласы.
Эрдигиме кубанып
Элин мага тапшырды.
Кош Түркстан, Ала-Тоо
Жерин мага тапшырды.
Жүз миң түмөн жайнаган,
Колун мага тапшырды.
Түркстандан чыгарда
Жолун мага тапшырды.
Калың түрктүн балдары,
Калат кылбай сөзүмдү
Кан Алмамбет болсун – деп,
Кан көтөрдү өзүмдү
Мына берген каты – деп,
Кан Алмандын аты – деп,
Түрк баласы кол коюп,
Кандардын баскан мөөрү–деп,
Кабылан Алмаң баатырдын
Кай жеринде өөнү – деп.
Кан Алмамбет муну айтып,
Кагазын алды булайтып.
Кагазын көрүп калк айтат
Калың кытай жалпы айтат.
Жалгыз бала Бээжинден
Барган жерин карачы,
Барып түрктүн уулунан
Кармаган эрин карачы.
Атпай кытай ойлонуп,
Артын байкап саначы.
Жабус кандын баласы
Жакшы экен кыргыз алашы.
Болжолу жок калжырап
Болжосун сөздүн талашы.
Бажырайып кең пейил
Баатыр экен Манасы.
Манас баатыр болбосо
Качып барган Бээжинден
Кан болуптур көрдүңөр,
Жалгыз кытай баласы.
Баракелде шердигин,
Манастын кылган эрдигин.
Баатыр Манас төрөдөн
Табалбадык кемдигин.
Келишимдүү эр экен,
Кетирбейт жанга теңдигин, –
Деп кытайдын баары дабырап,
Кызматын айтып жабырап.
Кан Алмандын ишине,
Какандын калкы мамырап
Кошомат айтып токтолду,
Баатыр Алмаң ноёндон,
Башка кеңеш козголду.

17-бөлүм

МАНАС БААТЫР КАКАНДЫ КАРАТЫП, КАЛКЫНА КАЙТКАНЫ

Кара, төрө каның ук,
Карап турган жаның ук.
Кан Алмаңдын жардыгын
Бириң укпай, баарың ук.
Биз келгени көп болду,
Келген элге эп болду.
Кезеги келип бир баштан,
Кеткенге кеңеш токтолду.
Атпай кытай балдары,
Айтып турган кебим ук,
Кыянат кылбай ишиме,
Кылып койгон эбимди ук.
Түркстандан чыкканы,
Жүз миң түмөн кол менен,
Түйшүк тартып бир канча,
Түрүлтүп айдап жол менен.
Саналуу эки жыл болду,
Сандыргабыз бул болду.
Какандын калкы баш ийип
Кан Алмаңа кул болду.
Бактыма Кудай келтирген,
Падыша султан Манасты,
Баатыр түрктүн балдары
Атпай кыргыз алашты,
Берендерге бел байлап,
Бээжинди Алмаң талашты.
Кара, төрө каныңа
Жаңыдан Алмаң жанашты.
Конокко келген алашты,
Көрсөтөлүк Таласты.
Кайтаралык кандарды,
Каканга келген жандарды.
Каканга бүтүн кан болуп,
Кан Коңур көрдүң үзүрдү.
Кан Манас менен дос болдуң
Өзүң жөнөт досуңду.
Кара жаным мен үчүн,
Байлап келген кошунду,
Кандын,бектин баарына
Өзүм кылам жосунду.
Мен дагы элди сагындым
Сагынгандан сабылдым.
Азияга кетүүгө
Алмамбетиң камындым.
Эсебиң дайын алынды,
Китебиме салынды.

Ордума коём Шаяны,
Он сегиз жашта баланы.
Тарлык кылган жан болсо,
Табамын өзүм чараны.
Ар жылында бир келип,
Алыгын өзүм аламын.
Атпай Какан калкынын
Салыгын өзүм аламын.
Түркстандай жер болбойт,
Түрк уулундай эл болбойт.
Кабылан Манас султандай,
Кайраты кабат эр болбойт,
Тогуз кандай кан болбойт,
Толуп жаткан жан болбойт.
Айкөл Манас султандай
Арбагы журтка даң болбойт.
Көй төрөдөй бек болбойт,
Көй төрө айтпай кеп болбойт.
Атпай алаш калкынан
Алмамбет калып эп болбойт.
Отуз кандын үстүнөн
Бийлеп турган канымын,
Бирлик кылган элиме,
Билеселүү жанымын.
Калкым жооп бербесе,
Каканга кантип турам – деп,
Калың алаш калкымдан
Канткенде көңүл бурам – деп.
Кан Алмаң айткан кеп болуп,
Калың журтка эп болуп,
Шаяны такка миндирип,
Салтанатын билдирип.

Алмамбет аяр киши – деп,
Аярлык кылган иши – деп.
Кашындагы кандарын
Карсылдатып күлдүрүп,
Иниси Шая кан болуп,
Илими журтка даң болуп.
Атпай алаш, көп кытай
Амалына таң болуп.
Калың кытай манжууну
Шаянын берип колуна,
Кан Алмамбет баатырың
Кайтмак болду жолуна.
Казыналык чоң добул,
Карсылдатып урдуруп,
Азиянын кошунун
Сап-сап кылып турдуруп.
Кайтмак болдук жерге – деп,
Калың алаш элге – деп,
Кайрат менен катылдык,
Кайнап жаткан көлгө – деп.
Чоң Бээжинде казына
Какандан бери жыйналган
Канча мыкты эр келип,
Аламын деп чыйралган.
Алган эмес Бээжинди
Азап тартып кыйналган.
Эсен кандан бер жакка
Эсеби жок алтын бар,
Эр кадырын билбеген,
Эшек мүнөз калкым бар.
Казына даяр басылуу,
Капкасы даяр ачылуу,

Арта турган нарын ал,
Алтын,күмүш зарын ал!
Бириң албай баарың ал!
Казынага барып ал,
Торкун торко сонун ал!
Буулун, бута тонун ал!
Жалкоолор жатып алба – деп
Жатып куру калба – деп,
Сарамжал камын кылып ал.
Жөнөдүм деп тынып ал.
Эсерлер жүрөт ар жерде
Эр шарында туруп ал.
Шамдагайың шартылдап,
Чаркың келсе мурун ал.
Бириң эмес баарың – деп,
Эрте туруп камын – деп.
Түрк уулу түгөл аласың,
Казынанын малын – деп.
Жардыгын айтып эр Алмаң
Чакырып алды доргону.
Казынаны кайтарган
Сөзгө жүйрүк жоргону.
Жазып тур деп дайындап,
Жанына келди молдонун.
Казынаны ачтырып,
Кагазга дайын жаздырып,
Ирет кылып кандарын,
Илими артык жандарын.
Биринчиде олжону
Акун кан мурун алсын – деп,
Кошуну менен барсын – деп.
Алып жолго салсын – деп,
Экинчиде кан Темир
Эли менен барсын – деп,
Эркин олжо алсын – деп.
Алып жолго салсын – деп.
Үчүнчүдө Музбурчак
Аскери менен барсын – деп,
Аксакал мурун алсын – деп,
Артканы бизге калсын – деп.
Төртүнчүдө камданып
Төрө Төштүк алсын – деп,
Алты шаар кошуну,
Аскери менен барсын – деп,
Айдама шыңга калың кол,
Алып жолго салсын – деп.
Бешинчиде эр Көкчө
Казагы менен барсын – деп,
Калың олжо алсын – деп,
Алып жолго салсын – деп.
Алтынчыда Чагатай,
Катагандын кошуну,
Мурун алыш эп эле,
Эр Кошойдун жосуну,
Чагатай Агыш барсын – деп,
Катаган олжо алсын – деп.
Эр Кошойдун мөөсүлүн
Чыгарып мурун алсын – деп.
Агыш, Кожош, Чагатай,
Айдап жолго салсын – деп,
Жетинчиде эр Үрбү,
Жергеси менен барсын – деп,
Тору кыпчак топтошуп,
Толук олжо алсын – деп,

Алган олжом ушул – деп,
Айдап жолго салсын – деп.
Сегизинчи Жамгырчы,
Эштектер олжо алсын – деп.
Эли менен барсын – деп.
Эрте жолго салсын – деп.
Тогузунчу Санжыбек,
Тобу менен барсын – деп,
Толук олжо алсын – деп.
Эрте жолго салсын – деп.
Тогуз кандын соңунан,
Иши келген оңунан,
Салкарбектин баарысы
Санагы менен барсын – деп.
Жашы өзүнө дайындуу
Санап олжо алсын – деп.
Карыганда колунан,
Кандыгын алдым Бакайдын,
Калың журтту бийлеген
Жардыгын алдым Бакайдын.
Атпай алаш бүт келип,
Атыштык калдай оюнда,
Кан Бакайдын мөөсүлү
Катасы жок мойнумда.
Казынанын башында
Кароолчусу кашында,
Капкасы күндү караган,
Алтын капка бир үй бар,
Аппак кылып бордоткон,
Аземдеген сыр үй бар.
Ачылбасын эшиги
Эр Бакайдын мөөсүлү.
Эрегиш кылып Бакайга
Эки кылба сөзүмдү.
Жакут, көхар, зумурат
Асыл таштар ушунда,
Санжап кылып салдырган,
Эсен кандын тушунда.
Кылымга дайын кырк төрө,
Кызматы маалим кырк баатыр
Ар түрлүү ишти ойго алып,
Кыла турган иш жатыр.
Кошунуң менен баргыла,
Асылдан олжо алгыла.
Баатыр Бакай каның бар,
Кырк түмөн кошун жаның бар.
Алаш бүтүн баарыңар,
Ак сакал Бакай каныңар,
Асыл буюм алыңар.
Айдап жолго салыңар.
Аттанарда коштошкон,
Аяшты эске алыңар.
Баатыр деп муну кур койбой,
Манасты эске алыңар.
Мурун барган кандарың,
Азар түмөн жандарың.
Казынага баргандыр,
Олжосун тейлеп алгандыр.
Шамдагайы шартылдап,
Жумушу бүтүп калгандыр.
Жана айтамын кебимди ук,
Жайлап айткан эбимди ук.
Кара Кочкор оюнда,
Өзү шортоң жер болот,

Батпай жаткан төөсү бар,
Төөсүнүн көбү нар.
Багып жаткан ээси бар
Жайыт малы жалпы нар.
Сарбан бакчу салты бар,
Көчмөн калкы үй жүктөп
Жапса килем жаркырар.
Азаматтар барыңар,
Кем калбасын аныңар.
Айдап келип кош артып,
Анан жолго салыңар.
Бириң эмес жалпыңар,
Нарга кошту артыңар.
Атпай кытай калкына,
Билинип калсын баркыңар.
Кан Алмамбет каркы бар,
Кандык сөөлөт баркы бар.
Кыянат кылса кытайга,
Кылып коёр чаркы бар.
Алашты бүтүн жөнөттү,
Казынага баргын – деп,
Карап турбай бул жерге
Олжоңду бөлүп алгын – деп.
Алаш барды күркүрөп,
Кошуну менен дүркүрөп.
Мурунку барган кандарың
Азар түмөн жандарың,
Алты капка казына
Беш капкасын ачтырып,
Ирети менен алышып,
Баарын катка жаздырып.
Азаматтар шартылдап,
Алып болгон кези экен.
Кап, куржунга тейлешип,
Салып болгон кези экен.
Барган заман турбастан
Башка сөздү урбастан.
Сыр капканы ачтырып,
Сыпатын дайын жаздырып,
Көрүп көзү тоюшуп,
Көңүлү магдыр болушуп.
Зумурат, көхар, жакут таш
Ортосу асыл бермет таш
Аягы алтын,күмүш таш.
Олжо алууга алаш маш.
Азаматтар алышып,
Аянбай капка салышып.
Көхар, зумурат, жакутту,
Көй кашкалар алышып.
Алтын, күмүш, арзан таш
Аскерге артып калышып.
Жайлашып жакшы алышып,
Жана сөзгө барышып,
Мындай олжо болбойт – деп,
Шатырап күлүп калышып.
Бакайга мөөсүл чоң болуп,
Башынан иши оң болуп.
Кандары кандык алышып,
Каткырыкты салышып.
Камкасын кайра бүктөшүп
Кара лөккө жүктөшүп.
Кымкабын кыя бүктөшүп,
Кызыл лөккө жүктөшүп.
Казынадан зар алып,

Кара куйрук нар алып,
Канча түрлүү мал алып.
Катын-кызды көп алып,
Кызыл дилде зар алып,
Кызыл куйрук нар алып.
Кымбатынан нар алып,
Кыз-катынды көп алып.
Айдап-айдап мал алып.
Айры өркөчтүү нар алып,
Алтын, күмүш зар алып,
Кошундар бирден жар алып,
Кошун калды камданып,
Атка минип шаңданып.
Атпай кытай калың журт,
Карап турду таңданып.
Олжону алып болгон соң,
Ортого олжо толгон соң,
Жана Алмамбет кеп айтат
Жардыгым уккун деп айтат.
Кошундан мурун алдына
Кош жөнөсүн деп айтат.
Кош добулун урдуруп,
Кошчуга муну туйдуруп.
Кошчулар кошун артышып,
Кош арканын тартышып.
Чапа-чупа артышып,
Кош жөнөдү күңгүрөп
Кош коңгуроо жаңырып.
Жер жарылып дүңгүрөп.
Чаң асманга созулуп,
Булутка барып кошулуп,
Алдына түштү жол баштап,
Абаң Бакай озунуп.
Таластан кандай аттанган
Тартибин көрүп калган кол.
Алмамбеттин жардыгын
Аянбай угуп калган кол.
Илимин өзү билишип,
Ирети менен жүрүшүп,
Сандыргасы башкача,
Салгар жолго киришип.
Аста жүрүп былкылдап,
Жоо бөрүсү баатырлар
Жол баштады шылкылдап.
Арстан Алмаң баатырдын,
Атасына кеби бар.
Арстандыгын карматып
Айтып өтөр эби бар.
Атасына кеп айтып,
Аман тургун деп айтып.
Энесине кеп айтып,
Эсен тургун деп айтып.
Кан Шаяга кеп айтып,
Кайраттуу болгун деп айтып.
Ар жылында бир келип,
Учурашып турамын,
Үч ай туруп Бээжиндин
Сурагын өзүм кыламын.
Алыгын өзүм аламын,
Алманды өзүм саламын.
Амандыгын тилеп тур,
Алачка кеткен балаңын.
Келиниңиз Бирмыскал,
Азыр кетер жайы жок.

Алыскы сапар жолунда
Ат минүүгө шайы жок.
Колуңузда турсун – деп,
Кызматыңды кылсын – деп,
Кабылан Манас башында,
Кандары бар кашында
Кылымдан ашык багы бар,
Кырк төрөсү дагы бар.
Түрк баласы бу кезде,
Түтөп турган чагы бар.
Айкөлүң Манас кырданып,
Айбатын салып сурданып.
Кылымга дайын кырк төрө
Атка минди ыргалып.
Атка минип алышып,
Ар түрлүү сөзгө барышып,
Капалык жок оюнда,
Каткырыкты салышып.
Арстан Алмаң баатырдын,
Атасына кеби бар,
Амандашып коштошуп,
Айтып өтөр эби бар.
Кабылан Алмаң баатырга
Кан Шаянын деми бар.
Азиз кан менен коштошуп,
Айбатын салып чалкалап
Алтын капка Бээжинди
Алдым го деп талкалап.
Эми баатырың Манас кеп айтат:
«Баарыңар уккун! – деп айтат.
Калктын башын кармаган,
Каныңар уккун – деп айтат.
Мен түрктөн чыккан Манасмын,
Түп уругум алашмын.
Эрегиштин жөнүнөн
Үч Бээжинди талаштым.
Талашып алдым колума,
Эми түштүм жолума.
Элиңден тандап дос болдум,
Эр Коңурбай чоңуңа.
Чоң досум бери келгин – деп,
Колуңду мага бергин – деп,
Бээжинде жатып бир далай,
Ызаатыңды көрдүм – деп.
Жана колун кармашып,
Жалпы журтка жардашып,
Кан Коңур менен достошуп,
Кадимки сөздөн козгошуп.
Колун бекем кармашып,
Коң төрө менен коштошуп,
Бээжинден белен мал бердиң,
Эсеби жок нар бердиң.
Нарлар өзү кур эмес,
Нарга жүктөп зар бердиң.
Колкосун барып алгын – деп,
Кош досум аман калгын – деп.
Алты жыл тамам өткөн соң,
Алтын тагың алгын – деп.
Азыркысын бу кезде,
Шаяга көзүң салгын – деп.
Баатырлар түштү жолуна
Баштаар деп Кудай оңуна.
Сөөлөтү артык айкөлүң,
Сөз калсын деп соңума.

Баатырың Манас башында,
Кандардын баары кашында,
Ажыбайы алдында,
Көй төрөсү жанында.
Мас болуп чыккан ордого,
Магдыр болгон олжого,
Жөнөп чыкты дыргытып,
Көчөнүн чаңын бургутуп.
Бээжиндин калкын көчөгө
Өйүз-бүйүз тургузуп,
Салтанатым көрсүн – деп,
Амырыма көнсүн – деп,
Аңгемени курдуруп,
Ак добулун урдуруп,
Барабанын кактырып,
Чилмерденин соктуруп.
Кернейин тарттырып,
Келбетин журттан арттырып,
Жетимиш түмөн кол болуп,
Аттанып чыгып жол болуп,
Алтын капка Бээжинден,
Олжосу калың мол болуп.
Айтылуу Алмаң кан болуп,
Алачы алты сан болуп.
Айкөл Манас султандын,
Атагы журтка даң болуп.
Какандагы көп кытай,
Карап калды таң болуп.
Баатырлар түштү жолуна,
Баштады Кудай оңуна.
Берекелүү чоң калаа
Бээжин тийип колуна.

Атпай алаш кол жүрүп,
Аз гана эмес, мол жүрүп.
Сандыргалуу баатырлар,
Саналуу кырк күн жол жүрүп,
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндөп аккан суу менен.
Асаба желек туу менен,
Айгайлаган чуу менен.
Алаткактан өтүшүп,
Уркундун суусун кечишип.
Баатыр түрктүн балдары
Максатына жетишип.
Эрендер келди элине,
Эр Көкчөнүн жерине.
Калмак менен катарлаш,
Кан Көкчөнүн чегине.
Катары менен кандардын,
Кулак салгын кебине.
Баатырларың топтошуп
Масылат кебин токтотуп,
Куда болуп достошуп.
Жандын баары коштошуп.
Олжо аттарын минишип,
Буудандарын бөштөшүп,
Кол бөлүндү жерине.
Өз караштуу элине.
Төрө Төштүк жол баштап,
Түрүлгөн түмөн кол баштап.
Төштүк кетти Котонго.
Пай тактысы ошондо.
Өзүнүн келген чегине,
Көкчө кетти элине.

Сандыргасын арбытып,
Сары-Аркада жерине.
Кан Темир кетти Кырымга,
Кырым, Кавказ кылымга.
Жергеси менен көп татар,
Жеттик деп эми тынымга.
Аскери түркмөн калың кол
Алдына түшүп алып жол,
Акун кан кайтты Кыйбага.
Атагы кетти кыйлага.
Жамгырчы кетти Алайга
Даңкы кетти далайга.
Музбурчак кетти Букарга,
Самаркан менен Ызарга.
Кан Үрбү кетти Кеминге,
Калети жок кебинде.
Санжыбек кетти Коконго,
Жети бегин жыргатып,
Өзүбектер өзүнчө
Ашуула айтып ырдашып.
Чагатай, Калдаң чартылдап,
Агыш,Кожош шартылдап,
Катаган кетти элине,
Алтын эмил жерине.
Казынаны салмакка,
Кан Кошойдун чебине.


Төрөң Манас бөлүнүп,
Төрөлүк шаңы көрүнүп.
Карыя Бакай башында
Кырк төрөсү кашында.
Арбак конуп Манаска
Атпай кыргыз алашка.
Аскери менен чук болуп,
Манас келди Таласка.
Алып келген зарынан,
Айдап келген малынан,
Карып менен жетимге,
Калк ичинде жесирге
Бөлүп берип бай кылды,
Калкынын көөнүн жай кылды.
Жардымын деп айтпа – деп,
Жалпы журтка жар кылды.
Эки жарым жыл жортуп,
Максатыма жеттим – деп,
Элет кыргыз элимди,
Ээн таштап кеттим – деп.
Манас сүйлөп басылды,
Алдым деп кытай касымды.
Ар нерседе ою бар,
Арбакта болсо оюңар,
Баатыр Манас султанга
Бата кылып коюңар.

III КАН КАЗАТ

1-бөлүм

КОҢУРБАЙДЫН МАНАСКА ДУШМАНДЫГЫ

Сүйлөп тилим шартылда,
Сүйлөгөндөн тартынба.
Жаратылыш бендеси,
Ар кимиси ар кылда.
Айтып жүргөн Манасты
Атпай кыргыз калкында.
Билинген «Манас» чоң жомок
Биздин кыргыз салтында.
Билгениңче айтып жаз,
Нуска калсын артында.
Калам алдым мен колго,
Кабар салам оң-солго.
Эртегиден сөз баштап,
Эми түштүм чоң жолго.
Эртегинин жомогу,
Эскерип айтпай болобу.
Байыркынын жомогу,
Манасты айтпай болобу.
Байыркыдан калган сөз,
Манас деп атак алган сөз.
Биринен бири үйрөнүп,
Бизге нуска калган сөз.
Көрүп келген адам жок,
Уламадан уккан сөз.
Карылардын жомогу,
Кан Манас деп чыккан сөз.
Эр Манастын өлгөнүн,
Эл жыйылып көмгөнүн,
Кан Манастын өлгөнүн,
Калк жыйылып көмгөнүн,
Каныкейдин арманын,
Семетей жетим калганын,
Кара буурул жылкысын,
Абыке, Көбөш алганын,
Каныкейге ат берип,
Кан Бакай жолго салганын,
Чыйырдыны ээрчитип,
Семетейди телчитип,
Көбөш менен серпишип,
Кан Темирге тентишип.
Манастын уулу Семетей,
Жетим калган жеринен.



Кан баласы Канықей,
Жесир калган жарынан.
Акындар сөзгө уста адам,
Кеп табат керип кыскадан.
Баяндап өтөм билдирип,
Манастан калган нускадан.
Байыркынын алпы көп,
Алпынын жыйган калкы көп.
Төгүнүн, чынын ким билет,
Уккан сөздө калпы көп.
Арстан Манас султанды
Айтып өтөм аяндап.
Аркасынан баласы
Семетейди баяндап.
Айтып өтөм султандын,
Аңгемелүү казатын,
Жазуучулар текшерер,
Жазылган сөздүн калатын.
Кара буура, Чаткалда
Кайкалап кыргыз жатканда,
Калың түрктүн балдары,
Карк дөөлөткө батканда,
Баркөлдүн маңдай жагында,
Манастын тиккен багында,
Төрткүлдүн төмөн жагында,
Төрөндүн тиккен багында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Жалпы түрктүн тукуму,
Жыргап аткан кезинде,
Бакай каны башында,
Кырк чоросу кашында,
Кабылан Манас султаның,
Так кырк жети жашында,
Чоң казатка барганда
Бээжинге бүлүк салганда,
Отуз капка Бээжиндин
Ордосун бузуп алганда,
Кан Коңурду жеңгенде,
Калаасын талап бөлгөндө,
Каңгайлардын капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Кыламын деп мусулман,
Эрегиш чыккан ушундан.
Пайгамбар тамга салам – деп,
Башынан чырпып алам – деп,
Коңурбай бого көнбөсө,
Келмеге тили келбесе,
Коңурбайды жеңдим – деп,
Мусулман кылып келдим – деп,
Уруулуу түрктүн уулуна
Уялбай кантип барам – деп,
Манаска бул сөз эп болуп,
Өзүнө жаккан кеп болуп,
Кестирип салган себилин.
Бу канкорго калган кек болуп.
Себилди серпип алганда,
Тамганы мыктап салганда,
Ушунча журттун баарына
Уят кылып салды – деп,
Ушул кылган ишине
Уятка Коңур калды – деп,
Бала эмесмин дардайтып,
Башынан чырпып алды – деп,

Балакеттүү уятка
Баатыр Коңур калды – деп,
Кеги кетпей ичинен,
Кеп сурабай кишиден.
Эбин таап сойсом – деп,
Эр Манас кетпей түшүнөн.
Эр болсо да Манасты
Эбин таап соём – деп,
Бул каргашалуу канкордун,
Канын ичип тойсом – деп.
Калчалардын кан Коңур,
Мусулман болгон жалганда,
Баатырың Манас кестирип
Пайгамбар тамга салганда.
Манастын кылган жоругу,
Коңурбайга кек болуп,
Өжөрлүгүн карматып,
Өз акылы эп болуп.
Оозунан түтүн бураган,
Какандын калкын сураган.
Он бир жылдын ичинде,
Кан казатты караган.
Казына ачык бош болгон,
Кан Коңурбай козголгон.
Манастын эбин тапмакка,
Баатыр Коңур дос болгон.
Калаты жок айтылат,
Кан казаттын сөзүндө.
Кабылан баатыр Манастын
Кайраты кабат өзүндө.
Кадимден берки нускада,
Карылар айткан сөзүндө,
Айкөл Манас султаның,
Алтымыш жашта кезинде.
Бул канкорду кантип соём – деп,
Манастын дарты эсинде.
Айтылуу баатыр Коңурбай,
Алты жылы күтүнүп,
Алты жылдын ичинде,
Албарстан согуп бүтүрүп,
Жарасы оор болсун – деп,
Зааарга чылап сугарып,
Баладай кордук кылды – деп,
Баатыр Коңур чыңалып.
Жарактын аты айбалта,
Жарашыктуу чоң балта.
Как ыргайга саптатып,
Кара кум чарыкка чарыктатып,
Канкор кул мындан өлөт – деп,
Катып койгон сактатып.

2-бөлүм

КОҢУРБАЙ АРСТАН МАНАСТЫ АЛДАП ЧАКЫРЫП, КАТ МЕНЕН АЯР ШООДАЙДЫ ЖИБЕРГЕНИ

Муну мындай коюңар,
Албан түрдүү ою бар,
Кан Коңурбай калчанын
Кабарында болуңар.
Каканга калча кан болуп,
Кандыгы калкка даң болуп,
Бүтүн какан калкынын,
Кандары бүтүн жам болуп,
Эсен кандын алдында
Коңурбай кеңеш курады.
Эсирип кылган кеңештин,
Эсебин таппай турабы.
Баатыр Коңур айткан соң,
Башка кан моюн бурабы.
Эл-журт угуп туруңар,
Кан Коңур айтар жардык бар.
Канкор Манас буруттан,
Кан Коңур көргөн ардык бар.
Бээжиндин калкы угуңар,
Бек Коңур айтар жардык бар.
Бул бети жок Манас буруттан,
Бек Коңур көргөн ардык бар.
Ардыгым журтка белгилүү,
Казынам бүтүн жабылды.
Атпай какан эл көрүп,
Абийирим журтка ачылды.
Анткор кул кести көтүмдү,
Аябай жарды өтүмдү.
Уруулуу какан калкына,
Уят кылды бетимди.
Калың журт угар эбиң бар,
Кан Коңур айтар кебим бар.
Канкор кулдан алсам – деп,
Катып жүргөн кегим бар.
Алышсам алым жеткен жок,
Атсам мылтык өткөн жок.
Арбак урган Манаска,
Ичимден кегим кеткен жок.
Ак болот кылыч кескен жок,
Сыр найза сайсам тешкен жок.
Бул бурут Манас канкордой,
Бу дүйнөдө көпкөн жок.
Качырга артып, нарга артып.
Казына бүтүн калган жок.
Бул каргашалуу Манастан,
Кармашып өлсөм арман жок.
Минтип турса жан койбойт,
Казынага зар койбойт,

Төбөңдөн урган ит канкор,
Бээжинге бүтүн мал койбойт.
Эртелеп бого озунуп,
Манаска кабар беремин,
Манас досум келсин – деп,
Чакырып алып келемин.
Конокко досум келсин – деп,
Ызатымды көрсүн – деп,
Калган-каткан Бээжиндин
Казынасын бөлсүн – деп.
Бээжинге ашык көргөнгө
Манас тойбойт бергенге,
Эрдигимди мындан бил,
Эсебин табам келгенде.
Каның, бегиң турасың
Кандай кеңеш кыласың.
Бул канкор Манас өлбөсө
Кантип оокат кыласың.
Манас өлсө бөпбөтөн,
Какандын калкы тынасың.
Ушул кезде канкор кул
Көөп турган кезеги,
Алдына келген ырысты,
Тээп турган кезеги.
Бүтүн дүйнө кылымдан
Алман алган кезеги,
Букара эмес Алманды,
Канга салган кезеги.
Кыргылчалы күркүрөп,
Кырк чоросу дүркүрөп,
Жандан баары корккондон,
Сийдиги чыкпай бүркүрөп,
Жандын баары калтырап,
Карап болгон кезеги,
Кызматчысы бүпбүтүн
Арап болгон кезеги.
Кырк чоронун ичкени
Арак болгон кезеги.
Кармаганы кан төкчү,
Жарак болгон кезеги.
Менден кабар барган соң
Көпкөн Манас турчу эмес.
Кан Коңурбай баатырдын,
Кабарын эки кылчу эмес.
Келип калат турбастан,
Калкына кабар кылбастан.
Келсе Манас Бээжинге,
Эсебин табам бир баштан.
Айбалтам бар жайлаган,
Ажалы үчүн камдаган.
Чакырып келип үйүмө,
Жайлап салам Манасты.
Элин-журтун көрсөтпөй,
Ээн таштайм Таласты.
Кырк чоросун кыйратам,
Кыз-катынын ыйлатам.
Кыраандардын баарысын,
Бир чуңкурга жыйнатам.
Элине кабар кылбастан,
Эсирген Манас аз келет,
Кызыгын көрүп келгин – деп,
Кырк чорого маш берет.
Кан Коңурбай айткан кеп болсо,
Кандарга бул сөз эп болсо,
Эр Коңур айткан кеп болсо,
Элиңе болбос эп болсо,

Алгара менен бир тууган,
Кылкара деген атым бар,
Арстан Манас канкордон,
Ала турган дартым бар.
Алты айлык жолго ноюбайт,
Бир жылдык жолго чарчабайт,
Жебелеп кетсе жел жетпейт,
Жебеден аткан ок жетпейт.
Жоргосуна жан жетпейт,
Бул дүйнөдө мал жетпейт.
Алты айлык жол Таласка,
Арбак урган Манаска
Алты күндө барасың.
Анык кабар саласың.
Мен кат жазамын өзүнө,
Көрсөтүп айтып көзүнө,
Ырас жери бу күндө,
Ишенет Манас өзүмө.
Аярдан тандап билгичтен,
Бир мыкты азамат танда – деп,
Аты-тону дапдаяр,
Аярдан бирди камда – деп,
Кан Коңур айтып токтолду.
Экинчи сөзү жок болду.
Эсен кандын алдында,
Эски аяр Шоодай козголду.
Эсен кан билет сырымды,
Эми айтайын чынымды.
Каарыма алсам какшатам,
Каканчын, Бээжин кылымды.
Мен билбеген дуба жок,
Аярлыктын жолунда.
Баарыңар корккон Манасың,
Падышам менин колумда.
Барсам алып келемин,
Бу кезде ишим оңунда.
Кызматымды билерсиң,
Коңур каным соңунда.
Мен барам деп Таласка,
Белгилүү берен Манаска,
Түркстан түркү Таласка,
Түрк баласы Манаска.
Аяр Шоодай камынды,
Мен барам деп чамынды.
Шоодайдан бул сөз чыкканда,
Кан Коңурбай укканда,
Эр Коңурбай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Баракелде Шоодайым,
Бул сапарга барып кел,
Аярлыгың салып кел,
Ошол анткор кулду алып кел.
Жарайсың сен барышка.
Манасты жөнгө салышка.
Аярлык менен билдирбей,
Сен жарарсың намыска.
Аттангын Шоодай аяр – деп,
Аты-тонуң даяр» – деп.
Кечилге катын жаздырып,
Келтирип мөөрүн бастырып,
Кан Коңурбай кат жазып,
Калтырбай сөзүн жат жазып.
Кебин айтып дайындап,
Кечиктирбей бат жазып.
«Баатыр Манас төрөбүз,
Баркыңды артык көрөбүз!

Кандай кылсаң андай кыл,
Айтканыңа көнөбүз.
Арстан Манас төрөбүз,
Ак жүзүңдү көрөбүз.
Ачууланып айкырсаң,
Ажалдан мурун өлөбүз.
Кат тийген заман кечикпей,
Досум Манас жөнөңүз.
Казына толгон алтын бар,
Капка өлчөп бөлүңүз.
Агар алтын, ак жамбы,
Ашык сизге беребиз.
Мындан мурун үч келдиң,
Үч келгенде күч келдиң.
Конокко досум чакырдым,
Бир сапар досум келип кет,
Какандын калкын аралап,
Ызаатымды көрүп кет» –
Деп Алгараны мингизип,
Айтып сөзүн билгизип,
Кан Коңурбай күтүнүп,
Катын жазып бүтүрүп,
Катын берип колуна,
Караңар сөздүн соңуна.
Кат көтөргөн Шоодайды,
Коңурбай салды жолуна.
Чышаңкүүдөн аттанып,
Кан Коңур жазган катты алып.
Алгараны каргытып,
Жүргөн жолун арбытып,
Аярлыгы башкача,
Сырын айтпай чаргытып.
Алдындагы Алгара
Жолго салып тундуруп,
Аяр Шоодай камчы уруп,
Жоргосуна көндүрүп,
Алгара тегин мал эмес,
Кылкара менен бир тууган,
Канчалык жолго каржалбайт,
Какандан чыккан чоң буудан.
Эңкейиште түйүлтүп,
Эликтей белин бүгүлтүп.
Адырмакта түйүлтүп,
Аркардай белин бүгүлтүп,
Жал, куйругун жайылтып,
Туягын жерге сайылтып.
Тулпар чалыш бууданды,
Көз көрүм жерге дыргытып,
Чаткаяктан чаң чыгып,
Чакмак эттен тер чыгып.
Тар колтуктан суу чыгып.
Таноосунан буу чыгып.
Чыккан тер куйкум жыттанып,
Качкан телки буттанып.
Закым десе түтүндөй,
Түтүн десе закымдай,
Бул каргашалуу кандай ат,
Канаттуу пери атындай.
Элдүү жерде шаңданып,
Элирип басат даңданып.
Көргөн элдин баарысы,
Көзүн салат таңданып.
Булгары тердик шаркылдак,
Бурчунан тери шорголоп,
Бууданга чалыш Алгара,
Жебелеп кетет жорголоп.

Жер жаңырткан дүбүрттөн,
Учалбай чымчык корголоп,
Жөн сураган адамга,
Жөнүн айтат билгизип.
Кеп сураган адамга,
Кебин айтат билгизип.
Какандын каны Коңур кан
Кагаз берген Манаска.
Калың түрктүн султаны,
Мен барамын Манаска.
Түркстандын жеринде,
Баатыр Манас Таласта.
Баарысын өзүм билемин,
Бул жолду менден талашпа.
Ала-Тоо кайда,бул кайда?
Акпаган Керкөл көл кайда?
Ала-Тоону жердеген,
Айтылуу Манас эр кайда?
Түркстан кайда, чөл кайда?
Түрк баласы эл кайда?
Баары түрктүн төрөсү,
Баатыр Манас шер кайда?
Кабарын калктан дайындап,
Угуп келет эр Шоодай,
Каканчындын калкынан
Чыгып келет эр Шоодай.
Күн батарга бет алып,
Жүрүп келет эр Шоодай.
Күмөнү жок чын сөздү,
Билип келет эр Шоодай.
Каканчындан аттанып,
Кан Коңур жазган катты алып,
Какандын калкын аралап,
Кас буудан минген саралап,
Буудандын башын бурбастан,
Кан Коңурбай далдайдын,
Буйругун эки кылбастан.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Алтайдын тоосун айланып,
Ач албарс кылыч байланып,
Башында Какан калкынан,
Бастырып чыккан шайланып.
Акканы дайра анык көл,
Айланасы ысык чөл.
Жээк токой калың чер,
Жерде сонун жакшы жер.
Карап турган адамга,
Каптап жаткан бул бир сел.
Оргундан өттү октолуп,
Турган жок мында токтолуп.
Оргун, Эртиш ортосу
Шапшактын башы шамалкөй,
Шаары жок,боз үйлүү
Кара калмак амалкөй.
Калмактан дайын кеп алып,
Мында бир күн дем алып,
Кызыл чайын,ак нанын,
Кызматына жеп алып.
Карылар айткан сөзүндө,
Жетинчи күндүн өзүндө,
Шапшактан чыкты каргытып,
Аңгемени арбытып.
Жөн сураган адамга,
Жөнүн айтпай чаргытып.
Аярлык менен ойлонуп,

Ар нерсе алып оюна,
Шер Шоодай жетер каргытып.
Эртиштин өзөн боюна.
Саратан ысык жай чилде,
Таршып жаткан бу күндө,
Эртиштин суусу кириптир,
Кызыл чалма сел болуп,
Көрбөгөн жанга бир түрлүү,
Көз жеткисиз көл болуп,
Муну көрүп бурулуп,
Бир аз карап тоорулуп,
Тил билбеген душманга,
Каламбы деп урунуп.
Өзү аяр молтолуу,
Жүрөгү майлуу толтолуу.
Алдында бар Алгара,
Аяр суудан коркобу,
Кыл Эртиштин суусуна,
Адам тургус буусуна,
Кулак тунат шаркырап,
Күрпүлдөгөн чуусуна.
Эртиштин башы эки арал,
Сай көрүнбөй толуптур,
Акылы айран калгандай,
Адам кечкис болуптур.
Кыл Эртиштин кыйын суу,
Аңгемеси мынабу.
Башынан мөңгү бузулуп,
Ар тараптан аркырап,
Кандуу суулар шаркырап,
Туш-тушунан кошулуп.
Карагай,кайың,тал агып,
Топтуу терек сал агып,
Караган, шилби, чекенди,
Көз көргөндүн баары агып,
Бастырып өтөр жолу жок,
Балчыгы белден жуурулуп,
Топ-топ чыккан терек, тал
Тобу менен суурулуп,
Кечмек турсун көргөн жан
Заманасы куурулуп.
Ак көбүктө кар болуп,
Түрүлүп толкуп шар болуп,
Бурулуп тийген жерлери
Бута атымдай жар болуп,
Жаткан экен Кыл Эртиш,
Кечерге бенде зар болуп.
Чыбырын түлкү жойлобой,
Чыбык салса бойлобой,
Чындап кирген дайрадан,
Өлбөймүн деп ойлобой,
Адырын түлкү жойлобой,
Аркан салса бойлобой,
Агыны катуу дайрадан
Өлбөймүн деп ойлобой,
Жаткан экен чоң Эртиш,
Чалкар жааса көл болуп,
Ар тараптан аккан суу,
Кошулуптур сел болуп.
Эртишке Шоодай урунуп,
Бир далай карап торулуп,
Күрпүлдөгөн добушу,
Күндүк жерге угулуп.
Кыл Эртишке кармалып,
Сийдиги булут айланып,
Адам кечер суу эмес,

Кечүү чалып жайланып,
Аяр да болсо Шоодайдын,
Эртишке жолу байланып,
Мактанып чыккан Бээжинден
Бадана кийип шайланып.
Эртиш жатат күркүрөп,
Эртиштин суусун көргөндө,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Сийдиги чыкпай бүркүрөп.
Жанында жолдош жок болуп,
Шоодай турду токтолуп.
Ал аңгыча ойлонуп,
Аярлыгы козголуп,
Кытайча кыйла арыбы
Кылымга дайын аныгы.
Сыпатын өлчөп айткысыз
Сыйкырдан билген тарыгы.
Калмакча кара дарымы,
Калкына дайын аныгы.
Каргашалуу Шоодайдын
Толуп жатат арыбы.
Өзү жайчы дубалуу,
Окуп билген дубаны,
Жай чилдени кыш кылат.
Дайранын баарын муз кылат.
Аяр Шоодай камынды,
Бурканына жалынды.
Кытайча сыйкыр дубаны,
Калмакча кара дарымды,
Кара ташка эм салып,
Кайтарып окуп дем салып,
Таптым деп күнүн жайлады.
Жай ташын сууга байлады.
Аял кылып турганча,
Айсал-буйсал кылганча,
Мунарык басып сүрүлүп,
Булут көчүп түрүлүп.
Айдын көзү кармалып,
Күндүн көзү тутулуп.
Күн күркүрөп тарсылдап,
Чагылган учуп жаркылдап,
Карасаң бетке ургулап,
Каршы-терши шыбыргак,
Алты сай мөндүр шыбыргак,
Арык толуп жымылдап,
Бүркөлгөн күн ачылбай,
Бир күн, бир түн басылбай,
Бороон шамал зыркырап,
Борошо бургак буркурап,
Аязына чыдабай,
Адамдын баары чуркурап.
Айланып булут бөлүнбөй,
Айдын жүзү көрүнбөй.
Куралып булут бөлүнбөй,
Күндүн жүзү көрүнбөй.
Шоодай күндү кармады,
Шооласы күндүн калбады.
Экинчи күн болгондо,
Жай ташын суудан алыптыр,
Куу булут учуп түрүлүп,
Сай бойлоп жөнөп калыптыр.
Кыркыраган кызыл жел
Кыбыладан козголуп,
Сасык туман,жөө туман
Тура албады токтолуп.
Булут тарап бузулуп,

Туман тарап бөлүнүп,
Ал аңгыча жаркырап,
Күндүн жүзү көрүнүп,
Ажап айран иш кылды.
Жай чилдени кыш кылды.
Саратан жайдын өзүндө,
Дайранын баарын муз кылды.
Эртиштен чыгып аттанып,
Эрмин деп Шоодай мактанып.
Таласка Шоодай жөнөдү,
Эр Коңур жазган катты алып.
Бир күн, бир түн бош оттоп,
Белин бууган Алгара,
Шатыраган жамгырга,
Жакшы сууган Алгара
Жоргосу чыгып кылтылдап,
Жоругу чыгып шартылдап,
Ооздугун кемирип,
Оозунан көбүк буртулдап,
Жана эки күн жол жүрүп,
Жан аябай мол жүрүп,
Басып өттү Байкалды.
Басып өттү Инизейди.
Аралап өттү Алтайды.
Жандап өттү Жайсаңды.
Эрте чыгып каргытып,
Көкөмерен көлүнөн,
Ашып түштү бешимде,
Тай-Ашуунун белинен,
Аз гана калаа Кулжаны
Аралап өттү ченинен.
Иленин башы Үч-Арал
Кечип өттү турбастан.
Жер сонунун аралап,
Көрүп келет бир баштан.
Алгараны чулгутуп,
Жүрүп келет тынбастан.
Маңдай жагы Текесте
Жолой аскан казан бар.
Колунда турган кезинде,
Коңур кан салган базар бар.
Козголбой жаткан турак бар,
Коңурбай ичкен булак бар.
Кошунду кытай сүмбө – дейт,
Чапанды кытай күрмө – дейт.
Кошун жаткан булагы,
Сүмбөнүн сайы аталган,
Аскерлер ажат буюмун,
Алып турган базардан.
Базарын көрүп байкастап,
Казанды көрүп каралап,
Акыяс менен Текести
Ашыкпай жүрдү аралап.
Карагай, кайың, талы бар,
Жан бүткөндүн баары бар.
Кушка аралап уялап,
Ала карга чары бар.
Айрып болбойт мындай – деп,
Ар бир сонун жаныбар.
Аяр Шоодай кеп айтат.
Кеп айтканда деп айтат.
Акыяс, Текес, Ала-Тоо
Жер сонуну турбайбы.
Манасты сойсо Коңур кан,
Башынан соо тунбайбы.
Кызыталак Манас өлгөн соң,

Биздин кытай конуш кылбайбы.
Мындан Шоодай аттанып,
Жүргөн жолун катка алып,
Белин ашып Төтөдөн
Ашып түштү каргытып.
Үч-Каркыра,Кегенге
Ботонун сазы дегенге,
Каркырадан каргытып,
Аңгемени арбытып,
Ашып түштү Керкөлгө.
Айланасы кең көлгө.
Керкөлдүн өзү бу күндө,
Калганы жок катардан,
Муздабаган себептен,
Ысык-Көл деп аталган.
Аттай сазан балыктар
Атып чыгып туйлаган.
Айланасы эгин жай
Армансыз бенде жыргаган.
Буга да Шоодай турбастан,
Буудандын башын бурбастан,
Бөксө менен алкымдап,
Күңгөй менен шартылдап,
Бар жарагы келишип,
Бадана соот жаркылдап,
Болжолсуз жерге конбостон,
Боомго келди болбостон.
Капчыгай менен каргытып,
Канчалык жолду арбытып,
Кан Манаска барам – деп,
Калктын баарын дарбытып,
Жолго түшүп шылкылдап,
Сары өзөн Чүйдү кыркындап,
Он беш күнү жол жүрүп,
Эми жетти Таласка.
Коңурдун катын берсем – деп,
Учурашып Манаска.
Манастын жүзүн көрсөм – деп,
Калдайдын катын берсем – деп,
Бул Манас кандай кан экен?
Сыпаты кандай жан экен?
Түркстан жери түрк уулу,
Айтканынча бар экен.
Камданып чыктым Какандан,
Кан Коңурдун кашынан.
Алтайдан бери аралап,
Көрүп келдим башынан.
Жери сонун мынчалык,
Көргөнүм жок жашыман.
Түркстан жакшы жер экен,
Түрк уулу жакшы эл экен.
Баатырын бүгүн көрсөм – деп,
Манас кандай эр экен,
Таласы сонун жер экен.
Кыргызы кызык эл экен.
Арстанын бүгүн көрсөм – деп,
Айбаты кандай эр экен.
Манастын жүзүн көрсөм – деп
Калдайдын катын берсем – деп.

3-бөлүм

БААТЫР МАНАСТЫН САЛТАНАТТУУ СЫПАТЫ

Шоодай келген эртелеп,
Токтобостон энтелеп.
Аскердин түрүн көргөндө,
Манастын сүрүн көргөндө,
Жол таба албай кошундан
Шоодай калды темселеп.
Баарысы чаар ат минген,
Бадана соот кийгени.
Баш-аягын карабай,
Мас болгондой жүргөнү.
Бир түрлүү аскер бөлүнгөн,
Көзгө сүрдүү көрүнгөн.
Кийгени көпкөк темирден,
Качпайбыз деп өлүмдөн,
Он миң аскер дапдаяр.
Айттырбай билген баары аяр.
Бакай экен башчысы,
Атагын дайын жазчусу.
Атын-тонун бүт берип,
Асырап-сактап бакчусу.
Жана он миң аскер бөлүнгөн,
Бу дагы сүрдүү көрүнгөн.
Каканчындан кол келсе,
Качпайбыз деп өлүмдөн,
Бууданы тунук семирген,
Кийгени соот темирден,
Пар кылып көктөн ат минген,
Бадана соот кийинген,
Бул дагы баатыр кошуну,
Бир түрлүү экен жосуну.
Сыргак экен башчысы,
Багып турган башчысы.
Атын-тонун бүт берип,
Асырап сактап бакчусу.
Жана он миң аскер бөлүнгөн.
Бу дагы сүрдүү көрүнгөн.
Парлап кара ат минген,
Карадан камка тон кийген,
Чубак экен башчысы
Башында турган машчысы.
Атын-тонун бүт берип,
Асырап-сактап бакчусу.
Жана баарысы ала ат минген,
Бадана соот тон кийген,
Айбаты жандан башкача,
Адамдан сүрдүү жүргөнү.
Он миң аскер бөлүндү,
Ортосу анык көрүндү.
Алмамбет экен башчысы.
Акыл берген машчысы.

Атын-тонун бүт берип,
Асырап-сактап бакчусу.
Жана кызыл жейрен ат минген,
Кызыл камкап тон кийген,
Аскери сүрдүү көрүнгөн,
Арасы дайын бөлүнгөн.
Кыргыл экен башчысы,
Кыраан чал экен машчысы,
Атын-тонун бүт берип,
Асырап-сактап бакчусу.
Он миң аскер бөлүндү,
Ортосу дайын көрүндү.
Оёндун баары ушунда,
Ойго албаган өлүмдү.
Сыпаты башка Ажыбай
Сырттан эр алган кошуну,
Баарысы сары ат минип,
Ажыбай кылган жосуну.
Ажыбай экен башчысы,
Сыпат берген машчысы.
Атын-тонун бүт берип,
Айрып сактап бакчусу.
Жана кырк чоронун барында
Он миңден даяр кошун бар.
Баатыр Манас маш берип,
Кылып турган жосун бар.
Аты-тону дапдаяр,
Бүтүп турган иши бар.
Бар жарагын даярдап,
Күтүп турган киши бар.
Айтып сөзүн ык кылып,
Атын семиз дык кылып,
Бар жарагы бүт даяр,
Аскерин даяр чок кылып,
Ошо күндө Манастын,
Көрк көрсөткөн күнү экен.
Арстандыгын билдирип,
Эрк көрсөткөн күнү экен.
Чоролорун чогултуп,
Баш көрсөткөн күн экен.
Аскерин бүтүн алдырып,
Маш көрсөткөн күнү экен.
Ар тарапта кандардан,
Элчи келген күнү экен.
Арстандыгын билүүгө
Ченчи келген күнү экен.
Алмамбет, Чубак арышын,
Жайлап турган күнү экен.
Ажыбай, Жойбур шартылдап,
Сайрап турган күнү экен.
Кырк чоросу кашында,
Кыргылчалы башында
Алмамбет, Чубак алдында,
Чачыбай, Сыргак жанында,
Ырамандын Ырчыуулу
Ырдап турган күнү экен.
Баш көтөргөн жан калбай,
Жыргап турган күнү экен.
Каныкейдин ордодо,
Жыйын болгон күнү экен.
Дөөлөтүнүн толгону,
Бейпил болгон күнү экен.
Баштагыдан Манастын
Кыйын болгон күнү экен.
Кабылан Манас калкына,
Көрк көрсөткөн күнү экен.

Калкын сынап эркелеп,
Эрк көрсөткөн күнү экен.
Калктын баары сыналып,
Сынга түшкөн күнү экен.
Калп сөз калктан жоголуп,
Чынга түшкөн күнү экен.
Баатыр Манас каныңар,
Байкап кулак салыңар.
Какандан келген кан элчи,
Шоодайдан кабар алыңар.
Кабарга өзүм барам – деп,
Каканда Шоодай оолукту.
Кас буудандан ажырап,
Канга Шоодай жолукту.
Манаска өзүм барам – деп,
Бээжинде Шоодай оолукту.
Алгарадан ажырап,
Азапка Шоодай жолукту.
Калың аскер маш кылып,
Кайнап жаткан кезинде,
Карсылдатып топ атып,
Ойноп жаткан кезинде.
Элчи менен иши жок,
Элинде мындай киши жок.
Кабарчы менен иши жок,
Калкында мындай киши жок.
Сап-сап болуп бөлүнүп,
Салтанаты көрүнүп.
Акбалдак кылыч алышып,
Аябай башка салышып.
Тийгизбестен кылычты,
Калкан тосо калышып.
Найза менен челишип,
Төшүн тосуп беришип.
Чарайнага чак этип,
Найзанын машын көрүшүп.
Айбалта менен чабышып,
Аябай башка салышып.
Болоттон кылган калканды,
Болжоп тосо калышып.
Бул өнөрдү көргөндө,
Аярлыгын таштады,
Манасың да курсун – деп,
Башка аңгеме баштады.
Чындап эси чыккандан,
Чычып коё таштады.
Мылтыктын үнүн укканда,
Аскердин чуусу чыкканда,
Сууту канган Алгара
Ала качып жөнөдү.
Калганы жок өзүндө,
Кадимки аяр өнөрү.
Алгарадан жыгылды,
Кандекке башы тыгылды.
Эмгекке Шоодай чоң батты,
Эс ала албай көп жатты.
Эс алып Шоодай жөтөлүп,
Кандек башын көтөрүп,
Эки жагын караса,
Сонун кызык тамаша.
Малакай жок башында,
Алгара жок кашында.
Абыдан тайып батынан,
Айрылыптыр атынан.
Бул каргашалуу каты – деп,
Кандай болот арты – деп.

Кан Манаска баргын – деп,
Калдайдын кылган дарты – деп.
Атынан Шоодай түңүлүп,
Тура салып жүгүрүп,
Акыл-эстен танганда,
Атынан жөө калганда,
Алдында буудан аты жок,
Атынан башка дарты жок.
Каралашар бу жерде,
Калың Какан калкы жок.
Ат таба албай эндиреп,
Азап мага келди – деп,
Эс таба албай эндиреп,
Эмгек мага келди – деп.
Каскара чыкпай эсинде,
Карап жүргөн кезинде.
Айгай-чууну укканда,
Алгара ойноп жыккanda,
Көрүп турган көп кошун
Кармап алды бууданды,
Сыпаты малдан башкача,
Сыртына тартып сууганды,
Биз көргөн малдын түрү эмес,
Өңкөй малдын бири эмес,
Жасалгасы-жабдыгы,
Жарашыктуу бардыгы.
Кайыш тердик шаркылдак
Кытайча кылган ээри бар,
Муну минген адамда,
Кызык сонун кеби бар.
Какандын каны Коңурдан,
Кагаз келген чени бар.
Кайрылып кайра кете албай,
Калың колдон өтө албай,
Катын берип кетүүгө,
Канкоруңа жете албай
Атынан элчи айрылган.
Азапка буту тайгылган.
«Мунун ээсин таап берелик,
Элчилигин көрөлүк» –
Деп аскерлер алып Кара атты,
Шоодайды издеп жөнөдү.
Кайран Шоодай аярдын,
Калган жок аяр өнөрү.
Атын издеп энтелеп,
Жол табалбай темселеп,
Башында кийген бөркү жок,
Баштагыдай көркү жок.
Учурап Шоодай кесирге,
Убара болгон кезинде,
Канетер айла табалбай,
Кара ат кетпейт эсинде.
Кара аттан Шоодай түңүлүп,
Карап жүрөт жүгүрүп.
Ал аңгыча болбоду,
Аскерлер чыкты жолунан.
Көрдү Шоодай Кара атты,
Көп аскердин колунан.
Атты көрүп кансырап,
Арыз айта албай алсырап,
Ат меники дей албай,
Карап турду жалдырап.
Кызыгы көп аярдын,
Кылымдын тилин бат билет.
Кылдай сөздөн тайгылбай,
Кыргыздын тилин жат билет.

Аярлык кылып башынан,
Амал тапкан жашынан.
Сыйкырчы болуп башынан,
Сыналып чыккан жашынан.
Жетимиш түрлүү тил билген,
Тилди мындай ким билген.
Окубай кагаз кат билген,
Кат билгенде бат билген.
Ойрот, моңгол, жалпы түрк
Баарынын тилин жат билген.
Аяр Шоодай кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
«Мен бир келген элчимин,
Ат меники – деп айтат.
Каканчындан Манаска,
Кат көтөрүп келемин,
Кан Коңурдун каты бар,
Кан Манаска беремин.
Арстан Манас баатырдын,
Алтын жүзүн көрөмүн.
Алып келген катымды,
Анан кийин беремин.
Түркстан, Талас бу жайды,
Ким көрүптүр мындайды.
Манасың да курусун,
Ким билиптир мунусун.
Адам өлчөп айткысыз,
Кылып жаткан жумушун.
Манас деген байталман,
Баарысын эптеп айталман.
Сөөлөтү кыйын жан экен,
Сүрүнөн адам жалтанган.
Аскери сансыз көп экен,
Адамдын мизин кайтарган.
Замбирек үнү таш жарып,
Топтун үнү тоо жарып,
Жазайыл огу жаркырап,
Асман менен каркырап.
Койчагыр үнү тарсылдап,
Добулдун үнү карсылдап.
Ким көрүптүр мындайды,
Алып салды бешимди.
Абийиримди кетирди,
Ким угат айткан сөзүмдү.
Абдан тандым эсимди.
Өңчөй аскер кирген соң,
Өлөрүмдү билген соң,
Таштадым аттан өзүмдү.
Кулап аттан жыгылдым,
Кандекке башым тыгылдым.
Манасты көрбөй өлөм – деп,
Коркуп калдым ошондон.
Түбүнөн салтың ушубу,
Түрк баласы мусулман,
Аскерлер жакын келиңер,
Айтканыма көнүңөр.
Кармаган кара ат меники,
Атымды азыр бериңер,
Арбын экен калкыңар,
Айбаттуу экен салтыңар.
Какандан элчи келди – деп,
Кан Манаска айтыңар.
Мен уруксат менен барайын,
Мындайдын көрдүм далайын.
Арстан Манас баатырдан,
Барып жооп алайын.

Кабылан Манас баатырың,
Кайт десе азыр кайтайын.
Кан Коңур берген каты бар,
Канкорго өзүм айтайын.
Аскер башы тыңда – деп,
Айткан сөзүм сында – деп.
Азыр айткын Манаска
Аяр кылып турба – деп.
Калбаймын деп жолуман,
Кара атты алды колунан.
Кандай түрлүү кеп келет,
Кабарын уккун соңунан.
Манаска бириң жол баштап,
Баатырлар бириң барыңар!
Баатыр Манас бу күндө,
Кармап турган каныңар.
Какандан элчи келди – деп,
Канга кабар салыңар.
Айтылуу Манас төрөдөн,
Аныk кабар алыңар!» –
Деп Шоодай айтып токтолду.
Эми аскер башы козголду.
Аныk элчи экен – деп,
Кетпей койсок бекер – деп,
Аскер кетпей койду – деп,
Канкорго кабар жетер – деп,
Кабылан Манас султаным,
Капа болуп кетер – деп.
Өзү туруп башына,
Шоодайды алып кашына,
Алгарасын мингизип,
Адемин артык билгизип,
Аскер турчу чоң көчө,
Көчө менен жүргүзүп.
Оң жагында он миң кол,
Ортосунда даңгырап,
Кошун жүрчү көчө жол,
Аскеринин өзүндө,
Ажыдаардын сүрү бар.
Адам айран калгандай,
Арстан шердин түрү бар.
Кылычы жалаң, кыны жок,
Болжоп айтар сыны жок.
Кыя чапчу эмедей,
Кылычтары жаркылдайт.
Муну көргөн адамдын,
Мууну кетип калтылдайт.
Айбалталуу,чочморлуу
Анын арка жагында,
Илгери баскан адам жок.
Иреттеп койгон сабында
Аскерди жөнгө салуучу,
Аскер башы жанында.
Жан аяп калчу адам жок,
Жардыгы катуу канында.
Асилет жарак бүт даяр,
Аскеринин барында.
Кошунду Шоодай көргөндө,
Көчө менен келгенде,
Акыры бир жан өлөт – деп,
Моюн сунду өлгөнгө.
Мен Бээжинден бекер келдим деп,
Мээнетти кыйын көрдүм – деп,
Азабына көндүм – деп,
Ажалдан мурун өлдүм – деп,
Шорум каткан жанмын–деп,

Шоодай сөздү баштады.
Чындан эси чыккандан,
Чычып коё таштады.
Аскер башы Шоодайды,
Алып келди чегине,
Өзүнүн келчү жерине,
Дарбазачы бегине.
Дарбазачы-капкачы,
Жабуулуу экен капкасы.
Дарбазаны кайтарган,
Адамдын мизин майтарган,
Түрүн байкап көргөн жан,
Жүрөгү чочуп жалтанган.
Канжар, кылыч байланган,
Кан төгүүгө шайланган.
Жүзүндө кызыл каны жок,
Өзүндө адам саны жок,
Айбаты кыйын жалындан.
Адамдын мурду, кулагын,
Тумар кылып тагынган.
Желдеттен жетөө туруптур,
Жергесин кудай уруптур.
Беренден бешөө туруптур,
Бейилин кудай уруптур.
Муну Шоодай көргөндө,
Эсинен танып куруптур.
Желдеттер алып колунан,
Калбагын деп жолуңан,
Канкорлугун билгизди,
Капкасын ачып киргизди.
Тактада Манас кан – деди,
Талабың болсо бар – деди.
Капкадан кирсе кашында,
Канча улук башында.
Узун кеткен чоң көчө,
Чоң көчөнүн өзүндө,
Мурунтан калган нускада,
Карылар айткан сөзүндө,
Алты миң аскер кол турат,
Аябаган мол турат.
Бул кырк чоронун кошуну,
Кызык экен жосуну.
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап.
Асаба желек калкылдап,
Акбараң жондо жаркылдап.
Көчө толуп былкылдап,
Найзанын учу жылтылдап.
Катар турат камынып,
Кабылан шердей чамынып.
Балакет жайга келдим – деп,
Манасты кантип көрдүм – деп,
Каргашалуу калчанын,
Катын кантип бердим – деп.
Каза жетип күн бүтпөй,
Как талаада өлдүм – деп.
Көчөнүн ичи мунарык,
Көзү көрбөй тунарып.
Арстан Манас эсинде,
Алсырап турган кезинде.
Кантер айла таба албай,
Кансырап турган кезинде.
Жетип келди бир желдет,
Каары катуу сөзүндө.
Ордону жалгыз билгендей,
Оту бар эки көзүндө.

Чоң көчөнү башкарган,
Кор башысы бул экен.
Айбаты жандан башкача,
Адам сүрдүү кул экен.
Эндиреп калган Шоодайдан,
Сөз сурады кор башы.
Эрте жооп бергин – деп,
Тез сурады кор башы.
Аты-тонуң башкача,
Кайдан келген элчисиң?
Кандай түрлүү сөз менен
Канга кабар берчүсүң?
Бачым айтып тез бол – деп,
Бекерге турбайт бу кол – деп.
Өзүнчө басып жүргөндөй
Оңой эмес бул жол – деп.
Анда Шоодай кеп айтат:
«Аяр кыл чоңум! – деп айтат.
Мен Какандан келдим кат алып,
Кандардын сөзүн жат алып.
Бээжинден келдим кат алып,
Бектердин сөзүн жат алып.
Кыргыздан чыккан кырааны,
Кызыл кашка тынары.
Казактан чыккан кырааны,
Кара кашка тынары.
Түрктөн чыккан кырааны,
Түбөлүк алтын мунары.
Түркстан түрктүн баарына
Сая болгон чынары.
Кан Жакыптын баласы,
Кайнар деген калаасы.
Мен самаган кишим Бээжинден,
Кыргыздын кыраан Манасы.
Анчейин ишке жүрбөймүн,
Азгырган сөзгө кирбеймин.
Аялуу тулпар алдымда,
Алгара минген атым бар.
Какандын каны Коңур кан,
Манаска берген каты бар.
Сен корбашы болсоң өзүңө,
Кулак сал айткан сөзүмө.
Арстан Манас султанды,
Азыр көрсөт көзүмө!
Какандан келген элчимин,
Калжыратпа өзүмдү.
Каныңдан эртең угарсың,
Калган-каткан сөзүмдү» –
Деп Шоодай айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Элчим тура тургун – деп,
Азыраак сабыр кылгын – деп.
Капкасы кандын бек болот,
Кайтарчусу көп болот.
Кан Манаска барам – деп,
Канымдан жооп алам – деп
Каным жооп берген соң
Анан алып барам – деп.
Элчиге мындай кеп айтып,
Эби ошондой деп айтып.
Корбашы кетти энтелеп,
Кан Манастын өзүнө,
Кабылан Манас султандын
Канайын деп сөзүнө.
Келсе капка бекилген,
Келгендин баарын кетирген,

Үстүнө адам киргизбей,
Адамга сырын билгизбей,
Кырк чоросу кашында,
Баатыр Бакай башында,
Падыша Манас султаның,
Так алтымыш жашында.
Түмөн түрктүн балдары,
Түтөп турган кезинде.
Баштагыдан өкүмү,
Күчөп турган кези экен.
Масылатты жаңыдан,
Курап турган кези экен.
Жандын баарын жакшылап,
Сынап турган кези экен.
Элин,жоосун текшерип,
Ылгап турган кези экен.
Сыпатын көрүп сыртынан,
Сындап турган кези экен.
Түркстан түркү бүпбүтүн,
Кордоп турган кези экен.
Энтелеп келген корбашы,
Эшик ачып кире албайт.
Эси чыгып Манастан,
Не кыларын биле албайт.
Кантээр айла табалбай,
Карап турган кезинде,
Шору каткан элчи – деп,
Шоодай турат эсинде.
Ал аңгыча болбоду,
Басалгалуу Байматың,
Басып чыкты эшикке.
Аябай салып айбатын,
Чыкса эшиктин алдында,
Корбашы карап туруптур.
Басып барып алдына,
Байматка салам кылыптыр.
Корбашым мында келсин – деп,
Бул ордодо кандай ишиң бар,
Байкап көрдүм түрүндөн,
Бир сүйлөшө турган кишиң бар.
Күндө келбес корбашы,
Келипсиң бүгүн энтелеп,
Ордого басып кире албай,
Турупсуң карап темселеп.
Байматтан бул сөз чыкканда,
Корбашы муну укканда,
Корбашы туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Анча-мынча ишим бар,
Алыстан келген кишим бар.
Арстан Манас баатырга,
Айта турган кебим бар.
Корбашыңды кор кылбай,
Улук Манас үстүнө,
Урматы артык төрөгө,
Ала кирер эбиң бар» –
Деп корбашы айтып турганда,
Ошол сөздү урганда,
Кошо кирсең корбашым,
Айткан кебиң эптир – деп,
Азыр кеңеш күнүндө,
Келгенге эшик бектир – деп,
Сенин келген жумушуң,
Манаска келген кептир – деп.
Корбашыны ээрчитип,
Баймат кирди сарайга,

Аңгемелүү бул сөздүн,
Арты кетет далайга.
Корбашы кирип эшиктен,
Сарайына таң калды.
Эч качан мындай көрбөгөн,
Эсинен танып сандалды.
Корбашы турду калтырап,
Коёндой көзү жалдырап,
Адам айран калгандай,
Акыл-эстен тангандай.
Бакай каны башында,
Кырк чоросу кашында,
Оң жагында жыйырмасы,
Орундук алтын жыласы.
Сол жагында жыйырмасы,
Сом алтын минген жыласы.
Ичкилик ичип ысышып,
Ичегиси кызышып,
Арак ичип ысышып,
Аябай сөөгү кызышып.
Терең кеңеш кылышып,
Чекеден тери сызышып.
Аңгемелүү өзүнчө,
Дууга кирип алыптыр.
Арылбай турган сөз талаш,
Чууга кирип алыптыр.
Келген менен иши жок,
Кебин уккан киши жок.
Корбашың менен иши жок,
Козголуп койгон киши жок.
Сарайды көрүп таң калып,
Корбашы турду сандалып.
Арстан Манас баатырга,
Айтар сөзүн камданып.

Ал аңгыча болбоду,
Айкөлүң көзүн салыптыр,
Корбашынын келгенин,
Көкжалың көрүп алыптыр.
Сен кайдан келдиң корбашым?
Кор болобу өз башың,
Келгениңе көп болду,
Корбашым сага эп болду.
Айта турган кебиң бар,
Аянып турат ченің бар.
Айта салгын кебиңди,
Өзүм табам эбиңди.
Корбашы туруп кеп айтат,
Козголуп сөздү эми айтат:
«Менин келген жумушум,
Баатырым ушул деп айтат.
Каканчындан келдим – дейт,
Каныңа кабар бергин – дейт.
Кан Манастын алдында,
Кадырымды көргүн – дейт.
Атынын түрү башкача,
Айбанда сонун мал экен.
Алып келген өзүңө,
Канынан каты бар экен.
Түбүнөн акыл ойлодум,
Элчини жолдон торгодум.
Душманбы – деп, элби – деп,
Келтирбей тыштан коргодум.
Байкасам түрү элчидей,
Байкап кетчү ченчидей.
Карасам түрү элчидей,
Кандан келген ченчидей.
Канча түрдүү кеп айтат,
Какандан келдим деп айтат.

4-бөлүм

ШООДАЙДЫН КЕЛГЕНИ. КОРБАШЫНЫН СӨЗҮНӨ МАНАСТЫН КАЙ ТҮРЛҮҮ ЖООП БЕРГЕНИ

Баатыр Манас каныбыз,
Канчалык бизде алыбыз.
Кол куушуруп турабыз,
Кызматыңда баарыбыз,
Ачууланып айкырсаң,
Азыр чыгат жаныбыз.
Кебин-сөзүн укпадым,
Кеңеш-кеп келип оюма,
Коюп келдим элчини,
Кең көчөнүн боюна.
Келтир десең келтирем,
Өлтүр десең өлтүрөм,
Улук падыша кан болсоң,
Уруксат кылмак өзүңдөн.
Мен бир сизге кызматчы,
Кантип чыгам сөзүңдөн.
Анда Манас кеп айтат:
«Андай эмес, – деп айтат.
Ал сөз эмес корбашым,
Аман болсун бир башың.
Алыстан келген элчи экен,
Жол боюнда турбасын.
Корбашым азыр алып кел,
Көрөйүн келген кишиңди.
Тегин келген эместир,
Текшерейин ишиңди».
Корбашы барды аярга,
Кан Манас жооп берди – деп,
Канчалык жолдон келди – деп.
Канкор кагаз берди – деп,
Аты-жөнүң билбеймин,
Элчим, азыр жүр – деди.
Кан Манастын үстүнө,
Кадырың менен кир – деди.
Элчи келди элеңдеп,
Калдайдын катын белендеп,
Кабылан Манас султанга,
Азыр барып көрөм – деп.
Капчыктан алып кагазын,
Кан Манаска берем – деп.
Келсин деп жооп бериптир,
Баатыр Манас төрөм – деп.
Аттан түшүп камданып,
Аяр басты шаңданып.
Чоң көчөдө калың журт,
Карап калды таңданып.
Кебин-сөзүн айтууга,
Келип кирди ордого.

Келтирип катын жаздырган,
Кечкил менен доргого.
Кылайып Шоодай шашпады,
Кыргыздын салтын таштады.
Кан алдына киргенде
Каңгайдын заңын баштады.
Белин ийип бүгүлүп,
Бетин басып жүгүнүп,
Бутун бүгүп чойкоюп,
Мойнун созуп койкоюп.
Келиндерче жүгүнүп,
Келип кирди ордого,
Адамдын баары таң калды,
Аяр Шоодай доргого.
Кытайча айтып: «Коома!» – деп,
Амандашты кан менен.
Кан кашында олтурган,
Кара, төрө жан менен.
Калдайдын берген кагазын,
Манастын берди колуна.
Аркасы менен асталап,
Аяр басты соңуна.
Катын ачып караса,
Ажап кызык тамаша.
Кытайча тилдин өзүндө,
Тилмечин айтат дорго – деп,
Сыйкыр жандуу окуган,
Аярын айтат молдо – деп.
Бала кезде быштырган,
Кечкилин айтат эшен – деп.
Өзүнүн заңын кармаган,
Бир сөзүнөн жанбаган,
Адам сөзүн танбаган,
Шибээсин айтат чечен – деп.
Кечкилин кебин кынатып,
Кемчилик жерин улатып,
Какандагы ордодо
Аярларга сынатып.
Түбүнөн Коңур күтүнүп,
Түрк тамга менен бүтүрүп,
Кан Коңур катын жаздырган,
Какандагы ордодо,
Түрк тилине айланткан,
Кан алдына доргого,
Катын алып караса,
Арап түрктүн тамгасы,
Каргашалуу капырдын
Жана да бар калбасы.
Катчыга катын жаздырып,
Кашкайтып мөөрүн бастырып:
«Досум Манас, баатырсың,
Түркстанда жатырсың.
Досум, сени сагындым,
Сагынгандан сабылдым.
Армандуу өлүм келбесең,
Акылымдан жаңылдым.
Душмандык менен үч келдиң,
Үч келгенде күч келдиң.
Конокко досум чакырдым,
Ат аябай келип кет,
Айнектей болгон Бээжинди
Арстан Манас көрүп кет.
Аягандай болбоюн,
Казына даяр бөлүп кет,
Достук менен келип кет.
Баатыр Манас болгон соң,

Башыңа сыймык конгон соң,
Арстан Манас болгон соң,
Атыңа сыймык конгон соң,
Арапка жетти арышың,
Ааламга кетти дабышың.
Бээжинге жетти арышың,
Бекер кетпейт дабышың.
Бул сапар досум келбесең,
Киши ордуна көрбөсөң,
Менин өлөрүмдү билгениң,
Аксак сары ат мингениң,
Акыретке барганда
Жүздөшөм деп жүрбөгүн!»
Арстан Манас баатыр – деп,
Ошол жазган катым – деп,
Кат жазган Манас баатырга,
Кан Коңурбай атым – деп.
Кан Коңур досуң сен келбей,
Капа болуп жатыр – деп.
Шоодайды сага жибердим,
Береним Манас жакшы бак,
Мээнети сая кетпесин,
Мен үчүн алтын белги так.
Шоодайга белгиң тумардай,
Даркан болот Бээжинге.
Бээжинге даркан болгон соң,
Зарылы жок эч кимге.
Катты окуп болгон соң,
Манас калды кырданып.
Чакырган доско бармак – деп,
Баштагыдан чынданып.
Эр Манастын алдында,
Чогулган чоро кеп кылды.
Эр Алмамбет баатырың,
Барбаганды эп кылды.
Чууну арбын тилеген,
Чубакка бул сөз жаккан жок.
Кенебеген кең акыл,
Бакайга бул сөз жаккан жок.
Аябаган акылман,
Ажыбайга жаккан жок.
Сыпаты башка адамдан,
Сыргакка бул сөз жаккан жок.
Сезбей турган согуштан,
Сергекке бул сөз жаккан жок.
Түлкү тартып топ аткан,
Төлөгө бул сөз жаккан жок.
Бул жетөөдөн башкасы,
Чоролордун кашкасы,
Келтирип кеңеш кеп кылды,
Убада сөзүн бек кылды.
Чакырган доско барчу – деп,
Манастын сөзүн эп кылды.
Кырк чоронун Кыргылы,
Кыргында көпкөн дыңгылы.
Кыргыл турду чартылдап,
Сөз баштады шартылдап:
«Чакырган жерге баруучу,
Чамасын байкап алуучу.
Кел деген жерге баруучу,
Келтирип олжо алуучу.
Төрөмдүн сөзүн кайтарып,
Эр жүрөгүн майтарып,
Коңурбайды душман – деп,
Корктуңарбы жалтанып.
Манас менен дос болгон,

Коңурбай аныk мусулман.
Кооп кылып Коңурдан,
Коркtуңарбы ушундан.
Манас аман турганда,
Таласка такта курганда,
Кайдан таптың душманды,
Кары-жашың жыргалда,
Тактада турат каныңыз,
Талапка жеттик баарыбыз.
Кыргылдын айткан сөзүнө,
Кырандар кулак салыңыз.
Бул айкөлүм Манас турганда,
Айтыша турган доо барбы,
Атыша турган жоо барбы.
Улук Манас баатырга
Уруна турган тоо барбы,
Уруша турган жоо барбы?
Бул сөзүңөр эп эмес,
Адам айтчу кеп эмес».
Кыргыл айтып токтолду,
Эми Алмамбет айтып козголду.
«Азыр колум кор эмес,
Орто Бээжин колумда,
Учурашып келгенге,
Иним Шая жолумда.
Чет Бээжин азыр Чубакка
Четке чыккан адам жок,
Эсеби жок калың журт,
Элинин баары сурakта.
Бул Коңурбайда кеби бар,
Козголбой жаткан кеги бар.
Кошунду арбын көп алып,
Кол менен барар эби бар.
Коңурбай оңой жоо эмес,
Оодарып салчу тоо эмес.
Коңурбайга ишенген,
Төрөңдүн дени соо эмес.
Бул амал менен чакырды.
Жайып койгон тору бар,
Жасап койгон колу бар,
Казып койгон ору бар.
Коңурбайга ишенип,
Барган эрдин шору бар.
Корккон адам мен болсом,
Коркпогон Кыргыл сен болсоң,
Алмамбет айтар кеп барбы,
Аңги чал сенден кем болсом.
Тилимди алса султаным,
Ушул сапар барбайлык,
Байкоосуз барып үстүнө
Балакетке калбайлык.
Аңтарылсын алтыны,
Бузба төрөм алкыңды.
Алтының арбын өзүңдө,
Аман сакта калкыңды.
Күйүп кетсин күмүшү,
Күмүшүң арбын өзүңдө,
Ушул келген элчиңдин,
Чаары турат көзүндө.
Чалгырты турат сөзүндө,
Болсун бул сөз эсиңде.
Бейлиңди салып Бээжинге,
Бекерге баатыр эсирбе.
Бул жоболоңдуу капырдан,
Жолугабыз кесирге.
Бакай сөзүн текшерип,
Байкап турду башында.
Башка чоро сөз угуп,

Карап турду кашында.
Эми баатыр Чубак кеп айтат,
«Байкачы төрөм, – деп айтат.
Айтылуу Чубак кеп айтат,
Аңдачы төрөм, – деп айтат.
Алмамбет айткан кеп болсо,
Арстаным сага эп болсо.
Кан Алмаң айткан кеп болсо,
Кабылан сага эп болсо,
Бул сапарды коёлук,
Бул кеңешти жоёлук.
Ушул келген элчисин,
Азыр кармап соёлук.
Барганда пайда көрбөйбүз,
Байланып калат колубуз.
Бул кан Коңур калдай турганда,
Кайдан болот жолубуз.
Бакай абам сактанып,
Барбаймын деп айталбайт.
Башынан берки жоругу,
Манастын сөзүн кайтарбайт.
Теңиринин кулубуз,
Тең атанын уулубуз.
Кошомат кылып алдында,
Кол куушуруп турубуз.
Айткан тилди албасаң,
Ардык болот мунуңуз.
Биз дагы сиздин иниңиз,
Бузулду сиздин түрүңүз.
Алмамбет айткан анык сөз,
Арстан Манас билиңиз.
Кармалып калсак калдайга,
Карап болот күнүбүз.
Балакеттүү калчага,
Байланып калат тилибиз.
Түркстан түрктөн чыккан соң,
Кимге угулат үнүбүз.
Азыр жакшы чаркыбыз,
Ааламга дайын баркыбыз.
Кандай болот билбеймин,
Ошол калдайга барсак артыңыз.
Бакай каның башында,
Масылат кеңеш куралы,
Абыке,Көбөш эки иниң,
Кыргызды бүтүн сурады.
Кырк чороң турат ар жерде,
Кыркыбыз бирдей кан болуп,
Кылып турган кандыгың,
Кылымга бүтүн даң болуп,
Мен өзүм да бекер эмесмин,
Сөзүңдү балан дебесмин.
Кара шаар Камбылдын,
Кармап турган канымын.
Катын, балам ошондо,
Кашкарыңан нарымын.
Адамда топук болбосо,
Аягы менен жок болот,
Кепке-сөзгө келбестен,
Кеңеш бүтпөй токтолот.
Кереги жок дебегин,
Көрөрсүң акыр керегин,
Сөзүң курсун дебегин.
Сөзүңө жооп беремин.
Сабыр кыл төрөм сактанып.
Сапарга жүрүп аттанып».
Чубак айтып токтолду,
Баатырың Манас козголду.
Козголгондо октолду,
Сөз кайтарган жок болду.

5-бөлүм

МАНАСТЫН КАПА БОЛУП КААРДАНЫП, КОҢУРБАЙГА АТТАНГАНЫ

Кабылан Манас баатырдын,
Кабарын уккун сөзүнөн.
Каарданып сөз айтат,
Заары чыгып бетинен.
«Мен арстан болгону,
Манас атка конгону.
Сапарга далай баргамын,
Кимдин тилин алгамын.
Казатка далай баргамын,
Кимдин тилин алгамын.
Азгырган сөзгө кирбедим,
Амал сактап жүрбөймүн.
Алмамбет, Чубак бийлейсиң,
Качан жоодон сүрдөдүм.
Кыркың келдиң кырк жерден,
Кыраандар ишим бийледиң.
Качан да болсо кырк чором,
Кадырымды билбедиң.
Аргымак жыйдым, ат жыйдым,
Бир буудандай болбодуң,
Азамат жыйдым, эр жыйдым,
Бир туугандай болбодуң.
Кандайлыктан кырк чоро,
Жолумду тосуп торгодуң.
Алда кандай сөз менен,
Ажалдан мени коргодуң.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Кара жан тенден кеткен соң,
Катпай койбойт казган көр.
Силерге Манас балабы,
Ажалсыз жанды алабы,
Өлүмдөн качып жашынган,
Өлбөй тирүү калабы.
Бириңди бар деп айтпаймын,
Бириңди кой деп айтпаймын.
Өзүм барам деп калдым,
Бул сөзүмдөн кайтпаймын.
Өлөм деп качсам оңомбу,
Анда Манас боломбу.
Өлөм деп мындан качканда,
Өзүм билем өлөрдү,
Өлбөй турган бенде жок,
Ажалдан качып кутулган,
Андай бенде элде жок.
Ажал жетсе өлмөк чын,

Ак жазганын бермек чын.
Алда Таала кудайдын,
Амырына көнмөк чын.
Кырк чоро сага айтарым,
Силерге айтар ишим жок.
Өзүм жалгыз болгон соң,
Менин өпкө кылар кишим жок.
Корбашым кайда барсыңбы,
Коногунду багып тур,
Алты күндө жөнөймүн,
Менден кабар алып тур.
Айтар кебиң бар болсо,
Кулагыма салып тур.
Сөз айтпаймын бекерге,
Сапарым жакын кетерге.
Корбашы эмес, бек кылам,
Коңурбайга кетерде.
Бар корбашым, баргын – деп,
Коногунду алгын – деп.
Менин айткан сөзүмдү,
Кулагыңа салгын – деп.
Коногун алып кашына,
Корбашы кетти үйүнө.
Эми карап туруңар,
Эр Манастын түрүнө.
Калың ногой калкынын,
Кабар салбай бирине.
Чакырган жерге барчу – деп,
Угуп сөзгө канчу – деп.
Абыке барсын биз менен,
Атабыз бирге бала эле.
Алыскы сапар жолунда,
Акыл тапчу жан эле.
Көбөш болсо бул элге,
Көтөрүп койгон кан эле.
Бул күүлдөгөн чиркиндин,
Көсөрлүгү бар эле.
Эми Каныкей туруп камынгын,
Сапардын кийимин алгын – деп.
Көк куржундун ичине,
Көрсөтпөстөн салгын – деп.
Эми Каныкейдин кеби бар,
Какшап айтар эби бар.
Каныкей көргөн түшүнөн,
Чочуп калган жери бар.
«Айланайын кырк төрө,
Ак сарай үйгө жык төрө!
Арзымды арстан укпады,
Айткан сөзүм ук төрө!
Кабылан төрө султаным,
Айтсам тилим албады,
Арманы көп мен шордуу,
Айтпаган сөзүм калбады.
Өткөн түндүн өзүндө,
Таңга жакын кезинде,
Азапка тууган шордуу күн,
Ал түшүм турат эсимде.
Арманым менден арылбай,
Учураймын кесирге.
Таңга жакын түш көрдүм,
Түшүмдө залал иш көрдүм.
Эрибеген муз көрдүм,
Эсимден кеткис иш көрдүм.
Бул кара жолтой Кеңколдон,

Карагашалуу кайнардын,
Өрүшүн бүтүн өрт алды.
Өзгө жерин сел алды.
Жайытын бүтүн өрт алды.
Жалпы жерин сел алды,
Ак сарай үйүн көл алды,
Адамын бүтүн сел алды.
Көк сарай үйүн көл алды,
Көңкү журтун сел алды.
Адырдын баарын өрт алды,
Адамдын баарын сел алды.
Мына карарып турган калың бак,
Алдында минген алтын так,
Айланайын султаным,
Асты-кийин ойлоп бак.
Тамыры менен суурулду,
Заманам жаман куурулду.
Алтының менен күмүшүң,
Ылайга батып жуурулду.
Төрөм, эрдигиң бар, эсиң жок,
Эч нерсе менен ишиң жок.
Калкың бөтөн баратат,
Каралашар кишиң жок.
Кумараң күмүш,мизиң жок,
Кумга бассаң изиң жок.
Абыкең кошо баратат,
Артында калган кишиң жок.
Самооруң алтын, жезиң жок,
Дасторкон жибек,бөзүң жок.
Самаган досум Коңур – деп,
Сапарга чыгар кезиң жок.
Аптабаң алтын, жезиң жок,
Ак шейшеп жибек, бөзүң жок,
Айланайын айкөлүм,
Алыска чыгар кезиң жок.
Алышып адам чыга элек,
Адамдан шагың сына элек.
Эсиңде төрөм бар бекен,
Эч ким муну уга элек.
Бейпайда калган Канықей,
Менин көөнүм тына элек.
Жалгыз балаң Семетей,
Сүннөт тоюн кыла элек.
Ушу быйыл турсаңчы,
Сапардан санааң бузсаңчы.
Жалгыз балаң султандын,
Сүннөт тоюн кылсаңчы.
Тойду кылып таратып,
Тууганды колго каратып,
Кан Коңурбай досуңа,
Кандардан элчи барсачы.
Душман бекен, эл бекен,
Кабарын байкап чалсачы.
Бул каргашалуу калдайдын,
Кабарын аныкалсачы!» –
Деп Канықей айтып токтолду,
Кабылан Манас козголду.
Козголгондо октолду,
Каршы айткан бенде жок болду.
Мен бул сапардан калбаймын,
Айткан шерттен жанбаймын,
Каргаша кылба жолума,
Катындын тилин албаймын.
Көргөн түшүң түш эмес,

Адам өлчөөр иш эмес.
Катындын тилин алган соң,
Кабылан Манас киши эмес.
Канымкей сага айтарым,
Эркелигиң карматпа,
Бешикте калган баламды,
Бейбаш деп жанга каргатпа.
Бул сапарга сүйүнүп,
Кубанып кетип барамын.
Эр Коңурбай досума,
Ынанып кетип барамын» –
Деп алты күндүн ичинде,
Айкөлүң Манас чамынып,
Аскерди төрөң ойлобой,
Атын-тонун камынып,
Чоролор чогуу турушуп,
Чогулуп кеңеш курушуп,
Атын төтөн камдашып,
Азамат жигит камдашып,
Арстан Манас баатырдын
Анык түрүн аңдашып,
Чогуусу менен чоролор
Эр Манаска барышты.
Барган замат турбастан,
Манастан жооп алышты.
Төрөм өзүң кылган убадаң,
Алты күнүң бүттү – деп,
Алты күндүн ичинде,
Чоролор сени күттү – деп.
Ажыбай турду чартылдап,
Айтып сөзүн шартылдап.
Жапырып бизди тилдедиң,
Айткан сөзгө кирбедиң
Чоронун сырын билбедиң,
Чорону көзгө илбедиң,
Кабылан Манас султаным,
Кандай бизге кирдедиң.
Чындап четке чыгарып,
Чебер-чендүү сүрбөдүң.
Өз айтканың кеп болуп,
Өзүңө сөзүң эп болуп,
Билеселүү султаным,
Биздин сөз сизге кек болуп,
Жанга кеңеш салбадың,
Адамдын тилин албадың,
Адамдын тилин албаган,
Кежирлигиң бар эле,
Айткан сөздөн кайтпаган,
Темирлигиң бар эле.
Чочугандай чоң туруп,
Жеңилдигиң бар эле.
Бакайың турат башында,
Кырк чороң турат кашында.
Кыргылың турат күркүрөп,
Кыргызың турат дүркүрөп.
Байматың турат бакылдап,
Жойбуруң турат шакылдап.
Эрегишкен душманың,
Жете албады жакындап.
Абыке, Көбөш эки иниң,
Ишиңди алды колуңдан,
Душманмын деп эч адам,
Тосо албады жолуңдан.
Жарабаган кеп айттың,

Жалгызың Манас деп айттың.
Манас жалгыз болчубу,
Жалгыз деп атка кончубу.
Баатыр Манас султанды
Жалгыз деп айткан оңчубу.
Төрөм бул айтканың эп эмес,
Адам угар кеп эмес.
Жалпы түркүң турганда,
Жалгыз Манас сен эмес.
Аттанар болсоң аныңды айт,
Аттанбас болсоң жайыңды айт.
Жүрөр болсоң аныңды айт,
Жүрбөс болсоң жайыңды айт.
Чоролор жалпы камдандык,
Жортуучу болсоң сапарга,
Жоо бөрүсү Манаска
Жооп жок бизде айтарга.
Чоролордун кеби бул,
Кылып келген эби бул.
Жүдөп калдык бир далай,
Жүргүзбөй жолду тостуңуз,
Ар чоронун өзүндө
Жүздөн жигит кошчубуз,
Аты-тону камдалуу,
Азамат жигит тандалуу.
Айтканымда жалган жок,
Айтар кебим калган жок.
Манас сени менен кошо өлсөк,
Кырк чоро бизде арман жок»–
Деп жанга жаман айтпаган,
Жатык тилдүү Ажыбай,
Кой оозунан чөп албас,
Коңур чечен Ажыбай,
Ажыбай айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Арстаның Манас кубанып,
Ак сөзүнө жубанып,
Жолдош деген ушул – деп,
Жолборсторго ынанып.
Кыраандар сенин кыркыңда,
Жүздөн жигит бар болсо,
Кызыр бабам жар болсо,
Жүргөн жолум шар болсо,
Мен да алам жүз жигит,
Кайраты кабат арстандан,
Качып бенде кутулбайт,
Каламда тагдыр жазгандан.
Аз эмес, киши көп болду,
Айткан сөзүм эп болду.
Төрт миң бир жүз жан болду,
Жүргөнүм журтка даң болду.
Басалгалуу карыя,
Башчыбыз Бакай кан болду.
Башка сөздү уруш жок,
Чоролор эми туруш жок.
Конокту жолго салалы,
Кооф сөз болуп баралы.
Каныңа кабар бергин – деп,
Кайратымды көргүн – деп,
Кагаз берип колуна,
Шоодайды салды жолуна.
Шоодай кетти энтелеп,
Жетейин деп эртелеп.
Муну мындай коюңар,

Ар нерседе ою бар,
Кабылан Манас баатырдын,
Кабарында болуңар.
Манас баатыр күтүнүп,
Кылар ишин бүтүрүп,
Төрт миң киши аз эмес,
Коңурбай мага кас эмес.
Өзүм билем тартибин,
Өлчөлүү конок көп эмес.
Кан Коңурбай баатырдан,
Качканыбыз эп эмес.
Арстандын жоодон качканы,
Адам угар кеп эмес,
Кайраты артык арстаның,
Каныкейге кеп айтпай,
Баатырлыгын карматып,
Балан-бастан деп айтпай.
Баласын өөп бетинен,
Бастырып чыкты шаңданып,
Айбатын көрүп Манастын,
Атпай кыргыз таңданып.
Кайрандар жолго салышып,
Кызык сөз баштап алышып.
Эрендер жолго салышып,
Эрмек баштап алышып.
Өзү көргөн жол менен,
Аз эмес арбын мол менен,
Сандыргасы башкача,
Саналуу төрт миң кол менен.
Шаркырап аккан суу менен,
Салтанаттуу чуу менен,
Көк жалың түштү жолуна,
Көтөргөн кызыл туу менен.
Конгон жерге конушуп,
Коногу даяр болушуп.
Ат аябай мол жүрүп,
Ортодо арбын жол жүрүп,
Таластан чыгып шылкылдап,
Сары Өзөн Чүйдү кыргындап.
Керкөлгө келип конушуп,
Кеңеш мыктап болушуп,
Кызыл-Кыя бел ашып,
Кыйла сонун жер басып.
Үч-Каркыра, Кегенден,
Акыяс, Текес дегенден,
Аңгемени арбытып,
Ашып түштү каргытып.
Иленин башы Үч-Арал
Аттын башын бурбастан,
Арстан Манас баатырың
Кечип өттү турбастан.
Кабылан Манас баатырга
Каш кайтарар жан барбы.
Басып өтөр турбастан,
Челек, Чарын, Талгарды.
Басалгалуу Ажыбай
Баатырга сайрап ар кепти,
Башчысы Бакай кан болуп,
Басып өттү Жаркентти.
Алтайдын тоосун кыркындап,
Аста жүрүп былкылдап,
Оёндор жолго киришип,
Ойноп күлүп шылкылдап.
Эңизектин Кара-Саз,

Эгиз-Кара былкылдак.
Аякөздүн Чок-Терек,
Арстаныңдын жүргөнүн,
Аябай доор сүргөнүн,
Айтып айтпай не керек.
Алтайда Сасык-Көл менен
Ашуусу бийик бел менен,
Ит ичпес Алай көл менен
Ириген калмак эл менен.
Көкү-Ноор көл менен,
Көңкү калмак эл менен,
Оролмонун оозунан,
Токто-Бардык тоосунан,
Корогото сазынан,
Козуке-Баян кашынан,
Ашып түштү арстаның,
Тарбагатай башынан.
Нары жагы Шарылдак,
Бөксө менен алкымдап,
Жайлоо менен салкындап,
Эртиштин бою шарпылдак,
Арстан Манас баатырың,
Жолго түшүп шартылдап.
Жунгары жол менен,
Жоомарт Манас кол менен.
Алтайдагы жол менен,
Арстан Манас кол менен.
Эртиштен өттү турбастан,
Эрендер келет тынбастан.
Ирети менен айтылып,
Сөзү келет бир баштан.
Эртиш, Оркон ортосу
Шапшактын башы шамалкөй,
Шаары жок, боз үйлүү,
Кара калмак амалкөй.
Калмактан амал кеп алып,
Калкың кандай деп алып,
Ат өргүтүп сергитип,
Мында бир күн дем алып.
Кызыл чайын,ак нанын
Кызматына жеп алып.
Андан жүрүп каргытып,
Аңгемесин арбытып.
Сөз сураган адамга,
Сөзүн айтпай чаргытып,
Оркунга келди ойнотуп,
Оёндор күлүп ойношуп.
Ташып жаткан дайрага,
Тамаша кылып бойлошуп.
Акканы дайра тобокел,
Агып жаткан бул бир сел.
Сел деп карап турбастан,
Көл деп башын бурбастан,
Тандап кечүү чалбастан,
Ат жайдактап салбастан.
Сандыргалуу султаның,
Таназарга албастан.
Кырандар сууга камынып,
Кырк чилтенге жалынып.
Кызыр бабам, кырк чилтен,
Колдосоң азыр колдо – деп,
Кыжалат топко көрсөтпө
Кызыган сапар жолдо – деп.
Арстан Манас султаның,

Жардын башын нуратып,
Жараткан өзүң колдо – деп,
Сууга кирди чуратып.
Манас сууга киргенде,
Башкасы карап турчубу.
Жайдары Манас султандын
Жардыгын эки кылчубу.
Аккула сууда каркайып,
Кең соорусу даңкайып.
Арстан Манас баатырың
Ат үстүндө чалкайып.
Кырк чоро кирди кылкылдап,
Аскерлер кирди буркурап.
Жаратканга жалынып,
Жандын баары чуркурап.
Этеги сууга малынып,
Эрендер сууда камынып,
Жараткан Жапар өзүң – деп,
Сактай турган кезиң – деп.
Азирет Аалы шаймерден,
Арстан эрге жалынып.
Шай колдогон бадирек,
Айтып-айтпай не керек.
Колдогону шаймерден,
Кол бергени кырк чилтен.
Жөлөгөнү шаймерден,
Жөн бергени кырк чилтен.
Аккула сууда каркырап,
Аккан суу толуп шаркырап.
Алтын айчык Кызыл туу
Ай тийгендей жаркырап.
Кылыч белде кыңгырап,
Кыраанын Манас зыңгырап.
Бала кезден атыккан
Баатыр Манас аталып.
Кызыр бабам колдо – деп,
Кырк чилтенди жат алып.
Алдындагы Аккула
Айбанда сонун мал тура.
Агын дайра Оркондон
Агынын тосуп маталып,
Аккула сүздү шыркырап,
Чоролор чочуп чуркурап.
Аскер коркуп алсырап,
Адамдын баары кансырап.
Султан Манас баатырың
Суудан чыкты шаңданып,
Өжөрдө мындай болбойт – деп,
Өз билгенин бербейт – деп,
Калың кошун Манаска
Карап калды таңданып.
Арстан тууган Ажыбай
Айтар сөзүн камданып,
«Сен Манас эмес байталман,
Оозум батпай айтардан.
Ажалдан мурун коркутуп,
Адамдын курчун кайтарган.
Эрегишкен суу менен,
Кандай баатыр Манасың,
Сөзүндө жок талашым.
Эсим чыгып корккондон,
Элимди көрбөй калдым – деп,
Жашырбагын чоролор,
Жалгыз корккон мен эмес,

Белгилүү сырың өзүмө,
Менден баатыр сен эмес.
Эрегишке келгенде,
Эч кимиң менден эр эмес» –
Деп арстан эрдин жоругун,
Ажыбай айтып билдирди,
Кыялын айтып Манастын,
Кырк чорону күлдүрдү.
Шатыра-шатман күлүшүп,
Жана жолго жүрүшүп,
Жөнөп калды Оркундан,
Аңгемеге киришип.
Арстандар жөнөп алышып,
Айдарым жолго салышып,
Алты күндүк жол экен
Алаткакка барышып.
Алаткак ысык көл экен,
Каргашалуу жер экен.
Карагай, кайың чер экен,
Калың чердин ичинде
Түлкү менен бөрү экен.
Кабылан, жолборс, шер экен.
Кезендеси көп экен,
Келгенди басып жээр экен.
Түгөнбөй турган ар түрдүү,
Кептин баары мында экен.
Жапан пил жайнап жолунда,
Кериктин баары мында экен.
Мында Манас турбастан,
Аттын башын бурбастан,
Аңгемесин бул жердин
Көрүп келет бир баштан.
Карагай, кайың чер менен
Калбасы көп жер менен
Күн чыгышка бет алып,
Көтөрүлгөн шор менен.
Керкол деген бор менен
Күмөндүү кыйын жол менен,
Шакеликке бет алып,
Шаадаты деген жол менен,
Беш күндө чыкты четине.
Бээжинди салып бетине,
Кабылан Манас кеп айтат,
Калкым уккун деп айтат.
Кан Коңурбай досумдун
Казынасы мол – деди.
Жолунун баары ушундай,
Көтөрүлгөн шор – деди.
Керкол деген бор – деди,
Жолунда казган ор – деди.
Жакын эмес, кыйла бар,
Дагы үч күндүк жол – деди.

6-БӨЛҮМ

ШООДАЙДЫН КЕЛИП, КОҢУРБАЙГА ЖООП БЕРГЕНИ

Баатыр Манас жол менен,
Бара турсун жолуна.
Эми Шоодайдан кабар алыңар,
Байкап сөздүн соңуна.
Таластан Шоодай аттанып,
Манас жазган катты алып,
Көргөн-билген иштерин
Көңүлгө түйүп жатка алып.
Он беш күндө Бээжинге
Шоодай барды мактанып.
Кан Коңурбай төрөм – деп,
Казам жетип өлөм – деп.
Кан Манастын жоругун
Калтырбай айтып берем – деп.
«Манасың да курусун,
Ким билиптир мунусун.
Адам өлчөп айткысыз,
Кылып жаткан жумушун.
Манас деген байталман,
Сүрүнөн адам жалтанган.
Капкасында жүз миң кол,
Каалгасын кайтарган.
Аскери жандан сүрдүү экен,
Адамдын мизин кайтарган.
Манастын кылган жоругун,
Баарысын өлчөп айталман.
Айтып өткөн жүз миң кол
Дарбазанын тышында,
Аты-тону келишкен
Турган экен ушунда.
Ирети сап-сап бөлүнүп,
Көзгө сүрдүү көрүнүп.
Асилет жарак темирден,
Аттары артык семирген.
Каканчындан кол келсе,
Качпай издеп өлөм – деп,
Он миң кошун бир бөлөк,
Пар кылып чаар ат минген.
Бакай кандын колу – дейт,
Баарысы чаар тон кийген.
Он миң кошун бир түрлүү,
Пар кылып кара ат минген,
Кан Чубактын колу – дейт,
Кара камка тон кийген.
Он миң кошун бир түрлүү,
Кызыл жейрен ат минген,
Кыргылчалдын колу – дейт,
Кызыл камка тон кийген,

Он миң кошун бир түрдүү,
Пар кылып ала ат минген,
Алмамбеттин колу – дейт,
Аладан торко тон кийген,
Он миң кошун бир бөлөк,
Каракөк буудан ат минген,
Кан Сыргактын колу – дейт.
Кара жашыл тон кийген.
Он миң кошун бир бөлөк,
Сарыдан буудан ат минген,
Ажыбайдын колу – дейт,
Сарыдан торко тон кийген,
Он миң кошун бир бөлөк,
Куладан буудан ат минген,
Кутунайдын колу – дейт.
Кулпунган буулум тон кийген,
Он миң кошун бир бөлөк,
Торудан буудан ат минген,
Серек баатыр колу – дейт.
Кызыл буулум тон кийген,
Он миң кошун бир бөлөк,
Баарысы чабдар ат минген,
Эр Төлөктүн колу – дейт.
Маладан торко тон кийген,
Он миң кошун бир бөлөк,
Жолборс чаар ат минген,
Жойбур баатыр колу – дейт.
Торкун чаар тон кийген,
Кырк чоронун баарында,
Он миңден кошун бар экен.
Аңгемеси мына ушул,
Атынын көбү ала экен.

Арстан Манас баатырың
Айбаты кыйын кан экен.
Адамдан башка жан экен.
Айтканынча бар экен.
Канча желдет кайтарган,
Капкасы болот тор экен.
Каздырганы Манастын,
Алтымыш кулач ор экен.
Ага түшкөн адамдын
Тумшугу калың шор экен.
Дарбазаны кайтарып,
Түрүнөн адам жалтанып,
Канжар кылыч байланып,
Кан төгүүгө шайланып.
Кийминин баары кызыл кан,
Кишинин канын сагынган,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган.
Желдеттер жетөө бар экен,
Беренден бешөө бар экен,
Бул санаасы бузук желдеттин
Самаганы кан экен.
Айтып ада кылгысыз,
Аскеринин порумун.
Ат үстүндө маш кылып,
Атыша кеткен жоругун.
Аскерден жол таба албай,
Адашып жолдо көп жүрдүм.
Арстан Манас баатырдын
Жүзүн көрсөм деп жүрдүм.
Базардан жол таба албай,
Башым катып көп жүрдүм.

Баатыр Манас султандын
Баркын көрсөм деп жүрдүм.
Айбатынан корккондон,
Ат-тонумдан адаштым.
Арстан Манас баатырга
Араң жетип жанаштым.
Көйрөңдүк кылып барыпмын,
Көрүп келдим сонунду,
Кор болуп турган кезимде,
Корбашы тапты жолумду.
Корбашы мени жетелеп,
Алып кирди Манаска,
Арзып келдим Түркстан
Атагы чыккан Таласка.
Барсам Манас кан экен,
Падыша болчу жан экен.
Кандык сөөлөт өзүндө,
Кырк чоросу бар экен.
Оң жагында олтурган,
Оён чоро жыйырма.
Сол жагында олтурган,
Султан чоро жыйырма.
Баш жагында олтурган,
Баатыр Бакай кары экен.
Бакайыңдын акылы
Манасынан нары экен.
Корбашы мени жеткирди
Арстан Манас баатырга,
Манастын жүзүн көргөн соң,
Араң келдим акылга.
Катыңды бердим колуна,
Кан Манастын өзүнө.

Кабылан Манас баатырдын,
Көрүнүп келдим көзүнө.
Арстан Манас эр экен,
Айткан кебим жактырды,
Алты күнү жакшылап,
Корбашыга бактырды.
Алты күндө алдырып,
Кагаз берди колума.
Коңур канга баргын – деп,
Манас салды жолума.
Манасың да курусун,
Башкача экен салты – деп,
Капчыктан алды булайтып,
Мына жазган каты – деп.
Кан Коңурга кат берди,
Кайран Шоодай көп кейип,
Кайта басып ордуна
Олтуруп калды чөкчөйүп.
Катын алып караса,
Ажап кызык тамаша.
Кагазында жазыптыр,
Кандык мөөрүн басыптыр.
Баатыр Манас атым – деп,
Ушул жазган катым – деп,
Коңурбай досум конокко,
Манасың бара жатыр – деп.
Айтыпсың сөздү билгизип,
Анча-мынча тийгизип.
Биздин түрктүн салтындай
Аксак сары ат мингизип
Ыракмат жазган катыңа,
Мингизген сары атыңа.

Шоодайды азыр жөнөтүп,
Эртеси өзүм жөнөдүм,
Эр Коңурбай досумдун
Изатын барып көрөмүн.
Ушул кат жазган саламым,
Алдыңа досум барамын.
Алтымыш күндүн ичинде,
Учурашып каламын».
Катын окуп болгон соң
Коңурбай калды сүйүнүп,
Арстан Манас баатырдын,
Келери аныкбилинип.
Канкор кул качан келет – деп,
Карап турду камданып,
Какандын калкы канынын,
Кайратына таң калып.
Эр Коңурбай баатырдын
Кеңеш кеби токтоду,
Аянба деп согуштан,
Аскердин баарын топтоду.
Замбирек-мылтык жазайыл
Жарактын баарын октотуп,
Кылычтын баарын чарктатып,
Кынына салып саптатып,
Айбалтаны миздетип,
Аябай сонун иштетип.
Найзаны болот тыктатып,
Жакшыдан иштеп мыктатып.
Баарын кылып бүтүрүп,
Карап турду күтүнүп.
Ордосунда Коңурбай
Ойноп турган кезинде,
Манасты кандай кылсам – деп,
Ойлоп турган кезинде,
Шоодай сөздү баштады,
Сонун сүйлөп шашпады.
Түркстан деп аталган,
Түрктүн жерин мактады.
Бул Түркстандай жер болбойт,
Түрк уулундай эл болбойт.
Жердин баарын өлчөсөң,
Түркстанга тең болбойт.
Жер сонуну Түркстан,
Жердеген адам кем болбойт.
Капкалуу ордо жай салып,
Калдай турчу жер экен.
Кара камка тон кийип,
Каңгай турчу жер экен.
Чын жери мунун өзүнө,
Чыйтай турчу жер экен.
Кызыл камка тон кийип,
Кытай турчу жер экен.
Аскердин бүтүн ойнотуп,
Амбал турчу жер экен.
Кан Коңурдун өзүндөй,
Кандар турчу жер экен.
Добул кагып, кол баштап,
Доотай турчу жер экен.
Алман алып ай сайын,
Аким турчу жер экен.
Алыс эмес жанына,
Жакын турчу жер экен.
Арстан Манас бек экен,
Ала-Тоо жердин чеби экен.

Ала-Тоонун өзүндө
Аңгемеси көп экен.
Асманга жакын Ала-Тоо,
Бийиктин баары мында экен.
Ар бир сонун, ар түрлүү,
Кийиктин баары мында экен.
Алтын, күмүш аралаш
Таштын баары мында экен.
Аргымак минип каргыткан,
Жаштын баары мында экен.
Аскер болуп үйрөнгөн,
Маштын баары мында экен.
Сынап келдим сыпатын,
Байкап келдим баарысын,
Баштан-аяк тептегиз
Жигити менен карысын.
Казыларын чалкайтып,
Карыларын аркайтып,
Карынын сөзүн калкы айтып,
Баштан-аяк жалпы айтып,
Сүлөөсүн ичик, кундуз бөрк
Карысы сыпаа көрүндү.
Баштан-аяк түрк уулу,
Баарысы сыпаа көрүндү.
Желбеген жорго ат минип,
Желең торко тон кийип,
Күмүштөн кемер курчанып,
Күндөй бетин нур чалып.
Алтындан кемер курчанып,
Айдай бети нур чалып.
Эриксе туйгун куш салып,
Эрмегине кыз алып,
Арак ичип мамырлап,
Аңгеме куруп дабырлап.
Жин ургандай дуулугуп,
Жигити сыпаа көрүндү.
Салтанат менен санжаптуу,
Жүрүшү сыпаа көрүндү.
Эриксе ордо атышып,
Эрмекке кызып жатышып.
Эртеден-кечке тамаша,
Ойноп күлүп жатышып.
Ордо атып ойноп күлүшүп,
Ойлонбостон жүрүшүп.
Ойноп ойноо канган соң,
Оокатына киришип.
Ойносо ойну канбаган,
Чалдары сыпаа көрүндү,
Баштан-аяк тептегиз,
Балдары сыпаа көрүндү.
Желбегей ичик жамынып,
Жел тийбесе камыгып,
Келеңкөр чачпак салынып,
Кемпири сыпаа көрүндү.
Аста басып кылактап,
Атлес көйнөк булактап.
Тышында кийген башайы,
Ичинде көйнөк ак шайы,
Шурудан тизген чач мончок,
Май сооруда шаркылдап,
Чач мончоктун учунда,
Чыныдай күмүш жаркылдап.
Күмүштөн кылган чоң сөйкө,
Оң ийнинде илинип,

Эл-журтуна келиндин
Эркелиги билинип.
Келбети жандан башкача,
Келини сыпаа көрүндү.
Кызылдан көйнөк кийишип,
Кымсынбастан жүрүшүп,
Кыз оюнда бир түрдүү,
Тамашага киришип.
Атилес шайы кийгени,
Аста басып жүргөнү.
Кызыл кымкап кийгени,
Кыя басып жүргөнү.
Шек алдырбай адамга,
Серпип кашын күлгөнү.
Жайдары басып салкындап,
Жайлоодо кыздар бөлүндү.
Кылыгы жандан башкача,
Кыздары сыпаа көрүндү.
Түркстандай жер барбы
Жеринде өлчөөр чен барбы.
Түркстанда жыргаган
Түрк уулундай эл барбы.
Түркстан болсо жерибиз,
Жыргар эле элибиз.

Нар жагы Урум, Кайсарга,
Жакын болот чебибиз.
Жакын эл менен жарашсак,
Өтүмдүү болот кебибиз.
Бул кеңешим кандай кеп,
Эр Коңурбай бегибиз?! –
Деп Шоодай айтып токтолду,
Коңурдун дарты козголду.
Шоодай жакшы кеп айтты,
Өзүмө туура деп айтты.
Ойлонуп жүргөн ишимди,
Оюма салып эми айтты.
Бул Түркстан Түрктүн жери – деп,
Манас мунун шери – деп,
Манасты жайлап өлтүрсөм,
Табылат мунун эби – деп.
Аяр Шоодай акылман,
Алдымда дайым тургун – деп.
Келтирип акыл сөз берип,
Кеңешти бирге кургун – деп.
Эми баатыр Манас каныңар,
Байкап кулак салыңар.
Жакын калган Бээжинге,
Андан кабар алыңар.

7-БӨЛҮМ

МАНАСТЫН БЭЭЖИНГЕ БАРЫП, МЭЭНЕТ БАШЫНА ТҮШКӨНҮ

Арстан Манас зоруңар,
Алдында жайган тору бар.
Торунда төрт миң колу бар.
Ажалдан арбын шору бар.
Аңгемеси бир далай,
Кабарында болуңар.
Кабылан Манас жол жүрүп,
Качырткыга келгенде,
Каргашалуу калдайдын
Калаасын дайын көргөндө,
Качырткыда конушуп,
Аңгемеде болушуп.
Качырткыда жайланып,
Тамак ичип жайланып.
Аттары аса байланып,
Жатып калды жайланып.
Канарып уйку канган кез,
Кан уйкуга барган кез.
Уктап Манас түш көрдү,
Өзүнө зыян иш көрдү.
Кабылан Манас түш көрдү,
Калкына зыян иш көрдү:
«Түркстанда түрүлгөн,
Туман басып жатыптыр.
Өрттөй жанган кыпкызыл,
Мунар басып жатыптыр.
Тилин сунуп жалмаган,
Жылан басып жатыптыр.
Кең жолго жылан толуптур,
Кесири кыйын болуптур.
Кайнарга чаян толуптур,
Караңгы туман болуптур.
Чынары бүтүн соолуптур.
Чырпыгы куурап болуптур.
Өзөндүн баарын өрт алып,
Өрт өчкүсүз болуптур.
Капкасы бүтүн кан болуп,
Канчалык элге даң болуп,
Калаасы бүтүн чаң болуп,
Кайрылгысыз болуптур.
Кайрылып келип эч адам,
Жай кылгысыз болуптур.
Таласы талкан болуптур,
Капкасы ойрон болуптур.
Капкасы талкан болуптур,
Калаасы ойрон болуптур.

Түрү бузук түрдүү жан
Кайнарына толуптур.
Өзүнүн тиккен чынары
Тамыры менен кургаптыр.
Тартса келет колуна,
Балакет муну чырмаптыр».
Түшүн көрүп эр Манас
Түшүнөн чочуп ойгонду.
Алда кандай жорук – деп,
Арстан Манас ойлонду.
Чочуп калды түшүнөн,
Кайгы кетпей ичинен.
Кабылан Манас султаны,
Капа болуп ичинен.
Ар не болсо көндүм – деп,
Ажал жетсе өлдүм – деп.
Арга барбы ажалга
Ажал айдап келдим – деп.
Бушайман түшүп ичине,
Сырын айтпай кишиге,
Убайым кылып чочуду,
Уктап көргөн түшүнө.
Ошондо да Манастын,
Коңурбайдан шеги жок,
Элим аман болсо – деп,
Элинен башка кеби жок.
Арстандыгы башкача,
Адамга өлчөр теңи жок.
Капылет менен баратат,
Кан Коңурда кеги жок.
Жарым күндүк жол калды,
Алтын капка Бээжинге.
Каргашалуу чоң калча,
Бети кара бейдинге.
Манасты мындай коюңар,
Каргашалуу ою бар,
Калчалардын Коңурбай,
Кабарында болуңар.
Күтүнүп турган Коңурбай,
Алтымыш күнгө толду – деп,
Арстан Манас баатырдын
Келер күнү болду – деп.
Башынан душман кытайга
Манас деген бурут – деп,
Бул баса келген бурутту,
Тукумун койбой курут – деп.
Шек албасын кокустан,
Залалы тиер окустан.
«Шек алдырбай Манаска,
Өзүм тосуп барайын,
Эч бир кабар билдирбей,
Эптеп колго алайын.
Манас колго тийген соң,
Амалымды салайын» –
Деп эр Коңурбай Манасты,
Тосуп келди жолунан.
Кол беришкен жеринде,
Манасты өптү колунан.
«Келгениң жакшы кеп болду,
Атпай журтка эп болду.
Досум Манас келет – деп
Күткөнүмө көп болду,
Сагынгандан өзүңдү,
Уксам деп ширин сөзүңдү,

Арстан Манас султаным,
Көрсөм деп көхар көзүңдү,
Күтүп жаттым жол тосуп,
Түрк уулу Манас зорумду.
Досум Манас келет – деп,
Түзөтүп турдум жолуңду.
Сагынгандык себептен,
Анан өптүм колуңду.
Келгениңе сүйүндүм,
Кеңеше турган кебим бар,
Алдыңа салдым баарысын,
Атпай какан элим бар.
Манас досум турганда,
Эмнеден кемим бар.
Эки кайыш,бир тизгин,
Ортосунан тилебиз.
Кытай менен кыргызды,
Ортого салып билебиз.
Элдин баарын кошобуз,
Элким жолду тособуз.
Калктын баарын кошобуз,
Каршы жолду тособуз.
Жакын болот ортобуз,
Жайлашып сапар жортобуз.
Арстан Манас турганда,
Чукул болот ортобуз.
Чуусу жок сапар жортобуз.
Баатыр Манас турганда,
Башка кимден коркобуз.
Эми жолго кирмек – деп,
Ордого барып кирмек – деп.
Дөөлөр минип жоргого,
Сөзүн айтып доргого,
Кеңеш-кебин бүтүрүп,
Келип түштү ордого.
Мейманкана ак үйгө,
Айланасы бак үйгө.
Эрдигин Коңур билгизди,
Элким үйгө киргизди.
Манас менин досум – деп,
Алдында өзүм турам – деп,
Алыстан келген досумдун,
Кызматын өзүм кылам – деп.
Кырк чорону кырк бөлүп,
Таратып кетти баарысын,
Жамандыкка керилтип,
Жаймак болду арышын.
Талап кылган ишимдин,
Таптым деп бүгүн дарысын.
Кылайтып бурут чыгарбай,
Кырамын деп баарысын.

8-бөлүм

МАНАСТЫН КАКАНДЫН КАНЫ КОҢУРБАЙДЫН КОЛУНА ЖАРАЛУУ БОЛУП ТҮШҮП, КАН ТӨГҮЛҮП, КӨП КОШУНУ КЫРЫЛГАНЫ

Кан Коңурбай Манасты,
Конок кылып күзөтүп,
Туйгун жаткан Манаска,
Душмандыгын күчөтүп,
Арасынан иш өтүп,
Аныk көргөн түш өтүп,
Айбалтасы колунда,
Албарстан соккон түзөтүп,
Беш күн, беш түн тим жатты.
Сарайда Манас багылып,
Күтүнүп турган Манаска,
Жайлачу душман табылып.
Колун, бутун чок кылып,
Коңурбай турган камынып.
Арстан Манас султаның
Ажалды өзү сагынып.
Палан деген адам жок,
Балакетке кабылып.
Канетер айла таба албай,
Коңурбай турду чагылып.
Эр Манастын каарынан,
Жүзүндөгү заарынан,
Манаска Коңур бата албай,
Үйүндө тынчып жата албай,
Каары катуу арстандын,
Кабылып калсак торуна,
Түбү күчтүү канкордун,
Түшүп калсак колуна,
Өзүбүз аныk түшөбүз,
Манастын казган оруна.
Катын менен баланын,
Каларбыз деп шоруна.
Беш күн турду бет албай,
Манаска жакын жете албай.
Арстан Манас баатырдын
Арбагынан өтө албай.
Сыр алдырбай Коңурбай,
Кырандык кылып сак туруп,
Кырк чорону бактырып.
Кызматын чоро жактырып.
Эми эр Коңурбай ойлонуп,
Ойлонуп сөзүн толгонуп.
«Акыры Манас канкордон,
Өлөбүз деп кор болуп.

Өлүм анык,ажал чын,
Өлбөй турган бенде жок.
Эрегиштен эр өлөт,
Өлбөгөн бенде элде жок.
Ажал жетсе өлөрбүз,
Амырына көнөрбүз.
Өлбөсөк Манас канкордун,
Жазасын анык берербиз.
Манас бизди нетер – деп,
Сактанганым бекер – деп.
Айтып коюп кылбасам,
Элиме баркым кетер – деп.
Элиме баркым кеткен соң,
Эр болгонум бекер – деп.
Калкыма баркым кеткен соң,
Кан болгонум бекер – деп.
Калың Какан калкыма,
Кадырым, баркым кетер – деп.
Акыры дүйнө өтөр – деп,
Аянганым бекер – деп.
Жалган дүйнө өтөр – деп,
Жашынганым бекер – деп.
Бул канкор менен өлүшпөй,
Катынганым бекер – деп.
Канкордун сырын билген соң,
Конокко өзүм чакырып,
Ажыдаарга тим жаткан,
Катылганым бекер – деп,
Кыйкырып келген жоо болсо,
Кыраан баатыр эр керек.
Катылышкан душманга,
Кайраттуу баатыр шер керек.
Ал баатырдын өзүнө,
Карпалашар эл керек.
Элден-журттан чыккан соң,
Кан Коңурдун өзүнө,
Айтып-айтпай не керек.
Казган кара көр керек.
Бул турганым бекер – деп,
Акыры өмүр өтөр – деп.
Атышпай туруп карасам,
Арманым ичте кетер – деп».
Карагул менен Шоодайга,
Айтып турду бул сырын.
Кабылан Манас баатырдын,
Көрөйүн деп чоң чырын.
Карагул, Шоодай жүргүн – деп,
Кайратымды көргүн – деп.
Мен дагы жүрөм ойлонуп,
Жалгыз өзүм эрмин – деп.
Айбалтасын таянып,
Калбаймын деп аянып.
Кан Коңур басты жолуна,
Кабылан Манас чоңуна.
Баса түшүп балтасын,
Эр Коңурбай бериптир,
Карагулдун колуна.
Караңар сөздүн соңуна.
Үстүнө кирип Манастын,
Эр Коңурбай сөз айтат,
Ишенсин деп Манасты,
Кечикпестен тез айтат:
«Досум, мына бул кылган айбалта,
Аябаган чоң балта,

Сизге берер белегим.
Баатыр Манас өнөгүм.
Жайдары Манас султаным,
Сени жанымдан ысык көрөмүн.
Карагул келе балтаны,
Досума берчү белекти,
Өз колум менен беремин» –
Деп Коңурбай алып балтаны,
Тийиштик кылып төрөңө,
Шилтеп калды төбөгө.
Имерип балта алганда,
Ийменбей башка салганда,
Байкап турган эр Манас,
Балтаны кагып таштады.
Душмандыгын көрсөтүп,
Балакет Коңур баштады.
Айбалтаны аянбай,
Баатыр Манас какпаса,
Арстан Манас султаның,
Ал акылды таппаса,
Айбалта башты талкалап,
Жыгылмак Манас чалкалап.
Каргашалуу чоң калдай,
Канын кетмек аркалап.
Айбалтаны эр Манас,
Тозуп калган себептен,
Кан Коңурбай калчадан
Чочуп калган себептен,
Айбалтаны какканда,
Жаза тийди башына.
Арстан Манас баатырдын,
Адам келбейт кашына.
Айбалтаны колунан
Тартып алды эр Манас.
«Аянба!» – деп Коңурбай,
Айтып алды эр Манас.
Айбалта колдон кетти – деп,
Ажал мага жетти – деп,
Жеткир Манас канкордон,
Жетпегенде нетти – деп.
Качып калды Коңурбай,
Кара жанын калкалап,
Кетпеди деп айбалтам,
Манастын башын талкалап.
Манастын башын чакканда,
Чыкпайт белем чалкалап.
Жаза чаап салдым – деп,
Жарабай ишке калдым – деп,
Коңурбай качты бет албай,
Максатына жете албай.
Арстан Манас баатырдын,
Арбагынан өтө албай.
Баатыр Манас чамынып,
Досунан көөнү чагылып.
Кара жанын аябай,
Казатка кирди камынып.
Кулактын түбү кара куш,
Жарасы мээге тушма-туш,
Таңып алып жарасын,
Табам деп иттин чарасын,
Кула атты минип эр Манас,
Салып чыкты сайрамга,
Кырылгыр азыр келгин – деп,
Кызык болсоң майданга!

Баатыр Манас султандын,
Айбаттуу үнү чыкканда.
Арстандар карап турчубу,
Ач кыйкырык чыкканда.
Айбалта тийип башына,
Адам келбей кашына,
Сайрам көчө өзүндө
Чамынып турган кезинде.
Ал аңгыча болбоду,
Баатыр аман барбы? – деп,
Баштаган жолу шарбы? – деп,
Төрөм аман барбы? – деп,
Түбөлүк жолу шарбы? – деп.
Баатыр Бакай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Боз бууданын чайкалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Бакай келди тура албай,
Не кыларын биле албай.
Анын арка жагынан,
Айбатын салып абыдан,
Кырк чоро келди дүркүрөп,
Кыргылчалы күркүрөп.
Бу да келди майданга,
Манас турган сайрамга.
Келсе Манас туруптур,
Баштагы түрүн буруптур.
Ажыдаардай сүрү бар,
Адамдан башка түрү бар.
Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди далбайып,
Каары келген кези экен.
Кандалчынын кабындай,
Муруттары бурулуп,
Айбалтанын сабындай.
Карап турган кези экен,
Кан Коңурбай табылбай.
Бурулуп мурут тик чыгып,
Жаагын жарып түк чыгып,
Кыраандан кымбат кеп чыгып,
Кеп чыкканда деп чыгып,
«Кыраандар бери келиңер,
Кызматты жакшы бериңер!
Менин айтканыма көнүңөр,
Ажал жетсе өлүңөр.
Эч канчалык жара эмес,
Жанып кетти башымды,
Коңурбай итке бүт тиктим,
Мындан аркы жашымды.
Кан Коңурбай калчанын,
Калаасын чыкпай талкалап,
Канетип үйгө барамын,
Бул кара жанды калкалап.
Ажал жетсе өлмөк чын,
Ак жазганын көрмөк чын.
Асылы бенде болгон соң,
Аманат жанды бермек чын.
Менин айткан тилим алыңар.
Аянбай согуш салыңар.
Өлгөнүң мында калыңар,
Бейиштен орун алыңар.
Калганың тирүү калыңар,
Казатка майдан салыңар!
Катын менен балага,

Аман-эсен барыңар.
Чоролор чогуу турушуп,
Чоң кеңешти курушуп,
Манас жакшы кеп айтат,
Баарыга жаккан эп айтат.
Арстаным жакшы кеп айтат,
Адамга жаккан эп айтат.
Тузуңду ичип дууладык,
Тулпар минип жыргадык.
Ашыңды ичип жыргадык.
Амырына көнөбүз,
Ажал жетсе өлөбүз.
Кандай айтсаң көнөбүз,
Каза жетсе өлөбүз.
Чоролор турду чуркурап,
Чогулуп ыйлап буркурап,
Кагазда дайын каттагы,
Башынан маалым жат дагы.
Казатка кылган кайратты,
Кырк чоронун аттары,
Кан казатка бел байлап,
Келген чоро ушулар.
Казатка кирип кан төгүп,
Өлгөн чоро ушулар.
Өлбөгөнү саламат,
Келген чоро ушулар.
Аттанап сапар казатка,
Көнгөн чоро ушулар.
Башчысы Бакай карыя,
Акылы терең дарыя.
Арстандардын баарына,
Акырын айткан жарыя.
Кырктын башы Кыргылы,
Кыркында көпкөн дыңкылы.
Эр Алмамбет, Чубагы,
Эрдик кылар убагы.
Эрдиги жандан башкача,
Эрегиш жоо да бу дагы.
Акылманы Ажыбай,
Аксакалы Чалыбай.
Кыраандыгы жанда жок,
Кыргыздын беги Кутунай.
Атка жеңил Шыңгысы,
Адамдан ысык жылдызы.
Баатыр Шыңгы башка эмес,
Бул да өзүнүн кыргызы.
Төлгөчү кара Төлөгү,
Бу да өзүнүн өнөгү.
Жана да бар жанында
Чоролордун бөлөгү,
Өз тууганы Сыргагы,
Өрттөн качпас чырагы.
Айтылуу берен Сереги,
Ар качан тийген кереги.
Тоодагыга тор жайган,
Толуп жатат өнөрү.
Түшчү чоро Жорубу,
Түш көргөндү жоруру.
Аныk айтып, ак сүйлөп,
Аярдын кыйла сонуну.
Акейдин уулу Бөрүчү,
Агыдай далы көрүүчү.
Аныk айтып, ак сүйлөп,
Ашкере айтып берүүчү.

Кырк чоронун сарасы,
Эсеттердин Мурадыл,
Эгерде эки айтпаган,
Айткан сөзү бек далил,
Абдылда кандын баласы,
Арстан чоро Байматы,
Арстан Манас барында,
Ак жолборстой айбаты.
Кайраты катуу Акбайы,
Кабылан чоро Калдары,
Ар кимиси ар жерди,
Бийлеп турган кандары.
Түн ичинде кол жүрсө,
Түрүлө кошун мол жүрсө,
Түлкүнүн изин жаңылбас,
Түрктөн мындай табылбас.
Түмөнжайнак, Шууту
Түркkө маалым куу ушу.
Караңгыда жол жүрсө,
Калың түрк кайнап кол жүрсө,
Карсактын изин жаңылбас,
Калкта мындай табылбас.
Кабылан Жайнак,Чубуту
Калк чайкаган куу ушу.
Мамбет менен Сейитим,
Мазары болот бейитиң.
Казатта өлсөң кан төгүп,
Кур койбойт кудай шейитин.
Бекерге кетпейт мээнетиң,
Берет кудай бейишин.
Кошой, Бообек береним,
Эми тийди керегиң,
Берендер жоодон тартынба,
Эрдигиңди көрөмүн.
Арзым менен Курама,
Мунун арстандыгын сураба.
Ботобайдын Бозуул,
Ырамандын Ырчыуул,
Ычкыры папик кырк муун,
Өзү чечен ырчы кул.
Акылман чоро Алиги,
Досоттордун Малиги,
Кеңеш-кепке жетик кул,
Сөзгө жетик Чалиги.
Баш тартпаган өлүмдөн,
Баатыр чоро Мажиги,
Эрегишкен душмандан
Эч кимден жок кадиги.
Төлгөчү баатыр Төлөгү,
Бу да өзүнүн өнөгү.
Ажал жетип, күн бүтпөй,
Ажалсыз бенде өлөбү.
Кабылан чоро Камбары,
Бузулган иштин далдалы.
Алчындардын Албаны,
Үйшүндөрдүн Найманы.
Дөбөттөн келген Дөрбөнү,
Маңгыттан келген Кербени.
Өзү баатыр шаңдуу кул,
Мылтыкка адис мергени.
Казактардын Жоорунчу,
Казатка болгон тоорулчу.
Эсеттерден Жүгөрүм,
Эрдигиңди билемин.

Сен Эсеттерден чыккан эр элең,
Кара чаар шер элең.
Кабыландай жамынып,
Казатка кирсем дээр элең.
Жоо бөрүсү Жоломан,
Жол баштаган Элеман,
Каранын уулу Калкаман,
Чоролордун кенжеси,
Жоомарт байдын эркеси.
Жоомарттын уулу Жоодары,
Жол баштачу эркеси.
Кылымга дайын кырк баатыр,
Кыла турган иш жатыр.
Ааламга дайын кырк баатыр,
Айта турган сөз жатыр.
Арстандар айтар кебим бар,
Адамга кайрат демиң бар.
Бул каргашалуу кан казат,
Качпай кирер эбиң бар.
Кабылып калдың казатка,
Калдык деп эми азапка.
Кан төгүлүп өлгөнгө,
Кандары күбөө жазатта.
Канжар тийип бооруңа,
Жарып чыкса сооруңа,
Аныk шейит болгонуң,
Мен каламын сообуңа.
Өткөн ишке кайгы жок,
Өлөм деп мындан айнуу жок.
Каламда жазган өлүм чын,
Бирине бир таарынуу жок.
Аз келдим деп аянба,
Жалгызмын деп таарынба.
Акыр заман калкына,
Атагың калат артыңа.
Курчалып калың кол келди,
Куралган аскер мол келди.
Айланып аскер мол келди,
Артыңдан душман мол келди.
Кырк чоро бүтүн келишип,
Кырандар менен көрүшүп,
Казаттын жайын кеңешип,
Калдай менен эгешип,
Төрт миң колу чук болуп,
Манастын ичи бук болуп.
Казаттын иши эсинде,
Кабылан Манас камданып,
Карап турган кезинде.
Кандай жорук болот – деп,
Санап турган кезинде.
Калча кул келсе келсин – деп,
Самап турган кезинде.
Кайкайлаган дуу чыкты,
Кан Коңурлап чуу чыкты.
Какандын каны калкына,
Камынып кабар бериптир.
Камынып турган көп кошун,
Каптаган бойдон келиптир.
Туш-тарапта жол менен,
Түрүлгөн түмөн кол менен,
Ар тарапта жол менен,
Алда канча кол менен,
Мөндү-мөндү-мөндү – деп,
Манас бурут өлдү – деп.

Кызыталак Манасты,
Ажал айдап келди – деп.
Жабуу-жабуу-жабуу – деп,
Манастын келди кообу – деп,
Жакшы болду Коңур кан,
Айбалта менен чабуу – деп,
Эсебин эптеп табуу – деп,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Күндүн көзү көрүнбөй,
Чаң асманга созулуп,
Булутка барып кошулуп,
Жердин жүзү чаң болуп,
Адамдар айран таң болуп.
Алтын айчык туу менен
Айкайлаган чуу менен,
Кызыл айчык туу менен,
Кыйкыйлаган чуу менен.
Калкан кийген эр менен
Каптап кирди сел менен.
Кабылан жолборс шер менен.
Соот кийген эр менен
Сомдоп салчу шер менен.
Чарайна төшкө чаптаган,
Карыпчын колго каптаган.
Белдемчи белге байлаган,
Белгилеп жоого шайланган.
Албарс кылыч байланган,
Аскер үчүн шайланган.
Бил аралаш, керик минип,
Төө мингени андан көп.
Качыр минип кайсалап,
Жөө жүргөнү андан көп.
Адамдын тилин укпаган,
Жүрөгү тоодой андан көп.
Жан кадырын билбеген
Өлүктөрү андан көп.
Карагай найза колго алып,
Качырганы андан көп,
Беттешкен жоодон качпаган,
Баатырлары андан көп.
Сакал турсун, мурут жок,
Такырлары андан көп.
Үркөрдөй болгон бурут – деп,
Үйүнөн жүзүн көрсөтпөй,
Буруттун баарын курут – деп,
Айкырганы андан көп.
Алакандай бурут – деп,
Айлынын жүзүн көрсөтпөй,
Тукумун үзүп курут – деп,
Бакырганы андан көп.
Аралашып калышып,
Аянбай найза салышып,
Чаң-тополоң болушуп,
Найза тийген соолушуп,
Астын-үстүн болушуп,
Айбалта тийген солушуп,
Кызыл жаян болушуп,
Кылыч тийген солушуп,
Найза менен сайышып,
Тыгы колдо калышып.
Кылыч менен чабышып,
Чаны колдо калышып.
Айбалта менен чабышып,
Сабы колдо калышып.

Чочмор менен чабышып,
Чокудан канын агызып,
Чарчаганда талыкшып,
Чапкандан колу талышып.
Жарагын таштап жиберип,
Жакасынан алышып,
Жыгыша албай эндиреп,
Омураңдап калышып.
Кыраандар кирип кыркырап,
Кан төгүлүп шыркырап.
Замана акыр күн болуп,
Далай баш калды быркырап.
Баатырлар кирди буркурап,
Жандын баары чуркурап.
Кан төгүлүп шыркырап,
Кайран баш калды быркырап.
Айрылбаган баш калбай,
Алжайбаган каш калбай,
Адамдын баары жазганбай,
Абышка өлүп,жаш калбай,
Жыртылбаган тон калбай,
Жыгылбаган чоң калбай.
Жарадар болбой жан калбай,
Кайгылуу болбой кан калбай,
Эмгек тартпай эр калбай,
Эсен-аман эл калбай.
Бирин бири башкарбай,
Бир да бири жазганбай.
Бет-бетинен киришип,
Бедөө минип урушуп.
Асты-астынан киришип,
Аргымак минип урушуп.
Туу түбүндө турушуп,
Тулпар минип урушуп.
Токтолбостон жети күн,
Күндө майдан кылышып,
Кыйкыйлаган чаң болуп,
Кыйла журтка даң болуп,
Кызыгышып киришип
Кызыл жаян кан болуп.
Күрсүлдөшүп согушуп,
Күнү-түнү жети күн,
Басылбастан токтолуп,
Майдан болду бүпбүтүн.
Кырылган кыйла жан болду,
Көк көрүнбөй чаң болду.
Казатка минген буудандын,
Тизесинен кан болду.
Кандан сүзүп аттары,
Каршы-терши кече албай,
Өлгөн адам көп болду,
Тилегине жете албай.
Өлүктөр тоодой үйүлгөн,
Үстүнөн адам өтө албай.
Өлүгүн таштап жан адам,
Үйлөрүнө кете албай.
Элчи коюп сүйлөшүп,
Арачыдан кеп алып,
Анча-мынча тыныгып,
Алалык деп дем алып.
Калган кошун кайтышып,
Жай-жайына жатышып.
Эч жеринде чоло жок,
Кызыл канга батышып.

Аскерин Манас санаса,
Абайлап өлчөп караса,
Кошунун болжоп санаса,
Кор болгонун караса,
Санаса баатыр сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Сексен төрттүн ичинен
Сегиз чоро өлүптүр,
Шейит болуп казатта,
Аманат жанды бериптир.
Алла Таала кудайдын,
Амырына көнүптүр.
Акылманы Ажыбай,
Ак сакалы Чалыбай,
Кыргыздын беги Кутунай,
Чаки менен Малиги,
Айтылуу баатыр Мажиги,
Жолборс жүрөк азамат,
Жок эле жандан Кадиги.
Төлгөчү Кара Төлөгү,
Төлөп жаткан өнөрү.
Анык шейит кан болуп,
Акыретке жөнөдү.
Айтылуу чоро оёндон,
Сегиз баатыр өлүптүр.
Башка төрт миң кошундан,
Беш жүз адам өлүптүр.
Шейиттик каны буларды,
Таластан айдап келиптир.
Каламда жазган тагдыр – деп,
Аманат жанды бериптир.
Кытайдан өлгөн эсепсиз,
Эсебин адам ала албайт,
Үстү-үстүнө жыгылып,
Үйүлүп жаткан өлүктөн,
Жанына жакын бара албайт.
Дайындуу анык саналбайт.
Пил мингенден ар канча,
Керик мингенден бир канча,
Ат мингенден эсеп жок,
Эсеби дайын алынбайт.
Жөө жүргөндүн эсебин,
Аныктап алар кезек жок.
Өлүктөрүн көрүшүп,
Өздөрү таанып бөлүшүп.
Таанып алган өлүктү,
Табытка салып келишип.
Шейит деген ушул – деп,
Кылбайлык бого кусур – деп,
Кызылала боюнча,
Кийими менен көмүшүп.
Карылар айткан сөзүндө,
Капасы кабат өзүндө,
Кайраттан калып эр Манас,
Кайгырып турган кезинде,
Жети күнү толгондо,
Убада күнү болгондо,
Аттангын Манас бурут – деп,
Коңурбай урду добулду.
Бүгүн келген бурутка,
Көрсөтөм деп сонунду.
Баатырсынган Манаска,
Кор кылбайм деп кулумду.
Добул уруп карсылдап,

Кулак тунуп тарсылдап,
Эр Коңурбай майданга,
Эрте чыкты шартылдап.
Он күнгө жара толгон кез,
Ойлонбой казат болгон кез.
Айбалтанын зардабы,
Айланып мээге жеткен кез.
Арстан Манас султаның,
Акыл-эстен кеткен кез.
Кайрат кылып камданып,
Калганы кирди согушка.
Барбайбыз деп эсен-соо,
Баркөл, Талас конушка.
Калганың салам айткын – деп,
Катын менен балага.
Казатта өлсөк шейитпиз,
Кан толуп өлсөк жарага,
Казатта шейит болгон соң,
Кара жан бого садага.
Калганы кайрат кылышып,
Казатка кирди урушуп,
Маңдайлашып турушуп,
Майдан куруп урушуп,
Каршы-терши турушуп,
Карсылдашып урушуп,
Белсенишип алышып,
Бет алып найза салышып,
Аянбастан барышып,
Айбалта менен салышып.
Тийгизбестен башына,
Калкан тосо калышып,
Кылыч менен чабышып,
Кызыл канды агызып,
Чарайнага чак этип,
Мылтыктын огу жабышып,
Акбараң мылтык атышып,
Аянбай канга батышып,
Ажал жетип окко учкан,
Жерге сулап жатышып.
Коргошун огун тундуруп,
Кошунду карай сундуруп.
Тарсылдатып атышып,
Жан кулакты тундуруп.
Жазайыл огу каркырап,
Чагылгандай жаркырап,
Келип тийген жерине,
Кан төгүлүп шаркырап.
Жазайыл менен аралаш
Замбирек атып топ коюп,
Замбирекке алыстан,
Найза менен от коюп.
Элүү-кырктай замбирек,
Катары менен курдуруп,
Каптап дары куйдуруп,
Чоюндан окту урдуруп,
Жаракты огу бу күндө,
Коңурбайдын колунда,
Манас калкан байланып,
Чоң калдайдын торунда.
Манас да карап турган жок,
Тартынып моюн бурган жок.
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргылчалы күркүрөп,
Бет-бетинен киришип,

Берендер жоону жапырып,
Токтотподу бетине,
Тозоңун тоодой сапырып.
Темирден найза мылгытып,
Тебетейдей ыргытып,
Карагай найза мылгытып,
Капшыра сайып ыргытып.
Ителги тийген таандай,
Ылаачын тийген өрдөктөй,
Койго бөрү тийгендей,
Өрткө камыш күйгөндөй,
Баатырлар салды согушту.
Кытайды көп деп ийменбей.
Тоону көздөп сүрүшүп,
Тозоңун тоодой оюшуп,
Кырды көздөй сүрүшүп,
Кыраандар кирди иришип.
Эртеги айткан сөзүндө,
Экинчи күндүн өзүндө,
Төшөк тартып оёндор,
Түш кыңкайган кезинде.
Кезенип жүргөн Кожожаш,
Келтириптир кезегин,
Алмамбет менен Манастын,
Табамын деп эсебин.
Өзү адис мерген кул,
Далай жерди көргөн кул.
Манастан качып атасы,
Коңурбайга келген кул.
Коңурбайдын колунда,
Кытай болуп өлгөн кул,
Кытайча нуска лий менен
Кечкилдер келип көмгөн кул.
Чоң атасы Көзкаман,
Арада өткөн көп заман.
Дайын болгон атагы,
Көзкамандын көп жаман,
Арбалдайдын иниси,
Дөрбөлдөйдүн баласы,
Башынан бери Манаска,
Бузук экен санаасы.
Манас болсо өлдү – деп,
Көргүлүктү көрдү – деп,
Канкор кулдун жазасын,
Кан Коңурбай берди – деп.
Мунун Аккула деген аты бар,
Өткөн иштин арты бар.
Арбагы урган канкордун,
Адамга өткөн дарты бар.
Мында Алмамбет менен Чубак бар,
Ажыбай менен Сыргак бар.
Канкордон булар кем эмес,
Адам өлчөөр эр эмес.
Тобун байкап карасак,
Төрт чорону сойбосок,
Түбүндө жаңжал басылбайт,
Ичип канын тойбосок.
Менин байкап жүргөн кебим бар,
Маната арбын кегим бар.
Айталбай жүргөн кебим бар.
Атамдан калган кегим бар.
Баталбай жүргөн кебим бар,
Бабамдан калган кегим бар.
Баатыр башы Коң төрө

Сен алып берер эбиң бар.
Атабыз бирге бир тууган,
Манаска жакын тууганмын,
Башынан кылган кастыкты,
Канкордон дилим сууганмын.
Бул арбак урган канкорго,
Алышып алым жете албай,
Атам өлдү Көзкаман,
Арманы ичтен кете албай,
Анык уккун сөзүмдү,
Атам тапкан өзүңдү.
Бул арбак урган канкордон
Алсам деп жүрдүм өчүмдү.
Манасты өзүң сомдодуң,
Башынан ишиң оңдодуң.
Манас кыйрын көрчү эмес,
Аккула үйрүн көрчү эмес,
Кырк чоро элин көрчү эмес,
Кыргылчал жерин көрчү эмес.
Адистигим карматып,
Мен Аккуланы жайлайын.
Каргашалуу канкордун,
Качырбай жолун байлайын.
Алмамбетти жайлайын,
Анын да жолун байлайын.
Чубакты сөзсүз өлтүрөм,
Сыргактын сырын кетирем.
Мергендигим карматам,
Белгимди элге жардатам.
Жазайыл мылтык колумда,
Жарагы даяр боюмда.
Саадагым даяр колумда,
Кол огум даяр боюмда.
Арбагын тандым буруттун,
Атамдын журтун унуттум.
Айланайын Коң төрө,
Аңдабай коюп куруттуң.
Кызыл жаян кан төгүп,
Майдан болуп жатканда,
Жандын баары жарадар,
Ойрон болуп жатканда,
Саадактын огу зыркырап,
Жандын баары чуркурап,
Каза жетип, күн бүткөн,
Кан төгүлүп шыркырап,
Жебенин огу зыркырап,
Жергеси менен чуркурап,
Капталып калган ажалга,
Кайран жан кетти чыркырап.
Эми Кожожаштын кеби бар,
Козгоп өтөр эби бар.
Кан Манасты сойсом – деп,
Калтырбай жүргөн кеги бар.
Алмамбет менен Чубакты,
Ажыбай менен Сыргакты,
Арманы ичте көп жүргөн
Аны да сойсом деп жүргөн.
Аста түшүп аяндап,
Айтып сөзүн баяндап,
Очогорго келтирип,
Ок-дарысын даярлап.
Чың ок салып бекер – деп,
Чыркырап алыс кетер – деп.
Манас болсо жайланды,

Алмамбет мени нетер – деп.
Коромсокко кол салды,
Кол салганда мол салды.
Тазалап алып баарысын,
Табактап салып дарысын.
Кулдурама ок салып,
Алмамбетке жиберди,
Бармактан майы чыкканда,
Машаадан жалын чыкканда,
Очогор үнү карс этип,
Тоо жаңыртып тарс этип,
Аткан жерде дап этип,
Ажалга бүткөн ок жетип,
Эр Алмамбет сулады,
Сараладан кулады.
Көсөмдүн жаны чыкканда,
Көк жашыл түтүн бурады.
Ал аңгыча болбоду,
Арстанды мээнет торгоду.
Көз жумганча болбоду,
Көк жалды мээнет чырмады.
Камынып турган Кожожаш,
Очогорду майлады.
Арстан Манас алдынан,
Аккуланы жайлады.
Аккуладан арбайып,
Арстан Манас дардайып,
Кулап түштү атынан,
Манас тайды батынан.
Баатыр Бакай карыя,
Байкап жүргөн арстан,
Аярланып калган кез,
Айбалтанын зарпынан.
Байдын уулу эр Бакай,
Манаска жолдош башынан.
Кан Манастын тууганы,
Кайрылышкан жашынан.
Кепке жетик эр Бакай,
Кеткен эмес кашынан.
Балан-бастан дебестен,
Башка сөздү урбастан,
Чиркиндин аты өлдү – деп,
Чыдап карап турбастан,
Туйгун Бакай карыя,
Туугандыгын билгизди.
Арчатору бууданды,
Алып келип мингизди.
Баркын билген Манастын,
Пайдасын азыр тийгизди.
Анда Манас кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Айбаты катуу арстандар,
Аянбагын – деп айтат.
Кайратымды билиңер,
Казатка катуу кириңер.
Айтканымды билиңер,
Аянбастан кириңер.
Кабыландар чамынып,
Качкан жоону сүрүңөр.
Арстандар азыр колдосун,
Азирет Аалы пириңер.
Шейит болсоң казатта,
Бейиш да даяр өзүңөр.
Кол кармашып бейиште,

Ур кызы менен жүрүңөр.
Менин азыр жакшы дарманым,
Айрылып аттан калганым,
Аккула менен качырып,
Тозоңун тоодой сапырып,
Аянбай жоону жапырып,
Калдайдын каны капырга,
Кайратым барда беттешпей,
Ушул иш болду арманым.
Арстандарым барыңар,
Аянбай согуш салыңар,
Шейит болсоң шеги жок,
Бейиштен орун алыңар.
Мен өзүм да карап турбаймын,
Өлмөйүнчө тынбаймын.
Жараткандын жардыгын,
Жалган деп моюн бурбаймын» –
Деп Манас айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Кырк жайсаңды келтирип,
Кырааның жардык кылганда,
Ал аңгыча болбоду,
Асманды тозоң торгоду.
Көз жумганча болбоду,
Көктү тозоң торгоду.
Жердин жүзү көрүнбөй,
Күндүн көзү көрүнбөй,
Сап-сап болуп бөлүнүп,
Санагы арбын көрүнүп,
Кыйкыйлаган жоо келди.
Кызыл алтын туу келди.
Айгайлаган чуу келди,
Алтын айчык туу келди.
Кесепеттүү чоң калдай,
Кезенип жүргөн Коңурбай,
Кентууга кабар бериптир,
Мындан кошун келиптир.
Шаңкайга кабар бериптир,
Сансыз кошун келиптир.
Бортобаңга бериптир,
Болжолсуз кошун келиптир.
Маңгүбөгө бериптир,
Коңурдун каты тийгенде,
Маңгүбөнүн зардалы,
Баарысы калбай келиптир.
Атактуу дайын калаадан,
Аскер кайнап толуптур.
Алаптаган чоң калдай,
Атышар күнү болуптур.
Кайнап кошун толуптур,
Кармашар күнү болуптур.
Пил минген кытай кайнаптыр
Бээжинге жайнап толуптур.
Керик минген кытай кайнаптыр,
Каканга бүтүн жайнаптыр.
Ат мингени андан көп,
Качыр минген сандан көп.
Жөө жүргөндө чени жок,
Эсепке алар эби жок.
Өзүң укkан көп кытай
Өлчөп айтар кеби жок.
Барса-турса топтогон,
Малча чөптү оттогон,
Адамдан сезип коркпогон.

Айбан түрдүү кытай бар,
Маңдайда жалгыз көзү бар,
Балдыраган сөзү бар.
Адамзаттай эси бар,
Дажаал түрдүү кытай бар,
Төбөсүндө мүйүзү,
Аттан күлүк жүрүшү,
Адамзаттай күлүшү.
Жаажуж түрлүү кытай бар,
Бою кыска бекене,
Сакалы узун боюнан,
Арамдык кетпейт оюнан.
Мажуж түрлүү кытай бар.
Аркасында чачы бар,
Аттай сүйрү башы бар.
Албан түрдүү иши бар,
Адам түрдүү кытай бар.
Каканчында туругу,
Калың кытай уругу.
Какандагы кытайдын,
Кан Эсен кан улугу.
Эң улугу Эсен кан,
Элинде кытай нечен сан,
Эсен кандын өзүнөн,
Баш көтөрбөйт эч бир жан.
Баатыр башы Коң төрө,
Баарысынан чоң төрө,
Аскер башы Коң төрө
Айбаты катуу чоң төрө.
Кытайлардын чын асыл,
Кырмус шаанын Мурадыл,
Атпай какан калкына
Айткан сөзү бек далил.
Маңгүбөнүн Дүкөчү,
Матышкөрдүн баласы,
Маңгүбөдө калаасы.
Сан кытайдын сарасы,
Бакбурчундун Өкөс алп,
Сазаңшаанын Үмөш алп,
Калмактардын Кетен алп,
Каңгайлардын Маңгөш алп,
Көргөн адам тик баккыс,
Тыңшаңдын Чымыр алп,
Тентек дөө деп атанган,
Чет Бээжиндин Темир алп.
Алооке кандын балдары,
Алтымыш жайсаң зардалы.
Ар биринде он миң кол
Алар да бүтүн келиптир.
Келген заман турбастан,
Согушту сонун көрүптүр,
Соёбуз деп бурутту,
Бир четинен кириптир.
Бээжиндин калкы куралып,
Берендин баары чыңалып,
Какандын калкы куралып,
Кандардын баары чыңалып.
Бет-бетинен киришип,
Бет алып согуш салышып,
Алды-алдынан киришип,
Аянбай согуш салышып.
Бул аскердин түрүн көргөндө,
Адамдар айран калыптыр.
Аянбастан көп кошун,

Манас үчүн барыптыр.
Какандын каны бүт келген,
Астын-үстүн болушуп,
Тура турсун бу жерде,
Майдан кылып согушуп.
Муну мындай коюңар,
Кайгылуу болгон ою бар,
Кабылан Манас баатырдын,
Кабарында болуңар.
Кабылан Манас султаның
Кайраты кабат толуптур,
Кабылан шердей чамынып,
Кан ичер кези болуптур.
Акыры адам өлмөк – деп,
Ак жазганын көрмөк – деп,
Жан аманат болгон соң,
Аманат жанды бермек – деп.
Сардалдыгын карматып,
Сарыдан селде чалынып,
Кызылдан кийип кийимди,
Жаратканга жалынып,
Өзү кирди майданга,
Өрттөй болуп күркүрөп,
Бил минген дөөгө бет алып,
Каптап калды дүркүрөп.
Чекеге чыгып келгенин,
Жергеси менен кыйратты,
Кол жеткен жерде эр Сыргак,
Кожожашты кулатты.
Ортосунан эр Манас,
Оюп кирди чалкалап,
Эки четин кырк жайсаң,
Союп кирди талкалап.
Баатыр Сыргак оюнду,
Керигин минип ойнотуп,
Чочмор менен төбөгө
Салып өттү сойлотуп.
Матышкөрдүн Дөкөчө,
Эр Сыргакты жайлады,
Коромжусу көп болуп,
Кошундун жолун байлады.
Жаралуу болуп эр Чубак,
Коңурбайдын колунан,
Кайрылып чыкты майдандан,
Кайратынын молунан.
Ошол күн өлгөн казатта,
Шейит болгон чоролор,
Калдар, Жайнак, Сейитти,
Казатта өлгөн шейити.
Кошой, Жороп, Сыргагы,
Айтылуу баатыр сындагы,
Селдей каптап кол келсе,
Сезбей турган чырагы.
Арзым, Бообек, эр Сыргак,
Ааматы колдон кеткен соң,
Ажал тагдыр жеткен соң,
Айтып-айтпай не керек.
Курама менен Калкаман,
Шейит болду канча жан.
Он тогуз бөрү союлду,
Кан Коңурбай Калчадан.
Жаралуу болду Чубагы,
Жарамдуу чоро бу дагы.
Азыр Манас баатырдын,

Жадап турган убагы.
Кошунун санга салыптыр,
Санап эсеп алыптыр.
Санаганда санакта,
Далайы кыйрап калыптыр.
Эки миң кошун өлүптүр,
Эки миң бир жүз калыптыр.
Эсебин Манас алган соң,
Акыл-эстен таныптыр.
Качкалаң тартып кайтууга,
Кабылан Манас камынды,
Кантейин тагдыр ушу – деп,
Капалык түшүп сабылды.
Толкуган түркүм көп келип,
Токтолуп согуш салбадым.
Бул ант урган калдай капырдан,
Армансыз болуп калбадым.
Алдатып салдым капырга,
Сакалы жок такырга.
Казаттан өлмөк кан төгүп,
Касиет ушул баатырга,
Өлгөн жанга өкүнүч жок,
Кеткен жанга кейиш жок,
Казатка кирип кан төксө,
Оңой жаткан бейиш жок –
Деп Манас айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Кетер жолун ойго алып,
Келтирип кеңеш кылганда,
Эми баатыр Бакай карыя,
Акылы терең дарыя,
Айтып сөздү баштады,
Атпай журтка жарыя.
«Ажалсыз бенде өлчү эмес,
Өлгөн жан кайтып келчү эмес.
Качкан бойдон жөнөсөк,
Үйүн бенде көрчү эмес.
Кан Коңурбай калчага
Ат алып элчи баруучу,
Кургак сөз менен кубантып,
Аз күн мөөлөт алуучу,
Көөп турган Коңурбай,
Мөөнөт бере салуучу.
Эми качканыңды жан билбей,
Кадиксиз кетип калуучу.
Бул он тогуз чоро оёнум,
Муну ойлобой кантип коёмун.
Баарысы арстан оёнум,
Байкабай кантип коёмун.
Манас балам, сен өзүң,
Апкаарып калган ченің бар,
Бул кыраандардын кызматын,
Оюңа алар эбиң бар.
Адамдын кылган кызматын,
Акылдуу арстан танчубу,
Арстандардын өлүгү,
Кадырсыз жатып калчубу.
Бул көйкашканын сөөгүн,
Таштабай алып кетүүчү.
Тирүү жан акыр өлбөсө,
Тилегине жетүүчү.
Жетимиш күнгө чарчабас,
Желмаян төөдөн алуучу.
Кырк күндүк жолго кыйналбай,

Качыр сатып алуучу.
Арчадан үкөк чаптырып,
Арстандарды салуучу.
Өлүктү төөгө бүктөтүп,
Анан жолго салуучу.
Каржалып калган төө болсо,
Качырга жүктөп алуучу.
Түбөлүк жериң түрк уулу,
Түркстанга баруучу.
Түрк баласы көргөндө,
Ыраазы болуп калуучу.
Ажал-өлүм кайда жок,
Ашыккан иштен пайда жок»–
Деп Бакай айтып токтолду,
Бар кайраты козголду.
Бакайдын сөзүн балан – деп,
Кайтарган адам жок болду.
Бакайдын сөзүн улашып,
Он күн мөөнөт сурашып,
Калганы качып кетмекке,
Убада сөзүн чыңашып.
Элчиге азыр барсын – деп,
Калдайдан кабар алсын – деп,
Айттырып сөзүн тыңдашып,
Акылын байкап сындашып,
Ырамандын Ырчысын,
Сөзгө жетик тыңчысын,
Айттырбай билген арышты,
Акылы толук сынчысын
Тандап элден чыгарды,
Сайрай турган уларды,
Ырчыуул азыр бар – деди,
Суудан кечүү чал – деди,
Анжуунун каны капырдан,
Эр Коңурбай баатырдан,
Тартынбастан туура айтып,
Он күнгө мөөнөт ал – деди.
Анжуу сөзгө келбесе,
Аныk жооп бербесе,
Бачымыраак кел – деди.
Тезден жообун бер – деди.
Анжуунун каны дажаалдын,
Аңдап сырын көр – деди.
Ырамандын Ырчыуул,
Сөзгө жетик сынчы кул.
Коштон чыкты аттанып,
Айтар сөзүн жатка алып.
Ырчыуул барса Коңурбай,
Отуруптур мактанып.
Жалпы кошун башында,
Ортосунда шаттанып.
Манасты кандай кылдым – деп,
Баш көтөрөр жан койбой,
Кырк чоросун кырдым – деп,
Кырып жаным тындым – деп.
Бурутту кандай кылдым – деп,
Бузуктун баарын кырдым – деп.
Манасты жайлап салдым – деп,
Бар кегимди алдым – деп.
Манасты жайлап салган соң,
Кумардан чыгып кандым – деп.
Беши кеткен Манасын,
Байкап калды чамасын.
Саргарып эси чыккандан,

Самап калды Таласын.
Эми Манас каччу – деп,
Эси чыгып шашчу – деп.
Качкан жоону аябай,
Кара шайтан басчу – деп.
Качкан жоого катылбай,
Балакетке чатылбай,
Кызыгын көрүп туралы,
Кызалак бурут кетерде,
Кыянаттуу буруттан,
Кырылбайлык бекерге.
Манас бурут турчу эмес,
Башка сөздү урчу эмес.
Коркуп калган канкор кул,
Кайрылып кылчаң кылчу эмес.
Түркстанга темселеп,
Жетмейинче тынчы эмес.
Манас өлдү шеги жок,
Мындан башка кеби жок.
Качып калган Манаска,
Катылыштын эби жок» –
Деп Коңурбай айтып токтолду,
Экинчи сөзү жок болду.
Коңурбайдын артынан,
Ырчыуул сүйлөп козголду.
«Мен Ырамандын Ырчысы,
Сөзгө жетик сынчысы,
Коңурбай сенин өзүңдөй,
Канга келчү тыңчысы.
Мен кан Манастын элчиси.
Кабар алчу ченчиси.
Кабарын алып кандардын,
Кайта жооп берчүсү.
Элчилерге өлүм жок,
Жоочуларга кордук жок.
Туура сөздү туура айтмак,
Туура сөзгө зордук жок.
Кытайлардын чоң калдай,
Кыр мурундуу Коңурбай,
Каңгайлардын чоң калдай,
Калчалардын Коңурбай,
Көптөн тандап бир эрди,
Көрүп кел деп силерди,
Көпчүлүктүн баарысы,
Силерге мени жиберди.
Аскерден тандап бир эрди,
Аңдап кел деп силерди,
Атпай түрктүн баарысы,
Силерге мени жиберди.
Какандардын кан Коңур,
Келген ишим айтайын,
Келген ишим элчимин,
Кебиңди угуп кайтайын.
Калкы менен кеңешип,
Кан Коңур сага эгешип,
Эли менен кеңешип,
Эр Коңур сага эгешип.
Баатыр Манас кеп айтты,
Кеп айтканда эп айтты.
Ошол айткан сөзүмө,
Коңурбай көнсүн деп айтты.
Эс алдырып эки элге
Мөөнөт берсин деп айтты.
Он күнү мөөнөт алышып,

Убада менен турсак – дейт,
Он күнү бүтүн өткөн соң
Башка кеңеш курсак – дейт.
Эби келсе бул сөзүм,
Жайлашып жакшы тынсак – дейт.
Эп келбесе Коңур кан
Жаңыртып майдан кылсак – дейт.
Саналуу он күн ичинде,
Сабыр кылып турсак – дейт.
Кара жанын аябай,
Казаттан өлгөн жандар бар.
Кыпкызыл канга боёлуп,
Жарадар болгон жандар бар.
Эрендер канча өлдү экен,
Эсебин алып көрсөк – дейт,
Өлгөн жан канча болду экен,
Өлүктүн баарын көмсөк –дейт.
Кежирлигин карматпай,
Кепке-сөзгө келсек – дейт»
Деп Ырчыуул айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Коңурбай төрө кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат.
Каргашалуу канкордун,
Канткенде качам деп айтат.
Манастан корксом оңомбу,
Коңурбай атка кономбу.
Бул анткор кулдан качканда
Мен дүйнөдө түркүк боломбу.
Өлүп калган Манасың,
Ээн калган Таласың,
Баатырмын деп күрсүлдөп,
Байкабайт Манас чамасын.
Манас деген улуктан,
Тартынбаймын буруттан.
Кечээ Манас улук болгондо,
Какандын калкын куруткан.
Өлүп калган Манаска
Эрегишип нетемин.
Түбүндө Манас өлгөн жан,
Түртүп таштап кетемин.
Түрүү койбойм Манасты,
Түбүнө минтип жетемин.
Өлгөнүн Манас биле элек,
Өзүн өлчөп жүрө элек.
Алтымыш жашка чыкканча,
Акыл-эси кире элек.
Энеталак Манастан
Эски кегим кете элек.
Айбалтамдын заары,
Айланып мээге жете элек.
Өлөрүнө аз калды,
Азыр качат Манасың,
Калбасы көп канкордун,
Тапканмын өзүм чарасын.
Эми таршыганын көрөсүң,
Айбалтам тийген жарасын,
Аман көрбөйт Таласын,
Кайнардагы калаасын.
Канкор кул аман көрчү эмес,
Катыны менен баласын.
Манастан кылар шегим жок,
Мындан башка кебим жок.
Ырчыуул ырас келдиң – деп,

Мен Манасты жеңдим – деп,
Жеңилип калган Манаска,
Он күн уруксат бердим – деп,
Коңурбай берди жоопту,
Бул он күндүн ичинде,
Балан-бастан дебеймин.
Кылбасын менден коопту».
Коңурбай айтып токтолду,
Атпай какан калкына.
Коңурбайдын артынан
Чук эткен адам жок болду.
Калдайдан жооп алган соң,
Ырчыуул кайтты жолуна,
Айтып барды укканын,
Арстан Манас чоңуна.
Кесепеттүү калдайдын,
Келди деп иши оңуна.
Эми Манастан кандай кеп чыгат,
Байкаңар сөздүн соңуна.
Бакай айткан кеп болуп,
Баары журтка эп болуп,
Карыя айткан кеп болуп,
Калың журтка эп болуп.
Кошундун баары камынып,
Козголоң түшүп чабылып,
Аскердин баары камынып,
Ат-атына жабылып.
Аял кылчаң кылбастан,
Артына карап турбастан,
Бакай айтып салды – деп,
Башка сөздү урбастан.
Желмаян төөдөн отузду,
Качырдан тандап кыркты алып,
Каргаша калың болду – деп,
Качмак болду ык салып.
Карагай, арча аралаш
Үкөк кылып бүтүрүп,
Өлүктү салып үкөккө
Өздөрү жайлап күтүнүп,
Арманын айтып алсырап,
Айнектей көзү жалдырап,
Арстаным кантээр экен – деп,
Абыке турду кансырап.
Күңгүрөп ыйлап кылчактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Жалынып ыйлап кылчактап,
Жамгырдай жашы бурчактап.
Бул арманы катуу домок – деп,
Айлам кандай болот – деп,
Армандуу дүйнө кантейин,
Айылым кандай конот – деп.
Кайрат кылып кан Бакай,
Карап турду башында.
Арманын айтып Абыке,
Ыйлап турду кашында.
Так үч күндүн ичинде
Сарамжал кылып тынбастан,
Төртүнчү күндүн өзүндө,
Жөнөп калды турбастан.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Күрдөөлдүү кошун кол жүрүп,
Кыжалат башка келген соң,
Кырк күнү тынбай мол жүрүп,
Бээжиндин чыкты четине,

Түркстандын бетине,
Келип түштү оёндор,
Үрүмчүнүн өзүнө.
Үрбүнүн шаары Үрүмчү,
Жанында Манас калаасы,
Манас деп шаар салдырган,
Бай Жакыптын баласы.
Үрүмчүдөн эр Бакай,
Келип конду Манаска.
Аман болсок он күндө,
Жетебиз деп Таласка.
Бакайда түрдүү ою бар,
Кабарынан болуңар.
Мингени буудан Коёнбоз,
Төшөнгөнү баяндос,
Кадимден Бакай сабырдуу,
Жоо тепсесе ойгонбос.
Сабырын Бакай салыптыр,
Масылат таап алыптыр.
«Балдар далай жабыр көрдүк – деп,
Ажал жеткен өлдүк – деп,
Өлгөндөн калган темселеп,
Эл четине келдик – деп.
Эми арман калган жок,
Эл карасын көрдүк – деп.
Манастан айла кеткен соң,
Башка балаа жеткен соң,
Кытайлардын чоң калдай,
Бешибизди учурган.
Кооп кылып ошондон,
Коркуп калдык мусулман.
Качып келдик Бээжинден,
Калбасын көп бейдинден.
Манас аман болгондо,
Качпайт элек эч кимден.
Өлгөнүңдөн калганың,
Аз күн тургун карашып,
Кокустан кетип калбаңар,
Жай-жайыңа тарашып.
Ушул күндө Манастын,
Таршып чыкты жарасы,
Тагдыр иши ушу экен,
Табылбай турат чарасы.
Арстан Бакай акылман
Азыр айный элек акылдан.
Келтирип акыл ойлонуп,
Кеңеш таптым жакындан,
Өлгөн чоро он тогуз,
Алып келдик алыстан.
Кемитип айтып салбасам,
Кебимди сура калыстан.
Кор турбай душман айтуучу,
Кутулдук балдар намыстан.
Казатта өлгөн кандарды,
Шейит болгон жандарды,
Ушул турган чоң калаа,
Манас салган калаа эле,
Бул калааны салганда,
Башында Бакай бар эле.
Атагым дайын болсун – деп,
Манас деп атак койдурган.
Токтонуп коюп тартынбай,
Толгон малды сойдурган.
Арык менен карыпты,

Аппак майга тойдурган.
Алыстан уста алдырган,
Акыл менен салдырган.
Бул Түркстандын чеги – деп,
Түрүлгөн түрктүн жери – деп,
Бул шаардын ээси,
Кыргыздын Манас беги – деп.
Качкаланду күн болсо,
Калың түрктүн чеби – деп.
Башында акыл ойлонуп,
Манастын айткан кеби – деп,
Эми ашыкпайлык, шашпайлык,
Анчейин кепти айтпайлык.
Бакайың айтат бир кеңеш,
Баарыбыз мындан кайтпайлык.
Шейит болгон эрлерди,
Белгилүү дайын шерлерди,
Көп жөлөк даяр Манаста
Көрүн казып оёлу,
Балдарым сага эп болсо,
Бакайың айткан кеп болсо,
Шек чыгарбай шейиттин,
Манаска баарын коёлу.
Балдар арстаныңдын кесели,
Арбып кетип баратат,
Күндөн күнгө ишибиз,
Чаргып кетип баратат.
Алда кандай иш болот,
Жеңилип балдар алалы.
Тагдырдын иши ушу – деп,
Таласка балдар баралы» –
Деп эр Бакай айтып салыптыр,
Эрендер айран калыптыр.
Баатыр Бакай айтканын,
Башкасы кабыл алыптыр.
Кабыландар чамынып,
Көйкашканын баарына
Көрүн казып коюшуп,
Кызылала боюнча,
Кийими менен коюшуп.
Арбактарды тайышып,
Ак боз бээ союшуп,
Кыраандардын өлүгүн
Манаска коюп турушуп,
Манаста жок дарманы,
Масылат кеңеш курушуп,
Манасты алып келүүгө,
Келтирип кеңеш кылышып.
Аттана турган кезинде,
Чубактын бул сөз эсинде,
Жарасы кыйын Чубактын,
Жабыркап турган кезинде,
Туйгун Чубак шашпады,
Шашпастан сөзүн баштады.
Эс оодурган бир сөздү,
Эр Чубак айтып таштады.
Баатыр Чубак кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат.
«Байкап туруп кебимди,
Баарыңар уккун – деп айтат.
Масылат акыл табуучу,
Карыңар уккун – деп айтат.
Кары-жашың турасың,
Кандай акыл кыласың,

Бу оёндордун үстүнө,
Манас менен Чубактын,
Башын берип тынасың.
Эми масылатты кылыпсың,
Кечээ кан Коңурбай беттешип,
Качканы жок четтешип.
Кан Коңурбай Сыргакты,
Капшыра сайып таштады.
Кара жаны чыкканча,
Кабылан Сыргак качпады.
Арстаным Сыргак өлгөндө,
Өлгөнүн көзүм көргөндө,
Сыргактан кантип калам – деп,
Мен аянбадым өлгөнгө.
Карагай найза имерип,
Качырып калдым калдайды.
Кабыш сайып өткөндө,
Кан Коңур чочуп далдайды.
Калдай менен беттешип,
Качканым жок четтешип.
Коңурбай менен беттешип,
Коркконум жок четтешип.
Күйүп кетип Сыргакка,
Коңурбайга катылдым,
Байкап билген адам жок,
Балакетке чатылдым.
Аамат кайткан кези экен,
Жете албадык тилекке,
Кантейин арман дүнүйө,
Кайгы толду жүрөккө.
Кан Коңурбай калча кул,
Күчүн жыйнап билекке,
Табарсыктын тушу – деп,
Таяр жери ушу – деп,
Кылкарасын каргытып,
Кыярлыгын арбытып,
Качырып келип бек сайды,
Жайладым кулду деп сайды.
Калдай кул сайып өткөндө,
Белдемчи кыяк быркырап,
Каргашалуу чочкодон,
Кан төгүлдү шыркырап.
Түшкөнүм жок атымдан,
Кеткеним жок батымдан.
Аман-эсен айыксам,
Барамын бир күн артыңдан,
Табарсыктын өзүндө,
Жашырын жерде майыбым бар.
Жакын жерде бир күндүк,
Кумбулда калган зайыбым бар.
Менин оңолбой турган түрүм бар.
Жеткирип мени коюуга,
Жетик чоро бириң бар» –
Деп баатыр Чубак муну айтат.
Турганыбыз бекер – деп,
Чыныгы мени жеткирип,
Аркаңардан жетер – деп.
Масылат кылып алышты,
Кеп-кеңешке канышты.
Манасты берип колуна,
Бакайды жолго салышты.
Кадимкидей кеби жок,
Кайрат кылар деми жок,
Адамга айтар кеби жок,

Арстандай кайрат деми жок,
Шыңкыны алып кашына,
Чубак калды дарман жок.
Чубактан башка Манаска
Түрк уулунан калган жок.
Кабылан Шыңкы какайып,
Чубакты алып колуна,
Аттанып чыкты Манастан.
Кумулдун түшүп жолуна.
Шыңкы барды Кумулга,
Кан Чубакты жетелеп.
Катыны угуп кабарын,
Карап турган энтелеп.
Чуусу арбын көп болуп,
Чубак барды темселеп.
Чубак менен коштошуп,
Шыңкы ыйлап буркурап.
Кара жаны кашайып,
Катыны ыйлап зыркырап.
Айыл-апа, коңшусу
Баары келди чуркурап.
Шыңкыга Чубак кеп айтат,
Керээз кебин эми айтат:
«Аман барсаң элиңе,
Ак-Суу, Талас жериңе,
Камыш башы калам де,
Каныкейге салам де.
Алган зайыбым Күлсана,
Ага да менден салам де.
Жалгыз балам Турсунбек,
Жетим калды балаң де.
Кудуреттин ишине,
Барбы сенде чараң де.
Жалгыз балам Турсундун,
Айнектей жүзүн көрбөдүм.
Жакшы жерден кудалап,
Зайып алып бербедим.
Арманым ушул дүйнөдө,
Анан Чубак өлбөдүм.
Каныкейге тапшырдым,
Бала кылып алсын де.
Жалгыз Турсун баламды,
Жакшы жөнгө салсын де.
Жана да менден салам айт,
Атам Жакып карыга,
Карыган апам Чыйырды,
Ага-тууган баарына.
Жалгыз балам жаш калды,
Калка болсун жанына.
Бакай менен Абыке,
Көрүп кеткен өзүмдү,
Бар сөзүмдү айттырып,
Угуп кеткен сөзүмдү.
Алган зайыбым Күлсана
Келет деп мени күтпөсүн,
Эл оозунда элек жок,
Эсирген сөзгө кирбесин.
Жесир деген ошол – деп,
Сөзүн тарта сүйлөсүн.
Каныкейдин сөзүнөн,
Карыш басып чыкпасын.
Адам шайтан арапчы,
Азгырган сөздү укпасын.
Туйгундан калган туяк – деп,

Турсунбекти жыттасын» –
Деп айтып Чубак токтолду,
Экинчи сөзү жок болду.
Шыңкы ыйлап өкүнүп,
Өбөктөп жатып өкүрүп,
Аялына тапшырып,
Шыңкы түштү жолуна.
Көргөн адам таң калат
Кабылан баатыр Чубактын
Капалыгы жогуна,
Кайратынын чоңуна.
Арстан баатыр Чубак – деп,
Атагы калды соңуна.
Жарасын көрүп түңүлүп,
Катыны какшап ыйлады.
Өлөргө жанын кыйбады.
Ал аңгыча болбоду,
Чубакты ажал торгоду.
Туйгундун баары өлгөн кез,
Ажал каза келген кез.
Дарманы жок өзүндө,
Эндиреп жаткан кезинде,
Кара калмак көп угуп,
Манас өлдү – деп угуп.
Чубак бурут чуусу көп,
Үйүнө келди – деп угуп,
Жарасы кыйын чубактын,
Жанталашып жатат – деп,
Жанталашкан ит бурут,
Өлүп шору катат – деп,
Өзү өлгөн соң бул Чубак,
Өкүмүн кимге айтат – деп,
Кабар угуп туюнуп,
Калмактын баары жыгылып,
Бурут Манас өлдү – деп,
Бурканына сыйынып.
Атагыбыз калмак – деп,
Чубак итке бармак – деп,
Биз барганча өлбөсө,
Өксөтүп өчтү алмак – деп,
Калмактардын Үйшөңү
Кара жаак чечени
Кесепеттүү буруттун,
Келди деп бүгүн кезеги.
Алда канча кол менен,
Аттанып калды турбастан.
Аяр кулду соймок – деп
Айсал-буйсал кылбастан,
Мөндүлөп ураан чакырып,
Бөй тийгендей бакырып,
Жабуулап ураан чакырып,
Жандын баарын жапырып.
Мөндү-мөндү-мөндү – деп,
Манас бурут өлдү – деп,
Каргашалуу бурутту,
Кан Коңурбай жеңди – деп.
Арбак урган Чубакты,
Ажал айдап келди – деп.
Жабуу-жабуу-жабуу – деп
Жабуулаган көп калмак
Чубактын келди кабуу – деп.
Эсебин эрте табуу – деп.
Үйшөңү келди чамынып,
Өлтүрүүгө камынып.

Ал мезгилде эр Чубак
Араң жаткан сабылып,
Акыры бенде өлмөк – деп,
Акыректи сагынып.
Ал аңгыча болбоду,
Каптап кирди болбостон,
Кайкайлаган көп калмак,
Кастыгын түркkө койбостон.
Жабыр көрүп эр Чубак,
Жан таслим кылар кезинде
Эс акылдан калган кез,
Эч нерсе жок эсинде,
Чуркураган көп калмак,
Чубакты чыкты талкалап.
Кан Чубакты сойдук – деп,
Кайта тартты чалкалап.
Чубак өлдү союлду.
Кумбулга сөөгү коюлду.
Бул кабарды уккан соң,
Казак, кыргыз балдары
Кан Чубактын кунун кууп,
Калмакка салды оюнду.
Бура тартар жери жок,
Ким бурат буга моюнду.
Чубактын чуусу көп болду,
Адам укчу кеп болду.
Казак менен кыргызга
Калмакка түйгөн кек болду.
Акыр заман калкына,
Айтылып калган кеп болду.
Айдап суруп алганча
Атпай журтка эп болду.

Ким айткан жалган муну – деп,
Эр Чубактын куну – деп,
Туш-тушунан барышып
Жылкы тийген андан көп,
Айыл чаап бүлдүруп,
Айдап келген сандан көп,
Жан аябай четинен,
Жашырып алган чандан көп.
Калмак менен кыргыздын
Кекенип калган кеги ушу,
Келишим сөзгө турбастан,
Кезенип калган кеби ушу.
Муну мындай коюңар,
Арстан Манас зоруңар.
Кандай түрлүү сөзү бар,
Кабарында болуңар.
Кан казатта кагышып,
Айбалта тийген Манаска.
Бир нече күн жол жүрүп,
Манас барган Таласка.
Эрке катын Каныкей
Элим-селим кеп угуп,
Арстан Манас баатырга
Айбалта тийди деп угуп,
Кулак түрүп кабарлап,
Сезип турган кези экен,
Кара жандан Каныкей,
Кечип турган кези экен.
Кан төрөм кандай болду – деп,
Чочуп турган кези экен.
Кабар угуп алдынан,
Тосуп турган кези экен.

Канықейдин бу күндө
Манас кетпейт эсинде,
Каргаша болуп калдайдан
Калдыбы деп кесирге.
Баатыр качан келет – деп,
Байкап турган кезинде.
Таластын башы жайыктан,
Чаң көрүндү бешимде.
Кашка аргымак бууданды,
Канықей минген каргытып,
Алда кандай болот – деп,
Арманын ичте арбытып.
Ал аңгыча эр Бакай
Аңгемени арбытып,
Жетип келди Кең-Колго
Асманга чаңын баргытып.
Канықей ыйлап төрөм – деп,
Төрөмдү өзүм көрөм – деп.
Көргөн күнүм курусун,
Мен төрөмдөн мурун өлөм – деп.
Анда Манас кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат.
Канықейге кеп айтат:
«Кайрат кылгын – деп айтат.
Эгемдин жазган амыры,
Эч канчалык иш эмес,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырсыз бенде киши эмес.
Сабыр кыл эрке, ыйлаба,
Мени ыйың менен сыйлаба.
Каржалып келе жатканда,
Кара жаным кыйнаба.
Ый болсо эрке табылды,
Байкап көргүн чагымды.
Сыпатың бузбай кайрат кыл,
Сындырба менин шагымды.
Манас айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Төрөм жакшы экен – деп,
Ыйлаганым бекер – деп,
Канықей калды сүйүнүп.
Эликтей эрке түйүлүп,
Эрке катын Канықей,
Элиртип минген жоргого,
Арстан Манас султанын
Алып келди ордого.
Кара торпок кестирип,
Кара эчки алып кактырып,
Эркенин кылган кызматын,
Эли-журту жактырып.
Арстанды аттан түшүрүп,
Алып кирди сарайга.
Аңгемесин угуңар,
Арты кетет далайга.
Келген заман турбастан,
Манастын көрдү жарасын.
Жараны эрке көргөндө,
Таба албай калды чарасын.
Көк жалтаң болуп алыптыр,
Көз көрүнбөй калыптыр.
Жаранын өзү ырбаптыр,
Бүтүн башты чырмаптыр.
Канықей муну көргөндө,
Какшап ыйлап буркурап,

Чыйырды менен бай Жакып,
Чыңырып ыйлап зыркырап.
Калың кыргыз кансырап,
Баарысы ыйлап чуркурап.
Күн басылган кезинде,
Эркенин чоро эсинде,
Көзгө толук чоронун,
Көбү жок элдин четинде.
Чочугандан кеп айтат,
Чоролор кайда деп айтат.
Байкай салып кеп айтат,
Баатырлар кайда – деп айтат.
Эми Абыке туруп кеп салды:
«Кыраандын баары казатта
Кырылып бүттү – деп салды.
Кырктын башы Кыргылың
Кыркында көпкөн дыңкылың,
Алмамбет менен Чубагың,
Ажыбай менен Сыргагың
Калдар, Жайнак, Сейитиң
Сезбеген баатыр Серегиң,
Арызым, Бообек, Чалыбай,
Курама, Кошой, Кутунай,
Төлгөчү кара Төлөгүң.
Акейдин уулу Бөбүчүң
Агыдай далы көрүүчүң
Аныk айтып берүүчүң,
Калкаман, Жоруп, Мурадыл
Катары менен кыйрады.
Кан казаттын өзүндө,
Канчалык бенде ыйлады.
Казатта барып кан төгүп,
Өлгөн чороң жыйырма.
Өзүң көрүп турасың,
Мына, келген чороң жыйырма.
Майданда салып оюнду,
Жыйырма чороң союлду.
Алып келдик Манаска,
Манаска баары коюлду» –
Деп Абыке айтып турганда,
Ошол сөздү урганда,
Эми Канykей какшап сайрады,
А дээрге алы калбады.
Капа болгон Канykей,
Катары менен кеп айтат,
Кайгы толуп ичине,
Кеп айтканда деп айтат:
«Менин арстаным Манас жубайым,
Аз көрбөдүм убайың.
Каламда жазуу ушу экен,
Кандай айла кылайын.
Өлгөн жан кайтып келчүбү,
Өксүткөн Кудай берчүбү.
Кеткен жан кайтып келчүбү,
Кемиткен Кудай берчүбү.
Каза жетип, күн бүтпөй
Ааламга бенде калчу эмес.
Каза жетип күн бүткөн,
Кайрылып үйүн көрчү эмес.
Арстандарым барында
Айым болдум чоюлуп,
Айрылам деп коркомун,
Айнектей көзүм оюлуп.
Кан төрөм султан болгондо,

Каныш болдум чоюлуп,
Каламбы деп коркомун,
Кара көзүм оюлуп.
Кантейин арман дүнүйө,
Кайгы толду күнүгө.
Опаасыз жалган дүнүйө,
Ойрон болдум күнүгө.
Ажалым жетип өлөрмүн,
Ак жазганын көрөрмүн.
Азелде тагдыр жазганга,
Амалым барбы көнөрмүн.
Казасы жетсе төрөмдү,
Колум менен көмөрмүн.
Алым келсе алынча,
Ашын-жытын берермин.
Эми жыйырма чоро ноёнум,
Жыргатып турчу оёнум,
Жолборстор сенин барыңды,
Жоктобой кантип коёмун.
Баарысы арстан бересиң,
Кезинде тийген керегиң.
Мандайга жазган шор болсо,
Баары чын анык көрөмүн.
Кырктын башы Кыргылым,
Кыялы жакшы дыңгылым.
Сагынармын сөзүңдү,
Сайраган чечен булбулум.
Алмамбет менен Чубагым,
Адамда ысык ынагым.
Менин арманым айтар убагым.
Сенин адамдан артык сыягың.
Кан төрөм өттү ааламдан,
Кандай айла кыламын.
Жалгыз балам жашынан,
Жазганып коркуп турамын.
Ажыбай, Бообек арстаным,
Бактыма кудай жазганым.
Арстандар өлүп казатта,
Менин бактымдын быйыл качканын.
Калдар, Жайнак, Сейитим,
Казатта өлгөн шейитим.
Көйкашканын баары өлүп,
Мен көрбөй калдым бейитин.
Козголбос баатыр Кошоюм,
Айтып калдым кошогун,
Таалайымдын азынан,
Тартып алдым тозогун.
Айтылуу баатыр Сыргагым,
Арстандар сенин жыргалың,
Арстан Сыргак барында,
Мен арманы жок жыргадым.
Белгилүү баатыр чоронун,
Берени элең Сыргагым,
Кепке жетик билимдүү,
Кенени элең Сыргагым.
Акылга аяр даанышман,
Терең элең Сыргагым.
Атпай кыргыз уулуна,
Сен кереги элең Сыргагым.
Сезбеген баатыр Серегим,
Сен дагы ноён бересиң.
Баатырың жатат бул алда,
Мен кандай жорук көрөмүн.
Кудурет башка салган соң,

Салганына көнөрмүн.
Кантейин арман дүнүйө,
Кайгыңды тартып өлөрмүн.
Арзым менен Жорубум,
Адамдан башка жоругуң
Жеримде жыргап турганда,
Мага жел тийгизбей корурум.
Күлдүргүчүм Ажыбай,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Кыраандыгы башкача,
Кыргыздын беги Кутунай.
Үчөөң бирдей төрө элең,
Качырсаң жоого бөрү элең.
Кайратың кабат кайгың жок,
Айтылуу арстан шер элең.
Төлгөчү кара Төлөгүм
Өзүмө кайрат жөлөгүм,
Талаада калды чачылып,
Жайнап жаткан өнөрүң.
Кыргыздан чыккан бир оён,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Эгерде эки айтпаган,
Элине сөзү бек далил.
Акейдин уулу Борочум,
Агыдай далы көрүүчүм.
Аярлыгы жанда жок,
Анык айтып берүүчүм.
Айтканы туура келүүчүм,
Бул арстанымдын өлүшүн,
Бул азапка тууган Канықей,
Азапка чыдап көнүшүн.
Эсендердин Курама,
Эрлигин айтып сураба,
Калк башкарган Калкаман,
Кайрат болгон аркаман.
Жатуучу элем Канықей,
Күмүш такта чалкаман.
Калкаман аман калсачы,
Кашкөйдү кудай алсачы.
Ажал жетип, күн бүтүп,
Төрөмдүн көзү жумулса,
Кан төрөмдүн өлгөнү,
Калың журтка угулса,
Жан тууганы аз эле,
Жандын баары кас эле.
Өз тууганы аз эле,
Өзгөнүн баары кас эле.
Атаңда угар кулак жок,
Жаңдаган сөзгө маш эле.
Артында калган арстандан,
Жалгыз балаң жаш эле» –
Деп калтырбастан бар сөзүн,
Канықей ыйлап сайрады,
Кашкөйлүгүн карматып,
Калкынын көөнүн жайлады.
Кантейин деп Канықей,
Кайратка белин байлады.
Кан төрөм кантээр экен – деп,
Айнектей көзү жайнады.

9-бөлүм

МАНАСТЫН ӨЛӨР АЛДЫНДАГЫ СӨЗҮ

Арстан Манас каныңар,
Андан кабар алыңар.
Акыретке кеткенин,
Абыдан угуп алыңар.
Коңурбайдын дартынан,
Айбалта тийген зарпынан,
Кулактын түбү кара куш,
Жарасы мээге тушма-туш,
Айбалтанын заары өтүп,
Асыл мээге доо кетип,
Жарым жыл жаткан сандалып,
Сабылып Манас саргарып.
Кандай заман болот – деп,
Канықей турган камданып.
Жарасын көрүп чуркурап,
Жалпы кыргыз буркурап
Кандай заман болот – деп,
Канықей турган зыркырап.
Кабарын угуп калыстан,
Тартынбайм деп барыштан,
Кеселин көрүп келем – деп,
Кыз Сайкал келген алыстан.
Жара оозуна кан катып,
Жарым жыл Манас тим жатып.
Ажал тагдыр туш келип,
Аманат жанга күч келип,
Алланын жазуу ушундай,
Аныгы жок иш келип,
Аманат жандан түңүлүп,
Арманын айтат эр Манас,
Казат кылып Каңгайга
Барганын айтат эр Манас.
Жергеси бүтүн көп кыргыз,
Жердеген жери Чүй, Талас,
Жалгызым жетим калды – деп,
Жайын айтат эр Манас.
Балам жетим калды – деп,
Баралга жетпей жашында,
Кан Бакай сага тапшырдым,
Каралап жүр деп кашында.
Чыйырдыга кеп айтты,
Чын сөзүн Манас эми айтты.
Адилет кетээр кез болду,
Ак сүтүң кеч – деп айтты.
Жакып канга кеп айтты,
Жайланып сөзүн эми айтты.
Атам Жакып акыңдан,
Ыразы болгун – деп айтты.

Бакдөөлөткө кеп айтты,
Байкачу сөздү эми айтты.
Байкап жүргүн – деп айтты.
Абыкеге кеп айтты,
Арманын Манас эми айтты.
Акылың бар жан элең,
Ачуулуу болбо – деп айтты.
Аганы жөнгө салып жүр,
Аганын тилин алып жүр.
Инини жөнгө салып жүр,
Ининин тилин алып жүр.
Сенин адам болор кезегиң,
Абийир тапсаң ошол чак,
Атаң Жакып карыды,
Ата-энеңди жакшы бак.
Талаа толгон мал калды,
Казына толгон зер калды.
Айры төө болсо андан көп,
Алты жүз кызыл нар калды.
Мал курусун нетейин,
Байкатып сөзүм кетейин.
Элиңе душман тоорутпа,
Элиңдин көөнүн оорутпа.
Айылыңа душман тоорутпа,
Айылыңдын көөнүн оорутпа.
Айылдуу болсоң Абыке,
Атпай кыргыз колуңда.
Ардык кылбайт ага-иниң,
Баары сенин колуңда,
Акыл айтсаң асталап,
Азып кетпейт жолуңда.
Эми Көбөшкө керээз кеп айтты,
Көрсөтүп сөздү эми айтты,
Абыкенин сөзүнөн,
Асты чыкпа – деп айтты.
Акыл айтам угуп кой,
Абыке сенин агаң – деп,
Ага-ининин ичинде
Ынтымак кеткен жаман – деп.
Жакып жатып калды – деп,
Бакай баспай калды – деп,
Жаш болсоң да элиңе,
Кан көтөрдүм өзүңдү.
Көтөрүлүп кетпестен,
Көбөшүм уккун сөзүмдү.
Абыкеге жол берип,
Ачып жүргүн көзүңдү.
Ногой, Нойгут бир тууган,
Ага-ини баласы,
Нойгуттун уулу Шыгайдын,
Кетпеди бизден карасы.
Түбү жакын тууган – деп,
Туугандан дилим сууган – деп,
Агаң Манас Шыгайды,
Аксыга айдап кууган – деп,
Керээз кебим кармагын,
Шыгайга жакын барбагын.
Ушул ит бузуп ичиңден,
Убайымда калбагын.
Эми Каныкейге кеп айтат,
Кайрат берип бек айтат.
Жалгыз балам султанды,
Жакшылап баккын – деп айтат.
Айткан кебим унутпа,

Унутуп коюп курутпа,
Майдан болот маашарда,
Барганга дилим суутпа,
Алып келчи баламды,
Бетинен өөп сүйөйүн,
Кетериме аз калды
Кетүүчү жолго кирейин.
Баланы алып айымдан,
Бетинен өөп кеп айтат.
Менден калган Каныкей,
Белегим ушу – деп айтат.
Эми кырааның Манас – деп айтат,
Кыз Сайкалга кеп айтат.
Кыямат кетер чагымда,
Кызматың жакты деп айтат.
Олуянын кызы элең,
Ойроттон чыккан уз элең,
Айткан шерттен тайбаган,
Айтылуу Сайкал ушу элең,
Акыреттик жар элең,
Адамдан башка жан элең,
Кыргызга сонун жан элең.
Эми Билерикке кеп айтат,
Билдирип сөзүн эми айтат.
Кожонун кызы Билерик,
Кооматтуу болдуң – деп айтат.
Армандуу коомат мына ушул,
Жакында алдым өзүңдү,
Жайланып жакшы сүйлөшүп,
Укпай калдың сөзүмдү.
Акылайга кеп айтат,
Наалат алба – деп айтат,
Жалгыз жетим жан калды,
Жанында болгун – деп айтат,
Чоролорго кеп айтат,
Чогулуп уккун – деп айтат,
Ынтымак болуп бөлүнбөй,
Чогуу тургун – деп айтат.
Сен сезбеген баатыр сексен төрт,
Серп салган жагың кызыл өрт,
Кырк төртүң өлүп кырк калдың,
Пайдасы болбойт бул таңдын.
Бакайга насаат салып тур,
Анда-санда барып тур.
Абыкенин ар сөзүн,
Чоролорум угуп тур.
Эми карыганча болдуң ашына,
Кан Бакай кел деп кашыма,
Алтымыш бирге келипмин,
Арманым жок жашыма.
Кан Бакайга кеп айтып,
Кашыма келгин деп айтып,
Кайрат кылып сөз угуп,
Башыма келгин деп айтып.
Баатыр Манас султаның,
Бакайга сөзүн сайрады,
Баштан-аяк бар сөзүн
Бакайга айтып жайлады.
Бараңды көздөй кол жүрдүк,
Кол жүргөндө мол жүрдүк,
Алты ай, бир жыл сапарга,
Ат аябай мол жүрдүк.
Индистанга кол жүрдүк,
Ириген аскер мол жүрдүк.

Самарканды аралап,
Саналуу бир жыл жол жүрдүк.
Ангилчин менен атыштык,
Аңгемеге батыштык.
Ажал жетип окко учкан,
Жерге сулап жатыштык.
Кайсы бирин айтайын,
Каканга канча кол бардык.
Канча күнү жол басып,
Аянбай аскер мол бардык.
Баарың да болдуң башында
Баатыр Бакай кашында,
Айткым келди ар сөздү,
Абам Бакай асылга.
Сенин кызматыңда чени жок,
Кыямат болгон жери жок.
Эрдигиңде чени жок,
Эсепке алар жери жок.
Жалгыз балам Семетей,
Жанынан кетпей санап жүр!
Манастан калган туяк – деп,
Бары-жогуна карап жүр!
Көрбөдүм сендей сонунду,
Келе Бакай колуңду.
Жан кысылып баратат,
Алайын эрте жолумду.
Керээз айтып олтуруп,
Кебин сайрап толтуруп,
Ажал жетип, күн бүтүп,
Иче турган суу бүтүп,
Эр канаты эки кол
Экөө бирдей суналып,
Эр чырагы эки көз,
Экөө бирдей тунарып,
Кара көзү сүзүлүп,
Кабылан Манас үзүлүп.
Эки көзү жумулуп,
Элге кабар угулуп.
Кара көзү жумулуп,
Кабылан Манас жыгылып,
Калайыктын баарына
Кан өлдү деп угулуп.
Алагар көзүн алайтып,
Акырет көздөй жол тартты,
Кылагар көзүн алайтып,
Кыямат көздөй жол тартты.
Ошол арстан Манас кут өлдү,
Арстаным деп кайгырып,
Алда канча зар кылып
Атпай кыргыз журт өлдү.
Береке жерден кетти – деп,
Берен Манас өттү – деп,
Касиет элден кетти – деп,
Кабылан Манас өттү – деп.
Арстан Манас кайран эр
Аза күттү кара жер.
Кайран Манас арстан эр,
Кайгы тартты кара жер.
Айдын көзү тутулуп,
Күндүн көзү бузулуп,
Асманда жүргөн ай өлдү,
Арстан Манас кан өлдү.
Көктө жүргөн күн өлдү,
Көрөсөн Манас бил өлдү.

Дайранын баары чайпалды,
Токтогон көлдөр толкуду.
Канаттуу куштар учпады,
Кан Манас деп сыздады.
Кар борошо аралаш,
Тоолордун башы муздады.
Карагай, кайың тал ыйлап,
Канча түрлүү жан ыйлап.
Жетимиш жашта чал ыйлап,
Жети жашар бала ыйлап,
Аза күтүп жер ыйлап,
Алда канча эл ыйлап,
Кабылан, жолборс шер ыйлап,
Кайыптардын башчысы,
Кара жалдуу бөрү ыйлап.
Сайып тиккен бак ыйлап,
Салтанаттуу тагы ыйлап.
Кыраан эрдин жолдошу,
Кырк чилтени дагы ыйлап.
Жайкалып чыккан чөп ыйлап,
Жалпы кыргыз көп ыйлап.
Кабарын укkан жан ыйлап,
Казына күткөн кан ыйлап.
Жалпы түрктүн балдары,
Баш көтөрбөй баары ыйлап.
Канаттуу учкан куш ыйлап,
Каркыралуу кыз ыйлап,
Кемпирлер ыйлап кемшеңдеп,
Манас кайдан өлсүн – деп,
Манастай баатыр түрк уулу
Дүйнөгө кайдан келсин – деп.
Чаң-тополоң боз түшүп,
Жер көрүнбөй чаң болду,
Арстан Манас өлгөнү,
Атпай журтка даң болду.
Кадырын билген калк ыйлап,
Казак, кыргыз жалпы ыйлап.
Жергесинде жыргаган,
Жетим-жесир жалпы ыйлап.
Жылгага бүткөн тал ыйлап,
Жыйынга барчу чал ыйлап.
Жыргачу заман өттү – деп,
Жылкычынын баары ыйлап.
Колотко бүткөн тал ыйлап,
Кой кайтарган бала ыйлап,
Коюн таштап талаага
Койчудар келди баары ыйлап.
Эки күнү, эки түн,
Ай көрүнбөй жаркырап,
Жылдыз чыкпай жылтырап,
Күн көрүнбөй бүпбүтүн,
Караңгы болду дүнүйө.
Арбыды арман күнүгө,
Бет алдынан көп кыргыз
Боздоп жүргөн андан көп,
Манастан көргөн пайдасын
Козгоп жүргөн андан көп.
Алды-алдынан көп кыргыз
Арманын айткан андан көп.
Арстан Манас жоомарттан
Алганын айткан андан көп.
Медиян чөлдөн жай алган,
Кулан ыйлап Манаска,
Бел байлаган казатка

Улан ыйлап Манаска.
Ала-Тоону оттогон,
Кайып ыйлап Манаска,
Ак элечек, ак жоолук,
Зайып ыйлап Манаска.
Боорунда басар буту жок,
Жылан ыйлап Манаска,
Асыл денден жан кетти,
Арстаның Манас кан кетти.
Кан Манастын өлгөнү
Канчалык журтка даңк кетти.
Кан Бакай ыйлап өкүрүп,
Калктын баары өкүнүп.
Чоролор ыйлап чогулуп,
Чоң кайгыга жолугуп.
Манас өлүп буркурап,
Калың кыргыз чуркурап.
Манастай кан болбойт – деп,
Калктын баары зыркырап.
Чыйырды ыйлап чыңырып
Каныкей ыйлап кансырап.
Жакып кан ыйлап жалдырап,
Жалпы кыргыз алдырап.
Бакдөөлөт ыйлап басылбай,
Абыке ыйлап алсырап,
Алыстан келген кыз Сайкал
Ал дагы ыйлап кансырап.
Канчалык ыйлап басылбай,
Калың журтка муң болуп,
Кан Манастан айрылып,
Төрт катыны тул болду.
Бул дүйнөнүн жалганын,
Кан Манастан калганын,
Кара жаны кашайып,
Каныкей айтат арманын.
Алтымыш бир жашында,
Акырет сапар барганын.
Арстан Манас султандан,
Армандуу болуп калганын.
Ар санатын санжаптап,
Айтып ыйлайт Каныкей,
Ар жоругун бир санап,
Кайтып ыйлайт Каныкей.
Баласы жетим болгонун,
Айтып ыйлайт Каныкей.
Бары-жогун ойлонуп,
Кайтып ыйлайт Каныкей.
Жараткан өзү алды – деп
Жалгыздан жалгыз калды – деп,
Жалгыз өлгөн оңорбу
Жалынга мени салды – деп.
Жар жыгылса суу бөгөйт,
Кан өлсө калың чуу бөгөйт.
Кайрыларга канат жок,
Жалгызыңды ким жөлөйт.
Жалгыз балаң Семетей,
Беш жашка толук кирбеди,
Береним Манас өзүңдү,
Ата экениң билбеди.
Арстандан калган бир жалгыз,
Ат жалын тартып минбеди.
Ат жалын тартып мингенче
Асылым төрөм жүрбөдү.
Алтыга жашы чыкпады,

Атадан насаат укпады.
Атадан насаат укканча
Арстаным Манас уктады.
Асылым өлгөн кезинде,
Ак жорук турат эсимде.
Алмамбет, Чубак болсочу,
Мен кара бет жесирге.
Баштагыдай убак жок,
Алмамбет менен Чубак жок.
Кайсы бирин айтайын,
Ажыбай менен Сыргак жок.
Кан болдуң төрөм жашыңда
Казат кылдың башында.
Кырктын башы кырааным
Же Кыргылчал болбой жашымда.
Оёндор өлдү казатта
Кандары күбө жазатта.
Энем кары, балам жаш,
Канykей калдым азапта,
Казат кылдың калмакка,
Калмактын шаарын алмакка.
Калмак менен кытайды,
Өз диниңе салмакка.
Кытайдын шаарын кыйраттың,
Кыйла жанды ыйлаттың.
Каралашар тууган аз
Канykейди кууратың.
Менин жайымды билбес жаш чороң,
Жаңыдан келген мас чороң.
Байкап көрсөм түрүнөн,
Баарысы мага кас чороң.
Бирден талап кетер дейм,
Кетпегенде нетер дейм.
Теңирге жазган Канykей,
Тентип жүрүп өтөр дейм.
Көбөш болсо көр эле,
Көр турсун кара жер эле.
Абыке айтса тил албас.
Иштин жөнүн биле албас.
Кан болгон иниң какаяр,
Канykейге чакаяр.
Кан Көбөш минтип турганда,
Менин арманым кантип азаяр.
Көбөш иниң күрсүлдөп,
Кепке-сөзгө келбестен,
Талас толгон жылкыңдан,
Бир тайдын күчүн бербестен,
Мен кара бет Канykей,
Бул кордукка көнбөстөн,
Жалгызым аман турганда,
Жабырдан бейбак өлбөс дейм» –
Деп кашкөйлүгүн карматып,
Канykей калды кайратты,
Кызыл тилин безетип,
Кыйла сөздү сайратты.
Эми айтып-айтпай пайда жок,
Ажал өлүм кайда жок.
Ажал жетип күн бүтсө,
Алып калар жайда жок.
Ажал жеткен өлчү – деп,
Ак жазганын көрчү – деп.
Жан аманат болгон соң,
Аманат жанды берчү – деп.
Аманат дүйнө чиркинге,

Адамга ар иш келчү – деп.
Кудурет башка салган соң
Бендеси ыйлап көнчү – деп.
Жетим жүрүп жетилчү,
Жергеге башы кошулчу.
Аккан арык кур калбайт,
Аккан суу таршып келчү – деп.
Артында калган тууганы,
Өлгөндү жайлап көмчү – деп.
Калк жыйылып келчү – деп,
Кайрат жыртыш берчү – деп.
Мурунтан бенде өлчү – деп,
Муну да көргө көмчү – деп.
Мусулман бенде болгон соң,
Мүчөнү мыктап берчү – деп.
Казынаны ачтырып,
Кайратты кабат чачтырып,
Мүчөнү берип бүтүрдү,
Атпай журттан ашырып.
Эми алайын деп төрөмдү,
Бир бекем жерге жашырып,
Алыс жерге коёмун,
Арстанымды качырып.
Коңурбайдай жоо болбойт,
Аңдып турган жоо койбойт.
Алып кетет өлүктү,
Ант урган калча соо койбойт.
Беш айдан бери күтүндүм,
Мүрзөсүн кылып бүтүрдүм.
Айланып булут кетпеген,
Алдынан адам жетпеген,
Курчалып булут кетпеген,
Башына адам жетпеген.
Жалпы тоонун бийиги
Жайылган койдой кийиги
Төрөмдүн айткан сөзүндө
Толкуп турган кезинде,
Манас деген бир суу бар,
Ушул жердин өзүндө
Бул мүрзөнүн түбүндө
Он үйлүү кара калча бар.
Казынактын капкасы,
Даярдап койгон арча бар.
Ушул жерге койгун – деп,
Төрөмдүн айткан кеби бар.
Насият кылып өзүмө,
Тапшырып кеткен жери бар.
Таласты да кур койбой,
Сарай салам белгилеп,
Ар ким көрсө айтарга,
Манастан калган белги – деп.
Туугандар айып көрбөңөр,
Бул кандай куураган катын – деп.
Каргашалуу кара бет,
Калбасы көп капыр – деп.
Манасты бизден жашырып,
Кайда алпара жатыр – деп.
Катылып жатып калчубу,
Манас сындуу баатыр – деп.
Каныкей туруп камынып,
Алты атанды комдотуп,
Алыс жерге барат – деп,
Чомун калың чомдотуп.
Он кишиге жуудуруп,

Үкөккө салып буудуруп,
Жалпы журт келип окушуп,
Жаназасын окутуп.
Тогуз буудан күлүктү,
Ыскатына токутуп.
Абыкени алышып,
Бакайга масаат салышып.
Сарамжал бүтүп болду – деп,
Жакыпты жандап алышып.
Абыке, Бакай барсын – деп,
Ашыгы мында калсын – деп.
Көбөш болсо бара албайт,
Көпчүлүк журтка кансың – деп.
Атан төөгө жүктөтүп,
Канык ей какшап жөнөдү.
Толуп жатат кашкөйдүн,
Дагы сонун өнөрү.
Алты күндө барам – деп,
Алты күндө келем – деп,
Эки күндүн ичинде,
Төрөмдүн сөөгүн көмөм – деп.
Он төрт күндө айланып,
Кайнарга кайтып келем – деп.
Келгенден кийин камынып,
Төрөмдүн кыркын берем – деп.
Казынам даяр кенен – деп,
Соёр малым белен – деп,
Кан Бакайга айттырып,
Жооп берди элине,
Келген эл бүтүн кайтсын – деп.
Кара, төрө бегине
Кан Бакай жооп берген соң,
Калктын баары тарады.
Каныкейдин акылы,
Кан Бакайга жакпады.
Алтымыш киши жөнөдү.
Абыке, Бакай кашында,
Эрмек болгон жанында
Элүү беш киши кашында.
Каныкей барат камданып,
Ак туйгундай шаңданып.
Кайратын көргөн эркенин,
Канча журт калды таңданып,
Алты күндүн ичинде,
Манастын айткан жерине,
Башын булут курчаган,
Мазар тоонун чегине.
Келсе тоосу бипбийик,
Асманга жакын тоо экен.
Айланасы бүт туюк,
Көк жалтаң бийик зоо экен.
Чыгар жолу жалгыз жол,
Күн чыга турган бетинде,
Өзү элким келишкен,
Жалпы тоонун четинде.
Көргөндүн баары таң калды,
Бакайдын бул сөз эсинде.
Келип түштү түбүнө
Кечки салкын бешимде.
Ала-Тоонун өзүндө,
Буйкатты деген жер экен,
Айланасы бийик тоо,
Таштан коргон чеп экен.
Тоосу турсун түз жери

Болоттон салган коргондой.
Качкаландуу күн болсо,
Качып барып конгондой.
Келе турган жолуна,
Келтирип кароол койгондой.
Келишимдүү жерине,
Адамдын көөнү тойгондой.
Туш-тушунан шаркырап,
Агып жаткан суусу бар,
Чөбү жыттуу жыпардай,
Жыргалдуу жердин буусу бар.
Ортосунда чоң дайра,
Агып жаткан күркүрөп
Кашына адам бара албайт,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Саратан жайлоо күн ачык,
Ысык болгон кези экен,
Жайлоосу жашыл гүл ачып,
Кызык болгон кези экен.
Күн чыгыш жакта жолу бар,
Жалгыз аттын изи экен.
Байкап жүргөн бул жерди,
Манас мыкты киши экен.
Төрт тарабы бийик зоо,
Атагы дайын Ала-Тоо.
Башын салып батынып,
Баргандай эмес эч бир жоо.
Башында тегиз түзү бар,
Күтүп турган киши бар.
Баатыр Манас султандын,
Мындан сонун иши бар.
Салынуу турган очок бар,
Асылуу турган казан бар.
Мазар тоонун оюнда
Чоң дайранын боюнда.
Аңгемеси бир далай,
Жүргүзүп койгон базар бар.
Карагай, кайың чери бар,
Кабылан жолборс шери бар.
Барган жан айран калгандай,
Акыл-эстен тангандай,
Манастын сөөгүн алышып,
Башына чыгып барышып.
Баргандын баары көргөндө,
Айран азыр калышып.
Көрүн казып бүтүргөн,
Көрсөткөн ишке күтүнгөн.
Көрүн терең ойдурган,
Казанактын оозуна,
Как арчадан жасатып,
Даяр кылып койдурган.
Эрке катын Канықей
Сарамжалын билгизип,
Санжаптаган сарайга
Эр Манасты киргизип,
Эркин тоонун башына,
Эр Манасты коюшуп,
Эркенин кылган ишине,
Эл ыраазы болушуп.
Бата кылып кол жайып,
Баарысы колун мол жайып.
Куран окуп кол жайып,
Баргандар колун мол жайып,
Бата кылып Манаска,

Баргандар кайтты Таласка.
Катында мындай болбойт – деп,
Муну палан деген оңбойт – деп.
Ыраазы болду баарысы
Улуу-кичүү, карысы.
Катындан чыккан канкор – деп,
Аксакал Бакай карысы.
Алты күнү жол жүрүп,
Аянбастан мол жүрүп,
Эртеги айткан сөзүндө,
Он төрт күндүн өзүндө,
Келип түштү Кайнарга.
Келип карап турбастан,
Башка сөздү урбастан,
Эр Манастын кызматын,
Иштеп кирди бир баштан.
Катымы-куран кылдырып
Уламаны жыйдырып,
Айдатып келип жылкыдан,
Отуз-кыркча бээ союп,
Атанча кышты жашынан.
Алты атанча төө союп,
Кыргызды бүтүн чакырып,
Кыйла журтка эт берди.
Кырк аш деген ушу – деп,
Кыркын берип өткөрдү.
Элет кыргыз элинен,
Буудандар келди чабууга,
Ат таптаган саяпкер,
Арзан олжо табууга,
Эбинче байге чыгарып,
Кырк ашына ат чабып,
Элди Бакай таратты.
Эркенин кылган кызматын,
Эрине кылган изатын
Элдин баары жаратты.
Калк тарады кечинде,
Кечки салкын бешимде.
Канча түрлүү кеп-кеңеш,
Каныкейдин эсинде.
Эрке катын Каныкей,
Эми карап турбастан,
Абыкени алдырып,
Кан Жакыпты калтырып,
Бакайга масаат салдырып,
Кеп баштады бир баштан.
Кырк күнү куран түшүрүп,
Кыркын берип тараткан.
Кылып турган эркенин,
Кызматын журту жараткан.
Каныкей карап турбады,
Жаңыдан кеңеш баштады.
Чакырып жакын тууганын,
Жайын айтып шашпады.
Береним Манас султаным,
Белгисиз кантип турат – деп,
Белги кылып койбосок,
Баарыбызга уят – деп.
Эми төрөмө сарай салдырам,
Ар жерден уста алдырам.
Ак сарай деп ат коюп,
Адамдын көзүн талдырам, –
Деп турпагы жакпай
Таластын,

Анжыянды чалдырды,
Күлботону Канықей,
Күлшөдөн алдырды.
Бир жыл бүтүн иштетип,
Күлботодон салдырды.
Ак сарайдын өзүнө
Адамды айран калтырды.
Көк жашыл сырдан сырдатып,
Көргөндү эстен тандырды.
Көз уялат караса,
Көргөндү айран калтырды.
Таластагы ак турпак,
Талкалатып элетип,
Чарага салып ийлетип,
Күлботого теңетип,
Кымап менен кыш куюп,
Кымбат менен бышырып,
Бузулганча кетпес – деп,
Күмбөз буга жетпес – деп,
Кышка жазуу койдуруп,
Жазууга окуу ойдуруп,
Айнектен тунук жаркырап,
Адамдын көзүн тойдуруп,
Канықей атын калтырып
Анык атын салдырып.
Өз атын кашкөй жаздырып,
Кышка мөөр бастырып,
Кан Темир койгон жашында,
Баланын атын койдуруп.
Барпыжан турган кашында,
Баламдын аты кут болсун,
Ырапыя айым – деп,
Канзаадага тапшырсам,
Айымдыгы дайын – деп,
Кан Манас койгон кийинки,
Канықей деген атагы,
Эрегиш эмес чын сөзгө
Эч кимдин болбойт чатагы.
Ак сарайга Канықей,
Накыш салып ойдуруп,
Накыш оюу үстүнө
Алтын сырдан койдуруп.
Эр Манастын сүрөтү,
Элким койгон башында.
Кырк чоронун сүрөтү,
Катары менен кашында.
Бул Сарайга жазган катым – деп,
Рапыя атым – деп.
Султан Манас айымы,
Сарайды салган катын – деп.
Эркелетип кашкөй – деп
Канықей койгон эр Манас,
Эл ичинде ар түрлүү
Болуп жүрөт сөз талаш.
Эрке катын Канықей,
Устаны алган кылдатып,
Алты жүз уста алдырган,
Баарысын ылгап сындатып.
Көк сарай деп ат коюп,
Көк жашыл сырдан сырдатып.
Арасына бор койгон,
Кармап калсын бекем – деп,
Ортосунда жел калса,
Мээнетим сая кетер – деп.

Эмгегим сая кеткен соң,
Кылган ишим бекер – деп.
Алты жүз эркеч майына,
Кыш бышыртып бек салды.
Алты кылым өткөнчө,
Бузулбасын – деп салды.
Жети жүз эркеч майына,
Кыш бышыртып бек салды.
Жети кылым өткөнчө,
Бузулбасын – деп салды.
Кышка жазып кат койду,
Ак сарай – деп ат койду.
Күмбөзгө жазып кат койду,
Көк сарай – деп ат койду.
Бир жыл тамам бүткөндө,
Экинчи жылга жеткенде,
Эрке катын Каныкей,
Сарайды салып болтуруп,
Сарайды салып бүткөнчө,
Жанынан көчпөй олтуруп,
Санаасын эрке тындырып,
Жалпы журтун жыйдырып.
Сарайды салып бүткөн соң
Сарайдын тоюн кылдырып.
Акысын берип устанын,
Айдатып малга тундуруп.
Усталарым кайткын – деп,
Жолго салды жылдырып.
Бул бир жылдын ичинде,
Самаган ишин болтурду,
Бир журтунан жылбастан,
Көзүн жашка толтурду.
Арбагын сыйлап Манастын,
Аза күтүп олтурду.
Шооруктун кызы Акылай,
Эркек жандуу капырай.
Шыгай капыр азгырып,
Көбөштү жолдон жазгырып,
Жарым жыл чыдап тура албай,
Элден-журттан уялбай,
Көбүнчө напсин тыялбай,
Астыртан айтып кеп коюп,
Кеп койгондо көп коюп,
Көбөш кан сенин өзүңдү,
Көңүлүм сүйөт деп коюп.
Тийип алган Көбөшкө,
Жарым жыл чыдап турбастан,
Арбагын сыйлап Манастын,
Аз күн сабыр кылбастан.
Кожонун кызы Билерик,
Кылган эмес күнөлүк.
Баатыр Манас султандын,
Колуктусу түбөлүк.
Каза жетип, күн бүтүп,
Манастан кийин бу өлгөн.
Тилеги кабыл болду – деп,
Ак сарайга коюлган.
Арстан Манас бар болсо,
Айым болмок чоюлган.
Каныкейдин кызматын,
Калың кыргыз даң кылып,
Күкүктөй үнү басылбай,
Күйүтүн тартып зар кылып.
Салтанатын күчөтүп,

Сарамжалын жам кылып,
Акыл салып калкына,
Айтып сөзүн шар кылып.
Эми төрөмдүн ашын берем – деп,
Акылайга ар кылып,
Бу да бизге эрмек – деп,
Мурун кеңеш бермек – деп,
Өлгөн жанга аш берген,
Атадан калган өрнөк – деп.
Эрке катын Канықей,
Эми кирди өрмөккө.
Эл чакырып келмекке
Манастын ашын бермекке.
Кайнатам болсо карыды – деп,
Далай жашка барды – деп.
Баласы Манас өлгөн соң,
Акылдан айнып калды – деп.
Өкүл атам кан Бакай
Өзөгү күйүп чок болду.
Манасынан айрылып
Баштагы акыл жок болду.
Абыке, Көбөш угуптур,
Айта турган кебим бар,
Кеңеш салып кеп айтам,
Кебимди угар эбиң бар.
Көбөш болсоң кан болдуң
Көңкү журтка даң болдуң.
Кара жаның баккансып
Калкаң тийбес жан болдуң.
Абыке болсоң бек болдуң
Кыргызга сөзүң эп болдуң.
Айтсам сөзүм жактырбайт
Көбөшкө кашкөй жек болдум.
Көңүлүм калды чиркинден,
Көрсөткөн сөзүм кек болдум.
Көбөшкө акыл айтам – деп
Көңкү журтка кеп болдум.
Өзүм зайып, балам жаш
Кайним Көбөш болдуң кас.
Манастан кийин кыргызга
Абыке, Көбөш экөөң баш.
Атанын уулу болгон соң
Өзүңөр берчү ушул аш.
Каршылык кылсаң бул ашка,
Кантейин катын балам жаш.
Күмбөзү болсо бүттү – деп,
Бүткөнчө кашкөй күттү – деп,
Казынаң кенен көбүнөн,
Каражат кылдым түттү – деп.
Паркын ойлоп көргүлө,
Манас ашсыз калчубу,
Пайгамбар чапкан чоң жолдон,
Башка жолго салчубу.
Баштап кеткен машайык,
Баштагы салттан танчубу.
Манас ашсыз калган соң,
Атпай кыргыз балдары,
Абыке, Көбөш иниси
Жакшы деп атак алчубу.
Эки киши сүйлөшсө
Жанына жакын барчубу.
Бул айтканым калыс кеп,
Экөөңө келген намыс кеп.
Кара каска бир сөздү,

Каныкей айтат залыш – деп.
Көрбөгүн каршы сөзүмдү,
Ачып кара көзүңдү.
Аш кимдики берүүчү,
Ашта көрсөт өзүңдү.
Кадимден кыргыз аш берсе,
Карысы бийлеп берүүчү.
Кары-жашы кеңешип,
Баарысы бийлеп берүүчү.
Кандын ашы болгон соң,
Калк жыйылып келүүчү.
Катын, бала карынын
Айтканына көнүүчү.
Элет кыргыз болгон соң
Эркеги бийлеп берүүчү.
Жетим-жесир кембагал
Эт жейбиз деп келүүчү.
Уялбай ашты башкарып,
Ургаачы качан берүүчү.
Ургаачы кылган кызматтын,
Урматын эркек көрүүчү.
Келтирип мурун кеп баштап,
Кеңешин мурун берүүчү.
Кеңеше турган туугандар,
Кепке-сөзгө келүүчү,
Апаңды алып кашыңа,
Бакайды алып башыңа,
Абыке, Көбөш камынгын,
Агаңар Манас ашына.
Казына даяр кенен – деп,
Союучу малы белен – деп.
Манаска калган кайраттын,
Баарысын таап берем – деп.
Каныкей кылды кайратты,
Казынасын жайнатты.
Калымга бүтүн аш бер – деп,
Кызыл тилин сайратты.
Жакыпка жайлуу кеп болду,
Бакай масаат эп болду.
Көсаар чиркин Көбөшкө,
Көңүлдөн калгыс кек болду.
Акылы бар Абыке,
Артын байкап ойлонду.
Абышкалар билсин – деп
Айтып сөзүн жойлонду.
Шыгайдан уккан кеби бар,
Чындап түйгөн кеги бар.
Акылай айткан кеби бар,
Ар жагында кеги бар.
Көбөш турду күрсүлдөп,
Көтөрүлүп түрсүлдөп,
Кан Темирдин долусу
Ашын өзү билсин – деп.
Каныкей кылса жардыкты
Көрсөтүп турса барлыкты,
Каныкей айтып койгон соң,
Кылдым буга ардыкты.
Өзү билген шерменде
Өзү билип берсин – деп,
Катын билген бул ашка
Кайдан адам келсин.
Мен билсем ашты бербеймин,
Бермек турсун көрбөймүн.
Катындан жардык кеп угуп,

Кан Көбөш ашка келбеймин,–
Деп күүлдөгөн көр Көбөш
Көрүнөө чырды баштады.
Уялгандан Абыке
Өлүп кала таштады.
Акылы терең Канукей,
Акылынан шашпады.
Акмактар ар сөз айтчу – деп,
Ал чырынан качпады.
Баласынын жашынан,
Масылат кеби аксады.
Аксакалдар билсин – деп
Ортого сөздү таштады.
Жакыпка жайлуу кеп болду,
Жарашыктуу эп болду.
Бакайга масаат кеп болду,
Мал сойгону эп болду.
Акылга дыйкан Абыке
Айтып сөзүн тундурду.
Арага түшүп Көбөштү,
Аш бергенге көндүрдү.
Бакай, Жакып баш кошуп
Масылат сөзү токтолду.
Карыган Бакай абаңа,
Каш кайтарган жок болду.
Эр Манастын ашында,
Бакай турду башында.
Масылат угуп Бакайдан,
Абыке турду кашында.
Карыга калган кеп болуп,
Калың журтка эп болуп,
Ак сарай билген кеп болуп,
Айтпай журтка эп болуп.
Кадыр тапкан кан Бакай,
Карылык сөздөн баштады.
Акыл-эси арбын эр,
Айнып сөздөн шашпады.
Эл келгени көп болду,
Элге-журтка эп болду.
Масылат сөздү башынан,
Бакай айтчу кеп болду.
Эртеңден калбай мал союп,
Элге кеңеш бериңер,
Бул Манастын ашында,
Ынтымакка келиңер.
Келбеймин деген жан болсо,
Чамасын байкап көрүңөр.
Баарыңар бүгүн конуңар.
Масылат кепте болуңар.
Манастан калган көп мал бар,
Семизин тандап союңар.
Ашыккан менен иш бүтпөйт,
Аппак майга тоюңар, –
Деп кемегени ойдуруп,
Келтирип казан астырып,
Опкоктордун баарына,
Очоктон казан бастырып.
Атпай журтун жыйнатып,
Абышкасын сыйлатып.
Кеңешке келбей калганды
Абыке уруп кыйратып,
Калкты бүтүн жыйнатып,
Карыларды сыйлатып.
Качып келбей калганды,

Кан Бакай уруп кыйратып.
Кеңешке бээ сойдуруп,
Келгендин баарын кондуруп,
Аябай малды сойдуруп,
Адамдын баарын кондуруп.
Кеңеш деген ушул – деп,
Келгенди майга тойдуруп.
Кеңеш бүттү кеп бар – деп,
Кимиңерде кек бар – деп.
Кеңешинде ат чабып,
Тайбуурул чыкты жаркылдап,
Байдын уулу эр Бакай,
Кеп баштады чартылдып.
Баштан-аяк көп кыргыз,
Баарыңар ук деп шартылдап.
Баладан тартып аксакал,
Карыңар ук деп шартылдап.
Калың кыргыз сөзүмдү ук,
Кан Манас өлгөн билдиңби,
Мазар тоонун башына,
Бакай көмгөн билдиңби?
Каралуу катын салдырып,
Сарайы бүттү билдиңби?
Сарамжалын даярдап,
Далайы бүттү билдиңби?
Угулбай жүргөн Манас жок,
Уялбай турган кыргыз жок.
Жардыгыма көнөсүң,
Жалпы кыргыз талаш жок.
Манас ашсыз калчубу.
Манасты кыргыз танчубу?
Көзүн жумуп аш бербей,
Көмүлчү жолго салчубу.
Манастын ашын жашырып,
Катып жеген оңчубу.
Кадимден берки наркыңда,
Мындай жорук болчубу.
Кан Манастын ашына,
Калкка кабар берүүчү.
Калкка кабар берген соң,
Калк жыйылып келүүчү.
Эр Манастын ашына
Элге кабар берүүчү,
Элге кабар берген соң,
Эл жыйылып келүүчү.
Эл чогулуп келгенче
Сарамжалын бүтүрүп,
Даяр болуп туруучу.
Ашты өткөрүп тынуучу.
Алакандай Анжыян,
Кол башындай Кокон бар,
Такыядай Ташкен бар,
Самаркан менен Букар бар,
Кокондун беги Санжыбек,
Ташкендин беги Кайымбек,
Букардын каны Шамурат,
Жанында айыл олтурат.
Буга кабар берүүчү,
Чакырса ашка келүүчү.
Ашка келген адамды,
Аныктап дайын көрүүчү.
Маңгыт, Эштек дайны бар,
Алайда көчмөн айлы бар.
Эштектердин Жамгырчы,

Кан Жакыптын кайны бар.
Эр Жамгырчы азамат,
Бу Чыйырдынын иниси.
Эштектердин Жамгырчы,
Эр Манастын тагасы.
Бул Эштекке кабар берүүчү.
Кеңешке Эштек келүүчү.
Жамгырчы келбей калганда
Жаңыдан Манас өлүүчү.
Пайтактысы Котондо,
Баатыр Төштүк ошондо.
Башкарган калкы Кашкарда
Элинин баары баш камда.
Төштүккө кабар берүүчү,
Чакырса ашка келүүчү.
Төштүк келбей калганда,
Ошондо Манас өлүүчү.
Айран-Сууда Агыш бар,
Кымыз-Сууда Кожош бар,
Ат-Башыда Кошой бар.
Айтылуу баатыр ошо бар.
Кошойго кабар берүүчү,
Чакырса ашка келүүчү,
Кошой келбей калганда,
Ошондо Манас өлүүчү.
Чоң Кеминде калаасы
Чогоол таздын баласы,
Сан кыргыздын сарасы,
Сарман таздын баласы
Үрбүгө кабар берүүчү,
Чакырса ашка келүүчү.
Таздын уулу келбесе,
Ошондо Манас өлүүчү.
Сары Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган.
Келиштирип кермеге,
Кертөбөлүн байлаган.
Көкчө тоону жайлаган,
Көп казагын айдаган.
Көк шиберге чалдырып,
Көкаласын байлаган.
Алты атасы кан болгон,
Арбагы журтка даң болгон.
Айдаркандын Көкчөсү,
Адамдын аяр кексеси.
Кечээ аза кылып бата окуп,
Келип кеткен Таласка.
Баркын билип эр Көкчө
Бата кылган Манаска.
Ошо Айдаркандын эр Көкчө,
Манастын карын бажасы,
Көкчө зайыбы Акэркеч,
Каныкейдин эжеси.
Мурунураак озунуп,
Буга кабар берүүчү.
Айдаркандын эр Көкчө,
Акэркеч менен келүүчү.
Ашка Көкчө келбесе,
Аныk жооп бербесе,
Киши ордуна көрбөсө
Аныk Манас өлүүчү.
Бул Манастын ашына,
Тартына турган жан барбы,
Тарап кылып бул элде,

Таарынып жүргөн кан барбы?
Анык жооп айтыңар,
Аламан болуп жүрбөйлүк,
Адам шайтан азыткы,
Азгырган сөзгө кирбейлик.
Түрк уулу сага кеп айтам,
Түшүнүп алгын деп айтам.
Кыргыздар сага кеп айтам,
Кызык кепти эми айтам.
Жалпы түрктүн балдары,
Манастан мурун кишиң жок.
Эч ким менен ишиң жок.
Жакшылык көрөр түшүң жок.
Бирден тентип кеткенсиң
Бириңе бириң кайрылбай,
Атаңдан калган Түркстан,
Башыңды кошуп жай кылбай.
Калмактан көрдүң какаарды,
Кытайдан көрдүң кыйынды.
Манас кошуп башыңды,
Эми Түркстанга жыйылдык.
Манас кошту башыңды,
Пас кылды душман касыңды.
Манастан мурун душманың,
Сурап тургам жашыңды.
Айдап, сүрүп мал алып,
Алтын, күмүш зар алып,
Айры төөдөн бир канча,
Алда канча нар алып,
Алып келген олжосун,
Бөлүп берген баарыңа.
Ыраазы болор жөнүң бар,
Арстан Манас каныңа.
Баарыңды Манас бай кылды,
Түркстанды жай кылды.
Кыз-келиндин баарысын,
Кийгенин кызыл шай кылды.
Калмак болуп кеткенсиң.
Баарыңды кылды мусулман,
Тартына турган жериң жок,
Жалпы кыргыз ушундан.
Башың Чарын,Челекте,
Аягы Ызар, Көлөптө.
Жетим уул, тул катын,
Бей-бечара кембагал,
Айдаган кою миң болду.
Манастай султан ким болду.
Эрегишкен душманы,
Сөз кайтарбай тим болду.
Манас өлсө балдар бар,
Баркын билген кандар бар.
Ашын мыктап бериңер,
Ага-ини эпке келиңер.
Эми саратан жайлоо жай келет,
Сарамжалын жамдаңар.
Төрт тарапка барууга
Төрт азамат камдаңар.
Аянбаган мыктуудан,
Сөзгө жетик ыктуудан,
Тартынбай сөздү шар айтып,
Так кетирбей чыкчуудан.
Төрт азамат даяр бол,
Төрт тарапка барасың,
Кагаз берем колуңа

Кандарга кабар саласың.
Акбалтанын Шердымак,
Агаң баатыр эр Чубак,
Эр Чубактай чоң кызмат,
Кылар кезиң ушул чак.
Агам Чубак өлдү – деп,
Алыс жерге көмдү – деп,
Көзүн көрбөй калдым – деп,
Ар ким айтып келди – деп.
Селде таажы башында
Сексенге чыккан жашым бул,
Манас менен Чубактын,
Экөөнө берер атым бул.
Сен Көкчөгө барып кел,
Эрте кабар алып кел.
Кагазды берип колуна,
Ошол казактан тил кат алып кел.
Сен Ырамандын ырчысы
Сөзгө уста сынчысы.
Эр Манасты кубантып,
Кашында сайрап турчусу.
Ат-Башынын сазында
Чеч-Төбөнүн кашында,
Сен барасың Кошойго,
Кошой баатыр ошондо.
Нар жагында жакын жер,
Чатыр-Көлдө жаткандыр,
Эретен байдын эр Агыш,
Колетен байдын куу Кожош,
Келсе ашка алып кел,
Келбесе кабар салып кел.
Анын нары жагында
Кашкардын шаар багында
Тогуз уулдун кенжеси
Элеман байдын эркеси
Эр Төштүккө барып кел,
Анык кабар салып кел!
Бул Элемандын эр Төштүк
Алты ай турчу Котондо,
Алты ай турчу Кашкарда,
Кабар жетсе турчу эмес,
Баатыр Төштүк арстанга.
Бакай катты жазганда,
Алты шаар уйгуру,
Элинин баары баш камда.
Ушу күндө эр Төштүк
Кашкарда болор кезеги.
Өлчөөсүн өзүм билемин,
Өзүмө дайын эсеби.
Мурун эр Кошойго барасың
Агыш менен Кожошко,
Жолуңда кабар саласың.
Жообун андан аласың.
Кашкардан барып ордодон,
Кан Төштүктү табасың.
Кан Манастын ашына
Кабарды мыктап саласың.
Кагазды берип колуна,
Кандардан тил кат аласың.
Сен Коңуроолуу байдын Кошабыш,
Манаска чоро дос Абыш.
Манас ашсыз калганда,
Баатырыбызга чоң намыс.
Сен Үрбүгө барып кел,

Эрте барып алып кел!
Жедигердин Багышка
Жетип кабар салып кел.
Агасынын ашына
Үрбү турсун башына.
Кат тийген заман бат келип,
Кара болсун башыңа.
Келберсиген куу туяк,
Кеңешке келбей жатабы.
Жеринин жакын арасы,
Көз көргөн Таздын баласы,
Бизден Үрбү качабы.
Бир кызматын сатабы?
Турбай келсин бул ашка,
Туугандан чыгат чатагы.
Жетим жүрүп жетилчү,
Жергеге башы кошулчу.
Баштагыдай болуучу.
Конушуна конуучу.
Бизден Үрбү качпасын.
Бул бейилди таштасын.
Ашты курап бат келип,
Аңгемени баштасын.
Сен Чыңыроо байдын Чыңгышы,
Чыкпасын сөздүн кыйышы.
Атка минип чыкканда
Ачылсын көзүң уйкусу.
Сөзүң калыс бала элең,
Көп сүйлөгөн жан элең.
Кенже чоро сен элең,
Кебиңди укчу мен элем.
Сен алыскы жолго барасың,
Аныктап кабар саласың.
Ушул катты жазган күнүнөн
Эсеп кылып көрсүн де,
Токсон күндүн өзүндө,
Ушул ашка келсин де.
Саналуу бүтүн үч айда,
Манастын ашы болот де!
Бакай менен Бай Жакып,
Аш берчү жерге конот де!
Барар жолуң узак жол,
Эрикпестен барып кел!
Элге кабар жеткирип,
Элүү күндө жанып кел!
Кагазды алып колуңа,
Казыр түшкүн жолуңа.
Алайдагы Жамгырчы,
Эрдигин элге даң кылчу.
Анжыянда Санжыбек,
Атпай, Чорто, Өзүбек
Кошоматчы эл эле,
Кобуруган сөзү көп.
Ташкендеги Кайымбек
Даңкы журтка дайым бек.
Жанында турат жанаша,
Өзүң менен Асылбек.
Букарлыктын Шамурат
Чыгатайдын кан сарай
Байтактысы Самаркан,
Жыргал кандын баласы.
Анжыянда жети бек,
Кармаган калкы өзүбек,
Баарына кабар берип кел,

Колуңа тил кат алып кел.
Балам Чыңгыш барасың,
Баарына кабар саласың.
Кагазды берип колуна,
Алдым деп тил кат аласың.
Кабарчылар аттан – деп,
Тез аттанып бат бар – деп,
Менин айткан сөзүмдү,
Төкпөй-чачпай жатка ал – деп.
Бакай, Жакып эки кан,
Катты мыктап жаздырып,
Аягына келтирип,
Жыгалуу мөөрүн бастырып.
Чакырчуну жөнөттү,
Чар-тарапка баргын – деп,
Катка жазган кандардын,
Баарына кабар салгын – деп.
Бакай, Жакып эгиз кан,
Бар шайманы тегиз кан.
Көөлдөгөн Көбөш кан,
Көңүлү жумшак Абыке,
Кандарга кабар салышты.
Калкын жыйнап алышты.
Кеп-кеңеш чыкчу келин – деп,
Каныкейге барышты.
Катын да билгич кашкөй – деп,
Чоң кеңешке алышты.
Чогулуп кыргыз баш кошуп,
Чечендер сүйлөп жарышты.
Баарынан мурун озунуп,
Ак куудай мойну созулуп,
Байдын уулу эр Бакай,
Сөз баштады шартылдап.
Жалпы журтум уккун – деп,
Жардык айтып чартылдап.
Бул Манастын барында,
Дөөлөтүнүн шарында,
Калп айтпаймын анык сөз,
Касиет болду карыңда.
Касиеттүү чалдардан,
Канчасы турат жанымда.
Менин айткан сөзүмө,
Кары,жашың таарынба.
Касиетиң барынан,
Кайыр бердиң зарылга.
Карыларың нарк айтып,
Казыларын чалкайтып,
Жыргап жаттың көп кыргыз,
Жаш балдарың салт айтып.
Сүйгөнүн алып кучактап,
Душманын кармап тузактап,
Сүлөөсүн,кундуз бөрк
Чалдарың сүрдү доорду.
Алтындан кемер курчанып,
Эриксе туйгун куш салып,
Эрмегине кыз алып,
Балдарың сүрдү доорду.
Желбегей ичик жамынып,
Келеңкер чачпак салынып,
Жел тийбесе камыгып,
Кемпириң сүрдү доорду.
Дарайы көйнөк, шай кемсел,
Жарашыктуу тасма бел,
Шурудан тизген чач мончок,

Келиндер сүрдү доорду.
Атилес көйнөк булактап,
Аста басып кылактап,
Кемчат бөрк жарашып,
Келтирип чачын тарашып,
Кыйгачтап көзүн карашып,
Кыздарың сүрдү доорду.
Жигитиң жинди мас болду,
Ичкени чагыр аш болду.
Туурдугуң кыш болду,
Ит аягың мис болду.
Баарысын айтып баян жок,
Бактыңа Манас туш болду.
Көп журтуң сенин баарыңа,
Бир көрүнүп өткөн иш болду.
Самооруң алтын мис болду,
Самаган ишиң туш болду,
Аптабаң алтын мис болду,
Айткан ишиң туш болду.
Салганың туйгун куш болду,
Алганың сулуу кыз болду.
Көп журтум сенин бактыңа,
Көк жалың Манас туш болду.
Манас өлдү, кут кетти,
Туурдан туйгун куш кетти.
Эми ынтымактан айрылсаң,
Колуңдан журтум иш кетти.
Баатырың Манас өлгөндө,
Манастын ашын бергенде,
Кандай кызмат кыласың,
Калк жыйылып келгенде?
Кыла турган кызматты,
Баштан айтып келейин,
Түшүндүрүп баарыңа,
Аныгын айтып берейин.
Самоор даңкан барылдап,
Кайнап турсун чайларың.
Калың килем баяндос,
Таза болсун жайларың.
Абдыра оозу ачылсын,
Дасторконуң жазылсын.
Кант аралаш жер-жемиш,
Каршы-терши чачылсын.
Берекени көргөндө,
Меймандын көөнү ачылсын.
Мактанбагын барбайып,
Бала-чака даярдап,
Кыла турган Манаска,
Кызматың болсун тымызын.
Кара саба көрөңгө,
Даяр болсун кымызың.
Бейлиңди салып кызмат кыл,
Бээ калбасын байланбай,
Меймандар суусап калбасын.
Бир да бири жайланбай.
Чайың турсун кайналуу,
Дасторконуң жайналуу,
Мейманга берер тамагы,
Даяр болсун жайлалуу.
Кымызың болсун чайкалуу,
Кызматың болсун байкалуу.
Берилип турсун мелтиреп,
Бир аякка чайкалуу.
Бозоң болсун сүзүлүү,

Арагың болсун асылуу.
Ачкыл тамак ичкенде,
Күрүчүң болсун басылуу.
Түштүгүнө кой сойгун,
Түндүгүнө бээ сойгун.
Тандап туруп тай сойгун,
Талыкпастан май койгун.
Тай менен таппаган,
Жылкысы даяр Манастын.
Кызыл буурул көп жылкы,
Бетин бербейт Таластын.
Даяр болсун айтканым,
Даңкы кетсин Манастын.
Аш бергендер бул ашка,
Араң жетип жанашсын.
Бул караң калган жылкыдан,
Кармап келип сойгула.
Казынадан жамбы алып,
Каныкейден дилде алып,
Кант менен чайын даярдап,
Даяр кылып койгула.
Бардыгымды угуңар,
Жалпы мырза чыгыңар.
Кебелбестен туруңар,
Келтирип кызмат кылыңар»–
Деп Байдын уулу кан Бакай,
Жардыгын айтып билгизди,
Жалпы журттун баарысын,
Сарамжалга киргизди.
Согумдарын тандашып,
Соёр малын камдашып,
Көлүгүн сынап тандашып,
Күрүчүн алып камдашып,
Куу токой кыйдырып,
Отунун алып жыйдырып,
Кемегесин каздырып,
Келишимдүү ойдуруп,
Байкап карап тургун – деп,
Башына адам койдуруп.
Акылын айтып өткөрүп,
Аппак үйдөн көтөрүп,
Кеңешин кылып өткөрүп,
Келтирип үйүн көтөрүп,
Эл келгенче күтүнүп,
Сарамжалын бүтүрүп,
Сандыргалуу эр Бакай,
Карап турду камынып.
Качан конок келет – деп,
Калың кыргыз сабылып,
Кан Манастын ашында
Карап турду жабылып.
Эми чакырчунун кеби бар,
Жардап өтөр эби бар,
Катка жазган кан Бакай,
Кабар берер эли бар.
Чакырчулар кат алып,
Жакып кандан бата алып,
Кабарчылар кат алып,
Кан Бакайдан кат алып,
Карылардын айтканын,
Көңүлүнө жат алып.
Ат чарчап жолдо калар – деп,
Экиден мыкты ат алып,
Кош ат алып колуна,

Чакырчу түштү жолуна.
Жолго салып каргытып,
Жол жүрүшүн арбытып,
Бет-бетинен жол жүрүп,
Кабар кылчу жерине,
Катка салып кан Бакай,
Карал кылган жерине.
Күндөп-түндөп жол жүрүп.
Аянбастан мол жүрүп,
Коңгуроолуу байдын Кошабыш,
Манаска чоро дос Абыш.
Кан Манастын тушунда,
Колу-жолу бош Абыш,
Барган эмес тегинге,
Эр Үрбүнүн алдына,
Абыш барды Кеминге.
Катын берип колуна,
Кошабыш сайрап кеп салды,
Үрбү баатыр уккун – деп,
Кеп салганда деп салды.
Өзүң турган кыргызсың,
Кыргызга чолпон жылдызсың.
Атпай кыгыз калкынын,
Арбагынан жылгыссың.
Эр Манастын ашына,
Чакырчуга келдим – деп,
Келгенимди көргүн – деп,
Эрте жооп бергин – деп,
Кан Бакай берген кагазын,
Өз колуңа бердим – деп.
Кат алдым деп колуңа,
Азыр кагаз бергин – деп,
Жакып кан сага кеп айтты,
Тапшырып сөздү бек айтты.
Бакай сага кеп айтты,
Бачым келсин деп айтты.
Каныкей сага кеп айтты,
Казыр келсин деп айтты.
Агасы Манас баатырдын,
Ашын берсин деп айтты.
Агаң Манас баатырдын
Ашына келип турсун – дейт,
Аш башкарып эрҮрбү,
Аңгемени курсун – дейт.
Элден мурун келсин – дейт,
Эсебин элдин көрсүн – дейт.
Агасы баатыр Манастын,
Ашын келип берсин – дейт.
Бакайдын күнү курусун,
Бүтүрсүн дейт жумушун.
Карылык каршы келген кез,
Кабылан Манас өлгөн кез.
Кайран Жакып агаңды
Катын-бала жеңген кез.
Бакайга балда жеткен кез,
Баштагы заман өткөн кез.
Жакыптын жаны курусун,
Балага баркы кеткен кез.
Манасынан айрылып,
Бакайдын жолу байланды,
Балдары бар колунда,
Жакыптын көөнү жайланды.
Абыке, Көбөш эки иниң,
Акмактыкка шайланды.

Калың кыргыз балдары,
Канықейге айланды.
Канықей шордуу канетсин,
Сарайын салып олтуруп,
Сарайы жакшы болду – деп,
Көңүлүнө толтуруп.
Эми аш берүүгө камынды,
Канықей кылып кайратты,
Кеңешин берип өткөрүп,
Келгендин көөнүн жайлатты.
Жатып алып жайына
Бакайды алып башына
Кашкөй жеңең камынды,
Кан Манастын ашына.
Сарамжалдуу Канықей,
Салам айтты өзүңө.
Саламын айтып берейин,
Сал кулагың сөзүмө.
Агасы Манас өлгөнүн,
Алсын деди эсине.
Абыке, Көбөш аз калды,
Канықейди жешине.
Жакып бай карыды – дейт,
Далай жашка барды – дейт,
Жакшы, жаман атак сөз,
Үрбү сага калды – дейт.
Канықей сага кеп айтты,
Кеп айтканда көп айтты.
Үрбү сенин өзүңдү,
Көчүп келсин деп айтты.
Көчүп келсе кызматын,
Көзүм көрсүн деп айтты.
Ашын келип Манастын,
Өзү берсин деп айтты.
Баласы жалгыз жаш болду,
Бир атадан аз болду,
Көбөш иниң күрсүлдөп,
Канықейге кас болду.
Каралашар эки иттин,
Кара боору таш болду.
Каралап жалгыз жетимге,
Өзүң берчү аш болду.
Шооруктун кызы Акылай,
Жүзү курсун капырай.
Жарым жыл чыдап турбастан,
Манаска зыйнат кылбастан,
Уктуң бекен, жок бекен,
Тийип алган Көбөшкө,
Барар болсоң бул ашка,
Бачым камын жөнөшкө.
Канықейдин кебин ук,
Калың журт кылган эбин ук,
Барарыңды өзүң бил,
Бакай канды көзүңө ил.
Баатыр Үрбү өзүңө,
Бакайдан келген мен бир тил»–
Деп Сарбандын Үрбүдөн,
Тил кат алып колуна,
Кат колуна тийген соң,
Карабастан соңуна,
Эми жүрдү Кошабыш,
Эр Багыштын жолуна.
Багышка барып кат берип,
Кат бергенде бат берип,

Ашка Багыш келгин – деп,
Аңгемени көргүн – деп.
Кабар берип бир баштан,
Кайра тартты турбастан,
Ашка кандар келер – деп,
Аңгемени көрөр – деп,
Коңуроолуу байдын Кошабыш,
Тил кат алып колуна,
Самаган ишин бүтүрүп,
Салды Талас жолуна.
Эми Акбалтанын Сырдымак,
Бакай менен ынтымак,
Акбалтадан бержакка,
Жакып менен жанаша,
Манас менен байланган,
Баатырлыкка шайланган.
Ар кызматтан тартынып,
Аянган эмес эч убак.
Манаска кудай берсин – деп,
Бата кылган беш убак.
Жетип барды Көкчөгө,
Жез темгилдүү куу чунак.
Баатырлардын мыктысы,
Барды Көкчө кашына,
Кабарчыга келдим – деп,
Кан Манастын ашына.
Ашка келип эр Көкчө,
Турсун деди башына.
Баатыр Көкчө келсин – дейт,
Бажасынын ашына.
Өткөн-кеткен кеп айтып,
Элге жаккан эпти айтып,
Көздөп барган кепти айтып,
Көкчөгө жаккан эпти айтып,
Бакай, Жакып эки кан,
Сага берген каты – деп,
Токсон күн тамам болгон соң,
Манастын болот ашы – деп.
Катын берип колуна,
Алдым деп тил кат алып,
Кан Бакайдын жардыгын,
Унутпастан жат алып,
Катын алып колуна,
Кайрылбастан соңуна,
Кайра тартты Сырдымак.
Кең-Кол, Талас жолуна.
Эми Ырамандын Ырчысы,
Сөзгө жетик сынчысы,
Кабар тапчу чалгынчы,
Кан Манастын тыңчысы.
Ат-Башынын сазында,
Чеч-Төбөнүн кашында,
Катагандын кан Кошой,
Калың журтка даң Кошой.
Жаткан экен чебинде,
Алтын Эмил жеринде.
Ырамандын Ырчысы,
Барган эмес тегинде.
Эр Кошойго кат берип,
Эгилип катты бат берип,
Аштын жайын билдирип,
Аңгеме айтып күлдүрүп,
Манас сага бала эле,
Бактысы артык кан эле,

Жалпы түрктүн үстүнөн
Жайлап турган жан эле.
Балаң Манас баатырдын,
Ашына барып тургун – деп,
Келген элге кеп айтып,
Башына өзүң тургун – деп.
Ашка кылчу мөрөйдү,
Өзүң билип кылгын – деп,
Эр Кошойго кеп айтып,
Эрте баргын деп айтып.
Агыш менен Кожошко
Алып барып кат берди.
Каттан калган бар сөздү,
Баарын айтып жат берди.
Элетен менен Кулетен,
Коёнбайдын балдары,
Элетенбайдын эр Агыш,
Катагандын сардалы.
Кулетен байдын куу Кожош,
Бузулган иштин далдалы.
Агыш, Кожош аттанып,
Ушул ашка баргын – деп,
Каттан окуп кангын – деп,
Калың олжо алгын – деп,
Мындан жүрүп каргытып,
Жол жүрүшүн арбытып,
Кашкардын барды шаарына,
Кабар берип баарына
Төрт атасы кан болгон,
Түбүнөн бери даң болгон.
Түп атасы Кара кан,
Кара кандан Барак кан,
Чоң атасы Атай кан,
Өз атасы Элеман,
Төрт атасы бүт бойдон,
Кашкардын калкын сураган.
Барды Төштүк канына,
Баатыр Төштүк жанына
Барса Төштүк Кашкарда
Калкынын баары баш камда.
Калк атасы кан Төштүк,
Калкын бийлеп жатканда.
Ырчыуул берди кагазды,
Эр Төштүктүн колуна.
Бакай жазган каты – деп,
Байкаңар сөздүн соңуна.
Бакай кандын каты – деп,
Манастын болду ашы – деп.
Манастын ашы кечиккен,
Баласынын жашы – деп.
Катта жазган кеби бар,
Кебинде мындай эби бар.
Баатыр Төштүк кан дептир,
Биз дагы тирүү жан дептир.
Семетейди жашсынтып,
Бакайды кары дебестен,
Өлгөн Манас оёндун,
Жүзү нары дебестен.
Баатыр Төштүк аттанып,
Келип кал деп бул ашка,
Келбей калсаң бул ашка,
Баласы жетер кубатка.
Кан Төштүк наркты бузду – деп,
Каларсың өзүң уятка.

Ырамандын Ырчыдан
Калган кепти угарсың.
Убада күндүн өзүндө,
Кашкарыңдан чыгарсың.
Келбей калсаң бул ашка,
Элге уят кыларсың.
Ырамандын Ырчысы,
Кагазын берип кандарга,
Кабарын калкка билдирип,
Кара,төрө жандарга.
Аябай аныk жаздырып,
Алтын мөөрүн бастырып,
Кат алдым деген Төштүктөн,
Кагаз алып колуна,
Кайра тартты Ырчыуул
Таласка барчу жолуна.
Кандай түрдүү сөз келет,
Караңар сөздүн соңуна.
Эми Чыңроон байдын Чыңгышы,
Таластан чыккан аттанып,
Барар жолу узак жол,
Бакай жазган катты алып.
Жолдон берип өтөм – деп,
Чыңгыш барды Котонго,
Өзүбектин Санжыбек,
Барса Чыңгыш ошондо.
Калкыңа кабар бергин – деп,
Салтанаттуу чоң ашка,
Сандырган менен келгин – деп.
Тартынбай ашка баргын – деп,
Саратты санга салгын – деп.
Сарат кирсе байгеге,
Санап олжо алгын – деп.
Кат алдым деп Санжыдан,
Кагаз алып колунан,
Эштектерге бармакка,
Эми түштү жолуна.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Жол жүргөндө мол жүрүп,
Чыңроон байдын баласы,
Чыңгыш барды Алайга.
Манастын ашы болот – деп,
Даңкы кетти далайга.
Эштектердин Жамгырчы,
Байкенейдин баласы,
Чыйырдынын иниси,
Эр Манастын тагасы,
Барган заман турбастан,
Башка сөздү урбастан
Жамгырчыга кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
– Элден мурун озунуп,
Эрте баргын – деп айтат.
Атын таштап алдыга,
Андан тандап ат минип,
Азамат Чыңгыш турбастан,
Аянбастан бат жүрүп,
Булгунга барды бир пастан.
Күндөп-түндөп эр Чыңгыш
Жүрүп келет тынбастан.
Булгун каны кан Шоорук,
Акылайдын атасы,
Манас өлдү дегени
Таркабаптыр капасы.

Манастын ашы болду – деп,
Калк чатырап толду – деп,
Бакай, Жакып эки кан,
Аш берчү жерге конду – деп,
Чыңгыш карап турбады,
Башка сөздү урбады,
Бакайдын айткан сөзүнөн
Башка сөзгө жылбады.
Чыңгыш барды турбастан,
Айтылуу Букар канына
Арасында канча журт,
Кабар салып баарына.
Букардын каны Шамурат,
Аппак сакал чал экен,
Аябаган сымбаттуу
Канга ылайык жан экен.
Зыяпат менен кеп айтып
Кеп айтканда деп айтып,
Кан Манастын ашына,
Кабарчы келдим өзүңө,
Карыя Бакай кат жазып,
Кадырга алып силерди,
Силерге мени жиберди.
Кулак салгын сөзүмө
Кан Шамурат кан – деди,
Ушул ашка бар – деди,
Атыңды чаап байге алып,
Арбын олжо ал – деди.
Кан Шамурат алганың,
Кан Бакайдын каты – деп,
Кагазга дайын жазылуу,
Кан Манастын ашы – деп.
Кат алдым деп колума,
Кагаз чийип бергин – деп.
Калк жыйылып көп келет,
Тамашаны көргүн – деп.
Чыңгыш түштү шартылдап,
Кайымбектин жолуна,
Кабар берип кандарга
Кагаз алып колуна,
Даңкы журтка дайын бек.
Кайта келер жолунда,
Келер жолдун оңунда,
Жакын жерге кабарды,
Берем деген соңунда,
Чыңыроон байдын Чыңгышы,
Адамга ысык жылдызы.
Айткан сөзү эки эмес,
Сөзүндө жок жылгысы.
Кайымбекке кеп салды
Кеп салганда деп салды,
Катын берип Кайымга,
Кабарым ушу – деп салды.
Манастын ашы болот – деп,
Алыскы элдер келди – деп,
Ашты Бакай берди – деп,
Ашка барбай калган жан,
Көргүлүктү көрдү – деп,
Көрмөк турсун Бакайдан,
Көзүм жетет өлдү – деп.
Кайымбегим аттан – деп,
Тез аттанып бат бар – деп,
Ашка барам дедирип,
Сарамжалын жедирип,

Кагазын алып колуна,
Кайрылбастан соңуна,
Чын Таласка келдим – деп,
Чыңгыш түштү жолуна.
Ашка барган кабарчы,
Кабар берип кандарга
Калк аралап уктуруп,
Канча түрдүү жандарга.
Кабарчылар келишип,
Кан Бакайга көрүшүп,
Кандай түрдүү иштер бар,
Бакайга айтып беришип,
Бакайга сөзүн урганда.
Сөзүн айтып турганда.
Ат арытып, жол тартып,
Азыр келип турганда.
Ал аңгыча болбоду,
Чоң Кеминде калаасы,
Сан кыргыздын сарасы,
Сарбан таздын баласы,
Элден мурун барам – деп,
Элин жыйып кеңешип,
Кабылан Үрбү күч баштап,
Кандар менен эгешип,
Көркөм үйүн чечтирип,
Көп кыргызын көчүрүп,
Ашка көчүп барам – деп,
Барып конок алам – деп.
Токсон бээни бул ашка,
Толук кылып соём – деп,
Тойбой жүргөн опкокту,
Токтотуп этке коём – деп.
Манастан аяп калбайм – деп,
Мал күтөм деп барбайм – деп,
Эрегишкен душман көп,
Элден наалат албайм – деп,
Алда канча дың менен,
Конок күтүп кол байлап,
Кызмат кылчу жан менен.
Үйө төгүп бар малын,
Үрбү келди бир бетке.
Конокту өзүм алам – деп,
Конуп калды бир четке.
Анын арка жагынан,
Аңгеме баштап жаңыдан,
Катагандын кан Кошой,
Камынып алып абыдан.
Кан Манастын ашында,
Кан Кошою башында.
Катагандын үйүнө,
Агыш, Кожош кашында.
Балам Манас ашына,
Бакайдын жазган катына
Кантип барбай коём – деп,
Барганымда барбайып,
Кан Кошоюң дардайып,
Канетип конок болом – деп,
Кадеми каткан Бакайга,
Уялбай кантип коном – деп.
Чагатай менен Калдаңга,
Калган малым болор – деп,
Кан Манастын ашына,
Кантип барбай коём – деп.
Чагатай, Калдаң камын–деп,

Кызмат кылчу чагың – деп,
Эки балам тургун – деп,
Элиңе кеңеш кылгын – деп,
Элиң менен кеңешип,
Эрте көчүп жылгын – деп.
Токсон беште табында,
Торго түшкөн чагында,
Сакалынын агында,
Сапар кетер чагында,
Жаштан Кошой жүдөгөн,
Жүдөсө да эр Кошой,
Катагандын балдарын,
Кайрат берип бүлөгөн.
Эр Кошойдун Калдаңы,
Катагандын сардалы.
Эли менен кеңешип,
Сарамжалын камдады.
Саачу бээсин камдатып
Сарамжалын жайлатып,
Кызмат кылчу жигиттен,
Кыйла жигит тандатып,
Союучу бээсин камдатып,
Согумдарын тандатып,
Кысырак семиз байталдан,
Кырк байталды айдатып.
Катаганын көчүрүп,
Кара жандан кечирип,
Эр Кошоюң даң менен,
Кошой келди бир бетке.
Конуп калды бир четке.
Анын арка жагынан,
Ниетинин агынан
Айдаркандын эр Көкчө,
Жетип келди жаңыдан.
Көп казагын самсытып,
Конгон жерин жарсытып,
Ак Эркечти койкойтуп,
Алдына салып жаркытып.
Жаңыдан атка мингизип,
Үмөтөйүн ээрчитип,
Жалгыз балам ушул – деп,
Жаш кулундай телчитип,
Көкаласын каргытып,
Көсөмдүгүн арбытып,
Акындарын ырдатып,
Аңгемесин ырбатып,
Көчкөн бойдон бул келди,
Көп казагын жыргатып.
Тогуз атка тул артып,
Токсон бээ айдатып,
Келтирип ашка соём – деп,
Кемегени майлатып,
Кошумчага берем – деп,
Берер малын жайлатып.
Баатырлыгын карматып,
Акындарын сайратып
Пайдасы тийчү жигиттин,
Баарын койбой айдатып.
Узун аяк мал менен
Учаан теңиз даң менен
Көп казагын дүргүтүп,
Узун аяк мал менен.
Манаска кызмат кылам – деп,
Башында өзүм турам – деп,


Көкчө келди бир бетке,
Конуп калды бир четке.
Элемандын эр Төштүк,
Жоо бөрүсү шер Төштүк
Калың кыпчак шылкылдап,
Жерге сыйбай кылкылдап,
Келди Манас ашына,
Кемегенин башына.
Конок санап жайлатып,
Токсон нарды айдатып,
Менин жерим алыс – деп,
Бул айтканым калыс – деп,
Кошумчасын өткөрүп,
Бата кылды Манаска,
Конок болду бул ашка.
Анын арка жагынан
Аңгемелүү сөзү бар,
Букардын каны Шамурат
Мунун келер кези бар,
Самаркан,Букар калаасы,
Жыргал кандын баласы.
Кожонттун каны Ордобек,
Сөзгө жүйрүк жорго бек,
Даңкы журтка дайын бек.
Анжыянда Санжыбек,
Атпай журту өзбек,
Баатыр Манас ашына,
Бара турган кези – деп.
Базардын тонун жыйнатып,
Базбаздын баарын кыйнатып,
Атка жүктөп арттырып,
Көк бөрү улак тарттырып,
Кан Шамурат башында,
Келип калды кербендей,
Салтанатын байкасаң,
Сатпай чапан бергендей.
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Мала селде башына,
Матырайтып чалынып.
Бача ойнотуп жалынып.
Баштан-аяк камынып,
Келди Манас ашына,
Кемегенин башына.
Конок болуп бул келди,
Келгенин анык көз көрдү.
Ал аңгыча кеп чыкты
Нойгуттун уулу Шыгай кан,
Манаста кеги бар экен.
Баатыр Манас султанга,
Башынан ичи кара экен.
Көр Көбөштү айнытып,
Бузуп жүргөн ал экен.
Башынан бери Шыгайды,
Бузукка тууган жан экен.
Баатыр Манас өлгөндө,
Келип бата кылбаптыр,
Канкор кул ырас өлдү – деп,
Карсылдап күлүп жыргаптыр.
Ал себептен эр Бакай,
Шыгайга кабар бербептир.
Киши ордуна көрбөптүр.
Шылтоо кылып Шыгай кан,
Мага кабар бербейт – деп,

Кан Шыгайды адам – деп,
Калк ордуна көрбөптүр.
Тим жүрсүн Бакай оолукпай,
Эми тирилип Манас келбейт – деп,
Бели сынган курган чал,
Мени Бакай жеңбейт – деп,
Зордугуна Бакайдын,
Соо турбайт Шыгай көнбөйт – деп,
Барбаймын деп ашына,
Бакай кулдун кашына.
Барып калсам бул ашка,
Чындап жиним кармаса,
Чыңырып туруп ыйлатып,
Бакайды саям башына.
Башында ишти байлабай,
Бакайды мурун жайлабай,
Калк ичине тургузбай,
Бул кара өпкө чалды айдабай,
Абыке, Көбөш эки иттин,
Кылып турган ишин көр,
Аяр чалдын буларга,
Жорутуп турган түшүн көр!
Бого Ак сарайды салдырбай,
Алыстан уста алдырбай,
Канык ей сарай салды – деп,
Атагын күңгө калтырбай.
Манаска ашты бердирбей,
Баласын мурун өлтүрбөй,
Балакеттүү долуну,
Темирканга кетирбей.
Этиет болбой тоюна,
Эч нерсе кирбей оюна
Эми башы кармалды,
Бакай кандын торуна,
Алдап Бакай чаргытып,
Аңгемени арбытып,
Эки итти жолго салыптыр,
Эрмек таап алыптыр.
Барбаймын деп бул ашка,
Шыгай кан ашка келген жок.
Туугандыгы жөнүнөн
Туура сөзгө көнгөн жок.
Санаасын башка болтуруп,
Көбөштү сөзгө көндүрүп,
Көбөш менен Шыгай кан,
Кеңешти мыктап төндүрүп,
Манастын уулу Семетей,
Жакшылык бизге кылбайт – деп,
Бузуктун уулу бузук – деп,
Муну өлтүрбөй адам тынбайт – деп.
Келтирип кебин соктогон,
Кеңеш мурун токтогон.
Оюна келген кепти айтып,
Оозу менен оттогон.
Жедигердин эр Багыш
Элдин арка жагынан,
Элең-селең эткенсип,
Эми келди жаңыдан.
Айдап келген малы жок,
Кылып келген камы жок.
Аза, бата жөнүнөн,
Ал санаты дагы жок.
Келди Манас ашына,
Кемегенин башына.

Анын арка жагынан,
Жолу алыс жете албай,
Арстан Манас султандын,
Арбагынан кете албай,
Эштектердин Жамгырчы,
Келди элдин артынан.
Басылбастан көп ыйлап,
Манастын өлгөн дартынан.
Жайлоом алыс Алайда,
Көчүп жетем далайда.
Самаранын бер жагы,
Шаар Сабиз калаам – деп,
Бакайдан кат барганда,
Келбеске барбы чара – деп.
Бакайды кудай атпаса,
Айын алыс болжобой,
Алыстан келген жетпейт – деп,
Анча-мынча ойлобой.
Катка жазган күнүнөн,
Токсон бүгүн толду – деп,
Ашыккандан бат келдим,
Ар мезгили болду – деп.
Жерим алыс жете албай,
Арбакты сыйлап кете албай,
Бачым келдим деп келдим,
Бакай сенден өтө албай.
Токсон кызыл нар алып,
Токсон жамбы зар алып,
Тогуз атка тул артып,
Бир ай бүтүн жол артып,
Аябайм малым кенен – деп,
Кенен малдан берем – деп,
Барбай калсам бул ашка,
Бакайды кантип көрөм – деп.
Жакып турса жанында
Жардыгына көнөм – деп.
Сапарга кетер чак болду,
Жашым жетти өлөм – деп.
Эштектердин Жамгырчы,
Келип калды кечинде,
Кебин жайлап уктуруп,
Кечки салкын бешимде.
Жамгырчы келди дың менен,
Токсон кызыл нар менен.
Топук кылар Бакай – деп,
Токсон жамбы зар менен.

IV МАНАСТЫН АШЫ

Эми аштын конок алып,
Мал союла турган масылаты
айтылат.
Арстан Манас каныңар,
Атпай кыргыз баарыңар,
Кандай болот коногу
Кабарын угуп алыңар.
Үрбү көчүп келгенде,
Үйүн тигип бергенде,
Чакырып алып кан Бакай,
Ашты Үрбү бил деген,
Сенден башка билүүчү,
Аштын ээси ким деген.
Бакай, Жакып карыдык – деп,
Далай жашка бардык – деп,
Кан Манастан айрылып,
Как талаада калдык – деп,
Жондон келген сөз болсо,
Жооп айтып тургун – деп.
Жан аябай агаңа,
Жакшылап кызмат кылгын – деп.
Кошой, Төштүк келгенде,
Кандарга кеңеш салам – деп,
Айдаркандын Көкчөсүн,
Чоң кеңешке алам – деп.
Сенден башка күйчү ким,
Өзүң билгин балам – деп.
Ал аңгыча эл келди,
Эл келгенин көз көрдү.
Кан Бакайың шартылдап,
Кошойду алып башына,
Көкчө менен Төштүктү,
Чакырып алып кашына,
Эр Бакай элге кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
– Конок келип болду – деп,
Эл жыйылып толду – деп,
Бакай, Жакып карыдык – деп,
Өлүүчү жашка бардык – деп,
Манас өлүп темселеп,
Баш көтөрбөй калдык – деп.
Арбактуудан кан келдиң,
Алда канча жан келдиң,
Кеңешке кирчү кан келдиң,
Кеп сурачу жан келдиң.
Бириң чыгып сүйлө – деп,
Ушул ашты бийле – деп.
Укпадык деп артында,
Уят кылып жүрбө – деп.
Баштан-аяк бар сөзүн,
Бакай айтып басылды,
Канетсин Бакай шордуу – деп,



٢٧٤

دشته که دهردیه جامغیرچی
کولیب قالدی گهینده
گوبیه جایلاب وقتدروب
گولگی یالغیز یه شینده

جامغیرچی کولدی داگ مه نده
توقتیوده تیزیل نار مه نده
توفوق قیلار باقاق ده
توقتیوده جامپی زار مه نده

١٧

ده مه اشدیه خونوت الیب
مال سوبو ماپیلاق اینیلات

ارسیاق ماناپس قانیگار
اینیاق خیرغیز یاریگار
قائداق بولوت قونوغو
قاباریپ وغوب الیگار

وربو گوجوب گولگ نده
دیه توگوب بورگنده
جاغیریپ الیب تاق باقاق
اشتی وربو بیل ده کت
بسنده ده باشقا بیلوجو
اشدیه ده یه کیم ده کت

Кандардын көөнү ачылды.
Эми баатыр Кошой баркылдап,
Аксакалы жаркылдап,
Баштады сөздү шартылдап.
Мен болсом да карыдым – деп,
Токсон бешке бардым – деп.
Манас өлдү дегенде
Баштагы эстен тандым – деп.
Муунум кетип шылкылдап,
Бурула албай калдым – деп.
Алдыма коюп өбөктү,
Артыма коюп жөлөктү,
Уялгандан Бакайдан,
Араң келдим бул ашка,
Токсон беш деген балакет,
Ким чыгып көргөн бул жашка.
Көкчө, Төштүк сүйлө – деп,
Бириң чыгып бийле – деп,
Сүйлөбөсө мен айтам,
Айып көрүп жүрбө – деп.
Чоң кеңешин токтотуп,
Акыл менен жылабыз,
Уят болбой душманга,
Ашты өткөрүп тынабыз.
Жаш эмеспи жалка элек,
Ашты Үрбү билсин – деп,
Бейлин салып бул ашка,
Белин чечип кирсин – деп.
Элетендин эр Агыш
Эсепке бу да кирсин – деп.
Катагандан бир бала
Каралашып жүрсүн – деп,
Топ кеңеши Бакайга,
Түйүм болуп турсун – деп,
Башкабыз бар сөзүн,
Бакай айтып турсун – деп.
Жеңил балдар билсин – деп,
Желип-жортуп жүрсүн – деп,
Жарчыны мыктап алсын де,
Бардыкты мыктап салсын де.
Зарыгып конок калбасын,
Уятты бетке салбасын.
Тез аттанып баргын – деп,
Конокту бөлүп алгын – деп.
Жардык берип Үрбүгө
Жалпы кандар аткарды,
Жанына алып Агышты,
Ашты Үрбү башкарды.
Үрбү кылды жардыкты
Көрсөтөм деп бардыкты.
Кылбасын мага тардыкты,
Камчым тийип калган жан,
Кан болмоктон дөө болсун,
Кылбасын деп ардыкты.
Жарчы башы жалкасын,
Жардыгымды кармасын.
Менин айткан жардыгым,
Жанга айтылбай калбасын.
Жалпы журтту башкарган,
Кан айтылбай калбасын.
Менин айткан жардыгым
Көпкө айтылбай калбасын,

Көптүн башын кармаган,
Бекке айтылбай калбасын.
Мейман болсоң болом – деп,
Бет алдымдан көргүн – деп.
Конок болсоң болом – деп,
Кош-кошуңдан көрүн – деп.
Тууга карап жөлөн – деп,
Туу түбүнөн көрүн – деп,
Канга карап жөлөн – деп,
Кан кашына көрүн – деп.
Бекке карап бөлүн – деп,
Бек кашынан көрүн – деп,
Жалгыздан конок турбасын,
Жардыгымды тыңдасын.
Жалгыз калып кокустан,
Жанына жабыр кылбасын.
Алынбай калып конокко,
Айып тартып курбасын, –
Деп Жалгасынды аткарып,
Жар салдырып турганда,
Жалпы мейман аттанып,
Жардыгын кабыл кылганда.
Баатыр Үрбү баркылдап,
Жардык айтып чартылдап,
Элетен байдын эр Агыш
Бу да сүйлөп шартылдап.
Кырк чоролор кайда – деп,
Кызматы бизге пайда – деп,
Манастын ашын көрдүңөр,
Пайда ошол жайда – деп.
Манастын тузун таткансың,
Баарың жыргап жаткансың.
Кыркың келип кырк жерден,
Кан дөөлөткө баткансың.
Бакайды алып башыңа
Байматты алып кашыңа,
Конок берем бөлүп ал,
Талашпай карап жашыңа.
Букардан келген каны бар,
Кан Шамурат даңы бар.
Жыгатай менен өзүбек
Жыйылып келген баары бар.
Кокондон келген беги бар,
Бектерде сонун кеби бар.
Кокондон келген Санжыбек
Конок болор эби бар.
Ташкенден келген беги бар,
Талапка келген кеби бар.
Ташкендин беги Кайымбек,
Конок болор эби бар.
Чоролор чогуу баргын – деп,
Бакай масаат салгын – деп,
Бакайга берип Санжыны,
Башкасын бөлүп алгын – деп.
Өзбек, сарттан калтырбай,
Кыркын бөлүп алгын – деп,
Тартынбастан тай союп,
Дасторконго салгын – деп.
Коноктун жайын билесиң,
Көөнүңө алба арбын – деп.
Эшикте конок калбасын,
Эртелеп барып алгын – деп.

Кырк чоронун кырааны,
Кыраан турсун тынары,
Эр Манастын ашында,
Кызматын өзү кылары,
Абдылда кандын Байматы,
Адамдан сүрдүү айбаты,
Кан Байматтын бу кезде,
Кабылан жердей кайраты.
Жаңы чоро жайлуусу,
Жүрөгү оттой майлуусу.
Коңгуроолуу байдын Кошабыш
Чыңроон байдын эр Чыңгыз
Жалпы чоро келгин – деп,
Жайланып ашты бергин – деп,
Мойнуңду бурбай бир чоро,
Жардыгыма көнгүн – деп.
Бакайды алып башына,
Байматты алып кашына,
Баатырга кызмат кылыңар,
Арстаныңдын ашына, –
Деп Үрбү айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Чоронун баары чогулуп,
Чоң кеңешке жолугуп,
Бул коногуң аз го – деп,
Баатыр Баймат оолугуп,
Жалпы өзүбек-сарттарды,
Жайлап алып жөнөдү.
Жалгыз адам чыгарбай,
Айдап алып жөнөдү.
Баймат болбой бакылдап,
Басылбастан шакылдап.
Азыраак конок берди – деп,
Азыр мында келди – деп,
Же Бакай алсын баарын – деп,
Баркына карап таарын – деп.
Же өзүм алам баарын – деп,
Өлчөсүн байкап тарын – деп,
Үрпөйүп турган өзбекти,
Өзүм жалгыз алам – деп.
Миң болмоктон сан болсун,
Бир кишиден багам – деп.
Баймат конок талашып,
Масылат кылып жарашып.
Башка чоро чуркурап,
Баарысы ыйлап буркурап.
Арстанымдын ашында,
Коноктон кантип калам – деп,
Коноктон куру калган соң,
Өлбөскө барбы чарам – деп.
Конок албай коржоюп,
Ашка кантип барам – деп,
Чоронун баары дүркүрөп,
Кан Бакайды алышып,
Баарысы сөзгө келишип,
Бакайга сөзүн салышып.
Бакай айтып болтуруп,
Байматты сөзгө көндүрүп,
Эсиң жокпу Баймат – деп,
Эпке-сөзгө келтирип.
Бакайга сөзүн салышты,
Араң бөлүп алышты.

Анжыян менен Коконду,
Алып Бакай жөнөдү,
Букар, Ташкен бурулбай,
Чорого калды бөлөккө,
Кырк чоронун соңунан,
Кыйдамы келип оңунан.
Кан Жамгырчы Манастын,
Өз айлына жатсын – деп,
Канықей менен сүйлөшүп,
Калган муңун айтсын – деп.
Абыке, Көбөш айлына,
Эр Багышты алсын – деп,
Конок токтоп турбастан,
Конуучу жерге барсын – деп.
Манас тапкан башында,
Бала болгон Желдең бар,
Чоң казатта жактырып,
Кытайдан алып келген бар.
Баатыр Манас султаның,
Балам деп ысык көргөн бар.
Жамгырчыны алсын – деп,
Жардыгын кандын укканда
Баатыр Үрбү оёндун,
Оозунан бул сөз чыкканда,
Оозунан сөздү чыгарбай,
Оолуккан жетим туралбай,
Жамгырчы менин тагам – деп,
Тагамды өзүм багам – деп.
Алып Желдең жөнөдү,
Акылын өзүм табам – деп.
Олтуруп ыйын бүтүрүп,
Туруп ишин бүтүрүп,
Эрке катын Канықей,
Турган экен күтүнүп.
Абыке, Көбөш Багышты,
Алып кетти багам – деп.
Жедигерди бакканга,
Жетет менин чамам – деп.
Эми Үрбү чечен кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Катаган менен казакты,
Кашкардан келген кыпчакты,
Кошой менен Агышты,
Көкчө менен Төштүктү,
Дөөлөрдү өзүм алам – деп,
Түрдүү журтту багам – деп,
Кыл чыгарбай кыргыздан,
Багууга келет чамам – деп.
Үрбү айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Катагандын оёну,
Кан Кошойдун баласы,
Чагатай турду чартылдап,
Тайманбастан шартылдап.
Катагандын Агышы,
Агыштын келип намысы,
Үрбүнүн кана калысы,
Өзү конок алышы.
Калк атасы кан Кошой,
Коноктон куру калышы.
Конок тийбей калды – деп,
Кор болуп үйгө барышы.

Бул жоругуң жаман – деп,
Ойлогонуң амал – деп,
Агыш турду чартылдап,
Айтып сөзүн шартылдап.
Камынып келдим ашка – деп,
Кошумча малым башка – деп,
Таздын уулу кантесиң,
Бул жорукту ташта – деп.
Алыстан келген тууган – деп,
Айлыбыз чектеш турган – деп,
Элемандын Төштүктү,
Агыш алып жөнөдү.
Толуп жатат Агыштын,
Дагы толгон өнөрү,
Кан Кошойдун Калдайы,
Өзү конок алчубу.
Катагандын кан Кошой,
Албай куру калчубу.
Алыстан келген мейман – деп,
Арбагы бизге тууган – деп,
Кылча жанын аябай,
Журт намысын кууган – деп,
Чагатай барды чартылдап,
Көкчөнү конок алам – деп.
Конок албай бул ашта,
Кантип куру калам – деп.
Көкчө айтат конбойм – деп,
Мен дагы конок алам – деп,
Албай кантип калам – деп,
Албасам да казакты,
Бүтүн өзүм багам – деп.
Чагатай бого болбостон,
Кан Көкчөнү койбостон,
Башчысын Көкчө кан кылып,
Көргөн элге дың кылып,
Сарамжалын даярдап,
Сан казакты жам кылып,
Чагатай сөзгө көнөбү,
Албаганда өлөбү.
Сан казакты самсытып,
Айдап алып жөнөдү.
Бекер айтып салдым – деп,
Уят болуп калдым – деп,
Урматтуу конок эмеспи,
Мен Букардын канын алдым – деп.
Кошой конок аларын,
Билбей айтып салдым – деп.
Таарынбагын эр Агыш,
Сөзүмдү өзүм алдым – деп.
Шамурат канды Үрбү алды,
Чагатайдын Сарасын,
Кадимден кандык колунда,
Кан Жыргалдын баласын,
Конок жетпей кор болуп,
Комутта калган көп болуп.
Жолукпай калган көп болду.
Манаска кызмат кылбай–деп,
Ыйлап жүргөн көп болду.
Конок бер деп Үрбүнү,
Кыйнап жүргөн көп болду.
Конокту бөлүп таратып,
Кол-колуна каратып

Калың кыргыз тууганын
Кан Үрбү турду жаратып.
Кандай айтсаң макул – дейт
Калк ушундай болбойбу,
Кандын ашын бергенде,
Калдайып конок конбойбу.
Абыке, Көбөш эки иним
Аш бердим деп ойлойбу.
Агасы Манас өлгөн соң
Эми аксымдыгын койбойбу.
Конок болсо алынды,
Жарчы башы Жалгасын,
Көп көрдүң Манас пайдасын,
Жалпы журтка жар чакыр,
Жанга айтылбай калбасын.
Ашты бүгүн сойчу – деп,
Бей-бечара тойчу – деп.
Он беш күндүн ичинде,
Элге-журтка кабарлап,
Этин туурап даярдап
Белен кылып койчу – деп.
Он беш күндүн өзүндө,
Ашка мөрөй болот – деп.
Ашка келген меймандар,
Бир ордуна конот – деп.
Айрыбаш конок болбойт–деп,
Башка жерге конбойт – деп.
Өз коногун тааныбай,
Адашкан адам оңбойт – деп.
Алыстан келген меймандар,
Жардыгымды уксун – деп,
Эртең эрте аттанып
Тамашага чыксын – деп.
Күндүз кечке кубанып,
Тамашага батсын – деп.
Конок алган жерине,
Кечинде барып жатсын – деп.
Аты жемден калбасын,
Ороосун ачып койсун – деп,
Арпа-буудай дебестен,
Аттары жемге тойсун – деп.
Берекелүү байлары,
Бээден башка сойбосун.
Талаптуу жигит мырзалар,
Тайдан башка сойбосун.
Бакай, Кошой айткан сөз,
Кандардын сөзүн ойлосун,
Айтып койгон бир сөз – деп,
Аяп берип койбосун.
Жалгасын чапчаң жар чал – деп,
Жалпы журтка шар сал – деп.
Абыке менен Көбөштү,
Кеп-кеңешке алышып,
Алган бойдон турбастан,
Кошойго басып барышып,
Жаны курсун өлбөгөн,
Жакыпты жаңдап алышып.
Каныкейдин алдына,
Калдайып басып барышып.
Эми Үрбү чечен кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
– Ашыбыз качан союлсун,

Абыке уккун – деп салды.
Түштө түтүн булатып,
Түтүнгө түтүн улатып,
Мал союлчу күн качан,
Бээлерди жарып сулатып,
Карыдан кеңеш чыкчу – деп,
Жаштары муну укчу – деп.
Карынын кебин уккан соң,
Белсенип жаштар чыкчу – деп.
Куран окуп багыштып,
Бээлерди качан жыкчу – деп.
Ашын качан сойчу – деп,
Кемегени ойчу – деп,
Кара кызмат кылгандар,
Казан басып тойчу – деп.
Абыке, Көбөш эки иним,
Соёсуң качан ашыңды,
Көпчүлүккө дайындап,
Көрсөтсөңчү башыңды.
Жаш эмессиң жайрагыр,
Мен билем сенин жашыңды.
Агыш, Үрбү шартылдап,
Айтып сөздү басылды.
Эми Каныкей какшап сайрады,
Сайрап сөзүн жайлады.
Абыке, Көбөш эки иниң,
Кылсак деп жүрөт пайданы.
Агаң Манас баатыр – деп,
Ак сарайда жатыр – деп.
Сөзүмдү укпай койбогун,
Бир калжыраган катын – деп.

Абыке, Көбөш аш сойсо,
Каныкей карап турчубу,
Бура салып Каныкей,
Булардын буйругун эки кылчубу.
Өзүң туруп башына,
Бакайды алып кашыңа,
Агаңдын ашын берип кет,
Ал-чагымды көрүп кет.
Кагазда дайын жазылган,
Кошумча келген малдар бар.
Арбагын сыйлап Манастын,
Алып келген кандар бар.
Келгендин баары куру эмес,
Келгендер куру кайтчубу,
Келгендер куру кайтканда,
Жакшы деп бирөө айтчубу.
Азасы болот өлгөндүн,
Алганы болот бергендин.
Кайсы бирин айтайын,
Кеткени болот келгендин.
Милтеси болот мергендин,
Милдети болот бергендин,
Кошчусу болот кербендин,
Колкосу болот бергендин.
Кебимди айып көрбөсөң,
Кандарың куру кайтчубу,
Кандар куру кайткан соң,
Жакшы деп бирөө айтчубу.
Арбак конуп арстаным,
Атка минген жашында,
Бакай жүргөн башында,

Кырк чоросу кашында.
Кан болуп чыкты калкыңдан,
Казына жыйды алтындан,
Казына оозун ачайын,
Калбасын мөрөй салтыңдан.
Казына даяр кенен – деп,
Каныкей таап берер – деп,
Өзүң билип кылып тур,
Капа болбой тынып тур.
Арбагы турат кыргыздын,
Атасы турат Манастын,
Базары турат Таластын,
Бакайы турат Манастын.
Жергеси турат кыргыздын,
Жетими турат Манастын.
Эсен уул ыйлабас,
Эсептүү дос кыйнабас.
Өспөгөн журттун жаштары,
Өз атасын сыйлабайт,
Баласы өлгөн Жакып чал,
Манасы өлгөн Бакай чал,
Өкүл атам, кайнатам
Экөө бирдей катар чал,
Чакыртып алып жаныңа,
Чалдарга кеңеш салып тур.
Таарынып кандар калбасын,
Талыкпастан барып тур.
Абыкени кеңешке
Анда-санда алып тур.
Катын деп менден тартынбай,
Калбасын сөзүң айтылбай.
Алтын, күмүш ак жамбы
Казынадан алып тур.
Манастын ашы болот – деп,
Болбой кантип коёт – деп,
Кемегенин башына
Келтирип малды соёт – деп,
Келгендер этти туурайт – деп,
Бычагы жоктор куурайт – деп,
Пычагы даяр болбосо,
Бир далай ишти муунайт – деп.
Мал союучу чоң канжар,
Эт туурачу ак бычак,
Ойрон болгон Каныкей,
Бүтүрүп баарын тындырдым,
Бөлөкбайдын шекити,
Кара устага кылдырдым.
Баарысы болот албарстан
Кескен жерди таарыган.
Кара курч эмес, ак албарс
Кармаган жерди каарыган.
Жана жүз үй тиктим даярдап,
Кемегенин башында,
Үй кайтарчу кызматкер,
Карап турат кашында.
Жүз кемеге каздырдым,
Баарына казан астырдым,
Кемеге сайын бир адам,
Келтирип казан бастырдым.
Баласы жалгыз жаш болду,
Кара көзгө жаш толду.
Эмгеги арбын бейбакка,

Эки иниси кас болду.
Каргашалуу Көбөштүн,
Кара боору таш болду.
Аш өткөн соң алжырап,
Атасын бузуп алат дейм
Абышка кетип калат дейм,
Азапка мени салат дейм.
Эл кеткен соң элирип,
Энесин бузуп алат дейм.
Эмгекке тууган Каныкей,
Эмгекке мени салат бейм.
Чогулган жыйын кеткен соң,
Чорону бузуп алат дейм,
Ар жерден келген ит эле,
Чоролор кетип калат дейм» –
Деп ар жорукту бир санап,
Айтып ыйлайт Каныкей.
Арманын айтып Үрбүгө
Кайтып ыйлайт Каныкей.
Арманын айтып олтуруп,
Аянбай ыйлап олтуруп,
Көшөрүп кашкөй көп ыйлап,
Көзүн жашка толтуруп.
Каныкей айтып арманын,
Баласы жетим калганын,
Балага жардам болот – деп
Бакайды сүрүп салганын.
Учаан теңиз көп көздү,
Үрбүгө айтып билгизди.
Кабылан баатыр Үрбүнүн,
Кашайтып жанын күйгүздү.

Эми баласы өлгөн муңдуу чал,
Жакыпты алып жаныңа,
Манасы өлүп куураган,
Бакайды алып кашыңа,
Кандар капа болбосун,
Кандарды алып башыңа,
Калк жыйылды мал союп,
Камынгын агаң ашына.
Каралашып жүрөрсүң,
Баласынын жашына.
Айтканды мага койгун – деп,
Ашыңды Үрбү сойгун – деп,
Аман таз шордуу кайда – деп,
Жылкыңды бери айда – деп.
Абыке менен Көбөштү,
Сен да кылам деп жүрбө пайда – деп,
Аман тазым турбастан,
Атка минип бастыр – деп,
Кара буурул жылкыны,
Кан Үрбүгө тапшыр – деп.
Канча жылкы союлса,
Кагазга баарын жаздыр – деп.
Жаныңдан чыккан жоо койбойт,
Абыке, Көбөш соо койбойт.
Аягына Үрбүнүн
Семизин тандап сойгун – деп,
Калганын айдап койгун – деп.
Каныкей жакшы айтат – деп,
Жакып кан турду жалдырап.
Балдары жайсыз болгон соң,
Мас болгондой алдырап.

Бакайга макул кеп болуп,
Баарыга жаккан эп болуп.
Абыке менен Көбөштөн,
Айдалып калган жек болуп.
Тартынба Чубак Таластан,
Мал аяба Манастан.
Бакайга несин айтасың,
Баштагы эстен адашкан.
Жакыптан жайлуу кеп угуп,
Кеп укканда эп угуп,
Жарашыктуу иш болсун,
Жакшылап өткөр деп угуп.
Манаска кыл деп зыйнатты,
Бакайдан масаат кеп угуп.
Мал аябай жакшылап
Балдарым, өткөр деп угуп.
Каныкейден кеп угуп,
Канчалык сөздү көп угуп,
Кан Манастын ашына,
Казына даяр деп угуп.
Агыш, Үрбү чартылдап,
Кан Бакай карап турба – деп,
Кадимкидей жырга – деп.
Жетимиң аман турганда
Жер жазданып курба – деп.
Чоролор чогуу тургун – деп,
Чогулуп кеңеш ургун – деп.
Пайдаң тиер кез ушул,
Манаска кызмат кылгын – деп.
Аламын сенин тынчыңды,
Ашта койгун уйкуңду.
Аман таз туруп аттанып,
Айдап кел деп жылкыңды,
Шыңкы чоро кайда – деп,
Манастан көргөн пайда – деп.
Корукчу болгон бул ашка,
Пайдаң тийчү жайда – деп.
Алыш-бериш жумушка,
Баймат барып турсун – деп.
Ат үстүндө жумушту,
Аксакал Баймат кылсын – деп.
Кошойго Баймат барып кел,
Кандарды барып алып кел.
Аш союлат бүгүн – деп,
Элге кабар салып кел.
Бата кылып багыштап,
Мал соёбуз Манаска,
Баары кыргыз бул ашта.
Бийликти менден талашпа,
Кандардан алдым жардыкты,
Кылбаңар мага тардыкты.
Кылайып кыргыз балдары,
Кылбагын мага ардыкты.
Камчым тийсе качып тур,
Карбаластап шашып тур.
Чыр чыкпасын бул ашта,
Бириңди бириң басып тур.
Бейбашты жөнгө салып тур,
Менин тилим алып тур.
Кимде кимиң таарынбай,
Кызматка айтсам барып тур,–
Деп кабар салып Кошойго.

Кандарды келди жыйнатып.
Кара кошок коштуруп,
Каныкейди ыйлатып.
Башка сөздү койдуруп,
Манастан жүз бээ сойдуруп.
Айдатып келип карматып,
Ашка сойду арнатып.
Касабың болсо келгин – деп,
Жалгасынга жардатып,
Мал союучу азамат,
Казынага баргын – деп,
Казынада бычак көп,
Каныкейден алгын – деп.
Эт туурачу эр жигит,
Эрикпей басып баргын – деп.
Казынада бычак көп,
Каныкейден алгын – деп.
Шартылдатып сөз айтып,
Жана карап турбады,
Жандын баары Үрбүнүн,
Жардыгын эки кылбады.
Мен Манастын ашына,
Токсон бээ сойдум – деп,
Кемегенин башына,
Келтирип жасоол койдум – деп,
Сойгондон мен тартынбайм,
Агам Манас ашына,
Келтирип жасоол коёмун,
Кемегенин башына.
Келип өзүм конгонмун,
Каныкейдин кашына.

Согумум даяр байлаган,
Кер өзөндү жайлаган,
Таластын жолу алыс – деп,
Майы эзилип кетет – деп,
Тогуз күндө жетет – деп,
Жылдырып аста айдаган.
Бээлерди айдап келгенде,
Кан Бакайга бергин – деп,
Дагы аябайм малымды.
Атпай кыргыз көргүн – деп,
Токсон бээни келтирип,
Ашка сойду эр Үрбү.
Өз балдарым соёт – деп,
Башка сойду эр Үрбү.
Эми Көкчө турду чартылдап,
Көтөргөн туусу жаркылдап.
Тынымсейит, Алсейит,
Жандай басып шартылдап.
Көйрөңдүк кылды Үрбү – деп,
Мен Үрбүдөн кемби – деп,
Сарбан таздын баласы,
Үрбү мага теңби – деп.
Айдаркандын эр Көкчө,
Аянып калчу менби – деп,
Көкчө кылса марттыкты,
Көрбөй калчу элби – деп.
Тогуз атка тул тартып,
Жорук кылып келдим – деп,
Токсондон байтал кем эмес,
Толук кылып келдим – деп,
Тынымсейит,Алсейит,

Байталдарды айдат – деп,
Кемегеге келтирип,
Баарын союп жайлат – деп.
Токсон байтал эр Көкчө,
Толук кылып сойдурду.
Калганын эртең сойсун – деп,
Кан Кошой айтып койдурду.
Сойгон малды жайлашып,
Казанга этин салыш – деп,
Эки-үч күндө эрмектеп,
Эт бышырып алсын – деп,
Беш күндөн кийин келтирип,
Мен дагы кырк бээ соём–деп.
Балам Манас ашына,
Сойбой кантип коём – деп,
Шыңкы кайда бул сөздү,
Кошой айткан уксун – деп,
Жалгасын кайда элге айтып,
Жарын салып чыксын – деп,
Эр Кошой айтып соктоду.
Мал союлбай токтоду.
Каныкейдин кошогу,
Калет сөзүн кошподу.
Каныкей сайрап Манастын,
Калтырбай сөзүн козгоду.
Чородон калган көп жесир,
Чогулуп ыйлап боздоду.
Эрке катын Каныкей,
Эл жыйылып болгончо,
Кары-жаштан жан калбай,
Калк чатырап толгондо
Эрке катын шашпады.
Эшигин тосуп таштады,
Эр Манасты жоктойм – деп,
Эрдигин айтып баштады.
Тушун түрүп таштады.
Тойгондугун баштады.
Булбулдай үнүн таңшытып,
Муңканып ыйлап какшады.
«Асылым төрөм оёнум,
Айтпай кантип коёмун,
Кудурет кошкон кошогум,
Кошпой кантип коёмун.
Кайран падыша султаным,
Алтымыш жашта кыйылды.
Кыз алган жарың Каныкей,
Кылып калдым сыйыңды.
Талабы кыска мен бейбак,
Тартып калдым ыйыңды.
Сарайың бүтүп аш берип,
Таласка жыйдым жыйынды.
Жалгыз балаң жаш калды,
Бир атадан аз калды.
Туушканың жогунан,
Тумшуксуз бейбак жазганды.
Абыке, Көбөш кас болду,
Эки иниң элге баш болду.
Кайрылар тууган жогунан,
Кара көзгө жаш толду.
Узун боюм бас болду,
Кызыл өңүм саз болду.
Кыз алганың кара бет,

Үн чыкпас кара таш болду.
Атаң дүлөй жаңдатып,
Айтып сөзүм аңдатып,
Эки иниңе ээ болбойт,
Бакайга башын карматып.
Сарайың бүтүп болгон соң,
Сарамжалын камдатып,
Камындым кашкөй ашыңа,
Кан Кошой келди башына.
Кашкардагы эр Төштүк,
Ала келди кашына.
Кадырың билген кан Кошой,
Кабар салып баарына,
Агыш, Кожош инисин,
Ала келди жанына.
Үйүн тигип, аш союп,
Үрбү, Көкчө кан келди,
Падышам сенин ашыңа.
Баркыңды билген жан келди,
Эштектердин Жамгырчы,
Тагаң келди Алайдан,
Талыкпай адам көп келди,
Тамашага далай жан,
Өзбек, сарттан бек келди,
Өзүнчө адам көп келди.
Даңкын угуп бул аштын,
Тамаша көрөм деп келди.
Аталаш жакын тууганың,
Туугандан чыгып душманың,
Мен кара бет Канықей,
Ичимде болду бышманым.
Айыл туруп Шыгай кан,
Алакан жайып койгон жок,
Абыке, Көбөш эки иниң,
Алынча арка болгон жок.
Талап алды Шыгай кан,
Ташкенден келген сартымды.
Канықей кимге айтайын,
Шыгайдан көргөн дартымды.
Кан Бакай жазган кат көрдү,
Канықей айткан дарт көрдү.
Карылыкка сүйөнүп,
Кан Кошой келип аш берди.
Масылат берди эр Төштүк,
Башына турду эр Көкчө,
Кайгырып келди Жамгырчы,
Кашында турду эр Үрбү.
Кандардан жардык кат алып,
Кан Кошойдон бата алып.
Кан төрөм сенин ашыңды,
Агыш, Үрбү башкарды.
Мен кара бет Канықей,
Өлөрүмө аз калды.
Атаң кары,балаң жаш,
Абыке, Көбөш кара таш.
Энең кары, балаң жаш,
Эки иниңдин боору таш.
Казына толгон зар калды,
Карыган Жакып чал калды.
Талаа толгон мал калды,
Таалайсыз Бакай чал калды.
Казына толгон бул калды,

Канықей бейбак тул калды.
Баккан балаң Желдеңбай,
Бактысы жок кул калды.
Ак сарайың бүткөнчө,
Абыке, Көбөш кол салды.
Кордук кылып эки иниң,
Кол салганда мол салды
Ката электе жарасы,
Бата электе карасы,
Эси жок эки иниңдин,
Душмандыгын карачы.
Туу көтөрүп баргансып,
Душмандан чалгын чалгансып,
Алып кетти жамандар,
Алыстан катын алгансып,
Шооруктун кызы Акылай,
Тийип кетти Көбөшкө,
Мен кара бет Канықей,
Аз калды мага жөнөшкө.
Арбак сыйлап кеп айтып,
Ашка келсин деп айтып,
Кан Шоорукка кат бердим,
Кабарын айтып жат бердим.
Кыянат кылган Акылай,
Кызымдын жүзүн көрбөйм – деп,
Көпчүлүктүн ичинде,
Уят болуп өлбөйм – деп,
Кадыры калып кызынан,
Кан Шоорук ашка келген жок.
Бир адам көзүн көргөн жок.
Бул Акылай менен тим турбай,
Жайлашып алып иш кылды.
Ак сарайын бүтө элек,
Алты айга аза күтө элек,
Төрөмдүн ашын бере элек,
Азаптуу мага кеп салды,
Абыке сени алат – деп,
Өз жесири болгон соң,
Албай кантип калат – деп.
Бул кара бет бизди сүйбөйт – деп,
Сүйбөгөндөн тийбейт – деп,
Каргашалуу долу күң,
Канча айтсаң тилге кирбейт – деп.
Айткан тилге көнбөстөн,
Ансайын күчөп жиндейт – деп,
Жай айтсам сөзгө болгон жок,
Жамандар үркүп оңгон жок.
Ак сарайдын жанынан,
Алыска кашкөй конгон жок.
Абыке менен Көбөштүн,
Акылдашы Шыгай кан,
Азгырып алды Көбөштү,
Мени айдайт дейм Шыгай бу жайдан.
Күкүктөй үнү басылбай,
Күйүтүн айтса жазылбай,
Булбулдай үнү басылбай,
Муңун айтса жазылбай.
Канықей какшап жатканда,
Кандарга датын айтканда,
Ал аңгыча болбоду,
Аман таз келди бакылдап,
Арманы көп курган таз,

Айтып сөзүн шакылдап,
Мен чыгым болбойм ашка – деп,
Менин жөнүм башка – деп,
Көбөш барып жылкыдан,
Алты бээ кармап алды – деп,
Конокко союп берем – деп,
Көбөш жолго салды – деп.
Айтып Аман келгенде,
Атпай кыргыз келгенде,
Кандардын баары кашында,
Кан Кошой бар башында.
Катынга зордук кылчубу,
Кан Манастын ашында,
Абыке калды уялып,
Бул акмакты кудай албайт – деп,
Ажал жетип күн бүтүп,
Же өзү басып барбайт – деп.
Абыке турду бакылдап,
Айтып сөзүн шакылдап.
Баякы бетпактын кылган иши – деп,
Мен жоруучу түшү – деп,
Шооруктун кызы Акылай,
Акылсыз акмак киши – деп,
Акылы болсо бул бетпак,
Астыртан сөздү салчубу.
Ашын-жытын бердирбей,
Бул акмакка тийип алчубу.
Эки акмак кепке киришип,
Орток малым дегендир,
Уятты кайдан ит билет,
Ушунтип бокту жегендир.
Алып келип сойгондур,
Акмактык кылып койгондур.
Кечээги алган коноктон,
Өзүм алдым баарысын,
Ишенбесең барып көр,
Кандардан барып калысың.
Бул конок күтүп бээ союп,
Кол куушуруп турсачы.
Чекемден терди чыгарып,
Чендүү уят кылсачы.
Өлтүрүп кетсең көпчүлүк,
Өпкө кылар жөнүм жок,
Каныкей айткан баары чын,
Жалган деп айтар тилим жок.
Мен өзүм айтып бергенче,
Каныкей айтып озунду,
Ар качандан бир качан,
Бул акмакка башым кошулду.
Шыгайдын кылган эби – деп,
Накылай айткан кеби – деп.
Шыгай кандын Манастан,
Арылбай жүргөн кеги – деп.
Мен ардана турган кеп угам,
Ар кимден кепти көп угам,
Көбөштү тыйып койбойбу,
Абыке акмак деп угам.
Менден кичүү түгөнгүр,
Айтсам албайт тилимди,
Аш бербей катын алган соң,
Акмактыгы билинди.
Каныкейди алгын – деп,

Мени канча түрдүү чаргытты.
Убалым жетсин Шыгайга,
Жазыгымды арбытты.
Каныкейди алгын – деп,
Шыгайдан сөзүн укканда,
Ушунда сөөгүм сыздады.
Эп эмес деп бул сөзүң,
Шыгайдан ичим муздады.
Эмчек сүтүн бербесе,
Элик сүтүн берген энем – деп,
Агамдан калган жесир – деп,
Энемди албайм жеңем – деп,
Каргыш кылып жүргөмүн.
Кан Бакай билет сырымды,
Айткан менен пайда жок,
Кандарга чырым угулду.
Кан Бакай ак деп айтпаса,
Абыке докко жыгылды.
Өлтүрсөң кандар баш мына,
Өзүңөр тап деп ыгымды,
Жаманды арбак урсун – деп,
Менин көргөн күнүм курсун» – деп,
Арзын айтып болтурду.
Абыке ыйлап олтурду.
Эми баатыр Кошой кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Бул кылганы уят – деп,
Абыке айтып турат – деп,
Көөлдөгөн Көбөштү,
Көпчүлүк уруп тыят – деп,
Зордук кылса жесирге,
Зомбулук кылса жетимге,
Көбөштүн кылган зордугу,
Кандай жанга сыят – деп.
Акылың болсо Абыке,
Айып көрбө жан үкө,
Көбөшүңдү тыйып кой,
Бул сөз сага уят – деп,
Жаманы кылып коюучу,
Жакшысы уят болуучу.
Мындай-мындай бейбашты,
Көпчүлүк тыйып салуучу.
Бул жорукту койгун – деп,
Жонунан кайыш алуучу.
Жетим-жесир болгон соң,
Жетимдин болот убалы.
Жакып сенин балдарың,
Жаман экен сыягы.
Агыш, Үрбү баргын – деп,
Аябай башка салгын – деп,
Соё элек болсо соксойтуп,
Бээлерди тартып алгын – деп.
Союп салса бул иттин,
Казанын чагып сындырып,
Бирин-эки кылдырып,
Жылкыга кошкун жылдырып.
Атадан жаман тууган соң,
Андан башка кеби жок.
Каяша айтса бул итке,
Камчыдан башка эби жок.
Жесир менен жетимди,
Калганы сыйлап багуучу.

Эби келсе жесирин,
Ызат менен алуучу.
Зордук кылган оңчубу,
Мындай жорук болчубу.
Жетимге зордук кылган жан,
Эгерде эки болчубу.
Агыш, Үрбү баргын – деп,
Акмактан бээни алгын – деп,
Аштын жүзүн көрсөтпөй,
Айдап жолго салгын – деп.
Эр Кошойдон кеп угуп,
Кеп укканда деп угуп,
Агыш, Үрбү шартылдап,
Көр Көбөшкө барышты.
Көп сөз айтпай Көбөшкө,
Келтирип башка салышты.
Берендигин карматып,
Бээлерди тартып алышты.
Жооп бербей жаттың – деп,
Жоону кайдан таптың – деп,
Жортуул жортпой, жол чалбай,
Жаш жетимди чаптың – деп.
Алган зайыбың келишти,
Аянбастан укта – деп.
Аш өткөнчө көрүнүп,
Атка минип чыкпа – деп.
Төрт ай арбак сыйлабай,
Төрөмө төрт ай ыйлабай,
Беш ай арбак сыйлабай,
Беренге беш ай ыйлабай,
Бул кара бет Акылай,
Сыйлабай Манас арбагын,
Эки көзү төрт болуп,
Эрге тийип алганын,
Эрге тийип соо турбай,
Элирип бузук салганын.
Эл бар,журт бар дебестен,
Салып турган жаңжалын,
Келдиң Көбөш кезиме,
Эрегиш кылба сөзүмө,
Эл бар, журт бар, кан бар – деп,
Алып жүргүн эсиңе.
Аш өткөнчө акмагым,
Түк көрүнбө көзүмө.
Аш өткөн соң алдырып,
Шыгайың менен соём – деп,
Сырымды Көбөш билесиң,
Тынчытып таштап коём – деп,
Бул Акылай бетпакты,
Байгеге азыр саям – деп.
Аты келген алсын – деп,
Айдап жолго салам – деп,
Агыш, Үрбү чартылдап,
Айтып сөзүн шартылдап.
Кайра салып оёндор,
Кандардын келди кашына.
Катуу жардык салдырды,
Кан Манастын ашына.
Ашка кылчу тамаша,
Бүгүндөн баштап болот – деп,
Ашка келген меймандар,
Аңгемеге тургандар

Кеч киргенде кайрылып,
Өз ордуна конот – деп,
Баатыр Үрбү шар айтып,
Жалгасын элге жар айтып,
Агыш, Үрбү кеңешип,
Балбан бешөө болсун – деп,
Сайыш төртөө болсун – деп,
Эңиш экөө болсун – деп,
Бул мөрөйдүн тышында,
Угуп турсун ошондо,
Эңиш, сайыш, күрөш – деп,
Үч мөрөй катын алсын – деп,
Курулай келбей түгөнгүр,
Күчтүү катын салсын – деп,
Мындан башка мөрөйдү
Талапкер чыгып алсын – деп.
Таап алган олжом – деп,
Мактанып элге барсын – деп.
Баатыр Үрбү кан айтып,
Жалгасын элге жар айтып,
Канча чыксаң анча чык,
Талапкердин жолу ачык.
Алып турат байгесин,
Аш берген эрдин колу ачык.
Төө чечкенге жылаңач,
Катын болсоң чыккын – деп,
Сүзүшөсүң аянбай,
Тазың болсо чыккын – деп,
Ыгын тапкан сүзүшүп,
Машың болсо чыккын – деп.
Балбан тазың чыккын – деп,
Байгени алып жыккын – деп,
Жыпжылыңач чабышка,
Чыдамкай өжөр чыккын – деп,
Байгеси даяр аласың,
Жалгасындан уккун – деп.
Ар балбандын байгеси,
Он тогуз жылкы, эки төө,
Жыйырма бирден бөлүнөт,
Ар балбандын өзүнө,
Айтылган байге берилет.
Анык көзгө көрүлөт.
Баатырлардын байгеси,
Отуздан кызыл нар болот,
Баарысы окшош пар болот,
Отуз нардын үстүнө
Он жамбы күмүш зар болот.
Менин сөзүм жар болот,
Ар баатырга дайындап,
Бергенге Үрбү бар болот.
Төрт баатырдын байгеси,
Жүз жыйырма төө болот.
Кырк жамбысы дагы бар,
Төөлөргө баатыр ээ болот.
Эр эңиштин байгеси,
Экиден тогуз ат болот,
Байгенин баары жазылган,
Каттын сөзү жат болот.
Эки сапар эңишет,
Эрегиш кылып жеңишет.
Эңип салган баатырлар,
Эр Үрбүгө келишет.

Эки тогуз он сегиз,
Баатырлардын алары,
Тапкан олжом ушул – деп,
Айдап жолго салары.
Жана үч мөрөй келген катынга
Катындан чыккан баатырга,
Күрөш, сайыш, эңиштин
Баарына текши бөлүнгөн,
Байгенин башы атан төө
Көзгө дайын көрүнгөн.
Кошой айткан кеп болгон,
Үрбүгө бул сөз эп болгон.
Сегиз жылкы бир төө
Чыккан катын алары,
Үч мөрөйгө үч тогуз
Үрбү, Бакай саяры,
Жана төө чечкендин байгеси,
Тогуз нар даяр багылуу,
Тогуз нардын үстүнө,
Тогуз кымкап жабылуу.
Жана сүзүшкөн таздын байгеси,
Он сегиз бука байлалуу.
Жеңген таз алат он сегиз,
Байгеси даяр байлалуу.
Жылаңач чабыш байгеси,
Арбын болду баарынан,
Азамат кирип чабышат,
Аябай кирип жанынан.
Тогуз төө, тогуз ат
Эки тогуз он сегиз,
Ашыгы жок, кеми жок,
Баары бирдей тептегиз.
Жана бул сөзүмдү ойлоңуз,
Ойлобой түптү койбоңуз.
Кош карагай улатып,
Усталарга кынатып,
Даяр кылып коюлган,
Жерге орнотуп чыңатып,
Чоң жамбыдан тогузду,
Жыгачка асып байлаган.
Атып алган алсын – деп,
Арстан Бакай байлаган.
Мергендер атып алсын – деп,
Береке таап калсын – деп.
Тогуз жамбы күмүштү,
Толук кылып жайлаткан.
Карагайдын башына,
Аркан менен байлаткан.
Мергениң болсо барыңар,
Ак жамбы атып алыңар.
Аштан тапкан пайдам – деп,
Аткан эр жыргап калыңар.
Эртеден-кечке жар айтып,
Элге уктуруп шар айтып,
Жалгасын барды Бакайга,
Барса Кошой башында,
Масылат кылып жатыптыр,
Агыш, Үрбү кашында.
Мөрөйдүн башы балбан – деп,
Мурунтан нуска калган – деп,
Баатыр Үрбү шашпады,
Балбандан мөрөй баштады.

Жыгатай кыргыз беттеш – деп,
Өз ичиңден эптеш – деп,
Жыгылса, жыкса өз балаң,
Тышка байге кетпес – деп.
Өзүбек, тажик өзөн – деп,
Шамурат канга кошул – деп.
Анжыянда Санжыбек,
Сураган журтуң өзүбек.
Түп уругуң калмактан,
Сага аамат келген кези – деп.
Бештен-бештен он балбан,
Эки жактан барыңар,
Жыкканың байге алыңар.
Жыгылган куру калыңар.
Жыгатай менен Кошойдон,
Бештен балбан барышты,
Балбандар чыкты камынып,
Нар буурадай чамынып.
Кең чалбар кийип түрүнүп,
Желбегей чапан жамынып,
Билек сунуп киришип,
Билдирбей күчүн билишип.
Өпкөлөрүн токтотуп,
Өөдө-төмөн сүрүшүп,
Багалектен алышып,
Майданды мыктап салышып.
Бура тартып булкушуп,
Булчуң эттен жулкушуп.
Төштүк салган бир балбан,
Сонун жорук баштады.
Элге-журтка дапдайын,
Чалып кайра таштады.
Байгесин алып колуна
Иши келип оңуна,
Балбан көтөр кылышып,
Кыпчактар түштү жолуна.
Эки балбан эр Багыш,
Элинен берген чыгарып,
Өзүбектин балбаны,
Так көтөрүп шашпады.
Сонун жорук баштады,
Таамай жыгып таштады.
Балбан көтөр кылышып,
Балбанын жыгып тынышып,
Шапалак уруп шаңкылдап,
Ашуула айтып даңкылдап,
Акындар келип ырдашып,
Аңгемени ырбатып.
Өзүбек калды жубанып,
Байгесин алып кубанып.
Эки балбан элинен,
Эр Көкчө берген жактырып,
Этият болгун балам – деп,
Айтып сөзүн тапшырып.
Өөдө-төмөн көп жүрдү,
Өзүбек муну көп сүрдү.
Чамам келсе чалсам – деп,
Чалкасынан салсам – деп.
Көпчүлүктүн ичинде,
Көрсөтүп намыс алсам – деп,
Ал аңгыча болбоду,
Балбандар ишин оңдоду.

Ичтен чалып имерип,
Келтирип кайра таштады.
Эрдик кылып шашпады,
Сонун жорук баштады.
Баатыр Көкчө бакылдап,
Балбаным жыгып салды–деп,
Балбаным намыс алды – деп,
Эки балам тең чыгып,
Эрдик кылып салды – деп,
Балбан көтөр кылышып,
Казак түштү жолуна,
Мактанышып көйрөң журт,
Байгесин алып колуна,
Көкчөнү мактап ырдашып,
Акындар түштү соңуна.
Анын арка жагынан,
Эңиш болду тартынбай,
Кан Үрбү жардык салганда,
Калган эмес айтылбай,
Экиден төрт ат беттешип,
Тартынбастан четтешип,
Даяр болуп турган эл,
Тамашаны курган эл.
Жан аябай барышып,
Жакасынан алышып,
Көк бөрү десе өлгөн журт,
Көк бөрү тартып көнгөн журт.
Улак десе өлгөн журт,
Улак тартып көнгөн журт,
Айсал-буйсал кылбастан,
Анча-мынча турбастан,
Эрдик кылып шашпастан,
Аңгемени баштады.
Аттан алып жалпайтып,
Экөөн тең алып таштады.
Баатырыбыз эңди – деп,
Эңишти булар жеңди – деп,
Отуз алты кур атты,
Үрбү санап берди – деп.
Шапалак уруп шаңкылдап,
Жалпы өзүбек даңкылдап,
Байгесин алып колуна,
Өзүбек түштү жолуна.
Баатыр Кошой кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
– Өзүбектер өркөмсүп,
Сүйрөтүп кетти балдарды.
Бир тыңыраак балдар салыңар,
Силерде балдар жан барбы,
Эми төрттөн чыгып сегиз эр,
Эки элден баатыр сайышат.
Тыгын болот сыр найза,
Чарайнага майышат.
Башка-көзгө сайышса,
Майып болуп калат – деп,
Карап турган калың журт,
Кабыргасы кайышат.
Буга кимиң барасың,
Бурулбай намыс аласың.
Адам болсоң бул сөздү,
Айтпаса да укпайбы,
Журт намысы болгон соң,

Баатыр балдар чыкпайбы.
Айып болот мунуңар,
Айткан сөздү угуңар,
Баш тартпаган өлүмдөн,
Баатыр балдар чыгыңар.
Катагандан эр Агыш,
Калк ичинде чоң калыс,
Агыш чыксын бирине,
Алып берсин чоң намыс.
Эр Төштүктүн элинде,
Кочкордун уулу Байсары,
Бала-чака угуптур,
Байсарыга айталы.
Журтка келген намыстан,
Байсары балам кайтабы.
Эр Үрбүнүн элинде,
Эки Кемин жеринде,
Алтайдын уулу Адуучу,
Аянбай намыс алуучу.
Тартынбасын бул иштен,
Адуучуну салуучу.
Баатыр жигит жүз жанбай,
Журт айткан соң баруучу.
Сан казактын элинде,
Сары Арканын жеринде.
Баатыр бала деп уктум,
Эр Көкчөнүн элинде,
Кубаштын уулу Кулчунбай,
Ак болоттун курчундай.
Калбасын сөзүм айтылбай.
Түшкүн балам тартынбай.
Өзүң теңдүү балдардан,
Баатыр бала – деп уктум,
Туугандыгы Көкчөгө,
Жакын бала – деп уктум.
Ушул төрт баатырды салуучу,
Тартынбастан баруучу.
Сактанып үйгө жатканча,
Журт намысын алуучу.
Ат жакшысын танда – деп,
Ар жарагын камда – деп,
Үйдөй болгон чоң түшөт,
Үрбү өзүң жанда» – деп,
Эр Кошой айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Кан Кошойдон кеп угуп,
Калк намысы деп угуп,
Көрсөтүп айтты Кошой – деп,
Көкчө, Төштүк ат кошуп,
Тартынбастан баатырлар,
Төрт азамат баш кошуп,
Соот кийип суйсалып,
Муздай темир курчанып,
Чарайна төшкө чапташып,
Карыпчын колго капташып.
Ат жакшысын жактырып,
Аянбай элден таптырып.
Келте бакай, кең соору,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Башы кекчил, жар кабак,
Аркар шыйрак, нар тамак,
Кең Кашкар жагы аттардан,

Буудан таап алышып,
Кабылан Көкчө, эр Төштүк,
Кан Кошойго барышып,
Куйругун кучак түйдүрүп,
Көкүлүн көккө шүйдүрүп,
Азамат эрден тандалып,
Ар жарагы камдалып.
Кандагай шымын шымданып,
Өз боюна чыңданып,
Батасын алып Кошойдун,
Бастырып чыкты шаңданып.
Мактанып калган башында,
Баатырым эңип салды – деп,
Күч-кубаты барынан,
Эңип мөрөй алды – деп,
Азыр мыкты чамам – деп,
Баатырды өзүм табам – деп,
Кокондун беги Санжыбек,
Бул толгон төөнү алам – деп,
Дөбөдөй болгон төрт баатыр,
Алып чыкты баатыр – деп.
Тең келбейсиң кыргыздан,
Чениң менен катыл – деп.
Аргымагын кекейтип,
Көк өтүгүн тепейтип,
Дөбөдөй болгон төрт баатыр,
Алып чыкты опойтуп,
Алганы найза тык болуп,
Айтып сөзүн шар кылып,
Баатырларын пар кылып,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Кара сур келген өңү саз,
Быжыгыр кара сакалдуу,
Тепме кара чапандуу.
Аргымагын кекейтип,
Алып чыкты опойтуп.
Аларды көрүп шаңданып,
Карагай найза камданып,
Кочкордун уулу Байсары,
Кудаштын уулу Кучунбай,
Алтайдын уулу Адуучу,
Элетен байдын Агышы,
Кужурданып азамат
Агыштын келип намысы,
Жолдошуна кеп айтат,
Жолуңар болсун деп айтат.
Эки сайбай бир сай – деп,
Аста сайбай бек сай – деп,
Жаным аман турганда,
Жайладым кулду деп сай – деп.
Эки баатыр беттешип,
Тартынбастан четтешип,
Карагай найза сундуруп,
Качырып кирди эр Агыш,
Кандар каалап салган соң,
Алалык деп чоң намыс,
Жаза сайбай баатырлар,
Сайган жерде кулатты,
Дөбөдөй болгон дөөлөрдү,
Төртөөн бирдей сулатты.
Баатыр Агыш баштады,
Балдары чочуп шашпады.

Бир сайгандан чыгарбай,
Мыктап сайып таштады.
Уругу түрк улуу журт,
Урааны кыргыз баатыр журт.
«Кыргыздап!» ураан чакырып,
Алып чыкты баатырын,
Байгесин алып колуна,
Кошойго салып агылып.
Анын арка жагынан,
Экиден төөгө учкашып,
Катындар чыкты мөрөйгө,
Бирин бири мушташып.
«Апей көтөк!» кеп ушул,
Балбанды мыктап салыш–деп,
Чыкса мөрөй алыш – деп,
Жыгылса куру калыш – деп,
Эки башка бөлүнүп.
Эл көзүнө көрүнүп.
Балбандарын камдашып,
Баатырларын тандашып.
Өз алдынан камынып,
Катындан баатыр табылып,
Катындан балбан салышып,
Чыкканы байге алышып.
Эңишке катын салышып,
Эрбейгенсип барышып.
Эңген менен иши жок,
Чачтарынан алышып.
Аттан тартып салышып,
Байгелерин алышып.
Сайышка катын салышып,
Сая албай колу талышып.
Найзаны таштап жиберип,
Чачтарынан алышып.
Айыгышып бек кармап,
Аябай колу карышып,
Күлкүлүү жорук башташып,
Күчтүүсү алып ташташып,
Байгесин алып колуна,
Катындар түштү жолуна.
Анын арка жагынан,
Мөрөй болду абыдан,
Төө чечкендин кезеги,
Эми келди жаңыдан.
Ойлонуп мурун камданып,
Төө чечем деп шаңданып,
Ороңгунун сиңдиси,
Ордокан төөнү чечем – деп,
Менин эжем Ороңгу,
Төө чечкен эжем нечен – деп.
Көрдүм Манас ашын – деп,
Кырк бешке келди жашым – деп.
Көпчүлүктүн ичинде,
Көрүнүп калсын башым – деп.
Тогуз кымкап, тогуз нар,
Толук байге турбайбы,
Уялам деп кур калсам,
Ордокан анда жыргайбы.
Жедигерден желигип,
Төө чечкени келгемин.
Ит жегирди ырсайтып,
Жөө чечкени келгемин, –

Деп кийимин дырдай чечинип,
Ичеги-карды эшилип,
Май куйрукка келтирип,
Чачкап байлап чачына,
Көзүн жумбай түгөнгүр,
Барды төөнүн кашына.
Шайырсынган капырың,
Шапалактап такымын.
Менин эжем Ороңгу,
Өзүмдө жок коромжу.
Бул байгени албасам,
Мен Ордокан боломбу.
Уялып бетим баспайм – деп,
Аптыгып кетип шашпайм – деп.
Тогуз кымкап, тогуз нар,
Бул олжодон качпайм – деп.
Тоңкоюп туруп төө чечип,
Тойбогурду карачы,
Түрү суук түгөттүн,
Жаман жерде жарасы.
Ыштаны жок ырсайып,
Эки буттун арасы.
Мээнет кылып бел байлап,
Төөнү чечип жөнөдү.
Бети ачылган түгөнгүр,
Кой дегенге көнөбү.
Анын арка жагынан,
Кызык болуп абыдан,
Талапкерге куралып,
Таз чогулуп алыптыр.
Эки-экиден сүзүшүп,
Тамашаны салыптыр.
Жылма таздан жети таз,
Чоко таздан тогуз таз,
Он алты тазы ортого,
Оюн баштап алыптыр.
Аркасына колдорун,
Бекем байлап салыптыр.
Тазды көрүп далай жан,
Тамашага барыптыр.
Элдин баары таздарды,
Теке дешип калыптыр.
Эки колун байлаган,
Эки көзү жайнаган.
Байге алам деп байкуш таз,
Баарынын шору кайнаган.
Кызыл-жаян болушуп,
Эл жыйылып толушуп,
Өөдө-төмөн сүрүшүп,
Өпкөлөрү солушуп.
Намыстанып алышып,
Тартынбастан барышып,
Өжөр таздар сүрүшүп,
Өлбөгөн жерде калышып,
Намыстанып өлүшүп,
Таз букадай челишип,
Көзү-бети көгөрүп,
Көрбөгөндү көрүшүп,
Бутун жерге мадашып,
Баштары ооруп жадашып,
Ою менен сүзүшүп,
Оозу, мурду канашып,

Сегиз тазы жеңишип,
Көрбөгөндү көрүшүп,
Жеңген таздар жүгүрүп,
Эр Үрбүгө келишип.
Сегиз тазы байге алып,
Сегиз тазы кур калып,
Жеңген таздар жөнөдү,
Жетимиш эки бука алып.
Эми эки өжөр беттешип,
Башына калыс алышты,
Жыпжылаңач чабышты.
Камчыга эти жабышты.
Чыдабай камчы заарына,
Карабастан артына,
Жеңилген качты чычайып,
Карабастан кылчайып.
Жеңген өжөр байге алып,
Жеңилгени кур калып,
Тогуз туу, тогуз ат
Санап алып колуна,
Өчөшкөндөй чабышып,
Өжөр түштү жолуна.
Жамбы байлап, дар курган,
Эми жамбы ирети келди – деп,
Жалгасын чыгып жар айтып,
Жамбы атуучу жайыкты,
Жандын баары көрдү – деп,
Ок-дарысын жайлашып,
Кисесин белге байлашып,
Кара мылтык кармашып,
Бараң мылтык майлашып.
Бетине адам тургузбай,
Арка жакка айдашып.
Тоого теке тургузбай,
Тергениң болсо келгин – деп,
Ак жамбы атып алуучу,
Мергениң болсо келгин – деп,
Жандын баары атышып,
Жадады атып жатышып.
Ок-дарысын түгөтүп,
Мылтыгын кармап турушуп,
Чарчап турган кезинде,
Жамбы атыш мунун эсинде,
Жетип келди эр Агыш,
Кечки салкын бешимде.
Өзү адис мерген кул,
Тоодон теке терген кул,
Атышканды жеңген кул.
Тартышканды эңген кул.
Тилеги кабыл болгон кул.
Күрөшкөндү чалган кул,
Чалкасынан салган кул.
Далай намыс алган кул.
Баятан келип жамбы атпай,
Талаа-түздү чаңдатпай,
Агыш атып алды – деп,
Арбагымды даңдатпай.
Кербездик кылып салдым – деп,
Кечигип келип калдым – деп.
Кошой абам бээ союп,
Кол бошобой жаттым – деп.
Кошомат кылып абама,

Жол бошобой жаттым – деп.
Калк атасы кан Кошой,
Кыраан чал кырк бээ сойду – деп,
Эр Манастын ашына,
Кызмат кылып койду – деп.
Эми келдим жамбыга,
Өзүм атып алам – деп,
Атып жамбы алган соң
Айдап жолго салам – деп.
Абам Кошой канымдын,
Алдына алып барам – деп.
Эл эскирткен кары – деп,
Эр Кошойду урматтап,
Аябай ичин тазалап,
Алмабашын дүрмөттөп,
Келтирип Агыш бир атты,
Бир атканда эр Агыш
Кыл арканды кыя атты.
Экинчи атып өткөндө,
Карагайды сыя атты.
Жамбы түштү шалактап,
Жамбыны алып Агышы,
Кошойго барды алактап.
Балам жамбы аттың – деп,
Тогуз жамбы таптың – деп,
Жамбыны алып эр Кошой,
Бул дагы менин бактым–деп.
Эми Көкчө, Төштүк кеп айтат,
Көрсөтүп сөздү деп айтат.
Баракелде эр Агыш,
Эл ичинде сен калыс.
Жамбыны атып алдың – деп,
Жайкалып башың калды – деп.
Соога Агыш, соога – деп,
Көкчө, Төштүк деп салды,
Агаңа баргын туугансып,
Аядың бизден деп салды.
Атып жамбы алдың – деп
Катагандар калды калдайып.
Кан Кошойго баргын – деп,
Элетен байдын Агышты,
Тамаша кылып турганда.
Ушул сөздү урганда.
Жар салдырды эр Үрбү,
«Жалгасын туруп аттан – деп,
Аттангандай бат бар – деп,
Жалпы журтка жар сал – деп.
Он беш күн конок күттү – деп,
Эми мөрөй бүттү – деп,
Калк ошондой болбойбу,
Конокко кыргыз түттү – деп.
Эт тууралып бүттү – деп,
Бышырып жатат күрүчүн,
Ашка келген адамдын,
Өзүм билем жүрүшүн.
Эртеңден баштап эт берем,
Эки күн этим тартылат,
Ат чапкандын бардыгы
Үчүнчү күндө айтылат.
Ат чабылып болгон соң
Анан мейман кайтылат» –
Деп Үрбү салды жардыкты,

Көрсөттүм деп бардыкты.
Кыргыз уулу Үрбүгө,
Кылган жок эч ким тардыкты.
Жалгасын элге жар салды,
Жалпы журтка шар салды.
Эми Каныкейдин кеби бар,
Калтырбай айтар эби бар,
Атпай кыргыз эби бар,
Айтылуу Талас жери бар.
Баркы жандан башкача,
Падыша Манас эри бар.
Жакып менен Чыйырды,
Жашы жетти өлөт – деп,
Өлгөндөн соң өкүрүп,
Калың кыргыз көмөт – деп,
Кемпир-чалга эр Манас,
Келтирип ашты берет деп.
Кан Жакыптын ашына,
Калк жыйылып келет – деп.
Каныкейдин келген эл,
Сарамжалын көрөт – деп,
Мурунтан ойлоп күтүнгөн,
Табагын кырып бүтүргөн.
Миң табакты даярдап,
Баарын тегиз сырдатып,
Казынага коюптур.
Сарамжалын чыңдатып,
Карысы өлбөй, жашы өлүп,
Аягы өлбөй жашы өлүп.
Аш берет деген Жакып кан,
Манаска калып аш берип,
Ажал тагдыр келди – деп,
Арстаным Манас өлдү – деп,
Кан Манастын ашына,
Калк жыйылып келди – деп,
Жайдарым Манас султандын,
Жакып кан ашын берди – деп.
Эрке катын Каныкей,
Агыш менен Үрбүнү,
Чакырып алып ашына,
Бакайды алып башына,
Кеңешип экөөң сындаш – деп,
Кемчилик табак кылбас – деп.
Миң табакты даярдап,
Үрбүнүн берди колуна.
Агыш, Үрбү таң калды,
Эрке катын кашкөйдүн,
Акылынын молуна,
Кайратынын зоруна.
Таркап мейман конду – деп,
Табак даяр болду – деп.
Эрте туруп күтүн – деп,
Этиңди жасап болтур – деп.
Табагы толук болсун – деп,
Шыңкы туруп башында,
Баарысын тегиз жасат – деп,
Эр Манастын ашында,
Кылайып Шыңкы уктабай,
Жантайып жерге ыктабай,
Манаска кызмат кылам – деп,
Кылбай кантип турам – деп.
Эрте туруп күтүнүп,

Этин жасап бүтүрүп,
Күрүчүн шоола май кылып,
Сарамжалын жай кылып,
Карап турган кезинде,
Үрбү келди чартылдап,
Айтып сөзүн уктуруп,
Агыш келди шартылдап.
Жалгасын жарды салгын – деп,
Жан аябай баргын – деп,
Өзүбек менен чыгатай,
Этти мурун жесин – деп.
Кеңештен кийин калган эл,
Кемегеге келсин – деп.
Өзүбекти келтирип,
Кечке табак тарттырып,
Аш башкарган эр Үрбү,
Арбагын журттан арттырып,
Өзүбек менен тажикти,
Үрбү салды жолуна,
Көргөн адам таң калды
Кайратынын молуна.
Эми мунун артынан,
Карыя калктын агасы,
Эштектердин Жамгырчы,
Эр Манастын тагасы,
Кан Жамгырчы келсин – деп,
Эштекке этти берсин – деп,
Жалпы журтка жай айтып,
Агыш, Үрбү башкарды,
Жамгырчыга эт берип,
Жайын айтып аткарды.
Ашты Кошой берди – деп,
Эр Кошойдун өзүнө,
Эми кезек келди – деп.
Кабылан Үрбү күтүнүп,
Катаганды түшүрүп,
Кан Кошойдун калкына,
Этин тартып бүтүрүп,
Кыпчак журттун беги – деп,
Эми келди эби – деп,
Төштүккө ирет келди – деп,
Эт тартты кыпчак калкына,
Кан Манастын ашында,
Калсын деп нуска артында,
Кыргыздын төрө агасы,
Сан казактын сарасы.
Көкчөгө кезек келди – деп,
Айдаркандын баласы,
Сан казакты самсытып,
Табак тийбей жарытып,
Көп казакты башкарды,
Көкчөгө тартып аткарды.
Эми Жедигердин эр Багыш,
Жергеси менен келсин – деп,
Эр Багышты түшүр – деп,
Ирети менен берсин – деп,
Жедигерди түшүрүп,
Этин тартып жөнөттү.
Эми катындан башка жан жок – деп,
Калтырбастан бөлөктү
Баатыр Үрбү чартылдап,
Баштагы сөздү шартылдап.

Калың кыргыз калкың ук,
Казак, кыргыз жалпың ук,
Кадимден кыргыз атаңдын,
Кылып келген салтын ук.
Кеңешин өзү чеччү – деп,
Келтирип ашын берчү – деп,
Эл жыйылып келчү – деп,
Элге этин берчү – деп,
Кыргыз болсоң угуп тур,
Кызматыңды кылып тур.
Сенде Кошойдон чыгар
көт жок – деп,
Кыргыз сага эт жок – деп,
Аш этине таарынсаң,
Таарынган жанда бет жок – деп,
Жалгасын, туруп жар сал – деп,
Жалпы журтка шар сал – деп.
Айткан кебим эп көр – деп.
Аялдарга эт бер – деп,
Баркы менен иш кылып,
Манастын ашын өткөр – деп,
Кемегенин башына,
Катындар келди калкылдап,
Бар тапканын кийишип,
Башайы кийип жаркылдап,
Көйрөңдөрү ныксырап,
Көзүн сүзүп шыңкылдап,
Шар айтып сөзүн шартылдап
Келбей кантип коём – деп,
Кемпирлер сүйлөп балкылдап.
Катынды текши келтирип,
Олтургузуп баарысын,
Байбичелер жесин – деп,
Башына алып карысын.
Боткосун арбын көп салып,
Болжолу жок эт салып.
Кабагын ачып кетсин – деп,
Катынга тартып кетирди.
Кемегенин башына,
Келтирип Үрбү өкүрдү.
Баймат, Шыңкы карысы,
Кырк чоронун баарысы
Өкүрүп өксөп ыйлады.
Өлүүгө жанын кыйбады.
Эми баатыр Үрбү чартылдап,
Баштагыдан шартылдап,
Саяпкерлер камын – деп,
Билесиң аттын табын – деп,
Эртең эрте айдатып,
Коногу атты чабам – деп,
Конгон жерде жем даяр,
Аттарды өзүм багам – деп,
Бүгүн түндө тегиз – деп,
Байгени бөлүп алам – деп.
Эрте туруп айдатып,
Аттарды жолго салам – деп.
Жарым жолго жеткенче,
Ат менен бирге барам – деп,
Таң сүргөндөн калган ат,
Терин басып өзүнө,
Аты турсун ээси,
Көрүнбөсүн көзүмө» –

Деп кан Манастын үйүнө,
Каныкейдин жанына,
Кандарды жыйнап келтирип,
Кошойду алып башына,
Кан Жамгырчы,эр Төштүк,
Көкчөнү алып кашына.
Жакып кан менен Бакайды,
Келтирип алып жанына,
Кебин айтып карыга,
Кеңешин салып баарына.
Эр Манастын үйүндө,
Кеңешти Үрбү баштады,
Байгеси кандай болот – деп,
Баарына айтып таштады.
Кан Кошой ыйлап басылбай,
Кайгырганы жазылбай,
Канетейин арман күч,
Көкөтөйгө жетпейт – деп,
Карылар өлбөй жүргөнү,
Менин көкөйүмдөн кетпейт – деп.
Манас тирүү чагында,
Бакай өлбөй жүргөнү,
Башы,көзү калтылдап,
Кошой өлбөй жүргөнү.
Королой табак камдатып,
Кулагы укпай жаңдатып,
Жаның менен куруп кал,
Жакып өлбөй жүргөнү.
Манастан мурун Жакып кан,
Шору бар дүлөй өлгөндө,
Жакыптын ашын эр Манас,
Өзү туруп бергенде,
Көрө элек сонунду.
Калк жыйылып келгенде,
Балам Үрбү, ыракмат,
Туугандык кылдың Манаска,
Туйгундун ашы дедирип,
Эл чогулттуң Таласка.
Агаң Манас баатырдын,
Ашын жакшы өткөрдүң,
Өлгөнүм жок эр Кошой,
Башында туруп көз көрдүм.
Кыянатсыз иштеген,
Кызматыңды текшердим,
Кызматың жакшы болгон соң,
Эрдигиңди эп көрдүм.
Аянбай кызмат кылыңар,
Агыш,Үрбү баш кошуп,
Келтирип кеңеш табыңар.
Көкчө,Төштүк ат кошуп,
Бакайды алып кеңешке,
Жаштар билип сайыңар.
Катын да болсо башына,
Каныкейди алыңар» –
Деп Кошой айтып турганда,
Ушу сөздү урганда,
Ат байгенин кеңешин,
Арстан Кошой кылганда.
Эми Каныкей туруп кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап,
Кан Кошой макул алды – деп,
Карылар айтып салды – деп,

Аяшым Төштүк дем байла,
Аянбастан бел байла.
Жездем Көкчө дем байла,
Тартынбастан бел байла.
Агыш,Үрбү кайнилер,
Аянбастан шер байла.
Арстан Манас султандай,
Жер жүзүндө эр кайда,
Катын билди дебеңер,
Казына оозун ачайын,
Кан төрөмдүн ашына,
Карк алтындан чачайын.
Кулак сал деп сөзүмө,
Кан төрөмдүн өзүнө,
Чын казына ачайын,
Чылк күмүштөн чачайын.
Өзүм зайып,балам жаш,
Кайнилерим болду кас,
Чын сырымды айтайын,
Мен кимге ыраа тартайын.
Береним төрөм падыша,
Бээжинге казат барганда,
Беш капкалуу Бээжинге,
Береним бүлүк салганда,
Беш жылы сурап Бээжиндин,
Казынасын алганда,
Алмамбетин кан кылып,
Алты жыл сурап турганда,
Азиз кандын Алмамбет,
Алты жыл сурак кылганда,
Жүз качырга жүктөтүп,
Ар жылы Алман келүүчү,
Каңгайлардын кан Коңур,
Кан төрөмө берүүчү.
Кан төрөм Алман алганын,
Калктын баары көрүүчү.
Кечээ Индистанга барганда,
Индияга бүлүк салганда,
Падыша Манас султаным,
Индини бузуп алганда,
Жүз нарга төрөм жүктөтүп,
Алып келген алтын бар,
Бул алтынды укпаган,
Кыргызда кайсы калкың бар.
Бул казынаны бактырган,
Кырк үйлүү кара калча бар,
Кайсы бирин айтайын,
Казына толгон барча бар.
Кагазда баары жазылуу,
Билбеймин муну канча бар.
Капкасы темир, болот кулп,
Казына толгон зер калды,
Кара буурул көп жылкы,
Талас толгон мал калды,
Айры төөдөн башкача,
Алты миң кызыл нар калды.
Кызыл кымкап, киш ичик,
Кымбаттан канча бул калды.
Кыз алганы кара бет,
Канык ей бейбак тул калды.
Калмак менен калчадан,
Алып келген кулдар бар,

Адамзат бенде көрбөгөн,
Арбын сонун пулдар бар.
Кулга кимим ээ болот,
Мен кул жумшасам кээ болот.
Азат кылдым кулдарды,
Булардын башы азат – деп,
Кулду тапкан падышам,
Ак сарайга жатат – деп,
Акыретке барганда,
Кулдарды азат кылбасам,
Кутулуп жаным тынбасам.
Азабын кашкөй тартат – деп,
Катында болсом долбоорлоп,
Каныкей айтып берейин,
Кайнилерим жазып тур,
Казына чаркын көрөйүн.
Биринчи атка миң жамбы,
Тогуз миң дилде зер болсо,
Токсон кызыл нар болсун.
Баарысы окшош пар болсун.
Экинчи аттын байгеси,
Тогуз жүз жамбы дагы бар,
Сексен кызыл нары бар,
Сегиз миң дилде зери бар.
Үчүнчү аттын байгеси,
Сегиз жүз жамбы, чылк күмүш,
Жети миң дилде карк алтын,
Жетимиш окшош кызыл нар.
Төртүнчү аттын байгеси,
Жети жүз нары дагы бар.
Алты миң дилде зери бар,
Алтымыш кызыл нары бар.
Бешинчи аттын байгеси,
Алты жүз дилде, ак күмүш,
Беш миң дилде сары алтын,
Элүү беш нарча атан төө.
Алтынчы аттын байгеси,
Алты жүз жамбы дагы бар.
Төрт миң дилде зери бар.
Кырк атанча нары бар.
Жетинчи аттын байгеси,
Беш жүз жамбы дагы бар.
Үч миң дилде зери бар.
Отуз беш кызыл нары бар.
Сегизинчи аттын байгеси,
Төрт жүз жамбы дагы бар.
Эки миң дилде зери бар.
Отуз кызыл нары бар.
Тогузунчу аттын байгеси,
Жүз жамбы чылк күмүш,
Бир миң беш жүз сары алтын,
Отуз нар төө атанча.
Онунчу аттын байгеси,
Эки жүз жамбы дагы бар.
Бир миң дилде зери бар,
Жыйырма кызыл нары бар.
Он бир ат менен отуз ат,
Ортосунда келген ат,
Талашы жок, чыры жок,
Тандыр адам көкүн ат
Жыйырма аттын байгеси,
Баарысы бирдей тең болсун,

Ашыгы жок, кеми жок,
Мындан башка эби жок,
Бул санатка сайылган,
Палан деп айтар кеби жок,
Ал бир аттын байгеси,
Эки жүз дилде, кырк жамбы,
Он кызыл нар кошогу,
Катынды кылып аз айтсам,
Калпыстык кылып жаза айтсам,
Үстүнө барбы кошору.
Азбы байге, көппү – деп,
Айтканым ушул эппи – деп.
Каныкей турду кашкаңдап,
Атып сөзүн баш камдап,
Кан Кошойдун алдында,
Тартынбай сүйлөп тастаңдап.
Кашкайып сүйлөп карсылдап,
Каныкей турду шартылдап,
Абийир тапсак болду – деп,
Айтып сөзүн жаркылдап.
Эрке Төштүк кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Манас досум барында,
Байбиче болуп жыргадың,
Манас баатыр өлгөндө,
Батачы минтип келгенде,
Арбагын сыйлап олтуруп,
Уруулуу журтту жыйнадың.
Отуз аттын байгесин,
Баарын байкап ылгадың.
Баштан-аяк сындадың.
Ургаачылык кылбадың.
Жетим-жесир болгон соң,
Аз эмес байге көп болду,
Аяшым сага эп болду.
Адам укчу кеп болду.
Байге кемчил болбойт – деп,
Кемиткен адам оңбойт – деп.
Кошой абаң кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Көкөтөйгө жетпейт – деп,
Көңүлүмдөн кетпейт – деп,
Мен ойлоймун өзүмчө,
Мындан аш мактанып өтпөйт – деп.
Көкөтөйдү даң кылган,
Арстан Манас эр болчу.
Ачкасын, тогун ойлобой,
Кон деген жерге эл кончу.
Бир кишини караган,
Манастын сөзү жараган.
Адамдын баары кор болуп,
Араз болуп тараган.
Калк жыйылып көп келип,
Капыр менен мусулман,
Кагышкан адам көп болуп,
Уруш чыккан ушундан.
Мында уруш калба жок болду.
Келгендин баары ток болду.
Калмак менен кытайдан,
Келген адам жок болду.
Бирок жыйнаган элиң аз болду,
Өз тууганың кас болду.

Жакшылап ашты бергенге
Жалгыз балаң жаш болду.
Жесирдин кылар алы ушул,
Бул жарашыктуу аш болду» –
Деп баатыр Кошой башында,
Баарысы айтып олтурду.
Кан Жамгырчы, эр Кошой,
Карысы айтып олтурду.
Каныкейдин жоругун,
Көңүлүнө толтурду.
Эми Каныкейдин кеби бар,
Кандарга кылар эби бар,
Муратай, Кайым, Санжыбек,
Уругу тажик, өзүбек,
Эштектердин Жамгырчы,
Элемандын эр Төштүк,
Казактардын кан Көкчө,
Элетендин эр Агыш,
Катагандын кан Кошой,
Эрке катын Каныкей,
Сарамжалын билгизип,
Кандын баарын ээрчитип,
Казынага киргизип,
Кашкөйлүгүн карматып.
Кан Үрбүгө тандатып.
Кан Кошойду баш кылып,
Кан башына санжаптап,
Толук кылып кеми жок,
Тогуздан ичик кийгизип.
Манастан калган буудандан,
Бирден күлүк мингизип.

Эми Каныкей туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Эртең эрте ат чапса,
Элдин баары кетет – деп,
Манастан калган казына,
Баарыбызга жетет – деп.
Ургаачынын алы ушул,
Силерге берер малы ушул.
Эртегиден макал бар,
Ээкке бүткөн сакал бар.
Азасы болот өлгөндүн,
Арманы болот келгендин,
Кошчусу болот келгендин,
Колкосу болот бергендин.
Эрке катын Каныкей,
Аябады мал-жанын.
Ургаачы мындай болбойт–деп,
Айран калды кандарың.
Байгеге сайчу малдарын,
Санап алып зерлерин.
Айдап алып нарларын,
Жөнөп калды кандарың.
Айран калды кашкөйдүн,
Акылынын молуна.
Байгенин баарын эр Үрбү,
Санап алып колуна,
Атыңды кайним чапкын – деп,
Акылды өзүң тапкын – деп,
Байгенин баары катталып,
Баатыр Үрбү шаттанып,
Атыңды эрте чубат – деп,

Бастырып чыкты аттанып.
Эркектен мындай болбойт – деп,
Элге-журтка мактанып.
Казына колго мол тийди,
Калбаймын деп сактанып,
Жалпы элге жар сал – деп,
Жалпы журтка шар сал – деп,
Атыңды алып келгин – деп,
Аңгемени көргүн – деп,
Түн боюнча келгин – деп.
Тамашамды көргүн – деп.
Эрте атыңды чубат – деп,
Элге-журтка билдирип,
Эгиз кара күлүктүн,
Экөөнү бирдей шүйдүрүп,
Көпчүлүктү тегиздеп,
Көчө тартып тургузуп,
Бейпай жүргөн адамды,
Бетине келсе ургузуп.
Ат чубатып көчөгө,
Эсебин дайын алдырып,
Алты жүз атты дайындап,
Аныk катка жаздырып,
Ат айдоочу азамат,
Кандар калыс алынсын,
Атын жөнөт дайындап,
Аныk катка жазылсын,
Аягына Кошойдун,
Алтын мөөрү басылсын.
Азамат жигит калыстан,
Отуз киши айдасын.
Минер аты Бакайдан,
Бизге милдет калбасын.
Ат айдоочу адамды
Кандар өзү камдасын.
Ташкендин туура тушунда,
Өзүбектин тышында,
Азирет султан ушунда.
Аттардын жеми ушунда.
Бүгүн султанга барып түнөсүн,
Түркстандан ат кайтсын,
Мен шайыктан алам күбөсүн,
Жоболоң баштап балдарың
Жолдон качып жүрбөсүн.
Жолдон качкан ат болсо,
Атын алам айыпка,
Сөзүмдү салдым калыска.
Айдаймын атты алыска.
Байкасын жолду барышта.
Баатыр Үрбү чартылдап,
Барган сайын шартылдап
Сен Чыңроон байдын эр Чыңгыш,
Атты өзүң айда – деп,
Бир кызматка келтирип,
Белиңди бекем байла – деп,
Кандардан алдым калыстан,
Отуз киши жолдошуң,
Кокустан жолдон ат качып,
Чыр-чатагы болбосун.
Отуз бир киши ат айда,
Ат айдасаң бат айда,
Мен дагы бирге барам – деп,

Жарым жолдо калам – деп,
Баатыр Үрбү баш болуп,
Так алты жүз ат болуп,
Чандан күлүк кошулуп,
Чаңы асманга созулуп,
Чаткал ылдый чаңдатып,
Кең Таласты керүүлөп,
Күркүрөөнү бастырып,
Күлбөс тоонун кыргындап,
Чакмактын белин ашырып,
Ак-Суунун сайын кечирип,
Ат калбасын кокус – деп,
Кара жолдо бекинип,
Ак-Сууда калды эр Үрбү,
Эртең эрте кайтар – деп,
Ат кечигип калбасын,
Кайтканын балдар айтар – деп,
Эми ат айдап алыс кетти – деп,
Далай жерге жетти – деп,
Азаматтар ат чапкан,
Ат сүрөөнгө барчулар,
Аянбай олжо алчулар.
Эр Кошойго барышып,
Кошойдон жооп алышып.
Жарым жолго жакындап,
Чакмакка келип жатышты.
Төлгө тартып төп айт – деп,
Аңгемеге батышты.
Эми ат айдаган эр Чынгыш
Ат айдаган күн өтүп,
Жемин, чөбүн жедирип,
Түркстанга түнөтүп.
Кан Кошойдун мөөрү – деп,
Кагаз берип колуна,
Таң кашкайып сүргөндө,
Балдарды салды жолуна.
Дүрбү салып эр Үрбү,
Карап турган кезинде,
Кандай буудан келет – деп,
Самап турган кезинде,
Аралап жүргүн деп айткан,
Эркенин сөзү эсинде,
Ал аңгыча чаң көрдү,
Чаңга аралаш ат келди.
Үрбүнүн Кыйды кара аты,
Кашкая чыгып алыптыр,
Аркасынан Тайбуурул,
Аянбай кууп алыптыр.
Үчүнчү болуп Чалкуйрук,
Залкар жолго салыптыр.
Карт мекесин карматып,
Табына келип калыптыр.
Кара атты жандап эр Үрбү,
Кайра тартты уят – деп.
Каныкей укса бул сөздү,
Уят сөз кайда сыят – деп,
Тайбуурулду сүрөдү.
Ушул жетимдин аты чыгат – деп.
Чыкты деп кулак угат – деп.
Манастын туусун жыгат – деп,
Тайбуурулдун чыкканын,
Укмак турсун көз көрөт.

Тайбуурул турсун Казкара,
Чалкуйрукту өткөрөт,
Үч болуп аты барат – деп,
Өлчөлүү жерин алат – деп.
Анын арка жагынан,
Ачбуудан өттү закымдап,
Ачбуудандын артынан,
Көкала өттү такымдап.
Анын арка жагынан,
Эр Кошойдун Жоорукер,
Тап этинде жок экен,
Ээси кары боорукер,
Буудандыгын карматып,
Жоорукер өттү закымдап.
Эр Агыштын Караты,
Жоорукерди такымдап.
Ажыбайдын Карткүрөң,
Аркасынан жакындап,
Анын арка жагынан,
Жамгырчынын Бууданкөк,
Чоң Алайда тууган көк.
Табына келип сууган көк.
Бууданкөктүн артынан,
Санжыбектин Аргымак,
Тап этинде болгондо,
Далай аттан каргымак.
Анын арка жагынан,
Таз жетимдин Тайкара,
Тайкаранын артынан
Эр Үрбүнүн Чоңкара,
Чоңкараттын артынан,
Эр Көкчөнүн Кертөбө,
Анын арка жагынан,
Эр Багыштын Калдуукөк,
Секиргени бүргөдөй,
Кулунтайкы жалдуу көк,
Чаңдан чыгып бөлүнүп,
Он төрт ат жолго салыптыр,
Жакын жерде көрүнбөйт,
Башка аттар алыс калыптыр.
Кооптуу аттар өттү – деп,
Буудандар өтүп кетти – деп,
Эмдигиче буудандар,
Сүрөөнчүгө жетти – деп,
Жөнөп калды эр Үрбү.
Жолго салып каргытып,
Артынан түштү аттардын,
Аңгемени арбытып.
Ал аңгыча ат келди,
Ат келгенде бат келди.
Сүрөөчүлөр сүрөшүп,
Кара жанды үрөшүп.
Жакасын кармап жалынып,
Жараткандан тилешип.
Байдын уулу Бакай кан,
Байгесин сайып жардатып,
Ак күмбөздүн жанына,
Манастын туусун карматып.
Кан Кошой бар кашында,
Карап турган кезинде,
Жолдош алган калыстан,
Чаң көрүндү алыстан.

Жаңжал, чырсыз болсун–деп,
Кан Кошой бар башында,
Байдын уулу эр Бакай
Санап турду кашында.
Ал аңгыча ат келди,
Ат келгенде бат келди.
Чаңдан алыс бөлүнүп,
Тайбуурул чыгып алыптыр,
Чатагы жок, чыры жок,
Баймат жолго салыптыр,
Тайбуурулду көргөндө,
Бакай ыйлап баркырап,
Баламдын аты келет – деп,
Байкуш Бакай даркырап.
Сакалы ылдый жаш кетип,
Жакасына тамчылап.
Анын арка жагынан,
Чалкуйрук өттү закымдап.
Үрбүнүн Кыйдыкараты,
Үчүнчү ат болуп ал келди.
Санап турган дайекчи
Келгенин анык көз көрдү.
Төртүнчү болуп Бозбуудан,
Ак тулпар менен бир тууган.
Кош арыктан түйүлсө,
Кош куюшкан шакылдап,
«Манастап!» ураан чакырып,
Баласы келет какылдап.
Анын арка жагынан,
Айныган экен табынан,
Жан аябай камынып,
Санына куйрук чабылып,
Эр Көкчөнүн Көкала,
Беш болуп кирди чамынып.
Эр Кошойдун Жоорукер,
Алты болуп бул келди,
Картаңым келип калды – деп,
Эр Кошой санап өткөрдү.
Эр Агыштын Каскара,
Элирип жолго салыптыр.
Картаңкердин артынан,
Жети ат болуп барыптыр.
Ажыбайдын Карткүрөң,
Аянбай чуркап алыптыр.
Аркасынан Ачбуудан,
Аралаш кирип калыптыр.
Тогузунчу ат болуп,
Бул дагы жетип барыптыр.
Онунчу болуп бул келди,
Жамгырчынын Бууданкөк.
Он бир ат болуп бул келди.
Санжыбектин Аргымак
Он эки болуп бул өттү.
Таз жетимдин Тайкарат,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез канат,
Как этинде болгондо,
Кылып коймок чоң санат,
Он үч болуп бул өттү.
Эр Үрбүнүн Чоңкарат.
Он төртүнчү ат болду.
Эр Багыштын Калдуукөк,

Он беш болуп бул келди.
Кайымбектин Актелки,
Малдан сыны башкача,
Келишимдүү Кактелки.
Анын арка жагынан,
Шамурат кандын Суркийик,
Суркийиктин артынан,
Эр Көкчөнүн Кертөбөл,
Кертөбөлдүн артынан,
Эр Кожоштун Койтору,
Басканына жан жетпейт,
Малдан аяр жой тору.
Мындан кийин он үч ат,
Байгеге баары келишти.
Баарына бирдей байгеси,
Байгесин санап беришти.
Ат келгендин баарына,
Байгесин берди колуна.
Олжосу колго тийген соң,
Коноктор түштү жолуна.
Алыстан келген меймандар,
Аш тарады эл кетип,
Арасында эркекке
Акеркечтен кеп кетип,
Сен ургаачылык кылба – деп,
Ушул сөзүм сында – деп,
Эрге тием деп айтып,
Элге-журтка сынба – деп.
Мен аңдап көрдүм салтыңды,
Атпай кыргыз калкыңды.
Сен ойлоп көргүн чаркыңды.
Кетирбе өзүң баркыңды.
Көбөшүң болсо ит экен.
Бул иттен сага пайда жок,
Эл ичинде эсер көп,
Эси жок акмак кайда жок.
Абыке шордуу түзүк бала экен,
Акылдуу болчу жан экен.
Көбөштөн башын бийлебейт,
Сага Көбөштүн бейли кара экен.
Абыкеде эс болсо,
Адамдай көрөр көз болсо,
Ырас жери ойлоп көр,
Ылайыктуу сөз болсо,
Биз кеткенче сөз койсо,
Жалгыз балаң жаш калды,
Сени армандуу кылып нетемин.
Жалгасы болот балаңа,
Аркасы болот өзүңө.
Капа болбой Каныкей,
Кулак салгын сөзүмө.
Бир сөзүнөн кайтпаса,
Биз кеткенче айтпаса,
Өз убалы өзүнө,
Көрүнбөсүн көзүңө.
Мен бир сага кеп айттым,
Кеп айтканда бек айттым.
Эмгекке башың чырмалат,
Эрге тийбе – деп айттым.
Алары болсо жесирге,
Ашуусу бийик бел болот,
Алар тууган жок болсо,

Азиз башы кем болот.
Биз кеткенинче аңдайлык,
Абыкени чанбайлык.
Чанып коюп кокустан,
Армандуу болуп калбайлык.
Аш өткөнчө күйүп тур,
Көңүлүңө түйүп тур.
Мен залалды сага каалаймбы,
Айтканыма кирип тур.
Бүгүн-эртең сөз келер,
Абыке бизге сөз берер.
Сөз бербесе күнү жок,
Бул айтканымдын өөнү жок.
Эми Кошой, Төштүк,эр Көкчө,
Карыя Кошой карысы,
Манастын ашын таратып,
Кайтмак болду баарысы.
Атан төөсүн чомдотуп,
Аябай калың комдотуп,
Кошой кетти жерине,
Ат-Башыда чебине.
Жамгырчы кетти Алайга,
Даңкы кетти далайга.
Коралайдын чатында,
Эр Манас салган сарайга.
Төштүк кетти Кашкарга,
Кашкарда эли баш камда.
Кашкардан бата окуп,
Кабылан Манас арстанга.
Үрбү кетти Кеминге,
Сөз айтпайт Үрбү тегинге.
Айткан сөзү эки эмес,
Касиет бар кебинде.
Эми Акеркеч менен Көкчөнүн,
Аял кылар эби бар,
Арманы көп кашкөйгө,
Айта турган кеби бар.
Эл кеткен соң эки күн,
Аял кылып турушуп,
Эрикпестен сүйлөшүп,
Кең масылат кылышып,
Жакасы жандот киш ичик,
Жездесине кийгизип,
Жакасы булгун киш ичик,
Акеркечке кийгизип,
Сарамжалдуу Каныкей,
Салтанатын билгизип,
Акеркеч менен Көкчөнүн,
Сүйгөнүн берип колуна,
Сан казагын дарбытып,
Көкчө түштү жолуна.
Көөлдөгөн көр Көбөш,
Көзү туюк жер Көбөш,
Эки күнгө жеткирбей,
Энесин алды колуна.
Алты күнгө жеткирбей,
Атасын алды колуна.
Алыстан келген меймандар,
Аш тараган эл кетип,
Кандар келип кайткан соң,
Арадан алты күн өтүп,
Жетинчи күнү кечинде,

Кечки салкын бешимде,
Кандай заман болот – деп,
Канykей турган кезинде.
Көбөш туруп кеп баштап,
Кеп баштаса бек баштап,
Абыкеге кашкөйдү,
Алып берем деп баштап.
Жакып канга кеп айтып,
Жайлатып сөздү көп айтып,
Чоролорго кеп айтып,
Чогулуп уккун деп айтып.
Азелден ага өлчү – деп,
Агадан калган жеңени
Жесирим деп барчу – деп.
Жеңени кайни алчу – деп,
Агамдан калган жоросуң,
Айтканымдай болосуң.
Айтканымдай болбосоң,
Кайда барып коносуң.
Өлсө Манас өзү өлдү,
Сөзү калды өлгөн жок,
Манастан калган кырк чоро,
Көргөндө сенин көөнүң ток.
Абыкеге тийгенге
Каныкейдин көөнү жок.
Чоролорду чогултуп,
Кан Жакып менен кеңешип,
Канетип тийбей коёт – деп,
Каныкей менен эгешип,
Абыке албайм деп айтса,
Жамандын көрчү сөзүн – деп,
Сен албасаң мен алам,
Катын алчу өзүм – деп.
Сен садага кеткин катындан,
Салпайган жаман жогол – деп.
Жоголбосоң ит чиркин,
Сөзгө кирип оңол – деп.
Бакай келсе бузат – деп,
Чалды шайтан кысат – деп.
Жеткир чал тийсе жиниме,
Жегенин Бакай кусат – деп.
Көбөш турду оолугуп,
Көпкөндүктөн күрсүлдөп,
Садага кетсин катындан,
Салпайган жаман жүрсүн – деп.
Көр Көбөш жаңжал кыларын,
Билип турат Каныкей.
Калбасын качан болот – деп,
Күйүп турат Каныкей.
Манастын бүттү аягы
Тамам болуп жазылып.
Эми Семетейден сөз келет,
Тарых болуп чачылып.

МАЗМУНУ

Сооронов О. Жазма варианттын жарыкка чыгышы.
Тоголок Молдо – жазма манасчы 3
Эпикалык чыгармаларды аткаруудагы жана жазуудагы устат менен шакирт маселеси 4
Китептин кечигип чыгышынын себептери жана кантип даярдалгандыгы тууралуу сөз 10

I МАНАСТЫН БАЛАЛЫК ЧАГЫ

1-бөлүм.
Түрк балдарынын Алтайга барганы 16

2-бөлүм.
Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт – үчөөнүн түш көрүп, той берип, түшүн жорутканы 26

3-бөлүм.
Манастын төрөлүшү 47

4-бөлүм.
Манастын туулганына той берилип, ат коюлушу 65

5-бөлүм.
Манастын балалык чагы 77

6-бөлүм.
Манас жер коруган Кортук калмакты баш кылып, бир топ калмакты өлтүргөнү, ага болушкан Алтайдын калмактарын кырганы 93

7-бөлүм.
Манас Эсен хан жиберген кытайларын жана калмактарын ордонун үстүндө өлтүрүп, төөлөрүн талаганы 129

8-бөлүм.
Нескара алты миң кол менен Манасты кармап алам деп барып, жеңилип калганы 141

9-бөлүм.
Айкожо Манасты издеп келип, талаадан жолугуп мусулман кылып, ак келте менен ач албарсты бергени 180

10-бөлүм.
Кытайдын он бир дөөсүнө Манасты кармап кел дегени. Манас булардын кулак, мурундарын кесип, кайра тирүү айдап жибергени 190

11-бөлүм.
Манас он беш жашка чыкканда жоон топ балдар менен салбырынга барганы. Эсен хандын: «Манасты кармап кел» – деп чыгарган нөкөрлөрү баштап сегиз жүз кытайды кырганы 199

12-бөлүм.
Манастын хан болушу 217

II ЧОҢ КАЗАТ

1-бөлүм.
Алты хандын Манаска араз болгону, элчи жибергени 227

2-бөлүм.
Манас баатырга элчилердин учураганы 253

3-бөлүм.
Элчилердин сөзү. Элчилер кай түрлүү келгени 265

4-бөлүм.
Алты хандын Манаска барып жолукканы.
Аларды Манас күткөнү 274

5-бөлүм.
Манас тагында отуруп, алты канга айткан сөзү 305

6-бөлүм.
Манас баатыр өзүнүн жылкыларын колго таратканы.
Колдун Бээжинге аттанганы 328

7-бөлүм.
Каныкейдин кырк чорого кийим бергени,
Манастын колдун артынан барганы 343

8-бөлүм.
Алмамбет хан болуп, кошунду кай түрлүү эсепке алганы.
Толук токсон күн жүрүп, Өгүз-Өзөн, Кара-Сазга
кошун тыныгып, төрт ай кыштап калганы 366

9-бөлүм.
Алмамбеттин чалгынга барганы, Чубактын чыр баштаганы. 389

10-бөлүм.
Чубак, Алмамбет, Сыргактын артынан Манастын
барганы. Чубактын сөзүнө көңүлү бузулуп,
Алмамбеттин айткан арманы 410

11-бөлүм.
Алмамбеттин Бээжинден кай түрлүү келгени.
Алмамбет менен Чубактын Макел дөөнү жеңгени 445

12-бөлүм.
Алмамбет менен Сыргактын Чабала дөөнү өлтүрүп,
Бээжинге киргени 463

13-бөлүм.
Туңшанын ичиндеги Баң-Баң калаасын, атасынын
сарайын көргөндө Алмамбеттин айтканы 488

14-бөлүм.
Алмамбет менен Сыргактын Каспаңдын тоосунан калың
жылкыны сүргөнү. Коңур кан кошуну менен барып,
эки кошундун беттешкени 506

15-бөлүм.
Манас баатыр Коңурбайды жеңип, Бээжинди алганы 532

16-бөлүм.
Алмамбеттин хан болушу. Кошундун кай түрлүү кайтканы 557

17-бөлүм.
Манас баатыр Каканды каратып, калкына кайтканы 572

III КАН КАЗАТ

1-бөлүм.
Коңурбайдын Манаска душмандыгы 581

2-бөлүм.
Коңурбай арстан Манасты алдап чакырып, кат менен
аяр Шоодайды жибергени 585

3-бөлүм.
Баатыр Манастын салтанаттуу сыпаты 594

4-бөлүм.
Шоодайдын келгени. Корбашынын сөзүнө Манастын
кай түрлүү жооп бергени 604

5-бөлүм.
Манас капа болуп каарданып, Коңурбайга аттанганы 609

6-бөлүм.
Шоодайдын келип, Коңурбайга жооп бергени 618

7-бөлүм.
Манастын Бээжинге барып, мээнет башына түшкөнү 624

8-бөлүм.
Манастын Какандын каны Коңурбайдын колуна жаралуу
болуп түшүп, кан төгүлүп, көп кошуну кырылганы 627

9-бөлүм.
Манастын өлөр алдындагы сөзү 659

IV МАНАСТЫН АШЫ 694

Көркөм-адабий басылма

МАНАС

Баатырдык эпос
Тоголок Молдонун варианты боюнча

Түзгөн *О. Сооронов*
Корректору *О. Сооронов*
Компьютерде терген *С. Егембердиева*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмуров*

Басууга 05.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x52 $^{1}/_{8}$. Офсет кагазы.
Көлөмү 93 б.т. Нускасы 500. Заказ № 1637.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, Горький к., 1